# Жаңы Ала-Тоо
# 2009, №2 - №3

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

**СУЛТАНОВ Омор** – редакциялык кеңештин төрагасы, **АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан), **ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия), **ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан), **МАРКИШ Давид** (Израиль), **МЕХМОН Бахти** (Тажикстан), **КОВСКИЙ Вадим** (Россия), Кыргызстан: **АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан, АКМАТБЕКОВА Сагын, ДАУТОВ Кадыркул, ЖАКШЫЛЫКОВ Асан, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, ПАЗЫЛОВ Абибилла, САРМАНБЕТОВ Айдарбек** – төраганын орун басары, **СУСЛОВА Светлана**

## Бул санда:

**Мукай ЭЛЕБАЕВ**
Зарлык.....3

**Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА**
Ырлар.....18

**Чыңгыз АЙТМАТОВ**
Тоолор кулаганда (Кызкайып).....21

**Кемел БЕЛЕКОВ**
Өлүкшаар.....63

**Мамат САБЫРОВ**
Кино.....68

**Атантай АКБАРОВ**
Улуттук идеология.....96

**Жумабек ТОКТОГАЗИЕВ**
Зарурат закым.....101

**Есенгали РАУШАНОВ**
Менин драмам.....123

**Шекербек КАЛЫКОВ**
Көзүм ачылды.....130

**Абдыжапар ЭГЕМБЕРДИЕВ**
Өмүр.....147

**Александр СОЛЖЕНИЦЫН**
Иван Денисовичтин бир күнү.....151

**Саттор ТУРСУН**
Түнкү сапар.....171

**Таалай БАКЫТАЕВ**
Жалгыздыкка үйлөндүм.....178

**Мээрим САТАРОВА**
Ыйласам да.....180

**Рахимжан УШУРОВ**
Кейбир.....182

**Исраил ИБРАГИМОВ**
Сорока на виселице.....192

**Балбай АЛАГУШОВ**
Арстанбек.....221

**Болот АКМАТОВ**
Азыркы мезгил
жана кыргыз повесттери.....233

**Советбек БАЙГАЗИЕВ**
Улут келечеги коркунучта!
Эмне кылуу керек?.....243

**Токторбек ӨМҮРБЕКОВ**
Ажолор жана мезгил.....251

**Темирбек ТОКТОГАЗИЕВ**
Апостол Варнава.....265

Миң бир түн.....269

Таанытым.....299

Мукабада Жусуп Матаевдин «Чычкан капчыгайы» картинасы колдонулду.

---

Редакция:

**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ** – жооптуу катчы
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

Күбөлүк: № 1510

Редакциянын дареги:
720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466
Тел: 64-95-34

Терүүгө 02.07.09. берилди
Басууга 27.07.09 кол коюлду.
Форматы 70x100 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 18,75 б.т.
Заказ № 361
Нускасы 1000

«Турар» басмасынын
басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054,
Жибек жолу пр. 466
Телефону: 65-88-05;
Факс: 65-42-79
Электрондук дареги:
turar@infotel.kg

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

Кыргыз журтунун 15 жылдан бери жарык көрбөй калган баймана-луу «Ала-Тоо» журналынын орошон ордун жоктотпой чыга баштаган «Жаңы Ала-Тоо» журналына 2009-жылдын 2-жарым жылдыгына «Кыргыз почтасы» мамлекеттик мекемесинин бардык түйүндөрүндө жазылуу жүрүп жатат.

Жазылуу индекси – 77324

3 айга – 240 сом (редакциялык баа)

«Жаңы Ала-Тоо» журналынын 1-санынан баштап окуйм деген окурмандар редакцияга кайрылса болот.

www.bizdin.kg



*Мурас*



**Мукай ЭЛЕБАЕВ**

**(1905 – 1944)**

# ЗАРЛЫК

Бүгүн созулган сар талаада жалгыз аяк жол менен эрбеңдеп бир караан жөө келе жатты. Бул не көрүнгөн айыл, не бир агып жаткан суу жок – учу-кыйырына көз жетпеген бир мейкин эле. Журт илгертен каракчылардын жайыты дей турган Тасманын талаасы ушул.

Жалгыз адам эртерээк бир жерден чыккан. Ошентсе да болжогон жерге бүгүн жетпей калганына көзү жетип келет. Күүгүм кирип, жер караңгылап калган. Ошол учурда чарчаганына карабастан шыпылдай басып, жүрүшүн ылдамдата берди.

Кызуу менен лакылдап отуруп, бир кезде карарган бийик кашатка келип такалганын сезбей да калды. Эртеден кечке созулган талаа түгөнгөн сыяктуу. Ушул чөйрөгө биртике кидире түшүп, алды жагына көз жибергенде, алда кайда жалтырап жаткан чоң өзөндүн аркы өйүзүнөн жылт-жылт этип бирде өчүп, бирде жанып турган бирин-серин от көрүнөт. Оң жакта бир салаңдаган тумшуктун алды ченинен ит үргөндөй болду. Аярдай турган мезгил эмес, айланасын биртике байкап алды да, иттин үнү чыккан жакты боолгой бир коктуча менен сойголоп төмөн кирип кетти.

Ойлогондой эле жаңкы тумшуктун түшө калган жеринде жалгыз үй бар экен. Барды. Бирок мунун максатына түшүнө койгон соң, бир орто жашаган аял кечикпей үйдөн чыга калды. Абалы: «Кайдыгер бир аяксыз бозуп жүргөн неме...» – деп, күңкүлдөп артынан табышын көтөрүбүрөөк:

– Балам, мында сен конор жердин ыгы болбойт. Эркегибиз да жок үйдө, – деди.

www.bizdin.kg


Эшик алдында, сыртта бир ээр токумга көчүгүн коюп, булардын аңгемесине катышпай гана күңүрт тартып, жымжырт бир жигит отурат.

– Байбиче, бир түн улагаңарга жатып кеткенден өзгө залалым жок. Менде бир жаман санаа болуп, бирдемеге тиет деп ойлобоңуз, – деди бала бир топ сөздөн кийин.

Аял карарып алды:

– Ошол айтарым. Эрте күндө таап ал бара турган жериңди.

– Барар жерим болсо мында келип турар белем, жарыктык?

Ушундай дегенинде:

– Ботом, мени менен жаакташкандай сен кайдагы неме элең! – деп жаңкыдан катуулап коё берди.

Болсо, болбосо жана бир айтып калайын дегендей кылып бала:

– Эң курбаса береги суудан кечирип койбойсуңарбы? – деди.

– Жанынан аша кечкен эле киши болбосо, ушул күкүктөп жаткан суудан ат эмес, төө да...

Айтыш эми созулган жок. Үйдөн бала бир топ узап калган ченде:

– Ушуну бекер кылдыңар... Бир мусапыр көрүнөт... – деген бирөөнүн кебин кулагы чалып калды.

Асман ачык болгон менен жер караңгы. Теке маңдайда бир сары жылдыз бөтөнчө жаркырап турат. Бала кайда барарын билбей, саздак жер менен төмөн карай суу бойлоп келе жатып, бир оокумда күшүлдөп оттоп жүргөн жалгыз өгүзгө жолукту. Муну көргөндө башына бир ой түшүп, акырын шыкшыктап, жакындай бергенинде карандап алып жүрүп кетти. Алдынан чыгып жарга туюктап жана бир айландырды эле, мында да болбоду. Ошол убакта бар күчү менен кууп келип, өгүз бир саздан аттай берем деп орной түшүп оңоло бергенче жаза-буза куйруктап, анда-санда бир тийип кетип баратып, бир кезде жандай түшүп келип, каркайган мүйүздөн алганда, баланы кыйла жерге дыргаяктатып барып, куйругун чычаңдатып токтой калды.

Мурунтугу жок. Белиндеги кендирди чечип, мүйүздөн чалды да кидирбей ыргып минип алды. Максаты: суудан кечип, өгүздү кайрып айдап жибермек. Ушинтип жүргөнүмдү бирөө көрсө не болот деген ой капарына да келген жок.

Суу кирип жатканы чын экен. Түсү күпкүрөң, копкоюу. Тобокел, – деди. Сайроо көрүнбөйт, эмнеси болсо да ушул жер кечүү чыгар деп бир жайыгыраак жерге келип, катуу-катуу камчыланып алды. Өйүз алыс.

Жээктен эки саржандай узаган кезде, баланын жоон санына чейин муздай түшүп, эми өгүздүн мүйүзү гана кылкылдап көрүнүп бараткандай болду.

www.bizdin.kg



## II

Бул бала мындай. Бир жылы, күзүндө Зарлык Ырдыкта бир бай дунганга жүргөн жеринен чыгып келип, Акматжан аттуу жети-өгүздүк татарга туруп калды. Акматжан – дүнүйө жагынан бир болуш элге татырлык, байлыгы дубанга маалым адам. Жалаң өгүзү сексен.

Зарлыктан чоңураак да бир малай экөө керели-кечке тынбай отун таарыр эле. Ошондо суткасына тамагы – кайнаган ак суу менен алакандай кара нан. Булар ошентип эң курбаса күнүнө бир убак тамакка жарыбай ачыгып, азып жүргөндө, килкилдеген козунун этин тууратып туруп жүнү жылтылдаган иттерине бердирүүчү.

Не керек, ачарчылык менен чектен ашкан кыйноонун акыры Зарлыкты мындан да куйрук түйүшкө муктаж кылды. Кыштын орто чени. Үстүндө жалгыз эски көйнөгү бар эле, чечтирип калды.

Ар кай жерди чалып көрүп, бул чөйрөдө күн өтпөсүнө көзү жеткен соң, эми Түпкө барып көрөйүн деген ой менен бир күнү Бөрүбаштын шилисинде чоң жолго салып, ээнде келе жатты. Күн ылдыйлаган сайын суук күчөп, коркунуч көбөйүп келет. Талаага түнөгөн адам тоңуп өлө турган.

Бул адам баласынын башына чанда келе турган кыйын күндөр эле. Он алтынчы жылкы көтөрүлүш салдары баягыдан бетер ырбап, Кытайдан кайткан качкындар азаптын тогуз тоомуна жолугуп, ачтык-жылаңачтык каптап, журтту ак шишик алып, четинен кырылып жаткан убак. Анын үстүнө падыша желдеттери ээн жердин бөрүсүндөй болуп, өлү-тиринин арасындагы элдин башына жаркылдап кылыч ойноп турган. Анчамынча кишилерди бир ооз тергебей-этпей эрмек катарында жайлап салыш арзан. Өлүмгө моюн сунуп, чанда бир жанынан аша кечкендер болбосо ээн-эркин басып өтүш кыйын эле.

Журт ушундай калабада турганда байлардын эгини кампага батпай чирип жатканы көп... Жалгыз Акматжан быйыл кырк соко чыгарып, Тасманын талаасын бүт ээлеп, жүз теше күздүк айдаган.

Зарлык жүрүп келип, бир жонго чыга бергенинде, жарты чакырымдай жерден алды жагынан дыр коюп келе жаткан араба көрүнө түштү. Чеккени кош ат. Төрт, беш адамы бар.

Зарлыкты көрүп, акырындап калгандай болду. Бирөө кол булгайт.

Булардын түрүн байкай койду да, жолдун тескери кеткен бир айрылышына түшүп, ылдамдай берди.

Зарлыктын тушуна келе берген ченде, арабадан үч адам ыргып-ыргып түштү эле, ал жаңкы жолунан да чыга качты. Кар тизеден. Бутунда кийиз өтүктүн башмагы бар. Мунун кончун кетеринде кожоюну кесип калган. Колунда жоон жыгачы бар, эңгезердей бирөө кесек арыштап, кыйрата сөгүп чуркап келе жатканы бөтөнчө көрүндү. Башмагы-

www.bizdin.kg



на кар толуп, бутунан ыргып кетип, буйдала түшүп Зарлык да жөнөп барат.

Эми бир аз кууганда булар жетмек эле. Ары курсак ач, ары муун жок, ооздон кара суу келип, шайман кетип калган. Бул сырды тигилер билбесе керек, бир топ кууп келе түшүп, кайра тартышты.

Ошол жерде Зарлыктын алы куруп жатып калды, бир убакта сенделип башын көтөрсө, жаңкылар алда кайда кетип бараткан экен. Кылчак-кылчак карап коюшат.

Аңгыча болбой, арт жактан келе жаткан жалгыз аттуу жана бир арабага кез болду. Аны көрүп, дагы чочуюн дегенде бул адам атын токтотуп коюп тийбей турганын, кайта жаны ачып жатканын айтып чакырып алды. Жалгыз киши.

– Алар өлтүрөм деп ойлогон... Баары мас шайтандар... Ай, байкуш...

Жыргалаңдын көпүрөсүнүн тегерегинде чоң-кичине болуп, тоорулуп жүргөн топ кишини камчысы менен көрсөтүп:

– Көрдү сен тигилерди? Тосуп турган сени, – деди.

Көпүрө бир кыйла жерде.

Ушинтип туруп, бир кезде бул бөлүнүп кеткен киши болуп Зарлык мындай баса берди да, бир кабак менен бугуп келип, ушул арабанын алдынан чыкты. Бул жаңкы кишинин үйрөткөнү. Зарлыкты арабага салып, саманга терең көмүп, үстүнө көр-жерин таштап койду да жүрүп кетти...

Баягы көпүрөгө келгенде жабалактап тергей баштады:

– Кайда жаңкы.

– Таап бер..

Арабакечке ишенбей, самандын ар кай жеринен сайгылаганда таяктардын учу Зарлыктын бөйрөгүнө, кардына келип урунуп жатты.

Киши сары-көлдүк экен. Үйүнө күүгүм кире келишти. Бар тамагын аяган жок.

– Бирок көп ашаба, жаман болосуң, – деди келген күнү.

Бул Зарлыкты кыштай асырап чыгам деп келген. Бирок үч күндөн артык турган жок. Аялы күндө уруша берип мазесин алды белем. Бардигер оокаты: бир ат, бир уй, эки чочко, жыйырма пуд аштыгы бар экен. Буга караган эрди-катындан башка чөбүрөгөн үч бала. Жумушка жарары жалгыз өзү.

Зарлык кетер күнү бу киши малай ала турган барбы деп, өзү турган көчөнү бүтүн кыдырып чыгып, жедеп амалы куруганда жайын айтты да, түшкө жакын арабасына салып бир топ узатып койду.

Түпкө келип бирөөгө туруп калды. Колуна таяк алып, көчөлөрдү кыдырып жүрсө, карды челкейиңкирээк келген, жапалдаш бойлуу, чоң сары сакал адам кезигип, абалы мунун жумушка жарамдуулугун, күчүн сурап бир топ сынга салып, маалкатып турду.

www.bizdin.kg



– Ошондой... А то бекер тамак ашаса...

Зарлык кай-кайсыга да жараймын деген жоопту бере берди.

Жаз алды менен талаага чыгып кетти да, кош айдап бүткөнгө чейин кайтып кожоюнунун үйүн көргөн жок. Кыштай үй жумуш кылып жүргөнү мындан көп жеңил көрүндү.

Өгүз соко. Кабыл алдыңкы төрт өгүздү айдачу. Бир-эки гана сагат тук этип, күндө түн жарымдан турган адамга уйкунун таттуулугу шончолук, кээде кетип баратып каалгып кеткенде арт жагынан:

– Эй! – деген ары сүйкүмсүз, ары катуу, чаңырган дабыш менен көзү чайыттай ачыла түшөр эле.

Кош айдалып бүткөн соң, бир айга жетпей Зарлыкты чыгарып жиберди.

Эмки келип орношкон жери Сазановка. Жай ортосу чен. Кыштактын музоосун кайтарат. Түп менен бул экөөнүн аралыгында: Күрмөнтү, Кудургу, Ой-Тал, Орто-Өрүктү, Чоң-Өрүктү деген кыштактар калган, буларды кыдырып эки арада бир жумадай күн өткөн.

Бирок Сазановкага көп байыр алган жок. Ушул жерде жүргөндө дагы бирөөгө кез болуп, Алматыга карай сызмак болду. Ал өзү ошол жерлик орус экен. Орто жашап калган адам.

– Кийимиң бүтүн, курсагың ток болот. Керек десең, акыңды да берем, жүр, – деди бир күнү кечинде, музоолорду жайпатып, кыштакка кирип келе жаткан жеринен, бир көчөдөн кармап сүйлөшүп туруп.

Ошондон Алматыга дейре бир күнү да күндүз жол басканы жок. Аттарын чыгарып отко коюп салып керели-кечке уктайт да, дайым түн киргенде жүрөт. Бул эмнеси деп Зарлык таң калып келген. Кийин байкаса, муну жол билбей калсын деген ой экен.

Мында келип, кыштап калды. Алып келген кишинин үйү шаар сыртында экен.

Жазга жуук кожоюну компискаланып кетти. Бул убакта совет өкмөтү орногон кез. Зарлыктын акысына комписка болуп жаткан малдан эки кой алып берсе, четке чыкканда бирөөгө тарттырып жиберип, ошону менен күндөрдүн биринде кайра жолго салган.

Көбүнчө күндүз жүрөт.

Бир күнү элдүү жерге жетпей, түн ичинде жүрүп келе жатып, бир жерге түнөп калайын деген ой менен жолдон жарты чакырымдай буйтап барган кезде бир жерден шилияга бутун илип алды. Ээн жер. Караса ат арабасы менен дүкүйүп жаткан бир кош. Чочуп кетти. Эгер ушул арабадан бирөө туюп калчу болсо буга бир өлүм анык эле.

Алматыдан чыкканы жолду катар анча-мынча жумуш табыла койгон жерге бир күн, эки күн аярдап, мындай болбогон күндө айыл аралап кетип, он сегиз күн дегенде кайра Сазановкага келди.

Эмки багыты тез кубулуп отурду. Бирде Күрмөнтүдө, бирде Сары-Тологойдо болду. Покровскиге келип кыш куюп, андан Даркан деген жерде

www.bizdin.kg


жүргөндө бир байбачанын малын айдашып, Анжиянга кетип баратып, жолдон кайтты.

Үч жыл ушундай чарбысынга түшүп, бул убактардын ичинде он бир жерден которулду.

Акыркы жолу Жылуу-Булакта болчу. Бу кезде журт мурункусунан бир топ оңолгонсуп калган экен.

Ушул жылы жер-жерге «Жаңы тартип» окуусу деген жайылган.

«Жаңы тартип» окуусу өмүрдө биринчи жолу угуп отурган кеп. Адегенде бул тууралуу журт ичинде не сөз болбоду: – Илгери аптиек, куран окуйт дечү эле. Чөктүшүп отурар эле. Эми кызык. «Мугалим... Аяк, табак, казан... биринчи-экинчи...»

Бир күнү Зарлык Жылуу-Булактын оюндагы ушундай бир «Жаңы тартиптен» окуюн деп келсе, кеч калдың деп албай койду.

– Кыш ортосунан өтүп кетти. Сен окуп жеткенче качан эми? – деди чокчо сакал, узун жаак кара киши.

Бул убакта Зарлык бир туугандарынын үйүндө. Ал тууганы Зарлыкка «жаңы тартип» окуусун жамандап күндө бир «акыл» айта берер эле. Бирок мунун баарын тең жалгыз менин жумушума кызыгып айтып жатат дегенден бөлөк ой башына кирген жок.

Жылуу-Булактын оюна төрт-беш сапар барып, жедеп айласы кеткенде мугалимдерге бedeлдүүрөөк бир баланы арага салып жатып араң өткөндөй болду. Өмүрүндө от жагылбаган шыкырайган терезелерине жыртык кагаздарды кураштырып чаптап койгон бир суук тамда, жерге кагып жасаган өңгүл-дөңгүл отургучтарда колдорун үйлөп, көк муштум болуп отурган балдар...

Зарлык «окууга» кирип кеткенден кийин, тууганы үйүнөн кууп салган. Эртерээк сүйлөшүп коюп, күндө бир баланы ээрчип барып конуп келмей. Бардык азап-тозогуна кайыл, окуудан калбаса болду!

Мында бир маал аскер ойну. Кай бир (колунан келген) балдардын ийнинде жыгачтан жасаган кылыч, мылтык. «Командир» – Сагымбай аттуу, кыруусуна кере-карыш көрпө кармаган көйкөлгөн ак тон, кызыл жигит:

– Сола а дүн! Сола а дүн!

Түрк тилинде чакчая түшүп, команда берип туруп жаңылгандарын качырып барып, камчы менен тартып-тартып жиберер эле. Муну балдар эрөөн албайт дагы.

Ушунда Жапаркул дей турган он сегиздерде бир арык чырай, кара бала кезек-кезек жума сайын мугалимдер менен Караколго каттап турчу. Бардар кишинин баласы, башкалардан кийими да түзүк. Бул ар бир барып келген сайын балдарды топтоп алып, калаанын жаңылыгын айтып отурар эле. Аңгеме көбүнесе Караколдогу «Казыналык» окуудагы балдар жөнүнөн болчу.

www.bizdin.kg


Жапаркулдун сөзүн бар дити менен тыңшап алып, Зарлык өзүнчө жоруганда: жыпжылуу бир эни-чени жок чоң, ракат үйдө, бир өңчөй кийинген «казыналык» балдар жараштыра койгон чачтарын селкилдете, буттарын тең таштап, ойноп жатканы кыялынан элестей турган. Булардын өмүрү Зарлыкка байыркы жомоктордо да жок бир «бейиш» көрүнө турган.

Ушундай «Казыналык» окуу кабарын дагы бирөөдөн укканы бар. Ошондон кийин жатса, турса бир оюнан кетчү эмес.

Жылуу-Булактагы «Жаны тартип» көп узабай, кош чыгарга жакын тарап кетип, Зарлык арманда калды.

Эмки дарты – Каракол. «Казыналык» окуу!

Ушинтип жүргөн оюн билип, баягы тууганы бир күнү муну алып отуруп, адатындай «акыл-ызат» айтты.

– Иним, эми кой. Бейтарап болбой эриш-аркакташып эптеп оокат кылалы. Элден безгендин акыр түбү жакшы болбойт. Көрүнгөнгө чарпыла бергенче, кетменди жакшы чаап, токочту чоңураак жеп гана тынч жаткандан жакшысы барбы? «Эсиң барда этек жап» деген. Менден бөлөк эл бекеринен бир күн үйүнө батырбайт сени. Ырас, илгерки жылдар болсо сага кайрылмак тургай «өлбө жаным, өлбө» деп, үлпүлдөп өз жаныбыз араң калды. Эми мына...

Ушундан кийин дагы бир күнү туруп мындай деди:

– Кой дегенге болбой ээленип алдың, өзүң бил эми. Эчеманеке дубана болуп кетсем да, сайрап жатып тилим тешилгендей да болду го. Баягынын тукуму ушинтип тентип жүрөт дедирип... нечен жылдар элге жолобой безип жүрүп, кана, чыккан мүйүзүң? Сенин жумушуңа кызыккандай менин кайсы кылынбай жаткан сарамжалым бар эле? Өзүңө күйгөндөн айтам...

Канчалык сайраган менен бир сөзү да Зарлыктын кулагына кирген жок. Анткени мындай «ыркымды» бүгүн эле көрүп отурганы жок го?

Күндөрдүн биринде киши көзүнө чалынбай буйтап алып жолго түштү.

Алиги күүгүм талаш Тасманын белинде келе жаткан себеп ошол болучу. Жаш кезде барлык үмүт, максат – келечек.

## III

Үч-Кошкон базарында журт сейилип калган кез. Көчөдөгү теректин баштары салмак менен эригип, акырын гана ыргалып коёт. Узун тартып, созулуп кеткен бир кызыл дүкөндүн оң бурчунда милиция формасында кийинген тартайган, ак куба жигит менен Зарлык сүйлөшүп турат. Милиционердин кийгени кайыш менен курчанган кайырма жакалуу көк мата көйнөк. Бутунда кеңирээк кара батинкеси бар.

– Ошентип, окуу табылбай койду де. Канча болду бу жерге келгениңе? – деди бул бир топтон кийин, өтүп бараткан бирөөнү карап калып.

– Он беш күнчө болду.

– Кантип жүрдүң андан бери?

– Чет жакта айыл бар экен... Бир аз күн шаар ичинен күндүк жумуш кылдым. Отун кестим. Эки күндөн бери кайра...

– Милицияга теги албайт сени, – деп коюп, артынан ээги менен ымдап көрсөтүп: – Мына бу, жогор жакта бир почта бар эле, кат ташыганга киши керек деп жүрбөсүн ошол? – деди.

– Ага да барып көргөм.

– Союз кошчуга бардыңбы?

Зарлык далай жерлерди таптап жүрүп, Караколду көргөнү ушул.

– Азыр эмне кылганы турасың? – деп сурады жаңкы жигит.

– Тышка чыгып кетем го.

– Кеч кирип кетпедиби?

Кидирип ойлоно түшкөндөй болду да мындай деди:

– Жүр эми, казармага барып көрөлү. Мен деле жакында келдим. Эмне аксайсың?

Жүрүп келишет.

– Береги кызыл үй эмеспи силердики? – деди Зарлык бир көчөдөн төмөн карай бурула берген жерде.

Жаанда жол жүргөн араба дөңгөлөгүндөй баткактаган казармага келишти. Мында жалаң кыргыз жигиттери жатат экен.

Ээрчитип келген жигит Зарлыкты бирөөгө шашылыш дайындап коюп, өзү кеч кире кароолго чыгып кетти.

Жатарда, тактайга кандай келсе ошондой аркы-терки сулап жаткан милиционерлер менен катар, колуна тийген жалаңкат таарды бир бурчка Зарлык да жая салды.

Казарма таң аткыча бир тыным көргөн жок. Алда кайда бир жактан жаңы келип, жарак-жабдыгын шалдырата кобурап жүргөн бирөөлөр, алда кимисин жулкулап ойготуп, ашыгып бир жакка жөнөтүп жаткан... «Кайдалап» издеп жүргөн. Кыска кайтарган жооптор, орой сөздөр...

Опур-топур бир пас тына калат да, журт каалгып бараткanda кайра жаңкы.

Ушундай тынымсыз тополоң аралаш, уйку-соонун арасында Зарлыкка түнү бою, ылгый төмөнкү сыяктуу байланышы жок, үзүлдү-кесилди сөздөр угулуп жатты:

– Дежурный?

– Түрмөдөн качты...

– Экинчи смен...

– Жөнө тез...

– Начальник!

www.bizdin.kg



– Тү, чорт!

– Аристовный келди...

Эртеси Зарлыктын жигити улуу шашкеге чейин көрүнбөдү. Чайдан кийин, ушунда бирөө чытыраган тар шымынын чөнтөгүнө колдорун салып: «Да, мурун – палийса, эми милийца» – деп ойлонуп, каршы-терши басып турду да, бир иретте токтой калып Зарлыкка бурулду:

– Иним, эми бир жай таап ал. Өзүң көрүп турасың. Мунубузду начальник билчү болсо...

Зарлык тышка чыгып келсе бир чарчы бойлуу, кара түйрүк милиционер төрт кишини жөө декилдетип айдап келе жаткан экен. Артында басылбай бирөө сүйлөнүп барат:

– Колонизатор!.. Контробанд!..

Ушундан эки күн өткөн соң, өгүнчөрөөк бирге жүрүп ажырап кеткен бир жолдошуна базардан капыстан кез болду.

– Ой, сен дагы эле жүрөсүңбү? – деди Зарлыкты көрө коюп. – Эбак бир жакка кетип калды го дедим эле...

– Сендей бара турган жерим болсо...

– Кандай жүрдүң теги ошондон бери?

Буга жооп кайтарбастан:

– Жүрбөйсүңбү, дагы бир кыдырып көрөлү, – деди Зарлык. – Эми табылбайт го. Мен түңүлүп койдум.

Бала чокоюн бир карап коюп, аттанган жаткан кишиче белин чечип туруп, кайра бекемирээк тартып курчанып алды. Жайын сурабастан мурун, бая күнү Зарлыктан ажырап кеткенден бери көргөнүн, өзүнүн да бу жерде жарый турган эчтемеси жоктугун, илгери бир кашкарлыкка тийип кеткен энесин таап алып, ошондо конуп жүргөнүн, ал «атасы» да итке минген жарды экенин, жылкы заводунда тери ийлеп эптеп күн көргөн бир бечара экенин баяндап, бир топ кеп уруп турду.

Окуунун пайдасын «үгүттөп» муну бир кезде элден бездиртип чыккан Зарлык эле. Азыр да ошону иштеди. Армансыз бололу, күдөр үзбөйлү деди. Тиги бала ойлонуп калды.

Бул заманда мейли жер-суу чатагы, мейли чарбачылык, агартуу жөнүндө жүргөн адам болсун, кай мекемеге да ылгабай кире берер эле. Ошолордун ким-кимиси да бул тууралуу баланчага бар, ошонун жумушу деп эч ким айтчу эмес. Алып барган арыз үстүнө резолюция сала беришчү. Жеке бул эмес, кай мекеменин милдети кайсы экени, ошол жерде башкарып отурган адамдардын өзүнө да, чет кишилерге да караңгы, күңүрт сыяктуу болчу. Ал эми кай бирөөнүн өз милдети боло турса да, кыйыктангысы келгенде баландай жерге бар деп, караңгы туюк кишилерди кез келген жакка шилтей берчү. Биринен сала бирине түртө салып отуруп, эми кагазда кол коё турган чоло жер калбай калчу.

Экөө бул сапар Союз кошчудан баштады. Бул мекеме чиркөөнүн маңдайында, эшигинен эзел ат кетпеген бир жыгач үй.

www.bizdin.kg



Бирок керектүү кишиси жок экен. Эт бышымдай күтүп отуруп, келбеген соң жөнүнө тартышты.

Мурун жол болбой ушундан эки күндөн кийин дагы бир жерге чындап бел байлап келишти. Эшик алдында такачылардын мамысындай катар орноткон эки мамыга лык толуп, уйгу-туйгу байланып турган аттар. Жалтыраган ээр-токум, баркыт көрпөчөлөр турат. Сыртта камчысын колуна, колтугуна кыса экиден, үчтөн болуп ар кай жерде жүйүртө басып бөлүнүп, өз ара сүйлөшүп отургандар да бар.

– Эмне кылчактайсың, жүр! – деди Зарлык, артына кылчайып.

Тынбай кирип-чыгып жүргөн эл. Очойгон сүрдүү кара мурут жигитти тегеректей төрт-беш адам турган экен. Ушул замат оозгу үйдөн көзү көк таштай туптунук, мурду кырдач, сулууча келген бир аял адымын өлчөгөндөй таштап, шыпылдай кирип келип, орусча басылган эки баракты начальнигинин алдына жая сала, машинка чакылдагандай чапчаң сөз менен кыска түшүндүрүп, кагазга кол койдуруп алды да, чыгып кетти.

Элдин аягын күтүп туруп, бир топтон кийин төртүнчү киши жөнөй бергенде, Зарлык ара-чолодон пайдалана түшүп, сөз баштап келе жатканда, чапканы бараткан таяктан жазгангандай, алаканын буга далдалай токтотуп коюп, оң жагында отурган суусар тебетей менен сүйлөшүп кетти. Зарлык өксүп калды.

Акырында баары кетип, мекеме жабыла турган мезгил да жакындаган эле. Ошол убакта Зарлык: «Эми бизге жол тийген чыгар» – деп ойлогончо болбой, айтып жаткан сөзгө да кулак салбай, тиги киши столдо жаткан бир кагазга үңүлдү. Ошенткенде Зарлык жолдошун мындай тур деп түртүп, алдыга чыгып жакындап келди да:

– Биз баятан сизге келип турабыз, – деди, басыраак дабыш менен.

– И, эмне жумуш? – деди кара мурут кабагын чытып.

Келгенден бери буларга биринчи жолу караганы ушул.

– Эмне болсун, окуу...

– «Окуу жок» деп, бая күнү эле айтпадым беле? Эмне? Көчөдө калсаңар кантейин, жумуш кылгыла!

– Сизден угарыбыз ушул болсо – биз акыл айтар кишини таап келген экенбиз!.. «Жумуш кылгыла!» Он жылдан бери тынбай куураганыбыз аз келгенсип, дагы эле байлардын тезегин куя бергиле демексизби? Бул кайда, жаңкы «жетим-жесир» дегениңер? – деп, өзүнө жараша Зарлык да жаны күйгөн бойдон бир топ зилдүү сөздөр айтып жиберди.

Мунун оозунан бул өңдүү кеп чыга коёр деген тигинин капарында да болбосо керек. Көзү канталап, эки колу менен столго таяна түшүп, ордунан тура калчудай обдулуп барып кайра отурду. Бул аңгеме башталарда келип турган бир киши Зарлыкка карап «андай сүйлөбө» дегендей кылып, астыртан эрдин кысып койгон болчу. Ушундан улам «окус кетирип

www.bizdin.kg



койдумбу» деген сөз оюна түшсө да кайтып, айтар кеп айтылып калган соң, эми эмнесине деп жашыбай тура берди.

Кер какшык күлкүгө салып, мыңк этип койду да, бир кезде:

– Силерге окшогон жетим-жесирдин баарын жыйнай берсек казына түтөбү теги? – деди кагаздарын жыйнап кетишке камына берип.

«Казынаны сен толтуруп жаткан чыгарсың» – деп айтып жибере жаздап барып токтоду да, Зарлык эми мындан бирдеме чыкпасына көзү жеткендей, ошол замат жөнөй бербесинби.

Ушундан эки күн өтпөй жолдошу кайта турган болду.

– Менин көзүм жетти – бу жерде жүрүп бөөдө куруй турганмын. Же бир таанышың жок...

Зарлыкты да бирге кетели дегендей кылат.

– Өзүң ойлочу. Сен кетсең го жөн: үй-жайың бар, караша турган агаларың бар. Ал, мен кимдикине барам? Мага кайда болсо баары бир эмеспи? Бир күндүк эрмегим үчүн мени убаралап эмне кыласың?

Зарлыктын сөзүнүн ырастыгына жыгылыштуу болгондой унчукпай калды.

Күн бешим. Бир көчө жерге кошо келип, жолдошу менен ажырашкандан кийин: «Бар тамак болсо кептеп ичип алып, пайдаңды тийгизбей басып кетесиң» – деп, баягыда бир жеңесинин урушканын эсине түшүрө Зарлык кайра басты.

## IV

Бир күнү Зарлык базардын аягында, чоң дүкөндүн бурчунда, бир оңтойлуу го деп баамдаган жерге түнөп калышка туура келди. Түндүн бир далайы. Бир убакта:

– Ай, сен ким? Тур! – деген добуш менен ойгонуп кетип караса, өзүнөн эки саржандай жерде далдайган бир караан. Колунда таягы бар. Тили – өзбек.

Зарлык уйкулуу көзүн ушалап жаткан жайынан козголо бергенде:

– Токто! – деди, бир-эки баса түшүп.

– Мен качпаймын.

Аңгыча болбой ары жактан ышкырып бирөөнү чакырып алды. Бул да кароолчу болсо керек. Экөө биригип «күнөөкөрдү» тергей баштады.

– Жети түндө не кылып жүрөсүң мында?

– Көрүп турасың го...

Бири шуудуратып жанын сыйпалап ширеңке таппады көрүнөт. Түн анча караңгы эмес. Ошондон кийин алгачкысы жакындап келип, Зарлыктын башын мыкчый кармап туруп, бетине карап алды:

– Үйүң кайда?

– Үйүм болсо ушул жерди сонун көрүп келди дейсиңби?

www.bizdin.kg



Мындан соң, «жүр быякка» деп, сокур кишиче колунан жетелеп отуруп бир ээнге барып токтошту да:

– Өлтүрөбүз сени! – деди мурункусу.

– Мени өлтүргөндө силерге кереги мынабу болуп турса, ансыз да чечип берейин, – деп өзүнүн эки жакасына колун апарды.

– Эмесе, чынынды айт.

– Чыным ошо, ууру эмесмин. Соодагерлердин дүкөнүн бузуп пул алгыдай алым турабы? Мындайды өлүп баратсам иштебеймин да...

– Андай болгондо кызга барып келе жатып уктап калсаң керек!

Ушинтип туруп, бир кезде мындан экөө бөлүнүп күбүрөшө түштү да, кайта келип бирөө мындай деди:

– Бар эмесе, экинчи көзгө түшчү болсоң, балам!..

* * *

Базардын борбор көчөсү менен батышты карай кеткенде чоң суунун боюнда бир бийикче келген, төбөсү тунукелүү кызыл үй бар эле. Бул Отднароб[1]. Башка мекемелерден алыс да, жалгыз да. Муну Зарлык биринчи көрүшү.

Үстүңкү кабатына чыга бере, жүргөн элден жөн сурай, бир үйгө кирип барса, төркү терезе түбүндө, салмактуу келген гана бир адам отурган экен. Зарлык мышыктай жыла басып келип, столдун бир жак капталына тура берген кезде, тиктеп отурган бирдемесин коё коюп, «кулагым сенде» дегендей шашпай гана салмак менен бир жагына бурулуп койду да, кийин жагынан адамдын сыртына өтүп кетчүдөй акылдуу, сабырлуу көк көзү Зарлыктын бутунан башына чейин бүткөн боюн бир сыйра чолуп өттү.

Мунун кыясын байкап алган соң, Зарлык да кидирген жок. Тиги киши кыргызча шар кетпегени менен тилди дурус түшүнөт. Бул арага келгени айдан ашык болгонун, ошондон бери жүрүп эч бир жерге орношо албаганын, көргөн күнүн, өзү жетим экенин терип-тепчип, бир топ арыз-арманын сүйлөп келип аягында:

– Ушинтип, эми сизден гана бир айла болор деп келдим. Тагдырым сизде гана калды, – деди Зарлык.

Бул кезде Караколдо «казыналык окуу» дегенден интернат гана. Зарлыктын дарты ушул экөөнүн бири. Булардан башка да бирин-серин курстар боло турган. Аларга жарабайт.

Ушунун баарын баштан-аяк айтып чыкканча Зарлыктан бир эли көзүн албай, ырайымдуу, жылуу жүз менен барлык назарын салып унчукпай гана кадалып отурду. Ал, сөзүн түгөткөндөн кийин, эми бардык абалына

[1] Отдел народного образования (эл агартуу бөлүмү).

www.bizdin.kg



көзү жетип, түшүнүп болгондой каламын кармаган боюнча баятан бери чекесин таянып отурган колун тартып алып, бир ооз кеп сурабастан, алдына кагазын оңтойлоп, бирдеме жаза турган болуп келди да, кайтып ойлонуп туруп мындай деди:

– Бир айдан кийин кел. Сени...

– Ага дейре мен өлүп калам го, садагаң кетейин! – деп салбырай түшүп, жалдырап жүзүнө карады.

Киши дагы ойлонуп калды.

– Андай болсо бир жерге дайындап коёюн. Ошондо жүрө тур.

Бир аялды сыртка жумшап жиберип, ал кайра келгенден кийин Зарлыкка:

– Күтө тур. Ушул жерден кошуп берем ал кишиге, – деди.

Мунусу мекеме тарай турган мезгилде гана келди. Бетинде сепкили бар, мурдунун учу кыпчып койгондой кууш, сары сакал, тартайган жонумдуу киши. Бул да бир жерде кызматкер экен.

Зарлыкты колмо-кол тапшырып көздөтүп койгон соң, кечикпей ушунун артына түшүп жөнөп берди.

Үйү Отднаробдон ары беш көчө, шаардын чет жагында экен. Бүлөсү көп эмес, аялы, 15–16 жашар кызы болуп, өзү менен үч баш. Өзүнөн аялы картаңыраак. Малдан үч-төрт уй, эки ат, чочкосу бар.

Келгенине бир жума болбой жатып, Зарлыктын араба кошконун, жумуш кылганын – баарын жактырып калып:

– Сен оруска малай көп жүрсө керек, – деди бир күнү.

– Жүргөнмүн.

– Ошондой. Жумуштуку баарым амал билесиң. Дагы күч көп сеники...

Бирок мында Зарлык алымсынгандай деле жумуштун кебетеси жок. Күндө эртең менен туруп, уйларды бадага кошуп коюп үйгө кайткан соң, мал короону тазалайт. Самоорун өздөрү коюучу. Чайдан кийин бир аз отун кесип салат. Ушундан кийин кечке жуук гана барып аттарга чөп чаап келгенге дейре кол бош өңдүү. Күнү бою тынбай кыймылдаган кездер аз.

Аялы муну бир сапар араба айдатып алып, Кызыл-Сууга барып келди.

Кай бир жедеп зериккен күндөрдө базар жакка басып келүүчү. Отднароб – ушул көчөдө. Ары-бери өткөн сайын көзүнө жылуу көрүнөт. Жатса-турса да бул оюнда.

Көбүнесе эшик алдында, көпүрөгө жаңсай чыккан бир жоон терекке жөлөнөт да, көчөдө бирин-серин өткөн-кеткенди эрмек кылат. Бар көңүл ачары ушул.

– Ух, жалгыздык!

Туура бири деген күнү эртең менен салып отуруп, Отднаробго келди. Бул түнү уйку көргөн эмес. Бирок баягы киши жок экен. Сыртта, баскычта бозоруп күтүп олтурушат. Тоонун башы боз чаңгыл тартып, билинербилинбес жел аралаш күн дыбырттап турган.

www.bizdin.kg


Ошондон күткөн киши жалган түш ченде зорго көрүндү. Башка бир жакта жумуштан бошобой жаткан окшойт.

– Баягыда келген бала мен эмес белем? Ошондо сиз...– деп эсине салып баратканында тиги, «билем» дегендей башын ийкеп койду.

– Жашың нечеде?

– Он жетиде.

Бир аз күймөлүп, ойлоно түшкөндөн кийин, дагы баягыдай Зарлыктын бүткөн боюна байырдап карап алды да, шол замат буйдалбастан алакандай кагаз жыртып алып, каламын кармады. Зарлык тагдыры ушул бир-эки минутада бир жаңсыл болчудай, ушул адам эле «казыналык окуулардын» бирине деген кенедей «буйрук» жазып кармата салса, бүгүндөн тартып бар өмүрү камсыз болчудай көрүнүп, тиги киши жазып жатканда бүткөн бою чымырап зорго чыдап турду. Өмүрүндө бул үчүн арнап бирөөнүн калам тартканы ушул.

Киши жазып болгондон кийин бир кезде:

– Ме, интернатка бар. Ал базардын жогору жагындагы...– деп келе жатканда, Зарлык чочуп ойгонгон адамдай селт эте түшүп, анын сөзүн түгөтпөй:

– Билем, – деп жиберди, сунуп келаткан кагазын ылдам ала коюп.

Ошондон безилдеп кетип баратып, жолду катар кыжылдап жаткан базардын адамы кайсы, айбаны кайсы экени бири көзүнө көрүнгөн жок. Учуп отуруп он минута болбой интернатка жетти.

Башчысын мурда сыртынан таанып калган. Жашы кырктардан өткөн, сакалын кырдырган, илгерки генералдардыкындай чычайган папироско ышталган сүрдүү сары муруту бар, чекир көз, бою казыктай типтик, арыкчырай келген адам. Аты – Шинелин.

Зарлыктын алдында сыртка чыгып келе жатыптыр. Көрөр замат апалактап барып колундагы кагазды суна бергенде, биртике гана буйдалып кагазга көз жүгүртүп өттү да, кайра берди.

– Орун жок!

Мындан артык сөз айтпады. Зарлык алып барган «буйругунун» маанисин түшүндүрө ал-абалын баяндап, бир топ жерге чейин жапылдап ээрчип отурду. Экинчи берген жообу да ошол.

Отднаробго кайра келди. Ошол жерден кидирбестен, жаңкы жиберген киши:

– Чакырып кел ошону, – деди.

Ушул кепти угуш гана муң экен, учуп отуруп интернатка дагы жетти.

Бул сапар келгенде Шинелин араба чектирип, бир жакка жүргөнү жатыптыр. Тиги чакырып келгенин айтты эле:

– Азыр ошондой барабыз. Сен кете бер, – деди.

Зарлык кайра тартып, эртең менен келип мекендеген баскычта күтүп отура берди.

www.bizdin.kg



Бул кезде түшкө жакындап калган. Эки көзү Шинелин келе турган көчөнүн жолунда.

Көптөн кийин, бир убакта чоң көпүрөнүн ары жагынан таанымал ак боз ат көрүнө түштү.

Отднаробдун тушуна келе берип, аттын оозун калжайта тарта токтото коюп, арабадан түшүп, өзү менен бирге келген балага тизгинди кармата сала бери басканда Зарлык ордунан тура калып, артынан ээрчий кирди. Шинелин кирип барар замат кидирбей экөө сүйлөшө кетти. Бул кезде Зарлык орусчаны түзүк билбейт. Сөз арасынан «работа», «сирота» дегендей анда-санда гана бири тааныш. Отднаробдогу кишинин жеңгенин тилеп, чыдамсыздык менен кыпылдап турат.

Ошондон аңгеменин баш-аягы беш минута да созулган жок:

– Ну, жүр! – деп, Шинелин бир кезде бурулуп караганды гана бир билет.

Сыртка чыккандан кийин отур дегендей кылып көзү менен ылдам арабаны көрсөттү. Челпекте чөп чаап жаткан жерге бара жатышыптыр. Балдардын баары ошондо экен. Бул кезде Зарлыктын кубанганы ошондой – арабага аркы-терки салып таштаган айры-тырмоонун үстүндө мамыкта бараткандай болду...

www.bizdin.kg





Поэзия

**Майрамкан АБЫЛКАСЫМОВА,**
**Кыргыз Эл акыны**

## Унутуп

*Жазды мен тосуп чыксам ири алдыда,*
*Биринчи жолукканым урандыга.*
*Ээликкен демим пастап сууй түштүм,*
*Унутуп бараткангa убалды да.*

* * *

*Калдайган булут сүзсө асманымда,*
*Кулак суу араласа бактарымда.*
*Ар кимдин тилегени ушу эмеспи,*
*Көк майсан талаа жатса капталымда.*

* * *

*Суу ташыйт ак көбүгүн чачыратып,*
*Жел согот эски талды качыратып.*
*Колуман келген болсо тоо-талааны,*
*Алгым бар айыл жерге асыратып.*

## Жакшы тилек

*Жакшына түшүм келбейт баягыдай,*
*Жолдош аз бирин бири аягыдай.*
*Тамаша, ыр, бий куруп түн узаткан*
*Үлпөт жок таң атаарда тарагыдай.*

www.bizdin.kg



*Келчү жыл жылан жыл деп сүйлөп өттү,*
*Жер кургайт, сууга зарыл бүйрөө кепти.*
*Эмесе, бош отурбай кам көрөлү,*
*Ышкырып ысык шамал келгичекти.*

*Замана кыйын сенин талаптарың,*
*Оңдолчу тарыхтагы барактарың.*
*Кең дүйнө чарк айланып карап турат,*
*Кемедей эң алдыда бараткының.*

## Арноо ыры

*Көптөн бери көңүл ачпай жүрдү элем,*
*Башты салып бир муң баскан түр менен.*
*Валесканын жакшы айткан кабары,*
*Кубандырды шаңкылдаган үн менен.*

*Сулуу жансың, суктандырган бирден бир,*
*Билген болсо, бир бактылуу билгендир.*
*Өрүк гүлүн үшүк алган сыяктуу,*
*Билбегендин ачуу сөзү тийгендир.*

*Асылкечим, таңдай аппак маңдайым,*
*Сени менен көңүл жылыйт ар дайым.*
*Кайда жүрсөм кабарымды аласың,*
*Москвага же барайын, барбайын.*

*Ата-бабам аскаларды жердеген,*
*Алыс жакта аста басам эл менен.*
*Чыгыштын бир кара мүртөз кызымын,*
*Көктүгүм бар эр намысын бербеген.*

## Шек санап

*Турмуштары*
*эчак эле жакшырган,*
*жаттап алып*
*ырдап жүргөн жакшы ырдан.*

www.bizdin.kg



*Тааныштардан*
*Толук сезим ала албай,*
*Мен шек санап*
*Отурганда бактымдан.*
*Келдим дедиң,*
*атайылап аркалап,*
*Жер шарынан*
*кол жетпеген учунан.*
*Көңүлүмдү*
*Эми гана талкалап*
*алаарымда,*
*Добуш салдың тушумдан.*

*Бир ишенип,*
*Бир бактыма ишенбей,*
*Ат салышта*
*толкундан бир түзөңдөй*
*Сен тарапка*
*Учуп-күйүп келаттым,*
*Бүгүн мен бир*
*Мүрөк суусун ичем бейм.*

www.bizdin.kg





**Чыңгыз**
**АЙТМАТОВ**
**(1928 – 2008)**

# ТООЛОР КУЛАГАНДА
## (КЫЗКАЙЫП)

(Роман)

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

Ошол кеч эсине түштү. Арсен Саманчин өз алдынча үйрөнгөн, оюна келгендей ойной берет, а Айдана болсо пианиного тил киргизип жиберет экен. Ага негедир токойдогу булбулдун сайраганындай болуп, алыскы Европанын жаңырыгы угулуп тургандай туюлган… Арсен ошондо ага аябай суктанган, кулактан кирип бойду алган керемет кайрыктар Айдананын назик, ичке манжаларынан, карагаттай көздөрүнөн төгүлүп жаткандай сезилген. Арсен Саманчин мындайда кантип чыдамак, боконо сөөгү болкулдап, тамагы буулуп, ушу бүгүн арман-муң болгон өткөн күндөр ой-кыялын кыяк кылып жиберди да, анан ал пианиного отуруп, ошол кечте Айдана ойногон музыкалардын кайрыктарын кайталагысы келди. А бирок ичи тыз дей түштү. Ооба, ал бул жерге эч качан келбейт, пианинонун жанына да отурбайт, пианинодон төшөккө чейин бар болгону үч кадам… эч качан, өзүнүн музыкасы бар. Ошондой болду, сатып кетти, ал үчүн урушмак турсун, күнөөлөй да албады, аны тагдырдын алы жетпеген күчтүн курмандыгы болуп калды деди негедир мурдагыдан башкача ойлоп.

www.bizdin.kg


Ой түбүнөн Арсенди телефон сууруп чыкты. Итибай экен, баратабыз дейт. Тосуп чыкпаса болбойт. Кийимин которуп, галстугун тагынып тууган-урук ичиндеги эң кадырлуу адамды адаттагыдай тосуп алмакка койкоё короого чыкты. Эски заман кезинде мындай конок келгенде алыстан салам айтышып, атын тизгинден кармап, өзүн колтуктап аттан түшүрүп, күлүгүн байлап, басмайылын бошотуп тосуп алышчу. Азыркыдай кайдан болсун, машинасына май куюп бербей эле, атына сулу беришчү.

Ушинтип кыялында меймандын атына сулу берип жатканда Бектур ага машина менен, болгондо да кандай машина, карагат түстөгү япон жиби кирип келди. Фаралары жаркырайт, алты жүз аттын күчүндөй күчтүү, ой-тооңду билбейт. Айылда мындай машина жок, Бектур аганын бул жиби Туюк-Жар чөлкөмүндө жалгыз, Араб Эмираттарынан алган. Айылда азыр эл жарды, «Жигули», «Москвич» дегендер деле саналуу, колхоздун анча-мынча байлыгынан ажыраган соң, ар ким өз арбайын согуп, кээси ууру кылып, айтор, күн өткөрүп калышкан. Эртеңки күндөн үмүт аз, бир нерсе десең эле бизнес жаса дешет, бизнесиң кана, чөп, картошка, дагы эмне бар?.. Ошентсе да эркиндик бар, бу жетишпеген турмушта ошо эркиндик дегениң да оңой эмес дечи, а бирок курсакка келгенде куру бекер кеп экен. Азырынча бардыгын өткөөл мезгилге, анын ушундай болоруна шылтап жатышат. Ошол өтсө эле жыргайт экенбиз. Күтө бер! Ооба, жадагалса бир келесоо бапылдап, базар балдары гана төрөлсүн деп жүргөн. Иштин бүткөнү ошол да! Ал эми айылдыктарга машина кайдан, орто кылым ортого келип отурган, жүктүн баары эшек дегенге түшкөн. Чал-кемпирлер ошонун көзүн карайт. Жаштар болсо… ооба, цыган-турмуш артында.

Калп айткан менен болобу, айрымдарга ушу бизнес замандан да бирдемелер артууда. Тик жарлар менен аскалардан бал чогултуп акча жасагандар да чыкты, мурда муну ким ойлоптур. Ойлосо да сатышчу эмес, бекер беришчү, балдар менен улгайгандарга дешип сатышчу эмес.

Мына, Бектур ага анын дал алдына келип токтоду. Салабаттуу деп ушу кишини айт, аңчылык бизнес өнөрүн өздөштүрүп, ишти жыл бою жүрө тургандай жолго койгон. «Марко Поло» деп атап алышкан аркар-кулжаларга, эчки-текелерге, аюуларга, сайроочу жана алгыр куштарга маалмезгили менен аңчылык жолун башташат. Мына эми мөңгү барстары чөнтөктүүнү чөгөлөткөн чоң бизнес болду. Бектур ага азамат, эч нерсе дей албайсың, жолун тапты.

Арсен жиптин сестендире сүрдүү эшигин ача калды эле кайран Бектур агасы жылуу жылмайып жерге түштү да, бекем кол алышып кучакташа көрүштү. Ооба, ал дайыма жаркын маанайы менен, келбет-өңү менен, жарашыктуу чокчо сакалы менен да өзгөчөлөнүп турчу, ийе, булардын тукуму ушундай, сырт турпаты келишимдүү, зыңгыраган немелер, болгону Арсен гана сакал-мурут койгон жок. Алар бири-бирине эки колун

www.bizdin.kg



сунушуп, бекем-бекем кысышып, кубана жылмайышып, ызаат-сый көрсөтүштү. Бектур ага шадылуу колун көкүрөгүнө коюп, мындай деди:

– Кудага шүгүр, аман-эсенбиз. Өзүң кандайсың? Көрүшпөгөнүбүзгө канча болду, Арсен, эки ай болуп кеттиби, же андан да көппү?

– Ооба, байке, үч айдай болуп кетти го?

– Көрдүңбү! – Бектур ага коюу кашын серпе калды. – Мен шаарга келип эле аттым, а сен колго тийбедиң. Болуптур, эми сен керексиң, биз менен көбүрөөк бирге болосуң. Билесиң да.

– Билем, байке. Мен ар кандай иштер менен жүрбөдүмбү. Болбосо кезигишмекпиз, аны өзүнчө айтып беремин.

Ийе, Айдана экөөнүн иши эмне болгонун, ал кимдер менен катышып жатканын, кимдер анын сүйгөнүнөн улам аны коомчулуктан түбөлүккө сүрүп чыгууну көздөп турганын, а өзү болсо аларга эмне кылганы жатканын, албетте, айткысы келген жок. Не дегенде алардын сөзү башка. Бектур ага да ошол зарыл иштин айынан Туюк-Жардан келип туру.

Боору бир жакындардын агынан жарыла амандашып турушу көргөндүн көзүн тойгузду, булардын жанынан өтүп бараткан кошуна-колоңдору да ал экөөнө жетине албай жылмая сүйүнүп жатышты. Чолок шымчан эки бала ары-бери ит жетелеп, короодо ойноп жүрүшкөн. Бектур аганын жалтыраган кара жибине суктана карашып, жол тандабаган бул машина аларга аябай жагып калды көрүнөт, бирин бири капталга түртүп, бирдемелерди шыбырашып калышты. Кыязы, бул тентектер ушундай кубаттуу машинага итин да салып алышып зуулдата айдап баратышса, баатырларга көчөдөгүлөр таң кала карап, ал тургай колдорун булгалап да жиберишсе деп турушту окшойт. Мунун баарын Арсен ойлоп жиберди, таппаганы жок.

Бу жашоонун жакшылыгы менен кубанычы көз алдында турган кезде көңүлүң таңдай тазарат. Ошол чын, жай мезгилдин шашкесиндеги күн да негедир демейдегидей чакчайып тийбей, жер үстүндөгү жан-жаныбар аттууга бейпил өмүр тартуулап, тоо-талааны күлүмсүрөп эркелетип турду. Ооба, күн жарыктык да адамдардын жылдызы жанган бир керемет учуруна аралашып кетти. Бу жарыктыктын жашоосу ар дайыма ушундай эриш-аркак төп келип, өз жайында болбойбу! Анткен менен булуттардын арасынан кандайдыр бир түнөргөн көз жердегилерди жекире карап турат имиш деп айтып калышат. Ага эмне керек? Эмне үчүн антет? Мейли, караса карай берсин…

Маселе боюнча сүйлөшүп жатканда мурдагыдай эле Арсен Саманчин өзүндөгү ишенимдүүлүктөн кайткан жок. Анын үстүнө Бектур агасы көзү жеткен, болор ишке гана киришкен, киришкен соң аягына чыккан адам. Ошондон улам бул адамдын айткандарын угуп, далил-сунуштарына баш ийкеп, ыгы жок билерман болуп талашпай, каршы да чыкпай тура бергиң келет, не дегенде анда адамды муюткан, ал тургай пикирлерине шыктанткан кандайдыр бир тартып алар касиети бар.

www.bizdin.kg



Ооба, Бектур ага ушундай кылмак, аңчылык кылуу документтери бүт экен, лицензиядан баштап, бизнес планы, аны өнүктүрүү жолдору, эң негизгиси барстарды атууга уруксаты, айтор, киреше, салык жана башкалары так көрсөтүлүптүр. Жанагы келе турган араб ханзадаларына булар жөнүндө, фирманын милдети туурасында маалымдаптыр.

Ии, унута жаздаган турбайбы, өткөн жылы алар менен контракт түзүлгөн, ага Арсен Саманчин өзү жардам берген. Ошол боюнча азыр иш жүргүзмөк. Анткени Бектур Саманчин Туюк-Жар аймагындагылардай эле ингилиш менен таптакыр иши жок, ошол жагы, араб мырзалары менен сүйлөшүү, аларга тил боюнча кынтыксыз кызмат көрсөтүү тарабы толугу менен Арсен Саманчинге жүктөлөт. Бектур агасы ушундай чечкен. Ооба, ал бизнес адамы, эң оболу пайда жагын ойлойт, ошондуктан мындай жооптуу ишке, араб ханзадалары менен сүйлөшүүгө жана да ортомчулук милдет аткарууга Арсен гана ылайык эле. Не дегенде араб ханзадаларына, ийе, каролдук статусу бар меймандарга, катардагы тилмеч эмес, алардын андай-мындайын билген, бул жакты да айткандай айта алган деңгээли бар адам керек болчу. Ошон үчүн ал Арсенге гана токтолгон, ошон үчүн ал Арсенге келип отуру.

– Эмесе мындай, Арсен, ата-бабаларыбыздын арбагы колдосун. Жанагы тилмеч, тигилер менен тең сүйлөшө алар биздин адам, бейиши болгур ыраматылык агамдын баласы сен өзүң болосуң, сен экөөбүздү агамдын арбагы колдоп, биз менен бирге болсун, – деп муютуп кирди Бектур ага. – Бизнесте да кадыр-барктуу, санаалаш адамдар керек. Жардамыңды аяба, биз менен бир-эки жума чогуу бол, эс алып да аласың. Анын үстүнө сени эч кимдин көзүн карабаган эркин журналист деп бардык жерде сөз кылышат, атагың чыгып жатат, туурабы?! Сен болбосоң анан ким болот, мына беш күндөн кийин ханзадалардын адамдары келе баштайт, аны билесиң, ии, меймандардын даярдык көрө турган тобу. Алар үчөө. Ал эми ханзадалар болсо өз самолёту менен Олуя-Ата аирпортуна келип конушат.

– Байке, аирпорт эмес, аэропорт, – деп Арсен агасынын сөзүн оңдомокчу болду. А агасы болсо ага кабагым-кашым деген жок.

– Мен аирпорт эле дейм, бизде ушинтип эле айтышат. Билесиң да, Олуя-Ата аирпорту бизге жакын эмеспи. Келишим түзүп макулдашканга өзүң катышып, өзүң сүйлөшпөдүң беле. Мына эми келер кез келди, тигилер тим эле бучкактап жатышат. Арсен, ханзадаларды аирпорттон сен экөөбүз тосуп алалы да, түз эле тоого алып кетели. Ал жерде баары ойлонуштурулган, барганда көрөсүң, андан камсанабай эле кой. Мен колхоздун баягыл конторасын сатып алгам, эки бөлмөсүн мейманкана кылып жасап койдук, шаардагыдай болбосо да, бардыгы бар. Аларды дал Үзөңгүлөш ашуусунун этегине алып барабыз, көңүлдөрү болсо ашуунун ары жагына өткүлө дейбиз. Андан ары, өзүң билесиң, Кытай, жыбыт-

www.bizdin.kg



жылгалардан бери билебиз да. Ал жакка альпинисттер эле барбаса, келип-кеткендерден эч ким жете элек, ханзадалар көрөбүз дешсе көрүшсүн барстарга ууга чыгышып, бардыгы акча болуп жатпайбы. Ал жагын үлүшкө коюп бөлөбүз.

Айтор, алар көп нерселерди макулдашып чечишти. Бул жагын ал дасыккан эл аралык бизнесмендерче пландаптыр. Ханзадалардын тоодо болуусу, алардын аңчылыгы, айтор, чатыр, боз үйлөрдөн тартып аттар менен ат багарлардын тизмесине чейин, алардын ким экендиги, уятка калтырбай тургандыгы аныкталып, анан гана киргизилиптир, иш-аракеттери, эмне кылыш керектиги саат-мүнөтүнө чейин көрсөтүлүптүр. Туура, мындай иште майда-баратына чейин такталбаса болбойт. Ал эми курал–жарак жагы да ошондой экен, алыстан жарык берүүчү жана оптикалык приборлорго чейин протоколдогудай ийне-жибине чейин жазылыптыр. Бизнес тактыкты жана өтө кылдаттыкты жактырат, бир жеринен кылт этсе эле иш бүттү, агып келаткан акча күйөт да, калат.

Туюк-Жардын аңчылык бизнес долбоору мына ушинтип талкууланып-такталып жатканын жайы-кышы кар баскан тоолордогу мөңгү барстары билип калса, аларың ошол замат кырка тоолор менен ашууларды ашып кетишмек. Эң кур дегенде бул жөнүндө дубалап койгонсуп алигиче Үзөңгүлөш ашуусунун этегинде муңканып жүргөн, ооба, кабылан тукумунун карыбы, жек көрүмчүсү болуп саналган Жаабарс байкуш билсечи.

Арсен Саманчин бул долбоорго катышуучу болуп калгандан кийин аңчылыктын кандай болорун билип калды, анын үстүнө Бектур агасы ага бүт бардыгын түшүндүрдү. Болбосо алдыда нелер күтүп тургандыгы менен, эмнелер болору тууралуу эч кабары жок эле. Эми бүт бардыгы белгилүү, кырдаал-жагдай жадында, өзү иштеген ишиндей ага дайын болду. Ошентсе да, ал күндөлүгүнө эмнегедир: «Көзгө көрүнбөс эшик, же тагдырдын формуласы» – деп жазып койду, балким, макалага тема тапкандыр. Ошондой экен, андан соң мына буларды улай жазды: «Ар бир пенденин алдында мурунтан эле даярдалып коюлган, а бирок көзгө көрүнбөгөн, ачык турган жазмыш жазган каалгасы болот. Анын босогосун аттоону тагдыр качан буйруса ал ошондо, эшиктен ары киргенден кийин, башынан байланган барымтага түшкөн соң гана жазмышы экенин билет. Энеден кайра төрөлүү мүмкүн эмес сыңары, ошо босогону аттагандардын эч кимиси кайрадан артка кайта албайт. Тагдырдын буйругу ушинтип ишке ашып турат. Бул тагдырдын формуласы, кирүү бар да, чыгуу жок…»

Арсен Саманчин дагы улантып жаза берсе болмок, анысы өзүнчө бир кайгылуу эссеге айланмак, а бирок азыр эмес, сааты чыккандан кийин гана, окуя болгондон соң гана, ооба, ошондо гана...

Түш болор кездин алдында жайкы күн жерге түшө баштаганы үй ичине да сезиле баштады. Ал түндөн бери ачык турган терезесин жаап, шкафтын үстүнө коюлган чакан конденсаторду иштетти. Куркулдайдын уясын-

www.bizdin.kg



дай бул үйлөрдө ысыкка чыдоо эң кыйын, ошо акактаткан аптаптан ушундай бөлмө муздаткычтары гана сактап калат. Өмүр бою тоонун таза абасына көнүп калган Бектур ага терезени жаппай эле кой, аба кирип турсун деп калды. А кишинин айтканын аткарбаса иш болбос, а бирок ошо терезенин ачык турганы да бекер болбоптур...

Терезе жабылып-ачылган соң бержагы эки сааттан ашкан сүйлөшүүгө кайрадан киришти. Ага-ининин аңгемеси бүткөнчө тыным билбес Итибай чай ичип, андан соң жипке май куюп, аны жууп-тазалатканга, атүгүл базарга кайрылып мөмө-жемиш ала келгенге да үлгүрүптүр. Баарынан кызыгы, мына бу эки Саманчинди буга чейин алардын бир боордугу бириктирип келсе, азыр анысына жер жүзүнө жайылган бизнес дегени, аңчылык долбоору кошулуп, ал экөөнү ого бетер ажырагыс кылып салды. Бул ушундай экен, айтмакчы, ошо бизнес жөнүндө, жанагы поездден поездге түшүп соода кылгандар айтат, дүйнөдө бу тоо-талаанын гүлдөрүнөн өткөн өтүмдүү товар жок имиш. Ушундай деп ким ойлоптур, гүл дегениң талаада жайнап өсүүдө, аны баккан да, караган да киши жок, өзүнөн өзү өсүүдө, көз жоосун түшүрө суктан, ат менен кетип баратып балдарга терип берсең да болот, а гүл сатат деген кыргыздарга чын эле күлкү келерлик иш. Аңчылык деле ошондой болчу, эми минтип ошо аңкоолук дегенден чоң бизнес чыгып, Саманчиндер болсо акча табабыз деп анын пландолбооруна баш оорутуп отурушпайбы.

Кептин баары бир кебелип койбогон тоо турмушун сырдуу дүйнөгө айландырган мөңгү барстарында эле. Демек, акыр заманды айтчудай болгон базарың аларга да жеткен экен...

Аңчылыкты уюштуруу, аны өткөрүү тууралуу далай кеңештер айтылды. Арсен Саманчиндин көзү ачылды, маңдайында пландарын кагазга чиймелеп, бүт дили менен бериле кызый сүйлөп жаткан Бектур агасын угуп отуруп өтө ыраазы болду, тим эле ал өз ишин театрдагыдай пландаптыр, бүт бардыгы көз алдыңда, мурдагы колхоз башкармасы азыр режиссёр-коюучу болуп көрүндү да, аңчылыктын ыкмаларын, анын өтүшүн драмадай сүрөттөп берди. Таң каласың, Бектур аганын айтуусу боюнча жанагы ханзадалар жырткычтарды өздөрү тандап, жаземдебей таамай атып алышы үчүн жырткычтарды буктурмага айдап келүүнүн бир укмуш жолун сунуштады. Кулак угуп, ойго келбеген иштерди угуп отурган Арсен анын маңызына түшүнгөндөй эле болду, антпесе болбойт эле, тоодогу аңчылыктын бардык маселелерин араб ханзадаларына түшүндүрүп берүүсү зарыл болчу, ошентсе да ал жандүйнөсүнө жыландай кирген ойлорго кабылып жатты. Теңир-Тоодогу ээн-эркин жүргөн барстарга ок атууга болбойт деп боору ачып турду. Ошондой эле ал барстардын тагдырын дал ушул эл жүнүн жеген жерде, Хрущев үйлөрүнүн кайсыл бир кабатында, эңгезердей эки эме өздөрүнчө эле Кудай болушуп чечип жатканын, атүгүл алардын өмүрүнүн акыркы күнүн, саатын бел-

www.bizdin.kg



гилеп отурушканын байкуштар билер болсо, анда тигилер Гималайгабы, айтор, бир жакка качып кетет беле деп ойлоду.

Ой деген бирде космоско чыгып, кайра уясына учуп келген эркин куштай го. Ушу азыр да анын башына кайрадан бир ой, бул мертебе барстарга силерди кызыл кыргын кылганы жатышат деп кантип кабарласа болот деген ой келди. А кокус чын эле билдире турган кырдаал-шарт болсо, анда кыпкызыл акча болуп жаткан бизнести эмне кылат? Кайда катасың? Жырткычтарды учкул кыялың менен сактап кал, а бизнесчи? Ал эмне болот? Көрүңө катып саласыңбы? Эгер чын ушундай мүмкүнчүлүк болсо, анда дүйнө солк этмек эмес, анда адам тукуму өздөрүн өзү өлтүрүп, аларды кара жер жутуп жок кылмак. Ошондуктан азыр бизнеске гана артыкчылык берилет, калгандарынын бүт бардыгы кийин, кийинкиден да кийин болот. Ии, адатыңча дагы бир нерселерди шалп эттирип айтып көрчү, антет экенсиң, ооба, андан көрү асынып калганың жакшы. Ушу кезде Бектур аганын сөзү барган сайын акылнасаат айткандай болуп бараткан, ошондон уламбы, айтор, Арсен Саманчин аны менен сүйлөшүп жатып маал-маалы менен өзүнөн өзү эле ушуларды ойлоду да, «Мерген» бизнес-аңчылык фирмасынын кожоюнунун көрсөтмөлөрүн ханзадалар каада менен келгенде кереги суудай тиет деп блокнотуна англис тилинде жазып жатты.

Арсендин дил-оюнда эмне болуп жатканын, эсинен чыкпай элирткен бир азгырык санаанын кайдан келип, убайым таштап турганын Бектур Саманчин такыр билген жок, өзү бир сөз айтпаса анын билмеги кайдан...

Кээде ушундай да болот, жалпы ишти анын көзүн билип талкуулаган адам менен ал жөнүндө эч түшүнүгү жок бирөөлөр ушинтип ой бөлүшө берерине бир да жан ишенмек эмес. Шамал тоонун аркы бетин урса, берки бетиндеги бутактар термелчү беле. Ошондой кеп.

Анткен менен Бектур ага андан эч бир шек санабастан, тескерисинче, Арсенди тууганчылык менен өтө жактыра, өз сунуштарын жантыгынан жата калып чечмелеп жатты. Кагаздарга пландарын жана чиймелерин чийип, барстарга буктурма жасалчу жерлерди белгиледи, алардын үч жактагы айдакчылар кайсыл жерде болору көрсөтүлдү, айтор, жырткычтар түз эле ханзадалар кароолго алып турчу жайыкка чыгат. План ушундай, албетте, мындай учурларда оңунан чыккан, оңунан чыкпай калган учурлар болот, алар колго багылган колхоздун койлору эмес. Ошентсе да жер сырын билген, тоолорго көнгөн дулдул атчан беш-алты айдакчы жырткычтарды бура кетирбей сая кууп, эки капталынан дагы беркилер чыгып, айтор, камоо-кароолго жеткириш керек. Четтен келген мергендер чер жаза атып алышсын, экинчиден, барстар деген бул жерде жайнап жүрөт экен деген ойдо калышсын. Аңчылыкка кол кабыш кылгандардын милдети ушул, олжо деген ушулардан башталат.

Ошондой жооптуу ишке чегерилген, жер өңүтүн өз үйүндөй билген айылдагы жигиттердин тизмесин да көрсөттү. Бектур аганын айтымында алар өз

www.bizdin.kg



ишин билишет, куралдар менен камсыз болгон, добулбастары да бар. Булардын баары Арсен үчүн ойго келбеген, кыялына да илинбеген иш болду, алдыда боло турган иш чын эле шахматтай ойлонулуптур. Таң калды. Ошентсе да, алар шашпай чай ичип, аңчылыктан башка да өздөрүнүн турмуштук иштерин сүйлөшүп отурушту. Ошо баарлашуу маалында бир кызык окуя болду, муну бардыгын ойлоп тапкан Бектур ага да ойлоп таба алмак эмес.

Жай мезгили жаныбарларга жакшы эмеспи, көп кабаттуу үйлөрдүн чатырларында, башка ыңгайлуу жерлерде жашаган көгүчкөндөр менен чабалекейлер учуп жүрүшкөн. Аларга эч ким деле көңүл бурушчу эмес, андагылар аларга, алар андагыларга көнүп бүтүшкөн. Балапандары темир канат болгон кезде гана алар аларды учурууга көндүрүп жүрүшкөнүн көрүп калышчу. Айрыкча эл чабалекейлерди канаттуунун асылы, адамга жакын, сыпаа жаныбар деп санашчу. А бирок азыр башкача болуп чыкты окшойт, иши кылып кызыктын кызыгы болду белем.

Ооба, эки Саманчин эртеңки күнү жөнүндө кызуу сүйлөшүп, бири өз көрсөтмөлөрүн, пландарын айтып, экинчиси эсинен чыгарбас үчүн блокнотуна керектүүлөрүн жазып иш кумарына кирген кезде эки чабалекей, кыязы, түгөйлөр болсо керек, ачык турган терезеден үйгө учуп киришти. Жаңылып-жазып кокустан кирип калышса ошол эле терезеден кайра шашыла учуп кетишмек. Алар антишкен жок, адашып калыштыбы, же дагы башка болдубу, айтор... Жок, атайы келгендей, кеткилери жок, чыйпылдап үн чыгарышып, үйдүн шып алды менен канаттарын ийкемдүү жайып, жай каалгып учуп, эки Саманчиндин төбөлөрүнөн айланып, тынбай чыйылдай беришти.

– Ой, булар кайдан келишти? – Бектур ага ордунан козголо аларга карады. – Булар ушинтип кире беришеби?

– Жок. Мындай болчу эмес, биринчи жолу. Чабалекейлер менен көгүчкөндөр бул жерде оголе көп, терезенин жанынан ары-бери уча беришчү. Чатырда уялары бар, – деди Арсен.

– Анда булар алда неден чочушкан го? Терезени чоңураак ачып койчу, чыгып кетишсин.

Ал терезени толук ачты, а бирок чабалекейлердин кеткиси жок, ары аёолуу, ары мээримдүү, ошол эле мезгилде алда неден чочулагандай көздөрүн балбылдатып, алардын үстүнөн айланып жүрө беришти. А балким, булар алда неден аян берип, ошону кабарлап жатышкандыр? Ким билет, айтор, Арсен Саманчиндин башына ушундай ойлор келди, ал эми Бектур Саманчин болсо орундуктун жөлөнгүчүндө турган сүлгүнү алды да, чабалекейлерди сыртка кууп чыгарды.

– Булардын тамашасына тойдук, – деди Бектур ага башын чайкай. – Эмнеге келишти экен? Мейли, кел эми, иштей берели, убакыт болсо аз калды. Сен бизге качан келесиң? Качан жолугушабыз? Ошону тактап айт. Анткени биз сени менен да контракт түзүшүбүз керек.

www.bizdin.kg



– Анын эмне кереги бар? Өз дегендердин арасында кереги деле жок.

– Керек, азыркы шарт ошондой. Бизнес деген контракт менен гана жүрөт.

Арсен Саманчин: – Ой, байке, мен сизге атамдай эле ишенем да, контракттын кереги жок, – деп андан баш тартайын дегенде жанагыл чабалекейлер кайрадан учуп кирищти да, кайрадан бөлмөнү айлана баштaшты.

– Ой, Арсен! Булар кайра келип калдыбы? Бул эмнеси? – Бектур ага таңдангандай сөз катты.

Ооба, алар бекер кирген жок, бир нерсеге тынчсызданышып, анан ошону төкпөй-чачпай буларга билдиргиси келип, же аны толугу менен угуп алууну каалап келишсе керек деп ойлоп жиберген Арсен ошол эле замат алардын тынчсыздана сырдуу чырылдаганын кайра-кайра тыңшап, көз албай тиктеп туруп бул экөөнүн дил-мүдөөсүн түшүнгүсү келди. Чабалекейлердин кулактан кирип, жүрөккө жеткен аянычтуу чырылдагы жакпай кеттиби, же ага чыдай албай койдубу, айтор, Бектур ага эми терезени жаптырып салды. Арсен анын каалаганындай болсун деп конденсаторду толук иштетип койду.

Арадан бир мүнөт өтүп-өтө электе эле жанагыл чабалекейлер терезенин сыртынан ары-бери учуп, кайрадан үйгө киргилери келишип чыйпыйы чыга чырылдашып, жана айталбай калганын эми айтууга шашкандай, жана унутуп койгонун эсинен эми тапкандай болушуп мурдагыдан катуу тынчсыздана улам-улам айнекке келип, тийип-тийбей кайра кетип, бизди киргизип койгулачы деп жалынып суранышкандай сезилип жатышты.

Катылган сыры кандай экенине таңданган Бектур ага:

– Бул эмнеси? – деп жиберди. – Жакшылыккабы, же жамандыккабы? Мейличи, биз буларга алаксыбайлы. Терезе парданы тартып сал, биз көрүнбөй калган соң, анан өздөрү эле кетип калышат.

Ошондой кылышты.

Алар андан кийин майда-чүйдө маселелерин талкуулашты, дагы башкаларын такташты. А Арсендин оюнан жанагы сырдуу чабалекейлердин табышмагы кетпей, башта андай шумдукту көрбөгөнүн, болду-болбоду мында бир маанилүү мандем бар экенин таразалап, алардан кутулалы деп бекинип алып отурушканына бир чети таңданып, бир чети өкүнүп, санаасын ошолорго байлап отурду. Ал тургай Бектур Саманчин тууганча сүйлөшүүгө абдан ынтызар болуп, айтор, кепке бериле маани берип, иниси Арсендин бойдок жашоосуна өзгөчө басым жасап, жаны кейип жүргөндүгүн билгизе сөз баштаганда да ал жанагыл оюнан кутула алган жок.

– Арсен, сенин ишиң, жүргөнүң, айтор, баары жакшы, – деди ал анын көзүнө тигиле карап. – Ыракмат. Ушу чайың гана бойдоктордукундай, буга сен таарынбагын. Кеп чайда эмес, эми сен канчага чейин жалгыз жүрө бересиң? Жетишет, айрымдар беш-алты жолу аял алып, атүгүл те-

www.bizdin.kg



левизордон чыгып ошонусуна мактанып да жатышат. Ырас, сен бир жолу мүдүрүлүп калдың, андайлар болот, жалгыз эле сен бекенсиң, анан ошого да чүнчүп, өзүңдү өзүң колго алалбай жүрө бересиңби? Жок, мындай иш сага жарабайт, Арсен. Жашсың, акыл десе акыл бар, ыраматылык атаң көзү тирүү болгондо сени менен сыймыктанмак, кайран кишинин неберелери да болмок, бай да, жакыр да эмессиң, интеллекттүү адамдардын көбү ушундай болот. Үйлөн, туугандарыңдын бардыгы ошону күтүп жатат. Андай-мындайынан коркпогун, мына мен даярмын, кудайга шүгүр, бир үйүр жылкы бар, калыңга берем, атасынын көрү, шаарга десең шаарга айдатып келем. Күлбө, эмнеге күлөсүң? Шаарда да, айылда да жакшы аялдар бар. Каалаганын танда. Ушинтип жүрө берсең, убакыт деген өтүп кетет. Аны түшүнөсүң да.

Арсен мындайды көп уккан, ушу азыр да акырын жылмайып, макул дегендей баш ийкеп, анан сөз удулун башка жакка бурайын деп калды эле, Бектур ага унутканы эсине эми түшкөнсүп:

– Укчу, Арсен, жанагы эки чабалекейдин үйүңө кирип, ары-бери учканы бекеринен эместир? Балким, алар сенин аялыңды көргүлөрү келип киришкендир? Азырынча ал жок да! – Өзүнүн тамаша сөзү өзүнө жакты окшойт, ал аябай каткырды. Арсен:

– Ошондой болсо кана! – деди чын эле олуттуу сүйлөп.

Бектур аганын сөзү ага жаккан экен, аны короодо узатып жатканда да ичинен жанагыл сөздөрдү ойлоп: «Ошондой болсо кана?» – деп алды. А Бектур Саманчиндин оюнда пайдалуу иштер чечилип жаткан. Жууптазалагандан кийин анын жип машинасы ого бетер сүрдүү, ого бетер көз тайгылтып калат экен. Анын катарында Арсендин чаң баскан «Нивасы» турган, аны көрүп:

– Эгер ишибиз жана биз болжолдогондой жакшы болсо, анда сен да ушундай жиптен бирди сатып алат элең. «Нива» деген совет мезгилинен мураска калган жакшы машина, а бирок бизнес доорунда сага окшогон адамга жип ылайык.

– Ыракмат, аке, ыракмат, буйруганын көрөлү. Тоо жеринде жүргөнгө жип жакшы да, буйруганы тургандыр. – Арсен Бектур агасына ыраазылык билдире ыракмат айтты да, дагы ичинен: «Ошондой эле болсо кана?» – деп ойлоп жиберип, анан сөзүн Итибайга бурду:

– Итибай, жакшы эс алдыңбы? Азамат, ар дайыма ушундай жүр. Биздин тоолордогу жолдор менен жүргөн киши гана жүрөт.

– Ооба, Итибай экөөбүз ал жолдор менен канча жүрдүк дейсиң? Үз жүз миң километр!

– Үч жүз кырк миң болуп кетти! – Итибай сыймыктана тактады.

Ошондон соң алар кучакташа коштошту. Арсен алар түшкөн жиптин артынан кол булгалап жатып дагы бир жолу ичинен: «Ошондой эле болсо кана?» – деп койду.

www.bizdin.kg



Арсендин табияты ушундай эмеспи, жанагыл чабалекейлерди кайра эстеп, дил-оюна тынчтык бербеген дагы бир ич бышыра муңайткан иш бар эле. Муну ал эч кимге айтпай калсын, айтты дегиче апендиче күлкү болмок. Ооба, ошол чабалекейлер, аларды Айданага гана айтыш керек, Айдана гана шылдың кылбай түшүнөт, атүгүл андан жандүйнөгө байланышкан романтикалуу бир нерсе чыгарып, балким, алда кандай сюжет таап, болбосо либретто жазыш керек, мүмкүн обондуу ыр жаратса болот деген акылын айтмак. Ал өзү ошондой купуя сырдашууну жакшы көрөт, андай учурларда ойго келбес нерселерди таба коёт. Ушунусу жакшы, жандүйнөсүн жаныңа ого бетер бириктирип жиберет. Ал экөө мындай жанына жаны бириккен, дилине дили кошулган сырдашууларды канча ирет өткөрбөдү дейсиң. Эми антип сырдашмак түгүл жүрөк туйлаткан үнүн телефондон угууга зарсың, анткени ал кулакты кесип, көздү алып «Лимузин» менен кете берди. Өкүнбөй койчу иш бекен, болбосо бул айтары сырдуу табышмак болгон кабарчы чабалекейлер жөнүндө ага аңгеме курмак. Ошентмек, а алар ага эмнени айталы дешти экен?..

Ушуларды ойлоду. Антпесе бир-эки күндөн кийин мунун бардыгын унутуп салмак. Ооба, ошондой эле болду, Туюк-Жар тоолорундагы аңчылык-бизнесине камылга көрүү аны кыялдантмак түгүл, эсинен атын чыгарып, кыяматка салды. Ошо түйшүгү түндө түгөнбөс күндөрү бир ирет ошондой кырдаал болуп, капылет-кайыптан чабалекейлер эсине түшкөн да, алар эртеңкини алдын-ала айтып келген аянчылар экендигине көзү жеткен. Бул иш өз айылына, барстар жүрчү тоолорго келгенине беш күн болду дегенде болгон. Ошондон улам ал күндөлүгүнө «Көзгө көрүнбөс эшик, же тагдырдын формуласы» аталыш коюп, баягы окуяларды кайталап, эсине түшкөндөрүн жазган: «Ар бир пенденин алдында мурунтан эле даярдалып коюлган, а бирок көзгө көрүнбөгөн, ачык турган жазмыш жазган каалгасы болот. Анын босогосун аттоону тагдыр качан буйруса ал ошондо, эшиктен ары киргенден кийин, башынан байланган барымтага түшкөн соң гана жазмышы экенин билет. Энеден кайра төрөлүү мүмкүн эмес сыңары ошо босогону аттагандардын эч кимиси кайрадан артка кайта албайт. Тагдырдын буйругу ушинтип ишке ашып турат. Бул тагдырдын формуласы, кирүү бар да, чыгуу жок».

Жараткандын жазыгы жок жаныбарлары жан сабаша ушуларды эскертели дешкенби? Алар муну кайдан билип алышты экен? Кызык... Күлкүбү?.. Аңкоолукпу? Жок нерсени бар кылып апыртуубу? Ишениш кыйын, а бирок азырынча ушундай болуп жатат. Анын үстүнө Арсен Саманчиндин калеминен пайгамбардын сөзүндөй ойлордун жаралышы да эртеңкиге жышана болуп жатты окшойт. Анткен менен азырынча санаага коога түшүргөн эч нерсе жок, бүт бардыгы бизнес-пландагыдай өтүүдө.

Эртеңки тагдыры кандай болуп кетерин капарына албастан эси-дарты Айдана болуп, аны эми көрө албаймын, чабалекейлер жөнүндө айтып

www.bizdin.kg



да бере албаймын деп жылдызын жерге түшүрүп жүрдү. Антпесе деле болмок, айткан күндө да кана ошол чабалекейлер деп Айдана жетип келмек беле?..

Бул кайсы бир жагы менен үйүрүнөн айкарлыктын айынан жек көрүлүп сүрүлгөн, дале болсо Үзөңгүлөш ашуусунун этегинде жалгыз үмүтүнө жалдырап калган Жаабарстын жан чыдагыс жазмышына окшоп кетпейби? Ал эмнени күтүп жүрөт?..

## VI

Арадан эки күн өткөн соң, Арсен Саманчин «Нивасын» айдап жолго чыккан. Анткени ханзадалардын келишине саналуу гана күндөр калган. Ырас, эмираттык Хасан менен кувейттик Мисир ханзадалардын урматтап толук айта турган узун аттарын жаңылбай жаттап, таптак айтуу кыйынга тура турган. Ошондуктан аларды кыргызчасынан ханзада Хасан, ханзада Мисир десе деле жараша бермек. Ошентип чечкен. Мына эми, алыстан келчү ардактуу ханзадаларга кызмат кылуу үчүн ал туулган жерине, Теңир-Тоо тоо кыркаларынын өтөк-өндүрүнөн орун алган Туюк-Жар тоолоруна бараткан.

Ооба, баш-аягы беш саат тынбай жол жүрмөк. Машинаны айдаганды үйрөнүп алгандан бери далай ирет каттаган, бурулушу тургай ташынан бери тааныш. Басар жолдун жарымы асфальтталган, калганы таш жол, тоолордун боору менен тик кыялап өтчү, ошондуктан ал сөөгү менен кошо кетчү баягы адаты да, ар дайым сапар алганда өзүн өзү сыноого салып барчу. Анын үстүнө «Нивасынын» жүрүшү жакшы болчу, алыска чыккан кезде жолдо кала элек, болгону жанагы чет өлкөнүн кумурскадай жайнаган көз кызарткан машиналарынын арасында өткөн кездин табылгыс таберигиндей көрүнүп турчу.

Ал азыр шаар четиндеги буйтка көчө менен бүтө элек курулуштарды жандай, чыгыш жак менен бaратат. Аздан соң бу жол бактарды, кыштактарды, анан мурдагы колхоздор менен совхоздордун талааларын кесип өтөт. Андан ары көк тиреген Тянь-Шань кырка тоолорун көздөй бөксөлөп кеткен ээн талаага келет. Ошо күн төгүлгөн талаадагы аптап тебелеген жол Арсен ойлогондой эл аралык деңгээлдеги аңчылык өтө турган, кабылан-жолборстордун жомоктогудай мекенине айланган, дүйнөнүн бир да жеринен кездешпеген, жалгыз гана Үзөңгүлөш тоолорун байыр кылган мөңгү барстарына, өзүнө жакындатып айтканда, Туюк-Жар айылына алып барат. Айылы аны алыстан эле көрөт да, ошо замат айылы бак-дарагын баскыла деп жетелеп алдынан тосуп чыгат. Дайыма ушундай, бу турмушта не болбойт, бирде үйлөнүү тоюна, бирде үй тоюна, кээде сөөк коюуга, айтор, жакшылык менен жамандыкка ушул «Нивасын» минип келет да, кайра

www.bizdin.kg



келиш үчүн кетип турат. Ушу барышында ал бир тууган эжесиникине токтогону турат, анын да себеби бар. Жездеси темирге жан киргизген уста эле, азыр узанбай калган, аны менен тапканың талканга да жетпейт, бу турмушуң кабырга санап турганда алар үйүн улаганга карк болуп, көптөн бери кайдан канат-бутак табылар экен деп жүрүшөт, анткени уулу Өскөн үйлөнгөнү жатат, анан Арсен бараткан иш Кудайдын парманы менен оңунан чыгып калса, анда аларга жардам бериш керек. Ошентет, чымчыгын улар кылып, унутулгус иш жасайт. Ошону ойлоп баратыр.

Ырас, анын үстүнө бу мертебе ал өтө өзгөчө, дегеле мурда болбогон иш менен, өзүнүн карачечекей туугandroidы, эл-журтка кадыры өткөн белгилүү аңчы-бизнесмен Бектур Саманчиндин чакыруусуна тилмеч катары макул болуп, биринчи жолу көз карандысыз, эркин журналист иретинде бара жатат. Ошентсе анын макул болгонун жердештери түз эле кабыл алышат, агасы чакырып жатса эмне экен, асмандан түшө турган додо-додо доллардан ким эле алгысы, жөн эле эмес, маңдай тери менен иштеп, өз үлүшүн алгысы келбесин. Мындайдан кай келесоо баш тартмак. Ошону айтсаң, араб мергендеринин чөнтөгүнөн, тагыраак айтканда, кароолго илинген мөңгү барстарынан жайнаган жашыл акча чыгып жатса... Азыр жырткыч дегениң базар казанын кайнатып жатпайбы. Ушу барстар болбосо ханзадалар бул жакка тиги жер түбүнөн эмнеге келмек эле да, төө көтөргүс акчаларын каякка чачмак эле?! Мындайда иш кылган ар бир адам белине түйбөсө да, чөнтөгүнө акча салып кетет. Ооба, ушундай болот.

Эсеби жок акча сайылган кумардай иште кимдин дил-оюнда эмне бар экенин эч кимдин ойлогусу келбейт. Менде гана болсун, башкалардын короосунда коргол дагы болбосун дегендей, ар ким өз арбайын согот. Ошондуктан Арсен Саманчиндин эмне үчүн тилмеч болгонун сүрүштүрүүгө эч кимдин деле иши жок. Бул жагы мына ушундай.

Бурулуш-буйтка жерлерде гана ылдамдыгын азайтпаса ал жакшы эле айдап келатты, жанагыл жүк тарткан машиналарды кытай машиналары деп коюшат, алар бу жолдо ыйлап келишет, ошолордун жанынан өткөн сайын өзүнөн өзү жеңилдеп, кандайдыр бир жүктөн бошонгонсуп терең дем алып алат да, анан ал ушуларды көрүп туруп кандай жашоо керек, эмне кылуу зарыл деп ойлоно берди. Ушул эле болсо жарасы жеңил эле го, эне сүтү менен жаралган адаты алыс жолдо калчубу, көкүрөктө күйгөн, көңүлдү эзген көйгөй ойлор менен алпурушуп баратты. Бу маңдайга жазгандын жообу болорбу деген ой азабына эзилип, ал деги өзү эмне, кайдан чыккан, кайдан бүтөт деп кайгыра берди. Анан ал мээсине мыктай кадалган баягыл өч алуунун өртүнө түшүп, чагарак куйрук чаяндай касын, анан өзүн өзү өлтүрүүнү көгөрө көксөй берди. Чегине турган, жазыла турган түрү жок, кекенгени кек алдырып тынчудай. Анткен менен ал ушуларга бушайман болуп жатып, өзүнөн өзү бошоно албай, кандайча кайкы мээ болуп калганына түшүнө албай, ажырыктын тамырындай бу

www.bizdin.kg



санаага туткундалганына дилинен кылдай каршылык таба албай, руханий байлыгын жоготуп салганына айран-таң болуп баратты. «Башкалар үчүн жанын да аябаган адам элем. Азырчы? Кудай безери болуп кеттим го? – деп түйшөлүп алды. Өчкөн от болгон өч алуу дегенди кайрадан жаратып алдым, базар идеологиясы мени итке ыргытар сөөк кылды... Социалисттик башкаруудан базар үстөмдүгүнө туш келдик, мунун мыйзамына макул болбосоң сурап-тескеп отурбайт, өлтүрүп салышат. Турмуш закону ушундайбы, анда мени өлтүрөт деп отура бербе, андан мурда озуңуп өлтүрүп кет. Базар жашоосунун суроосуна жалгыз гана жооп ушул». Ал өзүн өзү ушинтип жемелеп, өзүнө өзү акыл, шылдың айтканы менен карайган дилин агартып күнөө-айыбын моюнуна алган жок, суроого жалгыз гана жооп болот, ушул туптуура деди.

Бир тарабын өндүр талашкан ээн талаа мейкининде Кудай унуткан дал өзүндөй безерлер менен жана да Кудайды унуткан дагы өзүндөй макулуктар топтолушкан шири кийгизме жерден улам алыстап, анан эң башкысы жансерек маданияттын темир түрмөсүнө Айданасын азгырып алып кетип, ага жеткирбей койгон карадил шаарды бир эмес үч мертебе каргыш алсын деп, андан качкан адамдай куйругун түйүп баратты. Анткен менен шаар аны өзү ойлогондой таптакыр коё берген жок, улам кайра чөнтөк телефон аркылуу кууп жетип, бир нерселерди сурап тынчын ала берди. Мындай учурларда ал жол жээгине токтоп, жайынча шашпай жооп берип жатты. Антпесе болбойт эле, шаардан телефон чалгандардын көпчүлүгү редакциялардан эле, макулдашкан макала-маектер жөнүндө, аларды качан алып келери тууралуу болду. Аларды кантмек, кийинкиге жылдыртты, шартына түшүнбөгөн, телеберүүнүн программасын түзүп жаткан өжөр редакторлор күйүп жатышканын айтышып, кыйла кыжың-мужуң болушту. Аларга үч жумага чейин шаарга келбесин айтып, айтор, калаанын капканынан араң бошонду. Чөнтөк телефону аны дагы бир ирет токтотту, антпесе болчудай эмес, мунусу талаш чыгарчудай түрү бар, экинчиден, тикеден-тике өзүнө тиешеси бар экен. Арсен Саманчин басма сөз менен теледе коомдун көйгөйлүү маселелери боюнча айткан ой-пикирлерине, айтылган сындарга карата өз көз карашын, далилдүү аргументтерин билдирип келчү, талаш-тартыш болчу. Азыр да ошондой кырдаал түзүлдү. Жеринен болгондо иш башка эле, эми минтип сапар үстүндө, телефон аркылуу пикир алмашууга туура келди. Арга жок, машинасын жол четине токтотту да, «Новый путь» гезитинин башкы редактору Кумаш Байсалов экен, ачык сүйлөштү. Кумаш өз киши, өз дегени ушул, ал экөөнү далайдан бери журналисттик иш байланыштырып келет.

– Эмне мынча шашылыш, Кумаш? – Арсен туталана үн катты. – Мен деген жолдомун, сага айтпадым беле? Кайра келем, ошондо сүйлөшөбүз.

– Арсен, мен сени түшүнүп турам, сени билип кой деп жатам, баягы медиафорумдагы конференцияда сүйлөгөнүң эсиңдеби? Ошол боюнча.

www.bizdin.kg



– Эсимде эмей.

– Эсиңде болсо ошондогу сөзүң боюнча биздин дин кызматкерлери ачык кат менен кайрылышыптыр. Мусулманы да, христианы да, баптисти да, айтор, баары бар. Мен сага айтпадым беле, Арсен,сен дайыма аша чаап, аарынын уюгун козгоп сүйлөйсүң деп. Ошондой болду.

– Аларга эмне жакпай жатыптыр? Башта аларың бирин бири колдомок түгүл кол алышчу эмес эле, эми аларды кайсыл Кудай бир тууган кылып ийиптир?

– Сен да эл алдында Кудайды тандың, Жаратканды да өз «Сөзүңө» көз каранды кылып койдуң. Тигилер ушинтип элге жарыя айтты, Кудайга шек келтирди деп жазышыптыр.

– Бул эмнеси экен? Дөөдүрөшкөн го? Менин сөзүмө көз каранды болуп калса анын эмнеси Жаратткан? Келжирешет!

– Жөн эле билмексен боло бересиңби, Арсен. Сен бүт бардыгын билесиң. Алар сени бул менин байкабай жаңылганым эмес, чындыкты атайылап бурмалап бузганым деп гезит аркылуу кечирим сурасын деп жазып жатышат.

– Чындыкты качан бурмалаптырмын?

– Алматыдагы медиафорумда чыгып сүйлөгөн сөзүңчү?!

– Аа, эстеп жатам. Май айында беле?

– Ооба, майдын аягында, 25инен 27сине чейин...

– Анан эмне болду?

– Угуп тур, алардын катынын негизги жерин сага окуп берейин.

– Окусаң оку.

– Азыр. Телефонуң отуруп калбайбы?

– Кам санаба.

– Анда окуймун, жакшылап ук: «Биз, дүйнө элдеринин жергиликтүү диний борборлорунун өкүлдөрү, белгилүү журналист Арсен Саманчиндин көз карашын талкуулап чыгып, бир пикирге келдик жана ал боюнча өзүбүздүн кеңешип чечкен оюбузду билдиребиз. Анын «Евразия» медиафорумунда Кудайды жамандап сүйлөгөнү бизди өтө наараzы кылды. Ал «Сөздүн» философиясы тарыхтын көчмөн мезгилине таандык, мунун маани-маңызы көчмөн элдердики демиш болуп, ага душмандарча мамиле кылды. Конференция да мындайга жол берди, мунун өзү атеизмден өткөн коркунучтуу көрүнүш». Угуп жатасыңбы?!

– Ооба, угуп жатам, угуп жатам.

– Мындан кийин сенин текстиңди келтиришет. Билесиңби, Арсен, конференцияда чыгып сүйлөгөндөрдү теледен беришкен. Мен окуп берейин, сен мындай деп айтыптырсың, булар шилтеме кылышыптыр: «Азыркы массалык маалымат каражаттарды жер жүзүндөгү теңдешсиз маанисине өзгөчө мамиле жасоо, аны туура түшүнүү керек. Ошондуктан мен доордун калыптанып келе жаткан маалымат мейкиндигине, таасирдүү маанисине,

www.bizdin.kg


анын жоопкерчилигине гана эмес, сөздүн ар тараптуу мааниге эгедер мүмкүндүгү бар экендигине, анын эзелки өтмө маанилик туюнтмаларына, көчмөн мезгилдин ойчулдарынан бизге мураска калгандарына да туура, чындыгын бузбай түшүнүүнү эске алып жатам. Ушул өңүттөн караганда, мен дүйнө диндеринин далилсиз үстөмдүк кылып жаткан жоболорунан алда канча мурда айтылган, көчмөндүк мезгилге чейин эле кыргыз-казак поэзиясынан орун алган бир накыл сөздү келтирейин: «Көк асманда Улуу Сөз бир Кудайды кайтарат да, Ай-Ааламдын сүтүн саап, ошол сүт менен ошол Сөз адамдарды укумдан-тукумга багат. Ошондуктан Сөздөн тышкары, Сөз чегинен сырткары Кудай дагы, Аалам дагы жок, жана да ушул жарык дүйнөдө Сөз күчүнөн ашкан күч да, дагы жалган дүйнөдө Улуу Сөздүн алоо кызыл жалыны менен ашып-ташкан күчүнөн күчтүү жалын да жок. Ошол үчүн адегенде Сөз жаралып, анан ал баарын жараткан. Бул ошо кездеги көчмөн элдин ойчул философтору менен бу дүйнөнү ат жалынан караган төкмө-ырчылардын акылынан жаралган накыл ой».

– Баары туура. Биздин молдолор менен попторго мунун эмнеси жакпай жатыптыр?

– Сенин элге жарыя айтканың. Сенден үзүндү алышып, мындай Кудайды танган, кыжыр кайнаткан нерсени теледен эмне үчүн беришет деп, жалпы маалымат каражаттарына жабышып жатышыптыр. Түшүндүңбү?

– Түшүндүм. Чынын айтканда, мен алардан мындайды күткөн эмесмин. Кеңири ой жүгүртүшөт деп ойлогом. Бирок мен бул маселени жакшы билемин.

– Жакшы. Эми кандай кылабыз?

– Кандай кылсаңар ошондой кылгыла.

– Макул. А бирок, Арсен, сенин жолдо экениңди билип туруп эмне үчүн телефон чалып жатканымды айтып коёюн. Динчилерди биз колдойбуз, талабын аткарабыз, алардын катын биринчи бетке берели деп жатабыз. Туура түшүн. Сен экөөбүз кайра куруудан бери кол кармашып биргебиз, а бирок биз агымдан тышкары калбашыбыз керек, гезитибиз отуруп калат. Акчасын айтып жатам. Түшүнөсүң да. Кыйытып айтып жатышат.

– Түшүнөм, түшүнөм. Силер эле эмес, жакында бүт маданият анын чеңгелинде болот. Кааласа бар кылат, каалабаса жок кылат.

– Демек, сен бизге таарынбайт экенсиң да.

– Кенедей да. Ошондой кыла бергиле, а мен болсо өз пикиримди коргоп алам. Чындык үчүн өзүнүн жолу табылат.

– Болуптур, о'кей! Сен туура түшүн, Арсен. Мындай иш жыргагандан болуп жаткан жок. Буга чейин деле тигил бука моюндарга анча жакпай калган макалаң болду эле го?

– Кайсыл макала?

– Орусия гезитиндегичи.

– А-а, ооба.

www.bizdin.kg



– Анын темасы эле шумдук болчу. «Байлык менен бийликке кутурган иттей жутунуу!» Макала деп ошону айт, таш доорунан биздин күндөргө чейин...

– Ооба. – Арсен Саманчин көңүлкош жооп берди. Ал анткени ошо макала да чагымчылардын тилин буудай кууруткан. Эриксизден ошону ойлоду. Мына эми алар поптор менен молдолорду жумшашыптыр. Муну жасагандардын башында баягы Эрташ Курчал турат да. – Мейли, Кумаш, эске алам. Жөнөйүн, жакшы кал!

– О'кей, Арсен! Мен сага үйрөтмөк белем, эмнеси болсо да тегерегиңде болуп жаткан иштерди байка. Макаланы бере беребиз, башка айла жок, кудайчылар биздин босогобузда турушат.

– Кайдагы кудайчылар, көз боёмочулар!

– Ооба, мен жөн эле... Анда, Арсен, сен жол сырын жакшы билесиң, кайсыл жер өр, каери ылдый, кай жери тик кыялап кетери сага тааныш. Жолуң шыдыр болсун!

– Ыракмат. Жөнөдүм. – Арсен ушинтип жооп берип жатып тигинин кандай мааниде айтканын, жолдонбу, же турмуштан сак бол деп жатабы, – деп бүшүркөй калды.

Андан кийин дагы эки жолу телефон шыңгырады, жайынча экен.

Андан кийин бир гана жолу, машинага май куйганда кармалды, анын үстүнө тоону чырмаган ойрума жолго жакындап калган. Ойрума жол оңой болбогону менен бир чети кыял козгогон романтикалуу жайы бар. Жайы менен курусун, эч нерсеге алагды болбош керек, машинаң ылдамдыгын азайтып ыйлайт. Көз оту жолго кадалган Арсен Саманчин медиафорумда сүйлөгөн сөзү атайы бир тараптуу түшүндүрүлүп берилип жатканы түйшөлтпөй койгон жок. Мындай болорун ал ойлогон да эмес. Анткени ал далай-далай конференцияларда талаш чыгаруучу ойлорду айтып жүрөт, а бирок мындай бет тырмарлык уюшма биринчи ирет болуп жатканы. Атайы ар нерсени эске алып, ойлонуштурулуп жасалган иш. Арсен Саманчин жарым жолдон кайра кайрылбас зарыл иш менен кетип баратат, ойлогонун, жаман болсо да дил тереңинде даярдаганын өзүнөн башка эч бир жан билген эмес, эми минтип өзүнүн маңдайына жазылган жалгыз байлыгы кайра өзүн басмырлаганга, анан да башка бирөөнүн тагдырындагы трагедияга, болгондо да жалгыздык трагедиясына чалмакей чайкоочулук кылганга мээ кара киши үчүн салтанат уюштурганга көнгөн немелер эми минтип жол үстүндө тим койбой сары изине чөп салып артынан түшүп, каратып туруп каралаганга көчүгүнөн түтүн чыкканча шашып жатышат. Ушунчага жетишкен соң, шашпай тур, араб ханзадалары менен ишти бүткөн соң ачыктан-ачык бул кармаштын аягына чыккан оң.

Учуна чыккыс узун жолдо ушинтип кыска, так ойлонду да, өзүн өзү сооротуп, кас адамын, анан өзүн өлтүрүү керек деген кайра жанбас чечимин тезинен аткаруу гана калганын эң туура деп баратты...

www.bizdin.kg



Бу да болсо маңдайга жазылган иш, ал ойлордон арылуу ага тозоктун торундай туюлду. А балким, бул да тагдырдыр?.. Ооба, жол жүргөнүнө төрт сааттай болуп калды, тааныш, бала чактан бери канына сиңген, киндик кан тамган жери көз алдына жакындап, анын ой туман баскан аза бою Туюк-Жар айылынын деминен улам жеңилдей баштады. Бир саат калды, андан соң айылына кирип барат. Ошентсе да ушул азыр, канчалык андан алыстаган сайын, унутула баштаган балалыгына жакындаган сайын эмнегедир улам кайра Айданага жолугууну самап, аны менен баштагыдай эзилише баарлашууну каалап баратты. Анысы аз келгенсип, аны бир-эки күн болсо да Туюк-Жарга өзү менен кошо келсе, сейрек машинага айланып бараткан Арсендин «Нивасына» отуруп алса, ал ага кайда жана эмне үчүн айылына баратканын жол бою божурап айтып берсе деп кыялданды. Эмнеге антти, өзү да биле албады. Анткени ал жолго чыгар алдында негедир ага телефон чалган, анын «алло» деген үнүн уга албасына көзү жетип турса да ошенткен. Жүрөккө жетип бойду алган үндү, бир убакта угуп жатып кайра угууну эңсеген үндү уга албаган. Ошондой болмок, тигиниси азыр супер-тагдырда, супер-шоумендин кареги кадалып бапестелген тагдырда, ал тагдыр, ал турмуш ал экөөнү үн алыштырмак беле! Ошону айтсаң, ал аны менен кыялы менен гана, самандай сапырылган санаасы менен гана сүйлөшө алат. Андан башка ага айтар сөз да, аны көздөй басар жол да жок. Азыр ошентип туру.

... Айдана ийинине ийинин жөлөп, ай нурундай бети тамылжып, бул дүйнөдө бул гана жападан жалгыз бактылуу болуп жанында отурду. Бу дүйнөдө ал гана, Арсен Саманчин да эмес, Арсен Саманчин үчүн ал гана бактылуу болчу. Ал көз кыйыгы менен аны карап келатты, ал чын эле бактылуу да, чын эле сулуу да болчу. Ооба, бу дүйнөгө аял болуп жаралган соң сулуу жана бактылуу болбой койгондор, күйөөсү күндө мээсин жеп, күйөөсү күндө күйгүзүп тургандар, Жаратканды алдагандар, алар өз сулуулугун, өз бактысын табышы керек. Алардын таалайы маңдайында ыйлап турат. А Айа болсо табиятынан сулуу, бою да, дене түзүлүшү да, айтор, сымбаты сыртына чыккан, карлыгач канат кашына жарашкан карагаттай көзү моймолжуп, ар дайыма жылдыздай жанып турчу. Баарынан да Арсенге анын коюу, далысынан ылдый төгүлгөн чачы жакчу. Канча жолу жыттап, канча жолу сылабады. Көздөрү күлүп, жүзүнө кызгылтым нур толкуй калчу. Ал эми үнүчү! Айта көрбө, таң атар алдындагы кулак кескен жымжырттыкта чыккан жылаажын добуш. Жалгыз гана Айага, ооба, жалгыз дүйнөдө жалгыз гана Айага ушундай үн бергени үчүн Кудайга ыракмат айтуу керек. Туурабы, Айа, туура деп койчу! А бирок мен сага түшүнөм, өзүмдү күнөөлөйм, негедир өзүмчө кемсинем... Неге антеримди да билбейм. Балким, сен... Ооба, сен бирде тигинде, бирде мында коюлчу диск катары пайдаланылып, акча тапкыч шылуундардын, шоумендердин колуна түшүп кеттиң да. А мени болсо... айталбайм,

www.bizdin.kg



жалдырак деп жалдыратып жолго таштап кеттиң го.Мунун баарын ыңгайы келгенде кийин айтамын.

– Токто! Сен кайда баратасың? – Рулдагы Арс чочуп кетти, анткени анын жанында Айа жок болчу.

Тууган-урук деген негизинен ушул айылда, бир тууган эжеси, уста жездеси, жээн-таяке, ини-карындаш, эки ата, үч ата өтүшкөн туугандар, айтор, ошолордун баары, айрыкча кан жолду карап, саат, мүнөтүн санап Бектур аганын өзү күтүп отуру. Убакыт деген ошондой, араб ханзадалары беш күндөн кийин, 17-июлда, саат 17де өздөрүнүн менчик самолёту менен Олуя-Атага келет. Ал маселенин бүт бардыгы, кетерине чейин аэропорт кызматы интернет аркылуу макулдашылган. Самолёт жана анын экипажы ушул жерде, Бектур Саманчин айткан «аирпортто» болот, алар үчүн менчик самолёт деген сенин алдагы «Ниваңдай» эле. Кыскасы, Бектур аганын бизнес-планында кыбыр эткендин бүт бардыгы бар. Ушуларды ойлоп баратып кайрадан Айасы жанында отуруп калды. Кызык, ал ушинтип элестеткенди эмнегедир жакшы көрөт.

– Кайда баратасың, Арс? – деп сурады анысы.

– Ой, кечирип кой, Айа, – деди мунусу рулду тегерете. – Мен сага телефон чалып ала албай койбодумбу. О-хо! Сен баягы көйнөгүңдү кийген турбайсыңбы, эсиңдеби, Хайдельбергдин сейилбагы, сага ушунуң аябай жарашат.

– Билем, ошол үчүн сактап жүрөм да. Атайы сен үчүн кийип чыктым, Арс.

– Кайда дейсиң да, көрбөй жатасыңбы, тигил жакка баратабыз. Келгин, тамашасы жок сүйлөшүп алалы, бир нерсе кылыш керек?! – Арсендин үнү башкача чыкты.

– Сүйлөшсө сүйлөшөлү.

– Анда мындай, эстеп койгунуң, ойлонбосоң иш жаман болуп калышы мүмкүн. Сенин жашооңо тиешеси жок, бирок...

– Эмне бирок? Сага тиешелүүбү?

– Мага эле эмес.

– Анда эмне? Айтпайсыңбы?

– Билесиңби, Айа, сен акылдуу, сулуу, күчтүү аялсың. Кудай сага бүт баарын берген, ырдасын деп эч кимде жок үн берген. А бирок сен Кудайдын бул жакшылыгын актап жатасыңбы?! Жок! Азыр сен Бизнес-Кудайды Кудай кылып алгансың, аныңдын аты Эрташ Курчал! Курчал-Мурчал! Каргыш алсын ошону. Ал жөн эле семирген чанач бай эмес, ал деген шоумендин кементайын кийип алган азезил. Ал өзүнө иштебегендерди жеп ийчүдөй жек көрөт. Муруну менен жер казган чочко.

– Койчу, Арс, жолду кара!

– Кабатыр болбо, бүт баары жайында.

– Машинаны кыйын айдаймын деп сен бир жолу мактандың эле.

www.bizdin.kg



– Ошондой болсо ошондой да. Мен оюмду аягына чейин айтайын, сен жакшылап ук. «Байлык менен бийликке кутурган иттей жутунуу» деген макаламдын темасын окуп эле тигил жырткыч менин эмне деп жазганымды тумшугу менен сезиптир. Ал макала Москванын гезитине жарыяланган.

– Мен окуй элекмин. Ал макалада эч кимдин аты аталган эмес деп жүрүшөт го?

– Ооба, мен бирөөнү жаманатты кылайын деген эмесмин. Кептин баары ошо аталбаганында болуп жатпайбы. Сөз негизинен байлыкка ээ болуунун оорусу жана бийликке жетүүнүн кошоматчылыгы жөнүндө болгон. Автордук подтекст ушундай. Бийликти жакшы көргөн адамга баары бир, түз жетүү да, аны сатып алуу да ага бирдей. Бийликке байлык абадай эле керек, ансыз дем алалбай калат, мен ушуну айткам. Азыр адам турмушу ушундай. Бийлик менен байлык бири-бирисиз жашай албайт, ал экөө бирин бири колдойт, бирин бири таяныч кылат, кимдир бирөө анын убайын көрөт, кимдир бирөө каргышын айтып кара жерди жазданат. Байлык аркылуу бийликке кызыл көз болуп кызыккандар, тескерисинче, бийликке жетип байлык деп башын ооруткандардын тилек-мүдөөсү ар кандай жол менен аткарылат. Ал эми тигил, биздин тигил немебиз менин макаламда өзүнүн көралбастыгы, кастык мамилесинин маани-маңызы ачык айтылып жаткандыгын дароо эле сезди. Башы бар көк мээ да.

– Ой, Арс, антпечи, сени дайыма эле лекция окутуп койсо... Андан көрү жолду кара.

– Коркпой эле кой. Сен жакында байлык менен бийликтин жаралганда эле жаны бир, бири-бирисиз жашай албаган эгиздер экенин көрүп көзүң ачылат.

– Сен эмне, дагы эле социализм деп жатасыңбы? Аны да көрбөдүк беле?

– Кеп ал жөнүндө эмес.

– Анан эмне жөнүндө?

– Сен экөөбүз базар Кудайына сыйынып, анын курмандыгы болуп калдык. Туурабы?

– Ооба, бүт баарын сен гана билесиң! Кыйнаба мени...

– Эмне унчукпай калдың? Капа болуп жатасыңбы?

– Ооба! Токтот машинаны! Болбосо секирип кетем. Болду! Мени тим эле жабышып калды деп ойлойсуңбу?! Сен бүт баарын билесиң. Менин жандүйнөмө канжар сайганыңды токтоткун. Айлам жок ушуга барганымды түшүнөсүң, карыган ата-энем жадегенде пенсия алышпайт. Жалгыз кызымды алар багып жатышат. Муну да жакшы билесиң. Кызымды башкаларга бергим келбейт, өзүмдүн болсо убактым жок, керээлден-кечке жиндилерче тытынып эстрадада жүрөм. Сен мага боор ооруп жатканың-

www.bizdin.kg



ды да билем. Кызкайып үчүн дагы эле күйүп, дагы эле кайгырып жүргөнүңдү түшүнөм. А бирок сен бу дүйнөдө жалгыз калган идеячыл болсоң мен эмне кылайын?! Жок, бизде эч нерсе жок!..

– Эмне жок. Сен эмнени айтып жатасың?

– Мындан ары көрүшпөйбүз, мен ошону айтып жатамын.

– Эмне үчүн көрүшпөйбүз?

– Сенин оюңча мен ошондой туругу жок болоюн, аны сага түшүндүрүп беремин. Сөз жүзүндө башка, иш жүзүндө башка болгон турмуш деп өзүң деле күйүп-бышып жүрөсүң го. Ооба, ошондой. Сен жалгызсың, а тигинин бизнес-гареми бар, мен аерде жалгыз эмесмин, мендейлер толуп жатат, жүгүрүп жетпей жүргөндөр канча, акча, акча жүгүртүп, акча жүгүнтүп жатат. Эстрадалар менен «Лимузиндердин» ээси сага жакпайт, көрө да албайсың. Андан эмне чыкты? Аны мурда эч ким билчү эмес, азырчы! Азыр баары тааныйт, бүт бардыгы колунда. Ооматы ооп турат, түшүндүңбү. Бүттү анда!

– Ооба, бардыгы бүттү, Айдана. Бүт баары сен айткандай. А бирок мен ага баш ийип бербейм, ойлобой эле койсун. Жакында сен бир нерсени билесиң, мен ошол үчүн жолдо баратам. Эмне болду? Сен кайда? Кайгырбай эле кой, сенде күнөө жок... Акча Кудайы болуп калган базар мезгили күнөөлүү. Эй, сен кайда? Кайдасың, Айа?..

Айдана кайып болгондой жок. Жанында жанаша отурган, а бул болсо ар нерсени айтып келаткан, а бирок жолдон көзүн алган эмес. Караса эле жок, машинадан секирип кеттиби? Көз ирмемде бар эле да, көз ирмемде жок калды. «Нивасын» токтото коюп, сыртка чыкты да, жолду карады, жан көрүнбөйт. Анан ал ошо замат баятан бери анын элеси менен сүйлөшүп келатканын шак эстеп, алаканы менен чекесин чаап жиберди, жылмая жыргап да алды. Ошентип кайрадан жол улады. Өзүнөн өзү эле акылдан ажырап, дал Кемчонтойдун өзү болуп, жок киши менен бар кишидей сүйлөшүп келатканына айран-таң калды. Ооба, дил-оюнда ал өзү эки адамга айланып, дегеле ага мурда болбогондой мамиле жасап, баарлашып жатканы кызык болду. А балким, аны маң кылган махабат дарты менен кекиртегин кесе муунткан ыза-кусалыктын күн көргөзбөс күйүтү күчөй берип, акыл жөөлүтмө оорусуна башын байлап салгандыр. Айтор, ал аягы жок, башы жок, чеги менен чети жок мейкиндикти жара тилген жол үстүндө кете берди. Жанагыл элестетип сүйлөшүүлөр дилинде ойлонгону болсо да акылга сыйбас иш болчу, а бирок аны өзүнөн башка бир да жан билбегендиги Арсендин абийирин сактап калды. Ошонусу жакшы болду. Сөз бекер айтылбастыр, бу дүйнөдө элдешпей кек сактагандар тигил дүйнөдө бирин бири кечиришип, кыйбастардай кучакташып табышат деп жүрүшпөйбү, балким...

Ошентип, Арсен Саманчин киндик каны тамган айылына жакындап калган эле. Туюк-Жардын өндүрү өр тартып отуруп тоолорго кетет, а

www.bizdin.kg



айыл болсо ана, чатырлары шиферленип жабылган тааныш үйлөр, короолордун тосмолорунан бери көз кусасын кандырып, аны тосуп чыккандай ага жабыла жакындап келет. Толкунданып кубанып алды, кубанганда да жана жол бою жанын жанчыган баш тегеретме ойлордон кутулуп, анын баарын бир көргөн түштөй унутуп, көңүлү көгүчкөн канатындай шаттанып, дене-бою агарып аткан таң болуп келе жатты. Анткени ал жарым жылдан бери бул жерге келе элек эле. Колунда Кокон базары болбосо да, аны айыл сыйлайт, ошол үчүн жолдогу кыштактан май куюп, машинасын камбылдап алган.

Жол карап күтүп жатышкан. Ал короого кире бергенде эжеси Кадича менен жездеси Ормон көрө калып, алдынан тосуп чыгышты да, ай-буйга келбей кучакташып, ал-жай сурашып учурашты, уста жездесинен кызытылган темир менен дөөшү жыттанып турду. Эжеси байкуш жетине албай эркегенден ыйлап да жиберди, анысынан да ит сатат деп ичинен түтөп намыстанган Ардакты, анын бала-чакасынан бери эбедейи эзилип сурап жиберди. Айтор, туугандары аны агынан жарылып тосуп алышты, анткени араб ханзадалары менен тартынбай сүйлөшө турган тилмеч Арсен экенин бүт баары билип алышыптыр. Мына, баарынан чый-пыйы чыга уйку качыра күткөн Бектур ага арадан беш мүнөт өтүп-өтпөй өзү келди, антпесе болорбу, Арсенсиз анын колу чолок, тили жок болмогу турган иш го. Ошол үчүн минген атын ойдолотуп келип туру.

– Ой, Арсен, – деди каргылданган үнү менен, – сени аябай күтүп, эртеден кечке жол карап отурбадымбы, убагында келип калганың жакшы болду. Иш сүйлөшкөн боюнча жүрүп жатат, баары даяр. Меймандардан факс келиптир, мынакей, окуп чыгып которуп бересиң да, бүгүн эс ал, жол басып келдиң. Эртең башка да жумуш толтура.

Эжеси дасторконун белендеп турган экен, чайга отурушту да, аны-муну акылдашып сүйлөштү. Ал ортодо кошуналар да учурашканы баш бакты. Балдар болсо жүгүрүп келип, «Ниваны» тегеректеп жүрүшөт. Ушу арада күтпөгөн да иш болду, Таштанафган деген классташы менен ойдо жок жерден көрүшүп, чер жазыша сүйлөштү. Анын чыныгы аты Таштанбек, армияга чакырылып, анан ошондон ары толук үч жыл Ооган согушунда болот, жеңил жараланат да, төшүнө орден тагынып, айылына алты саны аман келген. Ушундан улам айылдаштары аны Таштанафган, а үйүндөгүлөр болсо кыска гана Ташафган – жаны таштан жасалган деп эркелетип атап алышкан. Ооба, тоолук кыргыздардын турмушунда ат коюунун өзүнчө кызык салты бар. Темирбек, Темиркан, Темиркул деген аттар кеңири тараган, анда баланын жаны темирдей бек болсун, оорусыркоо, жамандыктын алы жетпесин деген түшүнүк бар. Жаңы төрөлгөн балдарга ата-энелери күчтүү, чымыр чоңойсун деп ырымдап, тилек тилеп, ишеним байлап берилген аттар чын эле ошондой болот, алардын тагдыр-турмушуна белги-таасирин берет. Таштанбектин тагдыры да ошон-

www.bizdin.kg



дой болду, дени сак, чымыр чоңойду, кийин балтыры каткан боз улан кезинде айылдагы балбандар менен күч сынашып жүрдү, андан Ооганстандын киши баспаган тоолорунда согушту, алтын башы аман келди, эли-журту, тели-теңтушу дегендер анын эсен-соо кайтканына сүйүнүшүп, Таштанафган атап алышты, бир чети тагдырга ыраазылык болсо, экинчиден, анын өзүн сыйлап эркелеткендик, жакшы көргөндүк. Мунун тарыхы ушундай.

Арсен Саманчин экөө ары айылдаш, ары бир уруудан, классташ, айтор, балалыгы бир, ынак достор. Кийин алардын жолу бөлүнүп кетти, Арсендин студенттик жылдары Москва менен Ленинградда өттү, андан ары аны турмуш биротоло шаардык кылып салды. Таштанафгандын тагдыры андай болгон жок, оболу облустун борборундагы айыл чарба техникумунун агрономдук адистигин бүтүп жатканда аскерге чакырылды, жөө аскерлер бөлүгү менен Ооган согушун башынан кечирди, Горбачёвдун мезгилиндеги аскерлерди чыгаруу кезинде, Кудайга шүгүр эли менен эсендикте көрүштү. Колхоздо иштейин деп жатканда демократиялык реформа дегени жолдон чыгып, жер менчиктештирүүсүн жапырт жүргүзүп ийди. Ошондон бери Таштанафган эл катары өзүнө тийген үлүшүнүн аркасы менен өлбөстүн күнүн байлык көрүп жашоодо.

Арсен Саманчин классташы жөнүндө мурда минтип эстечи эмес, азыр неге ойлоп отуру? Бүт бардыгы эжесинин сөзүнөн чыккан. Инисинин келгенине жетине албай, анын үстүнө айылдагылар бул мертебе аны кандай күтүп жаткандыгын жан-алы калбай сүйүнө айткан:

– Сени жакындардын бардыгы күтүп жатышат, келдиби деген эле киши. Таштанафганды билесиң да, чогуу окубадыңар беле, ошо сени үч жолу келип сурады.

Ушинткен, айтор, аны асмандан түшкөндөй эле күтүп алышты. Бирде тигиниси менен, бирде мунусу менен сүйлөшүп, сурагандарына жооп берип, ал-жай сурашып дегендей жаны тынган жок. Бектур ага менен кошуналардан башка айылдаштары аны баштагыдай эле байке дебей, кызыгың кургур шеф деп калышыптыр. Ага бул дагы майдай жакты, а бирок анысын сыртына чыгарып, билгизген жок. Билбегени жок бизнес дегениң бу жерге да өзүн таанытып, кандай мамиле кылышты үйрөтө баштаптыр. Ооба, бүт дүйнөдө ушундай, ар бир бизнестин өзүнүн шефи болууга тийиш. Ошондо Таштанафган Бектур шефтен кийин учурашканы келген. Айткандарына караганда, булардын көрүшө элегине мына эки жылдын жүзү болуптур, сагыныша кучакташып, сагыныша акыбал сурашты. Таштанафган шондо мындай деди:

– Шаарда силердин ар бириңердин телефонуңар бар, каалаган кезде сүйлөшө бересиңер. А биз телефон дегенди көрө да элекпиз, анын болоруна да ишенбейбиз. Дагы жакшы, Арсен, айылда электрдин болгону, Совет мезгилинде тартылган, ошол күн көргөзүп жатат. Жанагы чөнтөк

www.bizdin.kg


телефон дегени шефтин өзүндө гана, анан эки жардамчысында да бар. Сен аларды билесиң, Бөрүбай менен Жанарбекти, мектепке чогуу барчу элек го?

– Билем, аларды кантип билбей калайын, – деди Арсен ага жылмая. – Ушу чөнтөк телефону да кеп бекен, араб ханзадаларын мергенчиликке алып чыгып кумарга батырсак, анда олжого тундук дей бергин. Шеф Бектур ага экөөбүз бул ишти ийне-жибине чейин сүйлөшкөнбүз. Ошондо а киши барс айдакчыларынын башчысы деп сени айткан. Иш татаал, таштан-ташка секирип, аскаларга чыгыш керек. Барсыңдын башы жарылып, жүрөгү түшкүдөй ач айкырык салуу зарыл. Андай сапат, андай үн сенде бар. Ооган-дан топтогон тажрыйбаң мына ушу жерге керек. Бектур ага өткөндө сени оозунан түшүргөн жок, демек, маянаңа телефон эле эмес, самолёт сатып алсаң да жетет. Айтор, барстар бутага түшүп, кароолго илинсе эле болгону.

– Аны көрөбүз, – деди Таштанафган ийинин арсар куушуруп. – Кандай болор экен? Сүйлөшөбүз да. Бирок, Арсен, кандай болгон күндө да бу мөңгү барстары биздеги өтө сейрек жаныбарлар. Ушулар жөнүндөгү жомокторду угуп чоңойбодукпу. А чөнтөк телефонуң шаарларда кап-кап болуп турса керек.

– Сеники чын. – Арсен ага ичинен ийип макул болду. – Азыр алар бизге жомок эмес, өзүң көрүп жаткандай эл аралык чоң бизнес. Ошон үчүн барстарды араб мергендерге өзүң айдап келгени жатпайсыңбы.

– Чоң бизнеси чоң бизнес дечи.

– Шеф Бектур ага силерди беш адам деген. Аларга сени бригадир өңдүү баш-көз болот, алардын ар биринин алдында аты бар деп айткан. Ат үчүн да төлөнөт.

– Ал туура дечи. Бешөөбүздүн тең аттарыбыз тың. Алар аткарар иштер аз эле, илбирс менен барс жүргөн жерлерге ат жаныбар барчубу. Ас-карын ак кар, жапсарын көк муз баскан тоолордо жөө-жалаңдап, өңүттөн-өңүт кубалап, шырп алдырбай, жыт бербей жүрүү керек. Ошентсе да аттар пайдаланылат, алар үчүн жарытпаган эле акы төлөгөнү жатат. Бизнес бизнес болгондон кийин үзөңгү боо үчүн да төлөнүш керек. Мейли эми, эртеге чейин. О'кей!

– О'кей!

Таштанафган короодон чыгып баратып, унутканы эми эсине түшкөнсүп ойлоно токтой калды да, анан кайра бурулуп:

– Арсен, бир мүнөткө токтой тур, – деди.

– Ии, унутканың эми эсиңе түштүбү? Кулак сенде.

– Мындай туралы, Арсен. Сен биздин өз кишибизсиң, бүт баарыбыз ушул жерде төрөлүп, ушул жерде эр жеттик. Жат адамга жаткан ташын бербейбиз. Арабдарга эмне, биздин тоолорго келип көңүл ачып сайрандап кете берет. А биз ошону ойлонушубуз керек. Жанагы сен айткан бешөөбүз сени менен отуруп сүйлөшөлү дегенбиз. Мындай учур болбостур. Айтмакчы,

www.bizdin.kg



шефтин тапшырмасы боюнча сага ат даярдап койгонбуз. Араб ханзадаларынын жанында дайыма жүрөсүң, аяк-биякка чапкылап каласың дегендей. Айтор, сага ат мыктысын камдадык, ээр-токумун да ойдогудай тандадык. Шефтин сөзү эки болмогу жок. Ошону барып көргүнүң, минип алып ары-бери бастыргын, анан чай үстүндө сырдашалы.

– Макул, Таштанафган, барайын, бүт бардыгы сен айткандай болсун. Бирок качан? Убакыт табыш керек экен, бизнес-план боюнча жылчык табылар бекен? Шеф менен кеңешиш керек экен.

– Мен дагы ошону айтып жатамын, азыр биз бизнес-план менен гана жашап калдык. Бүгүн 12си, арабдар 17синде келет. Эртең сүйлөшсөк кандай болот? Андан кийин кол-жолубуз бош болбойт. Тоого чыгып келели, ойноп эмес, жер чалгындайлы, өңүт кайда, куугун кайдан болот, ошону акылдашалы. Атаңкөрү десең, болгону атабыз таанымак турсун бир көрбөгөн эки араб келе жатат, а биз болсо бүт айылыбыз менен кымгуут түшүп даярданып жатабыз. Күлө турган киши жок, ой тобо.

– Бизнес-план ошондой да.

– Ошондою ошондой экен. Ансыз кыймылдаганга да, өлгөнгө да мүмкүн эмес, капырай. Мейли эмесе, бешөөбүз сени күтөбүз. Ай, ата, дагы унутуп бараткан экенмин, алар мал баккан жигиттер, сени менен жолуксак деп көздөрү төрт болуп отурушат.

– Жолугайын. Шеф менен макулдашайын.

– Ошент, бирок кечеңдетпегин, классташтарым менен деп айт. Ичмейжемей деген бу жолу болбойт, аны башка жолу жасайбыз, беш куугунчу тигилерге ушинтип айттык. Иш маанилүү эмеспи.

– Убара чекпе, Таштанафган, мен деле ичкиликке жокмун, – деди жай гана. Анан анын баягыл шайтандары азгырып, жанында эле «Евразия» деген ресторанда бир стаканга кырынан куюлган арак ичкенин мактана айтып жибере жаздады да, а анын не себептен болгону ошо замат мээсине тикенектей сайылып, жаагын жап кылды. – Бир мектепте окубадыкпы, чогула турган, сүйлөшө турган жайыбыз бар.

– Ошондон айтып жатам да, Арсен, болбосо... Не болсо да беш айдакчыны билип кой. Саксаңды тааныйсың да, чогуу окуганбыз, мурда мугалим болчу, эсиңдедир, биз аны Саксагай деп жинине тийчү эмес белек. Педокуу жайын бүтүргөн, дене тарбиядан сабак берчү.

– Ооба, ооба. Кантип билбей калайын.

– Ошо биздин Саксагай азыр жылкычы, мугалимдин акчасы менен жан багуу кыйын эмеспи. Айла жоктон ошентти.

Ушу саам Саманчинден эмнегедир сөз качты.

– Саксаңдай адам болорбу, тагдыр карабай койду аны. Болбосо... Эки жылдай чааралекей канар сумка көтөрүп, соода да кылды. Иши жүрүшпөдү. Кел, көчүк басалычы, сага Саксаң жөнүндө шашпай айтып берейин.

– Отурса отуралы. Анан?..

www.bizdin.kg



– Саксаң оңой тагдырга кабылган жок. Бала окутту, товарга жону жооруду, айтор, тагдырдын кеги бар белем, кабыргасынан түтөп отуруп калды. Анан жылкы багып кетти. Ошо турмушунан айтылган бир укмуштуу кеби бар. Айтууга кыйын, айткан күндө да өзүндөй болбос.

– Ал эмне деген сөз?

– Бул жердегилер ага анча деле маани беришпейт. Анткендиги биз деген башкалардын ишин жасап, отун жагып жүрбөйбүзбү. Антпейин десең элден чыгып каласың, очогуңдан от өчөт.

– Түшүнбөй турам, ачык сүйлөп, так түшүнтчү, байболгур. – Арсен тигинин табышмак сөзүн билгиси келди.

Ташафган сөз жоготкон адамдай карайлай калып үн катты:

– Көрсооданын айынан барбаган жери жок окшойт. Андайларды бу тагдыр үмүтүнөн жетелеп, каалаган жерге алпарат тура. Ал ошо куу турмуштун айынан кулдай куурап жүрүп уккан окшойт. Араб өлкөлөрүн, жанагы мунай Кудайы болгондорду, бейиште жашаган Эмират, Сауд дегендерди желмогузундай жек көрөт. Саксаңдын айтканына караганда бу өлкөлөр мунайзаттын арам тамактары, Кудайдын бекер байлыгынын баасын атайы көтөрүп, ошонун эсебинен кутуруп жатышат. Анын ою боюнча арабдар адам эмес, жер канын соргон жезиттер.

– Ооба, ошондой дечи. – Арсен Саманчин салабаттуу үн катты. – Бул баарына белгилүү, бүтдүйнөлүк кырдаал. Мунай долларларынын ооматы октой учуп, асманды тээп жатпайбы.

– Аның туура дечи. Араб байларын айтат. Биз укпаган, биз билбеген, түшүбүзгө да кирбеген иштерди жасайт экен. Дүйнөдөгү эң кымбат машиналардын жарышын Сахаранын кумунда уюштурушат имиш.

– Сахаранын?! – Арсен Саманчин уккан эмес окшойт, аны таңдана тиктеди. – Кудай ургурлар десе, мындайды билчү эмесмин. Тоолордо коркунучтуу жолдор менен жарыш уюштуруп, тамашага баткандар бар эмеспи, ал эми эшилген кумда андан да кызык болсо керек.

– Ошол эле болсо мейли го. Элестетип көрсөң, Арсен, буларды Саксагай өз көзү менен, жана да телевизордон көргөндөрү боюнча айтып берген. Анын сөзүн укканда оозубуз ачылып, көзүбүз чанагынан чыгып кете жаздаган. Жарыштырган машиналары кандай дейсиң, ооба, тигинин айтканына караганда андайлар бизде жок, чөнтөгүбүз түгүл баштыгыбыз да жетпейт, шефтики да алардын жанында кол араба болуп калат дейт, бул жипти деле Эмираттарданбы, Кувейттенби, айтор, ошо жактан айдап келишкен деп жүрүшөт. Жанагы супер жип жарышка түшкөн айдоочулар машыгып бүткөн немелер дешет. Бархан-сархандардан өтүп, кум чокулардан секирип, айтор, машинаң жаны ачыган адамча боздоп ыйлайт экен. Кум жиреген машиналар алиги океандын толкунун алакандай тактай менен ойкуп-кайкып жиреп жүрүшпөйбү, ошондой дейт. Ошо шайкелеңдеткен тактайды эмне дечү эле?

www.bizdin.kg



– Албы?.. Серфинг болсо керек эле. Англисче айтылган сөз, мааниси деле жок. Анан?..

– Ошо шайтандай ойноктогон тактайга туруп алгандай болуп кум сапыра жарышышат. Ар бир жиптин жөнөгөн жери, жетер марасы өз-өзүнчө болот дейт. Марага акыркы болуп келгенди каражолтой, жолу катуу катары санашып, аны жок кылышат экен. Андагылардын бардыгы чогулуп, бензин чачып өрттөп салышат деди. Машина күйүп бүткөнчө ырдап, бийлеп, «каражолтой каскакты жок кылдык, ишибиз илгерилейт» дешип көңүл ачышып, шампан аттырышып куунашып, кыларга иши жок, бекерчиликте жүрүп байлыкка көмүлгөн арбак ургурлар ошентип сайрандашат экен. Акчага чиренген иттер да, эртеси кайра жаңысын сатып алышат дейт. Алар үчүн андай жиптин акчасы акча эмес, бекер жатып эригип машинасын өрттөп, кумарга батып, черин жазып алды да. Ошол ыракат экен. Карабайсыңбы, бир мезгилде бул акмактар ошол кумдуу чөлдөрдө төө минип, Кудай сактай көр, сөөгүм кумда калбасын деп барса келбестен Жаратканга жалынып араң жүрүшкөн көчмөн арабдардын тукуму экенин унутуп отурушат. Адам сыпатынан кеткен макоолор.

Арсен Саманчин нес боло акыл жоготту. Чекесине исириктеп чыккан терин жай сүрттү.

– Ошондой бекен? – Шалкы бош үн катты. – Андай болсо аларың акмак экен, көңүл ачуусу ошол болсо... Кылымдан-кылым Кудай деп, өлбөстүн күнүн көрүп. Ошо кумду кечип тиргилигин өткөргөндөр эми минтип Теңирге жакпас иш кылабы?

– Ошону айтпайсыңбы?! Жер алдынан суудай агып чыгып жаткан акчадан улам көөп жатышат. Бу дүйнөнүн жалган-чынын ажыратар адам жок. Бирөөлөр тигинтип эрмек үчүн машина өрттөп көңүл ачып жатышса, башкалар, мисалы, мына бизге окшогондор мектепке барар балдарына бут кийим сатып бере албай томсоруп отурушат.

– Мен түшүнөм. – Арсен Саманчин аргасы качкан айыптуудай сүйлөдү. Анан кантмек, жанагы кыларга кылдай иши жоктор тигинтип тамаша үчүн «Жиптерди» өрттөп жыргап жатышса, башкалар минтип балдарына бут кийим сатып бералбай, алардын жалдыраган көздөрүн тике карай албай жер менен жер болуп жүрүшсө, турмуштун ушу карама-каршы көрүнүшү анын дилине канжар сайып, колунда жалгыз баласы коргошун окко учкандай кылды. Ырас, ал мындай сүйлөшүүнүн болорун күткөн эмес, кирди-чыкты сөздөр айтылат деген. Кыжыры кылыч миз болуп жаалданып алган Ташафганды жубатуу үчүн мындай деди:

– Болбогонго зээн кейитип, ачууланбагын, дос. Сени түшүнүп турам, аларга да кези келет, жасагандарынын жазасын алат. Жашоонун өз мыйзамы бар.

– Ооба, а мен ага капаланбайм. Уккан сөз, ошону гана сага айттым. А бирок Саксагай айтса чыдап угуш эң кыйын, кыжыры кайнап, кайың

www.bizdin.kg



ыйлап, тал сыздап, таш жарылып, суу күйүп жаткандай айтат. Карөзгөйлүктү жек көрөт, дили таза, пейили ак. Биз аны түшүнөбүз, жашырганда эмне, араң жубатып, жүз грамм алып беребиз.

– Туура, бирок андай нерсеге көп деле көңүл бөлбөш керек. – Арсен аны далыга таптап койду. – Ал жактагы адамдардын байы бай, а бирок алар мен билгени биздей эле. Жанагы Кудайын тааныбагандар өздөрүнчө топтошуп кесири башын жээр иш жасап жатышса керек. Андайлардын сурагын Кудай өзү берер, а бизге келчүлөрдөн пайда көрөбүз. Алар олжолуу болсо, биз да бирдеме алабыз.

– Андай болсо мейли, биздин шеф иштин көзүн көргөн адам. Мына, баарыбызга бизнес-артелди ошо киши уюштурду. Мергенчилик иштин ооматы шамалдай болот, кармасаң кармадың, болбосо жок. Көрө жатарбыз.

Арсен Саманчин анын оюн иле калды да, ошо замат ага тамаша кошту:

– Кудай бизге ушу мөңгү барстарын бергенине ыраазы болуу керек. Алар бизде жок болсо мергенчилик да болмок эмес. Бектур аганын контракттары кайдан түзүлөт эле?..

– Ошо да, – деди ал. Эмнегедир добушу да, турпаты да олуттуу боло. – Биз барстарды саткан болуп жатпайбызбы! Андан башка эмне кылмак элек? Алар менен контракт да түзө албайсың.

– Катырдың! – Арсен Саманчин кырдаалды оңдоюн деп күлдү. – Барстар менен контракт түзөт дегенди биринчи угуп отурушум. Сөзүңө баракелде, өзүңө ыракмат. Эми эс алалы, мейлиби? О'кей?

– О'кей! Сени бир азга кармап койдум окшойт. Күн да кечтеп калыптыр, эс ал. Эртең жолугабыз, эч эсиңден чыгарба, макулбу? Сен мине турган атты ала келебиз.

– Жакшы, Ташафган, жакшы. Билесиңби, мага айтып аткан ат көргөзүүнү шаардыктар ат таанытымы болот деп коюшат.

– Ой, сен эң туура айттың. Ат таанытымы! Шефке ошентип эле айталы. – Анан ал коштошуп жатып минтип койду: – Ат го бар, а сенин өтүгүң барбы? Ат миниш үчүн атка жарашкан өтүк да болушу керек. Жок болсо ачык айткының, татыктуусун тандап жүрүп табабыз.

– Кам санаба, баатыр, эски өтүгүмдү ала келгем.

* * *

Ушуну менен бу күн да өмүрүн таштап баратат. Талыкшыткан жол азабы аны жаздыкка тартып турганда шефтин өзү – Бектур ага телефон чалып калды. Жана унутса керек, араб ханзадалары келери менен улуу тоонун этегиндеги Дасторкон өтөгүндө өргүй тургандыгын билдирди. Туура, жылдызы жерге төгүлгөн, айдын нуру ак жибек болгон бу кере-

www.bizdin.kg



мет жаратылыш койнуна мындай даражалуу меймандарга эс алар жай ырастоо кыйын иш. Ошон үчүн эртең, майда-барат иштерди бүтүрмөккө түштөн кийин жолугушмак болду. Анан үч күндөн кийин араб мергенчимеймандарын Олуя-Ата аэропортунан кантип тосуп алуу маселеси талкууланмак. Ошондон баштап Арсен Саманчиндин ким экендиги билинмек, келери кандай, дегени эмне, жакканы кайсыл, айтор, күнү-түн дебей бул жердегилер кыргыз араб ханзадасынын көзүн карап калышмак. Анан да мергенчилик деген өзүнчө дечи, атат, кетет, а бирок аларың кандай адамдар, кыял-мүнөзүн, мамиле-жосунун ким билип коюптур... Айранга талкан чалгандай иш эмес. Бүт бардыгы Арсенден гана башталат.

Канткен менен Арсен Саманчин өз милдетин ак аткармак, ага жандилин берип койгон. Ошо телефондон кийин ал жаздыкка башын койду, кирпик кагардын алдында эмнегедир жанагыл Ташафгандын айткандарын кылт эстеп ийди. Эмнеге ал мынчалык туталанып алган? Ага кереги барбы? Кызык экен...

Жай бышкан кездин ал күнүнүн ошо маалында улуу тоолордун коюнколтугуна кирген кара буурул жылан чаар түн карайгандан карайып, күн нуруна күлүп турчу капчыгайларды өтөк өйдө жутуп барат. Түн уюган сайын тоо тулаңын чыйрыктырган жай суугу кыштагыдай күчөөдө. Тоо турмушу таң күтүп, тиргилигин токтотуп өлүк түндүн койнунда өлүк сымал тунжурап жатат. Бул жердин жашоо-жазмышы жаралгандан ушундай, көз жашындай мөлтүрөгөн көк асмандын чачылган мончогундай жылдыздар магдыраган тоолорду кытыгылагысы келип, аларга барган сайын жакындап келет, ак шайы кийген булуттар да кыл чокуларды аяр сылай, жай каалгыйт, ак бермет шуру-көбүгүн жээгине чачкан тоо суусу баш көтөрүп көз ачалбаган жымжырттыктын кучагында эркелеп жатты.

Ушул саат, ушул жакта, өлүмдүн жолу башталган Үзөңгүлөш ашуусунун алдында, суук тумшук жек көрүндү болгон кайран Жаабарстын каңырыгы түтөп, кара башын кайда катарын билбей, таман тилер корумдан өтүп, дилыйын ыйлай сооротуп, кумурсканын изиндей үмүтүнө таянып, дагы бир жолу дагы бир түнгө калуу үчүн жатар жай издеп жүргөн. Анткени анын ашмагы дагы бир жолу азабын колуна карматып койду. Жол берер жай капортосунан ооп барат, ал болсо жок болот да, кайра келет, кайрадан жанын оозуна тиштеп, бу ажалдай ашууну ашып кеталбай кетет. Өлүмдөн башка токтотпос кармаштын аягы бу жолу да эртеңкиге калды. Шамал өткүс чер токойдогу куштардын түнү бою үн алышып чыкканы негедир ага жаккан жок, түлкүгө да ошондой болду белем, тигилерди жактырбай күңкүлдөп тилдеп жаткансыды. Баарынан да Жаабарска буга чейин күндүзү да, түнкүсүн да угулбаган адамдардын тээ алыстан үзүл-кесил чыккан бир башкача добуштары азабоюна тикенектей сайылып жаткансыды. Кайдан келишти? Башталышы да, аягы да жок түбү тешик бу дүйнөнүн түндү күн, күндү түн кубалаган жашоосунда таш тагдырдын

www.bizdin.kg


айынан ушул тоолорду кайгуулдап кезип жүргөн кайындалган Кызкайып менен Жаабарстын билери болуп билсечи. Сүйгөнүн күйүп издеген Кызкайып ушу азыр кайда болду экен? «Кайдасың сен, кайдасың сен, каралдым? Үн катып койчу, үн катып койчу мен үчүн. Мен Кызкайып – кайындалган колуктуң. Кайдасың сен, кайдасың деп, какшап жүрөм чакырып, сен деп чуркап, сен деп жетпей баратам. Сансыз таңды сыздап ыйлап атырып. Кайдасың сен, кайдасың сен, каралдым». Кызкайып бул мертебе жаны чыгып бараткансып кыңкыстап онтоп боздоду: «Эми кандай күн келет да, эми кандай түн болот, ай?! Эми кандай түн келет да, эми кандай күн болот, ай?! Күн акырын алдын-ала туйгансып ал эмнеден коркту экен?..»

Жаабарс Кызкайыптын армандуу куса-күйүтүнө, безбелдектей безилдеп корконуна чыдабай ордунан турду да, жойкун из менен башка жакка баш уруп кетти. Кызкайыптын муң-арман кусасына, алда не сезип сыздаганына анын кандай тиешеси бар эле? Бир Кудай өзү билбесе...

## VII

Босого бойлоп турган алаамат бир Кудайдын өзүнө эле эмес, бу жалгандагы кимдир бирөөгө кыйыр болсо да, аян-белги аркылуу ишарат берет тура. Чети менен чеги жок кара жердин бир капталынан башка бир капталына – Кызкайып жашаган аймакка келип, Туюк-Жардын тоолорундагы барстарга мергенчилик кылууга кумар арткандар бар экен.

Арсен Саманчин ошо таңда эрте турду да, сакал-мурутун алып, кузгун жашындай мезгил кызмат кылган жуунгучтан жуунду. Эжеси анын таза сүлгү менен аарчынганды жакшы көрөрүн билчү, ошондой болду, айтор, анын көңүлү көтөрүңкү. Эртең менен сыртка чыгып, күнөстөп отурайын деп терезеден сыртты караган, аба ырайын айта көрбө, мээлүүн жели ме-мелеп, туулган жеринин жытын алып келген, чайыттай асман калкалап турган тоо кыркалары сүрөтчүнүн сүрөтчүсү тартып бере алгыс абалда шаңкайып турган экен. Мөңгү барстары ушундай гана жерде болот. Аңгычакты чөнтөк телефону ыйлап ийди. Болду-болбоду шеф Бектур ага, кечээги сөздү уланта талкуулайын деп жатса керек дегиче телефондон таптаза англис тилинде сүйлөгөн үн угулду. Тоо койнунда англисче эли мынчалык суудай билген адам жок эле, кайдан чыкты?

Үн жандуу, угумдуу экен, тартынбай сүйлөшсө болот.

– Ак таңыңыз кут берсин! Жаңылбасам сиздерде азыр таңкы убак го? Кечиресиз, сиз Арсен Саманчин мырзасызбы?

– Ооба, ооба! А сиз кимсиз, кечирип коюңуз, кайдан чалып жатасыз?

– А-а, менби, мен кайсы бир жагынан сизге кесиптеш болуп кетем, Хасан ханзаданын эл аралык байланыш кызматынын басма сөз катчысымын, атым – Роберт, жөн айткандай Боб Лукас. Таанышып алалы.

www.bizdin.kg



Англис тилин суудай билет экенсиз, сиздердин эл менен сүйлөшкөндө өзүңүз тилмеч болуп бериңиз, анткени биз силердин жериңиздерге мергенчиликке баратпайбызбы? Угуп жатасызбы?!

– Эң сонун угуп жатам! Ооба, мен тилмеч болуп берүүгө аракет кылам. Кайдан чалып атасыз, Боб урматтуу!

– Кайдан болмок эле, урматтуу Арсен. Спутник байланышы. Дүйнөнүн каалаган жерине, кааласак космоско да чала беребиз. Биздин ханзада таксырлардын ошо космос орбитасында спутник байланышы бар. Качан, кайда жана кай жерден болбосун чала беребиз. Мына азыр мен алыскы Азия тоолорундагы сиз менен сүйлөшүп жатам. Спутник байланышы ушундай, сиздердин мөңгү барстарыңыздарга мергенчилик кылганда алар менен акыбал сурашып койгонго да кызмат кылып калышы ажеп эмес. Кечиресиз, муну жөн гана тамаша үчүн айтып жатканым.

– Эч нерсе эмес, урматтуу Боб, күлүш да керек. А бирок барстар менен байланышууга болбостур...

– Ооба, ооба, мергенчиликте илбээсиндин көп болгону олжо го. А барс дегениң жолборстордой эле сейрек жаныбар, демек, таңсык товар, пайда санына жараша эмеспи. Улуу урматтуу ханзадалар аңчылыкты спорт деп карашат, ошондуктан сиздер менен биз болсо илбээсиндин саны көп болсо деп, илбирс-барстын териси жерге батпай жайылсын деп бир Алладан тилейли. Андай болгон учурда бизге дагы, сиздердин «Мерген» аңчылык фирмасына да жакшы. Фирманын эл аралык бедели көз ачканча көкөлөйт.

– Туура, Боб, туура.

Арсен Саманчиндин башына дагы башка ой келди. Карасаң муну, маалыматтык технология дегениң адам түгүл жырткычтардын ийин-ченине чейин жетиптир, аларды космостон аңдып турат экен да. Тоолордогу жан-жаныбар аттуулар спутник байланышы алардын сары изине чөп салып, кызмат кылып жатканын билер болсочу.

Басма сөз катчы Роберт Лукас сүйлөшкөндү сүйгөн жан окшойт, ага жагып калды. Иш да унут калган жок, мергенчилердин келиши, алардын тейлениши, айрыкча араб ханзадаларынын самолёттон түшүшү, анын жол-жоболору, тосуп алуу жөрөлгөсү, айтор, керектүүлөрдүн көбү макулдашылды. Айтканына караганда алардын самолёту өтө жогорку даражадагы адамдарга ылайык келген «Боинг-727» деген экен. Экипаж аларды аэропортто күтүп турмай болуптур.

Ал бул сүйлөшүүдөгү зарыл маалыматтарды шеф Бектур агага кабарлоо үчүн колдептерине жазып койду. Шеф азыр Дасторкон жакта, жай ырастагандарда, келери менен сүйлөшмөк. Макулдашкан сөз ушул.

Эми мине турган атын көрмөккө, өздөрүнчө анын таанытым шаанисин жасагысы келген Ташафгандын беш айдакчысына барыш калды. Барбаса да болорбу, ошо Ташафган, үрпөк чач Саксагай үчөө бир класста окуган, калгандары булардан эки-үч жаш кичүү. Эң башкысы бир айыл-

www.bizdin.kg


дын кулундары, өз дегендер, анын үстүнө бир убакта бүт баары бир мектептен окушкан. Ошондой, а алар окуган мектептин шифер менен жабылган чатыры эскирип, анысы аз келгенсип жепирейип калганын кечээ келатканда байкаган, учкан уяң кайдан гана унутулсун.

Эртең менен Ташафган менен Саксаң саксагай келген маалда ушундай дилинен көксөп ойлонду. Анткени алар классташтык баарлашууга гана эмес, аны өздөрү билим алган мектепке чакырышкан экен, Арсен Саманчин бул жөнүндө билген эмес. Мектепти көздөй жөнөштү. Алардын андан башка да ойлогону бар эле. Жол үстүндө Ташафган анысын тамаша менен айтпадыбы:

– Арсен, эсиңе алып кой, сени менен бир мектепте окуган досторуң азыр бойдокпуз.

– Кантип бойдоксуңар? Эмне болду? – Арсен чын эле таң калды.

– Бас, баса бер, корко турган эч нерсе жок, азыр айтып беремин.

Үрпөк чач Саксагай бир нерсени билгендей жылмая, баш чайкап койду.

– Биздин бойдок экенибизди бүт айыл билет. Болбосо сени мектепке эмес, үйүбүзгө чакырып сыйламакпыз да.

– Койгулачы тамашаңарды!

– Койбой эле, Арсен, сен биз үчүн кадырлуу адамсың. Кайдагы тамаша. – Ташафган кебин улай берди. – Азыр мектепке барабыз, аерде деген эч ким жок, бүт бардыгы каникулга кеткен. Кароолчусу бар эле, чөнтөгүнө акча салып, алигиден алып ал деп үйүнө жөнөттүк. Бала-чака азыр жайлоодо, ошон үчүн бойдокпуз. Ошондуктан алтообуз мектепке чогулалы, ээн-эркин сүйлөшөлү дедик. Аттар короодо. Ушундай. Ак-Сай суусунун өйүз-бүйүзү эсиңде чыгар, ошол жерлерди жайлайбыз. Мурунтан келаткан салт, азыр ал бизге өткөн.

– Ошондой да, а эмне үчүн андай болбошу керек? – Саксагай коштой калды. – Эркиндик! Кайда барсам өзүм билем, колхоздо белек!

– Ошо колхоздун жогуна өкүнөм. Мейли, ал арманды анан айталы, – деди Ташафган. – Бул жакка болсо шеф Бектур ага өзү чакырган, аңчылык деди, анда биз айдакчы болобуз, ага жарар иттерибиз бар. Билесиң да, Арсен, илбирс-барстарды тигилер атып алгыдай буктурмага кубалаш керек. Антпесе аларды атыш кыйын, атмак түгүл кароолго да илинбейт, капылет алдыңдан чыкса кол салуудан жазганбайт, жара тартып кете берет. Айдакчы жакшы болсо, мергенчинин канжыгасына олжо байланат. Ошондой болсо экен деп жайлоодон жетип келгенибиз.

– Анан дароо бойдок боло калдыңар. – Кеп төркүнүн түшүнгөн Арсен күлө сүйлөдү.

– Анан эмне кылабыз? Бирок мунун убактылуу экендиги өкүнүч болуп жатпайбы! – Саксагай үрпөк бурк этти. – Кайрадан жайлоого барабыз, кайрадан жүгөндү башка салабыз, пайда жок. Мал арзан, мээнетиң кайтпайт, ого бетер итке мине бересиң.

www.bizdin.kg



Арсен бир нерсе айтайын деп бараткан, Ташафган сөздү жулуп кетти:

– Мейли, Саксаң, бул жөнүндө анан сүйлөшөлү, сүйлөшкөндө да кызыл чеке түшөрбүз. А азыр башка жөнүндө ойлонолу. – Экөө тең үн дебей калды.

Ушундан улам Арсен аларга эртең менен ханзада Хасандын басма сөз катчысы Роберт Лукас Эмираттан телефон чалганын, кандай сөз болгонун айта баштады. Бул аларды мынчалык кызыктырат деп ойлогон эмес, жантыгынан жата калып, мектепке барар-баргыча сурап-тактап отурушту. Жанагыл спутник байланышы дегени алар үчүн өзүнчө эле ачылыш болду.

– Мына сага! – Ташафган дилинен жарыла сүйлөдү. – Аларың балакет экен. Өздөрүнүн спутниги аркылуу төгөрөктүн төрт бурчуна буйдалбай телефон чала беришет турбайбы! Биздин тоолордон, андагы капчыгайлар менен мөңгүсү кетпеген үңкүрлөрдөн эч ким, эч кимди уга албайт дейли, а тигилериң шумдук го, космоско да, Эмиратка да, Европага да, ал тургай Америкага да телефон чала беришет тура. Укмуш экен!

Ал экөөнү араб ханзадаларынын ааламда жоктой самолёту аң уулоо бүтөр-бүткүчөктү аэропортто күтүп тура берери да эмнегедир кызыктырды. Кыязы, аларды пенделик кызыгуу суктандырып жиберди окшойт.

– Карасаң! – Камгактай кара чачы желкесин жапкан Саксаң үрпөк. – Карасаң, ой! Килейген «Боинг» учкуч-мучкучтары менен кожоюндарын күтүп турушат экен да. Мен көтөрүнүп соода кылып жүргөндө бир мүнөткө да кечигүүгө болчу эмес, уччу да, кетчү, сен түштүңбү, түшкөн жоксуңбу түкүрүп да койчу эмес. Булардыкы жыргал экен. Каалаганда келем да, каалаганда кетем. Акчанын күчүн карачы!

– Самолёттун токтоп турганы менен ханзадалар кааласа учуп кете беришет экен да? – Ташафган тактап койду. – Менин атым гана бар, тигине короодо турат, кааласам байлап коём, кааласам бошотуп жиберем, минем, чабам, айтор, өзүм билем.

– Кыязы, бул алар үчүн эч нерсеге арзыбаган нерсе болсо керек, – деди Арсен Саманчин түшүндүрүүгө аракеттенип. – Иш чыкса самолётко отура калышат, учкучтары даяр турат.

Ушинтип жатып ал үчөө бир убакта өздөрү окуган, тамга таанып, билим алган, азыр минтип тагдырдын буйругу менен зарылы ашкан ишке баш байлашып, ошондон улам мектепке келип отурушат. Мындай болору биринин да башына келген эмес, ойдо жок жерден аңчылык бизнес дегени чыга калып, анан ошо кызыкчылык аларды бириктирип турганы.

Арсен Саманчин көптөн бери мектебинде боло элек эле. Алардын мектеби айыл четинде, өзүнчө окчун жайгашкан. Кээде бир иштер менен өйдө-ылдый каттаганда анын жанынан жалт карап коюп өтчү, атайы чыгынып барып, өткөн бала чагына, өспүрүм-жигит кезине дил туюму менен кездешпеген эле. Ошо мектеби мына, канткен менен сезимде жашап кел-

www.bizdin.kg



ген экен, көңүл дүйнөсү көтөрүлүп, алда кандай таасирден улам эреркеп кетти. Мезгил алчусун алыптыр, тегеректеги үйлөрдүн чатырындай эле мектептин шифер чатыры жепирейе түшүптүр, эшик-терезелери кагжырап бүткөн, а мектептин турушу баягыдай экен; жанталаша жүгүрүп жүрчү короо мына, коридору турат, анан класстар...

Жана Ташафган Арсенге мектепке эле чогулалы дегенде ал негедир өзүн ыңгайсыз сезген, мектеп деген мектеп, мындай кезде чай-пай дегени үйдөн болчу эле деп ыңгырана калган. Директору менен макулдаштык, ал бир жакка кетти, үй-бүлө болсо жайлоодо, шарт ушундай, мектепке эле баралы деп акыбалды алаканга сала түшүндүргөндөн кийин Арсендин көөнү көшүлүп, тигилердин агынан жарылып жатканына ыраазы болгон. Күн жанагыдай эле чайыттай ачык, канча кылым кар баскан аска тоолор да эртең мененкидей шаңкайып турат, ааламда жок мөңгү барстары менен жан-жаныбар ошол керемети кел бери деген жерлерде жашайт деп ойлоп койду. Ошондой эле куш аттуунун бардыгы ушул тегеректе эле каалагандай учуп жүрүшчү, аларга эч ким тийчү эмес, кайра аларга адамдар суктана карашчу.

Ташафгандын беш айдакчы аталгандарынын үчөө мектепте экен, алар Арсен Саманчинди жылуу тосуп алышты, ошондон кийин эле бул топто тартип аскердегидей катуу экени туюлду. Ташафган буйрукчул экен, тыякка бар, биякка кел, бу жерге отур, алып кел, алып кет, айтор, командирдин өзү, а тигилер болсо айтканын айткандай аткарып жатышты. Ичип алып калжаңдаган адам жок. Ал атына өзгөчө шаан-шөкөт менен минди, мектеп тегерегин бир айланып чыкты. Ак боз атта айып жок, жүрүшү жеңил, ээр-токуму жарашыктуу. Ошондо атты Ташафгандын өзү жетелеп келген:

– Ардактуу Арсен, биз бүгүн, кечээ күнү өзүң айткандай мине турган бууданыңдын таанытымын өткөрүп жатабыз. Сенин ушуну билип өтүк кийип алганың жакшы болуптур. Мына сенин тулпарың, төрт аягы төп келген Камбар тукуму. Арабдар менен ары-бери чабасың, а биз болсо барстарды койдой айдап беребиз.

Бүт баары күлүп калышты.

– Ыракмат, мен дагы арабдар ыраазы болгондой кызмат кыламын. – Арсен айылдаштарын алкады.

– Анда эмесе биз окуган классты көрөлү, кандай гана кайталангыс кез эле, агайлар менен эжейлер... Азыр болсо мугалимдер мектептен кетип калышкан, а биз болсо барстарды арабдардын мылтыгынын кароолуна илинип калса экен деп Кудайга жалынып отурабыз. Бирөөлөр минтип мергенчиликке «Боинг» минип келишет, а биз болсо жан багыш үчүн...

Аларды бу турмуш да жакындатып койгон окшойт, бүт бардыгы үн дебей баш ийкешти. Арсен ошо маалда айланага көз чаптыра калды: мектеп ээн, токулуу аттар байланып турат, канаттуулар ары-бери каалгып

www.bizdin.kg



учууда, ал эми адамдардын дил-көңүлү тынч эмес окшойт. Ташафган кыйытып айткан көйгөйлөр турмуш чындыгы, а эл деген андан да ашыра айтат, айтор, жашоо оорлошту. Кайда барбагын Мамайдын көрү.

Класстарды кыдырып бара жатып, Арсен Саманчиндин байкаганы бул болду: көптөн бери акталып сырдалбагандай, мектептин ичи деле эскирип бүткөндөй, болгону мурдагы үстүнүн жарымы ачылып-жабылма парталар, орундуктар, анан доскалар да жаңыртылыптыр.

– Саат он бир болуп калыптыр, туугандар. Эми убакытка уттурбай, Арсен, өзүбүздүн класска баралы, парталарыбызга отуралы, сүйлөшөлү, – деди Ташафган саатын карай.

– Жок, эжемдикине эле баралы, ошерден жайма-жай сүйлөшөбүз.

– Жок, жок, Арсен, биз азыр өзүбүздүн классыбызга кирели. Анан...

– Болуптур.

– Кир, кире бер. Столго бетме-бет отуралы, келгиле.

Алар терезенин жанына, тоолор көрүнүп турган тарапка отурушту. Ээси жоктой ээнсиреген мектепке Арсен Саманчинди эмне үчүн чакырышканы ага али да болсо белгисиз болчу, ошондуктан ал беймарал отурду. А Ташафган бүт баарына көңүл коюп, алдын ала көөнүнө бышырып алган сөздөрүн айтып кирди.

– Арсен, көңүл буруп угуп тур, биздин сага айталы деген сөзүбүз бар.

– Угуп жатам. Эмнеге түнөрөсүңөр? Бир жамандык болдубу? Жакындардан бирөө-жарым көз жумдубу? Биз тууганбыз, жакын адамбыз. Андай жамандык болгондой болгон жок эле. Анан калса баарыбыз ушул мектептен окубадык беле?!

– Андай эмес, Арсен. Кеп биздин кайдан окуганыбызда, кайда жашаганыбызда эмес. Ооба, сен биздин бир тууганыбызсың, сен биздин меймандыбызсың, а бирок бүгүн сен биздин колубуздасың. Ошондуктан биз сени бул жерге эмнеге алып келгенибизди, мындан ары эмне иш болорун сага билдирип коёлу дедик.

– Токточу, эй! Биздин колубуздасың дегениң кандай? Ат бердиңер, аныңарга ыракмат, эртең-бүрсүгүнү шаарга кетем, а ат бул жерде, силерде калат.

– Сенин кетеринди же кетпесинди ким билет.

– Кандайча? Ачык айткылачы.

– Ачыкпы? Анда алкымга бычак такашкандай сөз болот.

– Эмне?! Урдум баарыңарды. Силер эмне, мени келесоо деп ойлойсуңарбы, же Ташафган, сен өзүң жинди болуп турасыңбы?

– Кызандаба сен. Сөз ушундай болуп кеткенине мен күнөөлүүмүн. – Өңү кызарып-татарган Ташафган ордунан козголду, беркилер да кооптоно кыймылдап калышты. Ошо маалда мектеп короосунда, ошо терезе туштa жүргөн, буларды карап да койбогон короочу ит арсылдап үрүп калды.

www.bizdin.kg


– Карап келчи! – деп буйра сүйлөдү Ташафган четте отурган айдакчыга. – Бул жакка бир да жан келбесин, итти кубалап ий, тегеректе адам аттуу жолобосун!

Мындай болорун күтпөгөн Арсен Саманчин ордунан шарт туруп, класстан чыгып кетейин деди эле, аны байкай калган Ташафган шадылуу колу менен ийинине коюп, тургузбоого аракет кылды. Ал ордунан обдула калып, Ташафгандын колун түртүп жиберип туруп кетүүгө умтулган маалда, ит үргөн короо жактагы ачык терезеден айтканынан кечигип калгандай шашкалактаган, куду баягыдагыдай, өз үйүндө Бектур ага менен отургандагыдай эки чабалекей октой учуп кирип келишти да, бир нерсени кабатыр боло кабарлап же алда нени алдын ала айтып жаткансып безелене кооптоно сайрап, шып алдында айланып жүрүштү. Уясын бирөө бузгандай чырылдайт. Сыртка кууп жиберишсе да, алар кайрадан чыйпыйы чыга учуп келишип, бекем жабылган терезеден ичкери кире албай, канаттары менен айнекти улам кайра ургулап, кимдир бирөөнүн алда кандай аманат сөзүн билдире албай, кыйышпастын кыйышпаска кыямат болор күндү айткан кабар-саламын жеткире албай, балапанын жылан соруп жаткансып безбелдектей безене сайрап чырылдап, айланып уча беришти. Арсен Саманчин өзүн азыр өлгөн жандай жоготту. Бул эмне? Жазмыш дегендин жан ала турган сырыбы? Жан кыямат болору жакындап калды дегенин айткан чагыбы? Чабалекейлер ошондон аян берип жатабы? Каш кагымда чагылган болуп келген ой аны акылдан адаштырды.

Өз үйүндө да, өзү окуган классында да эмне үчүн чабалекейлер безилдеп анын артынан жүрөт? Бу мертебе да алар чырылдап сайрап, сүйлөшүүгө эч мүмкүндүк бербеди. Ошондон улам алар чабалекейлерди жөн гана сыртка кууп чыгышты, жайбаракат сөз уланталы дегиче алар кайрадан класска кирип келишти эле, жадашкан айдакчылар антсеңер мындай кылалы дешип терезелерди таптакыр жаап салышты. Антсе да тигил экөө болгон жок, терезенин сыртынан айланып учуп, кайра-кайра айнекти чырылдаша канаттары менен чапкылай берди. Ушу маал, ушу кырдаал эки чабалекейге кошулуп, кубаласа кайра келген, короо кайтарган жалгыз ит да мурдагысынан алда канча жаалдана үрүп жатты. Саксагай Саксаң ошондо мындай деди:

– Тигил жакка өтөлүчү, ал жердеги класс бир аз чакан, а бирок тынч. Антпесек бул жин тийген чабалекейлер жан коё турган эмес. Бул тарапта алардын уясы бар, ошондон улам алардын чый-пыйы чыгып жатат окшойт. Кеттик тияккa.

Ошондой кылышты. Арсен Саманчин жанагы сөздөрдөн кийин алда неге кооптонуп, сабыр кармап, ичинен тына баштаган. Айдакчыларга да, Ташафганга да каяша айткысы келбей калган, аларды негедир кыртышы сүйбөй, алака-катышы жоктой болуп, жакын арада бир нерсе, адаттан

www.bizdin.kg



сырткаркы, тагдыр-жашоосун сынай турган, а балким, трагедия менен аяктай турган бир нерсе болорун дил туйгусу менен туюп жатты. Ал эмне болду экен? Бу жарыкта ошол иштин болорун биле турган жан барбы?..

Башка класска келип, жанагыл чырылдаган чабалекейлерден кутулган соң, кыязы Ташафган бир нерселерди кайра ойлонсо керек, берки шериктерине:

– Мындай кылалы, Арсен экөөбүз бул жерде сүйлөшөбүз, а силер болсо мурда айтылгандай өз ордуңарда болгула, бизге эч ким жолтоо болбосун. А сен Култай, аттарды сугарып кел, Чоң-Таштын жанында экенин билесиң да.

Айтканы аскер буйругу экен, айтышмай жок аткарышты. Оогандан алган өрнөгү өзүнөн көрүнүп туру.

– Кабатыр болбогун, Арсен, бул жерден бизди эч ким укпайт да, билбейт, ошол себептен сени буерге алып келгенбиз. Эмне үчүн ошенттик, эми мен ошону сага айтып берейин. – Ал Арсенди бир нерсе дейби деп саамга унчукпай, сынай карады. Арсен өзүн өзү токтотуп алган эле, ал дагы үн дебестен токтоо гана баш ийкеп койду. Ташафган сөзүн улантты. – Ааламдаштыруу деген эмне экенин, жашоо үчүн кандай бийлик керектигин менден жакшы билесиң.

– Өтө эле бийик кеттиң го? – Арсен Саманчин жактыра бербей үн катты. – Ааламдаштыруу дүйнөдө болуп жаткан иш, андан көрү айтарыңды айт.

– Жакшы болот. Дүйнөдөгү байлар, аларды азыр олигархтар дешерин өзүң жакшы билесиң да, ушу бойдон асмандан түшө калгандай эле болуп кетишти. Кудайга койдум, ошентсе да эгер Кудай бизнестин Кудайы болгон болсо, анын тегерегиндеги миллиондордун бардыгы биригип келип, жалгыз ал ээ болгон байлыктын күкүмүнө да ээ эмес экенин көрүп туруп кантип гана унчукпай коё аласың? Тамырыңда кан кайнайт.

– Атаандаштык.

– Ооба. Ал атаандаштык деген ар кандай болот. Акчалуулар дагы байый берсе, биз кол куушуруп кул болуп отура беребизби?! Мына, бизге келе жаткан араб мергенчилерин алалы, кааласа баарыбызды бир ууч дилдеге гана сатып алат, а биз аларга мөңгү барстарын атып алгыла деп алардын алдына койдой айдап беребиз да, ошонубузду эрдик санап кубанабыз.

– Сен таптакыр башка жакка кеттиң, Таштанбек. Мектепте окуп жүргөндө Таштанбек элең, Ооганстандан кийин Ташафган болдуң. Эми сен башка жакка баратасың. Атаандаштык өндүрүштөн башталат, ал жерде технология да, жумушчу күчү да болот. Артта калып калбаш үчүн алар өнүгүүнү жолго коёбу? Коёт.

– Башка жакка дегениң эмне? – Ташафган анын сөзүн буза тартты. – Мен ошол эле жакка барамын жана сен дагы биз менен ошо жакка бара-

www.bizdin.kg



сың. Болду! Иш бүттү! Жашагың келеби, анда сен бүгүндөн баштап, биз менен бир болосуң. А биз антташып ачык чечкенбиз, ошо бизге келе турган ханзадаларын барымтага алабыз. Эмне алаясың? Оңой эле деп ойлоп жатасыңбы? Оңойго турбайт, аларга да жан керек, ошон үчүн алмадай баштын амандыгы үчүн айткан акчаны айланайын деп төлөйт.

– Эй, токточу! Токто, акылың ордундабы? Былжырабачы!

– Сен эмне, өзүм эле акылдуумун деп жүрөсүңбү? Башкаларда да акыл бар. Иш бүткөн, Арсен, жети өлчөп, бир кесилген. А сен болсо эсиңе кайра түйүп кой, өмүрүңдүн акырына чейин биз менен бирге болосуң, эч жакка кетпейсиң, кыйшаң-буйшаң дебейсиң, башка жол жок. Телекөрсөтүүдөгүдөй алып баруучу болосуң, барымтага алынгандар менен барымтага алгандарды сүйлөштүрүп турасың, биздин иш-аракетибизди туура багыттап турасың.

– Эмне, эмне?! Дөөрүгөнүңдү токтотчу! Сен өзү эмне деп жатасың? Ушул үчүн ушул жерге алып келдиң беле?!

– Коркпой эле кой, бизди бизден башка эч ким укпайт. Дагы бир жолу айтайын, ортомчу-тилмеч болосуң. Алар сенин алдыңда Кудайга жалынгандай жалынат, а биз сага өмүр бою сыймыктанабыз.

– Тапкан экенсиң маңбашты. Ата-энеңди баш кылып, жотоңдон бери калтырбай сөксө болор эле. Мага эмне деп былжырап турасың?! Ооганстандан үйрөнгөн карөзгөй канкорлугуңду мага айтпагын. Мен дагы сага эскертип коёюн, кеч боло электе арамза оюңдан кайткының. Муну сен кайдан ойлоп жүрөсүң?! Биздин шаарларда эркиндик, демократия үчүн демонстрацияга чыгып жатышса, анан ал аз келгенсип эл аралык чырчатак чыгаргыңар келеби?! «Мерген» фирмасын жок кылгыңар келеби? Башыңар иштейби?

– Туптуура айтасың! Башты иштетиш керек, эл аралык жаңжал чыгарууга болбойт. «Мергенди» да жок кылууга болбойт. Акчасы кумдай куюлган миллиардерлердин алкымына канжар такоого да болбойт, а бирок бизди, бир сындырым нан үчүн башы менен жер казгандарды жакырчылыкта тепселөөгө болот, балдарыбызды билимсиз калтырууга болот, оорусак акчанын айынан дарылана албай калсак болот. Ооба, азыр ушундай болуп жатат, байлар деген байлык-мүлкүн катарга жер таппай жатышат, ал эми жакырларды кара жер батыра албай баратат. Барымта деген биздин салтта бар болчу. Барымтага кеткендер үчүн үйүрүйүр жылкы, короо-короо кой беришкен, чыр-чатакты ушинтип чечишкен, байлыкты элге ушинтип бөлүштүрүшкөн. Бул жөнүндө канча бир болумуштар, санжырадай санат кептер айтылып келгендиги сенин эсиңден чыгып кеткен экен да.

– Эй, Ташафган, ушинтип айта берсе болот. Мылтыктын оозу чыкыйыңа такалбай турганда ошентип ойлой бересиң. Адамдарды барымтага алууга мен катыша албайм.

www.bizdin.kg



– Катышасың. Катышканда да кандай. Арабдарды барымтага алар замат сен биз тарапка өтөсүң, менин буйруктарымды ханзадаларга жеткирип, аларды өзүң башкарасың. Бешөөбүздүн бирибиз да англис тилин билбейбиз, ошондуктан биз колго курал алып, аларды коркутуп тегеректеп гана турабыз, калганын өзүң бүтүрөсүң. Эмне айтышты, эмне сураштыөзүң билесиң. Биздин багыбызга келаткан араб ханзадаларын, же сен айтып жаткандай Улуу урматтууларды, үңкүргө айдап киргенде сен өз ишиңди айттырбай баштайсың. Акчасын айтып коёюн, ар бир ханзададан он миллион доллар. Ошондо жыйырма миллионду үңкүрдөн санап алабыз. Биз бешөөбүз, сени менен алты, угуп ал, биз муну эбак чечкенбиз, ар бирибиздин үлүшүбүз үч миллион үч жүз миң доллар. Көз ачыпжумганча үч миллион үч жүз миң. Биз үчүн бир эмес, үч өмүргө жетет. А сен аны эмне кыласың, өзүң гана билесиң, балким, эркектана өңдөнүп катын аларсың, Кудай сага бала берсин.

– Мага жомок айтканыңды токтоткун. Жакшылык менен эсиңе кел, Ташафган. Ойлонгун. Билип койгунуң, эч бир суммага, эч качан, эч жерде жана эч убакта сатылбайм, андай ишке башымды кесип алсаң да барбайм. Мен террорчу эмесмин.

– Биз дагы террорчу эмеспиз. Жыйырма миллион алар үчүн кеппи, менин эки тыйынымдай эле. Жыйырма миллион колго түшөр замат ханзадалар урмат-сый менен бошотулат. Сен дагы эркин болосуң.

– Мен азыр да эркинмин, менин эркиндигим сенде эмес, менин гана өзүмдө. Сенин каракчыларыңа тирүү туруп кошулбайм. Сөз бүттү.

– Эй, сен жаңыласың, досум. Сен эч качан эркин эмессиң. Мен айттымбы, бүттү, сен биздин алтынчы адамыбызсың.

– Эмне? Мен аны каалабасамчы!

– Каалар, каалабасыңды билбеймин. Каалабасаң ачык айт, анда сен бул жерден чыкпайсың. Мүрзөңдүн орду дапдаяр, ушул короодо, жалпы даараткананын артында, эски сарайды билесиңби, ошонун ары жагында болот. Сен аерди билесиң, бир эмес, миллион жолу болгонсуң, ошол үчүн ошерге мүрзө казабыз дедик. Лом, күрөк деген дапдаяр. Беш мүнөттө көөмп салабыз. Ooганды айтасың, аерде менин өмүр-тагдырым бузулду, мен да канчаныкын буздум, ушундай. Керектүү курал-жарак, үнү чыкпас тапанчабыз да бар. Билип кой, Арсен, менин шериктерим куралдын ар кандай түрүн, жадагалса гранатамётко чейин беш колдой билет. Мен сага мактанып коёюн, бул ишке көнгөн устатмын. Кыскасы, бул жерден тирүү кетпейсиң, чекеңе ок кадалат. Сени жек көргөндүктөн, же сенде өчүбүз барынан эмес, кырдаалдан улам... Ушундай, башка арга жок. Сен тигилерге чырмалышып калдың, а биз болсо сага чырмалыштык. Биз террорчу эмеспиз, жөн гана дүйнөлүк капиталдан өз үлүшүбүздү алабыз, болгону ушул, мунун эмнеси жаман?

– Жетишет! Жадап бүттүм. Мен кеттим.

www.bizdin.kg



– Ордуңдан жылба! Мени классташын өлтүргөн канкор атка кондурба.

– Ооба, мен да ошол жөнүндө ойлоп жатамын. Биз ушул жерде окуп жүргөндө, биз ушул жерде танапис сайын жүгүрүп ойноп жүргөндө, качандыр бир кезде, дал ушул жерде ушундай иш болот деп ойлодук беле? – Арсен Саманчин ордунан турду да, терезеге жакын келип, аны ачты.

– Эмне, үп болуп кеттиби?

– Ооба, аба жетишпей жатат, – деди Арсен. Ал терезени таза аба кирип турсун үчүн эмес, жана береги чабалекейлер учуп келер бекен, жан кыйнаган кыжалатты ошолор оңдоп жиберер бекен деген ой менен ачты. А бирок ал күткөндөй болгон жок, чабалекейлердин карааны көрүнбөдү. Тагдырдын жолу башка экен...

Ташафган ого бетер өжөрлүгүн карматып, каны кайнап, жинденип чыкты.

– Биз мээсинен айныган келесоолор эмеспиз, антип ойлобогун. Биз сенин мындай ишке эч качан макул болбошуңду, кадам таштабашыңды билгенбиз. Анткени бул сен үчүн кылмыш.

– Кылмыш болсо кылмыш болсун, – Арсен Саманчин кесе жооп берди. – Ошондой ишти ойлогондун өзү эле кылмыш...

– Мейли, каалаганыңдай ойлой бер. Биз баары бир чабуулга чыгабыз. Сен биз менен, же катарыбызда, же күнөө жасап туткундалган адам катары колу-бутуң байланып барасың, кайсынысы жагарын өзүң танда.

Арсен Саманчин столду муштуму менен бир коюп, «шымың башыңа кийилип калсын!» деген демейки ач айкырыкты сала жаздады, а бирок бу саам өзүн араң токтотту.

– Анан эмне болот? Сенин буйругуң боюнча мен сени менен чабуулга чыгамбы, же туткун болуп байланып турамбы?! Эгер мен каалабасамчы?!

– Үстөлдү койгулаба! Анткен сага жарашпайт экен. Сен канчалык акылдуу болбогун баары бир бизди сөзгө келтире албайсың. Сен түгүл Кудайдын өзү келсе да кайра кайтпайбыз. Жыйырма миллион көчөдө жаткан жери жок, ал үчүн жанкечтиликке барыш керек.

– Ооба, көчөдө жатпайт. Таштанбек досум, жаш кезиңде, сен жайдары, жакшы чагыңда сенин атың Таштанбек эле, анан жыйырма миллион сенин үлүшүң экенин кайдан таба койдуң? Же эмне, чын эле көктөн түшө калдыбы?! Сен эмне болуп жатасың? Бул деген каракчылардын талаптоноосу. А сен болсо асмандан түшөр өз үлүшүңдү колдон чыгып кетпесин деп коркосуң. Эмне болоруңду ойлон!

– Жыйырма биринчи кылымдын тың чыкма билимдүүлөрү силер бара жаткан жакка. Өзүң баштаган топ каякка баратса, ошол тарапка, дүйнөлүк байлыктан ар бир адамга өз үлүшү бериле турган сен айтчу ааламдаштыруу дегенге бара жатамын.

www.bizdin.kg



– Айнып калгансың го, ааламдаштыруунун бул жерде кандай тиешеси бар? Таптакыр башка түшүнүк. А сенин «ааламдаштырууң» түркөй түшүнүк. Түшүндүңбү?!

– Түшүндүм. Кыйналбай эле кой, аны өзүбүз билебиз.

– Билгениңди көрүп турамын. Банкир көрсөң бакырып, жакадан алып жаалданып, эмне үчүн менин бутумда жыртык байпак деп жулкулдатмайбы?!

– Ой, энеңди десе, банкирлерди коргогонун!..

– Ананчы, колумдан келсе ошо банкир экөөңөрдү бороондуу күнү калагы жок кайыкка салып, силер көксөгөн ааламдаштыруу деңизине салып иймекмин.

– Эмне деп жатасың? Эмне үчүн мени аны менен бир кайыкка саласың? Аныңдын эки миң кишилик кемеси турса, бизнеси турса мени менен отурмак беле. Байлардын ааламдаштыруусу өзүнчө, байлыктан байлыкты басып ала берсин, а биздики дагы өзүнчө, кол жеткен жерден бөлүшүү, кол жеткен жерден өз үлүшүбүздү тартып алуу. Тоого келген арабдарды колго түшүрүп, алардан өз барымтабызды өндүрүү. Бул – биздин укук.

– Таштанбек афган, сенин билимдүү экениңди билемин. Анан кантип мындайды укук деп айтып жатасың? Кайдагы укук? Тоноо укугубу?! Эч нерсе түшүнбөйм.

– Сен түшүнбөй эле кой, – деди Ташафган терезе жакка бурулуп кеткен Арсен Саманчиндин артынан. Ошо замат ал мойнун бура бурк этти:

– Түшүндүргөнүңө тойдум, болду укпайм.

– Угасыңбы, укпайсыңбы мен аныңды биле албайт экенмин, Арсен, терезенин жанына туруп алып жакшылап ойлон, ансыз кутулбайсың. Баары бүттү, сен капкандасың. Бардыгыбыз бир капканга түштүк. Артка чегинүүгө жол жок. Анан, Арсен, бизди кайдагы бир тексиз каракчылар дебегин. Ата-бабалардан калган ишти улантып жатабыз, жайыттарга, өзөндөгү сууларга акы төлөбөгөндөрдөн эр-азаматын туткунга алып барымталаган, эр башы үчүн үйүр-үйүр жылкы, короо-короо бодо, жайыты толо кой-эчки айдап келишкен. Азыр башка, бизди каалаганыңдай атай бер: бандит де, каракчы де, мыкаачы же ууру де. Болгону сенден бир гана нерсе талап кылынат, жанагы акчасын катарга жер таппаган алтын байпак арабдарың келери менен, келери менен деп жатам, угуп атасыңбы, ошо сааттан, ошо мүнөттөн баштап, ар бир кадам сайын мен буйругандай иш жасайсың. Мени шеф Бектурдун жанында куйругумду шыйпаңдатып жүгүрүп жүрөт деп ойлобой эле кой. Анын өз бизнеси бар, ал ошону ойлосун, а биздики өзүнчө аңчылык. Бадал-шактардын арасынан, коо-аңдардан тайганча шимшип, барстарды баскыла деп айдап келүү. Тигилериң тигишинен сөгүлө сүйүнүп, кылмерген болуп кароолго алып мээлегенче биз алардын өздөрүн – ханзадаларды мээлеп туруп кармап кетебиз да, үңкүргө айдап киребиз. Биздин бизнес-аңыбыз ушул, алар-

www.bizdin.kg



дын башын соодалайбыз. Сен угуп жатасыңбы, Арсен, мен муну эриккенимден былжырап жаткан жерим жок, сени билип алсын деп жатам. Анткени сен алар менен ар дайым бир болосуң, а биз болсо асманда жүрөбүз. Тигилериң барстарды көрүп акылдан калган маалда аларды кекиртектен алып, куралын тартып, жарга сүйрөп киресиң. Эч качан, эч бир жерде, жадагалса түшүңдө да мындай ыңгай болбойт. Себеби чоң Кудай өзү ушинткин, куралын колдон жулуп ал деп жатат. Түшүндүңбү?! Меймандардын көңүлүн алып тилмечтик кылышыңды Кудай берсин, арабдардын колуна кишен салгыча бизге да жардам кылсын. Бардык иш, бардык үмүт жалгыз сенде, Арсен, сен угуп жатасыңбы?!

Арсен жооп берген жок, кара жерге баш салып, терезеден кетпеди.

– Дөңгөчтөй болбой, адамча ук! Сен биздин адам болгонуң, бардыгыбыз бир тукумдан экенибиз жакшы болду. Каныбызды сатпайбыз. Араб ханзадаларынын спутник телефону болгону да жакшы, үңкүрдө калчылдап, өз жерине акча деп ыйлап айтышат. Анда да сен жанында болосуң, эмне дегенин бизге айтып турасың, ашыкча сөз сүйлөтпөйсүң. Бардык иш, бардык үмүт жалгыз сенде, Арсен, сен угуп жатасыңбы?! Сенсиз биз эч нерсе жасай албайбыз. Сен түшүнүп жатасыңбы, сага жетип жатабы? Сен эмнеге унчукпайсың, Арсен? Үн катчы, үн?!

– Айта турган сөзүм жок. – Так кесе жооп берди. Анан экөө тең унчукпай калышты.

«Дүйнө ордундабы?» Эс тарткандан бери ушул айылдаштарынан эчен ирет уккан бул сөз акыры анын өзүнө ушинтип жетип отуру. Ооба, жан жалдырап, дил кыйноого түшкөн кезде бу Ташафгандын табакташтары мектеп короосун менчигиндей кайтарып турган, ошондон улам бул тегеректеги дүйнө да өз ордунда болчу. Теребел деген теребел, ар качандан бир качан калыбынан өзгөрбөй кала берет, а адам баласы, анын ички дүйнөсү кубулат экен, кээде таш тийген күзгүдөй талкаланып калышы да этимал экен. Ошондуктан адамдар: «Дүйнө ордундабы?» – дешет тура. Ийе, дүйнө дегениң ар дайыма ордунан жылбай турары белгилүү го, ошентсе да адамдар биринен бири: «Дүйнө ордундабы?» – деп, сурап турушат. Турмуш ушундай, тагдыр ушундай.

**(Уландысы бар)**

**Которгон Самсак СТАНАЛИЕВ**

www.bizdin.kg



*Жаңы ырлар*

**Кемел**
**БЕЛЕК**



# ӨЛҮКШААР

*Кызгалдак каптап көрүстөн ичи жаңырган,*
*Түпкүрдөн эми чыкпайсың гүлдөй жер жарып.*
*Жолоочу кезде жоголуп, кайра табылган*
*Бейитиң издеп безилдейт бейпай бир карып.*

**Хафиз**

## ЭҢСЕЙ ТУРГАН ЖАЙ ЭМЕС

*Көрүстөн көрсөм козголот неге делебем,*
*Өлүкшаар сүрдүү, өлүкшаар калбаат, ары шаа.*
*Карагым, тыңда, тирүү жан эңсер жай эмес,*
*Ар адам мында тагынан тайган падыша,*
*Ар аял мында багынан тайган каныша.*

## КҮЛБӨС КӨЧӨ, ҮРБӨС ИТ

*Күнөс элет…*
*Күнөс элет четинде күмбөздүү шаар.*
*Күмбөздүү шаар ичинде күлбөс көчө.*
*Күмүш айлар төбөсүн басып турган*
*Күмбөздөрдү аралайт үрбөс иттер.*

www.bizdin.kg



## ӨЛҮКШААР

*Өлүк эмес тирүү жанды жөөлүткөн*
*Ата-бабам көргөн көзүн талдырып,*
*Деги качан шаар курчу эле өлүктөн,*
*Оо, Жараткан, өмүр өктөө, өлүм ак.*

## КАРА ТАШ

*Көрүстөн.*
*Айыл чети.*
*Жоонтоп дарак.*
*Ободо жаңырган Ай – орток чырак.*
*Өктөөсү калган жандай эмнегедир*
*Өлүкшаар түндө үнсүз онтоп чыгат.*

*Кадырын кара жандын арман чечип,*
*Капыстан казанбагы калган бекип.*
*Калдайган бейитинин башындагы*
*Кара таш – бир өмүргө койгон чекит.*

## КИМДЕР ӨЛҮК, КИМ ТИРҮҮ

*Кимдер тирүү…*
*Кимдер өлгөн…*
*Кимдер ай…*
*Көктө калкыйт жалгыз алсыз тийген Ай.*

*Жер үстүндө көртүйшүктөн чарчаган*
*Жер астында жатат, кара, канча жан.*

*Мейлиң өлгүн,*
*мейлиң, досум, өлбөгүн,*
*Мерездикти өнөр кыла көрбөгүн.*

www.bizdin.kg



## ӨКТӨӨМБҮ ЖЕ КӨКСӨӨМБҮ?

*Өтүмүшкө өпкөлөбөйм,*
*Өзгөгө жок чатагым.*
*Өлөсөлүү турмуш өтөт,*
*Өзгөргөн жок жатагым.*
*Өзүң көргөн чиркейлерди*
*Өлө багып жатамын.*
*Өктөө эмес, көксөө эмес*
*Өмүр, Өлүм, Атагың.*
*Өлүкшаардын койну кенен,*
*Өңүрүнө батамын.*

## ТҮПӨЙҮЛ ТҮШ

*Тоо толкун.*
*Үмүтсүз жээк.*
*Каяктамын...*
*Кайылмын кара жаным кайыкканга.*
*Айланам алай-дүлөй.*
*Бороон айдап,*
*чатырын шамал тыткан кайыктамын.*
*Кыйкырам.*
*Үнүм буулат.*
*Түш уланат…*
*Көк деңиз.*
*Толкун сүргөн табыттамын.*

## ЭНЕКЕМ. ЭНӨӨ БАЛАЛЫК

*Кечээ гана кетпестей кылчактаган*
*Кана күндөр,*
*кана жыл,*
*кана кылым…*
*Кимдер өлчөп көрүптүр алчактаган*
*Өмүр менен Өлүмдүн аралыгын.*

www.bizdin.kg



*Оо, Жараткан, төп түшту төлгөң бүгүн,*
*Айтып жандын актыгын-каралыгын.*
*Капилеттен энекем өлгөн күнү*
*Аны менен кошо өлгөн балалыгым.*

## КОШДҮЙНӨ

*Айтыптыр ким айтса да пайгамбардай:*
*«Көрпендем, жазганын көр, кардыкпагын».*
*Бөлбөймүн өзү ким да, өзгөсү ким,*
*Жалганда жашап жаткан бардык жандын*
*Жайкалган жайлоосу да, күздөөсүмүн.*

*Айтыптыр ким айтса да олуядай:*
*«Көрпендем, жазганы шол, тардыкпагын».*
*Бөлбөймүн өзү ким да, өзгөсү ким,*
*Жалганда жайрап тынган бардык жандын*
*Тирүүлөй басып жүргөн мүрзөсүмүн.*

## БАРСБЕК АЖО АРМАНЫ

*Тоорулуп талчокунун сеңирине,*
*Тоолордон тоолор гана бийик болчу.*
*Тоол кылып жашоо үчүн Теңирине,*
*Топ элден кыргыз гана бийик кончу.*

*Ордомду жат бийлеген заман болду.*
*Өрүшү толо жылкы тамам болду,*
*Баштагы жарык бетим таман болду.*
*Уулду кул, кызымды күң кылып берип,*
*«Кырк уруу кыргыз» атым «жаман» болду…*
*Деген доош өлүкшаардан чыгат бир күн.*

## САЛЫЙ АПА АРМАНЫ

*«Күт мени, канчык, калганын*
*Кайрылып келип айтамын».*
*Ачуусу менен жыланбоор*
*Камчыны жонго басты да,*
*Бастырып кетти астыга…*

www.bizdin.kg



*Керээзи ошол.*
*Кан кечкен*
*казаттан абаң кайтпады,*
*Ажалсыз мендей жесирге*
*Камдаган кебин айтпады.*
*А менде кайдан актануу…*

## КӨЛӨКӨ

*Көлөкөм кээде оңдо, кээде солдо*
*Ээрчиген туулгандан тунгучакты.*
*Көлөкөм кээде жолдо, кээде жондо,*
*Эгизим чогуу өскөн күн кучактап.*

*Көлөкөм кээде артымда, кээде алдымда,*
*Кээде оңдо, кээде солдо ээрчиген,*
*Жанжолдошум көлөкөм.*

*Кары өтөт,*
*жаштар өтөт кандай күлгүн.*
*Жараткан көрпендениn сөлөкөтүн*
*Таштабай жалгыз-жарым, жандай жүр, – деп,*
*Таштаган моло ташка көлөкөсүн.*

## МАРКУМ …ГА!

*Дагы да болсо Сен Сенсиң,*
*Далайлар менен бир теңсиң!*

## КӨЛ ЖАНА КӨР

*Куйругун сууга чапкан алтын балык,*
*Куйругун кумга чапкан асылзаттар.*
*Жараткан жазган күнү жалкы калып,*
*Куйрукту көргө катып жатасыңар.*

www.bizdin.kg





*Проза*

Мамат
САБЫРОВ

# КИНО

## (Повесттен үзүндү)

**«Жашасын биз күлгөн кездер!»**
Рамис РЫСКУЛОВ

## Өрүк

Камчыбек аттуу он төрт-он беш жаштардагы бала өрүк алып келгенде, Митал талаада анын иниси менен ойноп аткан. Тамеки чаап атышкан апасы, эжелери ошол замат шакка отура калышып, кызыл, сары өрүктөрдү апылдатып жеп киришти. Митал шилекейин жутуп, алардын артында турду. Бирок бири да: – Кел өрүк же – дебеди, – же колуна эки-үч дааданы карматып коюшпады. Митал аларды бир аз карап туруп, анан адыр тарапка жөнөдү. Адырдын этегинде бак бар экенин, тамекичилердин баары өрүктү ошол жактан алып келип атышкандарын билчү. Ал жалгыз өзү уруп-салып кетип баратканда тамеки чаап аткандар баштарын көтөрүп, карап-карап калып атышты.

Бирок өрүк бакка жеткен соң эмне кылаарын билбей туруп калды. Кол жеткен ылдыйкы шактардагы мөмөлөр эчак түгөнүп, дарактын кылда чокусундагылары гана калыптыр. Митал көк тиреген дарактын тээ башында кызарып, көз жоосун алган өрүктөрдү тиктеген бойдон жалдырап турат.

---

*__Мамат САБЫРОВ__ Ноокат районунун Кашкалдак айылында төрөлгөн. Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган соң, республикалык «Ленинчил жаш», «Кыргыз Руху», «Асаба» ж.б. гезиттерде кабарчы, редактордун орунбасары, баш редактору кызматтарында эмгектенди. Бишкекте жашайт. Үй-бүлөлүү. «Жол» прозалык китеби жарык көргөн.*

www.bizdin.kg



– Абдимитал!

Карай салса, апасы чуркап келатат. Шашканынан жоолугу башынан шыпырылып, желкесине түшүп калыптыр.

Бүажар: – Балаңыз Ысак аканин багына кетти дегенде аркаңан жүгүрүп келдим, – деди энтигип. – Өзүң эле кетип калбай: – Өрүк жейм, – деп айтпайсыңбы.

Апасы ачуусу келгендей түр көрсөткөнү менен баласын эсен-аман таап алганына сүйүнгөнү сезилип турду. Шакка чыгып, бутактарды силкиди эле бышкан кыпкызыл өрүктөр чөптүн үстүнө топ-топ этип түшө баштады. Митал шашкалактап аларды терип атат, бирин жесе, бирин шапкесине салып атат. Анан экөө ээрчишип, кайра тамеки талааны көздөй жөнөштү. Алдыда апасы, артында болсо бала өрүк жеп баратат.

Арадан көп жыл өткөн соң, Митал балдарынын баары сарык болуп калып, апасына үнү каргылдана телефон чалганы бар. Эртеси таң заарда дарбаза такылдады.

– Абдимитал! Ач балам, апаң келди, – деди дарбазанын сыртындагы тааныш үн. Неберелеринин ооруганын угаар замат машинага отуруптур да, түнү менен жол жүрүп, үрөң-баранда Бишкекке келип калыптыр. Мындан отуз жыл мурда, аны артынан издеп барып, дарактын башынан өрүк алып берип, кыйын ахыбалдан куткарган сыяктуу азыр да өңү бозоруп, көзү жалдыраган уулуна жардам бергени келип калган тура. Бир гана айырмасы – анда ал билегинде күчү бар, жүз килолук түйүндөрдү трактор келчү жолго чейин жалгыз өзү көтөрүп барган карылуу келин болсо, азыр анын алдында чачы куудай аппак кемпир турду. Жамгыр жаап аткан. Үстүндөгү көйнөгү суу болуп, этине жабышып калыптыр.

– Жакшы эле таап келаткам. Бир көчө калганда адашып кетпедимби, – деди калч-калч этип. – Таң атканча шул тегеректе эле айланып жүрө берипмин...

Миталдын муундары бошоп, ыйлагысы келип кетти.

## Ыза

Апасы экөө уй кезүүгө чыкканда тамеки жаңыдан чабыла баштаган маал. Ошол күнү жамгыр нөшөрлөп жаап, өзү ыйлап атканы гана эсинде. Апасы болсо аралда (тамеки талаанын этегиндеги саздакты айылдыктар ушинтип коюшчу) бирде тамекини көздөй качкан уйларды тосуп, бирде ыйлаган балага чуркап жүргөн. Кечинде өтмө катар суу болуп, курсактары ачып, жаңы эле үйгө киришкенде: – Менин уюм кана? – деп артынан Гүлжан аттуу аял башбакты. Анын ую жеткен ууру, качанаак кара сыйыр болчу. Түндөсү казыгынан бошонуп алып, бирөөнүн чыптадагы унун, бирөөнүн терип койгон алмасын жеп, кайра келип ордуна жа-

тып алчу. Бул жолу да дарбазадан кирген соң үйдүн арты менен барып, кошунанын жүгөрүсүн аралап кеткен экен.

– Гүлжан эже, уюңузду кечке кайтарып, эшигиңиздин алдына чейин апкелип бердим. Эми казыкка да байлап беришим керек беле? – деди апасы.

Гүлжан эже чукчуң этип чыгып бараткандa чоң атасы пешайбанда отурган.

– Сурадыңбы, эмне деди?

– Сурасам, келиниңиз быбы-быбы деп койду, эмне дегенин түшүнгөн жокмун.

Үшүгөнүнөн дале калчылдап аткан апасы анын бул сөзүн укканда: «Өзүң быбы-быбы деп калсаң экен ылайым» – деп көпкө чейин өксүп ыйлаган.

Гүлжан эже кийин чын эле тили чулдурап, сүйлөй албай калды. Аны көргөн сайын апасы: «Тобо кылдым, тобо кылдым», – деп жакасын кармап алаар эле...

# Дөңдөгү сарай

Буту аксак уполномоченныйдын эң башкы милдети тамекичи аялдардын ишке чыгуусун көзөмөлдөө эле. Трактордун жер айдачу сокосунун тишин зымга байлап, жол боюндагы тытка илип койгон. Таңкы саат алтыда аны темир казык менен заңк эткизе бир урат. Бул ойгонгула дегени. Экинчи жолу урганда тамекичилер жолго аттанып, үчүнчү коңгуроого чейин анын жанынан өтүп кетиш керек. Бирок канчалык шашса да аялдардын бирөө-жарымы сөзсүз кечигет. Ар биринин тамекиден башка да үй тирилиги бар, эртең менен уй саайт, кайната-кайненесине чай берип, балдарын мектепке жиберет.

Уполномочен отурган орундук эки жолдун айрылышында болгондуктан, кечиккен аялдар түз эле анын колуна барып, түшүп калышчу.

– Силерде уят барбы? – дейт уполномочен бетин чымчып.

Келиндер болсо жоолугунун учун тиштеп, үн-сөзсүз туруп беришет.

Айыл менен тамеки талаанын ортосу бийик өр. Айылдыктар аны дөң деп коюшчу. Балалуу келиндер дөң башталган жерге жеткенде, бешигин башынан түшүрбөй колу менен белин таянып, бир дем алышат. Дөңдүн ортосуна жеткенде дале бешигин башынан түшүрбөгөн калыбында (түшүрсө кайра сөзсүз бирөө көтөртүп коюш керек болот) бир колу менен бактын четиндеги тосмону кармаганча бир дем алышат. Дөңдөн чыгып алган соң, өх деп дагы бир жолу эс алышат да, тамеки сарайга кирип барышат.

Тамеки сарайдагы балдар бакчасы Миталдын элес-булас эсинде. Бир жолу апасы аны: – «Карындашың ыйлабаптырбы, карап келчи?» – деп жиберген. Кирип барса сарайдын бир жак капталындагы узун бөлмө толтура

www.bizdin.kg



бешик экен. Ошончо бешиктин ортосунда жалгыз бир кемпир ыйлаган балдардын улам бирин терметип, упчу эмизип отурат. Кемпир ким экени, анын өңү-түсү эсинде жок. Болгону катар-катар бешиктер, анан маараган козулардай балдардын ыйлаган үндөрү гана жадында калыптыр...

## Ади кар

Уполномочен гана эмес, биргат, звийна, табилчи дегендер да камчысынан кан тамган катуу кишилер болоор эле. Имаш аттуу звина өзгөчө зулум болчу. Тамеки көчөт эгип атканда аялдар, өзгөчө жаш келиндер, заара ушатып келели деп сурангандан коркушуп, отурган жерден эле шыр эткизип кете беришчү. Алар эгип кеткен жөөктөрдүн ар кайсыл жери карарып, ылай болуп калат. Ал эмненин тагы экенин Ади аттуу тамекичилерге суу коюп берген киши гана билчү. Келиндер аны кар (дүлөй), кулагы укпайт дешип, бири-бирине болгон сырларын айта беришет. Кайненеси, абысындары менен кантип урушкандарын айтып, күйөөлөрүн, биргатти, звийнани жамандашчу. Айрымдары атүгүл «тыйт» эткизип коё да беришчү.

Ади суучу эчтеке укмаксан, билмексен болуп отура берет, жада калса ээрди бүлкүлдөп да койбойт. Эгер кымындай реакция жасаса эле, аялдар анын чала-була угаарын сезип калышып, эчтеке айтпай коёрун билчү. Кашкалдактагы катын аттуунун аялуу сырларын өмүр бою ичине катып жүрүп, кийин чал болгондо гана «жарылып» атпайбы Ади суучу.

Башкы ролду Мел Гибсон ойногон «Аялдардын эңсегени эмне?» фильмин көргөн сайын Митал ошол Ади аксакалды эстей берет.

## Чабык

Тамеки көчөттөрү аябай назик келет. Кетмендин учу тийсе эле кулагы кертилип, же бели үзүлүп түшөт. Тамекичи аялдар звийна көрүп калат деп коркушуп, «өлгөн» көчөттөрдү топуракка, кесектин астына ката коюшат. Бирок звийна баары бир таап алат. Кесектерди тээп-тээп келип эле таап алат. «Ниме балаа, мунун мурду жыт билеби» – деп таң калышат аялдар. Звийнанин табанаактыгынын сырын Митал кийин гана баамдады. Көрсө, ал көчөттөрдү көз чама менен саначу тура. Эккенде ар биринин аралыгы жарым карыштан болот. Чабыктан кийин аралары алыстап кетсе эле, демек, көчөт «өлгөн» болот. Өлгөн көчөттү аялдар, албетте, ошол эле аралыкка катат да.

Миталдын өзүнүн атасы гараждан жасатып келип берген байтешедей кипкичине кетмени бар. Ал да апасы менен жанаша бир жөөккө түшүп, чөбүн жулуп же сыртын чаап берет. Жөөктүн ичин кыра албайт. Көчөттөрдү өлтүрүп алгандан коркот. Аларга бөлүнгөн сотиктин кээ бир жери шоро, кээ бир жери шамек. Шорону чабыш оңой. Тартсаң тамыры менен

www.bizdin.kg



кошо оңой эле жулунуп кетет. Ал эми шамек болсо канчалык кырып, тамырын кесе чапсаң да бир суу ичкенде эле кайра жайнап чыга берет. Бирок баланын эң жаман көргөнү – бул мыя менен камыш. Өзү бул жерде болгону менен тамыры тээтиякка сойлоп кетет. Канчалык тартса да жулганга алы жетпейт.

– Нимеге шамекти, мыяны чапсаң деле кайра чыга берет, ал эми тамеки болсо кетмендин эпкинине эле өлүп калат?– деп суроо салат кээде апасына.

– Себеби мыя, шоро, шамек жердин өз баласы, тамеки болсо өгөй,– дейт анда апасы.

Бели талып ооруганда, оюнду эңсегенде Митал тээ ылдый жактагы дүпүйгөн бактын арасында жайгашкан айыл жакты карап, томсоро түшөт. Дулдуюп сүйлөбөй калат. Анын бул түрүн көргөн апасы алдай баштайт. Чабык бүткөндө атаңа айтып велосипед алдырып берем, – дейт. Тоодогу тагаңдардыкына барып, ат минип, кымыз ичип келесиң, – дейт. Митал дале дулдуюп үн катпайт. «Өгүнү тамеки чаап баратсам, чөптүн арасына бир бака жашынып алган экен. Мен ону көрбөпмүн. Кетменди бир шилтегенимде бак этип секирип, путумун үстүнө отуруп калды» – дейт апасы. Бала ошол замат секирген баканы элестетип, жомок уккандай көңүлү көтөрүлө түшөт. Дагы айтчы, дагы айтчы – деп омуроолоп алат.

Чабыкты эң биринчи болуп кош колдуулар, үй-бүлө мүчөлөрү көптөр бүтөт. Жалгыз бойлуулар артта калат. Митал менен апасы да дамамы элдин артында калышат. Чоң ата, чоң энеси кары, иниси менен карындашы кичине болсо, апасы түнү менен кир жууп, камыр жууруп, таң азан нан жапса, анан ишке уйкусурап, бутун араң шилтеп келсе, анан артта калат да. Кээде элдин баары бүтүп, ээн талаада экөө гана жалгыз калган учурлар болчу. Баш көтөрбөй чаап отуруп, акыры алар да солдун этегине чыгып барышат. «Уре-е!» – дейт бала кетменин көтөрүп. Бирок апасы сүйүнбөйт. Арт жакты карап, оор улутунуп алат. Себеби биринчи чабык бүткөн менен жөөктөрдүн тээ баш жагы чөп басып, экинчи чабыкка даяр болуп калган. Эрте бүткөндөр бир-эки күндөн эс алып алышты. Алар болсо кайра эле чабыкты башташы керек.

## Кара чайнек

Шашке ченде апасы аны: – Чай кайнат, – деп жумшайт. Түтүнгө ыштальп, капкара болуп калган чайнек тамекинин шагында турат. Митал аны очокко асат да, отун тергени кетет. Жөөктүн бети жайнаган тамекинин дүмүрү. Күзүндө тамекинин почогун оргондо дүмүрү калып кетет. Анан кийин жер айдалганда жанагы дүмүрлөр тамыры менен жөөктүн беттерине жайнап калат. Жамгырга жуулуп, күнгө какталып, апаппак,

www.bizdin.kg



купкургак. Митал чайды такай ошону менен кайнатат. Адегенде от күйгүзө алчу эмес. Улам астына гезиттин айрыгын тыгып, ширеңке артынан ширеңке чакса да бықшып, түтөп күйбөйт. Акыры айласы кеткенде тизелей калып, үйлөп кирет. Түтүн көзүн ачыштырып, бетине күл чачырайт. Бирок от дале күйбөйт. Анын бул ахыбалын көргөн апасы кетменин жөөккө жаткыра коюп, басып келет. Дүмүрлөрдү ары-бери жылдырып, бир үйлөсө эле күйүп кетет. «Отту күйгүзүш үчүн жүрөктө от болуш керек» – дейт.

Бара-бара Митал да от жакканды кадимкидей үйрөнүп алды. От чырт-чырт этип күйө баштаганда эле баланын көздөрүнөн да от чачырап, талааны жаңырта кыйкырат.

– Апа, күйдү!..

Чай кайнаган соң апасы оң-сол жактагы келиндерди: «У-уй, чайга келгиле!» – деп чакыра баштайт. Алар туш-тараптан убап-чубап келишип, уй мүйүз тарта отурушат. Бири гезитке, бири жоолукка ороп келген, кагаз, күн даамданган нандарын ортого коюшат. Ыш, түтүн жыттанган кара чайнектин чайы заматта эле түгөнүп, чогулгандар чала тоют болуп калышат.

–Талаанын тамагы өзү шундай ширин болот, – дейт апасы.

Ошол кара чайнекти бала кийин да көпкө чейин эстеп жүрдү. Эстеген сайын жүрөгү элжиреп кетчү.

## Дарбыз

Атасы ооруп төшөктө жаткан. Эртең менен апасы шейшебин жаңылап, дарысын, тамагын берип кетти. Кечинде чабыктан келишсе үй ичинен бакылдап-шакылдаган үндөр чыгып атат. Митал эшиктен баш бакканда эле каткырып, кол чаап аткан кишилер – атасынын достору көзгө урунду. Ортодо болсо атасы тегеренип, чимирилип, «Анжиян полкасын» бийлеп атат. Маңдайын таңган чарчысы дале башында жүрөт.

Тракторчу болуп иштеген атасы ак көңүл, дүйнө капар киши эле. Ичип келген күндөрү адегенде үйдүн ичин жаңырта обон созот.

– Он сегиз жа-а-ш, тоодон тунук булак белең?..

Анан эле шолоктоп ыйлай баштайт.

– Митал, мына апаң, мына үкаң, эми жакшы жашагыла, мен болсо кеттим, уулум...

Ал оолжуй басып чыгып кеткенде, бала да өңгүрөп ыйлап кирет.

– Апа, атам кетип калды...

Кыш чилдеде апасы жаңы туулган кызынын сүйүнчү пулун колуна карматып: «Балдардын экөөнүн тең путу жыңайлак, патиңке, оокат кылганга май-сай алып келиң», – деп Ноокатка жиберсе атасы ал күнү да бутунда тура алгыс мас болуп келди. Колунда патиңке да, май да жок.

www.bizdin.kg



– Апа, Ноокатта дагы арак болобу? – деди Митал көзү жашылданып. Ал арак Кашкалдактын дүкөнүндө эле болот деп ойлочу. Бүгүн дүкөндүн эшиги кулпу салынып, кечке жабык тургандыктан, атам кирген жок, ичкен жок деп сүйүнүп отурган. Ошондон кийин атасы Ноокатка жөнөсө да жүрөгү заарканчу болду.

Атасы бирде Кырколго, бирде Жалпак-Ташка жер айдаганы кеткен бойдон эки-үч айлап келбей жүрө берчү. Анан анын мындай жоругунан тоюп бүткөн тагалары бир күнү машина менен апасын көчүрүп кеткени келишти.

– Үйгө эки ай келбей коёт деген ниме шумдук, – деди чоң тагасы опурулуп. – Жашагысы келбесе, карындашыбызды мына азыр эле алып кетебиз.

Чоң энеси болсо улам бирөөнө жалбарып жүрөт.

– Айланайын Жоробай, айланайын Исабай, бир жолку ачууңарды маңа бергиле. Жалгыз бала болуп, эрке өсүп калган да. Токтонуп калаар. Ортодо чырактай эки бала бар, тирүү жетим кыла көрбөгүлө, айланайындар...

Тагалары бир азга кабактарын салып, түнөрүп турушуп, анан машинадан килейген чоң-чоң дарбыздарды көтөрүп келишти.

Кийин Митал ошол дарбыздарды эстеп, бир нерсени түшүнгөн. Көрсө, ошондо тагалары жөн гана Ормон опуза кылып, сес көрсөтүшкөн тура. Эгер чындап эле ажыраштыралы деген ою болсо дарбыз апкелишпейт эле да.

А атасы болсо кудай ынсап берип, ошондон кийин эле аракты таптакыр оозуна албай койду. Арак менен кошо тамекини да таштаган. Бирок көпкө чейин көк түтүндүн кумары кармап, бирөөлөр түтөтүп атканын көргөндө: – Берчи? – деп күйгүзүлбөгөн тамекини жыттапжыттап алчу.

# Курут

Бир жолу түштөнүүгө үйгө келишкенде апасы нан салынчу сандыгын карап, бирдекелерди ката койчу түйүнчөктөрүн тинтип, заманасы куурула түштү.

– Бу үй өлгүрдө жакшы көрүп жей турган сүйгүнчүктүү эчтеке да жок...

Анан ичкери кирип кетип, колуна бирдеке катып чыгып, балага сунду. Сюрприз кылып, баласын сүйүнткүсү келгендей жылмайып сунду. Анын колундагы эки даана курутту көргөндө Митал сүйүнүп кеткендей түр көрсөттү. А чынында анын эт же печенье жегиси келипаткан. Бирок апасынын шагын сындырбаш үчүн калп эле кудуңдамыш болуп койду. Үйдө кышкыга сактаган куруттан башка эч кандай чүйгүн тамак жок экенин Митал жакшы билчү.

www.bizdin.kg



# Кытай келгенде

Тамеки талаада, сарайларда кытай басып келет экен деген сөздөр жүрчү. Андай убаймалуу ушактар улам күчөп отуруп, бир күн эле: – Бүгүн келет имиш, – деп калышты.

– Бүгүн кытай келет деп атышат, – деди апасы алар төшөккө жатып атканда. – Эгер бомпа түшсө биринчи маңа түшсүн, силердин апа деп кыйкырганыңарды көрбөсөм экен.

Ошондой кыжалат күндөрдө Жали аттуу киши таң азан сыртка чыга калса, күн батыш жактан адагенде гүрүлдөп-шарылдаган добуш угулуп, анан жылт-жылт эткен жарыктар көрүнөт. Саресеп салып караса, кадимки эле танка экен. Чуркаган бойдон үйүнө кайра кириптир. Ал өзү көп балалуу киши болчу. Он баласы катар-катар болуп бир бөлмөдө жатат дейт. Жали ака аялын түрткүлөп ойготот.

– Катын тур, кытай келип калыптыр. Жакшы көргөн балдарыңдын бир-экөөн ал, Жаман-Адырга качайлы. Бардыгын алып кете албайбыз...

Ичи түтпөй кайра эшикке чыкса, боорунда кызыл жылдыздары бар танкалар так эле үйүнүн жанынан өтүп аткан экен. Кошуналардын баары жол боюнда кызыкка батып, аларды карап турушат. Булар машыгууга бараткан өзүбүздүн эле советтик танкалар экенин билгенде сүйүнгөнүнөн эки баласын алып, Жаман-Адырга качмакчы болгонун кошуналарына айтып бериптир. Кошуналары кыраан-каткы түшүп, жаман көргөн балдарың да чоңоюп атышабы деп аны көпкө чейин тамашалап жүрүшкөн.

Арадан көп жыл өткөн соң Кытайга барганда Митал ушу окуяны бир кытай жигитке саймедиреп берсе, жаңы таанышы тишин ырсайтып, бала кезде алар да чегаранын ары жагында Совет келет экен деп далай түндү кирпик какпай, калчылдап өткөрүшкөндөрүн айтты...

# Бала ууру

Бала ууру чындап эле болгонбу – муну эч ким билбейт. Бирок Чечме-Сайда бирөөнүн баласын көчөдөн алып кетиптир, Жатандан бир кичине кыз жоголгон имиш деген уу-дуу сөздөр жүрчү. Тамеки үзүп аткан маалда апасы аларды жөөк менен алдына салып алат. Артынан ээрчитсе бала ууру киши бойлуу тамекинин арасынан көрүнбөй келип, көтөрө качат деп коркчу. Балдардын кулагына да: – Үйдөн алыс кетпегиле, жат киши чакырса, жүр десе барбагыла, – деп куя берет.

Бир жолу кечке маал Митал иниси экөө өйдөкү көчөдө ойноп атышкан. Аңгыча эле мотоцикл минген бир киши алардан арыраак келип токтоду да, суу алып аткан кыздардан: – Алтынбек аканин үйү кайсы? – деп сурады.

– Онноякта – дешти кыздар. Анан: – Мына, баласы – деп Миталды көрсөтө салышты.

– Атаң үйдөбү? – бейтааныш киши эми аны карады. – Кел отур, үйүңдү көргөзөсүң.

«Кел отур» дээр замат апасынын эскертүүсү баланын мээсине шак эте түштү.

– Качтык! – деди инисине.

Экөө тамарканы аралап безип жөнөштү. Эгер тиги артынан кыйкырып, же ээрчий басып койсо эле өңгүрөп коё беришмек. Бирок бейтааныш киши мотоциклине отуруп, жол менен кетип калды.Үйгө жетээр замат апасына көчөдөн бала ууруну көргөнүн, ал жүргүлө дегенде араң качып келишкендерин энтигип атып айтайын десе, жанагы киши сөрүдө жайбаракат чай ичип отурат. Көрсө, атасы менен чогуу иштеген жигит экен.

## Ок арыктагы сөөк

Келин-кезек талаада чай ичишип отурушканда ок арыктын ичинде адамдын скелети бар десе кээ бирөөлөрү коркконунан өңдөрү бозоро түшүп, айрымдары болсо каерде-каерде деп кызыгып калышат. Ошол кызык издеген эки-үч келин апасынын ой-боюна койбой жатып, бир жолу сөөктү көргөнү барышкан. Кашкалдактыктар Зырк деп атачу бул талаа чополуу жер болгондуктан, суу жеп, бир жарым метрдей оюлуп калган ок арыктын ар кайсыл жеринде кызыл, сары таштар, дарактын тамырлары көрүнүп турчу. Скелет арыкта туурасынан жаткан экен. Белден тизеге чейин апаппак болуп ачылып калыптыр. Аны көрөөр замат келиндер: – Ай! – деп кыйкырып алышып, артка качышты.

Эски кишилер бул жер илгери чытырман токой болгон. Кийин, колхоздоштуруу маалында токойду бульдозер менен сүрдүргөндө ичинен жайнаган сөөктөр чыккан деп айтышчу. Жин арбактар жөнүндө тирукмуш сөздөр айтылгандыктан, келин-кезек, атүгүл эркек кишилер да бул жерден беймаал жүргөндөн коркушчу.

## Жамаачылуу шым

Кышкы, жайкы каникул маалында үч чакырым алыстагы ылдыйкы айылдан өзү курбалдаш тууганы мейманчылап келип калат. Анын келгени Митал үчүн майрам сыяктуу эле окуя. Кышкысын тамдын башындагы чөптү жады[1] менен экөөлөп кыркышып, атканаы чогуу тазалап, жайында болсо картошка, жүгөрү чабышат.

[1] жады – чөп кырккыч.

www.bizdin.kg



– Жүр, эми сен биздикине, – деди Нургазы бир жумадан кийин үйүнө кетип баратып. – Менин коёндорумду көрөсүң, сайга барып балык тутабыз.

Митал шыр эле макул болду. Бул учурда тамекинин биринчи тизими бүтүп, эки-үч күн дем алыш болуп калган. Бирок мээсине бир ой кылт эте түшүп, кайра айныды.

– Жок, баралбайм.

– Нимеге? – деди Нургазы анын бир заматта айнып кеткенинин себебин түшүнө албай.

– Шымым жыртык...

Нургазы аны нары бурултуп, артын карап калды.

– Шул элеби? Чечкин, мен бир паста жамап берем. Ийне, жип барбы?

Митал трусычан отурат, тиги шыпылдатып жамап атат. Бул иш менен мурда да шугулданып жүрсө керек, ийне кармаган колу дегеле эптүү.

– Кана, кийип көрчү.

Шымды кийип, күзгүдөн каранаар замат Миталдын шаабайы ого бетер сууй түштү. Күрөң түстүү шымынын көчүгүндөгү эки жыртыктын ордунда көз айнектей болуп, эки кара жамак пайда болуп калыптыр.

– Койчу эй... Ушуну менен кантип барам... Бирөө көрсө уят да.

– Эчтеке болбойт.

Суранып, алдап көндүрө албай койгон соң, Нургазы үйүнө өзү жалгыз кетти. Митал ал шымды дагы эки айдай, атасы мектеп ачылаарына карата жаңы кийим алып бергенче кийип жүрдү. Сарайга баратканда чогуу окуган, тизимде жанаша отурган кыздар жамаачымды көрбөсүн деп тамеки үзчү этегин тоголоктоп, артына далдаалап алат. Этегин жамбашына коюп бараткандай түр көргөзөт. Сарайдан чыкканда да көчүгүн этеги менен далдалап чыгат.

Аны менен чогуу окуган бир-эки тентек кыз бар. Качан болсо шылдыңдап, келекелеп басып жүрүшөт. Экөөнүн тең үйлөрү тамеки талаага кетчү жолдун боюнда. Митал келатканын алыстан эле көрүп, кээде тосмонун артына, кээде ажаткананын ичине жашынып турушат. Анан Митал жакындаар замат кыйкыра башташат.

– Сөлдөк! Жыртык шым.

Митал эңкейе калып, жерден таш алат да, үн чыккан жакка атып калат. Ажаткананын бир жак капталы же чаркардын шыйпыры тарс дей түшүп, ичкериден аялдын ачуулуу үнү чыгат.

– Уй, нимеге таш атып атасың? Колунду сындырып коёюнбу а?

– Кызыңызды карасаңыз...Сөлдөк – деп атат.

– Сөлдөк болсоң сөлдөк дейт да. Ого нимеге чычалайсың?

Ошол жылы апасы ооруканага жатып калып, атасы жалгыз өзү иштеп аткан. Тапканы бүт эле тамакка, күн сайын апасына каттаганга кетип, Миталга жаңы шым алып бергенге чамасы жок болчу.

www.bizdin.kg



# Бектемир

Экөө керээли-кечке Бостондо ойношчу. Айланасы жүз жылдык бака теректер, карт кайрагычтар менен курчалган майданчанын күнчыгыш жагында суу тегирмен, батыш тарабында дүкөн бар. Ойноп атып эле Бектемир дүкөндүн тегерегиндеги кагаздардын, тамекинин пүчөктөрүнүн арасынан пул таап алат. Көбүнесе бир сомдуктарды тапчу. «Мен кичинемде өзүмдүн богумду жеп алгамын. Шон үчүн пул таба берем»,– дейт компоюп. Ал акча таап, кудуңдаган сайын Митал да кичине кезинде өз богун өзү жеп албаганына жаман өкүнүп, ичи тызылдап калат.

Бектемир чуркаган бойдон дүкөнгө кирет да, таап алган акчасына печенье сатып алып, жарымын Миталга берет. Такай ушундай. Жалгыз тамагынан өтпөйт. Печеньени атасы сатып берсе да дикилдеген бойдон Миталга чуркап келет.

Кийин мектепке барганда да бир класска отурушту. Бектемирдин атасы толмочунан келген сары киши башталгыч класстарга сабак берчү. Бош боло калса эле Бостонго келип, эки-үч киши менен кечке шахмат ойнойт. Бектемир улам анын жанына чуркап барат, атасы чөнтөгүн чукулап, тыйын алып берет. Бектемир кайра-кайра баргандан, атасы болсо тыйын бергенден тажабайт.

Бир жолу экөө мектептин алдында ойноп атышса жолдон капталында кызыл кресты бар машина айылды көздөй өтүп кетти.

– Наркулов, сен үйүңө бара бер, – деди Райымжан агай.

Бектемир чуркап кеткен соң агайлар бири-бирин карап, баш чайкап калышты.

– Тиф болуп калган экен да, бечара...

Бектемир мектепке бир жумадан кийин, атасынын жетилиги өткөндөн кийин гана келди. Эжеси жетелеп келип, партага отургузуп кетти.

Атасы кайтыш болгондон кийин Бектемирдин мүнөзү кескин өзгөрдү. Балдар менен бирдеке талашып, же агайлар бир аз тилдеп койсо эле өксүп ыйлап кирет. Ыйлаганда үнү бир башкача муңдуу чыкчу.

Сегизинчи класста пахтадан качып, үч күндөн кийин агайлар кармап барышты.

– Кысталак, шундайыңан атаңды жутуп алгансың да, – деди курсагы салаңдаган семиз агай аны башка бир чаап.

Бектемир өңү бозоро түшүп, анан көзүнөн жашы куюлуп кетти.

– Силер дагы өлөсүңөр, – деди үнү каргылданып.

Анын бул ахыбалын көргөндө, карап турган балдардын баары аны менен кошо ыйлачудай болуп буулугуп, семиз агайды жек көрүп турушту.

Бектемирдин тагдыры аябай катуу таасир этсе керек, Митал да атасы бир аз сыркоолоп калса эле эси чыгып, бир күн аны да агайлар: – Калыков, сен үйүңө бара бер, – деп айтчудай корко берчү...

www.bizdin.kg



# «Токтолуп калган»

Аширбайдын бала кездеги аты  ач көз болчу. Бул атты ага орус тилден берген Галя эжеке койгон. Бир жолу Гүлү аттуу кыз ручкасын үйүнө унутуп коюптур. Аны менен бир партада чогуу отурган Аширбайда ашыкча ручка бар экен, бирок сураса бербеди. Эжеке ортого түшүп суранса да болбоду.

– Как будет по кыргызски жадный?– деди эжеке балдарга карап.

– Ач көз, – деди  Апиза.

– Ты оказывается ач коз – деди  эжеке Аширбайга.

Мындайда балдарга табылбай эле калат эмеспи. Аширбайдын өз аты унутулуп эле «ач көз» атыгып кетти.

Бирок жетинчи класска көчкөндө классташтары ага «Токтолуп калган» деп жаңы ат беришти.  Анткени анын баскан-турганы да, сүйлөгөнү да балдардыкынан башкача боло баштады. Көчөдө келатып бирөөнүн тамаркада иштеп атканын көрсө, тык токтоп калат.

– Сулайман ака, картишка эгишти баштадыңызбы? –дейт бөйрөгүн таянып: – Саал эртераак эмеспи?

– Эрте эмес, – дейт Сулайман ака, – мен жылда эле шу маалда эгем.

– Дагы кичине бар. Атам дагы эгели дегени мен кийинки аптага чейин коё туралы дедим. Жер саал ылайыраак да.

Биринчи класска ал эски кара сумка көтөрүп барган. Кулпунун ордуна костюмдунбу же пальтонунбу түймөсүн кадап коюптур.  Өзүнүн  айтуусуна караганда, бул уруш жылдарында анын окуучу атасы мектепке көтөргөн сумкасы экен. Ал өзү буюмду аябай этият урунган, тыкан бала эле. Башка балдар жылына бирден (кээ бирөө экиден ) өтүк  кийсе, Аширбай бир өтүктү төрт-беш жыл киет. Ошондой турмушка тыңдыгынан, бүйрөлүгүнөн чоң кишилердин баары аны жакшы көрчү. Миталдын атасы үчүн болсо ал идеалдуу баланын үлгүсү эле.

– Кысталак... Кулмат сөйрүктүн баласы... дечү тамшанып. – Мырза, мырза...Черткилеп, кийимине чаң жугузбайт. Көчөдө кетпаратса бу ким экен депмин. Абдразак жиндиге окшоп, сенин кийген пальтоңду кара...

Аширбайдын  ашкере акылдуулугун чоң энеси гана жактырчу эмес.

–Чоң атадай болуп атасына ям акыл үйрөтүп атканы, апасына ям акыл үйрөтүп  атканы. Бала деген баладай эле болсо...

Аширбайдын эрте токтолуп  алганына кээ бир мугалимдердин да жини келчү.

– Мынавы үкаңди кой дебейсиңби, – деди бир жолу Ибраим агай  Аширбайдын мугалим болуп иштеген авасына.

– Кудайыга барсаң  дагы шу жүрөт, даңганага[2] барсаң дагы тепеңдеп шу жүрөт...

---

[2]даңгана – эт бөлмөй.

www.bizdin.kg



Кийин эр жеткенде да Аширбай жеткен эзме, маңыз жигит болду. Бир жолу үйдө жаш келинчеги менен чай ичип отурса, сырттан апасы кирип эле келинине буйрук бериптир:

– Имарали аваң кечээ тойго айтып кеткен. Кичине каттама менен боорсок кыла коёлу. Сен камыр жууру, мен казанга от жага берейин.

– Каякка?– дейт Аширбай келинчеги ордунан туруп баратканын көрүп: – Отур, шашпай чайиңди ич. Ниме иш болсо анан кыла бересиң. Боорсок эч жакка качпайт.

Келинчеги кайра отуруп калат.

– Кечирип кой, – дейт анда шагы сынган апасы. – Көрсө, катыңды сен башкарат турбайсыңбы. Мен билбей эле жумшап алыпмын.

Арадан көп жыл өткөн соң Митал оорукчан апасынан кабар алганы айылга барып, классташы Назаркул экөө эшиктин алдындагы сөрүдө сүйлөшүп отурушса, көчөдөн колуна папка кармаган Аширбай өтүп калды.

– Аширбай ниме иш кылат?

– Май сатат, – деди Назаркул. – Мас болгон күнү пычагын көтөрүп аяшти кууйт, кошуналарына, үкаларина жулунат. Соо болсо мен оппозиционермин деп почточуну, магазинчини коркутат. Өгүнү Калия эжеге барып, магазиндин дакиминттарин көргөзүң, мен текшеремин дептир. Оппозиция деген өзү ниме? Ону жогортон бирөө дайындайбы же өзү эле болуп алса ям боловереви?

Болпойгон сары жигит Миталди күнөөсүз, баёо көздөрү менен суроолуу тиктеп турду...

# Сел

Бир жылы алардын бригадасы тамекини өйдөкү Айбек айылынын күнчыгыш жагындагы адырдын этегине экти. Күн сайын тамекичилерди Шимек-Жарга дөңгөлөктүү Беларустун тележкасына отургузуп алпарышчу. Жол боюнда төрт-беш үйлүү кавказ улутундагы кишилердин үйлөрү бар. Алар чечен беле, же карачайбы – буга эч ким кызыкпаса деле керек. Жалпы жонунан эле капказдар деп коюшчу. Нариман капказдин үйүнүн алдынан өтүп баратып, самсаалаган көйнөк кийген кемпирди көргөндө келиндер Миталдын апасын: – Жеңе, бирдеме деп капказча сүйлөп коюңчу, – деп кыйнай башташат. Апасы күңгөйдө уй кайтарып жүргөндө капказ кемпирден үйрөнүп алган эки-үч сөздү айтат да, келиндердин далдаасына жашынат. Тааныш сөздү укканда кемпир селт этип алып, үн каяктан чыкканына таң калып карап калат.

Тамеки талаа адыр менен айылдын ортосунда эле. Эртең менен Айбек тараптан эки-үч бала Шимек-Жарга уй, кой айдап өтүшөт. Шашке ченде кырга отуруп алышып, «Түнкү терезени» ырдашат, «Саадатымды» ырдашат. Анан: – Апа, чай апкел, курсагыбыз ачты, – деп кыйкыра башта-

www.bizdin.kg



шат. Алардын үндөрү тамеки чаап аткан келиндердин үстүнөн кыйкуу салган турналардын добушундай кайып учуп өтөт.

Бир маалда башына түйүнчөк коюп, колуна чайнек же термос кармаган аял адырды көздөй өтөт. Бул картина күн сайын кайталангандыктан, тамекичилер балдар кайсыл маалда үн салып, Кудаш Темировдун кайсыл ырын ырдашаарын, кайсыл баланын үнү кандай экенин бүт жатка билишчү.

Жамгыр себелеп киргенде тамекичилер чатырда чай ичип отурушкан. Аңгыча асман жарк-журк этип, айлана заматта алай-дүлөй боло түштү.

– Күндүн түрү жаман, айылды көздөй жыла бериш керек, – деди аялдардын бири. Айткандай эле жамгыр заматта мөндүргө айланып, жаңгактай-жаңгактай тобурчактар чатырды дыбырата сабап кирди. Жылгалардан агып түшкөн суу адырдын этегиндеги арыкка толуп, тамеки талаага жайыла баштады. Тамекичилер ичип аткан чайларын таштаган бойдон айылды көздөй качып жөнөштү. Дароо жыла беришкендери жакшы болгон экен. Алар сайдан өтөөр замат улуулап келген ылай суу жыгач көпүрөнү камгактай гана агызып кетти. Шөлбүрөп суу болгон кыз-келиндер айыл четиндеги жалгыз үйгө жүгүрүп жетип, пешайбанды пааналап калышты. Мөндүр болсо дале төгүп атат. Адырдан качып түшүшкөн кезүүнүн койлору да жанагы тамга жүгүрүп келип, кишилерди аралаган бойдон ичкерини көздөй жүткүнүп атышты.

– Арам өлгүр, карасаң чатымын арасына кирип келатат, – деди бирөө чырылдап.

– Буга да жан керек да, – деди дагы бирөө.

Баары пешайбанда жүгөрүлөрдү койгулап, тешкилеп, дарактардагы жаш мөмөлөрдү күбүп аткан чоңдугу кокон гиластай мөндүрлөрдү, жылгалардан дале аркырап түшүп аткан селди калчылдап карап турушту. Талаанын ортосундагы чатыр алыстан агарып көрүнүп турган. Бир маалда эле жалп этип кулап түштү.

Мөндүр тынаар замат тамекичилер убап-чубап өздөрүнүн айылы – Кашкалдакты көздөй бет алышты. Жол белчеден баткак. Жер бетине төшөлгөн жаңгактай болуп, дале эрибей турган мөндүрлөрдү шагырата тебелеп баратышат. Митал таңкеткачан болчу. Адегенде бир бутундагысы ылайга батып калып кетти. Анан улам бутунан суурулуп, жүдөтө бергени экинчи түгөйүн да ыргытып ийип, жылаңайлак жөнөдү.

– Ниме, патинкең көппү? – деди арттан чыккан үн.

Кылчайып караса, Азиза эжеси эки таңкеткасын тең көтөрүп келатыптыр.

Алар Кашкалдакка жеткенде айылдын четиндеги көпүрөнү да суу алып кеткен экен. Айылдагылардын баары тамекиге кеткен балдарынан, жакындарынан сарсанаа болуп, суунун ар жак өйүзүндө турушуптур. Арасында Миталдын атасы да жүрөт. Тамекичилер бул жээкте топтолуп, туруп калышты. Сайда болсо күкүктөгөн топон суу боркулдап агып жатат.

www.bizdin.kg


Эки-үч киши айылдан узун шаты таап келишип, сайдын үстүнө туурасынын жаткыра коюшту. Чоңураак балдар, кыздар шатынын үстү менен оңой эле өтүп кетишти. Мындан жаш балдарга, анан аялдарга кыйын болду. Коркуп, өталбай турушат.

– Сууну карабагыла, шатынын паканасын[3] кармап баса бергиле, – деп кыйкырышат аркы өйүздөгүлөр.

Кудум там башына чыгып бараткандай шатынын тепкичин бирден аттап, алдыда Айдар баратат. Анын артынан Митал да буттары калтырап-титиреп атып эптеп өттү. Элдин баары өтүп бүтүшүп, эң акырында Карамат аттуу келин гана калды. Шатынын үстү менен басканга такыр даабай койгондо күйөөсү Талып аттуу жигит жетелеп өткөрмөкчү болду. Келин болсо үрккөн тайдай улам артка кетенчиктейт.

– Талып, жаниң барбы?! Көтөрүп өткөр – дешти тиги жээктегилер кыйкырып. Элдин баары эми кыраан-каткы түшүп, эки жашты тамаша кылып турушту...

## Сали печел

Звийна кечке маал асманды карап: – Эртең шак түшөт, курук алабыз, – деп эскертти. Курук деп рамкеге илинип, сапсары болуп курган тамеки жиптерин айтат. Звийна менен дагы бирөө рамкедеги жиптерди кыркып, байлап турат. Дагы эки-үч адам домбокторду сарайга ташышат. Баарына таң азан келгиле деп эскертилгенине карабастан, эртеси Сали аке келген жок. Уктап калса керек. Митал жалгыз өзү ташып үлгүрбөй, кесилген домбоктор рамкага толуп кетти. «Бар, Салини чакырып кел» – деди звийна. Сали акани элдин баары печел деп коюшат. Өзү отуздардагы жигит. Бирок мүнөзү жаш баланыкындай, баёо көздөрү пылдырап, бою да пас. Печел деген ат ага ошон үчүн жармашкан. Чоң кишилер балдар бирдекени көтөрө албай калышса: «Көтөр, Сали печелге окшобой» – деп шылдыңдашат. Алсыздардын, дарманы жоктордун баарын Сали акага салыштырышат. Ошол Сали печел курук алганы келбей калып атпайбы.

Митал барып, эшиктин алдында туруп калды.

– Сали ака, ой, Сали ака..

Көпкө кыйкырып турду. Эч ким үн каткан жок. Көптөн кийин гана аркы чоң үйдөн апасы, сексендердеги кемпир чыкты. Баласынан айырмаланып, бул абдан кайраттуу, тиктегенин жалтанткан сүрдүү кемпир эле. Ошол катаал мүнөзүнөн өзүнүн эле уулдары Бурмакан паша деп жалтанып турушат. Бирөө-жарымдын баласы ыйласа, апалары шыр эле ушул кемпирге алып барышчу. Бурмакан эже кадимки эле кишилер сакалын алчу лезвия менен жамбашын, далысын кызыл ала кылып тилип берет.

[3] пакана – тепкич.

www.bizdin.kg



Бул ыкма чын эле ыйлаганды айыктырчу беле, ким билсин, бирок айылда Бурмакан эже артын тилбеген, эн салбаган бала аз эле болчу.

– Сали ака барбы? – деди бала аны көрөөр замат. – Звийна чакырып атат.

Кемпир унчукпай барып, кичи үйгө кирип кетти. Митал терезеге кантип барып калганын өзү да билбейт, карай салса эле Сали печел төшөктө жаткан экен. Кемпир төшөктү ачты да, кеп-сөзгө келбей уулун жаакка чуу эткизе бир чапты.

– Апа... ниме?.. – деди Сали печел эчтеке түшүнбөй. Анын үнүнөн жанында жаткан келинчеги да кошо ойгонуп, кайненесин көргөндө жылаңач көкүрөгүн жууркан менен калкалап отуруп калды.

– Күн түш болду го? – деди кемпир. – Тур, звийна чакырып атыптыр.

Митал Сали печелдин бекер жерден апасынан келтек жеп калганына өзүн күнөөлүү сезип, качкан бойдон кетти.

## Домбок

Домбокторду ташып алышкан соң, сарайдын башындагы мыктарга илиш керек.

– Авал битта папырыс чегип алайлы а? – дейт звийна. Устундун алдындагы бирөөнүн бүктөп койгон төшөгүнө көчүк басат да, чийбаркут шымынын (бул киши такай чийбаркут костюм-шым кийчү. Кийин Митал шаарда окуп жүргөндө ушундай костюмдар мода болуп кетип, айылга кийип барса, көргөн досторунун баары – Момунтай аканин костюмун кайдан таап алгансың деп күлүшкөн) бир жак чөнтөгүнөн кичинекей баштыкка салынган махоркасын алат. Экинчи чөнтөгүндө гезит бар. Чөнтөктө жүрө берип, бүктөлгөн жерлери айрыла жаздап калган. Акырын тартса эле тептегиз болуп айрылып калат. Анын бир учун бүктөйт да, баштыкчадагы махоркадан бириндетип себелеп салат. Анан ороп, тили менен шилекейлеген соң эрдине тиштеп, күкүрт тамызат.

Тогуз жаштагы Митал анын ар бир кыймылына суктана көз жүгүртүп, мурдун жагымдуу бир жыт өрдөгөн сайын пүчөгүн калтырса экен деп күтүп отурат. Бирок звийна анын оюн окуп, пүчөгүмдү оозуна салбасын дейби, же өрт чыгып кетет деп чочулайбы – тамекини түбүнө чейин чегип, пүчөгүн жерге таштайт да, керзи өтүгү менен сүрүп-сүрүп салат.

Звийна сарайдын башына чыгып, жайланышып отурат. Анан балыкка кайырмак ыргыткан өңдөнтүп, өйдөтөн чубалжытып илмегин түшүрөт. Митал илмекке улам бирден домбокту илип берип турат. Звийна болсо аны торсундардагы, истарапилдердеги жайнаган мыктарга четинен иле баштайт.

Бир жолу ал адаттагыдай эле сарайдын башына чыгып барып, кайырмагын таштады. Астыдагы домбоктор башка бирөөнүкү болчу. Эки зви-

www.bizdin.kg



нанын мүчөлөрү сарайда жанаша отурушат. Араларын бөлүп турган бир эле устун. Устундун бер жагы – булардыкы, нар жагы – тиги звинаныкы.

Ошентип, ал кайырмагын таштаганда илмек кошуна звинанын домбогуна илешип калып атпайбы. Звийна домбокту бир метрдей өйдө көтөрүп, анан Миталга карады да минтип койду:

– Ушинтип эле илип алса болот турбайбы. Сени илдирип убара кылбай...

Ушу тапта сырттан кошуна звийна келип калды.

– Эй, нимеге уурдап атасың? – деди бетине жаалы чыгып. – Сволучтун баласы, ичегиңди оодарып койбоюн...

Анын кыйкырганын угуп, сырттан дагы эки-үч киши чуркап келишти. Арасында табилчи, жанагы кур жалаага калган звийнанин агасы да бар.

– Үкаңди кой дебейсиңби, домбок уурдап атат, – деди кошуна звийна ызырынып. – Айтам, нимеге эле азайып калат деп...

– Уддаганым (Рга тили келчү эмес) жок, – дейт Момунтай ыйламсырап. Табилчи агасы болсо: – Мен үчүн кечирип койгула, – деп тигилерге жалбарып жүрөт.

– Мынавы сволучтун баласы илип берди да, – деди анан кошуна звийна Миталга опурулуп.

Дагы бир топко чейин кыжы-кужу болуп атышып, акыры биргат келгенде гана Момунтайды: «Өлүп кетейин, уддаган эмесмин» – деп каргантткан соң араң басылышты.

## «Спорт»

Эч ким жок боло калганда Митал да гезиттен айрып тамеки жасайт. Бирок гезитти тегиз айрый албай кыйнала берет. Махорка да табылышы кыйын. Дүкөнчү тамекини, арак-вино аттууну балдарга сатпайт. Ошондон улам Митал тамекинин кургаган жалбырагын майдалап, күкүрттүн бошогон кутусуна салып алат. Турсунбай экөө адырга кой кайтарганы барганда таштын үстүнө отуруп алып, жайбаракат тамеки чегишет. Турсунбайда дайыма чыныгы сигарет болот. Дүкөнчү ал барса унчукпай эле берет. «Кимге алып атасың» – деп сурабайт. Себеби атасы «памирди», «приманы» паровоздой эле түтөтөөрүн, тамекисиз бир күн да жашай албасын билет. Кээде шише өткөрүп эле алып алат. Алты тыйынга «Аларча», сегиз тыйынга «Спорт» деген сигарет келет. «Спорттун» сырты кыпкызыл. Турсунбай аны соруп-соруп алат да (балдардын ичинен ушул Турсунбай гана тамекинин түтүнүн ичине тарта алчу), жылганын ичи менен чуркап жөнөйт. «Спорт» кишини жаман жүгүртөт турбайбы» – дейт энтиге дем алып.

Бир жолу Митал адаттагыдай эле тамдын башына жашынып алып, өзү колдо жасаган тамекисин чегип атканда, чоң энеси көрүп калыптыр.

www.bizdin.kg



Анан кечинде балаң  тамбашыда папырыс чегип атыптыр дегенде, атасы анын кулагынан чоюп, эки жолу шапалак менен чапкан. Ошондон кийин Митал жашыруун сырын ачып койгон чыккынчыдан бетер чоң энесине катуу таарынып, эки-үч күн тултуюп жүрдү.

# Калмурат

Калмурат  андан үч жаш улуу эле. Бирок экөө дээрлик чогуу өсүп калышты. Ал Миталдын атасына жээн болгондуктан, кезүү келген сайын адырга чогуу чыгып, кой кайтарышчу. Кээ бир күндөрү Митал өзү алардыкына велосипед тепкени барат. Анын маңдайында жарык берчү чырагы, рулунда күзгүсү бар кооз велосипедин бир-эки саат эле тээп, кызыгы тарабай калса үйүңө алпарып теп, эртең сабактан келатканда өзүм минип келем деп карматып ийчү.

Кээ бир күндөрү: – Биздикине жатып келсин, – деп атасынан суранып, Миталды үйүнө ээрчитип кетет. Анан экөө жылытылбаган, муздак чоң бөлмөгө отуруп алышып, телевизор көрүшөт. Бир аз мезгил мурда эле бул бөлмөдө Калмураттын жаңы эле үйлөнгөн  агасы келинчеги менен жашачу. Бир күнү барса эле гүлдүү кооз сандыктын үстүндө жапжаңы жууркан төшөктөр жыйылып, анын өйдө жагында болсо жеңесинин түр-түр көйнөктөрү илинген, эшиктен баш бакканда эле жаңы кийимдин жыты бур этип турчу бөлмө жылан сыйпагандай болуп, жылаңач дубалдары эле калыптыр. Жеңесинин төркүнү жолдун аркы бетинде эле болчу. Агасы экөө болгону эки айдай жашап, оттору күйүшпөй калганда төркүндөрү үй ичи менен кызына берген себин бир түндө кайра ташып кетишиптир. «Апам биз да калың төлөгөнбүз, септин жаримин калтыргыла деп урушмакчы болду эле, Жунус акам баарыбызды үйгө камап, майли, бүт ташып кетсин, анавы дайүздөн кутулсам эле болду деп чыгарбай койду» – деди Калмурат Митал ээн бөлмөнү таң кала карап калганын байкап.

Телевизордо орусча мультфильм болуп атат. «Здраствуйте пра-прабабушка» – деди кичинекей кыз чачы саксайган мурду шиш кемпирге. Митал бабушканы түшүнүп, бирок пра-пра дегенди түшүнбөй калды.

– Пра-прабабушка деген ниме?

Калмурат акаси бир саам ойлоно түштү.

– Саламатсызбы, жин бабушка дегени.

Митал ынанып калды. Себеби тиги кемпирдин кебетеси чындап эле жинге окшош  болчу.

Мектеп боюнча Калмураттан өткөн дарбазачы жок эле. Бир жолу сабактан кийин эки класс  футбол ойноп, акырында он бир метрден топ тээп калышты. Митал карай салса эле шымын багалегине чейин түрүп алган Калмурат акаси жылаңайлак буту менен ылайды былч-былч эткизе тебелеп, дарбазада турат. Биринчи топ дарбазадан өйдө кетти. Экинчисин

Калмурат колу менен тосуп калды. Берки команданын балдары кезек менен улам бири чуркап келип тебет, Калмурат улам тосуп калат. Акыркы топту тоскондо классташтары: – Ураа! – деп кыйкырган бойдон чуркап барып, аны кучактап калышты.

Тогузунчу класста окуп атканда Калмураттын таң калыштуу кылыктары чыгып, ойду-дөңдү сүйлөп, анан эле жинди болуп калыптыр деген сөздөр тарай баштады. Булардын тукумунда бар, эми буга өткөн турбайбы дешти. Митал барганда кудуңдап сүйүнүп, берээрге эчтекесин таппай калчу Калмурат түнт тартып, келгендерди акшыя карап, адам менен сүйлөшкөндөн каччу болду. Ошондон улам Митал да алардыкына көп барбай калды. Бир жолу чоң энеси экөө үйдө отурушса, эшик ачылып эле Калмурат кирип келди.

– Тайне, алма бериң. Мен атайин алма жегени келдим.

Чоң энеси сандыгын ачып, катып жүргөн алмадан (алманы, жаңгакты катып, майрамдарда неберелерине таратып берчү) эки-үчөөнү алып берди эле Калмурат бирөөн ошол эле жерден качырата жеди да, чыгып кетти.

Анда-санда апасынын алын сураганы келген апжеси анын кылык-жоруктарын айтып, кейип калат.

– Кудайдын куттуу күнү карындашына суу жылыттырып жууна берет, – дейт көзүнөн жашы куюлуп. – Кечээ эле жуунбадың беле, денеңде кирам эле калбады го десем, «сыртымдагысы кеткен менен ичимдеги кетпейтат» – дейт. Бойго жетип, үйлөнүп-жайлана турган маалында айдай балам ушинтип калса ниме жакшылык...

Бир күн Калмурат шибеге менен өзүнүн балтырларын кызылала кылып сайгылап киргенде эси чыккан атасы машина таап, Майлы-Суудагы жиндиканага жеткирип келди. Апжеси андан кабар алып келатканда, сөзсүз, Миталдин чоң энесине жолугуп өтөт.

– Кандай, жылыш барбы? – дейт чоң энеси. – Силерди көргөндө келдиңерби дедиби, же дагы эле «нимеге келдиңер?» дедиби?

– «Нимеге келдиңер?» – деди.

Бир жолкусунда апжеси аябай ээни кейип келди.

– Бети-башы көгөрүп, шишип калыптыр, – деди көзүнүн жашын он талаа кылып: – Ниме болду десем: «Дуктарлар урду» – дейт.

– Ол дагы дарылоонун бир ыкмасы болсо керек, – деди мектепте мугалим болуп жүрүп пенсияга чыккан кошуна кемпир. – Көк-Белден бирөө акылынан айнып, жиндиканага апарышмакчы болгондо, коңшусу дуктур экен, коё тургулачы деп шапалак менен эки бетине тартып-тартывериптир да. Ошентсе эле айкырып-кыйкырып аткан неме дароо эсине келип, өзү: «Мен ниме болдум?» – деп таң калып отуруп калыптыр.

– Шондой эле болсо экен, – деди апжеси дале көзүнүн жашы тыйылбай.

Бир аз айыга түшсө үйгө жооп берип, оорусу кайра кармаса кайра ооруканага жеткиришип жүрүп, эки жылдан кийин жиндиканадан Калмураттын өлүгү келди.

www.bizdin.kg



Кийин Митал анын дөңгөлөгү бир жерде, рамасы бир жерде ыргытылып жаткан эски велосипедин оңдоп, минип жүрүп, бир кездеги ак көңүл, берешен акасин сагынып, ичи эңшериле берчү...

# Молдокмат

Ал жаш кезинде Жумаев аттуу раисти өлтүрүп койгон экен. Элдин айтымында, раис өзү начар киши болсо керек. Тестиер балдарды да жашын чоңойтуп согушка айдап, күйөөлөрү фронтко кеткен келиндерди каалагандай эрмектечү экен. Келиндер го майли, жаш кыздардын да көбүн булгап таштаган дешет.

Ошо Жумаев бир күнү райондон аябай мас болуп келатса ажалдуу кийиктей болуп, алдынан Молдокмат аттуу жигит оро-пара чыгып калат. Раис келатканын көргөндө четке чыгып, анын көзүнө чалдыкпаганга жакшы эле аракет кылыптыр. Бирок мастыктан көзү тумандап турган раис болбой эле тийишип, артынан кууп алат. Молдокмат качып барып, бир жарым метрлик таш дубалдын артына жашынып калса, атын чаап келип, дубалдан аттатып өтөт да, кууп жетип, далысына камчы менен эки-үч жолу чаап иет. Ошондо жаны ачып кеткен Молдокмат бычагын кындан сууруп, раисти так жүрөккө бышып алыптыр. Раис ак боз ат менип жүргөн экен. Ээрге өбөктөй калганда аттын мойну кыпкызыл канга боёлуп, ошол ахыбалда айылга кирип келген дешет көргөндөр.

Молдокмат болсо артына бурулуп, түз эле милицияга барыптыр. Сот анын өз ыктыяры менен келгенин эске алып, он жылга кесет (Согуш маалында жетекчи кызматкерди өлтүргөнү үчүн атууга кетиши да мүмкүн болчу). Ал эми Жумаевдин туугандары жайга койгон күндүн эртеси таң азан жайбашына чыгышса, белгисиз бирөө анын кабырына балтайтып «чычып» кеткен экен...

Он жыл камалып келгенден кийин Молдокмат көп жыл колхоздун ар кыл жумуштарында иштеп жүрүп, балпайган момун чал болду. Бирок ал эч кимге жамандыгы жок, ак көңүл киши болгонуна карабастан элдин баары дале андан сестенип турушчу. Өзү да элге көп кошулчу эмес.

Бир жолу Миталдын кою жоголуп кетип, ошону издеп жүргөн. Көчөдөн өтүп баратса Молдокмат карыя сөрүдө чай ичип отурган экен. Башка бирөө болсо кирип барып эле: «Кой көргөн жоксузбу?» – деп сурамак. Бирок андан сураганга даай албай койду. Арадан канча жыл өтсө да анда адамды чоочуткан кандайдыр бир сүр, киши өлтүргүч деген коркунучтуу аура бар эле. Кийин Митал ойлоп көрсө, бул айылдагы киши өлтүргөн жападан жалгыз адам экен. Бирөөнү бирөө өлтүргөн айылдын тарыхында буга чейин дегеле болбоптур. Киши өлтүрүү андан кийин кайталанган жок...

www.bizdin.kg



# Пиво ичкен киши

Үч литрликпи же беш литрликпи, айтор, каучуктан жасалган канистри дайыма анын колунда жүрчү. Талаага тамекиге чыкса да, Ноокатка, Ошко барса да алып алат. Пивону Ноокаттагы сары бочкадан куйдурат. Эгер көчөдө «сары бээ» жок болсо, ашкана-кафелерге кирип, бөтөлкөлүүсүн сатып алат. Бир отурганда төрт бөтөлкөнү шимирип ичип, калганын канистрине куйдурат. «Бул менин касалим» – дейт сурагандарга. Жердештеринен эч ким сурабайт деле, карысынан жашына чейин анын канистр көтөрүп жүргөнүнө көнүп калышкан. Бирок билбегендер, көбүнесе башка айылдыктар канистрин чулк-чулк эткизип көтөрүп баратса эле бул ниме деп сурай беришет.

Саратандын ысык күндөрүнүн биринде Митал Жаман-Адырга саман чогултканы чыкса, Пиримкул ака бир жигит менен трактордун артында көлөкөлөп отурушуптур. Митал да учурашып, алардын жанына отуруп калды.

– Ма, пиводон ичип кал, биз азыр турабыз – деди Пиримкул ака ага канистрди сунуп.

– Жок. Мен ичпейм – деди Митал.

– Вообще эле ичпейсиңби же бизден тартынып атасыңбы?

– Негизи эле ичпейм.

– Ондо сен ич, – Пиримкул ака канистрди эми тиги жигитке сунду.

Тракторчу канистрди көтөрүп, бир-эки жолу ууртамыш болду.

– Покту ям ичалбайт экенсиң – деди Пиримкул. – Эми карап тур.

Пиримкул ака кылт-кылт эткизип жутуп атат, жутуп атат... Заматта беш литрлик канистр бошой түштү.

Жетимишке чыгып, чачын, сакалын ак бубак басканга чейин ал канистрин таштаган жок. Эки-үч жыл мурун гана бизнес жасап, «крутой» машиналарды минип жүрүшкөн балдары анын дамамы кызуу жүргөнүнөн намыстанышып, эгер ичкиликти таштасаңыз биз сизди ажыга жөнөтөбүз деп шарт коюшуптур. Анын болуптур деген сөзүнө анчалык ишенишпей, атасы менен теңтуш эки-үч аксакалды чакырып келишип, ошолордун көзүнчө экинчи ичкиликти оозума албайм деген убадасын алгандан кийин гана акчасын төлөп, ажыга аттантышат.

Ажыдан келгенден кийин да айылдаштары аны качан баягысын кайра карматат экен дешип, бир-эки жылдай аңдып, пайлап жүрүштү.

# Айкыздын күйөөсү

Мурду картошкадай болгон бул өңү серт бала Миталдарга алыс тууган болуп кетчү. Миталдын оюнчук көтөрүп жүргөнүн көрсө эле жетип келип: «Маңа бер, болбосо сени кудайга тапшырыпием, о дүйнөгө барганда кыйналасың» – дейт. О дүйнө эмне экенин түшүнбөсө да кыйналасың деген сөзүнөн коркуп, Митал ага жапжаңы оюнчугун кармата коёт.

www.bizdin.kg



Ырыскелди оюнчук машинаны, же тапанчаны көз ачып жумганча «операция кылып», тетиктерин бириндетип, кайра апкелип берет. Чоң атасы, эжелери, тагалары Миталга сатып келип берген оюнчуктардын баарынын түбүнө ушул акаси жетти.

Сабакты башынан эле начар окучу. Бара-бара классынан кала баштады. Алтынчыны да, жетинчини да эки жылдан окуду. Адегенде кичүү иниси, андан соң карындашы бир жыл аны менен бир класста кошо окушуп, озуп кетишти. Акыры сегизинчи класста катары менен эки жыл отурганда мугалимдер: «Бүттү, Төрөбаев, сени окутканга биздин билимибиз жетпей калды» – деп коюшту. Аскерге да мектепти бүтпөгөн бойдон кетти.

Анын аскерге барганы өзүнчө эле жомок. Кеткенден кийин бир ай өтөт, үч ай өтөт, эч кабар жок. Апасы кыжалат болуп, улам райондук аскер комиссариатына барат, алар болсо бизде эч кандай маалымат жок деп ийиндерин куушурушат. Кээде атасы чөп орбопсуң, картишкани чаппапсың деп тилдеп койсо: «Бир-эки күндүк мыйманды урушасыңар. Шашпай тургула, армияга барганда биттаям кат жазбай койбосомбу» – деп кыр көрсөтүп калчу. Ошонусун эстеп, өкүнүп да жүрүштү.

Алты айдан кийин гана Саратов областында, курулуш батальонундамын деп кабары келди. Биринчи эле катында посылка салууну сураныптыр. Ата-энеси анын аман-эсен табылганына сүйүнүп, ошол эле күнү сураган жаңгак-мейизин салып келишти. Анан эле каттар мөндүрдөй жаай баштады. Конвертти ачып эле посылке салгыла деген сөздү окушат.

Эмнеге жарым жыл дымы чыкпай, анан эле жума сайын посылка сурай баштаганынын себебин кийин, Ырыскелди аскерден келгенде гана билип атышпайбы. Кара-Суудан поезд менен жөнөп атканда Абдылда аттуу айылдашын ээндетип, биздин айылдын адреси кандай эле, жазып берчи дептир. Абдылда жазып берсе бүктөп туруп, чөнтөгүнө салып алат. Аскер бөлүгүнө бараар замат чакырылгандардын баарын чечинтип, мончого алып киришет. Жуунуп, кайра чыгышса эле баягы кийимдеринин бири жок, ордуна аскер формасы туруп калыптыр дейт. Абдылда жазып берген дарек да ошол кийим менен кошо отко ыргытылып кетиптир.

Кудай жалгап, жарым жылдан кийин кашкалдактык дагы бир бала Ырыскелди кызмат кылган бөлүккө түшүп, айылдын дарегин кайра ошого жаздырып алат. Бирок даректи тапкан менен кат жаза албай, чогуу кызмат кылышкан кыргыз балдарга жалдырайт. Алар болсо тамашага салымыш болуп, улам посылке салгыла деп жаза беришчү экен.

Ал үйлөнгөндө Митал шаарда окуп аткан. Бир жолу каникулга барганда аны менен учурашып, жеңесин көргөнгө атайын кирди. Ырыскелди бир жакка чыгып кетип, үйдө иниси Досалы бар экен. Экөө кобурашып отурушту. Аңгыча эле Ырыскелди өзү да келип калды.

– Азыр катынын мактайт, – деди Досалы Миталга көз ымдап.

Ырыскелди адегенде качан келдиң, окууларың жакшыбы? – деп сурамыш болду.

– Женең жүда кыйын чыкты, – деди анан оозу жалжайып, – көрдүңбү, үйлөрдү актап, оңоп койду.

Тамак желип бүткөндөн кийин Миталды көчөгө чейин узатып чыкты.

– Аш кандай болуптур?

– Жакшы.

– Женең өзү дамдади. Дагы печкага пышып, ончолук жакшы болбой калды да. Очок болгондо өрмөлөтүп таштайт эле...

Көчөдө эки-үч киши башка нерсе жөнүндө сүйлөшүп отурушса деле Ырыскелди сөзгө кошулуп, сөзсүз, аялын кыстара кеткенди адат кылып алыптыр. Мисалы, алма жөнүндө сөз болуп калса: «Мен Айкызга үйлөнгөн жылы болсо керек эле, алмалар раса болгон да», же «атам азыр минип жүргөн машинасын мен Айкызга үйлөнгөндөн бир жылдан кийин алды» – дейт.

– Аяш жүда кыйын чыкты, – дешет, анын сырын жакшы билген теңтуштары кытмыр күлүшүп, – тириликке жаман пукта да. Байкап атасыңарбы, үйлөнгөндөн кийин Ырыскелди кадимкидей толду эй...

Арадан бир топ жыл өткөндөн кийин Митал кулк-мүнөзү айылдагы Ырыскелди акасин эске салган дагы бир кишини жолуктуруп, ичи элжиреген.

Чогуу иштеген кишинин үйүнө бара калса эле ал эки айылдаш досу менен арак ичип отуруптур.

– Аялым үч жолу обком болду, – деди тармал чачын өйдө каратып тараган киши.

– Облкеңешке депутат болгон да, – жанындагы шериги Миталды карап түшүндүрмө бермекчи болду эле, тармал чач анын сөзүн чорт бөлдү.

– Депутат эмес, обком болгон.

– Каякта обком? Обком Аманбаев да.

– Аманбаев ол первый секретарь, менин аялым болсо член обком болгон.

– А шондой десең... Муну менен эми ниме айтмакчысың?

Мурутчан сөөмөйүн сырайтып көтөрүп койду.

– Воспитание!

Отургандар дуу күлүп калышты.

## Абдиназар гажир

Эскилердин айтуусуна караганда, илгери Кашкалдак (кашкалдак – камыштын арасында жашаган боз чымчык) камыштуу жер болуптур. Арасында каман, атүгүл жолборстор жойлоп жүрчү экен. Ал камыштын чет-четин Митал да көрүп калды. Жыл сайын күзүндө колхоз эркектерди камыш оргонго жиберчү. Алар кетээр замат жол менен бийиктиги эки-үч метрлик камыштар машинанын үстүндө гүлү үкүнүн жүнүндөй сеңселип, үлпүлдөп өтө баштайт. Анан аялдар сарайга отуруп алып, ал камыштан тамекинин парнигин жаба турган чий токушчу.

www.bizdin.kg



Согуш жылдарында ушул айылдык Абдиназар аттуу киши аскерден качып келип (фронтко жөнөп атканда эшелондон түшүп калса керек), ушу камыштын арасына жашынып жатыптыр. Күнүгө бир маал жаш келинчеги тамак жеткирип барып турат. Анан инисиби же агасыбы, жакын досубу, айтор, көздөй кишиси бозо көтөрүп барып, экөө кыйла кызып калганда: – Сен кетээр замат аялың паланча менен жүрүп кетти, – деп ушактап салыптыр. Эртеси келинчеги адатынча тамак жеткирип барганда: «Менин көзүмө чөп салчу сенби» – деп аябайт сабайт. Жаны ачыган келин: «Эрлүү катын таяк жейт» – деп ыйбаа кылып отурбай түз эле районго барып: «Күйөөм дизертир, Токсонбайдын камышынын арасында жашынып отурат» – деп айтат. Айтмак түгүл, каерде экенинен бери көргөзүп берет. Райондон келген эки киши аны андып барып кармашып, колунан байлап алып кетишет.

Кадимки эле Айтматовдун «Бетме-бет» повестин эске салган сюжет. Бирок таластык Ысмайылдан айырмаланып, кашкалдактык Абдиназар согуштан аман-эсен кайра келди. Ажалы жок экен, штрафтык батальондо шериктери бүт окко учканда да ал тирүү калыптыр. Күнөөсү жуулгандан кийин жаңы уюшулган жөө аскерлер дивизиясына которулуп, Оруссиянын, Украинанын токойлорун, талааларын түрө кыдырып, курчоодо калганда андан да эсен-соо чыгыптыр. Кээде айылдаштарынын бирөө-жарымы уруштагы окуяларын сурап калса: «Качып барып, ажатканага жашынып калдым. Шу маалда битта семиз немис келип, уборниктин туткасын тартып көрдү. Анан нарыраак барып, шыр-р эткизип сийди дагы аптаматын ийнине кайра арта салып кете берди. Эгер ошондо эшикти катуу тартса же ким бар, чык бери деп аптаматын мээлеп туруп алса өлдүм эле да» – деп бежиреп калчу.

Анын чын менен калптын ортосундагы пронттук икаялары аябай көп эле. Айрыкча бир окуясын кайра-кайра кайталап айтчу. «Жамгырдай жааган пулеметтун огунан баарыбыз жатып калдык. Баш көтөрсөң эле ок так төбөңөн ышкырып өтөт. Жамгыр болсо чакалап куюп атат. Аңгыча эле шам кирип, айлананы караңгылык чулгай баштады. Адегенде жанымдагылардын сүйлөгөнү угулуп аткан. Анан эле ичнерсе көрүнбөй да, угулбай да калды. Караңгы кирген сайын курсагым бир ачат десең, бир ачат. – Эй, ким бар – деп шыбырасам оягым дагы жымжырт, буягым дагы жымжырт. А, ужин болуп, бардыгы кетип калган турбайбы деп мен дагы сойлой баштадым. Кыйла баргандан кийин башымды көтөрсөм чын эле полевоя кухня келип, солдаттардын баари очиретте турат. Мен дагы барып, шолордун аркасына туруп калдым. Очирет жеткенде кателогумду сунсам каша салып берди . Отуруп, кашык менен уруп атам. Жеп атып тыңшасам галаты-галаты сөздөр угулат. Жамгырда мен плащ палатка кийип алгамын да. Олор дагы плащ-палаткачан экен. Адашып немистердин арасына келип калганымды сезгенде, апитит кык эле буулду. Эми ниме кылдым? Ояк-биягымы карап, секин жылып жөнөдүм. Отурган киши

www.bizdin.kg


болуп эле көчүгүм менен жылып атам. Качан олордун карааны көрүнбөй калганда гана сойлоп баштадым. Канча сойлодум билбейм, бир маалда алдыман: «Стой, кто идет?» – деген үн чыкты. Это я, Мурадилов десем: «Яптвоймать, где ты ходишь?» дейт. Командирибиз экен. Эй, мен немистер менен отуруп, каша жеп келдим десем ич кимиси ишенбейт. Качан кателоктогу кашанын жугун көргөзгөндө гана ооздорун ачып калышты.

Өзү бою кичирээк, бирок аябай чогоол киши эле. Ошол мүнөзүнөн айылдыктар аны Абдиназар гажир деп коюшчу.

# Атаандаштар

Алар советтик мезгилдин көмүскө миллионерлери, азыркынын тили менен айтканда олигархтары болчу. Райондо алардан башка мындай масштабдагы байлар жок болгондуктан, экөө сатып алган ар бир буюму, жеген тамагы, кийген кийими боюнча күн сайын атаандашып, калган эл эки күркүлдүн ошол атаандашуусун таразага салып, талкуулап эле отурушчу. Кээ бир күндөрү алар өздөрү унчугушпаса деле эл аңдып, сырттан байкап, бул жолку жеңишти бирөөнө ыйгарып, муну менен экинчисинин намысына тийип, жооп кайтарган кадам жасоого мажбурлап ийишчү.

Алардын бири Жумаш көмүр кенинде таразачылардын бригадириби же нөөмөт начальнигиби болуп иштечү. Элдин айтуусуна караганда, күн сайын кечке жуук, жумуш күнү бүтөөр маалда таразанын жанына келсе таразачы столунун суурмасын ачат экен. «Жумаш суурмадагы акчадан ирик-ириктерин, 50, 100 сомдуктарын гана терип алат экен. Күнүнө 100 сомдон алса ям чакана пулбу?» – дешчү.

Ал эми экинчиси – Парманкул райондук автобазанын начальниги болчу. Ал дагы күнүгө кассага түшкөн акчадан алчу беле же башка булагы барбы – бул көпчүлүк үчүн табышмак. Болгону анын акчасы да Жумаштыкы менен тең чамалаш экенин, андан ашса ашып, бирок асти кем калбасын гана билишчү.

Парманкул машинага ышкыбоздугу менен белгилүү эле. Кандай гана жаңы машина чыкпасын Ноокатка биринчи болуп ошол Парманкул алып келчү. Биринчи «Жигулини» да, биринчи «Ниваны» да дал ошол апкелген. Ал улам бир жаңы машинаны алып келип, автобекетке токтотуп койгон сайын жоон топ киши аны тегеректеп, соңуркап карап, кээ бирөөлөрү атүгүл мосту кандай болду экен, кардани кандай болду экен деп астына чейин сойлоп киришчү. Бир жолу ал бир упузун иномарканы минип келген. Ал кара машина бирде бул айылда, бирде тигил айылда көрүндү дегиче иштеп аткандар ишин, тамак ичип аткандар ашын таштап коюп, көргөнү көчөгө чуркап чыгышчу.

Ошол жылдары Ноокатка бир МАИ инспектору келген. Анын алкымы чоңдугунан, мүнөзүнүн катаалдыгынан шоопур аттуунун баары ый-

www.bizdin.kg



кудан чочуп ойгончу. Ошол МАИчи үйлөнгөндө ЗАГСка Парманкулдун машинасы менен чыкты. Парманкулдун иномарка мингени жарым жыл сөз болсо, калган жарым жыл МАИчинин кантип ЗАГСка чыкканы талкуу болгон.

Автобазада иштеген шопурлардын баары Парманкул күнүгө бир маал кабинетинен чыгып, колундагы тапанчасы менен бактын башында конуп отурган чымчыктарды уулап жүргөнүн көрүшчү. Бирөөлөр аны чыныгы тапанча десе, дагы бирөө жок тирдики экен дешчү. Бирок кандай болгон күндө да ошол мезгилде автобазада иштеген кишинин куралчан жүргөнүнүн өзү таң калыштуу көрүнүш болчу.

Парманкулдун машинадан бөлөк дагы бир хоббиси – бул аялдар дешчү. Кыязы, көзүнө урунган сулуу кызды соо койбосо керек. Бир жолу радиодон мукам үндүү бир ырчы ырдап атканда ошол жерде тургандардын баары шундай ырчы катының болсо я деп тамшанышкандарын көрүп: «Керек болсо мен эртең эле Фрунзеге барып, жердин жети түбүнөн болсо да таап, бир түн койнунда жатып келем» – деп мелдешиптир. Анан шаарга барып, ал ырчы кызды таап, бирок бекер эле барыпмын, көз айнек тагынган капкара катын экен деп ирээнжип келген имиш.

Жумаш болсо дүңгүрөтө той бергени, анан кээ бир таң калыштуу кыялжоругу менен белгилүү эле. Өзү куш кармап, дем алыш күндөрү аңчылык менен эрмектенчү. Айылдын үстүндө кекилик-чил жайнаган бир жылга бар. Ал төрт-беш кекиликти алдырып, кызуусу тарамайынча бүркүтчү чалдар сабыр кылып, күтүп турушчу. Качан Жумаш уруксат бергенден кийин гана куштарынын томогосун сыйрышчу.

Бир жолу өсөрлүк чал таң азанда сыртка чыга койсо, тосмодо бир бүркүт конуп туруптур. «Үйгө кирип, кичине гөш апчыгып, пөпөлөп чыкырсам, тапталган үйрөтүлгөн куш экен, колума келип конуп калды дейт.

Аксакал ошол замат көчөгө чыгып: – Мен бир куш кармап алдым, ээси табылса алып кетсин, – деп улам бир кишиден кабар айттыра берет. Жанаша жайгашкан Өсөр, Арал, Жатан айылдарында куш таптагандар анчалык деле көп эмес. Ошондуктан карыя бул Жумаштын эле кушу болсо керек деп болжолдоп, ичинен илайим ошонуку болгой эле деп тилеп отурат. Айткандай эле түш ооп, барбаландаган Жумаш кирип келет. Дарбазадан кирип эле: «Ава, менин бүркүтүмдү кармап алган турбайсызбы. Мына сүйүнчүсү деп үчта эллик сомдукту карматып, эртең дагы бир машина көмүр түшүртүп берем» – деди. Мен: «Авал кушту көр, сеники болсо алып кет дедим эле кирип кетип, жок, башка куш турбайбы деп чыкты» – дейт.

Куштун чыныгы ээси бир жумадан кийин табылат. «Наинсап, сүйүнчүсүнө беш сом пул берди. Бир аптадан бери ого гөш сатып алганга эле 20 сомдон ашык пулум кетти эле» – деп тиги карыя көпкө наалып жүргөн.

Дагы бир жолу Жалдан келген гилемчи кыздарга миң сомго узуну алты, эни үч метрлик килем соктуруп, атканага жайып, үстүнө атын байлап коёт.

www.bizdin.kg



Ушундай кылыктары көбөйгөндөн көбөйүп отуруп, бир күнү колуна мылтык алып, тоого чыгып кетет.Туугандары кабатыр болуп, артынан барышса ташка жашынып алып, мылтыктан удаа-удаа ок атып, бирөөн да жолотпой коёт. Дүрбү салып, бир суткадай аңдып отурушуп, качан ташка сүйөнгөн бойдон уктап кеткенде шыбырт алдырбай сойлоп барышат да, буту-колунан байлап келишет. Өз ара кеңешишип, буга жин тийген деген бүтүмгө келишет да, эч кимге билдирбей молдого окуттура башташат. Кийин ошол Жумаштын үйүнө барып, «Чилясынга» алган молдо минтип айтып берген. «Окуп атам, окуп атам, ол болсо кайип болгон кишидей сулк жатат. Бир маалда ордунан турду дагы төрдө турган сандыгын ачып: «Эй молдо, бери кел» – деди. Жанына барсам айланайын, сандыктын ичи жык эле пул экен. Жагзал он, жыйырма беш, жүз сомдук пачкалар. «Шунча пулуң болсо сен дагы жинди болот элең да, чынбы?» – деди. Мен чын десем: «Ма, мынаны ал дагы экинчи келбе» – деп жүз сом берди.

Парманкул менен Жумаштын атаандаштыгы негизинен эл оозунда гана айтылган, ушак менен чындыктын ортосундагы сөздөр болчу. Бир жолу ага Митал өзү күбө болду. Кыр-Колдон келатып, магазинге кире калса, Парманкул менен Жумаш ошол жерде экен. Адегенде Парманкул жүз сом берип, бир пачка сигарет деди. Дүкөнчү бир пачка «Комуз» менен арткан пулду берди эле: «Мен качан здачи алчу элем» – деп жини келип кетти. Анан Жумаш дагы жүз сом берип, битта «Экстра» арак алды. Дүкөнчү арткан пулун сунду эле ал да кереги жок дегендей колун шилтеп койду.

– Бүгүн колуңа битта эмес, бараварига экита карга чычты окшойт, – деди жарданып карап тургандардын бири .

– Балааниби, – деди анда дүкөнчү кайдыгер. – Азыр силердин көзүңөрчө эле шонтип атышат. Бир пастан кийин ар бири өз-өзүнчө келип, бир тыйынга чейин санап алышат .

Экөө тең жаш кетишти. Парманкул рак менен ооруп өлдү. Уулу түрмөгө түшүп, ал жактан баңги болуп чыкты. Жумаш болсо эки жолу инфаркт болду. Алгачкы жолу 1990-жылы 50 жана 100 сомдук купюралар алмашканда чыпта-чыпта пулдары «күйүп» кетип, жүрөгүн мыкчып жыгылган дешет. Экинчи жолу 1993-жылы сом киргизилгенде калган миллиондору да тыйынга айланып, биротоло турбай калыптыр.

Азыр анын балдары айылдын карапайым кишилериндей эле эптеп күн көрүшөт. Миллиондору анын өзүнө да, балдарына да оопа кылган жок.

## Кашкалдак

Митал жайкы каникул мезгилинде бир гектар тамеки алган тагасыныкына жардамга барып, көпкө жүрүп калды. Кызыл-Тейиттин жери бир аз ойдуңураактыгы эле болбосо ал бала кезден көрүп көнгөн ошол эле тамеки талаа, ар кайсыл жерине канал казылган ошол эле саздак жерлер. Бир жумага чейин бул жердин чоочундугу көп деле билинген жок.

www.bizdin.kg



Тагасынын өзү теңдүү уулу экөө кечке тамеки чабышат, түш ченде сайга барып киринишет. Бирок улам убакыт өткөн сайын Митал өзүнөн өзү чүнчүп, тагасынын кыздары тамашалап коюшса да, көзүнө жаш тегеренип кетчү болду..

– Үйүн сагынган окшойт, – деди таженеси бир күнү эртең менен.

Чай ичишкен соң тагасы анын колуна пул берип, автобекетке жеткирип койду.

Митал жакын жердеги базарга кирди да, тагасы берген пулга анделек сатып алып, айылына жөө жөнөдү. Жалаң орустар иштеген метеорологдордун станциясы (балдар ал жерге зоопаркка баргандай атайын чочко көргөнү барышчу), ХРСУ деп коёт, жолчулардын, куруучулардын ишканасы бүтүп, тамеки талаа башталган жерде Кашкалдак шаңк этип көрүнө түшөт. Митал район менен айылды бөлүп турган ошол чекке жетип, узунунан суналган Жаман-Адырды, анын этегиндеги бак жамынган айылын көргөндө өзүн кармана албай ыйлап ийди. Эми ойлоп көрсө, туулган жер, өз үй деген сезимди биринчи жолу ал ошондо туйган экен.

Андан бери далай жылдар өттү. Бирок азыр да, жашы элүүгө чамалап калган Митал анда-санда айылына барып калганда Кашкалдактын карааны көрүнөөр замат кудум ошол он жашар кезиндегидей жүрөгү опкоолжуп, дене бою дүркүрөп кетет...

---

www.bizdin.kg





Поэзия

Атантай
АКБАРОВ

# Улуттук идеология

*Кыргыздар бирин – бири аяш керек!*
*Кыргыздар бирин – бири таяш керек!*
*Кыргыздын кош канаты – Түндүк, Түштүк,*
*Кыргызга учууга кош канат керек!*

*Кыргыздар бирин – бири колдош керек!*
*Кыргыздар бирин – бири коргош керек!*
*Кыргыздын кош кареги – Түндүк, Түштүк,*
*Кыргыздар Авель, Каин болбош керек!*

*Кыргыздар бирин – бири сатпаш керек!*
*Меккеден Мекенди ыйык сакташ керек!*
*Калк үчүн күйгөн атуул, акындарды*
*Касымдай кыйнап туруп атпаш керек!*

*Бир кыргыз өзүн эки бөлбөш керек,*
*Кыргыздар бөлүнгөндөн өлбөш керек!*
*Кыргызды кыргыз гана сактап калат !*
*Ар кыргыз Ата Журтту жөлөш керек!*

***Атантай АКБАРОВ*** *– 1960-жылы Чаткал районунда туулган. ОшМИнин филология факультетин бүтүргөн. Азыр Бишкек шаарында жашайт. КР ЖКнын аппаратынын редакциялык-басма бөлүмүнүн улук консультанты. А. Акбаров – Алыкул Осмонов жана Молдо Нияз атындагы республикалык адабий сыйлыктардын жана Жалалиддин Руми атындагы эл аралык сыйлыктын ээси.*

www.bizdin.kg



*Эмне улук – айкөл кыргыз элим улук!*
*Бабалар мурас кылган Мекен улук!*
*Эмне ыйык – асыл кыргыз тилим ыйык!*
*Буларсыз болобуз биз тукум курут!*

*Бар болгун! Бир бол! Бай бол! Бий бол, кыргыз!*
*Асыл ой, ак сөз, ак иш жетектесин!*
*Жанымды сага таштайм, өлбө кыргыз!*
*Мекенге деним кошом, тепсетпегин!*

## Тирүүлүктө биз тирүүлөй мекенбиз!

*Трууган жерден түйүп алып топурак,*
*Ата-бабам жоону сүрүп келишкен.*
*Кан майданда каза тапса, дал ошол*
*топуракты бейитине себишкен.*

*Мекен ошол – атаң, анан бабалар,*
*Ошон үчүн Ата Мекен аталган.*
*Мекен менен бир тагдырлаш, бир дене*
*экениңди сен да түйгүн, жаш адам.*

*Өмүр жолдун өрүн көздөй баратып,*
*Өзүбүз да көп байкабайт экенбиз.*
*Тизе бүкпөй баба салтты улаган,*
*Тирүүлүктө биз тирүүлөй Мекенбиз.*

*Сыйыртмактай тоскоолдорду чарт үзүп,*
*Сыймык, даңкын көтөр, боорум, Мекендин.*
*Жакшы ыр менен жакшы иштерге өлүм жок,*
*Жашоону актап жарк этпесең бекерсиң.*

*Мээнет гана жасай алат дөөлөттү,*
*Жаның – элге, дениң – жерге карыздар.*
*Дооруң сатар, ишиң сатпайт, оо кандаш,*
*Мезгилиңде мезгилден күч агып кал.*

*Жер карасаң жексен болот Мекениң,*
*Жан жалп өчсө, ууч топурак экенбиз.*
*Тизе бүкпөй баба салтты улаган,*
*Тирүүлүктө биз тирүүлөй Мекенбиз!*

www.bizdin.kg



# Пайгамбарлар бардыгы акын болушкан...

*«Чыныгы акындар – пайгамбарлар».*
**(Пьер Леру – француз философу)**

*Пайгамбарлар бардыгы акын болушкан,*
*Ай-ааламдан асылдыкты чогулткан.*
*Өткөөл салып сүйүү менен ыймандан,*
*Акыйкаттан Кудайга жол согушкан.*

*Пайгамбарлар бардыгы акын болушкан,*
*Азаттыктын улуу ырын созушкан.*
*Байлык, бийлик, алктын болгон курманы,*
*Адамзаттын бактысы үчүн оорушкан.*

*Кудай берген миссияны пир тутуп,*
*Алар дайым мезгилинен озушкан.*
*Өмүр-жашын узартсак – деп адамдын,*
*Өз өмүрүн курман чалып коюшкан.*

*Пайгамбарлар бардыгы акын болушкан,*
*Мен да көктөн аян тыңшап келемин.*
*А пайгамбар болбой койгон себебим,*
*Ыйык жолго небак түшкөн элдемин.*

*Акындык не? Билгенге зор Ааламды*
*Алакандай жүрөгүңдөн өткөрүү.*
*Акын болуу – ар бир ырың аркылуу*
*Адамзатты бир тепкичке көтөрүү!..*

*Пайгамбарлар бардыгы акын болушкан...*

# Сүйүү ырын окусам дейм кудайга

*Мөөнөт келип, кайра күйгөн шам өңдүү,*
*Мен Кудайга айтам бир күн : «Ассалам!..»*
*Ага чейин түбөлүк жол тууралуу*
*Кылымдардын канатына кат жазам.*

*Кездешкенде, баш койгон соң өлүмгө,*
*Мен Кудайдын карап туруп көзүнө,*
*Кепти коюп келет бир ыр окугум,*
*Түбөлүктүү улуу сүйүү жөнүндө.*

*Ал анткеним, жерге кирсин жек көрүү!..*
*Ак сүйүүдөн башкасынын баары калп.*
*Адамдагы асылдыктан башка бүт*
*нерселериң бир тыйынга арзыбайт!*

## Аквариум жана чексиздик

*Аквариумда сүзүп жүргөн балыктар*
*Азаттыкты көксөп көккө секирет.*
*Айнек менен тосуп койсоң суу үстүн,*
*Аны сүзүп, үмүттөрү жешилет.*

*Алып койсоң деле кийин айнекти,*
*Ал балыктар кайра бийик ыргышпайт.*
*Балдар дагы баары изденгич башында,*
*Бой жеткен соң изденбейт, көп тырышпайт.*

*Акыл-руху сенек чоңдор, анткени*
*«Антпе!» – дешип, чексиз тыюу салышат.*
*Аквариумдун балыгы окшоп а балдар,*
*Изденгичтик сапаттарын танышат.*

*Чексиздиктен ченем жолго түшкөндөр,*
*Жаратмандык кудуреттен калышат.*
*Айдамалар өз багытын жоготкон,*
*Аквариумдун балыгы окшоп карышат.*

## Булбул

*Булбул деген эзелтен булбул экен,*
*Булкуп жүрөк, сайрашы муңдуу экен,*
*Канкор бүркүт текөөрүн каакы көрбөй,*
*Кастарлаган чындыкты кургур экен.*

*Бак-таалайдын байыртан кемчилдигин,*
*Калп дегениң качанкы эскилигин,*
*Булбул байкуш буулугуп, сыздап айтып,*
*Тилейт бизге Теңирдин теңчилигин.*

*Кан төгүлгөн жерлерде какайт булбул,*
*Жаз чакырып жүрөккө какшайт булбул.*
*Булбул иши кулдуктан куткаруудур,*
*Чексиздикке чакырып жашайт булбул.*

www.bizdin.kg


*Булбул не деп жатканын билип сайрайт,*
*Өзүн өзү унутуп ийип сайрайт.*
*Булбул сүйөт түбөлүк чексиздикти,*
*Булбул жапыз учса да, бийик сайрайт.*

*Жүрөк дарты булбулдун айыктакпы?*
*Таажычан гүл – тактысыз ханышасы.*
*Булбул – билсең сүйүүнүн накта кулу!*
*Булбул – ошол кусалык падышасы!*

## Мен ар дайым карыптар тараптамын

*Ар пендеңе, оо Кудай, көз бере көр!*
*Эч ким сокур болбосун Жаратканым!*
*Көкүрөгү көрлөрдү мен жек көрөм,*
*Бирок көзү азиздер тараптамын.*

*Ар пендеңе, оо Кудай, сөз бере көр!*
*Эч ким дудук болбосун Жаратканым!*
*Тил кескендер сөөк өч душман мага,*
*Мен ар дайым дудуктар тараптамын.*

*Бар мүчөсү, акылы түгөл болсун!*
*Кор болбосун түк эч ким Жаратканым!*
*Шах, бектерди мен билем шайтан албайт...*
*Мен ар дайым карыптар тараптамын!*

www.bizdin.kg



*Проза*



**Жумабек ТОКТОГАЗИЕВ**

# ЗАРУРАТ ЗАКЫМ

## (аңгеме)

– Сенин келээр жолуңду кайта-кайта утурлап, серепчилей карап аябай зарыга күттүм. Бу саам сен чыны менен эле аябай кечигип келдиң. Же, мага ушундай сезилип кеттиби, билбейм…. Деги жакшы эле жүрөсүңбү?

– Келдим…Сара… келдим. Эмне кылайын. Сени саргайта күттүрүп салайын деген оюм жок эмеспи, өзүң деле жакшы билесиң да. Кантейин, экөөбүздү Кудай Таала ушинтип койбодубу. Зар жашоого салып таштабадыбы, экөөбүздү кууратып. Бул Кудайдын каалоосу экен, айлабыз дагы жок. Башка кандай арга тапмак элек. Жардан да жаман жерге такалып отурбайбызбы. Баягыдай каалаган күнүбүздө, каалаган саатыбызда жолуктурбай, минтип, экөөбүздү эки тарапта зар кылып кармап жатпайбы, Кудай Таалам өзү да…

– Ушуга дагы шүгүрчүлүк кылалы. Байыстап отурчу мындай. Келбей жатып эле үшкүрүнүп киресиң да.

– Сара, эгерде баарысы менин колумда турса, экөөбүз минтип, күкүк менен зейнеп болуп калбайт элек го, атаганат. Айталы, мезгилди артка,

---

*Жумабек ТОКТОГАЗИЕВ 1948-жылдын 19-мартында Кара-Буура районундагы айтылуу Шекер айылында туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуган. «Чагылгандын жарыгы» аттуу аңгемелер жыйнагы 2007-жылы «Гүлчынар» басмасынан жарык көрсө, «Сүтактын үнү» китеби жарык көрүү алдында турат.*

*Төрт көшөгө, жети сүрөттөн турган «Жетөөнүн баяны» драмасы Чыңгыз Айтматов жылына арналып, аны Шекер элдик театрынын жамааты коюуга киришти.*

*Бүгүнкү күндө Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзунун «Кыргыз адабияты» гезитинде иштеп жатат.*

www.bizdin.kg



артка болгондо да туптуура жарым кылымды кайрадан артка айландырып салбайт белем, мен кургур. Антип салыш менин колумдан эч келбейт экен. Бир эле мен эмес, бул мүлдө адамзатынын колунан келерлик иш эмес тура. Өткөн күндөрүбүздү ойлосом, же эстеп кетсем, көкүрөгүмдөн ысык үшкүрүк чыккандан башка эч нерсе, эч нерсе жок. Кээде жалгыз ээндикте калганымда баарысын эстеп, ыйлап алчу да болдум. Кул дагы мендей болбостур деп кетем. Кул менден ийги, өйдө... Кантип өңгүрөп ыйламак элем. Анымдын кимге кереги бар эле. Ырас, мунумду бир гана сен билип, сен гана көрүп жатасың. Мына ушул жерге сага жолукканы келип жүргөнүм менен менин эмне кылып, эмне иштеп жүргөнүмдү өзүң күндө эле көрүп, ар дайым мени менен аралашып деле жүрөсүң го. Алла Таалам экөөбүзгө жар болсун. Башка сага эмнени айтмак элем, Сара. Минтип кечигип келгенимдин дагы себебин өзүң жакшы билип турасың...

– Болду эми... саал болсо эле токтобой ыйлактап киресиң да мага, байкушум. Өзүң айткандай сенин эмне кылып, эмне коюп жүргөнүңдү күндө эле аралашып, көрүп жүрсөм дагы, ошентип айтам да. Сен мага атайы келип жүргөнүңдөн улам айта койбодумбу... Кел, келе гой эми. Баягы олтуруп жүрчү жериңе отур, ии, так ушул жерге. Бери мага жакындачы, бетиңден сылап өөп коёюн. Сагынып кетпедимби, сени аябай. Болдучу эми, үшкүрүнбөй! Эмне эле кайта-кайта үшкүрүнөсүң, кургурум. Чекең дагы ысып чыгыптыр го. Эңкейчи мага, дагы өбөйүн. Сагынычым таркабай жатпайбы. Эми көрсөм эми сагынам, кайра көрсөм кайра сагынам. Чарчаган жоксуңбу, деги?

– Эмнеге чарчамак элем. Ырас, өткөндө аябай чарчап келген болчумун. Ал күнү сага келгенге чейин эле көп басып койгом.

– Мейли эмесе, кел, ошол өткөндөгүңдөй болуп, мен жакка карап сандарымды жазданып эс алып жата кой. Тээ асмандагы жайнаган сансыз жылдыздарды карап, мени менен сүйлөшүп жата бер. Ии, ушинтип… башыңды жөлө менин сандарыма, эми жайлуу болуп калдыбы сага, ошент. Буттарыңды сунуп жиберип, денеңди эркин таштап кой. Аябай эле чарчаган көрүнөсүң. Эс ала түшкөнсүдүңбү, шордуум?

– Мамыкты жазданып калбадымбы.

– Сага жакшы болсо эле болду. Мен дагы ыңгайлуу жерден жай алып, олтурупмун. Дайыма эле олтуруп жүргөн баягы жерибиз да. Сага саал эле таарынган болуп, эркелеп сүйлөп койсом эле, минтип ыйлактап киресиң. Ыйлактаба да, сен деле менин акыбалымды өзүңдөн да жакшы билесиң.

– Ох, эс ала түшкөнсүдүм. Эс алганымда эмне? Менин сага келбей калганыма канча күн болуп кетти?

– Мен үчүн аябай эле көп мезгил өткөнсүдү.

– Мага да ошондой сезилип жатат.

www.bizdin.kg



– Мезгил дегениң өзүң айтып жүргөндөй эле келди-кетти кеп экен го. Кайта кайрып ала албайт да экенсиң. Деген менен мен сени менен күндө эле аралашып жүрбөймүнбү. Кээде калпыс басып да кетип жүрөсүң. Же сага так учурунда кой деп айта албайт экем. Мурдагыдай болуп, же өзүм сага  бара албасам… Мурда ошентип калпыс басып кеткениңде мен сени урушкан болуп койчу элем. Анымды деле укчу эмес элең да, тентегим.

Ай тентек, тентек десе. Жоругуң курусун сенин деги. Чынында эле, менин тилимди таптакыр албай койчу эмес белең…

– Алчу элем го тилиңди. Сени укчу эмес белем…

– Э, койчу. Ошенте бересиң да анан. Же, сен экөөбүздүн ортобузда күбөбүз жок болсо. Кээде мени үйүмө жалгыз томсортуп коюп, тилимди албай кетип калчу эмес белең. Ошентсең деле сени кайра кечирип койчумун. Ой, тентек элең да, тентек. Дагы эле сен менин тентегимсиң. Кана, чекеңдин ысыгы кайттыбы эми. Чарчаганың да басылып калган чыгар. Ии, буттарыңды ошентип сунуп, керилип жата бер. Таң каракчысы болгончо али кайда, көп убакыт бар. Таңга чейин али көп бар деп коём мен дагы. Таң дегениң эми эле атат. Күн батты эле кайра күн чыгат. Адам баласына мезгил ушинтип келип, ушинтип кете берет тура. Көрсө, бул жарык дүйнөдө кирпик кагымчалык дагы мезгил жашап өтпөйт турбайбызбы. Аны ойлоп койгон, билген адамзаты бар болду бекен. Сен асмандагы жымыңдашкан сансыз жылдыздарды, айдын каалгып жылганына көз салып коюп, мени менен сүйлөшүп жата бер. Сөзүбүз түгөнбөс көп, экөөбүздүн ортобузда. Үшүйсүң дейин десем, жайдын ала саратанында каяктагы суук. Баса, астыңдан сыз өткөн жокпу? Кана, далыңды саал көтөрчү, ии. Жылуу эле экен. Жер кургак да. Жарыктык жерден жылуу илеп уруп турганын кара. Анан каяктан үшүмөк элең, ала жайдын түнүндө. Андан көрө менин үстүмдөгүнү кара, кызык деги. Бир үйрүп салма көйнөк... Өзүң деле көрүп жүрбөйсүңбү, көйнөккө деле окшошпойт. Көйнөк мындай эмес да, туурабы? Эптеп денеңди жапкан бир нерсе да. Болгону мунун аруусу бар. Анан калса аппак. Мына бу каалгып бараткан айдын шооласындай үлбүрөп аппак. Сенин ак көйнөк кийип жүргөнүңдү мен өмүрү көрбөдүм… Эсиңдеби, бир жолу сага  көк, жок көгүш болчу, анан кара, анан ак көйнөк берсем, агын таштап, берки экөөн албадың беле.Мен дагы кызыкмын. Сенин өмүрү ак көйнөк кийгениңди көрбөсөм да ак көйнөк алып бергенимди кара. Үстүңдөгү ошол көгүшүбү? Карачы, колго жумшак, ары найын. Оңгон жокпу?

– Жок.

– Берки карасы деле оңбой-этпей, жаңы бойдон болсо керек.

– Ал деле ушундай, оңгон жок…

– Баса, бала кезимдеги бир окуя эсиме түшүп кетти. Өтө эле бала кезимдеги кызыктуу бир окуяны айтып берейинби сага, угасыңбы ыя?

– Угам, ал эмне болгон балалык кезиңдеги окуя эле?

www.bizdin.kg



– Окуя деле эмес, болгону жана айтканымдай өтө эле жаш кезим… Ошол секелек кыз кезим кылт этип эсиме түшүп жатса кантейин. Мезгил дагы так ушундай ала жайдын бир күнү болчу. Ишенсең-ишенбесең өзүң бил. Мен төрөлүп өскөн айылдын мага окшогон бир кылка өскөн кыздарынын ичинен эң өңдүү-түстүүсү мен элем. Ырас, мени менен теңтайлашкан селкилер деле бар болчу дечи. Өзүң деле мени карачай, чечен, ингуш, же түрктүн кызына окшошсуң деп жүрбөйсүңбү. Ырас, мени билгендердин көбү ошентип сен айткандай ойлошот.

– Ушу сен дүйнөлүк экинчи согуштун залалы тийип, опот заманга дуушарланып, аргасыздан Ата Журттарын зарурат таштап, жер которуштуруп боздоп келген түрк, чечен, ингуш, же карачайлардын биринин кызы болсоң керек деп ойлойм. Карабайсыңбы, өңү-түсүңдү, кой көз, бир жериң да кыргызга окшошпойт. Баары бир сен мен үчүн ошолордун аккуусусуң… Анан сени чыныгы өз атаң менен өз энең кара курсактарынын айынан Сарабыз аман калса экен деген тилекте кыргыздарга берип, алар багып алышкан да.

– Мүмкүн... баса, апамды дагы көрбөдүң беле өзүң деле. Сөзүмдү бөлбөй укчу, тентек. А, берки кыздар болсо, кара торусунан келген чыныгы керилген бийкечтер эле. Айрыкча айылыбыздын топ кызынын ичинен эл бешөөбүздү кеп кылышып, көчөдө басып баратсак, улуу-кичүүсүнө карабай каректери талыганча бизди карап калышчу. Алардын анысын биз дагы сезип, билчүбүз. Эмне демек элек. Биз бешөөбүз ансайын керилип, ансайын каадабыз менен басып, каадабыз менен жүрүп, өз сый каадабыз менен болчубуз. Жазып-тайып басып кеткен күнүбүз болгон жок. Анда эле ата-энебиздин бетине түшкөн чиркөө болуп өлбөйбүзбү. Кыз намысыбыз менен бой тарттык, бешөөбүз тең. Ошолордун ичинен эң эле узу мен элем. Өзүмө кандай үлгүдөгү көйнөк жакса, ошонун так өзүндөй кылып тигип кийчүмүн.

– Сара, мунуңдун кызыгы деле жок го.

– И-и, мен селки кезимди эстеп кеткенимди кара. Ошо, өтө эле жаш кезимде… бир жолу айылыбызды сел каптап кетти. Эшиктин алдында элек, бир нерселерди ойноп жатканбыз. Өрүктөрдүн гүл чанактары жарылып, жамырай ачылып калган кез болчу. Айылыбыздын жогору жагынан – тоо тараптан коркунучтуу күүлдөгөн үн угулду. Бизден улуулар: – «Сел эле, сел! Сел келатат эле, сел келатат! Качкыла эле, качкыла!» – дешип, айылды үч көтөрө кыйкырышып, тегерек четибиздеги коңшу-колоңдорду дүрбөтүшө, өздөрү да сел жетпес дөңсөлөрдү таянып качып кетишкендей болушту. Алыс качып кеткенге жарабаган алсыз кары-картаңдар, чиедей жаш балдар болсо жапыз-жапыз салынган тамдардын төбөсүнө чыга качышып жатышты.Биздин ошондогу бакса менен салынган жапыз, анан калса эски тамдарыбыз эми ойлосом күчтүү селге турuштук бергенин кара. Ошол-ошол болду. Андай селди экинчи көрбөдүм, же заман башка болуп кеткенби, билбейм.

www.bizdin.kg



– Мунуңдун каери кызык окуя?

– Токтой турчу, сага кызык болбосо мага кызык. Тээ балалыгын эстеп, ошол өткөн балалык кезинен ырахат албаган жан бар дейсиңби. Ошондогу чычкандай секелек кезимди бир эстеп алайын да. Биздин эшиктин алдында саябандуу чоң-чоң талдар бар эле. Мен селден корккондумдан ошолордун биринин башына кантип чыгып кеткенимди билбейм, селдин күүлдөп келе жаткан үнүнөн коркуп. Кыян-селдин келишин, анын сүрүн айтпа…

– Мына кызык, өзүң кичинекей кыз болсоң, анан талдын башына кантип чыгып кеттиң дейм да. Шумдугуң кургур, адамды күлдүрбөй кудайды карап сүйлөсөң боло, Сара...

– Мен башымдан өткөндү, көргөнүмдү айтып жатпайымбы. Анан сел жолундагы чөп-чар, тал-дарактарды дүмүр-сүмүрлөрү менен, тээ бөксөнүн сайындагы оттоп жүргөн кой, эчкилерди, козу-улактарды кошо агызып келди. Кыян-сел көчө-көчөлөрдөгү үйлөрдү каптап өттү. Үйлөрдөгү жууркан, жаздыктарды сыртка агызып чыгып, сыртта калган, көрпөчө төшөктөрдү өзү менен кошо алып кетти. Өлбөй калган кой, козулар, эчки, улактар баштарын селден сороктото кылактатышып, жан-далбас кылганга дармандары жок андан-мындан селдин агымы менен кетип жатышты, биринин артынан бири… Жана сен айткандай кызык эмес болчу бул. Сел деген сел да, өтө коркунучтуу…

– Сен мага ачууланганда же таарынганда ак жуумал беттериң заматта кызарып чыгып, анан тез эле тарап кетчү эмес беле. Азыр да ошентип чыкса керек. Кана, беттериңди айдын жарыгына салып карайынчы.

– Жат, жата бер, башыңды көтөрбөй, ушул калыбыңда. Айдын шооласынан да жүзүмдүн кызылы көрүнмөк беле. Ошентсе, ошенткен чыгар. Чындап эле беттерим ысып, чымырап чыкса керек. Сенин минтип менин сандарыма башыңды жазданып жата бергениң мага жакшы болуп турат.

– Сени өпсөмбү дейм да…

– Үшкүртпөчү мени! Кантип өпмөк элең!.. Мына, өзүң айткандай беттерим кайрадан чымырап, ысып чыкты. Кызарып да кетсем керек. Баса, өткөндө мен түшүнө киргеним эсиңдеби…

– Ооба, мен сага айтам деп отуруп дагы башка сөзгө кирип кетпедикпи.

– Ошондо мен сени чындап эле түбөлүк керемет жерге өзүм менен кошо ээрчитип кетким келди. Сен болсоң, мени ээрчип келе бердиң. Нес болгон эмедей болуп. Ырас эле айтып жатам. Оо, көпкө чейин ээрчитип барып, анан негедир айнып, сени жазгырып таштап кеттим.

– Мен ойгонуп кеттимби. Чыны менен эле экөөбүз ажайып керемет жерде жүргөн экенбиз…

– Ооба, мен сени жазгырып кеткенден кийин ойгондуң, тентегим. Мен өзүм, сени калтырып...

– Сен мени адаштырып кетпей эле ошондо өзүң менен биротоло ээрчитип кетсең болбойт беле?...

www.bizdin.kg



– Кой тентек, экинчи антип айтпа мага. Мен эми антпеймин. Ошентсе да кыйбай тургам сени. Экинчи түшүңө антип кирбейм. Эгер киргим келсе, башкача болуп кирем. Ошондо өзүң айткандай экөөбүз ажайып таттуу турмуштан жолугушабыз. Сени аябай сагынып калганда ошентем. Анан сен экөөбүздүн кумарыбыз канганда гана сени жазгырып таштап кетем. Буга макулсуңбу, тентегим?.. Эмнеге жооп бербей тунжурап калдың?

– Макулмун. Ошент, мен да сени көрүүгө, аябай сагынганда түшүмө кирип жүр, макулбу?..

– Ошентем тентегим, ошентем. Тээ көктөгү ай жарыктыктын бизге билинбей жылып бараткнын кара. Жана мен мында келгенде чоң шашке эле. Эми минтип түш эбак ооп кетиптир. Айланабызды карачы, кандай кооз. Айдын сүттөй аппак шооласы. Түркүн түстөрдөгү гүлдөрдүн көбүнүн баргектери түшүп, башкасы кайра ачылып дегендей… түнкү теребелдин көркөмүн кара. Анан калса, сан түркүн чөптөрдүн да гүлдөрдүн аңкыган жыттары менен аралашып жел менен кошо бизге келип жаткан жытын айт. Анан кантип бул ааламдагы жашоо кумарлуу болбосун. Адам суктанарлык…

– Эмнеге эле сенин үнүң муңайым чыгып жатат?

– Билбейм… Сага ошентип сезилип жатса керек.

– Сен баарысын билесиң. Мурда деле сен билбеген аз дечү эмес белем. Эсиңдеби?

– Ооба, эсимде.

– Анан эмне билбейм дейсиң?

– Оозумдан чыгып кетти көрүнөт, тентек... Мына бу асмандагы жыбыраган сансыз жылдыздарды карачы. Алар бизге бир сырдуу керемет көрүнүп жатпайбы. Түбөлүктүү деп мына ошолорду айт. Алардын ар биринде ар түркүн сыр катылып жатат. Адамдын акылы жетпеген сырлар сан жеткис… шыбактын буркураган жыты менен түркүн гүлдөрдүн аңкыган жыты тынымсыз согуп турган айдарым жел менен толкуп келип жатканын кара. Кандай сонун. Анан калса теребел дагы тыптынч. Баса, тээ өңүрдөгү айылдын иттеринин үргөндөрү бизге үзүл-кесил угулуп, анан түпсүз асманга дайынсыз сиңип жатканын байкадыңбы. Алардын үндөрү бизге кайдан даана угулсун… Анан калса айыл бул жерден алыс эмеспи. Жандырылган шамдардын шоолалары мунарыктап араң көрүнүп турса, тээ алыстан күйүп-өчүп дегендей жашоо ушундай тура көрсө…

– Эмнеге эле үшкүрүнөсүң. Үшкүрүнбө да. Анан эмне болду, айтпайсыңбы?

– Эмнени айт деп жатасың?

– Кичине, кыз кезимде, анан селки кезимде … деп…

– Эсимден чыкканын кара. Анан эмне болчу эле. Жаздын акыркы айы. Ошол беш кыз айылдын жанындагы эле тоого чыгып, түркүн гүлдөрүнөн үзүп, бир кылка кылып кооздоп өрүп, баштарыбызга таажы кылып кийип алчубуз. Бешөөбүз тең айылдын улуу-кичүүлөрүнүн оздоруна алы-

www.bizdin.kg



нып калган кезибиз болсо керек. Ошолордун: «Сара, Сара, дал өзүңдүкүндөй кылып, мына бул гүлдөрдөн мага да кооз таажы жасап берчи. Өзүм жакшы өрүй албай жатам» – дешип, мага эле асылып калчу… Кайран жаштык кез. Сага мен тараптан мактаныч сезилер. Ошондогу айлыбыздын саналуу эле кыздары чыныгы гүл элек. Эми минтип сенин келер жолуңду зарыга зарурат күтүп калдым. Эрмегим эле сенсиң. Үшкүрүнбөскө менде эми эмне айла калды дейсиң, тентегим. Сен деле мен сыяктуу тигинде куурап жүргөндүрсүң… Мен сага ошондо өзүм сыяктуу бирөөгө тааныштырып коёюн десем эле болбой койбодуңбу, тескери карап. Бул күндөрү ал сага жөлөк-таяк болуп бербейт беле, шордуум.

– Баягы сөзүңдү баштадыңбы, дагы. Болду эми. Мен деле эртеби, кечпи сен сыяктуу болот эмесминби.

– Койдум, тентек…

– Ырас эле тааныштырып койсоң, ушул күндөрү мага чындап жөлөктаяк болуп бермек экен.

– Анан сага эмне дедим эле. Сырдаш да, муңдаш да болот элеңер. Сени деги бир жерде кызганганым болдубу? Эркиң менен жүрдүң, тайраңдап. Каалаганыңды иштедиң. Дегинкисин айтканда сенин көңүлүңдү карап, бөпөлөп, алаканыма салып дегендей.

– Бул экөөбүздүн гана бешенебизге жазылганы. Андан кете албайт экенсиң да. Баягы жылдары үйүңө мас болуп барганым эсиңде чыгар?..

– Сенин мас болуп келген кайсы күнүңдү эстейин. Арактан оозуң кургаган күнүңдү көрбөдүм го, чиркин. Кудайдын куттуу күнү мас болуп алып…

– Айтып койсом эле ушинтип кирмейиң бар да сенин.

– Өзүң эле айтчы, мага соо болуп келген бир да күнүң болду беле? Эстеп көрчү.

– Ырас кеп дечи, ошентсе да, и баса, ошондогу мас болуп келгенимди сен айтып түгөтө албай койбодуң беле.

– Кайсы мас болуп келгениңди айтып жатасың?

– Кыштын кычыраган кыраанында өткөрө мастыгымдан басууга буттарымдын чамасы жетпей, төкөр адамдай бир бутумдан аксап, аным аз келгенсип ошол бутум жакка көөдөнүм менен өмөчөктөп кыйшайып, баса албай оңго-солго тойтолоңдоп…

– И-и эсимде, эсимде. Сен үйгө кире албай бир жак ыптаңа кыйшайгандан кыйшайып. Ошондо бутуңдун бир жери чыгып кеткенден сообу деп коркконумду айтпа. Өлөсө мас экенсиң. Үйүмдү кантип таап келип калдың, аң-таңмын ошонуңа. Көчөдө кулап, тоңуп өлүп калсаң эмне болот ыя! Ой боорум, күлбөскө да, не мастыгынан бутунун чыкканын да билбей жатса керек деген ой кетти мага. Кийин ошондогу жоругуңду эстесем күлчү болдум. Мастыктагы кылган жоруктарың бир тең, ошондогу төкүрөңдөп бир бутуңа тура албай жыгылып кете жаздап турган жо-

www.bizdin.kg


ругуң бир тең болду мага. Анан калса, жүрөгүм түшүп коркконумду айтпа. Чындап эле бутуң чыгып кетсе мен эмне айла кылам деп ошондогу тарткан убайымым. Сени сүйөп-таяп киргизип, буттарыңды эптеп-септеп чечип, диванга жаткыргандагы азабым ай. Бутуң жөнүндө сенден сөз да чыкпады, онтоп да койбодуң. Мастыгың тарай баштаганда бутум эле бутум деп, өкүрүп-бакырып кирсе мен канттим дегендей жүрөгүм сыздайт. Ошондой миң жоруктарыңдын кайсынысын айтайын, тентек. Кийин дагы ошонуңду эстеген сайын өзүмчө эле жиндилердей болуп күлө берчү болдум. Диванда сулк жаттың го чиркин. Оо, таңга жуук ойгонуп алып, мени да кошо ойготуп, арак берчи дегениң эсиңдеби? Үйдөн арак үзүлбөсүн сен да жакшы билчүсүң. Турдуң да бети-колуңду жууп, анан болбогонума карабай жаныңа олтургузуп алып, стол үстүндөгү арактан ачып, куюп… байкап карасам чыккан-эткен бутуң жок. Дикилдеп эле басып жүрөсүң. Мен өмүрү ууртабасам дагы мага да куюп, «ичпесең да алдыңда турсун» деген адатың бар эмес беле. Ошондо сенин буттарың соо экенин көрүп алып, аябай кубанганымдын чеги жок болду. Ой тентек, тентек десе. Сенин мага көрсөтпөгөн тамашаларың жок ко деги…

Айды кара, жарыктык, асманда жай каалгып. Мына, түш да эбак ооп кетиптир. Жетиген жылдыздарын… Жарыктыктар өз нугунда гана жылып.

– Жетиген жылдыздары кыштын түнүндө, түндүктөн саал чыгышка кыйгач көрүнүп, анан таңга жуук кең асманга сиңип кеткенсийт. Жетөө тең балбылдап, карасаң Сара.

– Көрүп турам. Анан калса тээ түпкүрдөгү Саманчынын жолун кара, мунарыктап, бул ааламга каршы-терши боз чаңгылт изин калтыра чачылган самандарынын баарысын жылдызга айландырып, жарыктыктар… Ата бабаларыбыз мына ушул Саманчынын жолун «Кут Жылдыз» деп да атап келишкен...

– «Кут Жылдыз» деп? Мен муну өмүрү укпаптырмын го...

– Ооба, тентек, «Кут Жылдыз» деп аташкан. Азыр дагы ошентип айта коюп жүрүшпөйбү. Баамыңды салып бериле карап отурсаң, тээ көз талдырган бийиктен сенин алаканыңа куту өзү келип түшкөндөй болот.

Тигине Алтын казыкты кара, өзгөчө балбылдап... алар түбөлүктүүлөр да…

– Сен эмнеге эле үшкүрүнүп жатасың?

– Тентек…

– М-м,

– Жанарaакта эле экөөбүз кеп кылгандай асмандагы жылдыздардын баарысы түбөлүктүү… А, адамдардын өмүрү тигил ай, жылдыздарга салыштырганда убакыт, мезгил кирпик какканга да жетпейт тура, бечара. Кечээ эле биз бир айылдын кепке алынган бийкечтери элек, атаганат. Кимибиз кайда калдык, көртирилик деп жүрүп. Антпеске да болбойт экен да бул жашоодо.

www.bizdin.kg


– Койчу эми үшкүрүнбөй.

– Ат тезегин кургатпай келип тур, мага. Ошент, карылык сени мөгдүрөтүп ийниңден ныгыра басканча келип тур. Азырынча ал-күчүңдөн деле тая элексиң го. Башка эмне айтмак элем. Ушинтип сагынычыбызды, черибизди жазышып, өткөндөрүбүздөн кеп козгоп олтуралы. Баса, тентек, кыштын кычыраган күнүндө мага келгениңди билесиңби, эсиңдеби ошол күн?

– Эсимде эмей, кантип эле эстен чыгып кетсин. Мени кууганча шаштың го ошондо.

– Андагы күндүн суугун айтпа… күн жарыктык да бир жума бою ошентип туруп албадыбы, кирген буурадай кычырап. Айлананын баарысы эле музга айлангансып калбадыбы. Кутурган ит таарып, тура алгыс болду го, чиркин. Анан эле сен келип калбадыңбы мында. Баягы буудай ирең жок. Эки бетиң дулайдай көкмөк болуп шишип чыгыптыр. Көрүп эле коркуп кеттим. Кыштын кирип турган ошондой күнүндө мен сенин түшүңө кирген жок элем го. Анан неге мында келдиң, суукка кайыгып. Кайт артыңа, кет мындан!–дедим да.

– Үшүгөн деле эмесмин, сага ошондой сезилип, ошондой көрүнсөм керек.

– Эй, тентек! Койсоңчу эми куру кебиңди. Коркуп кеттим да, мындан дароо сени куудум. Анан куубаганда кантем.

– Сени көргөнү, сени менен аз да болсо сүйлөшкөнү келбедим беле, а сен болсо мени кууйсуң.

– Куубаганда кантмек элем. Ой, ооруп калсаң не болот? Кет дедим да анан… Ооруп калсаң… өзүңдүн эле шоруң болмок. Эң негизгиси өзүңдү кара. Кырсык айттырбай келет эмеспи. Сак болуп, сак жүр. Кайгы-касирет каргашанын ичинен чыга көрбө, деги… ошондон кийин көптө барып келдиң, оо, сууктун тумшугу сынганда. Жакшынакай эле экенсиң, сүйүнгөнүмдү айтпа. Чыны менен ошондо аябай корккомун. Андай-андай суукта антип келбей жүр да, мага. Келбедиң деп таарынмак белем, сага. Сен мени угуп жатасыңбы, ыя тентек?

– Угуп олтурбаймынбы, жаныңда эле. Сүйлө, сүйлөй берчи. Баса, Сара… Өзүң айткандай тез-тез эле келип жатпаймынбы. Кайта-кайта армандуу үшкүрүнө бербечи. Үшкүргөнүң сайын, мен жаман болуп кетип жатам.

– Мени мында жалгыз зарыктыра көрбө. Сен келсең эле экөөбүз черибиз жазылганча сүйлөшө беребиз, өткөндөрүбүздү эстеп. Анан сен мындан бат эле кетип каласың. Мага ушундай сезиле берет. А мен мында кайтадан жалгыз калам. Өңгөдөн да ошол жаман экен. Сен аңымды билбейсиң. Мен сени аябай сагынып, сени көргүм келгенде сени менен кенен олтуруп, сүйлөшкүм келгенде, өзүм эле сага барып калчу эмес белем. Ал күндөрдүн баарысы сенин эсиңде чыгар. Эми минтип кудай экөөбүздү

www.bizdin.kg



ушинтип таштабадыбы. Сен мында келгениңде гана сүйлөшүп калам. Башка менде амал да, айла да жок. Ырасын айтсам, ушинтип калбадымбы. Э, мунуңа да шүгүрчүлүк, сага ыраазымын. Эгер келбей койсоң мен эмне кылып алмак элем. Баары бир сени күтө берет элем да. Келип эле турсаң болду. Мага өзүңдөн башканын кереги жок эмеспи. Сенин келип турганыңдын өзү эле мага канчалык айтып бүтпөс кубаныч дейсиң, тентек.

Байма-бай келип тур. Сагынычым менин, кубанычым менин! Карачы, илгерки капкара чачтарың минтип, ай шооласындай аппак болуп калыптыр… Жанатан бери айдын шооласына салып, чачтарыңды салаалап карап жатам, карап жатам…

– Чач демекчи өткөн бир жылы менин чачтарым, каштарым жөнүндө айтып бербедиң беле. Ошону айтып берсең, эсиңдеби?

– Эсимде, бир эле чачтарың эмес, карагаттай көздөрүңө жарашып, биригип калган капкара каштарыңчы. Анда өзүң дагы жапжаш, ары солкулдап турган чагың экен, көрсө. Мени тамашалаган болуп коёсуң. Өзүң дагы нукура кыргызга окшош эмессиң да.

– Азырчы?…

– Азыр деле ошондогудайсың. Болгону ал кезектеги жаштыгың жок да. Экөөбүздөн эбак кетпедиби, жаштык мезгилибиз.

– Ошондогу көптөгөн айымдардын ичинен мени кызганганыңды айтчы. Мен дагы жанымды жыргатып угайын. Сандарың уюган жокпу? Башымды жазданып жатканым качан дейсиң.

– Кайдан уюмак эле … Тескерисинче, мунуңа жаным жыргап, ансайын кубат ала, кереметтенип олтурбаймынбы. Сен дагы бир сүйлөп коёсуң да, оюңа келген нерсени.

– Айта берчи эми…

– Айта берсем, ошол күнү сен капыл-тапыл эле үйгө кирип келдиң. Үйдө менменсип сөөлөт күткөн айым курдаштарым олтурушкан болчу. Ой тентек, койсоң боло кайдагыны эсиме салдырбай. Ортобузда жайнаган тамак аш, коньяк ачылып, шампандар атылып, бейкапар узун кепке түшүп дегендей. Тигилер сени өмүрүндө көрүшкөн эмес эле да. Сен да аларды көрөрүң менен ыңгайсыз абалга тушугуп… «Төргө өт» деп ордуңду көрсөттүм. Анда дагы чыныгы ак сөөк мырзалыгыңды көрсөтүп, сыпайы ыракматыңды айтып, кетүүгө камындың. Жанатан бери уу-дуу олтурган айымдардын оздорунан сөзү түшүп, тымтырс. Байкасам, тигилердин деми ичтерине тартылып, көздөрү жайнайт. Эки көздөрү сенден өтөт жалдырап. Эстери ооп калыптыр. Бирде мени карашат, бирде сени карашат. Шалдырай түшүшүптүр. Тектүү жердин кулуну эмессиңби, чыныгы мырзалыгыңды көрсөттүң. Мага да көңүл бурбай койдуң, бул сулуу ким эле дегенчелик. Олтурушкан сулуулар гана эмес, кызганычтан Сараңдын да ичи ошондо тымызын аябай сыйрылган. Тигилердин көзүнчө мени бир эле жолу тик-

www.bizdin.kg



теп койсо эмне деп аябай өкүттө калдым. Анан барып алар акылдарына келишти көрүнөт, «кел… кел… төргө өт» дешип ар кимиси өз жандарынан орун көрсөтүшө жанталашып жиберишти. Мен ансайын сени тигилерден кызганып, жаман болуп турдум. А сен болсоң баягы мырзалыгыңа салып, тигилердин чакыргандарына ыраазылыгыңды билдирип, дасторкон үстүндөгү жайнаган даамдын ичинен бир чымчым гана нан ооз тийип, ыракматыңды айтып, кетүүгө камындың. Тигилер болсо, чөйчөктөктөрүнө мелт-калт куюлган коньяктарын сага жарыша сунуша, «мындан, мындан ооз тий…» дешип, сага жароокер караша, «мени бир эле саамга сени көңүлүнө түйүп калаар бекен» деген ойдо жанаргасын кылып жатышты. Сен алардын бирине дагы көңүл серппедиң. Менде өтө зарыл ишиң бардай тигилер ишенээрлик капкайдагы сөздөрүңдү айтып, айымдар менен сыпайы коштошуп, чыгып кеттиң. Тынчыңарды алганым үчүн кечирип койгула – деп да айтпадың. Бул жерде жалаң мен деген, менменсинген сулуулар олтурабы же жокпу, көңүл да бурбадың, чыктың да кеттиң. Сен чыгып кетээриң менен жана эле сен кирип келгендегидей кайрадан тымтырстык басты. Байкасам, ар кимиси өзүнчө ойго батып, жымжырт. Тооба, ошондо өмүрүмдө ушундай окуяны көргөнүмө азыр да аң-таңмын. Ошончо сулуунун келмесин ооздорунан алеки саатта түшүргөн сенин кереметиңе ичимден сыйынып да, таң да калгам. Мен дагы эч нерсе билмексенге салып, кара күчкө эле кербезденген болуп: «Кана, эмне унчукпай калдыңар, колуңардагы чөйчөктөгүдөн ууртап олтургула» – дедим, жымжырттыкты буза. Тигилер колдорундагы чөйчөктөрүн не сага беребиз деп умсунуп, не өздөрү ичерин билишпей, отуруп беришкен ошончо сулууну көз ачып-жумгуча арбап салган кудуретиңе дагы бир жолу ичимден сыйынып, ошол ирмемде ого бетер төбөм көккө жеткен болчу. Байкасам, кубанычымдан жетине албай, жүрөгүм түрсүл согуп, жүзүмө кызыл жүгүргөнсүп чымырап, өзүм дагы кербезденип калыпмын. Ар кимиси чөйчөктөгүлөрүн сага купуя арнап, түбүнө тамчы калтырбастан ичишип жиберишкенсиди. Мага так ушундай сезилди. Анан, оо көптө барып, кептин ыңгайы келгенде: «Алиги келип-кеткен мырза ким?» деше менден сурамжылап киришти, кызыгыша. «Кайда иштейт, кайда жашайт… Деги бул кимиң болот?» дегенге чейин такып сурашты, мени азгырышып. Кудай өзү кечирсин, мен ансайын тигилерден сени кызганып, «өзүм дагы жакшы билбейм, сенин айткан капкайдагы сөзүңдү кайталап, ошол иштери менен келсе керек» деп, сенин атыңды гана эмес, жытыңды дагы тигилерге билгизбей, жашырып салгам, ошондо тентек… Эмне, сени тигилерден кызганууга укугум жок беле, айтчы?..

– Бар болчу, Сара, бар болчу. Анан ооздорунан илалласы түшкөн сулууларың мен жөнүндө дагы эмне дешти?

– Койчу эми, тентек. Эгер билсең, азыр дагы ушул абалымда да сени ошолордон кызганып жатам. Сен жөнүндө көп эле сөздөр болду. Олтургандардын бири дагы сыртта калган жок. Сени менен таанышуудан да

баш тартышпасын айтышты. Менден такып да сурашты. Сенин келип эле кеткениңди тигилер кетер-кеткичекти кайра-кайра кумарлануу менен кеп кылышып, сага жетине албай жатышты. Кетер-кеткичекти сөздөрү бир гана сен болдуң да калдың. Ал күнү башка сөз да болгон жок. Мен мындай эле калдым. Шумдугуң кургур, деги сенин кандай кереметиң бар эле, билбейм. Алгач сени көргөнүмдө кудум тигилердей болуп, эсимден кандай тансам, тиги сулуулар дагы так ошондой болушту көрүнөт. Өзүмдү өзүм жоготуп салганымды өзүңө деле айпадым беле. Мен ошондо сага жанымды таштап бергенимден жаңылган эмес экем. Сулуулар сенден бир дагы жаңылышпаганын байкадым. Армандуу сырлары ичтеринде кетишти. Алардын ар бири ошондо сенден армандуу болуп көзү ачык кетишкенин билем… Ар бири илгери-кийин арзып, сени атайын касмалап, сурамжылап да жүрүштү. Армандарын, өкүттө жүрүшкөндөрүн ичтеринеката алышпай, ачыгын айтып жиберишкендери да болду.

– Койчу, ошондой кайдан болсун…

– Чыны менен сенин жөн-жайыңды, дарек-дайыныңды айтып эле койсом, тигилердин бири сени менин колумдан жулуп кетээри анык болчу. Анда эле мен сенден түбөлүк айрылып калчудай сезилди.

Бирок азыр өзүң билесиң, мен өтө алсызмын… өтө..., үшкүрүнбөскө менде чара калбады. Тентек, неге унчукпай калдың? Жок дегенде мени коштоп, үнүңдү чыгарып койбойсуңбу. Же сен дагы ошол кездеги ирмемдериңди эстеп, оюңдун албуут толкунуна чөмүлүп кеттиңби?

– Сара…Сара…

– …

– А сен өзүң эмне унчукпай калдың… Жооп бербейсиңби…

– Не дейсиң? Бир заматтын ортосунда тээ балалык чагым, апамды чарк айлана сексеңдеп чуркап ойноп жүргөн секелек кезим… анан да бой керип калган мезгилдерим… анан …анан… сен экөөбүздүн эң алгачкы таанышкан кубанычтуу күндөрүбүз… ошолордун баарысы… эсиме түшүп, өтүп кеткен учурларыма азгырылып, ээрчип кетпедимби…

– Өткөн күндөрүңдү эске түшүрүү жакшы бекен?

– Ананчы…

– Эми ошондогу көп аялдан мени аябай кызганып, анан өзүңдүн ооруп да калган түнүңдү айтып берчи. Мен жанымды жыргатып жатып угайын.

– И-и, ошол кечте кербезденген айымдар сенден кийин да көпкө олтурушту үйдө. Бирок сен келип-кеткенге чейинкиден көңүлдүү олтуруша албады. Алардын ар биринин оюнда бир гана сен туруп алгансыды. Аялдар кетишери менен эле мага назары түшүп катуу ооруп калбадымбы. Сени күтөм… күтөм, жоксуң. Бирок мен ошол түнү сени сөзсүз келет го деп, ооруп жатсам да кирпик какпай күттүм. Эгер сен түшүнсөң, ошол түнү мен чыны менен аябай ооруп калган элем. А, кээ түндөрү сен келбей калсаң да, мен түн баласы кирпик какпастан күтө берип, күтө бе-

www.bizdin.kg



рип, таң шоокумун салганда гана кантип уйкуга алдырганымды да билбей калчумун.

– Ошол күнү сен түн бир оокумда ачкыч менен үйдү ачып кирип келдиң. Дагы эле баягыңдай массың. Анан эле ооруп, төшөктөн туралбай жаткан жаным, сүйүнгөнүмдөн оорум кайда кетти, сезбей да калыпмын. Ич кийимчен сени утурлай басып бардым, оору тургай таш балекети жок. Ошондогу сүйүнгөнүмдү айтпа…Сени кызганганымдан ооруп, төшөккө жатып калдым десем, кулагыңа да илбей, түз эле муздаткычтан аракты алып, шыңгытып кирдиң. Деги койчу тентек, сен ушундай болчусуң. Ооруп жатып калдым десем, ишенип да койбодуң. – «Күлүп-жайнап эле басып жүрбөйсүңбү» – деп коёсуң, кайта мага карап. Болгону: «Сара… Сара…» – деп көздөрүмдөн, чекемден, анан алкымымдан моокумуң кангача өөпжыттап, магдырап... жаныңды жыргата жай алдырып... дүнүйө капар уйкуга кирдиң. Ошондой өткөн күндөрүбүз экөөбүз үчүн анык бейиш эмес беле, тентек. Кызганычтан болгон оорум кандайча жок болуп кеткенин өзүм дагы түшүнбөй калгам… Же, тиги кербезденген сулуулардын мага сугу кирип, көзү өтүп кеттиби, билбейм… Айрыкча сен келген кечтен тартып, таң аппак аткычакты экөөбүз кирпик какпай, аны-мунуну кобураша сүйлөшүп, түн баласын өткөрчү эмес белек. Бүгүн дагы таң аткычакты мени менен болосуңбу, тентек?..

– Ооба, сени менен болом деп мында келбедимби сага.

– Ошент, тентек, ошент…

– Айтчы, Сара, экөөбүзгө нике кыйдырып алсакпы деп ойлоп жатам. Молдону, анан күбөлөрдү гана чакырып дегендей.

– Ок! Антип сүйлөй көрбө. Эх... сен чыны менен эле тентексиң да… Эстеп көрчү өзүң деги. Экөөбүздүн ушинтип жашап келгенибизге туптуура чейрек кылым өттү. Ошол жылдарыбыздын эң алгачкы күндөрүндө «никелешип коёлу» десем, сен негедир тарткынчыктап койбодуң беле. Мен бул сөздү экинчи ирет кайталабадым. Эми минтип экөөбүз таптакыр эки тарапта калганыбызда, никелешүүгө да укугубуз болбой калганда ушул сөздү козгоп олтурасың. Мунуңду уккан элге гана эмес, Кудайымдын өзүнө да жакпай турган кеп. Сенин ушундай-ушундай калпыс иштериңди жана да акылга сыйбай турган сөздөрүңдү ойлонбой айтып жибергениң үчүн тентексиң деп койчу эмес белем. Мен сага Тентек деп ат койгонумда өзүң дагы анымды туура көрүп, аябай сүйүнгөнүң эсиңдеби?

– Эсимде, Сара, эсимде.

– Сага бул атты бир эле мен койдум. Башка бир жан билчү эмес. Бул атыңды бир да жанга ооз ачып айтпадым. Кокус оозумдан чыгып эле кетсе, өз атың өчүп, «Тентек» деген атка конуп, жамы журтка «Тентек» деген ат менен белгилүү болуп калмаксың. Дегинкисин айтканда, сенин кулк-мүнөзүң так ушундай эмеспи, тентек. Эми болсо сүйлөп жаткан сөзүң бул. Минтип эч кимге жакпаган нерсени баштаганы турасың. Ошондогу

www.bizdin.kg



пикиримди сага кайрадан жаңыртып, козгогон да жок элем. Тилимди албай койсоң дагы, ошондо эле мен сени кечиргем. А, азыр болсо чын дилинден мага кеңешип, айтып жатканыңа мен сага миң мерте ыраазымын. Экөөбүздүн ушундай акыбалыбыздагы никелешүүбүз кимге жагат дейсиң… Болбой турган иш…

– Үшкүрүнбөчү, Сара…

– Үшкүрүнбөйм эми, болду… сен мени экинчи жолу кайтара армандуу боздотуп, үшкүртө турган кепти айтып жатпайсыңбы, тентек… Кантсем дагы сен Кудайдын сүйгөн тентеги экениңди тээ алгач, сени менен биринчи ирет жолукканда эле жүрөгүмдөн купуя билген болчумун…сезген болчумун…

Мени мында алып келишкен биринчи эле күндөн тартып, сен бул жерге ар дайым кечки шам алды келип жүрбөдүңбү, тентек. Ошондо сенин ар бир келип-кетип жүргөнүңдү жаза кетирбей карап жүрдүм. Сен так ушул экөөбүз олтуруп жүргөн жерге келип, мен тарапты карап телмирип олтура бересиң… Качан гана көз байланып, ирешире түшкөндө барып, үйүңө кетүүгө кам урасың. Сага барып жолугайын дейм, а жолукканда эмне деймин. Сени биротоло менден көңүлү сууп, бул жерге келгенин токтотуп, мени унутуп салсын деп жүрдүм, сага жолугууга чыкпай. Бир күнү дагы келдиң. Ал күнү эрте эле, оо бешим аралаш келдиң. Ала жайдын толукшуп турган учуру болчу. Келдиң да, адаттагыңдай олтурган жериңден бир да кыймылдап койбой, мен тарапка телмире карап, томсоруп көпкө олтурдуң. Анан, чарчап келдиңби, билбейм, айтор, жер таяна чыканактап жатып, куш уйкуга алдырып кеттиң, талыкшып.Сенин ошондогу акыбалыңды көрүп олтуруп, менин да чыдоомдун аргасы түгөнүп бүттү. Мени таптакыр унутса экен, мен сага түбөлүк жолукпай коёюн деп чыгарган чечимимен жеңилдим, ошентүүгө аргасыз кылдың. Анан куш уйкуң болсо да түшүңө кирип, сени менен жолугушууну чечтим. Менин бул жерге келгенимдеги биринчи ирет сенин түшүңө кирип, аз да болсо сага жолугуп, сүйлөшүп, анан тез эле сага көрүнбөй кетип калганым сенин деле эсиңде чыгаар?

– Ооба, билем…эсимде…

– Анан сен чоочуп ойгонуп кеттиң да, дел болгон немедей көпкө дейре бир жерди теше тиктей, телмире ойго чөмүлүп, олтура бердиң. Сенде өтө кыска кубаныч жана да баш-аягы жок, бүтпөс кайгы-муң менен азаптын белгиси бар болчу… Менин сага бул жолугуум экөөбүзгө канчалык кубаныч менен чексиз азапты алып келээрин мен ойлобоптурмун. Ошол, ошол болду. Анан сен ушул жерге көпкө чейин келбей калдың. Мен сенин мында келээр жолуңду ошончо күн карап, ошончо күн күдөрүмдү үзбөй, зарыга күтүп жүрдүм. Тескерисинче, сенин карааныңды бир көрүүгө эми мен зар болдум. Ошондо мен сенин түшүңө бекер кирген экенмин деп, көпкө мыжылдым. Ортодон мезгилдер өтүп, оо, күз таянып келдиң… бешенең суз тар-

www.bizdin.kg



тып. Анда дагы күн батып-батпай түпсүз көк асманга кыпкызыл найзалуу нурларын сайып, кыбыла тараптын асманы бир кооз, шумдуктуудай ажайыпка айланып, көчүп бараткан аппак булуттар күлгүн кызыл боёкко чыланып калгандай, көкмөк асманга ого бетер жуурулушуп, бир керемет болуп турган. Келдиң да, сага энчилеп берилген сыяктуу ошондогу өзүң олтуруп кеткен так ушул жерге келип, мен тарапка кылаалай серп сала көпкө дейре олтурдуң. Жанараактагы эле түпсүз кең асмандагы керемет көрүнүштү жеңген түн бийлигинин өкүмү башталып-башталбаган ортодогу караңгыны жамынып мен сага келбедим беле. Сага келип жолугуп, минтип сагынычыбызды таркатып олтурбаска алсыздыгым жеңип кетпедиби…Мени өзүңө келип жолугууга аргасыз, мажбур кылгансың, ошондо…

– Ал дагы эсимде…

– Тээ төмөндөгү булактын чулдурап аккан үнүн уккум келип кетти. Байкасаң, торгойдун сайрашы менен, шылдыр аккан булактын үнү негедир мага окшоштой сезилет чулдурашып. Сен ушуну байкайсыңбы? Экөөнүн тең үнү кандай жагымдуу. Айрыкча так ушундай жымжырттыкта булактын жээгине олтуруп анын чулдураган үнүн уксаң жаныңа кандай гана керемет дем берет дейсиң. Аны тил безеп айтып бере алчудай эмесмин. Торгойлордун үн алыша сайрагандарын уксаң, өзүнчө эле түгөнбөс баян. Алар тээ асманда бир ордунан кылым да жылып койбой, канаттары талбай кага берет сайрап, кага берет. А өздөрү болсо сайрай берет, сайрай берет,бир тыным албай…

Мына ушундай керемет кооз жерди тээ сансыз кылымдардан бери Ата-бабаларыбыз жердеп, Мекен тутуп, ыйык кармап, Ата Журт кылып, анан да улам кийинкилерине куну жок белек катарында өткөрүп келишине миң мерте ыраазы болуу керек. Мен буга чексиз ыраазымын. Ушул сөз кылымдарга өчпөс үчүн, аны ырастап келиш үчүн, кылымдардан-кылымдарга жалгаштырып, урпактардан-урпактарга уланып айтылып калыш үчүн сен да ыгы келе калган жерде, ылайыгы болуп калганда аянбай айтып жүр. Ал эми урпактарыбыз дагы, урпактарына андан ары жалгаштыра баян кылып айта жүрүшсүн, уктуңбу тентек.

– Мен дагы ушул ойдо жүрөм, Сара.

– Баса, эмкиде келер күнүңдүн болжолун айтып койчу. Ошол ирмемде сени күтүп, сенден мурда жолуңдан тосуп чыга тургандай болоюн.

– Ырас эле келер күнүмдүн мерчемин айтайын.

– Тигил жерден бейчеки басып кете да албайт экенсиң. Бирок … мурдагыдай эле болуп жолуңду утурулай тосуп турам да. Сенин мында келе жатканыңды деле билип турам дечи, ошентсе да…

– Сен мени тымызын чакырып алып, анан жолумду утурулап тосуп чыгып жатпайсыңбы.

– Ооба, Тентек. Жакын адамың канчалык зарлап чакырса чыкпай коё албайт экенсиң, ошентсе да... Бу тирүүчүлүктө көпчүлүгү өздөрү менен

www.bizdin.kg



өзү болушуп, башканы унутуп салышып, кумар черлерин жазышканы түштөрүнө кирип, сагыныч кусалыктары таркаганда, биринин түшүнөн бири билинбей акырын жылып чыгып кетишип жатышпайбы. Мындайда адамдар ошону түшүнбөй калышат тура. Эгер ошол адам каалаган адамын зар какшап чакырса, чыгып берет эле да. Кантип эле биз анысын билбей коёлук. Анан эле баланчаны түшүмдө көрдүм, түшүмө кириптир деп коюшат. Биз алардын түшүнө кирип, алар менен сүйлөшүп, анан кумар черибиз, сагынычыбыз таркаган соң, кайра кетип жатпайбызбы. Биз ар дайым ошентебиз. Көбү жаш калган жетимдеринин да түшүнө киришет. Алар тигилердин маңдайларынан сылап эркелетет, чекелеринен өөп жытташат, аяшат байкуштарын. Анан сагынычтары таркаганда жетимдеринин бешенесинен жумшак сылап, өөп, аларга билинбей чыгып кетишет. Ошол жетим байкуштары апасын же атасын, а мүмкүн бир туугандарын түштөрүндө чала көрүп алышып, артынан эрчише ыйлап-шолоктоп боз ала болуп ойгонушат эмеспи. Мындайда айрыкча эсине жакшы кире элек жетимдер үчүн өтө эле кыйын болот экен. Апакелеп же атакелеп аларды ээрчип кетейин десе, эми эле көргөнү, ойнотуп эркелете эш тутканы жанында жүрүп жок болуп кетсе, анысын издеп, улутуна ыйлап, умсунуп калат тура шордуулар… Кантишет анан, өмүрүндөгү эш тутунары, ишенгендери жок болуп кетишсе… Айтайын дешсе, тилдери жакшы чыга элек наристелер, ата-энемди таап бергиле деп туттугуп, боздоп ыйлашат да.

– Үшкүрүнбөй эле сүйлөчү, эмнеге эле кайта-кайта улутунасың!

– Анан не кылмак элем! Мына сенин дагы мындан кетериңе аз эле убакыт калды. Таң каракчысынын сүрөр мезгили келип жетти. Жанагы мен айткан жетимдеринин түштөрүнө кирген ата-энелериндей болуп, сени жазгырып таштап кетер убакытым шаштырып жатат. Ошону менен мен кайрадан жалгыздыкта калам, ээнсиреп…

– Анын да ырас Сара, анан экөөбүз кантмек элек.

– Асманды карачы, тээ жана экөөбүз сөз кылган аппак нурлуу ай да уясына батып, биз менен коштошуп жаткансыйт. Нурун чачып турган жылдыздар да суюлуп тээ түпсүздөгү асманга сиңип кетерине аз калды. Баарынан да Жетиген жылдыздарын айт, тентек. Ак саратандын ала жайында да бул жерге чак түш болуп так төбөгө келе албай, саал кыйгап өтүп, түндүк батыш тарапка ыктай каалгый жылып андан ары аалам кыдырып кетишет, жарыктыктар... Алардын жолу ар дайым ушундай... Кантмек элем, ушуларды ойлоп үшүкүрүнөм да, мен байкуш…

– Деген менен мен мында тез-тез келип жатпаймынбы…

– Ийе, келип турасың… ошентип турасың. Бирок мен сен кетериң менен сени кайрадан көргүм келип, умсунуп жанымды кайжерге катарымды билбей калып кетип жатпаймынбы.

– А сен, мен ар дайым сени менен бирге жүрөм деп жүрбөйсүңбү.

www.bizdin.kg



– Аным дагы ырас тентек, аным да ырас. Ар дайым сенин жанында жүргөнүм менен так ушул жердегидей болуп, көйрөң, экиленип сүйлөшө албай жатпаймынбы. Экөөбүздүн жолугушуп, сүйлөшүп олтурган так ушул жерибизге не жетсин!.. Ушул жерден жолугушабыз, ушул жерден сүйлөшүп олтурабыз, ушул жерден коштошобуз. Сен экөөбүзгө так ушул жерден башка жер жок, сен ушуну билесиң да, тентек…

– …

– Тентек?.. Эмнеге эле ойго батып, унчукпай калдың? Ой басып кеттиби, сени?

– Айт, айта бер … угуп жатам.

– Сага көптөн бери бир нерсе айтайын деп эле кайра өзүмдү тыйып коюп жүрөм. Сени таарынтып аламбы деп корком. Айта берсемби?.. И-и, айта бер деп койчу. Үн катып турчу. Ошо мен бул жакка түбөлүктүү жайыма кетерден көп-көп жыл мурда: «Сен менин бейитиме келип гүл коюп кетем»– дебедиң беле, мен сага… жети күндөн кийин…

– Ооба, айтканым ырас. Өзүң го: «Эгер мен өлүп калсам, мага келип мүрзөмө гүл коёсуңбу» – деп, чын-тамашаңды аралаштырып… Мен ошондо эле сенин ушул тамаша кебиңди оң көргөн эмес элем. Сени урушуп койбодум беле.

– Ооба, тентек… мени аябай урушкансың. Мен ошондо күнөөлүүдөй болуп сага ооз да ачып койбой, жер тиктегем.

– Ырас, мен жетинчи күнү гүл коюп кетем деген болчум. Бирок мен сенин бул өтүнүчүңдү орундата албадым. Ошентсе да, мен сага өзүм келбедимби, ошол жетинчи күндүн түнүндө. Анда жай айлары болчу. Экөөбүз көпкө сүйлөшүп олтуруп, анан сен уруксат бергениңде кетпедимби. Баса, сени түбөлүк жайыңа коёрдо мен келе албадым, анын себебин өзүң деле жакшы билесиң да, Сара… Ал жерде сенин жакындарың, санаалаштарың бар болчу. Алар мени таанышпайт да, билишпейт да эмеспи. Анан мен барсам… аларың мени: «Бул кимиси эле?» – дешип калышат болчу. Мен ошондон кыскарылдым, ошондой кептен тартындым. Сен түшүнөсүң да анымды, Сара.

– Түшүнөм, тентек, түшүнөм. Аныңа мен таарынбайм деле. Ошол мезгилде мага так ушундай боло тургансып сезилип эле туруп алган. Гүл алып келип койбосоң деле таарынмак эмесмин. Мен сага өмүрүмдө таарынган да жан эмес болчум, ыраспы. Ортобуздагы анча-мынча болгондорду таарынды атка кошпойм дагы. Ушул турушумда дагы таарынбайм. Болгону, сени өтө сагына турган болуп алдым. Азыр көрүп сүйлөшсөм, азыр эле, эми көрүшүп сүйлөшсөм, эми эле сагынып калам, кайрадан. Сен менин түбөлүктүү сагынычым болуп калбадыңбы, кантейин тентегим…

– Экөөбүздүн ошол кездердеги доорандуу доорубуздун мезгили бизден алыстагандан алыстап бараткансыйт. Бул жерде экөөбүз ал күндөрүбүздү серепчилеп гана карап олтурабыз. Тээтиги айылдын ар кайсы көчө-

www.bizdin.kg



лөрүндөгү иттердин эрине үргөн үндөрү бизге кандай алыстан угулса, алардын үндөрүнө окшоп экөөбүздүн ушул жолугушуп отурган мезгилибиз дагы ушул түн менен кошо мезгилдин катмарына билинбей сиңип, улам алыстап кетери анык. Асмандагы каалгып бараткан ай да ушул ирмемдерибизди өзү менен кошо алып кетип жатат. Ай менен Күн да бирин бири куушуп, же ээрчишип жүрүп олтуруп, азыркы доорубузду башка доорлор менен алмаштырышат. Ошентип, мезгилдер алмашып, өткөн доорандуу доорубузду да кайсы бир доорлордун катмарына алып барып, сиңирип таштап кетери бар эмеспи, Сара.

– Кантебиз, бирөөлөр төрөлүп, там-туң басып бой жеткиче, алардын ата-энелери тигинин кубанычы менен кайгысына алаксышып, кантип картайып кетишкенин өздөрү да билбей калат тура. Учу-кыйыры чексиз бул ааламдын баш-аягы ушундай белгисиз… сыры дагы ошончолук табышмактуу…

Минтип тээ чыгыштан таң каракчысы да сүрүп келаткандай баштанат, чыгыш тарапка ак жээк салгансып...

Тигине, таң Чолпону дагы атып, тээ түштүк чыгыштан ай-ааламга балбылдап нурун чачып кирди. Ал дагы башка жылдыздарга караганда өзгөчөлөнүп, бир кереметтенип атат го, чиркин! Карачы тентек, ал да байкаган адамга мала көк аралаш агыш нурларын экилене чачып, бизге үрөп жатпайбы.

– Көрүп турам, Сара, жарыктыктын балбылдап экиленип атканын...

– Теребелибиз жанараактагыдай жымжырт. Кечээги күүгүмдөн бери чегирткелердин, саратандардын чырылдашы да селүүндөп калгансыды. Тоо тараптан айдарым желдин сого баштаганын кара, жарыктыктын жанды сергитип. Ээ, тентек, бир аздан соң кетейин дей баштайсың го. Кет… кет… кармамак белем. Түнү менен кирпигиңди какпай мында болбодуңбу. Көп нерсени сүйлөштүк. Антсе да, сөзүбүз түгөнчүдөй эмес. Жарпым жазылып да калды. Кайрылып келгениңче көпкө чейин жаныма кубат болуп бердиң. Минтип келип жүргөнүңө да шүгүрчүлүк кылам. А, келбей койсоң мен эмне кылмак элем. Сен кайрылып келгичекти сага айтчу кептерим көөдөнүмө толуп, батпай чыгат ко. Ага деле кайылмын. Менде эмненин аргасы. Күткөнүм жалгыз сен, жолуңду карай берем, үмүткөрлөнүп. Күтүүсүздөн баягычылап капыл-тапыл келип каласыңбы деген эле үмүт да, менде. Деги үмүт дегениң эч качан үзүлбөгөн нерсе тура. Үмүт эң акырында үзүлөт деген кеп деле жөн айтылган сөз экен. Сен менин түбөлүктүү үмүтүм болдуң да калдың.

– Ооба, Үмүт деген эч бир нерсеге баш ийип, баш бербеген күчтүү, зор, ары таттуу нерсе тура, Сара!

– Кесирлүү, чала нике кайыпка тушуккандардын өмүрү жалаң өксүк менен өтүп, көргөн күндөрүн түбөлүк арман чырмап турат. Экөөбүз ушунубузга да топук кылып, тооба келтирүүбүз керек. Теңирин, адамдарды

www.bizdin.kg



тааныбай жашагандар бул жарык дүйнөдөн өтүп эчен миңдеген кылымдардан кийин кайрадан айланып жарык дүйнөгө жаңырып келгендер – тубаса мунжу, же эки көздөрүнөн азиз болуп төрөлүп, болбосо өмүрү өткүчө мусапыр өмүрүн баштарынан кечирип кор турмушта жашап жүрүп өтүшөт да. Каргыш тийип, каргыш тарыгандар мына ошентип жазасын алышат...

Тескерисинче, өмүрү кулчулукта зар жашоо менен өтсө, кийинки кайрылып жаралышында хан болуп жашайт. Күндүн түнү, түндүн күнү бар дегендей хан болуп жашаган башын кулга алмашып дүйнөгө кайрадан айланып келээри да анык тура, чиркин...

– Сен экөөбүз бул дүйнөгө кайра кайрылып жашасак экөөбүз бири-бирибизди кантип табышаар экенбиз, Сара?!

– Анысын да жаратканыбыз өзү эптештирет окшойт.

– Эгер экөөбүз бир мезгилде жаралбай, кырсык басып башка-башка кылымдарга туш келип калсак не болот?!

– Аны да Кудайым өзү эптештирет деп айтып жатпаймынбы, тентек!

– Бир мезгилде жаралып калсак дагы бири-бирибизди кантип таанып, кантип табышабыз?!. Анда деле жер жүзүндөгү жашаган эл дагы ушундай эле көп, ушундай эле эсеп жеткис болоттур да.Бул жердин бир бурчунда мен жаралсам, анан...башка бир бурчунда сен жарык дүйнөгө келсең... Улутубуз, динибиз, өңүбүз дагы ар башка болуп түшүп... анан калса бири-бирибизди таанbackбасак, билбесек...

– Эй, тентек!.. баары бир кудайыбыз экөөбүздү эбепке-себеп кылып жолуктуруп, табыштырып салат да. Наар алар туз насибибиз менен татаал турмушубузду, ичер суубузга чейин буйруп, бир кылып жаратып койсо, кайда качмак элек да, кайда бармак элек?..

Ошондо барып, экөөбүз чала нике кыйып эмес, чыныгы никелүү болобуз деген үмүт бар да...Үмүт деген мына ушундай тентек. Анын чеги да жок, чек болбойт дагы... Зар закым үмүт болуп, айлампа болуп кете берет, мезгил менен тең сызып, тең жарышып... Үмүт деген... Ай, Күн менен тең чыгып, тең батып, канатсыз учуп, картайбастан түбөлүк жашай бересиң деген ошол да.

– Кээде мен сени периштеге теңеп коём, Сара...

– Ок... Тентек, антип айта көрбө! Мага карата айткан бул сөзүңдү сенден биринчи жолу угуп жатам. Экинчи мен жөнүндө ыйык-кайып сөз менен оозанбай жүр, макулбу?

– Макул, Сара, макул...

– Болгону сенин түшүңө кирерин кирип алып, анан өзүм менен кошо ээрчитип кетпесем эле болду деп корком. Ээрчитип кетпейм… ээрчитип кетпейм этпейм. Экөөбүз гана, сен экөөбүз гана эч ким көрүп, билбеген ажайып жерлерде болуп, анан кумарым таза канган мерчемде гана сени жазгырып таштап кетем. Түшүңө ошентип гана кирип жүрөм, макулбу?

www.bizdin.kg



– Макул, Сара, макул... ошент.. Түнкүсүн уйку-соо аралаш томсоруп жалгыз жатканымда кээде сенин жытың келип, менин аргамды соолутуп, арманымды күчөткөндөн күчөтүп... анан эле таң аппак болуп аткычакты акылынан ажыраган немедей тар бөлмөдө аркы-терки басып жүрчү болдум.

– Койчу эми, жок нерсени айтпай мага. Менин бул жерди мекендеп калганым качан!

– Чын айтып жатам сага, эми ушуга да ишенбейсиңби?!.

– Ишенип турам. Баса сен жатаар тушта мен сага көрүнбөй барып, каралдым бүгүн да эрбелеңдеп кантип томсоруп жалгыз жатаар экен деп, күндө барбасам да апта аралатып, сенин абалыңды көрүп, анан үнсүз-сөзсүз ичимден солкулдап ыйлап кетип жүрбөймүнбү, мен шордуу... Сен мендей шордууңдун ошентип келип-кетип жүргөнүн кайдан билмек элең. Андай күндөрүмдө сен менин келгенимди билбей калып жатпайсыңбы, уктаар алдыңда ичиңден келмеңди үч кайтара айтып. Анан жетим балдардай болуп, жуурканыңды чүмкөнүп алганыңда сага байкатпай жүрөгүңдүн тушунан, жүзүңдөн, бешенеңден аяр сылап, моокумум канганча чекеңден жыттап ушул түнү да тынч жата көр деп, акырын кетип калып жүргөнүмдү сен кайдан билмек элең да, кантип мени көрмөк элең, минтип мен айтпасам.Сен айтып жаткан ошондогу жыт менин илебим тура атаганат! Кээде сага көпкө чейин бара албай калып, түшүңө да ошентип кечигип кирип калып жүрбөймүнбү?

– А, сен ошентип жүрөсүңбү Сара?!.

– Ооба, айтпайын десем, айттырып жибердиңби, мени кыйнап... Ошондогу сенин жүзүңдөн аймалаган жибек жел менен кошо келген менин илебим тура көрсө, кургурум! Эй тентек, эмнеге эле сен бүлкүлдөп ыйлап жатасың?! Кой... ыйлаба... Минтип таң атарына жакын калса... экөөбүздүн эки жакка ажырашар мезгилибизге кабар айтып... антсең мен капа болуп кетем да...

– Макул Сара, сен менин ичимден ыйлап жатканымды да байкап турган экенсиң. Келчи, андан көрө экөөбүз коштошор алдында ар дайым ырдап жүрчү ырыбызды ырдап алалы...

– Кел, ошентеличи.

Жаным сүйгөн жандай көргөн жар элең,
Маңдайымда күйүп турган шам элең.
Сен бир булбул, бутагымда сайраган,
Сен бир мага көлөкөлүү тал элең.

Ысык күндө көлөкөңдө уктайын,
Суук күндө сөөлөтүңдөн чыкпайын.

www.bizdin.kg



Бери келчи кадимкиндей эркелеп,
Бек кучактап алкымыңдан жыттайын.

Түтүнү жок, өрткө түшкөн жүрөгүм,
Сен да мендей абалдасың билемин.
Качан келет сапарынан деп жүрүп,
Сагынгандан саргаят го ирециим.

– Сара, мен сен экөөбүздүн баскан-турган жерибизди эстегенде, же сен жүргөн жерлерге кокустан туш келип калсам эле, менин алтымыш тамырым зыркырап, эмне кылар айламды таппай, эсимден ажырагансып дендароо болуп калам.

Каардуу да, мээримдүү да карт асмандын алдында күн чайыттай ачык болуп турса дагы, мени чагылгандын оту уруп өткөнсүп, сен мындан кетериң менен эле тентегиң жалгызсырап, ай далада энесиз жалгыз калган шордуу жетимдей таянарым жок каларымды өзүң билип жүрсөң керек...

– Сен канчага келип калдың, Тентек?

– Жетимиш бештин так кырындамын.

– Ооба, ооба, менин болжолумда сен менден өтө эле көп жаш кичүү болчусуң, тентегим. Ошондо жашыңды да сураган эмес элем, тарткынчыктап. А, сураганда эмне... Эми батынып сурап жатпаймынбы...

Болду эми, шордуу жетимдеймин деп, томсоруп, муунуңду бошото бербей, мунун мага эреркеп жатканын кара. Мени жыргап жүрөт дейсиңби... кой эми... мен да сага тез-тез барып турам... көз салып турам... түшүңө бат-бат кирип турам. Болдучу эми каралдым, менин да сай-сөөгүм сыздагансып, муундарым бошоп баратат... болду эми... болду эми... каралдым бөйрөгүңдөн бүлкүлдөп ыйлай бербей, бери мага жакындачы... ии чекеңден жыттап, дагы бир өөп алайын коштошор алдында... ии... ошентчи, тентегим... каралдым менин...

Тентек... тыңшасаң... тээтиги өңүрдөгү айылдан наристенин ыйык таң менен кошула тынбай ыйлаган ыйы бизге дейре жетип жатканын кара. Угуп жатасыңбы?

– Ооба, эмне экен?...

– Болжолу ал бир нерселерге алымсынбай, не оюндагысы аткарылбай ыйлап жатса керек. Же, аны энеси алдап-соолап сооротуп койбоду. Негизи таңда, же кечте айылдардан наристелердин минтип аалам жаңырта ыйлап турушу – адам баласынын түбөлүктүү жашоосунан кабар берип жаткандай сезилип жатпайбы. Алардын мындай ыйы бир айыл элдин өмүр шаңы эмеспи. Болгону... наристелердин озондоп боздоп ыйлаганынан сактасын...

Тигине, топулуу боз торгойлор да уяларынан көккө атырылып учуп чыгып сайрай башташтты. Демек, таң сүрүлүп кетти. Кечээ эле Койчуман

www.bizdin.kg



жылдызы көрүнгөндөн тартып экөөбүз ушул жерден жолугуп, ушул жерде отурбадык беле... Атаганат, бул түн да мен үчүн кирпик каккычалык болбой калды. Мезгил, убакыт дегениң ушундай тура... Мунуңа да ыраазымын.

Тур… турагой, тентегим! Мен да эми кетейин. Мага уруксат бер. Сага да уруксат… эми сен да кетесиң бул жерден… кош бол, тентек. Менин да бул жерден кетким келбей аргам түгөнө кыйылып турам. Кана, тур, тура гой каралдым. Түнү менен жоон сандарымды каалашынча жазданып жаттың. Кана, башыңды көтөрө койчу. Мына, мен да турайын… бул жерден жыйырма гана саржанчалык аралыктагы тээтиги өтө эски, чоң бейитти кылаалап барып, өзүмдүн тигиндеги түбөлүктүү жайыма жөнөйүн. Сенден узап бараткан карааныма көз салып тур. Өзүң мурда көрүп жүргөн мерчемдүү жериме жетип-жетпей көктөгү батып бараткан айдын нуру менен үстүмдөгү аппак аруу кепинимдин жуурулушуп барып көзгө илешпей сиңип кеткичекти карап тур. Менин сени менен келерки жолугушуубузга чейин коштошуум ошол деп бил…

– Ооба, Сара, айдын аппак шооласына карааның аралаша сиңип кеткичекти сенин басып кеткен соңуңан так ушул жерде көз салып, карап турам, ошентип турам…

– Эми качан келесиң, каралдым?..

– Сени зарыга күттүрбөй, бат эле келип калам…

Кызык, тээ алыстагы чыгыштан-батышты карай созулуп жаткан айылдын иттеринин жаны-алы калбай үргөндөрү ушул жерге чейин эми даана жетип жатканын кара. Анан да, көчөлөрдүн айрым үйлөрүндөгү таңкы үрөң-баранда күйүп-өчүп турган шамдарынын да ушул жерге чейин мунарыктап нур чачып турганын… Келерки жолугушуубузга чейин кош бол, Сара… мен да кеттим…

**2006-ж., күз — 2009-ж., жаз**

www.bizdin.kg



## Жаңы котормо

### Есенгали РАУШАНОВ

# Менин драмам

– Кош бол, – дедим кумдарга, –
Эсен жүрсөм, бир келээрмин, муңданба.
Ат такалап, атан комдоп эр жеткен
Эң соңку акын бул жердеги, мен мына.

Мен да кетем.
Мунарыктайт тегерек.
Жетим камыш ыйлайт жел күчөп
Алматыга төө минип бармак беле
Мага мындай карабаңыз Керү лөк
Коштошоор күн да келди мына бүгүн,
Кара кунан чайнап турат ооздугун
Акыркы ирет алып чыктым короодон
Башың эркин, бар, бара бер.

Көзүмдүн асты тартып бүлкүлдөйт...
Туман кылып айлананы,
Айланчыктап кетпей койду кунан эч.
Аз дейт бекен жүрөгүмдө азалар
Мени неге ыйлатууга кумар бул?!

Эмнеге мени кыйнады бу жоо сымал
Көз жашым да түгөнгөн!
Бүткөн баары!
Тартылды!
– Жогол! – дедим кыйкырып,
Ала качып жел каргылданган добушумду.

www.bizdin.kg



*...Ошентип элден кеткемин,*
*Жакшыны да, жаманды да мол көрдүм.*
*Кара жалдуу кара кунан болуп мен*
*Түн ичинде ойготушат өткөн күндөр.*

* * *

*«Эркиндикти сүйөмүн мен, Алла» деп,*
*Столго жаңы отуруп, чоң сүйлөп*
*Бөлмөңдө өскөн көк фиалка гүлдөрү,*
*Аквариумдагы эргежел балыктар*
*Жана бул сайрачу куш тордогу*
*Сага ыр жаздырбайт, болбо алек.*

* * *

*Аман жүрсөм, ушул күз элге барам,*
*Беш жыл болду баласын көрбөдү апам.*
*Беш жыл болду ат изин салбай кеттим,*
*Минтип тирлик кечкенден өл де мага.*

*Жан апамдын көңүлүндө көп санаасы,*
*Уулу быйыл кантсе да бараары анык.*
*Алматыга көчүрүп алып кетем,*
*Саякаттар, сапарлар андан ары...*

*Дүйнөнүн чар-тарап кыйырларын*
*Аралатам, көрсөтөм быйыл баарын.*
*– Алла раазы, өзүң көр, – деди апам,*
*Биз көрдүк ко, карагым, буюрганын.*

*Башымды үнсүз сылады баягыдай,*
*Айыл, айыл, ошол айыл, эй, өмүр.*
*...Жетим бото алыста боздойт узак,*
*Жартыкеч Ай карайт аяп дайыма.*

*....Апам кайтыш болгону беш жыл өттү.*

**ГАЗЕТАДАН: Жаңы ачылган кичи планеталардын бирине С.Есениндин ысымы берилди.**

*Планета болуп Есенин учуп жүрөт,*
*Есенгали айылда кой багып жүрөт.*
*Есенгали айылда кой багып жүрөт,*
*Есениндей болсом деп ойлоп жүрөт.*

www.bizdin.kg



*Ойлонуп жүрөт,*
*Кетсем деп толгонуп жүрөт,*
*Араңдан зорго, айтор, өткөрдү бул жылды.*
*Мырзачөлдү кыйбоо – бир икая,*
*Мырзачөлгө сыйбоо – ал да бир ыр.*

*Астанага кыйбайт ал ушул жерди*
*Кыйбагандай, капырай неси калды?!*
*Есенгали шаарга көчө албай жүрөт,*
*Есенин көк төрүнө көчүп алды.*

*Жигит эмес шекилдүү жолу чубаар*
*Көчө албай жүрөт,*
*Көр-пөрү бар....*
*Мырзачөлгө бир дастан жазамын дейт,*
*Мырзанын эл алдында аскердик милдети бар.*

*Айтууга оңой го аскердин милдети деп,*
*Токсон чечим башына тогошту кеп.*
*Перзент тилеп курдашы ыйлап жүрөт,*
*Жээлигип жүрөт бирөөлөр согуш тилеп....*

*Көккө кетти Есенин шерлигинен*
*Есенгали мында жүрөт көп үмүт менен.*
*Асман жакты азырынча коё тур-ау деймин,*
*Жерде, анткени жумуш көп, аны күткөн.*

* * *

*Боз аңга бүткөн боз эрмен.*
*Боз кыроонун күнү жеткенде,*
*Бозоруп барып соолуйбу?*
*Боз аңды кучактап көз жумсам,*
*Кара жер, койнуң толоорбу?!*
*Эрисе кыштын тоңдору*
*Бир күндө чыгаар көк өскүн.*
*Мен неге, Теңир жок дегенде*
*Боз эрмен курлуу эмесмин?!*
*Жүрөгүм толо ыр менен*
*Ойгоно албайм ак таңда,*
*Булуттар, жылдар төбөмдөн*
*Буркурай көчүп жатканда.*

# Жоготулбогон кат

*Дал ушундай болоорун сезгенмин мен
Күн мурун.
Сен кеткени эч нерсе өзгөргөн жок
Тирүүмүн.*

*Издеймин жалгыздыктан жадаганда,
Умтуламын өргөлөп.
Башымды ийкеп учурашам жолуксаң
Көр, кара, тур.*

*Сени эңсеймин, сен тууралуу ойлонот,
Ал жомогум, алдадым.
Кереги жок, кат жазбагын,
Телефон да чалбагын.*

*Өкүнгөн Мажнун дебе мени,
Бактысыздык кез келген
Эч нерсенин кереги жок себеби,
Эчтеме жок өзгөргөн.*

*Сүйлөйт асман кара жамгырдын тили менен
Ошол эле Алматы, ошол өзөн.
Агыл-тегил ыйлады рас, түнү менен
Терезем.*

# Сыр

*Ф.Оңгарсыновага*

*Жаным апа, эмне айталам ыр менен,
Формам да эски,
Салыштыруу да эскирди көөнөргөн.
Мен атасын көрсөтө алам уйкаштын
Ал эч кимге таңсык эмес деген менен.*

*Кээде кыйгач
Кээде түз болуп төтөлөп
Өткөн жолдо жоготконум өтө көп.
FTPдын кол астына мен келдим,
Күмүш жалдуу күрөңүмдү жетелеп.*

www.bizdin.kg



*Ойло, бала, ойлон, бала, ойлон – деп,*
*Убакыт турат кардын сыйпап токпейил.*
*Эритпеди жаңы агын суулар да*
*Ким бар экен ашып-шашкан?*
*Эрийин деп мен элпилдей койгонум жок?*
*Кетти ошондой илешкендер дүбүрткө,*
*Жандан өттү-*
*Албай элес бирин да*
*Карап өттү-*
*Карагандай кээ бири*
*Кайтып келээр казыгындай түбүнө.*
*Ыйлайынбы,*
*Жок, болбосо күлөмбү,*
*Демек, азыр керегим бар бул элге,*
*...кетем өзүм керек болбой калган күн*
*Күмүш жалдуу күрөңүмө минем да.*

* * *

*Бул кандай кыш, түн туман, таң да туман,*
*Кетип калсам кантем мен, Алматыдан?*
*Карай берем көккө, ушул азыр*
*Бир көккочкор түшөөрдөй Алла атынан.*

*Асман Алла, мекени толгон аңыз,*
*Көккө карап кай бирде азаптанабыз,*
*Түшө турган «Төрт китеп» түшүп койду,*
*Ошондо да койгон жокпуз жазууну.*

*Тоорат китеп жок болгондой бул кылымда*
*Бизби колу жетчү чын-асылга?*
*Жазсаң, ошондой жазгын деймин, ал, антпесе,*
*Баары бекер эмеспи, чынында эле.*

*Ошондой, ага, эмне керек жалган атак*
*Ала албайсың өзгө журт, малга матап.*
*Билбейсиз го сиз, бирок Кудай мага*
*Башка бир сый бергенин тилек атап.*

*Бул айтканым-ажайыптын бири кана*
*Мен өзүм да сыйынам кыбылага*
*Сиздерге эмес, Алла аны кыйды мага*
*(кандай уктаар экенсиң бүгүн, ага).*

www.bizdin.kg



# Атлантида

*«...Бах чиркин, арман, неткен!»*
*Күлөсүң, ээ, кекетип салган беттен.*
*А мен айтып бараткан аземдүү шаар.*
*Каскелең эмеспи, Талгар дебе.*

*Шум дүйнөдөн ар түрлүү нерсе көрүп*
*Платон чал калп айтты дейлик.*
*Ал чалда менин ишим канча.*
*Ал – шаар бар!*
*Түндө гана эшигин кайттым өбүп.*

*Кайран аруузат жибибесе жер-жеберим,*
*Суу перидей мүчөсүн көрсөң анын.*
*Жер бетинде андай кыз болмок эмес,*
*Атлантида кызы ал – мен ишенемин.*

*«Атлантида, зилзала, акыр заман*
*Жок, болгон эмес,» дегенге барабы тил?*
*Болмок түгүл бир күнү суу астынан*
*Кайта калкып чыгат ал – карап тургун!*

* * *

*Тарых, сени окубаймын мен эми.*
*Жеридим.*
*Убайым-санаа эмне берди,*
*Куу жаныма эмне берди*
*Өлүү күн?*
*Филип уулу Искендер шах турду эсте,*
*Жашы жыйырмага толгондо*
*Оо, мен дагы*
*Атам падыша болгондо.*
*Мен эмесмин Римди өрттөп баягы,*
*Өргө чапкан, өктөм кеп.*
*Рим түгүл. Аягы,*
*Айткан сөзүм Алматыга өткөн жок.*

*Махаббат-ай, жүрөгүмө толот уу.*
*Өрт басылды, күн да ооду.*
*Клеопатра, сизден көрө ал аруу*
*Сулуу эри*

www.bizdin.kg



*Жүрөк эмес, таш менде.*
*Өзүмө өзүм мыкты болуп көрүндүм.*
*Кечир, Цезарь,*
*Ошол кызды издеп Ташкенге*
*Бардым,*
*Көрдүм.*
*Жеңилдим.*

*Цезарь, бирок махаллада жашыруун*
*Кыздан кабар күтпөдү.*
*Ташкен кезип издеген жок ашыгын,*
*Ташмат акам алдаган жок эч аны.*

*Тал чарбакты чак түштө дал бузган саат,*
*Көйнөк дал-дал жыртылса,*
*Цезарлыгын көрөр элем кызганчаак*
*Кыз агасы бычак ала чуркаса.*

*Мен жек көрөм жомокту,*
*Эртеңкини айтыңыздар.*
*Кыз казакча үйрөнүүгө шерт берди,*
*Колбиндей  эмес, чын дилден.*

*Көп элдерди кыдырдым*
*Кыялдандым  канча күн.*
*Тарых, бирок окубаймын сени эми,*
*Чарчап бүттүм...*

Казакчадан которгон **Чолпон СУБАКОЖОЕВА**



***Чолпон СУБАКОЖОЕВА*** *– 1970-жылы Ат-Башы районунун Ак-Муз айылында туулган. КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. «Деңизди ойготкон шамал», «Бактылуу болууга акым бар», «Сезим ыргактары» ж.б. китептери жарык көргөн. Котормодо да ийгиликтүү изденип келатат. Мустафа Кемаль Ататүрк эл аралык алтын медалы, КР Маданият жана маалымат министрлигинин Ардак грамотасы, Өкмөттүн дипломун ж.б. сыйлыктардын ээси.*

www.bizdin.kg





Элет кайрыктары

Шекербек
КАЛЫКОВ

# Көзүм ачылды

Ошондо мени көргөндө алаканын «шак» чаап, «Ой, Зампарбай» деп атынан кулап түшчүдөй каткырганына чейрек кылым өткөнү менен бүгүн жолукса деле «Ой, Зампарбайды» айтып күлө берет. Ошо кезден бери тамашалашканды адатка айландырып алган. Мага тийишет да, турат. Мен да көнүп калганмын. Шапа акамди айтып жатам. Өмүрүн берсин азыр 65тин чайын ичип жүрөт. Баягы эле бойдон. Андагы менин жоругумду күнү бүгүнкүдөй кылып көрүнгөнгө кеп кургандан жадабайт. Ал мындай эле: таргыл уюбуз бар болчу. Деги малга окшоп кепшеп, керилип жатчу эмес. Алдыга салып айдап алсаң бирде бакка кирип, бирде шакка кирип жашыл бүткөндүн баарын жалмап жүткүнүп турчу. Ошондон жадачу элем. Нечен жолу шакка бетимди тилдирдим. Бир күнү таяктын учуна чырмооктон түйүнчүктөй түйүп байлап алдым да, таргыл уйдун алдына түшүп, анын мурду тийип жалмай тургандай кылып: «Мен баратам Бомбейге» – деп кыңылдап келе бердим. Уй мени айдап алды. Жанга тынч иш болду да. Шапа акам ошону көрүп «тарс» жарылып «Ой, Зампарбай» («апенди» дегени го, ушу күнгө чейин сурай элекмин) деп атпайбы. Андан бери Тентек-Сайдын суусу канча акпады дейсиң...

Мындан бир топ жыл мурда Шапа акама айылдан жолугуп, ой-даа чер жазыша сүйлөшкөнбүз. «Келатсам эле уй ээрчип...» – деп баягысын унутпайт. Өтө кызык кылып айтат. Анан өзүнүн чаңкоосу канмайынча пияла суна берет. Деги чайга тойбойт. Ошентип жолуктук. Ал-акыбалын, мал-жанын сурап коём. Бубак аралай түшкөн башын кашылап:

---

***Шекербек КАЛЫКОВ** – 1965-жылы Базар-Коргон районунун Баймундуз айылында туулган. КМУнун журналистика факультетин бүтүргөн. Республикалык «Аалам», «Кыргыз Туусу», «Эркин-Тоо» гезиттеринде иштеген. Учурда «Жаңы Ордо» гезитинде башкы редактордун орунбасары болуп иштейт. Аңгемелери, ырлары мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланып келген.*

www.bizdin.kg



– Ээ, чалдын баласы, уйку кача турган болду. Ашып кетсе үч-төрт саат уктайм. Болду... жатам анан шыпты тиктеп,– дейт чайдан шор-шор ууртап.

– Уйку без иште деп атса керек да, Шапа ака,– дедим тамашалай.

– Шондойбу?..

– Рас, уйку жок болгон соң, дунгандай жер иштетиң, анделек сатың...

– Кой, ие... Ата-бувам кылбаган ишти айтпа, чалдын баласы,– деп менин азил-чыны аралаш сөзүмө тан бербей койгон. Кайыр-мазир айтышып тарап кеткенбиз, анан...

Жакында айыл жакка барсам: «Подходи народ, свой огород» – деп Шапа акам базарда олтурат. «Ошобу, башкабы?» деймин үңүлө тиктеп. Көргөн көзүмө ишенбейм. «Ата-бувам кылбаган ишти айтпа...» деген акам жок. Чепкенинин этегин чарчысына кошо байлап, өзүнчө эле шайдоот. Дунган түспөл акам дунган болуп алыптыр. Бир кезде атын алкынтып айыл аралай «кырк жылкыны» айдаган Шапа акам өмүр бою ушинтип дыйкан болуп жүргөндөй сезилди мага. Жакын барып саламдашсам, адатынча «тарс» жарыла каткырып: «Ии, келген экенсиң, Зампарбай» – деди. Экөөбүздүн «эрмегибиз» болгон чай ичип олтуруп: «Уйку кандай анан Шапа ака?» – дедим, чымчый сүйлөп.

– Маз-за... Бу базарың көзүмдү ачты...– деди тан бергендей.

– Чукча болбоңчу... Алар дагы бирөөнү туурап, түшүнүп-түшүнбөй эле: «Менин да көзүм ачылды» – деп жүлжүйгүн көзүн ирмеп коёт имиш. Анын сыңарындай...

– Жо, үка, чыны ошондой... Бир эле күндө ушерден ажымы кабыл кылып койду... Ишенсең-койсоң өзүң бил...

– Ко-ош кантип? – деймин суроолуу тигиле.

– Авал базарга соодага келгенде эле ибornидан чыгып баратсам,– деп Шапа акам таржымалын баштады. – Бирөө жалмаңдап эле: «Ырас болбодубу жезде... Сизди базарга кетти деп айтты эле. Тактайды болсо, үйдүн жанына жыйып койдук... жезде» – деди. «Бу сен кайсы кайни элең?» – деп да сурабадым. Жыйган тактайды элестетип элейип туруп калдым. Ичимен «жакшы болгон экен» деп коём. Анан тиги шыпылдак: «Эми жезде, арзан цемент чыгып атат, ошону жеткирели. Эки тонна чыгат го», – десе боло. «Ушунча элеби?» – дептирмин. Написти кара-а. «Дагы болот, жезде... Сиз үйгө барып тура бериң. Артыңыздан барып каламын. Азыр беш жүз сом берип туруң» – деди.

– «Болуптур кайним» – дедим да айтканын колуна карматып, шашыла үйгө жөнөдүм.

Үйгө келип, аягын карайм, буягын карайм, тактай жок. Арт жагына өтөм жок. Анан жеңеңе барып: «Тактай кана?» – десем: «Кайсыл?» – дейт. «Ой, бир үкаң жыйып коюп кеттим» деди эле го, десем: «Та-аң» – дейт. Иштин чатак экенине көзүм жетип, эми цемент апкелет деп айта алба-

www.bizdin.kg



дым. Чатак ошондо башталат эле да. Бирок тымызын күттүм, жанагы бейнысапты. Келбеди. Ал, ал болду. Мында бир көзүм ачылды. Бир күнү вокзалдын жанында турсам бирөө эле: «За хорошие зрение, денежные премие» – деп эле какшайт да. Кайта-кайта айтат. Аны бир топ эл жардап алыптыр. Карасам, стаканга картошканы салып алып ары жылдырат, бери жылдырат. Карап турдум. Чыны көздө айып жок эле. Мени мине Сапаш локатор дейсиңби? Анын кулагы делдейгени менен көзү начар. Шыйпаңда олтурабыз. «Куйругун чайпайт го, куйругун... кылтыңдайт го...» – деп эле болбойт. «Өлдүң Сапаш, ит болдуң» – десем түшүнбөйт. Бойго жеткен кызын жакын келгенде таанып атпайбы, ит болуп. А мен кыйла жерден эле катын-эркегин таанып коёмун. Ошондо Сапаш мага тан берген болчу. Анан жанагы: «Премия, премия» – деп эле какшайт да. «Ким көрдү?» – дейт. «Мен» – дедим. Жанымдагылар «Койсоңузчу аксакал» – дешти түзүк эле. Болбодум. Көрүп турсам, айтам да. «Сиз уттуңуз, аба, белиңиздеги чарчыдагыны сайың. Эки эселеп утабыз» – деди жанагы какшаган премиячы. Белимде 5 сомдуктан эки жүз бар эле. «Бар барака!» – деп чарчы-парчасы менен ортого таштадым. «Ачың!» – деди. Ачсам балээ жок. Шалпая түштүм. Ошондо бир көзүм ачылды. Эми көрүп турсам да айтпаймын, чалдын баласы. Ушундай, – деп обдула олтуруп калды. Мен Шапа акемдин үстүндөгү кийимине таңдана карап:

– Формаңыз жайында экен?– дедим.

– Ээ, буга зар болду дейсиңби. Шу базар кийгизди, базар, – деп өзүнө ыктай шыбырай баштады: – Биерде кыргыздар бирине бири суу куйганга маш. Шустрый болуп кетишти, чалдын баласы. Таразасынан, кабынан, жибинен, боюнан, айтор, кыргыздын бу базарда таппаганы жок. Соодасынан алдамайы көп. Билинип калды, билинип. Карасам, кыргыздар баш болуп кыргыздардан эч нерсе сатып албай баратат. Анан форманы өзгөрттүм да. «Кыргызча жакшы билген дунган экен» дешип алып атат го. Жаман эмес. Ээ, Зампарбай, бу базар деген ошондой балакеттүү жай. Шанаңдабай сен да көзүңдү ачып жүр, болбосо, көзүңү ачып коёт,– деди чайдан дембе-дем жутуп.

# Кокон гилас

Азыр дасторкондун көркү мине? десе, жабыла «бөтөлкөлөр» дейбиз. Арийне, жаңылыптырбыз. Дасторкондун ажарын ачкан нерсе – кокон гилас экен. Кыргызда конок күтүү өзүнчө рахат эмеспи. Бабыраган үйүмө бакыт кирип келчүдөй мен да жакын санаалаштарымды чакырып чай-пай берчү күндүн сааты келип калган эле. Аялым жазып берген тизмени көтөрүп, базарга жөнөдүм. Тизменин башында «кокон гилас» деп, ыйраң-буйраң жазылып туруптур. Дүнүнөн үргүлжү сатчу базарды көздөй баратсам, кадимки Шапа акам отурат. Көңүлү суз. Кудая тооба, ушундай да болот экен.

www.bizdin.kg



Мен шу кишини көргөндө сразу кокон гиласты элестеттим. Шапа акамдын кокон гиласы акылыбызды өстүрбөсө да, курсагыбызды кампайтып, кулагыбызды нечен ирет чойдурду го, чиркин. Менин алдымды торой басып, кучагын жая өзүнө кыса тартып: «Кабар албайсың, чалдын баласы» – деп, тер чачкан жүзүн сүртө калпагын алганда айыл жыттана түштү. «Келгениңизди билбедим да, ака» – дедим. «Бүгүн келдим... Жөн эле айтып койдум. Бир келип калдым да үка... Энемди үч коргондон тааныдым... Тур, чай саткан жерге апар» – деди. Экөөбүз чайканага барып жайланышып олтурганда, Шапа акам узун сабак кебин баштады.

– Оо, быйыл кокон гилас өлө болду. Шингил-шингил жөн эле. «Пул болуп калат, апар» – дейт да жеңең. Анан шорум катып жөнөп атпаймынбы. Жеңең экөөбүз гилас эгип, отоп-бутаганыбыз менен анын эгеси биякта экен. Талтайып аягым талыганча тергенимди айтпа. Жашиктерди толтуруп, машина жалдап жөнөдүм. Үмүтү додо-додо үйүлгөн гиластай жеңең калды, күтүп. Келатабыз зымылдап. Бир жерге келгенде форма кийгендер токтотуп калды. Жаш балдар экен. Мен да түштүм. Машинанын эки жагын карап текшерип: «Өзбекстандан чыктыңарбы?» – деди. «Жок» – дедик жабыла. «Кана мунун документи?» – деди улуураагы. «Ушуга да документ керекпи? Жерге түшүп бекер ысырап болбосун деп терип алып Бишкекке апаратам, үка... Быйыл өлө болду да» – дедим. «Давай, аксакал документин көрсөтүңүз?» – деп басып кетти. Оо, нары басып кетти. Сүйлөшкөсү келбейт. «А» десем көнбөйт, «бу» десем көнбөйт. Таза эзди. Бир убакта кичүүрөөгү: «Майли, аксакал экенсиз, сизди сакалыңызды сыйладык. Эми кокон гиластан кичине таштап кете бергиле» – деп бир челек сунат. Напсисин кара, эй үка. «Бериң, бовосо кетирбейт ава» – деди шоопур бала. «Макул» – дедим. Анан дагы сапар улап жөнөдүк. Көзүм илинип кетиптир. Нукуп эле капталыман бирөө түртөт. Чоочуп ойгонсом шоопур экен. «Ава, дагы документти сурап атышат» – деди. Кеч күүгүм кирип калыптыр. «Жанагыдан берип эле кутулалычы. Сиз түшпөй эле коюңуз» – деди кайра. «Кутулчу үка!» – дедим чоң кылмыштан кутулчудай. Түн коюу. Шоопур дагы кам сөз экен. Жүрө бердик. Ала-Белге келгенде: «Өлдү!» деди шопур. Көрсө балону жарылыптыр. О жериң өлө суук турбайбы. Эптеп алмаштырдык. Ошерде экиүч жашиктин бетин үшүк алып кетиптир. А бу жакта үшүк урганына карабайт окшойт. Алып кетишти го. Ошентип, чалдын баласы дабанды ашып айыл аралаган түз жолго түшкөндө таң агара баштады. Баягы жол тоскондор алдыбыздан чыгып токтотушту. Машинаны бир сыйра карап чыгышып: «Товар кимдики?» – деди да, четинен алып жей баштады. «Меники» – дедим, ичимден дагы бир аз жей түшсө деп турам. Нысап кылабы дедим да. «Каяктан, бу мине өзү?» – деди тамшана. «Кокон гилас үка, үйдөн алып келатам» – дедим. «Өзбекстанданбы?» – деди. «Жо-ок Жалал-Абаддан» – десем, «Кой, аксакал башты оорутпа, Кокон каякта

www.bizdin.kg



экенин биз деле билебиз» – дейт. «Ээ, үка, аты эле кокон гилас болбосо, биздин эле короодо өсөт. Кошунада деле бар. Биздин айылда көп» – дедим. Тиги жигит: «Машинаны четке чыгарып койгула» – деп билмексен болуп, ары басат, бери басат. Шоопур жигит мага жандай басып келип: «Куругунан бериң, бовосо кетирбейт, ава» – деди. «Канча?» – десем, «Токтогулдан бирди карматың кеттик» – дейт. Ушу 100 сомдо Токтогулдун сүрөтү бар экенин ошерде билдим. Иши кылып шоопур жигит «бериң» деп кошо тоношуп келе берди. Таң саарда базарга кирип келдик. Кызыгы ушерден башталды, чалдын баласы. Анда түшүрөйүн десем түшүрбөйт. Мында түшүрбөйт. Бир убакта шоопур келди. «Рэкеттер акча сурап атат, бовосо машинаны тургузбайт» – деди. Токтогулдан бешти сурашыптыр, бейнысаптар. Беш тыйынга кызыкпай үйдөн эле сатып ийсем болмок экен деп калдым, ошондо. Экини берип жашиктерди түшүрүп жатсам, эл мени басып кала жаздаса болобу. Кошо өстүрүшүп койгонсуп талашат жөн эле. Карасам бир аял жашикти көтөрүп бейгам баратат. Сурап койбойт, тооба. «Оо, акчасын төлөбөйсүңбү?» – десем, «Аласың да» – дейт кебелбей. Чуркап барып колунан жулуп алдым эле: «Акча үчүн өлгөн экенсиң да» – дейт. «А өзүңчү?» – десем: «Ишиң мине?!» – дейт. «Ушу мен ишиң мине» – деп айта албадым үка. Көңүл муздайт деп ойлошпойт окшойт, буларың. Шоопур жардам берип, аш-паш дегичең сатып бүтүп олтуруп калдым. Бу базар дегенде далдалчы болчу эле. Эки жактын тең көңүлүн алып иш кылгандар жок экен да. Тескерисинче, буларың далдалчы болбой эле, дал-далыңдан үзө тартып кеткенден кайра тартышпайт го – деп Шапа акам жол азабын айтып олтурду.

– Деги жол киреңиз акталдыбы, Шапа ака?– дедим анын кейиштүү жүзүнө тигиле.

– Актабаса, курусун. Ушинтип пайда таппай эле койдум – деди бу турмуштан түңүлгөндөй.

– «Чыда териң жалтырак болот» дегенди билбейсизби. Сиз дагы бир - ар күн ушерде жүрсөңүз карышкыр болуп каласыз, Шапа ака,– дедим тамашага чала.

– Бердим базарыңды. Кетем, чалдын баласы. «Торгой» базары беле?..

– Жо, «Дордой» базары десеңиз...

– Ии, ошерге барып жеңеңе коёндун жүнүнөн жасалган жемпир алышым керек. Аны кийбесе шакыйы кармап калат, жеңеңин.

– Эми эс алып, эртең менен эрте барың... Жакшы соода кыласыз...

– Ой, ал жерге эрте барсам, мени талап кетишпейби... Коркуп калдым, үка.

– Коркпоң да...– дедим какшыктай.

– Коркуп мине, үка. Менин бир чочулаганым, ушундай жол азабы, соода азабы күчүндө турса, бишкектиктер кокон гилас жебей калабы дейм да. Мен бир ырыскы көтөрүп келдим да. Туурабы?

www.bizdin.kg



Шапа акам бугун чыгара сүйлөп бүткөн соң, айыл-апаны сурашып көпкө олтурдук. Улам терин жеңи менен сүртүп, чайдан шор-шор ууртап коюп олтурган акемдин жүзүнө тигилип, додо-додо үйүлгөн гиластай үмүттүү жеңемди эстедим. Абышкасынын мындай абалын көрүп кейишин бөркүмдөй көрүп турдум. Анткени экөөнүн баскан-турган жери күлкү шаң эле. А Шапа акем болсо бош калган жашиктериндей үмүтү каңгырап, бир нерсеге наразы болгондой көңүлү муздап олтурду. Чын эле ырыскы ташып келди эле да. Анан сыртта кокон гиласты кыпкызыл эриндери менен акырын үзүп алып, тамшанып бараткандарды көрүп, ушулар Шапа акамдын түйшүгүн билди бекен деген ойго кеттим.

# Майиз

Кадимки Шапа акемден кат келиптир. Былтыр Бишкекке кокон гилас алып келем деп «энесин Үч-Коргондон таанып» кеткенден бери дайны билинбей кетти эле. «Жайда күттүм келбедиң» – дейт катында. Сөздөрүчү эй, кудум эле Ырыспайдын ырындай. Деги койчу миң түркүн куш кабар. Саясаты, экономикасы аралаш. Ар бир сөзүнүн илебинен туулган жеримдин мээрими согот, тооба. Анан ошентип, үй-бүлөсү жөнүндө айтып жатпайбы.

...Мурда айылда арак саткан көп эле. Эми көзү ачыктар, анан катын отуруштар көбөйдү. О катын отурушуң – абысын отуруш, саяк отуруш, класcташ отуруш, иши кылып отуруш болуп иттин ичегисиндей көпкө бөлүнөт. Оо, чалдын баласы, бу шайлоо дегениң өтө тереӊ кетти го. Несин сурайсың. Азыр жеңең – Баекова. Ошо отуруштарда чыр чыкса, талаш-тартыш болсо, ражасын убагында төлөбөсө менин кемпирим соттойт экен. Ошентип, шайланып алыптыр. Жеңең өзгөргөн. Мансап деген мансап да. Менин да кадырым көтөрүлүп калды, чалдын баласы. «Биздин уруктан чоң чыкпаса да, келиндерден чыкканына шүгүр дегиле» – деп атам. Мурда жерге дасторкон жайчы элек, эми столго отуруп калдык, чалдын баласы. Бир зор жаңылык болуп атат. А Дөндү акаң болсо жүрөт. Кимди тартып калган билбейм, уста чыкты атаңын оозунурайын. Колхоздун эски сарайынын бир бурчун ээлеп алган. Темири болобу, жыгачы болобу, бардык нерсени жасайт. Калагын апкелишет, күрөгүн апкелишет. Эртеден кечке ошоякта. Авал: «Бекер эле жасап бер, балам» – деп жүрдүм. Көрсө, бекер эч нерсе жок экен. Каерге барсам эле «төлө» дейт. Базар экономикасы дешет. Мен да Дөндүнү: «Ал!» – дедим. Алып атат. Биздин уруктан биринчи ошо машина минди. Жанагы ичи тар Парпи абаң көрсүн деп, машинаны эшигимдин алдына токтотуп атам. Көрсүн. Жоргосу менен нары-бери өтүп жаман күйгүзчү эле. Эми өтпөй атат, кыйтыр Парпи. Ээ, чалдын баласы, акаңдын оозу бош. Бир күнү мас болуп алып былжыраптыр да. Мине деп дебейсиңби. «Балканын үнүн Зейнеп Шакееванын үнүнөн да жакшы

www.bizdin.kg



көрөмүн» – дептир. Аны угуп жеңең чалкасынан кетиптир. Жеңеңин көпкөнү да, (сага эле айтып жатам) колу жылт-жулт, мойну жылт-жулт. «Мен турганда сөзүңдү таап сүйлөбөйсүңбү» – деп, Дөндүнү соолуктурган го. Тескери карап калышыптыр дешти. Сотту жибердим. Оо, менин Баековам тынчытат. Такшалып калды. Келин бала «лам» дей албаптыр. Балканын үнү эмес, маңканын үнүн айтса да үндөбөй тургандай кылыптыр, байбичем. Анан жанагы калта essential кактымдын жоругу жолдо калсын. «Палтехти бүттүм» дегени менен эшиктеги Балтекче кызматы жок, атаңы... Оо эрте жазда түн жарымда келиптир. «Ата, буудайды эгип коёлу» – дейт. «Кой, балам, таң атсын» – дедим түзүк эле. Жо, болбойт да таптакыр. «Эгип коёлу» – дейт да турат. «Аяш ата, биз турабыз го» – деп артында экөө турат бирине бири жөлөнүп. Көндүм анан. Трактир акысын, үрөнүн берип жөнөттүм. Таң саарда Чоро келет. «Шапа ака паказ өлтүрүпсүз да. Адам кыла турган иш эмес да» – деп наараазы болуп алыптыр. «Ой, Чоро, мине болду?» – дейм. «Жүрүң» – деп, кашаң эшегине учкашып барсам, каңиз үкаң кечинде Чоронун кызыл ашыктан келип калган күздүк буудайын айдап, үстүнө жаздыкты сээп таштаптыр. Күйбөгөн жерим күл болду. Чоро жакшы киши билесиң да. Чыгымын төлөп, аны наараазы кылган жокмун. Оо, ошо буудай укмуш болду. Ташка чөп чыкты. Ушунун баарын бир келип жазып кетсең боло. Жүзүм дагы түгөндү. Сен үчүн атайын майиз кылып койдум, чалдын баласы. А мен болсо жүрөм. Эл аман, мал аман. И, баса мурда итке ат койчу элек, эми малга да ат кое баштадык. «Кысыр калды» деп бир уюбузду малчыга кошуп жибергенбиз. «Тууп койду» деп алып келип берди, кечээ. Атын «Күмөн» койдук, «дөрүн» кошподук, чалдын баласы. Артист бала укса капа болот да, туурабы? Эгер жакында келсең, эски гезит болсо да ала кел. Кыларга иш жок. Сотту тиктеп отура бермек белем. Бир карта ала кел. Пирраники болсун. Анан аман бол, көрүшкөнчө чалдын баласы. Шапа акаң...»

Мына ушундай, Шапа акамдын элет турмушуна жуурулушкан «ширин» катын окуп, мен үчүн деген таттуу майизин эстеп, туулган жерге болгон сагынычым дагы да артып, көңүл эргип жөнөдүм. Эми пирранын картасын алышым керек...

# Байпак

Шапа акем чайкананын көркү. Тилинде мээр чөбү барбы, айтор, ал сүйлөп олтурган жерде башкаларга сөз жок. Тегереги кыраан-каткырык, күлкү.

– Бу Орто Азияда мурда бир эле апенди айтылып келсе, эми экөө болду– дейт мойлосун жанып.

– Бири ким? – деймин кызыга.

– Неберем... жанагы Дөндүнүн баласы. «Чолпонбай Түлөбердиевдин согуштагы эрдиктери үчүн бөлкө нан берген десем, агай «2» койду» – деп

www.bizdin.kg



ыйлап келиптир. Жетип бардым мектепке. «Бөлкө эмей, талкан бермек беле?!» – дедим. Заки чолоктун баласы. Боорун тырмап эле күлөт. «Ажыкыз болуп калган го» – деп коём. «Өчүр» – дедим. «Биздин урук экиден эмес, төрт-бештен алат» – дедим. Атамын чоң атасы төрт катын алганын кыйытып өттүм. Директор дагы: «Өчүр» – деди. «Коюңузчу, Шапа ака» – деп бир ыраңы суук күлөт экен. Мындай агай менен жакшы окуп кыйратпайт го деген кыязда: «Үка, шу согушта эмне бергенин билбесең, кам экенсиң. Бошот орунду» – десем, ого бетер боорун тырмайт, тооба. «Нашаакор банги болуп калганбы» – дейм ичимен. Директордун да чыдамы кеттиби: «Апке журналынды өзүм өчүрөм. Аксакалдын алдында уят кылып» – деп ордунан обдулуп тура калды эле: «Азыр агай, азыр агай» – деп түшүндүрүп кирди. «Мен небереңизге, Чолпонбай Түлөбердиевге согушта жасаган эрдиктери үчүн кандай наам берген?» – десем, мунуңуз: «Бөлкө нан берген» – дейт десе, жанымдагы директор да «тарс» жарылса боло. Осол кылбадыбы, – дейт чайдан шор-шор ууртай.

– Эми азыркы балдар наам менен иши жок да. Билбей калышты да Шапа ака.

– Окутпай эле койбойбу дейм да, – деди кашылана.

Ошентип экөөбүз ээрчишип, жолго чыктык. «Такси карма» – деди. Базарга жөнөдүк. Таксиде баратканда шаңдуу музыка жаңырып, Бек Борбиев менен Динара Акулова коштогон ырга эргий түштүк. Шапа акам да моюп угуп: «Акаев, Акаев» – деп жакшы ыр чыгарышыптыр деди.

– Шапа ака, бу карылык кулактан алган го,– дедим анын сөзүн бөлүп.

– Албай-этпей эле...

– «Ак кайык, ак кайык» – деп ырдап атпайбы, – дедим.

– Та-аң, – деди камырабай – Негизи Динара ыманы ысык, жакшы ырдайт, – деп койду сыймыктана.

Айтор, кызык киши Шапа акам. Базарга киргенде эле: «Кытайдын байпагы саткан жерге апар» – деди. «Өзүбүздүкүн эле албайсызбы» – десем болбой койду. Бир боого оролгонун кармап: «Болушун айт, үка» – деди. «Мынчаны эмне кыласыз, пусурманым?» – деймин. «Чычканга керек» деп коёт. Түшүнбөдүм. Кайра жолго түштүк.

– Чалдын баласы билбедиң, – деди келатканда. – Бу байпактарды Дөндү акаң бир күн кийгенден кийин, чычкан келчү жолго таштап койсоң, анын жытына «сен көр, мен көр» ууланып, тыртыйып жатып калышат.

– Койчу, Шапа аке!

– Койбой-этпей эле...

Жолдо келатып байпактын боосун чечип карасам, беш-алтоонун чычкан жегенсип тешиктери бар экен.

– Чычкан өлбөй эле жыргап жеген го, – деп тешигин көргөзсөм:

– Ай, калла, аны өлтүрүш үчүн биринчи Дөндү акаң кийиши керек да. Ансыз болбойт, – деди.

www.bizdin.kg



– Ии-ии – дедим чын эле таңдана.

Автобекетке келгенде: «Бир чер жазышып сүйлөшө алган жокпуз чалдын баласы. Келип калаарсың. Кайыр эми» – деп бооруна кысып, анан тыпылдап жөнөдү. Ичим ачыша түштү. Аны ээрчип жүрө бергим келди. Деги Шапа акем кызык киши.

# Милийса

Жалал-Абаддагы милийсакананы тоноп кеткенде эл уу-дуу түшүп талкуулап калышпадыбы. Андайда Шапа акам талкуунун так чордонунда гана турат да. Мага ошонун чоо-жайын айтып берип олтурат.

«Оо, биз да көпкөнбүз бир кезде,– дейт Шапа акам – Бирибиз арстан, бирибиз жолборс болуп турганыбыз менен «жүздөшөрдө» «кызыл шапкеден сактасын» деп сестенип турар элек. Башканы кой, өмүрү оозуна стакан кармабаган Сөлпү опорный пункттун алдына түкүрүп коюптур да. «Коомдук жайды булгадың» дешип, ой-даа сурап, анан камап коюшуптур. Чыйы-пыйы чыгып, аялы чуркайт көрүнгөнгө. Достору топтолуп бардык, «а» дейбиз, «бу» дейбиз, чыгарбай коюшту. Көзүн жалдыратып, Сөлпү бечара олтурат. «Дадил бол, дос» – деп коюп биз кеттик. Таза эзди да. Оо, а кезде Султан абамдын кадыры ушу азыркы 100 сомдуктай болчу. Анын сөзү менен көбүнүн оозун жабууга болор эле. Ошого бардык. Сөлпүнүн жоругун угуп кейиди. Пакиза киши эмес беле. «Бу кандай палит жансың? Ушундай жерге да түкүрөбү! Андан көрө мобу милийсаларга оозуңа түкүртүп алсаң, адептүү, таза болоор элең. Кой ие...» – деп жемелеп олтуруп алып чыгып кеткен. Ошол Сөлпү досум өлөр-өлгүчө башка көчө менен каттап жүрдү го... Эми азыр жыргал да. Бир жылы: «Баткендеги базарда солдаттар мас болуп жүрөт» дегенди эшитип, сүйүнгөнмүн. Бейкутчулук деп ушуну айтат да.

Кыларга иш жок болсо. Эми бирөөсү танканы айдап келип, жерди оңторсо деле таң калбай, кубатташ керек. Биздин аталар ушундай турмушка жетсин деп немисти жеңген да. Милийсакананы тоносо тоноптур да. Буга бирөөнүн кылы кыйшайдыбы. Кыйшайбайт дагы. Колунан келеби жасай берсин. Кылмышкер дагы өз ишин кылыш керек го акыры. «Милийса уят болду, палан болду, түкүн болду» – деп, дарагын шамал кыйратса деле участковойго барган Парпи күйүп бышат да жөн эле. «Эми эчки кайтарганга да жарашпайт. Куралын тарттырганы минеси?» – дейт да турат. «Ой, Парпи, күйбөс катындын күйүтү күчтүү болбо. Сенин уюңду уурдаган ууру «карабаса кереги жок экен» – деп алып кете бердим дебеди беле. Ууру кереги жок деген нерсени алат турбайбы, ана эми куралын тарттырганы деле ошо да» – дейм. «Жо, таң калам да» – дейт Парпи тырчыйып. «Онун несине таң каласың? Боло берет да мындайлар» – десем, дүңкүйүп эле жер карайт.

www.bizdin.kg



# Ит

Самолетко түшсөм эле Шапа акамдын жоругу эске түшөт. Андан калса: «Өзүм тосуп аламын, чалдын баласы» – деп салам-дубайын жөнөтүп атпайбы. Буга чейин деле далай жолу учуп барбадымбы. «Чу» дегенде эле: «Биздин үйдү самолеттан көрдүңбү?» – дей берет. Мурда: «Жок көрбөдүм. Же карабадым» – дечү элем. Эми: «Ии, көрдүм Шапа ака» – десем, шаңандап сүйүнүп калат. Жалал-Абадга учкан самолет биздин айылдын үстүнөн өтчү. Чын эле ага маани берчү эмес экенмин. Анын ошентип, «көрдүм» деген сөздү угушу зор мартаба эле. «Айтпадым беле» – деп аңгемесинин башынан баштайт. Кээде кейип калганда: «Мени самолетто өзүнчө бөлүп сыйлашкан, силерге сөзүмдүн баркы жок» – дей берет. Кайсы бир жылдары борборго келип, самолет менен учуп кеткен экен. Эми азыр кечээ учуп келгендей айтканынан кайтпайт. «Мындай карасам: «Суу ичиң» – деп бир чирайлик кыз турат. Атайын алдыма келиптир. Карыны сыйлаганына ыраазы болуп кеттим. Башка менден улуусу жок окшойт. Ал суусун ичкен да арманда, ичпеген да арманда. Зам-зам суу жөн эле. Анан жерди карап коём. Ой, тооба. Алаканга салгандай көрүнөт баары. Жазбай тааныдым. Биздин үй турат» – деп баштаганда, байбичеси: «Ой, чал, болду эми, кичине окшотуп айтчы» – деп калат. Ага болбой талашат Шапа акам. Бечелдин дөңүндө божурап сөз козголгондо эле: «Бу жер алаканга салгандай, кызыталак...Карасам эле биздин үй турат» – дегенде курдашы Парпи ака анын айтканына ынанып: «Ии, Шапа, анда биздин үй да көрүнөт турбайбы» – десе: «Ой, сенин үйүң кайдан көрүнмөк эле, коктуда турса» – дейт далилдүү ой айткансып. Буга чычалай түшкөн Парпи ака: «Өзүң алаканга салгандай көрүнөт деп атпайсыңбы. Анан минеге менин үйүм көрүнбөйт?» – деп талаша түшөт. «Эй, сен самолетко түшпөгөндөн кийин минени билесиң» – деген сөзү анын оозун жап кылат. Парпи ака учпаганын мойнуна алып, тим олтуруп калат. А башкалары аралашып олтургандан көрө, Шапа акамдын айтканына куштар. Айтор, самолет биздин айылдын үстүнөн учуп өткөндө Шапа акам кай жерде жүрбөсүн ушу «аңгеме» козголору турган иш эле. Бири жакшы тилегин айтса да: «Мен көргөндү, көрө элексиң» – деп «асмандан» түшөт Шапа акам. Ушуларды эстеп олтуруп аэропортко келип калганымды да сезбей калдым.

Шапа акам тепеңдеп чуркап келатат. Бооруна бекем кысып, «Тыртайган ананайыным...Жакшы келдиңби? Тунике менен башкалап жаптык. Үйдү көрдүңбү?» – деди. «Көрдүм, Шапа ака» – деп, атам жыттанган акамдын мээримине эркей түштүм. «Жүр эми, эртерээк кетели. Үйдөн кан чыгарып, ата-бубага куран окутуп аттым эле. Сени эле күтүп атышат. Оо, ананайын» – деп чачыман, бетимен өпкүлөп коёт. Жеңил машиналар токтоп турган жайга барып, шыпылдаган шоопур жигит менен сүйлөшүп:

– Тез жеткиресиңерби? – деди.

www.bizdin.kg



– Зымылдайсыз аба, зымылдайсыз. Самолеттогудай...

– Самолетту сенден жакшы билем, үка... Окутпа мага, – деди салабаттуу.

– Жөн эле айтып койдум, аба. Мени менен кетсеңиз көңүлүңүз көтөрүлөт дегеним. Сиз мага жактыңыз аба. Мемирейсиз... – дейт шоопур айтканынан кайтпай. Мен бул жигиттин баскан-турганын, сүйлөгөнүн карап туруп, анын башка кесипте иштегенин элестете албадым. Башынан бутуна чейин шоопур болуп жаралып калгандай сезилди мага.

– 12ге жетишим керек.

– 12ге он мүнөт калганда жеткирип коёмун. Кадырыңыз жан болсун аба,– деди шымалана.

– Өпкөң жок окшойт...Машинаң каяктыкы?– деди да, мага карап: – Дөндүнүкү мындан жаңы... – деп койду.

– Немистики, аба... Отуруң, не турасыз – дейт алаканын ушалап. Шапа акам шоопурга муюгандай, аны тигиле карап:

– Кеттик, – деди. Машина чоң жолго чыкканда алакан жая батасын берди да, тунжурай отуруп калды.

– Музыка коюп берейинби, аба... Кайсынысынан?– дейт шоопур жигит тынчтыкты бузуп.

– Динаранын ырларынан барбы? – деди Шапа акам орундукка чалкалай.

– Жүрөгүңүз жаш экен аба – шоопур жылмая карап, мага көзүн ымдап кассетаны издегенсиди. Аңгыча кыңшылаган үн чыга баштады. «Оббо, бечара» – деп сумкасын ачты эле, карасам күчүк.

– Сатып алдым, чалдын баласы. Чоң дөбөт болчудай, карасаң?–дейт.

– Ой, Шапа ака, иттен көңүлүңүз калбады беле,– дейм.

– Жо, азыр ит керек, ансыз адамдар талап кете турган заман болуп турат – деди күчүгүн колуна алып.

– Баягы биз жаш кезде баккан итиңизди айтып жатам, Шапа ака...– дедим мурункуну эстетип.

– Ээ, ону бир айтасыңбы, эки айтасыңбы. Ошондо ит бакпай эле бир балээ бактым деп жүрүптүрмүн. Таң атпай күл дөбөдө тапыраган эле кошуналар. Бириси ботинкесин тапса, бириси көйнөгүн, дагы бири шейшебинин күлүн кагып жөнөп аткан болот. Ушул ит үчүн кемпирим экөөбүз жаман абалда калып жүрдүк. «Эми бу ит да Шапа ака» дешет. «Ошентсе да...» – деп уурулугубуз кармалып калгансып, маанайыбыз чөккөнүн айтпа. Бир күнү липчикти тиштеп келиптир күл дөбөгө. Эки-үч күндөй жатты. Эч ким алып кетпеди. «Бу кимдики болду экен?» – дейт кемпирим. «Чоронун келининики окшойт» – десем: «Сен көрүп койдуң беле» – деп кемпирим таза эзбедиби – дегенде шоопур жигит татырата каткырып күлүп, жыргап эле калды. Шапа акамдын сөзүнө берилип, кассета коюп бериşти да унутту. Акам анын күлкүсүнө таңдангандай тиктеп, сөзүн улайт:

www.bizdin.kg



– Жо, ошондон башканын баары күл дөбөгө келип кетишти эле да. Кемпирим жууп, тазалап апкетти анан... Ээ, чалдын баласы, ал го ит экен. Ошого уялып жүрүптүрбүз. Эмичи... Эми адамдан чыккан иттер бар. Пахта ууру көбөйдү. Жайды жайлата бекер жүргөн бир накустанын үйүн оодарсаң бир тонна пахта чыгат. Туурубу, шоопур бала? – деди эле, оозундагы сагызын жалжаңдата чайнап, башын ийкеп койду. Шапа акам анын далысынан бери тартып:

– Бу үкам болот. Жазуучу... Бишкекте беш көмүт үйү бар. Барып калсаң конок болуп кел. Шаарга барбайсыңбы, быякта эле кызарып-татарып күлүп жүрө бербей. Машинаңа ишенбесең Дөндүгө карат – деп өзүнчө маалымат берип:

– Өткөндө Кекин жолугуп айтат: «Түндө талаага барсам, пахта терип аткан адамды таанып, үндөбөй баса бердим» – дейт. «Ким?» – десем, айтпайт. Ошон үчүн ит багыш керек, чалдын баласы, – деди күчүгүн сылап. Аңгыча зуулдап үйгө кирип келдик. Шапа акамдын сөзүнө кумарланган шоопур: «Сиз мага жактыңыз, аба» – деп алдында арбалып туруп калгансыды.

# Конституция

«Ирас келдиң, журналист бала... акаңи кой де, шерменде болот. Доклад окуйм деп оолугуп атат» – деди жеңем алдыман тосуп. «Кандай доклад?» десем, «Конституцияга карата имиш. Киши куруп калгансып ушуга келиптир» – дейт. «Анын минеси жаман, жеңе...Окусун Шапа акам башкадан кем бекен» деймин бир эсе сыймыктана. «Кой, болбойт, журналист бала... Докладды улакка соорун сайгандай көрүп атат, өлтүрөт...Кой де...» – деп чый-пыйы чыгат.

Оо, Шапа акам бүгүн өтө салабаттуу көрүндү мага. «Эми аким өзү өтүнүп келген экен. Даярданып атам» – деп үнүн көтөрө сүйлөп жатты эле, небереси: «Ата, акимдин жардамчысымын деди го» – дегенде, «Ок, атаңы...ичтен чыккан ийри жылан. Сапашка дагы ошенттиңби. «Волга» менен ким келмек эле? Аким келет да!!!» – ал тентегин жекире карап, анан эч нерсе болбогондой сөзүн улады: «Бүгүн бош эмесмин, чалдын баласы. Эртеге чогулушка бар, жазасың» – деди да, аркы бөлмөсүнө кирип кетти. «Ой, бай болгур, мобу журналист балага жаздырсаңчы» деген жеңемдин сөзү дубалга айтылгандай болду.

Залдын ичи толо эл. Шапа акам негедир кечигип жатты. Элеңдеп карап коём, көрүнбөйт. Сөздүн кезеги келгенде, калпагын колтугуна кыстара чыга калды. Сүйүнүп кеттим. Трибунага чыгып, залга бир сыйра көз жүгүрттү. «Урматтуу жолдоштор» – деп сөзүн баштаганда эле: «Дагы, мени айтып жиберет экен» дегенде эки көзүм төрт. Уйгактын үстүндө олтургандай чебелектеймин. «Конституция элдин байлыгы, – деди Шапа

www.bizdin.kg


акам үнүн бийик көтөрө сүйлөп: – Конституция болсо нан болот, ыр болот. Ансыз бизге жашоо жок. Мына бүгүн он асый болуп...– деп мукактана: – 10 жыл болуп, Болотбектин атындай баралына келип турат. Конституцияны таптап, бутуна «жем түшүрбөй» келаткан Президентке, аким балам, сага ырахмат, – деди эле аким ыраазы болгондой башын ийкеп койду. «Шу Конституция десе эле бала чагым эске түшөт. Анткени баарыбыз ушунун камкордугунда чоңойбодукпу. Муну, ыраматылык атам да жакшы көрчү эле. Аксакал катары айтарым, силер да жакшы көргүлө, ананайындар! «Сөз келгенде айтпаса атасы өлөт дейт. Бу Конституция чой-чой салып төрт тарабынан тартчудай улак эмес. Бу Закун! Рас өз пикиримди айта турган болсом, көк бөрү деген чыгыптыр, беш-бештен болуп алып, эчки-улак чабышат экен. А калганы мине? Чаппай акыйып тура бериши натура. Конституцияга туура келбейт, баарына укук бирдей дешти го. Ушуну киргизиш керек Конситуцияга. Анан эми 10 жыл деген оңой эмес. Азыр бир жыл азып-тозбой жашаш кыйын. Шу Конституциянын тегерегине ийри отуруп, түз кеңешип бир той өткөрүп, улак чаптырсак болот эле. Соорунчусу ким болот? Аны аким балам өзү чечет да. Негизи ушундай, урматтуу жолдоштор» – деп чапанынын чөнтөгүн чукулап жатып: – Эми сөзүмдүн акырында, «Конституцияга карата окуп коюң» – деп мобу кагазды аким балам бердирткен экен. Ошону окуп койсом, дегенде жамбашка бирөө «тыз» эттире сайгандай, сыртты көздөй шашып чыктым. Бир аздан соң Шапа акам чыгып: «Катырдымбы чалдын баласы?» – деди эле: «Катырдыңыз Шапа ака» – дедим. «Ушуну бир көрсө болот эле. Атаңы айтып атам. Биздин уруктан тың чыкса деп жүрүп өтүп кетти, кайран акам. Кудай бар го. Арбагы ыраазы болуп бир оодарылып алгандыр» – деп кемшиңдеп ыйлап алыптыр. Мен же күлөрүмдү, же ыйларымды билбей турсам: «Ой, мине состоёсуң?» – деди. «Атамы эстеп атам» – десем: «Мен дагы» – деп тыпылдап алдымда баратты Шапа акам.

## Көзгө атар

Ошо күнү «Сабантуй» Какандыкында болмок. Бир апта өткөрүп эле вечир уюштурабыз. Акча топтомой, тарткан түйшүгүбүз ушу. Армияга кеткенче бир жыргап алалы дедик да. Ошентип, кезек Какан доско келди, үйү айылдан ыраак, тоого жакын. Өткөндө мен, Пусу, Сами, Ади болуп үч кыз тапканбыз, вечирге. Эми Чодуй, Кеша, Салиң, кара Өмүрзак, Сашкалар табыш керек эле. «Бири да ынабай койду» дешип, түш оогондо келишти шылкыйышып. Түшкө чейин алардын макулдугун албасаң болду, бүттү дей бер. Үмүттү үзүп коё бериш керек. Какандын үйүнө барганча бир топ жол басабыз да. «Кой...» – деп баарыбыз айылды кыдырып чыктык. Бирөө дагы макул болбой койду. Анан Сашка дөөпөрөстү сөктүк. Баарына ошо күнөөлүү. «Өбүшөт деген ушу» деген окшойт. Өткөндө Гүлайдын оозу-

www.bizdin.kg



мурдун кабыштыра бекем кучактап соро бериптир да. О дөөпөрөс кучагынан коё бергенде «гүп» деп кулап түшсө болобу. «Гүлай» десек укпайт. Чапкылайбыз, тоготпойт. Тымпыйып эле жатат. Бетине муздак суу сээп, зорго өзүнө келтирсек болобу. Жүрөгүбүз түшүп калды. Өпкөсүндөгү абаны тиги дөөпөрөс соруп таштаганбы, тумчуктуруп коюптур да. Эси ооп калыптыр бечаранын. Ошого кыздар чыкпай коюшту. «Өбүштү билбегенден кийин...отур да нары, маньяк» – деп Ади Сашканы таза эзди. «Билем эле...» – деп тиги болбойт. Мушташып кете жаздашты. Чыны баарыбыздын ичибиз ачышып турду. Мине кылабыз анан. Катуураак бир нерсе десең, Сашка баарыбызды лапаткадай колу менен жалпайта чабат. Эрдиги бар, эси жоктун бири да. «Өл-лүп кетишсин...» – деп жөнөп калдык. Тим эле кыз жандуу болуп, Ыкы, Кадың дагы үчөө кала беришти. «Итиме таң...» – деп коюп биз кетип калдык. Какандын ата-апасы жакшы кишилер. Жөн эле айланып-тегеренип турушат. «Чай-пай ичкиле...» дегенине көнбөй, жогору көздөй бастык. «Бир жолу кечинде келгенде тамак ичебиз» дедик. Мылтыкты мен асынып алдым. Кырдан ашкандан кийин, жайланышып олтуруп, торбодогу «Алтын кумду» закускөсү жок артынан суу ичип, бөлүп алдык. Антпесек, мас болбой калабыз да. Дагы жогору жылдык. «Эми шашпай олтуралы» дедик. Тигиден жутуп коёбуз. Чодуй сөз бербей калды. Биз деле түзүк эле болуп калдык. Баягы эле кара Өмүрзак. Ага бочкасы менен куйсаң да, ушинтип олтура берет, кем сөз. Сүйлөсө бир «балп» этет, болду. Бир убакта коюу бактын түбү кыймылдай баштады. Омкорулуп кетчүдөй кыймылдайт. «Каман!» – деди Какан ордунан чочуп туруп. Мен мылтыкты колума алып калчылдап олтуруп калдым. «Ат!...» дешет. Колум карышып болбойт. «Эй, чумо десе...» – деп Какан колумдан мылтыкты жулуп алды да, тиги жакты көздөй «баң!» этти эле, «бөө...» деген үн чыгып, кулап түштү. Бардыгыбыз жабыла чуркап бардык. Карасак уй экен. Дал көзгө атыптыр. «Өлдүк...Биздин уй..!» – деди Какан. Кулактарыбыз тикчие түштү. Нес болуп ордубузда катып калдык. Какан дос өңүнөн кетип бопбоз.

«Болор иш болду, бир нерсе дейбиз да» – деп ээрчишип төмөн көздөй жөнөдүк. Үйгө жакындаганда: «Атайын ууга чыгып кур кол келесиңерби? Кана олжоңор?... Ай, ушу силерден мергенчи чыкпайт го...» – деп аяш атабыз атынын ээр-токумун алып жатты. Биз үндөбөдүк. Мактанмак белек. Эртеден бери жаагын жанып жаткан Чодуй эбак эле өчкөн. Арыда кемегенин жанында турган аяш энебиз: «Ие, Какан уй эмне кечикти? Жарык жазда саап алайын дедим эле. Торпогу да ач калды... Айдап келчи, балам» – деди. Какан шарт бурулуп эле кырды көздөй жөнөдү. Анын артынан биз да ээрчип алдык. «Ой силер каякка?» – деген сөздү укпамыш болуп баса бердик. «Окшошкон ананайындарым, мергенчилерим менин» – деп артыбыздан алкап-мактап жатты Какандын апасы. Кырдан нары өтүп олтурдук тунжурап. Мине кылсак? Угуза албай айлабыз кетти. Мен угузмак болдум. Көнбөйт

www.bizdin.kg



болчумун, Каканды аядым. Кырдан шылкыйып түшүп барсак: «Ушунчаң биригип уйду таппадыңарбы?» – деп аяш энебиз алдыбыздан чыкты. «Аяш эне, уйду биз каман дептирбиз...» – деп айта баштаганда торпок «мөө-өө» дегенде жашык жаным чыдабай, көздөн жашым мөлт этти. «Каман түндө чыгат» – деди аяш энебиз. «Ошо да...» – деп тамагым каргылдана туруп калдым. «Сага мине болду балам? Ооруп турасыңбы?» – деди эле: «Ичим» деп калп эле түйүлдүм. «Ие, чал мыногу баланын аркасын үзүңчү. Ичи түйүлүп калган окшойт» – дейт эч нерсени этибарына албай. Каканды карасам, ал деле араң турат. «Жөн эле коюң... Уйду айтам да» – деп сөз баштаганда, торпок дагы «мөө-өө» дегенде, чыдабай «өө-өө» деп өңүлдөй баштадым. Араң турган Какан да ыйлап жиберди. «Ок, үнүң өчкүрлөр, мине болду силерге!?» – Аяш энебиз ордунан тура калып: «Ой, кара, айтчы мине балекет болду?» – деп Өмүрзакка кайрылды эле, ал: «Какан уйду атып таштады» – деди кыска, так. «Мине дейт ботом?» «Какан уйду атып таштады» – деп дагы кайталап койду. Какан «Каман экен дептирмин да...» – деп озондоп ыйлаган бойдон кырды көздөй чуркап кетти. Артынан апасы, анан биз жөнөдүк. Атын жайдак минип, аяш атабыз баратты.

Жакшы кишилер дебедимби. Уйду союп, үйгө алып келдик. «Атып алыптыр деп айтпагыла ботом» – деп аяш энебиз тамак-ашын белендеп берди. Биз көп деле олтурган жокпуз. «Гөш алчулар болсо айткыла, келишсин... Ой окшошкон ананайындарым» – деди бизди узатып жатып. «Мергенчилерим» – деп айтпады. Негедир ушул сөздү бая угуп, азыр укпаганга кызыктай боло түштүм. Наказаниеге окшоп кетти. Бириндеп келе бердик. Айылга кире бериште Сашка дөөпөрөс: «Эй, токтогула, көзгө атар үчүн мыногуну бөлөлү эми...» – деп бир бөтөлкөнү алып чыкты эле, кара Өмүрзакка ушу сөз жакты окшойт, ал «дөң-дөң» деп күлдү да, Кеша экөө жолдун жээгин көздөй басты. Мен болсо эмнегедир Какан дос менен торпокту аяп, көңүлүмө эч нерсе тартпай алдыга түшүп баса бердим.

# Сага тийгенче... уй бакпай

Шаардын четинде аталаш агам жашайт. Чарбагы кенен, тың турушат. Кабар албаганыма көп болуп калган. Акем өзү түнт. Ичине бир нерсе кирмейинче ачылып сүйлөбөйт. Ошондон улам ар дайым барарда канжыгага бир бөтөлкөнү «байлап» аламын. Бүгүн да ошенттим. Мен барганда «казан-аяк кагышып» жаткан экен. Жаркылдаган жеңем Тентек-Сайдын суусундай буркан-шаркан түшүп, уу-дуу. Мени көргөн жеңем саламга келбей эле: «Ии, ирас келдиң журналис бала. Ушу акаңа тийген мен келесоо. Акаң гырт тойгузду... кошуп беремин. Алты саны аманда кетсин!» – деп ыйласа зээниң кейийт.

«Ушуну деп өмүрүм карый турган болду. Бүттү эми...» – мурдун шоршор тартып: «Балдар кандай, журналис бала? Келин бала жүрөбү?» – деп

www.bizdin.kg



коёт. Боорум ачып, кошо ыйлагым келди. Оозума жубатар бир сөз келсечи. «Эки сөзүнүн бири жалган. Тооба, адамдан да ушундай пенде туулат экен. «Ана-мына... ана-мына» – деп жүрүшүп калыңымды да төлөбөй коюшкан... Мине деген кишилер түшүнбөйм. Былтыйып олтурат, же эркекче шар сүйлөбөйт» – деп өзүнчө сүйлөнө баштаганда, бир эсе биздин урукка сөз тийгизип жатканына арданып: «Коюң жеңе, анча катуу кетпең. Ар ким эле эки дипломго ээ боло бербейт. Жалган сүйлөгүдөй акам жаш беле» – деп тууганга болуша кеттим. Анда жеңем: «Ошо эки диплому эки тыйынга арзыбайт, журналис бала. Ушу тартайган арбактан көрө, бир уй артык. Мына Светанын уулу күнүгө 10 литр сүт сатат. Эй, журналист бала, күнүгө 100 пайда келтирип атат. А бу болсо уйду сатып бизнес кылам деп банкрот болуп үйдө сүкүт тартып олтурат. Ушу, журналис бала, акаң менен жыйырма жыл жашап жыйырма күнчөлүк көңүл көтөрүлүп жүрө албадым. Болду жетишет! Менин да бетимдин кызылы кете электе... өзүмдүн кадырымды билейин. Сөз жебейт такыр... Отурат, отурат сүкүт тартып...»

Ушундай сөздөрдү угуп, чыдамым кетип үйгө кирип барсам, Чыңгыз хандай болгон сүрдүү агам бир бөтөлкө менен «сырдашып» олтурган экен. «Жеңең мине деп атат?» – деди жанынан жай бошотуп. «Сизге наараазы болуп атат да, ака. Кичине азайтпайсызбы. Бетимдин кызылы кете электе... уй сатып алайын деп атат. Кой эми, ака, токтотпосоңуз да, азайтың...» – дедим. Стаканга баса куйду да алдыма жылдырып койду. Сөз жок. «Ал!..» деди, ачуу пияздан чымчый кармай. Анан: «Гезиттен дагы айдалдыңбы?» – деди. «Жок иштеп эле атам, эмне болду?» – дедим. «Макалаң көрүнбөйт. Жазганың билинбейт... Базар-учарда, көчө-белде жолуккандарга шу менин үкам деп койчу элем. Дайның жок да. Дадил иштебейсиңби!..» – деп мени жемелей баштады. Ошентип, менин канжыгамдагыны да бүтүрдүк. Бети-башым кызарып, жеңемдин сүрүнөн да коркпой калдым. Сүйлөгүм эле келет. Бу акем мышыкты «пыш» дебейт. Өлө кем сөз. Бир аз олтургандан кийин: «Жүрүң ака, ылдый түшүп, бир-эки кружка пиво ичели. Анан мен кетейин. Жеңемдин дагы настроениеси жок экен...» дедим. Акам башын ийкеп макул болуп сыртка жөнөдү. Мен астанадан чыга бергенде: «Ие, каякка жөнөдүң?!» – деген сөздү укканда уйкум умачтай ачылгандай болду. Жана эле: «Кошуп берем» – деп аткан жеңем башкача. «Араң эле турасың, ээ, арбак!.. Сага мына мен чыдаймын. Отур!..» – деди жолун тороп. Анан мен: «Ой, жеңе, пиво ичели деп эле чыктык» – дедим күнөөлүү адамдай. «Журналис бала, мыногу акаңи жуунтуп кой. Ысык суу даярдап койдум. Мен азыр келем...» – деп төмөн көздөй жөнөп кетти. «Дагы кандай балекетти баштайт?» – деп мында келгениме да өзүмчө бушайманмын. Ичкен арагым кайда кеткенин билбей калдым. Акам жуунуп атып, акырын башын кашылап: «Мине пивого барбай калдыкпы?» – деп коёт. «Та-аң, ака» – дедим, дагы эмне болуп кетеринен чочулап. Коюу бактын

www.bizdin.kg



түбүндө олтурабыз. «Кетейин» – деп айта албайм. Негедир акама боорум ачыйт. Таштап кетким келбеди. Эми жеңемден ашыкча сөз чыкса, өзүм эле жооп берейин деп шерденип олтурдум. Бир убакта жеңем: «Жүргүлө үйгө, шорпо ичип алгыла... Өзөрүп бүттүңөр го...» – деп бир башкача мээрими менен бизди чакырды. Үйдүн ичине кирсем, тооктун этинен жасалган буркураган шорпонун жыты келип, дасторкондун бети  миң түркүн. А четинде бир бөтөлкө. Акылым айран болду.

Дасторкондун четинде олтурганда жеңем: «Журналис бала, акаңа капа болбо, бу тууганды сыйлашты деле билбейт... Арыгым кечээ ноктосун үзүп кетип, бүгүн келди, шүмтүрөп... Ичинде кири жок, ээ журналис бала...» – деп абышкасынын чекесинен өөп коёт. «Абышка темирди алтын кылат. Алгыла тамактан» – жеңем кашыбызда олтурду...

Мен ушул үйгө бутум менен кирип, башым менен чыккандай, дендароо болгонумду кантейин. Ой, турмушуң түшкүр. Ылайым эле ушундай жеңелер көп болсо экен. Ансыз чын эле Байдыкем жазгандай: «...көргүлүктү көрмөкпүз». Эх, бар болгула, жеңелер!!!

---

www.bizdin.kg



*Поэзия*



## Абдыжапар ЭГЕМБЕРДИЕВ

# Балалык

*Балалык өттү айылда,*
*Бала элем жармач бүлөдө.*
*Ай нурун төкчү кайыңга,*
*Үлбүрөп таңда күн өбө.*

*Чеги жок сындуу дүйнөнүн,*
*Бейкапар күндөр узады.*
*Ченемсиз каалап, сүйгөмүн,*
*Керемет дүйнө, музаны.*

*Аялуу карап малга да,*
*Сабалган же бир союлган.*
*Санаага салчу анда да,*
*Сарыккан суулар моюлдан.*

*Керемет болуп кетчү күн,*
*Кыялым ташып кыяндай.*
*Буулугуп кээде кетчүмүн,*
*Көзүмдүн жашын тыя албай.*

---

***Абдыжапар ЭГЕМБЕРДИЕВ*** *–1951-жылы Ысык-Көл областынын Түп районунун Токтоян айылында туулган. КМУУну жана Ташкенттеги саясат жана башкаруу институтун бүтүргөн..*

*Алгачкы ыры жарыяланган мектеп жашынан тартып поэзия жаатында чыгармачылыгын ийгиликтүү улантып келе жатат. 6 китептин автору.*

*А.Эгембердиев КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, А.Осмонов атындагы жана Россиянын «Добрый ангел мира» эл аралык сыйлыктарынын лауреаты.*

*Учурда Ысык-Көл областтык гезитинин башкы редактору, КР Улуттук Жазуучулар союзунун областтык жетекчиси.*

*Кошулуп топко тез эле,*
*Түшчүдөй болуп жарышка.*
*Өскүлөң, тынчсыз кез эле,*
*Умтулуп турчум алыска.*

*Белгисиз бир күч азгырып,*
*Делөөрүп дайым турчу элем.*
*Баштагы ой недир жазгырып,*
*Чатакка жакын, курч элем.*

*Таңында туруп сөгүлчү,*
*Таңыркай карайм – агат кар.*
*Көзүмө ысык көрүнчү,*
*Көгөргөн чексиз тараптар.*

*Жыбылжып ырдын шоораты,*
*Жүрөктү эчен жибиткен.*
*Күттүргөн акын – ооба чын,*
*Жүдөңкү ушул жигиттен.*

*Тагдырды болжоп болобу,*
*Батпайын бекер күнөөгө.*
*Турмуштун болбой коногу,*
*Жанымды салдым бүдөөгө.*

## Күчүк жөнүндө ыр

*Сары күчүк сереңдеген,*
*Шыйпаңдайсың, жалайсың.*
*Кыңшылаган үнүң да жок,*
*Неге муңдуу карайсың.*

*Борс-борс үрүп кана электе,*
*Балалыктын ойнуна.*
*Чүнчүп, ойлуу тунжурайсың,*
*Башың катып койнуңа.*

*Ачка эмессиң, жайың жылуу,*
*Неден жаның күймөлдү.*
*Санаам тынбай сапырылган,*
*Сездиң бекен дүйнөмдү.*

*Башка иттерден запкы көрүп,*
*Кыйнадыбы жаныңды.*
*Же адамдын тилин билбей,*
*Айталбайсың аныңды.*

www.bizdin.kg



*Жай турмуштун жолу башка,*
*Жандан өтөт көйгөйү.*
*Кичинесиң, өзүңдү ойло,*
*Не кыласың өзгөнү?!*

## Кеткен күнүң улам көздү күйгүзөт

*Агарган чач кайра экинчи карарбайт,*
*Карыккан көз кайра балбал жана албайт.*
*Өмүр деген шунча кымбат нерсе экен,*
*Адам пенде кетсе кайра жаралбайт.*

*Арам оокат болгон менен бай кылбайт,*
*Адал эмгек азбы-көппү тайгылбайт.*
*Жаштык деген колго турбас нерсе экен,*
*Бир кеткен соң сыздасаң да кайрылбайт.*

*Кураган тал кайра бүрдөп көгөрбөйт,*
*Суу куйбаса көл да соолуп төмөндөйт.*
*Ата-эненин баркын-баасын билбеген,*
*Кадыр күтүп, калк сыйына бөлөнбөйт.*

*Бакыт бир кез мелт-калт болуп төгүлбөйт,*
*Бакыт бир кез издесең да көрүнбөйт.*
*Аккан дайра миң тарамдап бөлүнүп,*
*Кээде атайы бурсаң дагы бөлүнбөйт.*

*Жакшы ой дайым келе бербейт башыңа,*
*Жакшы турмуш турбайт дайым чачыла.*
*Ажал келсе бар-жогуңду эске алып,*
*Карап койбойт карыңа да, жашыңа.*

*Бүт сулууну ала албайсың сүйгүзүп,*
*Бүт түйшүктү ала албайсың үйгүзүп.*
*Келер күнүң улам кызык көрүнөт,*
*Кеткен күнүң улам көздү күйгүзүп.*

## Өмүр

*Кеңирсиген күндөр менен коштошуп,*
*Кетер саатың түбү келип чын чыгат.*
*Көмөчтанда күйгөн майга окшошуп,*
*Чымын жаның турар шондо чыркырап.*

www.bizdin.kg



*Көз алдыңдан өтөт баары тизилип,*
*Кеткен өмүр, арт жакка жок кайрылуу.*
*Бүлбүл жанган шамдай араң илинип,*
*Көөдөй бир түн термеп турар кайгыңы.*

*Бизге чейин өткөн сансыз адамдар,*
*Бизден соң да кете берет бул жагы.*
*Өлсөң-өлдүң, өзгөрбөс бул кадамдар,*
*Кайгың гана кайра келбей турганың.*

## Жаң булбулу

*Жаз баарында таңды тосуп ойготуп,*
*Ууз нурду элден мурда эмесиң.*
*Өз тилиңде өзгөчө бир сыр айтып,*
*Көкүрөккө күндө куюп келесиң.*

*Талант, ышкы же бир башка күч барбы,*
*Жанды козгоп жай алдырып койбогон.*
*Көмөкөйдө калктын үмүт-тилеги,*
*Күүгө айланып калганбы деп ойлонот.*

*Кабат үйдө жашап башта кыйла жыл,*
*Капарга көп албаптырмын өзүңдү.*
*Толкун болуп кереметтүү сыбызгы үн,*
*Кенен ачкан терезеден төгүлдү.*

*Сайрашыңда болжоп болбойт не барын,*
*Толгонууга салат козгоп көңүлдү.*
*Шаттык, жашоо, арман көйү биригип,*
*Бир багытка агылгандай көрүндү.*

*Көр оокаттын капшабына бастырып,*
*Байкоос албай жүрсөк мындай кезди көп.*
*Кубулжуган үнүң тунук булактай,*
*Шоорат берип серүүндүгүн сездирет.*

*Мезгил барат мерчемине жараша,*
*Артыбызда жылдар калып, ай калып.*
*Жарык күнгө жарчы болуп жүрө бер,*
*Эл-журтуңдун эрмегине айланып.*

www.bizdin.kg



*Котормо*



**Александр СОЛЖЕНИЦЫН**

# ИВАН ДЕНИСОВИЧТИН БИР КҮНҮ

**Кол алдыңыздагы бул чыгарма убагында дүйнөнү дүңгүрөтүп, анын авторун – белгисиз рязандык мугалимдин, мурдагы зэктин ысмын бардыгына белгилүү кылган. Улуу орус жазуучусу А.И.Солженицын кыргызчага алгачкы ирет которулуп, кыргыз окурмандарына тартууланып жатат. Бул повесттин жарыяланышы жазуучунун жылдыгына арналат – үстүбүздөгү жылдын августунда А.И.Солженицындын көз жумгандыгына бир жыл болот**

Таңга маал саат беште, адаттагыдай, штаб барактын жанындагы рельске балка менен каңк эткире уруп, ойгонууга чакырды. Үзүлүм добуш эки эли тоңгон муз айнектен араң гана угулуп, бир аздан кийин тынчып калды: суукта колду шилтей бергенден сакчы качты окшойт.

---

***А.И.СОЛЖЕНИЦЫН*** *– 1918-жылы Кисловодскиде туулган. Атасы карапайым дыйкандын, энеси кийин оокаттуу хуторлукка айланган үйчүнүн бүлөсүнөн чыккан.*

*Ростов-на-Дону университетинин физико-математикалык факультетин бүтүрүп, ага удаа Москва философия жана адабият институтун сырттан окуп, эки курсун бүтүрө электе эле согушка кеткен. 1942–1945-жылдары батареяга командачылык кылып, орден, медалдар менен сыйланган. 1945-жылы февраль айында капитан даражасындагы ал, Сталинди сындаганы үчүн 8 жылга соттолгон. Түрмөдөн чыккан соң Казакстанга «түбөлүккө» сүргүнгө айдалып, 1957-жылы февралда акталган. Рязандагы мектепте мугалимдик кылып жүрүп, 1962-жылы чыккан «Иван Денисовичтин бир күнү» чыгармасы үчүн СССР Жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алынат. 1970-жылы адабият боюнча Нобель сыйлыгын алат. 1974-жылы чыккан «Архипелаг ГУЛАГ» китебинин биринчи томдугу үчүн жазуучу Россиядан күч менен чыгарылат. Ал, 1976-жылга чейин Цюрихте жашап, андан Американын Вермонт штатына өтүп, 1994-жылы Россияга кайтып келген жана он жылдай жашаган соң мекенинде көз жумган.*

*Жазуучунун «Красное колесо» эпопеясы, «Раковый корпус» повести турмуш чындыгын так, жасалмасыз чагылдыргандыгы менен өтө баалуу чыгарма болуп саналат.*

www.bizdin.kg



Добуш тынчыды, ал эми терезеде, Шухов түн ортосунда бейшептегени чыкканда караңгы болгондой, азыр да көзгө сайгыс караңгы жана үч саргылт фонарлар көрүнөт: экөө – зонада, бириси – лагердин ичинде.

Баракты ачканы келбей жатышты, кезектегилер бейшептеген челекти таяктарга илип чыгарып жатканы да угулган жок.

Шухов рельске балка урулаар замат турчу – тизилээр маалга чейин өзүңдүн бир жарым саат кызматтык эмес убактың бар, ким лагердик тирликти билсе, иштеп тапканга үлгүрөт: кимге эски ичтен колгабына каптама тигип бересиң; колунда бар бригадалаш үйүлгөн чокойлорду жылаңайлак айланып тандап отурбасын үчүн кургак чокойду түз эле анын койкасына коюп бересиң; же каптеркаларга чуркап, кимге жардам керек, шыпырасың же алып келесиң; же ашканага барып столдордон чөйчөктөрдү чогултуп, үймөктөп идиш-аяк жууган жайга алып барасың – ал жакта да шам-шум этчени беришет, бирок бу жерде шымалангандар көп, алар үзүлбөйт, эң негизгиси, бирок эгерде чөйчөктө калдык болсо, токтоно албай жалап баштайсың. Ал эми Шуховго биринчи бригадири Кузёминдин сөзү катуу эсине калыптыр – карт бөрү болчу ал, кырк үчүнчү жылы он эки жыл отурган киши эле, ошондо фронттон суурулуп, лагерге жаңы отургандарга кайсы бир ээн токой жолунда очокту тегеректеп отурганда айткан:

– Бул жердин мыйзамы, балакайлар – тайга. Бирок адам бу жерде да күн көрөт. Лагерде ким жан сактайт: чөйчөктү жалаган, санчастка үмүт салган жана «кум» менен тил табышкан.

«Кум» тууралуу, албетте, ал аша чапты. Огулар өздөрүн сактай жүрүшөт. Бирок алардын сактанганы – бирөөнүн каны.

Шухов дайыма жанагы чакырык менен турчу, бүгүн гана турбай калды. Кечээтен бери жакшы болбой жүрдү, чыйрыгып жатабы, сөөктөрү какшайбы түшүнбөдү. Түн ичинде да жылыбай койду. Уйкусурап, бир өзүн ооруп калгандай сезет, бирде ооруганы койбергенсийт. Таң атпаса экен деген эле тилеги.

Бирок өз кезеги менен таң атты.

Терезеде муз калың жана бpraktтын – килейген барак! дубалы менен үстү жагы кошулган сызыкты бойлой – ак желе. Кыроо. Каяктан анан жылыйсың!

Шухов турбай жатты. Ал вагонканын үстүндө жатат, жуурканы менен бушлатты башын чүмкөнө жамынып, колу бар күрмө тондун бүктөлгөн жеңине эки таманды салып алган. Көзү менен көрбөсө да, добуштарды тыңшап, баракта жана өз бригадасы жайгашкан бурчта эмне болуп жатканын байкап турду. Мына, коридордон оор басып, дневальныйлар сегиз чакалуу бейшептеген бир челекти алып чыгышты. Майыптын жумушу жеңил болуп эсептелгени менен, кана, төкпөй-чачпай чыгарып көрчү! Мына, 75-бригадада кургатма жайдан алып келген чокойлорду жерге ташташты.

www.bizdin.kg



Көп өтпөй – бизге да (чокойлорду кургатуу кезеги бүгүн биздики болчу) жетти. Бригадир менен помбригадир унчукпай буттарын чулгоолоп жатышты, вагонкасы эле кыйчылдайт. Помбригадир азыр нан кесчү жайга барат, бригадир болсо штаб баракка, нарядчиктерге.

Нарядчиктерге бүгүнкү сапары, жөн эле күнүгө барып жүргөндөй эмес, – Шуховдун эсинде бар: бүгүн тагдыр чечилет – биздин 104-бригаданы устакана курулуштан «Соцбытгородок» деген жаңы объектке шилтеп салгылары бар. Соцбытгородок дегени – кар үймөгүндөгү ээн талаа, ал жерде бир нерсе кылаар алдында жер оюп, устун орнотуп, өзүңө өзүң – качып кетпеш үчүн, тикенек зым тартышың керек. Анан барып курулуш башталат.

Бери жагы, бир ай баш калкалап жылынууга жай болбойт. От жагып жылынууга да эч нерсе таппайсың. Иштеп жылынбасаң – андан башка айла жок.

Бригадир ойго чөмүлүп, кам көргөнү жөнөдү. Өзүнүн ордуна, башка тыңсынбаган бригаданы түртүп жибериш керек. Албетте, куру кол менен сүйлөшө албайсың. Жарым кило сало улук нарядчикке бериш керек. Аз десе – килограмм.

Аракетке – берекет дегендей санчастка барып, жумуштан бир күн бошонууга аракет жасап көргөндөбү? Дене бойду жанчып салгандай.

И-и баса, сакчылардан кезекте бүгүн ким?

Эсте бар, кезекте бүгүн: Бир жарым Иван, арыкчырай, узун карагөз сержант. Биринчи көргөндө – жүзү каардуу, бирок жакын билгенде – күзөтчүлөрдүн арасында эң ак көңүлү ошол: карцерге отургузбайт, режим начальнигине сүйрөбөйт. Дагы жатып турса болот экен, ашканага тогузунчу барак баргыча.

Вагонка селкилдеп чайпала түштү. Эки кошунасы тең тура баштады: үстүндө – Алешка баптист, астында – Буйновский, мурда экинчи рангдагы капитан, кавторанг.

Эки дневальный чал, бейшептеген челектерди чыгарып койгондон кийин, кайнаган сууну ким алып келет деп бири-бирин жемелеп жатышты. Катындардай жемелешип жатышты. 20-бригададан электросварщик аларга барк этти:

– Эй, бечелдер! – деген сөзү менен чокою ыргыды. – Азыр жараштырып коём!

Чокой күңк этип устунга урунду. Унчукпай калышты.

Коңшу бригадада күңкүлдөп помбригадир сүйлөп жатты:

– Василь Федорыч! Продстолдо чаташтырып салыптыр, арамдар: тогуз жүздүктөр төртөө болчу, эми үчөө эле болуп калыптыр. Кимге азыраак берсек?

Бул сөз акырын айтылганы менен тиги бригада, албетте, жым боло түшүп, бардыгын тыңшап турду: кечинде бирөөгө бир кесим кем беришет.

www.bizdin.kg



Шухов болсо чакан матрасынын ныкталган таарындысында жата берди. Деги бир жагына ооп кетсе го, же калтырата кара тер басса, же какшап ооруганы басылса. Ары эмес, же бери эмес.

Баптист шыбырап чокунгуча, Буйновский тыштагы шамалдан келип, эч кимге кайрылбай, табалуу кубанычы менен жарыя салды:

– Эх, кызыл флотчулар! Отуз градуска туруштук беребиз!

Ошондо Шухов санчастка баруну чечти.

Ошол замат, бирок бийлиги бар бирөөнүн колу күрмө тонду жана жууркакды үстүнөн сыйрып салды. Шухов бушлатты бетинен алды, башын көтөрдү. Алдында, башы менен вагонканын үстүнө жетип, арыкчырай Татар туруптур.

Демек, өз убагында эмес кезекке чыгып, акырын уурданып келген экен.

– Ще – сегиз жүз элүү төрт! – деп Татар кара бушлаттын артындагы ак жамаачыдан окуду.– Үч сутка кондей, жумушка чыгуу менен!

Анын кыстыккан өзгөчө үнү угулаар замат, бирин-серин лампочкасы күйгөн, кантала баскан элүүгө жакын вагонкаларда эки жүз адам уктаган күңүрт барактын ичи кыймылга келип, тура элек ким болсо, бардыгы шашкалактап кийине баштаашты.

– Гражданин начальник, эмне үчүн? – үндү болушунча кейиштүү чыгарып, сурады Шухов.

Жумушка чыгуу менен – бул карцердин жарымы, ысык тамак берилет, ойлонууга да убакыт жок. Толук карцер – жумушка чыгарбай.

– Тургула дегенде турган жоксуңбу? Бас комендатурага, – деп шашылбай түшүндүрдү Татар, анткени Шуховго да, өзүнө да, деги эле бардыгына кондей эмне үчүн берилгени айтпаса да түшүнүктүү.

Бир тал өспөгөн, уйпаланган Татардын өңү кош көңүл. Ал дагы бирөөнү издегилеп карагыча, бардыгы – ким түнөрүңкү жерде, ким лампочканын жарыгында, вагонканын биринчи кабатында да, экинчи кабатында да буттарын кара кебез сол тизеде номерлери бар шымдарга салып жатышты же кийинип алып, кымтылана чыгууга карай жөнөгөндөр – Татардан сыртка чыгып кутулуш үчүн.

Шухов карцерди башка бир күнөөсү үчүн алса, мынчалык көөнүнө тийбейт эле го. Капа кылганы – дайыма ал биринчилерден турчу эле да. Бирок Татардан суранамын деп ойлонбой эле кой, пайда чыкпайт. Адатынча сурана берип, Шухов түнүчүндө чечпеген кебез шымы менен (анын сол тизесинде да эскирген кир жамаачы тигилүү, ал жамаачыда кара, өңү өчкөн боёк менен Щ-854 деген номер жазылган), үстүнө күрмө тонду кийип (анда жанагы номерлерден экөө бар – бири төшүндө, бири аркасында), жердеги үймөктөн чокоюн тандап алып, тумагын кийди да (жанагыдай алдында жамаачы номери менен) Татардын артынан чыкты.

104-бригада Шуховду алып кетип жатканын көрүп турду, бирок бирөө кыңк этпеди: кереги эмне? Эмне дей аласың? Бригадир болсо го бир аз

www.bizdin.kg



болушмак, бирок ал жок. Ошондуктан Шухов унчуккан жок, Татардын жинине тийбей. Эртең мененки тамакты алып калышаар, билишет да.

Ошентип экөө чыгышты.

Суук мунарыңкы тарткан, дем аптыгат. Эки чоң прожектор алыскы бурчтагы чокулардан кайчылаштыра зонага жарыгын таштайт. Зона фонарлары жана ичтеги фонарлар да күйүп турат. Алардын ушунчалык көптүгүнөн, асмандагы жылдыздар көрүнбөйт.

Карды чокойлору менен кычыратып, зэктер өз иштери боюнча зыпылдап жүргөнү – ким дааратканага, ким каптёркага, кимиси – жөнөтмөлөр кампасына, тигил болсо жеке ашканага таруусун тапшырганы баратат. Баарысы баштарын ийинге катып, бушлаттарын кымтылаган, баарысы кыштын гана ызгаарынан эмес, ушул суукта күн кечке жүрүш керек деген ойдон үшүп бараткан кишилер.

Татар болсо киргил мала көк петлица тагылган эски шинелде зыңкыйып басып баратты, суукту да кенегидей эмес.

Экөө бийик тактайдан тегерете короолгон БУР2 – таш менен тургузулган ички лагердик түрмөнүн жанынан өтүштү; нан жапкан жайды камактагылардан коруп тартылган тикенек зымдардын жанынан; штаб барактын бурчунда калың зым менен устунга илинген бубактуу рельстин жанынан; башка устунда өтө төмөн көрсөтпөгөндөй катылуу жерде илинген кыроо баскан термометрдин жанынан  өтүштү. Шухов анын сүттөй ак түтүгүнө үмүттөнүп кыйшая серп салды: эгерде ал кырк бирди көрсөтсө, жумушка чыгарышпайт. Бирок бүгүн кыркка жете турган эмес.

Штаб баракка кирип, түз эле сакчылар жайына өтүштү. Ал жерде, Шухов жолдо баратып ойлоп койгондой, чыныкый себеп ачылды: эч кандай карцер эмей эле, сакчылар жайында пол жуулбаптыр. Эми Татар Шуховго «кечирдим» деп, пол жууганды буйруду.

Сакчылар жайында полду жуумай зонага чыкпаган атайын зэктин – штаб барак боюнча дневальныйдын жумушу болчу. Бирок штаб баракка көнүп алып, майордун, режим начальнигинин, «кумдун» кабинеттерине кирип жүрүп, аларга кызмат көрсөтүп, айрым учурларда жөнөкөй сакчылар билбегенди билип, кайсы бир убакыттан кийин жөнөкөй сакчыларга пол жууганды өзүнө теңсинбей калды. Тигилер аны бир жолу чакырат, эки жолу, анан иштин жайын түшүнгөндөн кийин, пол жууганга жумушчуларды тарта баштады.

Сакчылар жайында меш дүпүлдөп жагылган. Кир гимнастеркасына чейин чечинип, эки сакчы шашки ойноп жатышты, үчүнчүсү болсо белден буулган тону, чокоюн кийген бойдон тар тактайда уктап жатты. Бурчта тряпкасы менен чака турат.

Шухов Татардын кечиргенине кубанычын жашырбай:

– Рахмат, гражданин начальник! Мындан кийин жата берген адетимди коём, – деди.

Бул жердин мыйзамы жөнөкөй: бүтөсүң – кетесиң. Эми, Шуховго жумуш бергенде, сыздап ооруганы да басылып калгандай. Чаканы алып, колгабы жок (шашкалактап, жаздыктын астына калтырып кете бериптир) кудукка жөнөдү.

ПӨБгө – пландык-өндүрүштүк бөлүккө барган бригадирлер устундун жанында үймөлөктөшүп турат, жашыраак бирөөсү Советтер Союзунун мурдагы Баатыры, устунга чыгып алып, термометрди сүртүп атты.

Ылдыйдагылар кеңеш бергенин койбойт:

– Нары жакка дем алсаң, көтөрүлөт.

– Көтөрүлгөнүн урайын! Көтөрүлөт!.. Эч нерсе болбойт.

Шуховдун бригадири – Тюрин алардын арасында жок. Чаканы коюп, колдорун жеңдерине салып, Шухов кулагын түрүп байкап турду. Устундагы тигил кырылдаган үнү менен:

– Жыйырма жети жарым, жумураң кал!

Өзүн текшергенсип, дагы бир жолу карады да секирип түштү.

– Туура эмес бул, дайыма алдайт, – деди бирөө. – Зонага туурасын илчи беле?

Бригадирлер тарап кетишти. Шухов кудукту көздөй чуркады. Кулак жапкычын түшүрүп, бирок байлабагандыктан кулактары сууктан тызылдап кетти.

Кудук тегерегине калың муз тоңгон, чуңкуруна чака эптеп кирчүдөй экен. Аркан тоңгонунан тике турат.

Колун сезбей, буу чакасы менен Шухов сакчылар жайына кайтып келди да колун чакадагы кудуктун суусуна сала салды. Жылуу-у.

Татар жок экен, сакчылардан болсо төртөө жыйылышып, шашки ойногонду жана уктаганды коюп, актаган таруудан январда канча берилет деп талашып жатыптыр (айылда азык-түлүк тартыш болчу, сакчыларга болсо, карточкалары эчак бүтсө дагы, айылдагылардан бөтөн анча-мынча азык-түлүктү жеңилдетип сатышчу).

– Эшикти катуураак тартсаң, эй бетпак! Суук ыркырап атат! – деп бирөөсү алаксыды.

Эртеден чокойду сууга салган болбойт эле. Башка бут кийим да жок, баракка чуркабай эле кой. Шухов отурганы сегиз жыл ичинде бут кийим менен ар кандай тартипти көрүп чыкты: кышты чокойсуз өткөргөн жылдар болгон, батинке да көрбөгөн жылдар болгон, дарак кабыгынан жасалган же ЧТЗ менен (резинадан бут кийим, автомобилдин изи калат) кыш өткөрөсүң. Азыр бут кийим жагынан жакшы болуп калды: октябрда Шухов бекем, учтары катуу, эки жылуу чулгоо менен кийгенге боло турган кенен батинке алган (ал эмне үчүн алды – помбригадирдин аркасына кошулуп каптеркага барган). Бир жума бедели көккө тийип, жаңы такаларын такылдатып жүрдү. Ал эми декабрда чокойлор келип калды – чиркин өмүр, өлбөстүн оокаты! Бирок бухгалтериядагы кайсы бир шайтан

www.bizdin.kg



алгыр начальникке шыбырап коёт: чокойду, мейли алышсын, батинкени болсо тапшырсын. Ушундай болчу беле – зэктин эки бут кийимге ээ болгону? Шуховдун ошондо башы катты: же кыш бою батинкени жыртып бүтүр, же чокой менен жүр, мейли кар былчылдап эрисин, батинкеңди болсо тапшыргын.

Көздүн карегиндей сактап, солидол менен жумшарткан жапжаңы батинке, эх! – Сегиз жыл ичинде ушул батинкедей эч нерсеге жаны ачыган эмес. Бир үймөккө ыргытылды, жазда сеники болбойт. Жылкыны колхозго тапшыргандай эле кетти.

Азыр Шухов мындай кылды: шып чокоюн чечип бурчка койду, чулгоолорду үстүнө ыргытты (кашыгы полго шаңк этип түштү; канчалык тез карцерге камынса да, кашыгын унуткан жок), жылаңайлак, тряпка менен сууну шалпылдата сакчылардын чокойлору алдын шамдагай жууп кирди.

– Э-эй, айбан, акырын! – деп бирөөсү бутун отургучка көтөрүп үлгүрдү.

– Күрүчпү? Күрүч башка норма боюнча кетет, сен күрүч менен теңебе!

– Сен эмне мынча шалпылдаттың, келесоо? Ушинтип да жууйбу?

– Гражданин начальник! Минтпесең кири кетпейт. Жугуп калыптыр го…

– Катының кантип пол жууганын көрдүң беле, далдыр?

Шухов суусу шоргологон тряпканы колуна кармап, белин түзөдү. Оозун ырсыйтып, бирин-серин калган тиштерин көрсөттү. Кырк үчүнчү жылы Усть-Ижмада алдан тайып баратканда кара жамадан тиштери күбүлүп калган. Кан сийип калганга чейин алдан тайган, алсыраган ашказан эч нерсени аш кылбай калган. Ошол мезгилден эми шүүдүрөп сүйлөгөнү эле калды.

– Катындан мен, гражданин начальник, кырк биринчи жылы калгам. Катын кандай экенин да унутуп койдум.

– Мына минтип жуушат алар…Эч нерсе кылганды билбейт, арамдар, кылгылары да келбейт. Берген нанды акташпайт. Бокту жегизсе буларга.

– Күнүгө жууй бергендин кереги не ошону? Сыз болгону кургабайт. Сен, ким, бери укчу, сегиз жүз элүү төртүнчү! Үстү-үстүнөн сүртүп кой, нымыраак болуп көрүнсүн, анан жөнөй бер.

– Күрүч! Актаган таруунү күрүчкө теңебе!

Шухов ыпылдап ишти бүткөрүп жатты.

Жумуш деген таяктын эки башындай: эл үчүн кылсаң – сапаттуу кыл, чоңдор үчүн кылсаң – сырты жалтыраса болду.

Болбосо бут тарта албай кулабайт беле бардыгы, ал турган иш.

Шухов пол тактайлардын бир кургак жерин калтырбай сүртүп, тряпканы сыкпай мештин аркасына ыргытып салды, босогодон чокоюн тартып кийди да, сууну чоңдор баскан жолчого төгүп таштап, кыя салып,

www.bizdin.kg



мончо жанынан, клубдун муздаган күңүрт имараты жанынан, ашкана көздөй безди.

Санчастка да жетишиш керек, кайра какшатып ооруй баштады. Анан дагы ашкана алдынан сакчыга учурабай кирип кетиш керек: лагерь начальнигинин катуу буйругу чыккан – бириндеп калып калгандарды кармап, карцерге отургузгула деген.

Ашкана алдында бүгүн – ой, тобо кылдым! – эл үймөлөктөнбөй, кезек жок экен. Кире бер.

Ичинде essentially монзодогудай буу турат, эшикти ачып-жапкандан жана баланданын буусунан. Бригадалар столдордо отурушат же өтүш жерде кысылышып турушат, качан орун бошоорун күтүп. Тыгыздан үнүн коштоп өтүп, ар бир бригаданын иштерманы жыгач ташыгычтар менен экиден-үчтөн чөйчөктөрдө баланда менен буламыкты ташып, аларды столго коюш үчүн орун издешет. Баары бир укпайт, жалдырама тийгир, арты жакшылык көрбөс, мына сага, ташыгычты түртүп жиберди. Шөлп, шөлп! Бош колу менен – желкеден ары, желкеден ары! Туура болот! Жолго турба, жалаганга чөйчөк издеп аңдыба.

Тигил жерде, столдо, кашыгын салаардан мурда жаш жигит чокунуп жатат. Бендеровчу турбайбы, жаңылардан окшойт: картаңдары лагерде жашап, чокунганды коюшкан.

Орустар болсо кайсы колу менен чокунганды да унутушкан.

Ашканада отурганга суук, көбү баш кийимин чечпей тамактанышат, бирок шашылбай, майда балыктын эзилген этин кара капустанын жалбырагы арасынан тандап, кылканды столго түкүрүшөт. Стол үстүнө үймөктөлүп калганда – жаңы бригада алдында кимдир бирөө аларды шилтеп салат, каалагандар калганын полдон кырчылдатышат.

Кылканды түз эле полго түкүргөн – тыкандыкка жатпагандай.

Барактын ортосунда эки катар устунубу, тирөөчүбү турат, ошол устундардын бирисинин жанында Шуховдун бригадалашы Фетюков тамагын кайтарып отуруптур. Ал бригадалаштардын арты, Шуховдон начарыраагы. Сырттан бригада бирдей номерлер жана бирдей кара бушлат кийингени менен ичинен кыйла тең эмес – ар тепкичтери бар. Буйновский, мисалы, чөйчөк кайтарып отурбайт, ошол эле Шухов ар жумушту кыла бербейт, төмөнү да бар.

Фетюков Шуховду байкап, үшкүрүнө орун берди.

– Муздап калды бардыгы. Жеп койсомбу дегем, сен кондейде болсоң.

Дегени менен күтпөстөн кете берди, анткени Шухов эчтекесин калтырбай, эки чөйчөктү тең жалмалап салаарын билет.

Шухов чокоюнан кашыгын алып чыкты. Бул кашыгын жанындай көрчү, «бүт түндүктө чогуу болду» деген саймалап жазылганы бар болчу.

Шухов такыр башынан баш кийимин чечип, канчалык суук болсо да, баш кийим менен тамак ичкенге өзүнө уруксат берчү эмес – туруп калган

www.bizdin.kg



баланданы аралаштырып, чөйчөктө эмне бар экендигин заматта баамдады. Ортосу экен. Челектин башынан да эмес, түбүнөн да эмес. Фетюков чөйчөктү кайтарганда, колун салып картөшкөсүн алган чыгаар, аны кылышы мүмкүн.

Баланданын бир жыргалы анын ысыгында, бирок Шуховго азыр муздагы тийди. Ошентсе да жайбаракат, сиңимдүү жей баштады. Мында өрттөнүп кетсин бардыгы, шашпашың керек. Уйкуну эсептебегенде, лагердеги адам өзү үчүн эртең мененки он мүнөт тамак ичкенде, беш мүнөт түшкү тамакта жана беш мүнөт кечки тамакта жашайт.

Баланда күндөн күнгө өзгөрбөйт, кышкыга кайсы жашылча камдалса, ошону менен чыгасың. Бир жылы жалаң туздалган сабиз камдалып, сентябрдан июнга чейин баланда ошол сабиз менен өттү. Азыр болсо – кара капуста. Лагердеги адамга эң токтуу убакыт – июнь: бүт жашылчалар түгөнүп, тaруу менен жасашат. Эң жаман мезгили – июль: казанга чалкан чабылат.

Майда балыктын кылкандары эле жүрөт, эти эзилип, баш жана куйругунда гана калыптыр. Балыктын үлбүрөгөн сөөгүндө бир дагы кабырчыгын, бир дагы этин калтырбай, Шухов тиши менен аны дагы эзгилеп, сөөгүн соргулап – столго түкүрүп атты. Кайсы балык болбосун, анын бардыгын жечү: бакалоорлорун, куйругун, көзүн да, эгерде ордунда болсо, бирок өзүнчө калкып жүрсө – балыктын чоң көздөрү, жебей койчу. Ушунусун шылдыңдап күлүп да жүрүштү.

Бүгүн Шухов үнөмдөдү: баракка кирбей калып, пайка алган жок, эми наны жок жеп жатты. Нанды кийин өзүнчө жесе тогумдуу болот.

Экинчиге магарадан ботко. Ал бир куйма болуп кармалып калыптыр, Шухов аны чекесинен сындырып атты. Магара муздагы эмес, ысыгы болсун – даамы да, токтугу да жок: чөп, жалаң чөп, түсү гана акталган таруудай саргылт. Таруунун ордуна ушуну берип көнүп алышты, кытайлардан үйрөнсө керек. Бышырганда салмагы үч жүз грамм барбы – жарай берет: ботко десең ботко эмес, бирок ботко ордуна кете берет.

Кашыгын жалап, аны чокойдогу өз ордуна салып, Шухов баш кийимин кийип, санчастка карай жөнөдү.

Лагердеги жарыктан жылдыздары көрүнбөгөн асманда дагы эле караңгы. Баягыдай эле эки прожектордун багытталган жарыгы лагердик зонага кайчылаш уруп турду. Ушул Өзгөчө делген лагерь жаңы ачылганда фронттон келген жарык берчү ракеталар сакчыларда көп болчу, жарык өчсө эле – зона үстүнө ракета аттырып жатышчу, агыш, жашыл, кызылын, тим эле согуш өзүнчө. Кийин аттырбай калышты. Же кымбат болуп калдыбы?

Баягы ойгонуп турганда караңгы болгондой, азыр да ошол, бирок каныккан көзгө ар кандай майда-чүйдө белгилерден тизилмей жакындап калганы оңой эле билинет. Аксактын жардамчысы (ашкана боюнча дне-

вальный Аксак жардамчыны өзү багып кармачы) эртең мененки тамакка майыптар, башкача айтканда, зонага чыкпаган алтынчы баракты чакырганы кетти. Маданий-тарбиялоочу бөлүккө сакалчан карыган сүрөтчү сүйрөлүп кетип баратты – боёк жана кисточкасына номерлерди жазганы. Жанагы Татар кадамын чоң таштап, штаб баракты карай шашылып жөнөп кетти. Деги эле сыртта эл азайып калды, демек, бардыгы эптеп жайланышып, акыркы таттуу мүнөттөрдө жылынып отурушат.

Шухов Татардан бaрактын бурчуна тез жашынып калды: экинчи жолу кармаса, дагы оңдурбайт. Эч убакта оозду ачып жүрбөш керек. Кайсы сакчы болбосун сени жалгыз эмес, топ кишилер арасында көргөнү дурус. Балким, ал жумуш кылганы адам издеп жүрөт, же жинин кимден чыгараарын билбей кагынып жүргөндүр. Барактар боюнча буйрук окулбадыбы – сакчы алдында беш кадам жетпей баш кийимиңди чечишиң керек жана эки кадам өтүп кийүүгө уруксат. Кай бир сакчы эч нерсени көзүнө илбей кете берет, кай бирөөнө бул буйрук – бал сүйкөп койгондой. Канчаларды кондейге ошол баш кийим үчүн сүйрөштү, кагыңгыр иттер десе. Бок силерге, бурчка жашынып туруп турабыз.

Татар өтүп кетти, Шухов болсо жакшы эле санчасть тарапка жылайын дегенде, эсине түштү – бүгүн эртең мененки тизилгенге чейин жетинчи барактагы узун латыш менен эки стакан тамеки сатып алганга сүйлөшкөн, Шухов жүгүрүп жүрүп такыр унутуп калыптыр. Узун латыш кечээ кечинде жөнөтмө алган, эртең анын тамекиси жок болот, бир ай жаңы жөнөтмөсүн күтө бер анан. Тамекиси болсо жакшы, чеги менен күчтүү да, жыттуу. Тамеки чеккендей болосуң.

Шухов кейип-кепчип, алдастай түштү – жетинчи баракка кайрылгандабы? Бирок санчастка бир аз гана калган, ошондуктан ал санчасттын оозу көздөй тыпылдап жөнөдү.

Бут алдында кардын кычыраганы угулат.

Санчастта коридор демейдегидей ушунчалык таза болгондуктан, баскандан заарканасың. Дубалдары ак эмаль боёк менен боёлгон. Эмереги да аппак.

Бирок кабинеттердин эшиктери жабык. Врачтар төшөктөрүнөн тура элек болуш керек. Кезекчи жайда бир гана фельдшер отурат – Коля Вдовушкин деген жаш жигит, таза столчодо жаңы ак халат кийинген – бир нерсе жазып жатат.

Башка эч ким жок.

Шухов жетекчи алдында тургандай баш кийимин чечип, лагердик көнүмүш боюнча көзүн ар нерсеге жүгүртүп, Николай тегиз-тегиз сап жазып жатканын, ар бир сапты четинен калтырып, бири астынан бирин чоң тамга менен баштап тыкан жазганын байкабай койгон жок. Албетте, бул жумушу эмес, жумуштан тышкары иши экенин Шухов заматта түшүндү, бирок аны менен иши да жок болчу.

www.bizdin.kg



– Мен эме… Николай Семеныч…ооруп калган окшоймун… – уяңдык менен, бирөөнүн мүлкүнө зар болуп жаткансып Шухов үн чыгарды.

Вдовушкин чоң бейкапар көздөрүн иштеген жумушунан бери карай көтөрдү. Башында ак чепчик, ак халат, номерлери да көрүнбөйт.

– Сен эмне мынча кеч? Кечинде эмне келген жоксуң? Эртең менен кабыл албаганыбызды билесиң да? Жумуштан бошотулгандардын тизмеги эчак ПӨБдө.

Ушунун бардыгын Шухов билет. Кечинде деле жумуштан бошонуу оңой эместигин да билет.

– Эми, Коля…Кечинде керек учурда оорубай калат анысы…

– Анын эмне? Эмнең ооруйт?

– Карап көрсөң, эч нерсем деле оорубайт. Бирок бүтүндөй дене боюм ооругансыйт.

Шухов санчастка жабышкан адамдардан эмес, Вдовушкин билет. Бирок эртең менен эки адамды гана жумуштан бошотууга укугу бар болчу – экөөнү бошотуп койгон жана жашыл түстөнгөн айнектин астында, столдо ошол эки адам жазылып, сызык чийилген.

– Эртерээк камынбайт белең анан? Тизилээр алдында келесиң да? Ме!

Вдовушкин банкадагы тайпанын оюгуна салынган термометрди алып чыгып, эритмеден сүртүп Шуховго берди.

Шухов дубалдын жанындагы отургучка, эң чекесине, ошол отургуч менен кошо мына-мына кулап кеткидей болуп отуруп алды. Ушундай ыңгайсыз орунду атайын эмес, ушул санчасть бөтөн жер экенин жана бул жакка аз гана нерсеге келгенин билдирип отурган.

Вдовушкин болсо андан ары жазып жатты.

Санчасть зонанын эң алыскы түнт бурчунда жайгашкан, эч бир добуш жетпейт. Саат жүргөнү да угулбайт – камактагыларга сааттын кереги жок, убакытты алар үчүн жетекчилер билишет. Жада калса чычкандын кыртылдаганы угулбайт – ооруканадагы мышык алардын тыйпылын чыгарды окшойт, атайын ошол үчүн коюлган.

Ушундай таза бөлмөдө, жымжыртта, чайыттай лампа жарыгында беш мүнөт эчтеке кылбай отурганы Шуховго таңгалаарлык болуп турду. Бүт дубалдарды карап чыкты – көзгө илинээр эч нерсе тапкан жок. Күрмө тонун карады – төшүндөгү номер сүртүлүп баратыптыр, кармап жазалай электе жаңылатыш керек экен. Бош колу менен бетиндеги сакалын көрдү – орсоюп калыптыр, тигил мончодон бери өсүп келе жатат, он күндөн ашуун. Бирок оңтойсуз эмес. Үч күндөн кийин мончо болот, ошондо кырып салышат. Чачтарачта жөн эле кезек күтүп отуруштун кереги барбы? Шухов кимге короздонмок эле?

Анан, Вдовушкиндин апапакай шапкечесин тиктеп, Шухов Ловать суудагы медсанбатты эстеп кетти, жаагынан жаракат алып – жалдырама тийгир, өз ыктыяры менен кайра катарга туруп алганы. Беш күнчө жатып турса болбойт беле!

www.bizdin.kg


Мына азыр эңсегени: эки-үч жумага өлбөй-житпей, операциясыз ооруканага жатып сыркоолоп калса го, үч жума кыймылдабай жата бермек, мейли жалаң курулай суу сорпосун бере берсин.

Бирок Шухов эстей калды, азыр ооруканада жатып жан бакмай болбой калган. Кайсы бир этап менен Степан Григорьич деген жаңы доктор пайда болду, ушундай бакылдак жана шашкалак неме экен, өзүнүн жаны тынбайт, бейтаптардын да жанын койбойт: кыймылдап баскан бейтаптардын бардыгын оорукана алдында жумуш кылганы чыгарганды ойлоп таaптыр: короону тоскону, жолчо төшөгөнү, клумбага жер ташыганы, кышында болсо – кар күрөткөнү. Ооруну жеңген биринчи дары – жумуш дейт.

Жумуштан жылкы жыгылат. Ушуну түшүнүш керек. Таш көтөрүп, үй салып көрчү – тынч отураар элең.

...Вдовушкин болсо өзүнүкүн жазып атты. Ал чынында эле жумуштан тышкары иш менен алек болуп жаткан, Шуховго түшүнүксүз. Кечээ бүтүрүп, бүгүн жанагы Степан Григорьич деген врачка көрсөтөмүн деп сөз берип, жаңы чоң ырын көчүрүп жаткан.

Лагерде гана боло турган иш – Степан Григорьич Вдовушкинге фельдшер болуп алгын деп кеңеш берет, фельдшер кылып жумушка алат, Вдовушкин болсо ички кызыл кан тамырга ийне сайганды карапайым жумушчуларга, момун литвалык же эстондуктарга жасап үйрөнүп жүрөт, алар фельдшер чынында фельдшер эмес экенин ойлоп да койбойт. Коля адабият институтунда студент болчу, экинчи курста окуп жүргөндө камалган. Степан Григорьичтин тигил боштондукта жүрүп жазбаганын түрмөдөн жазып алсын деген тилеги бар болчу.

...Ак муздан бозомук тарткан эки катар терезеден тизилүүгө чакырган добуш араң угулду. Шухов үшкүрүп турду. Мурдагыдай эле чыйрыгып жатты, бирок жумуштан калууга болбой калды окшойт. Вдовушкин термометрге колун сунду, карады.

– Мына көрдүңбү, же ары эмес, же бери эмес, отуз жети эки. Отуз сегиз болсо го, бардыгына түшүнүктүү. Мен сени жумуштан бошото албайм. Кааласаң, калып кал. Текшергенден кийин доктор сени сыркоолуу деп тапса – бошотот, дени сак деп тапса – баш тарткан болосуң, БУРга отурасың. Андан көрү зонанын сыртына барып иштеп кел.

Шухов жооп бербестен, башын да коштошкону ийкебей баш кийимин кийген бойдон чыгып кетти.

Жылууда отурган үшүп келгенди түшүнчү беле?

Суук ыкчамдай түшүптүр. Шуховдун бетин ачыштыра чымчылап, жөтөлтүп жиберди. Суук – жыйырма жети, Шуховдо – отуз жети. Эми кимди ким жеңээр экен.

Шухов лепилдеп баракты көздөй жөнөдү. Линейка бүтүн ээн турат, лагерь дагы бош тургандай. Тирликтен бардыгы ажырап, бирок тизилээр

www.bizdin.kg



маал келбегендей бирин бири алдап сооротkон кыска зарыктырма мүнөттөрдүн бири болчу. Конвойлор жылуу казармада мылтыктарына уйкусураган баштарын сүйөп отурушат, аларга дагы ушул суукта чокуларда кайтарып туруш бал жашоо эместир. Вахтерлор башкы вахтада мешке көмүр салып отурушат. Сакчылар өз жайында тинтээр алдында акыркы тамекилерин чегип жатышат. Камактагылар болсо, бүт өздөрүнүн айрынды кийимдерин кийишип, болгон жиптерин байлап тагышып, көзүнөн ээгине чейин суукtан чүпүрөк менен оронушуп, – нарада жууркан үстүндө чокойлору менен жатышат, көздөрү жумулуу, уктамаксан. Бригадир: «Тур-гула!» – деп кыйкыргыча.

104-бригада тогузунчу барак менен кошула үргүлөп жатыптыр. Помбригадир Павло гана оозун кыймылдатып, карандаш менен бирдекесин эсептеп отурат жана үстүңкү нарада баптист Алешка, Шуховдун коңшусу, жуунуп, тазаланып өзүнүн жазма китепчесин окуп жатат, анысына инжил китебинин жарымысын көчүрүп алган.

Шухов атырыла, бирок акырын кирип келип, помбригадирдин вагонкасына кайрылды.

Павло башын көтөрүп:

– Отургузган жокпу, Иван Денисыч? Амансызбы? (Батыш украиндиктерди көндүрө албай коюшту, алар лагерде да аты-жөнүн айтышып, сылык сүйлөшөт).

Столдон алып, пайканы сунду. Пайканын үстүндө – ак дөбө болуп бир кашык шекер төгүлгөн. Шухов канчалык шашса да, сылык жооп берди (помбригадир – өзүнчө чоң, лагерь начальнигине караганда, ал көп нерсени чечет). Шашыла шекерди оозуна алып, артынан тили менен жалап, бир буту менен кронштейнге чыгып – үстүндө жууркан-төшөгүн түстөгөнү, – ошол эле учурда пайканы ар тараптан байкап, колу менен ченегенсиди: тиешелүү беш жүз грамм барбы, же кемби? Шухов эчен түрмө-лагерлерде канча миң мындай пайка алып келатат, ошонун бирисин да таразага коюп ченеп көргөн эмес, өзү момун болгондуктан, үн көтөрүп кыйкыра да албайт, бирок ар бир камактагы адамга, анын ичинде Шуховго да түшүнүктүү – туура кесип, өлчөп берген нан кесчү жайда көп кармалбайт. Ар бир пайка кем берилет – бирок канчалык, көппү? Мына анан күнүнө эки жолу өлчөп карайсың, жанды жаялтыш үчүн, балким, мени бүгүн өтө алдабагандыр? Балким, менин пайкамдын граммы толуктур?

– Жыйырма граммдай жетпейт окшойт, – деген чечимге келип, Шухов пайканы экиге бөлдү. Бир бөлүгүн койнуна, күрмө тондун алдына салып жиберди, ал жакта атайын ак чөнтөкчө тигип алган (фабрикада зэктер үчүн күрмө тондор чөнтөгү жок тигилет). Эртең мененки тамактан үнөмдөлгөн экинчи бөлүгүн азыр эле ушул жерден жеп салайын деген ой келди эле, бирок шашып жеген тамак жук болбойт, тойгузбай жөн гана корондуга кетет. Жарым пайканы тумбочкага салайын деп колун сунуп,

кайра ойлоду: дневальныйлар кечээ эки жолу уурулук үчүн таяк жегенин эстеп кетти. Барак ээн короодой чоң, кимди ким билиптир.

Ошондуктан, колунан нанды түшүрбөй, Иван Денисович чулгоосу менен кашыгын чокоюна эптүү калтырып, жылаңайлак бутун тартып алды да үстүнө чыкты, матраста тешикти кеңейтип, ошол жакка, таарындыга өзүнүн жарым пайкасын катты. Башынан шапкесин чече салып, андан ийне жипти сууруп чыкты (ал дагы терең катылган, шапкени тинтип текшеришет; бир жолу сакчы ийнеге колун сайып алып, жиндеп Шуховдун башын жара чаап сала жаздаган). Жым, жым, жым эттире – мына катылган пайканын тешиги жамалып калды. Аңгыча оозундагы шекер эрип бүттү. Шухов ушул чакта чымыркана, болгон ыкласы менен байкап турду – мына азыр нарядчик эшиктен барк этип кыйкырат. Шуховдун колу эптүү кыймылдаганы менен, башы алдыга безип, эмне кылыш керектигин ойлоп жатты.

Баптист инжилди өз ичинен гана эмес, деми менен окуп жатты (балким, атайын Шухов үчүндүр, бул баптисттер политруктарга окшоп үгүттөгөндү жакшы көрүшөт):

– «Араңардан адам өлтүргөн, же ууру болгон, же кыянаттык кылган, же бөтөн мүлккө көз арткан болуп жабыркабагыла. Ал эми христиан катары куугунтук көрсөңөр, уяң болбой, мындай жазмыш үчүн Кудайга тобо дегиле».

Алешканын эмнеси мыкты: жанагы китепчесин дубалдагы жылчыкка ушундай ыңгайы менен батырып салат дейсиң – бир дагы тинтмеде байкашкан жок.

Ошондой эле эптүү кыймылы менен Шухов бушлатты вагонканын башына илип, матрастан колгаптарын, тамтыгы кеткен чулгоосун, жипти жана эки жагы тилинген чүпүрөктү алып чыкты. Матрастын таарындысын (анысы салмак кошуп, ныкталган) бир аз тегиздемиш болуп, жуурканды айланта матрастын астына кымтып, жаздыкты өз ордуна ыргытты да, жылаңайлак бойдон жерге түшүп, бут кийимин кие баштады, эң биринчи жакшы, жаңы чулгоосун, анын үстүнөн начарын ороду.

Мына ошондо бригадир барк этип, туруп кайрылды:

– Түнөп болгун, жүз төртүнчү! Чы-га бер!

Ошол замат бүт бригада, үргүлөгөн уйкуда беле, жок беле, туруп, эстегилеп, чыга беришке жөнөп кетти. Бригадирдин отурганына он тогуз жыл болду, тизилгенге ал бир мүнөт эрте чыгарбайт. «Чы-га бер!» – дедиби, демек, мезгил жеткен экен.

Бригадалаштары оор кадамдарын таштап, үн жок, биринин артынан бири коридорго, андан кийин кире беришке жана барак алдына чыккыча, ал эми 20-нын бригадири да, Тюринди туурап: «Чы-га бер!» – дегенче Шухов чокоюн эки чулгоо менен кийип, бушлатты күрмө тондун үстүнөн жамынып, жип менен катуу байланып алганга жетишти (териден кур кимде болсо, тартып алышкан – Өзгөчө лагерде уруксат жок).

www.bizdin.kg



Ошентип Шухов баарысына үлгүрүп, кире берište акыркы өзүнүн бригадалаштарын кууп жетти – алардын номер кадалган аркалары босогодон эшикти карай чыгып баратышат. Өздөрүнө болгон кийимдерин оронушкан, жоонойгон бригадалаштары кыйгачтап, бирин бири шаштырбай, чууруп оор кадамдары менен линейкага баратышты, кардын кычыраганы эле угулат.

Баягыдай эле караңгы, асман күн чыгыш жактан бир аз гана көгөрүп ачылгансыйт. Ошол күн чыгыш жактан ичке, ачуу шамал үйлөп турду.

Мына ушул чактан өтөөр жаман мүнөттөр жок – таңга маал тизилүүгө чыгуу. Караңгыда, суукта, өзөргөн курсак менен бир күн кечкиге чейин. Тилиң буулат. Бири-бириң менен сүйлөшкүң келбейт.

Линейкада кенже нарядчик алдастап жүрөт.

– Тюрин, эми канча күтүш керек? Кайрадан сүйрөлүп келатасыңбы?

Кенже нарядчиктен Шухов коркпосо, Тюрин кебелбейт. Ага карай суукта оозун ачып да койбойт, кете берет унчукпай. Бригада анын артынан: топур-тупур, кычыр-кучур.

Килограмм салону берген окшойт – 104- өз колоннасына келди, коңшу бригадалардан байкаса болот. Соцгородокко колунда жок же дөлдүр бирөөнү куушат. Ох, ал жактагы бүгүнкү ызгаар: минус жыйырма жети бетке урган шамалы менен, же баш калкалаар, же жылынаар жер жок!

Бригадирге сало көп керек: ПӨБгө берет  жана өзүнүн курсагын тойгузуш керек. Бригадир өзү жөнөтмө албаса да салосу жок отурбайт. Бригада ичинен кимдир бирөө алса, ошол замат тартуулап бергени келет.

Антпесе жашоо болбойт.

Ага нарядчик тактайга белгилеп жатыр:

– Сенде, Тюрин, бүгүн бирөө оорулуу, жыйырма үч чыктыбы?

– Жыйырма үч, – бригадир башын ийкеди.

Ким жок экен? Пантелеев жок. Ошол неме сыркоо беле?

Бригада шу-шу–шу боло түштү: Пантелеев, ит десе, зонага кайрадан калды. Сыркоо эмес ал, аны опер калтырды. Дагы бирөөнө жалаа жабат.

Күндүз аны эч тоскоолсуз чакырып алышат, мейли үч саат карма, эч ким көрбөйт, эч ким укпайт.

Санчасть аркылуу тариздеп коюшат…

Линейка бүт кара бушлаттарга толгон – аны бойлой бригадалар алдыга, тинтмеге түрткүлөшүп жай жылып баратышты. Шухов күрмө тондогу номерин жаңылатыш керектигин эске түшүрүп, линейканын аркы бетине кысылып өттү. Ал жакта сүрөтчүгө эки-үч зэк кезекте турушат. Шухов да кошулду. Бизге окшогондорго номердин зыяндан башка эч нерсеси жок, сакчы номерден сени алыстан байкап калат, конвой жазып алат, номериңди өз убагында жаңылатпасаң – өзүңө эле кондей: эмне үчүн номериңе кам көрбөйсүң?

www.bizdin.kg



Лагерде үч сүрөтчү бар, чоңдор үчүн акысыз сүрөт тартышат, кезеги менен тизилээр маалда номер жазганы келишет. Бүгүн ак сакалчан чал. Шапкеге кисточкасы менен номер жазганда – поп чекеге май сыйпагандай.

Сүйкөп, сүйкөп колгабын оозуна кадап үйлөйт. Колгабы токулган, жука, колу селейип, сан жаза албайт.

Сүрөтчү Шуховдун күрмө тонундагы «Щ-854» деген жазуусун жаңылады, эми Шухов бушлатын кымтылабай, анткени тинтмеге жакын калган, колундагы жиби менен бригадасын кууп жетти. Жетээр замат көрдү: Цезарь бригадалашы чылым тартып жатыптыр, трубкасын эмес, тамекисин, демек, калтыр десек болот экен. Бирок Шухов түз эле сурабай, Цезардын жанына жарым-жартылай кайрыла, жантая көз салып туруп алды.

Ал камаарабай нары жакты карап турган болсо да, ар бир соргон сайын (Цезарь сейрек, ойго батып тартаар эле) тамекинин кызыл тегерек күлү улам жылып, азайгандан азайып, мундштукка жакындап бараткanын көрүп турду.

Мында Фетюков, канчык, жабышып калды, Цезардын тушуна тике туруп алып, оозун карайт, көздөрү тим эле күйөт.

Шуховдун бир чымчым тамекиси калган эмес, кечкиге чейин бүгүн табаарына да көзү жетпейт – тулку боюн күтүүгө таштап, ушул тамекинин куйругу азыр азаттыктан таттуу көрүнгөнсүйт, бирок ал аброюн түшүрүп, Фетюковдой оозун карап жалдырабайт.

Цезарда ар улуттун каны бар: же грекпи, же еврейби, же цыганбы – түшүнбөйсүң. Али жаш. Кино тартып жүргөн. Бирок биринчисин бүтө электе камакка кеткен. Муруту кара кочкул, куюп койгондой. Делодо, карточкасында ушинтип тартылгандыктан, бул жерден кырып салышкан жок.

– Цезарь Маркович! – чыдабастыктан Фетюков шилекейин агызды. – Би-ир жолу тартып алайынчы!

Соргоктугу тартып самагандан бети-оозу кыйшайып кетти.

...Цезарь кара көздөрүн жапкан кабагын көтөрүп, Фетюковду карады. Ал тамеки чеккенде ортодон чыгышып, калтыр деп сурабасын үчүн көбүнчө трубканы чеге турган болгон. Тамеки курусун, ойлор үзүлгөнүн жактырбаган эле. Ал күчтүү ойду ойготуш үчүн, ошол ой менен бир нерсе табыш үчүн тамеки чекчү. Бирок тамеки күйгүзөөр замат бир нече көздөр: «Аягын калтыр!» – деп күйүшөт.

...Цезарь Шуховго кайрылып:

– Карма, Иван Денисыч! – деди.

Чоң бармагы менен кыска янтарь мундштуктан күйүп жаткан тамекисин чыгарып берди.

Шухов талпына түшүп (ал Цезарь ушинтип өзү берет деп күтүп турган болчу), бир колуна шашыла ыраазылык менен тамекини алып, экинчи

www.bizdin.kg



алаканын жайып алдынан түшүп кетпес үчүн корголоду. Цезарь мундштук менен бергенден жийиркенгенсип, ушинтип бергенине таарынган жок (кимдин оозу таза, кимдин оозунда ит өлгөн), анын бышкан колдору чоктун өзүн кармаса да, күйгөнүн сезген жок. Эң негизгиси, Фетюков–канчыктын жолун кесип, мына азыр оозу күйгүчө түтүн жутуп отурат. М-м-м! Тамеки ач денеге жүгүрүп, бутуна да, башына да тык этти.

Жаңы эле денеге жанагынын жыргалы тарап баштаганда Иван Денисович күңгүрөгөн үндөрдү укту:

– Ички көйнөктү алып атышат!..

Зэктин турмушу ушундай, Шухов көндү: мойнуңа секирбегендей эле, эки жакты карай жүр.

Эмне үчүн көйнөктү? Көйнөктү начальник өзү бербеди беле?!.. Жок, андай эмес…

Тинтмеге алдыда эки бригада калганда, 104-дө бардыгы көрүштү: штаб барактан режим начальниги лейтенант Волковой басып келип сакчыларга бир нерсе деп кыйкырды. Волковой жокто эптеп-септеп тинтип жаткан сакчылар эми жырткычтардай асылып тинте баштašты, старшинасы болсо кыйкырды:

– Көйнөктүн топчуларын чечкиле!

Волковойдон зэктер гана эмес, сакчылар бери турсун – лагерь начальниги өзү коркот деп айтышат. Кудайдын берген аты-жөнүн да карабайсыңбы! Волковойдун көз карашы – тим эле бөрү. Өңү кара, узун, кабагы бүркөө – анан басканы тез. Бaрактын артынан чыга калып барк этет: «Бу жерде эмне чогулуп калдыңар?» Жашынууга үлгүрбөйсүң. Башында камчы көтөрүп жүрчү, териден өрүлгөн. БУРда ошону менен сабачу дешет. Же кечки текшерүүдө зэктер барактын жанында үйүлүп калса, артыңан билгизбей келип моюнга камчы менен тарта салат: «Сен эмне катардан чыктың, айбан?» Үйүлгөн топ толкун качкандай нары чегине түшөт. Камчы жеген мойнун кармап, канды сүртүп унчукпайт: БУРга отургузуп салбагыдай эле.

Азыр эмнегедир камчысын көтөрбөй калды.

Суукта жөнөкөй тинтмеде кечинде болбосо, эртең мененкисин тартип жумшак болчу: камактагы бушлатын чечип, четтерин эки жакка ачып берет. Ошентип бештен адам өтөт, беш сакчы маңдайында турат. Алар зэкти белинен курчалган күрмө тондун капталынан чапкылап, уруксат берилген оң тизедеги бир чөнтөктөн чапкылашат кийген колгаптары менен, эгерде түшүнүксүз нерсе жүргөнүн байкаса, дароо сууруп чыкпай, жалкоолонуп сурашат: «Мунуң эмне?»

Эртең мененкисин зэктен эмне издейсиң? Бычакпы? Аны лагерден эмес, лагерге алып барышат. Эртең менен качып кеткени үч килограмм тамагы жокпу текшериш керек. Бир убакта, ошол нан, түшкү тамактын эки жүз грамм наны коркунуч көрүнүп, буйрук берилген: ар бир бригада өзүнө

жыгач чемодан жасашы керек жана ошол чемоданда бригаданын бүт наны жүрөт, ар биринин кесиндиси ошого чогултулат. Бу душмандар эмнени көздөгөнүн азыр түшүнө албайсың, адамды азап кылуу эле амалы, дайыны жок баш оорутмай: өзүңдүн пайкаңды тиштеп кой, анысын байкагын, чемоданга салгын, тигил кесиндилер болсо бардыгы бири-бирине окшош, бир нандан жасалган, жол бою анан ойлонуп кыйнала бер, сенин кесиндиң алмашып кетеби, жокпу, бири-бириң менен талашып, мушташканга чейин барган күндөр болгон. Бирок бир жолу өндүрүштүк зонадан үчөө автомашина менен качып, ушундай бир чемодан нан ала качкан. Ошондо начальниктер акылына келип, вахтада бүт чемодандарды балталап салышкан. Эми мурдагыдай ар кими өзүнчө салып жүрө берет.

Эртең мененкисин дагы текшере турган нерсе, зэктин кийими алдында граждандык костюм кийилбегенби? А бирок граждандык буюмдар бүт бардыгынан таптаза алып салынган, мөөнөтү бүткөнгө чейин берилбейт дешкен. Ал эми бул лагерде болсо эч кимдин мөөнөтү аяктай элек.

Дагы текшериш керек – бощтондуктан келип иштеген жумушчулардан жибериш үчүн кат жазып бараткан жокпу? Бирок ар биринин жазган катын издеп жүрсөң түшкө чейин убара тартасың.

Деген менен Волковой бир нерсе издегиле деп кыйкырды эле – сакчылар колгаптарын чече коюшуп, күрмө тонду чыгаргыла (барактын жылуусун ар ким ошол жакта сактап келген), көйнөктүн топчуларын чечкиле деп буйруштy – уставда уруксат берилгенден ашыкча ким эмне кийип алган, тинтишет. Зэкке эки көйнөк – ички жана сырткы, кийүүгө уруксат, ашыкчасын чечип сал! – зэктер катардан катарга Волковойдун буйругун айтып беришти. Кай бир бригадалар өз бактысына эртерээк өтүп, дарбазадан чыгып кетишти, калгандары болсо – ачылгыла! Кимдики ашыкча болсо – ушул суукта ыргыт кийимиңди четке!

Ошентип баштады эле, бирок ирээти бузулуп калды: дарбазада санап бүтүшүп, конвой вахтадан шаштырат: бол эле бол, эй! бол эле бол! Волковой 104-гө кезек жеткенде ачуусун тыюуга аргасыз болду: кимдин ашыкча кийими бар, жазып алышат, кечинде өздөрү каптеркага тапшырсын жана түшүндүрмө кат жазсын: кантип, эмне үчүн жашырып алышты.

Шуховдун үстүндөгүсү бүт өкмөттүкү, ме, кармалай бер – көкүрөк– башы ачык, ал эми Цезардын бир жылуу көйнөгүн, Буйновскийдин чыптамасынбы же ичке ороп алмасынбы жазып алышты. Буйновский – бакырык салды, өзүнүн крейсер кемесинде жүргөндөй, лагерге келгени үч ай боло элек:

– Адамды суукта чечиндиргенге силердин укугуңар жок! Силер жазык кодексинин тогузунчу статьясын билбейсиңер!...

Билишет. Кылышат. Сен, балакай, али биле элексиң.

– Силер советтик адам эмессиңер! – деп тынчыбай кыйкырып жатты капитан.

www.bizdin.kg



Кодекстеги статьяны Волковой дагы укмаксанга салып чыдады, мында болсо кара чагылгандай чарт этти:

– Он сутка катуу камакка!

Старшинага акырын:

– Кечинде тариздейсиң.

Булар эртең мененкисин карцерге алгысы келбейт: бир адамдын ишке чыкканы жоголуп жатпайбы. Күндүз иштеп, белин бүксүн, кечинде аны – БУРга.

БУР дегени мына, линейканын сол жагында: таштан салынган, эки канаты бар. Экинчи канаты ушул күздө курулду – бир канатта эл батпай кетти. Түрмөдө он сегиз камера, камералардан дагы жалгыз камакка алуу жайлары жасалган. Лагердин бүт жыгачтан жасалса, бир эле түрмө – таштан.

Суук көйнөк ичке кирип кетти, эми аны кууп чыгыш кыйын. Канчалык оронду эле зэктер – курулай убара. Шуховдун аркасы наалыта тартканын койбойт. Оорукана койкасына жатып алып азыр – уктасаң, чиркин. Башка эч нерсенин кереги жок. Калың жууркан жамынып алып.

Зэктер дарбаза алдында турушат, топчуланышып, байланышып, сырттан конвой:

– Бол, эле! Бол!

Нарядчик аркадан түртүп:

– Бол, эле! Бол!

Бир дарбаза. Зонага кире бериш жер. Экинчи дарбаза. Вахта жанында эки жагынан кармагычтар.

– Токто–о! – вахтер жинденет. – Койго окшоп жайылбай, бештен тур!

Таң атып баратат. Вахта артында конвойдун жаккан оту өчүп бараттЫ. Алар тизилээр алдында дайыма от жагышат – жылынууга жана эсептегенге жарык болуш үчүн.

Бир вахтер катуу айтып, тез санап жатты:

– Биринчи! Экинчи! Үчүнчү!

Беш адамдан чыгып, өз алдынча тизилип кетип жатышты, артынан карай бер, алдынан карай бер: баштары беш, аркалары беш, он бут.

Экинчи вахтер – контролер, кармагычтардын аркы бетинде унчукпай турат, текшерип жатат, эсеп туурабы.

Дагы лейтенант бар, карап турат.

Бул лагерден.

Адам – алтындан кымбат. Сым аркасынан бир адамдын башы жетпей калса – өз башың ошолорго кошулат.

Бригада кайрадан бирге чогулуп калды.

Эми конвойдогу сержант эсептеп келатат:

– Биринчи! Экинчи! Үчүнчү!

Кайрадан беш адамдан чыгып, өз алдынча тизилип кетишет.

www.bizdin.kg



Караул начальнигинин жардамчысы да наркы жактан текшерип жатат.

Лейтенант дагы.

Бул конвойдон.

Эч бир ката кетирген болбойт. Ашыкча бир баш үчүн кол койсоң – өзүңдүн башыңды салып бересиң.

Конвойлордун жыштыгын ай! ТЭЦ колоннасын курчап алган, автоматтары даяр, тике эле башка мээлешет. Боз иттери менен ит бакчулар. Бир иттин тиштери ырсыят зэктерди шылдыңдап күлгөндөй. Конвойлор кыска тон кийишкен, алтоонун эле тону бар. Алардын тону алмашма: ким чокуга чыгып кайтарса, ошол киет.

Дагы бир жолу бригадаларды аралаштырып, конвой ТЭЦ колоннаны бүтүндөй бештен кылып санап чыкты.

– Күн чыгаар маалда сууктун эң ызгаар учуру келет! – деп жарыялады кавторанг. – Анткени ошондо түнкү сууктун эң акыркы чекити коюлат.

Капитан деги эле түшүндүрүп айтканды жакшы көрөт. Ай кандай – жаңырганбы, толгонбу,– ар жылга, ар күнгө эсептеп берет.

Капитандын жаактары кирип, алдан тайып бараткане көрүнүп турат, бирок өзү чөкпөгөн.

Зонадан чыкканда, суук маңдайга соккон жел менен Шуховдун бардыгына чыдап көнгөн бетин катуу чымчылай баштады. ТЭЦке чейин жол бою ушинтип бетке шамал үйлөй берерин түшүнүп, Шухов чүпүрөк кийгенди оң көрдү. Бетке урган шамалдан корголонуш үчүн эки узун тилиндиси менен көпчүлүк тагынган чүпүрөгү бар. Мындай чүпүрөк жардам берерин зэктер билишти. Шухов көзүнө чейин чүпүрөк менен бетин жапты, кулак түбүнөн кесиндисин чыгарып, желкеден байлады. Желкесин шапкени оодарып жапты, бушлаттын жакасын көтөрдү. Шапкенин алды жагын да оодарып маңдайына түшүрдү. Ошенткенде алды жактан көздөрү гана калды жабылбай. Бушлатты өрүлгөн жип менен белден тыкан байлады. Эми бардыгы жайында, колгаптар гана начар жана колдор селейген. Ал колдорун ургулап, сүрткүлөп жатты, анткени азыр колду артка алып, жол бою ушинтип басыш керек болот.

**(Уландысы бар)**

Орусчадан которгон **Улан ЖУНУШБАЕВ**

www.bizdin.kg



*Боордоштор адабиятынан*



**Саттор ТУРСУН**

# ТҮНКҮ САПАР

## (Аңгеме)

Суулуу...

Чынында эле бул кыштак өзүнүн атына жараша ажайып жер экен. Жергиликтүү адамдардын айтуусуна караганда илгери айлана-тегеректеги эл бул кыштакка суу бойлоп, сейилдөө үчүн арзып келишкен имиш.

Суулуу...

Карт чынардан ары сегиз чакырымдай аралыктагы көпкөк болуп оргуштаган эки булактын ичи азырга чейин балыкка кыжылдайт. Кыжылдаган балыктардын бардыгы бир түстө. Карап турсаң октой шуулдап, ээн-эркин сүзүп жүрүшөт. Адамдан эч качан үркүшпөйт, жаныбарлар. Элдин айтуусуна караганда ушу кезге чейин бул балыктарга али бир да адамдын колу тие элек экен. Баарынан кызык жери – көптөгөн жылдардын беделинде бул балыктардын чоңойгонун да, кичирейгенин да эч ким билбейт имиш.

... Кийимимдин чаңын күбүп, бети-колумду булактагы сууга чайкаган соң машине күтүп, чайкананын алдындагы жыгач олтургучка көчүк бастым. Өчөшкөндөй машинелер тынымсыз зуулдап каттап турчу бул көчө негедир аза күткөндөй тыптынч. Баяраакта мен автобустан түшкөн кезде жолдун четинде токтогон бозгуч түстөгү ГАЗик али да жайынан козгол-

*Тажик жазуучусу **САТТОР ТУРСУН** 1946-жылы Сурхандарья облусунун Бойсун районундагы Пасурхи кыштагында төрөлгөн. «Ысык жүрөк», «Чокулар сүкүтү», «Рустамдын жаасы», «Сугат» аттуу повесттери жана башка аңгемелери окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынып, адабий сындын дурус баасына ээ болгон.*

www.bizdin.kg



бостон туруптур. Кудай жалгап, ошо машине жөнөп калар. «Анын ээси каякта болду экен?» – деп ойлодум үмүт кылып.

Ушинтип ойлоп турган учурда бет маңдайдагы ашканадан төрт адам жай басып, тышка чыгышты. Алардын бири жеңил, кыска жол-жол көйнөк жана бозгуч түстөгү таар шымчан. Калгандарынын кийимдери да, семиздиктери да бири-бирине куюп койгондой окшош.

Алар бирдемени сүйлөшүп акырын бут шилтешип, жанагы ГАЗикке жакындашты. Алды жактагы жашыраак жигит машиненин эшигин ачып жатып, мен тарапка бир карап койду. Анан беркилерге бир нерсе дегендей болуп, мага утурлап басты. Ал чоң-чоң кадам коюп келди да, адегенде саламдашып, анан минтип сурады:

– Эгер адашпасам, сен Абдуло эмессиңби?

– Ооба...– дедим мен.

– Дүйшөмбүдөн келатасыңбы?

– Ооба.

– Окууң жакшыбы?

– Жаман эмес.

– Бойсунга баратсаң керек?

– Ооба, Бойсунга...

Ырас, мен аны машинеден бери басып келатканда эле жазбай тааныдым. Аты – Ганы. Элден угушума караганда мындан үч жыл мурун хулигандык кылып, эки жылдык мөөнөткө эркинен ажыратылып, камалып кеткен эле. Мен аны менен мурда анчейин көңүл жакын болбогонум үчүн суроолоруна үстүртөн жооп кайтардым.

– Кеттик, анда, биз да Бойсунга баратабыз, – деди ал камкордоно. Анан жанындагы чемоданымды өзү көтөрүп, мени артынан ээрчиткен бойдон машинеге алып жөнөдү.

Жанагы үч кишинин бирөө – чамасы ушу ГАЗиктин кожоюну болсо керек, ал менин саламыма анчейин деле назар бурбастан, Ганыга суроолуу карап калды.

– Бул жигит темир уста болуп иштеген Салим акенин уулу. – Жылмайды Ганы. – Ала кетели дедим. Орун бар...

– Мм, ушундай дечи, мейли андай болсо.

Ганы рулга олтурду.

Мен арткы орундуктан жай алдым. Жанагы киши беркилер менен коштошуп, Ганынын жанындагы орундукка өзүн күп эткизип таштады.

– Ак жол, жолдош Ибрагимов!—деп берки эки киши анын семиз колдорун бек кысышты. Ибрагимов «кеттик» деп Ганыга башы менен ишара кылгандан кийин гана машине ордунан козголду.

Бул убакта асмандагы күндүн тең жарымы Фархат тоолорунун артына барып, кылкылдап калган эле.

www.bizdin.kg



Жеңил машине жол боюндагы тал-теректерди, кокту-колотторду улам артка калтырып, Бойсунду көздөй күлүк кунандай зымырап баратты.

Бир аз жол жүргөндөн кийин Ибрагимовдун арак ичип, мас болгонун буркураган жытынан байкадым. Ал чукул бурулуштарга келгенде өзүн түз кармай албай, эки жакка чайпалып жатты. Бышылдап дем алып, дем чыгарган сайын тар кабинанын ичи арактын жытына толду. Сыртынан, кабагынан кар жаап, жаалдуу экени көрүнүп турду.

Машине он беш-жыйырма чакырым жолду басып өткөндөн кийин Ибрагимов кудум оор уйкудан ойгонгон адамдай Ганыга теше тиктеди:

– Артка бур, – деди. – Саримаскка барабыз. Кудай уруп, унутуп кала жаздапмын.

Ганы күтүлбөгөн буйрукту уккандан кийин саамга башы маң болуп турду да, машинени тездик менен артка бурду.

Жолдун бетин түндүн күүгүм пардасы каптап кирди:

Баятан мени менен өткөн-кеткенди сүйлөшүп келаткан Ганынын ак жуумал жүзүндө ачууланган белги пайда болду. Ал сүйлөгөнүн да токтотту. Аптапка тотуккан кайраттуу колдору менен рулду мыжыга карманган бойдон ойлуу баратты.

Машине Саримаскка жакын жердеги тар капчыгайга шуңгуп кирген маалда айлананы көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптады. Жолдун таманы жумшак топурак болгондуктан, машиненин артындагы чаң асманга сапырылат. Бир аздан соң, машине кыя жолго жабышты. Чукул бурулуштарда жана эңкейиштерде Ганынын шаштысы кеткенсип, көздөрү алаят. Машине эңкейиш аскалардын астындагы ийри-буйру, өйдө-ылдый жолдор менен кыңылдап жүрүп олтуруп, Фархат тоосунун башына өрдөп баратты.

«Беймаалда анын биякта кандай иши бар болду экен? Кыязы, ал малчыларга барса керек» деген ой менен бирде Ибрагимовго, бирде Ганыга таңыркап тиктеп коёмун үтүрөйүп.

Күмөнүм ырас чыкты.

Ибрагимов жолдон обочороок жерде жайгашкан кепелердин тушуна келгенде машинени токтотуп, бышылдап жерге түштү да, курсагын чандайтып, жер баскысы келбегендей акырын кадам шилтеп, кепелер жакка басты. Ушул учурда кепелер тараптан бир адамдын карааны бери карай утурлап басканын караңгыда элес-булас көрдүм. Ал адамдын чычайган сакалы бар окшоду. Утурлап келген киши Ибрагимовго эки колун тең сунуп, башын жерге ийе кепеге кирүүсүн өтүндү.

Баятан бери унчукпай олтурган Ганы экөөбүз машинеде калдык.

Бул жер аябай салкын экен. Асман тиреген бийик тоолордун ичи-койнунан жортуп келген муздак шамал денени чыйрыктырат.

Бир аз тургандан кийин баягы сакал-муруттуу киши жетип келип, бизди да кепеге ээрчитип барды.

www.bizdin.kg



Кепенин орто ченине курулган коломтодо чатырап жанган арча отундан жагымдуу жыт буркурайт... Коломтонун орто чениндеги жоон жыгачка асылган чайнектеги суу шарактап кайнап жатты. Төргө жазылган гүлдүү дасторкондун четинде Ибрагимов жана анын оозун тиктеген беш киши сүйлөшүп олтурушуптур.

Алар Ганы экөөбүздү босого тараптагы кийиздин үстүнө отургузушкандан кийин, баягы сакалдуу киши Ибрагимовдун кулагына кемшеңдеген оозун жакындатып, бирдеңкени шыбырап айтты. Ибрагимов да чандайган курсагын сылагылап, чыканагына балыштап жатып, тигиге шыбырап сүйлөдү.

Чабандар заматтын ичинде зыяпат уюштурушту.

Ибрагимов жаш козунун таттуу этин өзөргөндөй сугунуп жатты. Анын жанында чөк тизелеп отурган киши (бул адам баш чабан экен) чайнектеги арактан пиялага лепилдетип куюп, Ибрагимовго эки бүктөлүп сунат. Өзүн кудум чай куюп берип жаткан кишидей шексиз көрсөтүүгө аракеттенет. Экөө кез-кезде уят сөздөрдү чукуп, беркилерге аския айтып беришет.

Сакалдуу киши жок эле.

Ал жарым саат өткөндөн кийин пайда болуп, Ибрагимовго сырдуу карады да, маанилүү түр менен:

– Даяр, – деп койду. Анан дасторкондун четине тизелеп, табактагы эттен бир устукан алды да, жанындагы кынынан бычагын сууруду.

Колуна арак толтурулган пияланы кармап алган Ибрагимов Ганыга акырая карады да, башы менен ишара кылып, сөөмөйү менен сакалдуу кишини көрсөтө, күңк этти:

– Бул киши менен эшикке чыккыла.

Сакалдуу киши колундагы эттен али ооз тие элек эле, Ибрагимовдун сөзүн угар замат устуканын табактын четине коюп, ордунан ыргып турду.

Ганы экөө ээрчишип, сыртка чыкты.

Арадан көп убакыт өтпөй Ибрагимов турду. Анын артынан биз да козголдук.

Чабандар бизди машинеге чейин узатып барышты. Сакалдуу киши ошол жерде Ганы менен турган экен. Машинеге отургандан кийин чийки эттин жыты каңылжарыма бур эте түштү. Баш чабан Ибрагимов менен коштошуп, мага карап да койгон жок. Ганы машинени от алдырып, жайынан козголду. ГАЗик кыя жолдор менен караңгы түндө желип баратты.

Жарым саатка жакын жол жүрдүк.

Аракка өлгүчө тойгон Ибрагимов башын айнеги жарым ачылган эшикке жөлөгөн бойдон бышылдап дем алып, уктап калды. Утуру соккон катуу шамал машиненин ылдамдыгын басаңдатып, ышкырынат.

Ибрагимов чочугандай уйкудан ойгонуп, колун башына тийгизди. Анан Ганыга жалт этип карап, минтти:

www.bizdin.kg



– Кана?!

– Эмне? – Түшүнгөн жок Ганы.

– Шляпам кана? Түшүнүп жатасыңбы, шляпам...

– Мен каяктан билем?

– Сен билбес болдуңбу? Сага окшогон билбестердин энесин көзүнө көрсөтөм!

– Эмне мынча сөгүнөсүз?! Мен сиздин шляпаңызга кароол эмесмин го?..

– Болбосо, сен кимсиң?.. Билип кой, бала, шляпамды билбей турган шофёрдун мага эки дүйнөдө да кереги жок. Сениби, эртең эле тилиңди «түздөп» коём. Ошондон кийин чар-тарабың кыбыла. Бирок азыр... шляпамды таап бересиң.

– Шамал учуруп кеткендир? Бул караңгыда мен каяктан издеп табам?

– Табасың!

– Түн жарымдан өтүптүр... Мен анын кайсы чуңкурга учуп түшкөнүн кайдан билейин?

– Сен көп келжиребегин, бала! Кыязы, тилиң кыйла эле узарып кеткен окшойт! Мындай тилди кыскартып коюу мен үчүн оңой эле нерсе... Эми машинени артка бургун!

– Жолдош Ибрагимов, – деди Ганы заманасы тарып, – сиз аялымдын оорулуу экенин жакшы билесиз. Бүгүн эртерээк келем деп айткан элем ага. Эки көзү төрт болуп күтүп жатса керек... Эгер макулдук берсеңиз, эртең, башка шляпа сатып келип, башыңызга кийгизип койсом мейлиби? Суранам, тезирээк кетели.

– Ии, мен сени шляпа сатып бер деп жатамынбы? Ушу сенин майга булганган сасык чөнтөгүңдөгү пулдан шляпа сатып киейинби? Болду, бала, артка бур дедимби, артка бургун. Тезирээк! – деп айкырды, Ибрагимов каарданып.

Ганы айласы куруп, машинени артка бурду. Колдору эпке келбей, калч-калч этет. Койдукундай бозоргон көздөрүндө ачуунун, жаалдын оту чарактап жанып турду.

Ибрагимовдун чоң үймөк чөпкө жабышкан оттой козголгон жаалы басылбады. Мен да анын башындагы шляпа кайсы жерден учуп кеткенин байкабай калыптырмын.

– Ой, сага окшогон макоо шордуулардын көбүн көргөмүн! Алардын көбү сага окшоп мага акыл үйрөтүшчү. Бирок мен аларды ушунчалык жайлап олтургузуп койгом, алиге чейин ордуларынан тура алышпайт. Сен да...

– Мени көп коркутпаңыз, – деди Ганы күлкү аралаш ачуу менен тигинин сөзүн бөлүп.

– Сени түрмөдөн адам болуп чыккандыр деп, аксакал атаңды урматтагандыгым үчүн ишке кабыл алсам, а сен баягы эле бойдон экенсиң да...

www.bizdin.kg



– Сиз менин камалганым менен ишиңиз болбосун. Күнөөмө жараша жазамды алгам.

– Эшек Мекеге барып келсе да, эшек бойдон калат, – деп ырас айтышкан тура.

Ганы тормозду чирене тээп, Ибрагимовго теше тиктеген бойдон саамга турду. Ал мына ушул көз карашы менен ичиндеги бар болгон ызасын сыртка чыгаргысы келди. Кабинадан октой атылып чыкты да, машиненин оң жагына өтүп, Ибрагимов тараптагы эшикти жулкуп ачып:

– Сен өзүңдүн мага караганда жүз эсе жаман экениңди билесиңби?! – Ал ар бир сөздү дааналап айтып, жаактары карышып кетти. – Ууру да сен, арам тамак да сен, катынпоз да сенсиң! Угуп койгун, эгер өз ыктыярыма коюша, алдагы ажыдаардыкындай алайган көзүңдү чукуп алар элем. Машинеден түш, тезирээк! Ушуга чейин чыдадым, эми сөөгүмө чейин жетти.

– Эй, ит бала, сен эмне деп жөөлүп жатасың?

– Ырас, мен ит баламын. Бирок итминби, кушмунбу, иши кылып мына ушул машинеге жооптуу адаммын. Кожоюнун жолдо түшүрүп салыптыр деп дагы түрмөгө олтургуза беришсин. Түшкүн дейм!

Ибрагимов иш акыры ушул даражага барып жетет деп ойлогон эмес болсо керек, ал Ганынын желкеси куруша түшкөн түрүнө түз кароого жүрөгү даабай калды. Мастыгы тарай түштү. Жыпшыйган кыпкызыл көздөрүндө коркунучтун белгиси пайда болду.

– Эмне, урмакчысыңбы?

– Түш дедимби, түш!

– Мейли, урсаң ур, бирок өзүңө кыйын болот... – Ибрагимов бышылдап машинеден түштү.

Ганы ага бөтөн сөз сүйлөгөн жок. Акырын айланып өтүп рулга отурду. Калчылдаган колдору менен эшикти катуу жаап, рулду мыжыга кармады. Машина жулкунуп козголду да, келген жолуна түштү.

Ганынын бул кылыгынан өзүмчө эле чочуп, оңтойсуз абалда калдым. Ал унчукпастан машинени айдап кете берди. Мен аны кантип сөзгө алуунун айласын ойлойм, бирок эч бир ыгын таппайм.

Качан гана Сакиртманын таманына жеткенибизден кийин, Ганы өзү капалуу сөз баштады:

– Тобо! «Жыгылган оогонго күлөт» дегендей, эми ал да мага күлүп жатат. А, өзүчү? Тигине, карачы, арт жакка, бир койдун эти оролуп турат. Бул уурулук эмей эмне.

– Мейли, ага көп капаланбаңыз, бирде өйдө, бирде ылдый болот да, – деп көңүлүн көтөрүүгө аракеттендим.

– Ээ, чыдай берип, чыдамым да кетти, иним. Качанга чейин инсандык ынсаптан безип, качанга чейин анын уурулуктарын өз колум менен ма-

www.bizdin.kg



шинеге жүктөп, үйүнө жеткирем? Качанга чейин пулга сатылган кулдун сыңарындай кагып-силккенине баш ийип жүрөм?!

Ганынын айткан арыз-армандары көптөн бери анын көөдөнүн куйкалап жүргөнүн дароо сездим. Көрсө, ал бул оор букту качан да болбосун сыртка чыгарып, же ары, же бери болууну көздөп жүргөн окшойт.

Таң атып, жерге жарык кирген маалда райондун борборуна жеттик. Ганы машинени жол боюна токтотуп, арт жактагы капка салынган семиз койдун этин жонуна көтөрдү да, бет маңдайында «Ички иштер бөлүмү» деген жазуусу бар имаратты көздөй тез-тез басып кетти.

Сыймыктанбы же коркунучтанбы, айтор, өзүм да түзүк биле албадым, жүрөгүм кабынан ыргып чыкчудай туйлап, Ганынын артынан көпкө чейин карап турдум...

Тажик тилинен которгон **Мирзохалим КАРИМОВ**

www.bizdin.kg



*Жаштар поэзиясы*



## Таалай БАКЫТАЕВ

# Жалгыздыкка үйлөндүм

*Кыздар, кыздар, неге мынча туруксуз,*
*Кар жаадырат асманды да булутсуз.*
*Улам-улам ойноп берип сезимге,*
*Так салдыңар жүрөгүмө унуткус.*

*Кыздар, кыздар, сүйүү өрттөгөн отсуңар,*
*Жалгыз башка далай азап коштуңар.*
*Баарың келип актансаң да канчалык,*
*Мээрим төккөн апакемче жоксуңар.*

*Пайдасы ушул силер менен жүргөндүн,*
*Эси-дарты, көөнүңөрдү үйрөндүм.*
*Кечиргиле, бир боло албайм, а бирок*
*Мен үйлөндүм, жалгыздыкка үйлөндүм.*

# Кечир мени

*Кечир мени, кечир мени жалгыздык,*
*Сен жөнүндө жазбаптырмын*
*Ак кагазга арман толо ыр кылып.*
*Сен да, мен да айтпасак да эч кимге,*
*Жатышпайбы экөөбүздү кеп кылып.*

*Кечир мени, кечир мени жалгыздык,*
*Катуу кетсем ачуу айтып сөгүнүп.*

---

*__Таалай БАКЫТАЕВ__ 1973-жылы 13-октябрда Нарын районундагы Миң-Булак айылында төрөлгөн. И. Арабаев атындагы КМУнун филология факультетинде окуган. Учурда «Периштем» гезитинин башкы редактору.*

www.bizdin.kg



*Балким, сендей мага эч ким чыдабас,*
*Кээде жылуу, кээде суук да көрүнүп.*

*Кечир мени, кечир мени жалгыздык,*
*Жашап жүрсөм эгер сени кор тутуп.*
*Көңүлгө албай көзүңдү аста жумуп кой,*
*Кетип калбай сен да мени коркутуп.*

* * *

*Күтөт мени бир терезе, бир эшик,*
*Бири-бирин кыйыгынан тиктешип.*
*Кара темир, тепкичтер да күтүшөр,*
*Түз басабы, таянабы же дешип.*

*Билем, билем, бир күн келбей каламтын,*
*Же бир үйдөн, же бир көрдөн жайым таап.*
*Айнегимди эки бөлгөн жарака,*
*Ошондо да күтөрсүң ээ жалдырап...*

* * *

*Аңгырап бүгүн бүт дүйнөм менин бош калды,*
*Чөнтөкчү да кагыптыр болгон акчамды.*
*Теңселе басып үйүмдү көздөй баратам,*
*Ичимден аяп мага окшоп калган мастарды.*

*Бир теңтуш келип койду эле катуу ичирип,*
*Жок дебей бүгүн койчу деп мени түшүнүп.*
*Боорум оорул жаткан ага жана эле,*
*Баратам эми түшчүдөй бөйрөк үзүлүп.*

*Түшүнөм деп, аяймтын деп ар бирин,*
*Теңселе басып, үйүмө канча мен келдим.*
*А бирок менин чын сырымды бөлүшчү,*
*Теңтушту неге, Теңирим мага бербедиң?*

* * *

*Тийбегиле жалгыздын жүрөгүнө*
*Жаман сөз айтпагыла эл көзүнчө.*
*Жараткан ошол күндү буюргандыр,*
*Жалгыздыгы үчүн аны күнөөлөбө!*

*Тийбегиле! Тийбегиле! Тийбегиле!*
*Турмушуна асылбай сүйлөгүлө.*
*Жалгыз жашоо чындыгы күнөө эмес,*
*Ал анткени Кудай дагы жалгыз бирөө!*

www.bizdin.kg





## Жаштар поэзиясы

## Мээрим САТАРОВА

# Ыйласам да..

*Ыйыктыгын туюп эне тилимдин,*
*Ыйласам да төрүн берем дилимдин.*
*Тилегеним, бейпил болуп эртеңи,*
*Жоголбосун эне тили элимдин.*

*Эне тилдик сезимим күч дилимде,*
*Сүйүп сүйлөп, сүйүп ырдайм тилимде.*
*Болор беле мындан дагы сыймыктуу,*
*Атпай кыргыз сүйлөсө эне тилинде.*

*Кел, кыргызым, ураан кылып ырдайлы,*
*Тилибизди жерип, унут кылбайлы.*
*Түбөлүктүү улут үчүн, дил үчүн,*
*Эне тилди сыйлап, ыйык сактайлы!*

# Ажал ырды жеңе албайт

*Оо, кыргызым,*
*Алыкул кечээ кесел жаткан кезде*
*Кас болду күч жетет деп ажал неге?*
*Калсам деп эч болбосо жарым күнгө*
*Алышкан тирүүлүккө алсыз дене.*

---

***Мээрим САТАРОВА*** *1986-жылы 12-августта Бишкек шаарында төрөлгөн. И. Арабаев атындагы КМУнун алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тил филологиясы факультетин бүткөн. Учурда "Периштем" гезитинин кабарчысы.*

www.bizdin.kg



*Адашты, ажал сени жеңе албады,*
*Болгону топуракка денеңди алды.*
*Кутулуп куу чеңгелден сенин жаның*
*Миң жүрөктөн түбөлүк түнөк алды.*

*А балким, ал дүйнөдө эркиндиктир*
*Антпесе аян болуп кайдан келдиң?*
*Бүгүндүн жөнөкөй мен студенти*
*Оо, устат, оо, сырдаш, – деп, келем сизди.*

*Шагырап таш төшөлгөн шагыл жолдо*
*Таскагын жоготпостон келет жорго.*
*Алыкул Толубайдай чындык үчүн*
*Түшүптүр боз ат менен Улуу жолго.*

## Алтын энем

*Ай-Күнгө алмаштыргыс асыл энем*
*Ардактуу ак эмгегиң байлык экен.*
*Жарк этип келип-кетчү бул дүйнөдө*
*Энедей ыйык адам болду бекен?*

*Жалпыда согот жүрөк баары бирдей*
*А бирок бирөөнүкү кеменгердей.*
*Бар болсо, башкаларда баатыр жүрөк*
*Эненин жүрөгүндөй ыйык бекен?*

## Сага

*Өткөндү эстеп негедир ойго баттым,*
*Жамгыр менен кошулуп ыйлап жаттым.*
*Өзүң менен бир жүргөн күндү эстеп*
*Сүйүп калган мен өзүмдү тилдеп жаттым.*

*Бүгүнкүдөй бардыгы таптак эсте*
*Бир жүргөн экөөбүз айлуу кечте.*
*Жоодураган көздөрүң жүрөк эзип,*
*Сөз таба албай кыйналгам ошол кечте.*

*Оо, жараткан, үмүт кылып баарына*
*Ушул күндөр батып кетти жаныма.*
*Күчүм жетсе бул жашоону өзгөртүп,*
*Койсом болмок түбөлүктүү жаныңа.*

www.bizdin.kg





*Боордош элдердин адабияты*

Рахимжан
УШУРОВ

# КЕЙБИР

## (Даректүү аңгеме)

Биздин айылдагы ашкана айылдын дал борборуна жайгашкан: төр жакта тамак берчү кичинекей тешик, анын оң жагында эшик, сол жагында буфет бар. Залга 40 киши олтуруп тамактана турган стол коюлган. Мен ашканага кез-кез барып турамын. Бул жерде, мен Алма-Атадан таанышкан Акимжан деген жигит ага ашпозчу болуп иштейт. Акимжан айылыбызга келээри менен, орун-очоктуу болушуна мен себепкер болгонмун. Бул жерге келип пиво, лимонад ичип кетем, бирок Акимжанга көрүнбөскө аракеттенем. Себеби көрүп эле калса акедей асылып сый көрсөтүп, убара боло берет. Сый көрүүнүн да чеги бар да!.. Мен да рахматка жарды эмесмин... Бир жолу ал мени көрө калып:

– Эй, дос, бүгүн кечинде кел, ашпозчулардын майрамы, бул жылыга бир эле жолу келе турган майрам да! – деп суранды. Макул болдум. Кечинде ашканага келип, Акимжан менен сүйлөшүп турганымда, анын жанында Емма деген немец кыз да бар болчу.

– Жаңкы кейбир аял келип калбаса экен, – деди ал улутунуп.

– Келсе эмне экен «жиндиге сот жок», мүмкүн көңүлдүү олтурарбыз, – жооп берди Акимжан.

– Билбейсиңби, мээге чай кайнатат да, – деп даттанды Емма келбеттүү көкүрөгүн татына колдору менен басып туруп.

– Антип айтпа, Емма!.. Сен кейбир эмессиң да, эгер ошол аялдын ордунда болсоң, ким билет, эмне болоруңду. А да болсо бизге каардуу согуш алып келген айыкпас жаралардын тек гана бир көрүнүшү.

Емма жаш жана шайдоот келин эле. Ошондуктан дайыма тамашалап сүйлөйт. Ал дароо мага тийише баштады.

www.bizdin.kg



– Насиржан Адилович, экөөңөрдү тааныштырып койсом кандай гана сонун болор эле, ха... ха... ха... Анын бул сөзүнө ал да кошулуп каткырды. Анан күлкүсүн токтотуп:

– Бирок Насиржан Иминжанга мендей боло албайт да, эгер мендей боло алганда өзү эле жабышмак, – деп Еммага түшүндүрдү.

– Койгула бул сөздү, кокус анын көзүнчө айтып коюп чындап эле маган жабышып албасын, – дедим.

– Чочуба, дос, – Акимжан менин айтканымды эп көрбөдү, – кейбир таякеси уйгур району жакка алып кетиптир деп уктум.

Өзүм оңтойсуздана түштүм. Ичим негедир туз куйгансып ачышып, жаман абалда калдым. Анткени алар кейбир деп жаткан аялды кичине кезимде көп эле көргөн элем. Ал кезде жети-сегиз жашар бала болсом да, сулуу менен сертти ажырата билчүмүн. Ал чүрөктүн артынан кимдер гана чуркабады дейсиң. Ал тургай Алма-Атадан сүрөтчүлөр да келишип, анын портретин тартышкан. Согуштан баатыр болуп кайткан, азыркы күндө айылыбыздагы атактуу бригадир Сулайман аке да анын артынан канча чуркабады дейсиң. Мына ошондой кыз бүгүн элдин жүрөгүнүн үшүн алып, кейбир атка конуп олтурат. Мындай абалды көргөндө кимдин гана боору ооруп, жүрөгү өйүбөсүн. Эх, согуш! Кайгылуу кандуу согуш.

* * *

Акимжан конокко келгендерди залга киргизди. Биз 20га жакын киши элек. Алардын бардыгы мага тааныш, өзүмдүн айылдаштарым. Эң мыкты иштегендерге сыйлык берүү үчүн ушул дасторконду жасаган экен. Бул олтурушка Емма өзү тамада болуп алды. Анткени ал тамада болгон олтуруш эң эле көңүлдүү өтөт. Кыскасы, ал ушул дасторкондун режиссеру. Сүйлөй да, ырдай да, бийлей да билет. Олтуруштун эрежелерине да аябай так.

Дасторкон аябай жакшы жасалгаланган, кудум эле ресторандыкындай. Мына, Емма коньякты ачып, рюмкаларга куя баштады.

– Биз азык-түлүк кесиптегилеринин, – деди Емма каштарын серпип, көк көздөрүн ойнотуп, – билип койгула улуу жумушчу табынын бөтөнчө кесиптегилеринин майрам күнү көңүлдүү өтүшү үчүн ичип коёлу.

Сүйлөп бүткөн соң өзү биринчилерден болуп рюмканы алып жиберди да, коноктор да анын артынан алышты. Бул жерде Емманын жолдошу, биздин колхоздун атактуу механизатору Андрей да бар эле. Ал жанымда олтурган Акимжанды ишарат кылып:

– Досуңуз үчүн, ден соолук үчүн ичели! – деп кошумчалады. Емма жолдошунун сөзүнөн кийин Акимжандын жанында олтурган кызга өзгөчө сыпаачылык билдирди. Акимжан бул айылга келбестен мурда шаарда иштеген. Анын жетим калган кызы менен уулу ушул колхоздогу эжесинин үйүндө бир жылдан бери турушат. Балдардын мээрими аны да карыган энеси менен ушул жерге алып келди.

Акимжан созулган өңдүү-түстүү, келишимдүү келген оор басырыктуу жигит. Ошондой эле кээ бир соода кызматкерлериндей орой жана алдым-

www.bizdin.kg



жуттум эмес. Ал өзүнүн ишине чебер болгондуктан көп жылдан бери оңолбой келе жаткан айыл ашканасы жакшыланып кетти. Анын дагы бир өзгөчө ишине аялыбыз экөөбүз себепчи болдук. Аялымдын досу, мугалим Мэзигүлгө тааныштырган элек. Мэзигүл сулуу болгондуктан, эр тандап «олтуруп» калган кыз. Кудум эле менин Акимжан жөнүндөгү ойлорумду кубаттагансып, анын жетекчиси сүйлөдү.

– Акимжанды баарыңар билесиңер, – деди ал баарыбызды текши карап, – бул жигит келгенден бери айылыбыздын эли кубанычтуу. Беш-алты айдын ичинде райкомго таанылып, алкоого татыктуу болгондугу бизди кубандырбай койбойт, ушул тостту Акимжандын мындан кийин...

Жетекчинин сөзү бүтө электе эле «ураа!» дешкен эле, Емма тура калып мага карап көз кысып койду шайтандык кылып. Акимжан баарына, айрыкча эскаранын алкышына өзгөчө ээ... – деди.

Ошол замат эл дуу күлүп, ашкананын ичин жаңыртып жиберди. Мен Мэзигүлгө карадым. Ал бечара өңү өчүп, эмне кыларын билбей калыптыр. Себеби Емма эскара деген аял анын бир тууган эжеси болчу. Бирок башкалар ага көңүл бурбады. Ошентип олтуруу көңүлдүү болуп ырдашып, бийлешип бардыгы орто кызып калышты. Мына ушул кезде лып этип эскара аял кирип келди да кайнап жаткан казанга муздак суу куюп жибергенсип, жанатан бери ыр-күлкүгө толгон ашкана заматта эле көңүлсүз боло түштү. Олтуруштун бул көрүнүшү мен үчүн күтүлбөгөн окуя болду. Карылар: «Миң уккандан бир көргөн артык» деген экен. Эскара келери менен шаңданып турган олтуруштун  минтип ойрон болушу мени таң калтырды. Бечара элибизге уруштан кийин да мен өз ичимден ойлондум, кейидим. Ушулардын баары уруштун арткы көрүнүшү.

Эскара аял узун бойлуу экен. Ал чачтарын түйүп алган. Үстүндөгү кызыл көйнөгү келишимдүү денесине ого бетер жарашык берип турат. Мага ал өзгөчө сулуу көрүнүп кетти. Каштары капкара, көздөрү ойноп турат. Тек гана  бир аз чаң болуп турган өңүнөн анын бети-колун көңүл коюп жуубай турганы көрүнүп турат. Ал айланасындагы бардык нерсеге өзү кожоюн сыяктанып, эки колун артына алып сүрдүү карап турат. Аны көрүп Емманын шайырлыгынан кенедей да калбады, дайыма күлүп турчу көздөрү алайып эле калды, өңү кубарып ал немка болгондугуна күнөөлүүдөй эскара баарыдан мурда ошого кыйкырды.

– Эй, фашист!

Емма эч нерсе дебеди, ал эрине карап:

– «Жиндиге сот жок» – дейт, жүр Андрей, тезирээк бул жерден кетели! – деди да башкалар эскара менен алек болуп жатканда акырын жылып сыртка чыкты, анын эри да чыгып келе жатып:

– Кантебиз, Емма, туура айтып жатат... – деп, ийнин куушуруп коюп, аялынын артынан басты. Мэзигүлдүн өңү өчтү, анын абалын түшүнгөн Акимжан:

– Жаман болду, силер билбейсиңер. Бул аял мага да жабышып жүрөт. Сельсовет, участковой милиция аны сыйлайт экен... – деп, өзүн

www.bizdin.kg



эскарадан жашырууга аракеттенди. Эскара аял узун турнадай мойнун созуп:

– Кана менин эрим, эмне үчүн мени тосуп албайт, – деп эркекчесинен сөгүп, сиңдиси Мэзигүлдүн жанына келди да: – Эй, Мэзигүл! Сен менин эриме тиемин деп жүрүпсүң. Ясын куйтку ошентип айтты. Ал сага апийим жеген короздой кокоңдоп жүрөт. Сен ошого тийгин... Кет бул жерден, болбочу болсо муунтуп таштаймын, кайда менин эрим!.. – деп Акимжандын жанына келди да, мени ары түртүп жиберип, орундукка олтурду. Мурда Акимжандын мойнунан кучактап, аны шалпылдатып өбө баштады. Акимжан өзүнүн жанында олтурган жана келечекте аны менен бирге болууну ойлогон Мэзигүлдүн алдында өлбөгөн төрт шыйрагы эле калды. Мэзигүл болсо ордунан туруп, менин аялымды жеп жиберүүчүдөй алая карап: «Мага тапкан жигитиңер ушубу?» дегенсип залдан чыгып кетүүгө камынды. Акимжан эскараны түртүп жиберип, Мэзигүлдүн жолун тороду.

– Сизге эмне болду, менин эмне күнөөм бар? – деди ал.

Мен эскараны сөзгө алаксытмакчы болгон элем, ал мени жеп жиберүүчүдөй бир карап коюп, кайрадан Акимжанга умтулду. Акимжан болсо: «Мэзигүл неге түшүнбөйт, эмитен минтсе, кийин кандай болот?..» дегенсип айласыз турат. Бул жерде чындыгында эле эң жаман иш болду. Тигини, эскара Акимжанды бооруна басып турат. Же Акимжанды андан ажыратып алууга болсочу... Биз эр-аял экөөбүз эң эле оңтойсуз оор абалда калдык. Мэзигүл эскаранын бир тууган сиңдиси. Мына ошонун кесепетинен ага жакшы жигиттер да туш келбеди, анын үстүнө бул кыз да күйөө тандап алек... Эскара сиңдисинин Акимжанга турмушка чыкмакчы болгондугун угуп калыптыр. Катын алып, катын коюп жүргөн, үй-жайы жок Ясын куйтку айтып коюптур.

Эй, адамдар, адамдар. Бышкан жүзүмгө колуңар жетпесе бөлөк бирөөнүн көзүнө топурак чаччу кылыгыңарды качан коёсуңар, таш боорлугуңар качан бүтөт, качанкыга дейре башкалардын бактысына ор казасыңар, жолун торойсуңар!..

Мына ушул шермендечиликти кантсе болот, эскара залда эмне кыларын билбей турган сиңдисин жаакка бир чапты, ызы-чуу башталды. Отургучтар кулады, идиш-аяктар сынды. Бир киши эскараны көтөрүп, талаага чыгып заматта эле кайтып кирди, бечаранын бети-башынан тамтык жок, эскара анын бетин мышыктай тырмап алыптыр. Коноктордун калгандары көчөгө чыгып кетишти, не деген көңүлсүздүк.

Ошол арада мен Акимжанга: «Сиз унчукпаңыз эскара өлсө да, тилдесе да чыдаңыз, башка айла жок...» деген мааниде көз кыстым. Анан эскарага карап:

– Кана, бекем кармагын Акимжанды!.. Акимжан болуп төрөлгөнүнө, мурунку эриң Иминжанга окшоп алгандыгы үчүн акесин окут!.. – дедим жана көчөгө чыкмакчы болдум. Ошол кезде Акимжан мени карап:

– Аялдарды үйлөрүнө узатып коюп, кайра келиңиз!.. – деди. Мен мындан: – Сиз бүгүн биздикине конуңуз!.. – деген маанини түшүндүм да кете бердим, кечкисин алардыкына конууга туура келди.

www.bizdin.kg



О чиркин, маңдайымдагы катуу кайгыдан кутулуунун амалы болсо... Бармагыңды тиштесең, жаның какшайт. Ал өзүнүн жанындай жакшы көрө турган өмүрлүк жарынын кара кагазын алып, ошондон кийин ушундай абалга түшүп калган, шордуу да!.. Бул да адам да, өз жердешибиз да! Анын күнөөсү эмне? Бул да кандуу согуштун курманы да!

* * *

1840-жылдары Кокон ордосунун оң колу болгон Алымбек датка атайын саркерлерин жиберип, Буйлаш баштаган он төрт мыкчегерлерди Анжыянга айдатып кетет. Өкүм куррактагы, өткүр сөздүү Арстанбек атасынын алыска айдалып баратканына жаны ачып, кошо барууну өтүнгөндө Буйлаш: «Сени ээрчиткендей биз тойго бара жатканыбыз жок» – деп Арстанбекти албай кетет. Айтканынан кайтпаган Арстанбек комузун койнуна катып, агаларынын кунандарынын бирөөсүн уурдап минип, тобокелге сала, жаштыгына карабай: «Эмне болсо да бара көрөйүн» – деп атасынын артынан Анжыянга аттанат. Буйлаш шериктери менен күндөп, түндөп жол жүрүп отуруп, Анжыянга барат. Алар набакка салынып, суракка алына баштайт. Дал ушул кездерде Арстанбек да Анжыянга жете барат. Бирок ал атасын издебестен Анжыяндын айланасында жашаган кыргыздарды кыдырып, ырларын ырдап, күүлөрүн чертип, жарптарын жазат. Күн өткөн сайын Арстанбектин атагы анжыяндыктардын чар-тарабына жайыла берет. Айтылуу шайыр барган кезде Кокон ордосун токсон боолуу өзбектин миң тукумдары негиздешсе да, бийлик бирде кыпчактарга, бирде өзбектерге, бирде кыргыздарга өтүп, мансап талашып турган учур экен. Ошол кезде Анжыянды кыпчактар бийлеп туруптур.

Күндөрдүн биринде: «Аркалык бир комузчу бала келип, эл кыдырып, комуз чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуш чертет экен. Ырдаса булбулдай сайрайт имиш» – деген кабар Алымбек баштаган ордонун билермандары: Кулназар, Комчу, Атамкул, Маарazыкка (Маиразыкка) жетет. Алар саркерлери аркылуу «аркалык комузчу баланы» таап келишет. Ырчы, комузчуларын чакырышып, Арстанбек менен беттештирет. Алардын ичинен Арстанбек менен Сарт акенин (Ысакандын) алым-сабак чертиши курч мүнөздө өтөт. Арстанбек дутардын күүлөрүн комузда таңшыта чертип, Сарт акени жеңип, угуучулардын урматтоолоруна ээ болот. Айрыкча, Арстанбек бийлик кыпчактардын колунда экенин сезип, билермандарын:

Баракелди эр кыпчак,
Саадактарың бир кыпчак,
Санжыргалуу кан кыпчак,
Мингендери тобурчак
Шай колдогон эр кыпчак,
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн —

деп, алар «төрөлүк кылса – төө, бектик кылса – бээ», добулбасты (доолду) байлап ат берерин, ал эми «аркалыктын жакшысынын кыйыгына тийгенде кысырактай мактаганын» өзгөчө көтөрүңкү маанайда мукамдуу обондо ырдаганда даткалардын төбөлөрү көккө жеткендей болот. Алар жаш шайырдын түштүккө эмнеге келгенин билишип, айдалып келгендердин күнөөлөрүн кечишет. Ошондон баштап, ырчынын атагы кыргыздын оң, солуна, кала берсе кабыргалаш жашаган казак элине да кеңири белгилүү болуп, булбул атанат. Набактан чыккандар Арстанбектин тапкан олжо-буйлаларын алышып,

элине кайтышат. Арстанбекти Алымбек датка алып калат. Ал кан датканы пааналап жүрүп, Анжыян, Кокон, Маргалан, Алай, Аксыны аралайт. Аш, тойлордо болот. «Мен ырчы, мен комузчу» дегендердин баарысы менен жолугушат, айтышкандары менен алым-сабак айтышып, чертишкендери менен чертишип залкар ырчы, комузчу аталып, алдына эч кимди салдырбайт. Ырларында Анжыян аймагы мөмөлөрү, жер-жемиштери төгүлгөн, берекеси мол болсо да, пулу жок бечаралар көп экенин, жармачтарынын көптүгүн, аш-тойлордо аздап мал союларын, күрүчтөн табак көтөргөн күймөлгөндөр арбын экени, тилекке каршы, жазгы кара жамгырдай нөшөрлөнтө сабаган ашкере ырчы, манасчы да пас болорун ырдайт. Арстанбек 1830-жылдардан тарта Кокон бийлиги кыргыз жергесинде өкүмдүк менен күч алганын «Кокон бийлиги жөнүндө ыр» аттуу ырында кыргыздардын тегереги темирден тарткан тор, «түшкөн жери кыргыздын кырк кулач терең ор», көчмөндүү эл «көк чапандуу сартка кор» болгонун, эр азаматтардын, жалпы эле калктын моюна оор салыктар салынып, «короодон тандап койлорун», «алымына аттарын», «олоң» деп эгиндерин алуу менен беш көкүлдүү кыздарды олжолоп алганын жанын ачыта муңдана ырдайт. Айрыкча, Кокон ордосунун Мадалы ханынын, өкүлү Маарaзыктын куулугун, жүргүзүп жаткан саясатын айтып келип, кала берсе:

Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элиңди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды —

деп, кокондуктар көлдүктөрдү да кокуйлата эзип, кордуктарды көргөзүп жатканын ызалана ырдайт.

Арстанбек Кокон хандыгында урмат-сыйга бөлөнөт, чоң олжо менен элине кайтат. Энеси салбар деген аттан кутулат, тең укукка ээ болот. Көл өрөөнүндө Арстанбексиз бир да той, бир да аш, бир да чоң жыйын өтпөйт, жаш шайыр ырдан да, комуз чертүү жагынан да эч кимге алдырбайт жана камчы салдырбайт.

Ар тараптуу шыктагы шайырдын чыгармачылыгына өз көзү менен көргөн, өзү күбөдөр болгон Кокон бийлиги, бугу менен сарбагыштын чабышы, казактын Абылай ханынын – Талас, Чүй өрөөндөрүнө кол салышы, ысык-көлдүк кыргыздардын Россиянын карамагына өтүшү, колониячыл бийликтин орношу өтө күчтүү таасир этет. Ал бугу менен сарбагыштын чабышында мүйүздүү эненин тукумдары баштары бапан, аяктары сапан боло сапырылып, чилче тараган кайгылуу тагдырларын сөөктөн өтүп, чучугуна жеткендей муңдуу обондо:

Элибизден ажырап,
Элик болуп турабыз,
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болуп турабыз,
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болуп турабыз —

деп ырдаса, орустардын ак падышасынын колониячыл бийлиги орнойт деген кабарды угары менен орус келет дегенден зарлап ырдай баштаганын айтат да, айтылуу «Тар заман» аттуу тарыхый көлөмдүү ырын чыгарат. Ал өзгөчө жүрөктү өрттөгөн муңдуу обондо комуздун коштоосунда ырдалат. Автор ырында падышалык Россиянын басып алгычтары кыргыз жергесине кара тумандай каптап келе жатканын:

Алда кандай капырай,
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр, ай!
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатыр, ай!
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келе жатыр, ай! —

www.bizdin.kg



деп кабардайт. Бир эле мезгилде акын бытыраган кыргыз урууларын бир биримдикке, бир кандыкка баш кошууга чакырып, кыргыз аттуунун баарысын бир кишидей баскынчыларга каршы турууга үгүттөйт. Бирок кыргыздар а-бу дешкиче падыша өкмөтүнүн жоокерлери кыргыз жерин басып, элин талап, көрбөгөн кордуктарды көргөзүп, тартпаган азаптарды тарттырганын акын ырында уккандардын көз жашын көлдөткөндөй көркөмдүүлүктө таамай сүрөттөйт. Кыргыздардын үч уктаса түшүнө кирбеген жаңы көрүнүштөрдү ачык айтып, ак ырдайт. Алсак, ал байыркыдан барк, каада-нуска нарк кетип, шарият менен иши жок заман келерин, этеги жок, жеңи жок кийим чыгарын, кыз он бешке чыкканда энесине баш бербей, боюн күүлөрүн, элечегин булгалап зайып чыгарын, короодогу айдаган кой азаярын, журтта ургаачы көбөйөрүн, куран жатып, кат жүгүрөрүн, эки агайын бир тууган акы алышарын, араба, чанага түшүп, зым аркылуу сүйлөшөрүн, алтын, күмүш теңге жоголуп, кагаз акча чыгарын, устаранын мизиндей оодарылган дүнүйө болорун, падышалык бийлик кыргыз элин башка чапса былк этпес өлүк кылганын зар ката:

Ушу заман тар заман,–
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап –

деп, муңкана ырдайт. «Тар заман» алгачкы ырдалышынан калктын калың катмарына тарайт. Ал ооздон-оозго көчө ырдалат. Айрым эл бийлеген билермандын бири «Тар заманды» укканда: «Арстанбектин тилин кесип, көлгө салуу керек» – деп, элге жарыя салат. Анткени «келер жамандык бир ырчынын, бир сынчынын оозунда болот. Эгер Арстанбек өлсө анын айткан заманы келбей калат» имиш. Бирок эл андай бузукунун тилине кирип, акынга кол көтөрбөстөн, кайта аны «булбулум» дешип, барктап, атагын асман-айга көтөрүшөт. Арстанбектин ырчылыгы, төкмөчүлүгү, обончулугу, комузчулугу жөнүндө калк арасында ар кандай аңыздар айтылат. Арстанбекти өз көзү менен көрүп, өз кулагы менен ырларын, күүлөрүн уккан Талип Молдо: «Мен келсем, эл үйдүн ичитышын бербей, толуп чыгып кеткен экен. Отургандар Арстанбекти: «Мырзам, тамашаңызды сала отуруңуз» – деп, жаалап калышты. Арстанбек «Тар заман» деген ырынан баштады. Кары, жаш дебей отургандын баарын ыйлатты. Анан ыйлаган элди сооротуп, кайта каткыртып күлдүрдү. Бир кезде кара нөшөр жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей тышта отургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, күн күркүрөгөндөй удургутуп, бирде чайыттай ачык асмандан тийген күндүн илебиндей ырдап, элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм киргизди. Жыйналган эл Арстанбектин ырын угуп отура берип, өрүштөгү малы эстеринен чыгып кетсе керек. Арстанбек ырын токтотуп: – Кеч кирди эми малыңарды тейлеп алгыла – деген кезде гана, эл кыңырыла зорго тароого бет алды. «Мен далай эле ыр уктум. Бирок ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок» – деп, (Караңыз: «Арстанбек». Ырлар, Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1947, 146-бет) эскергендей Арстанбектин чыгармачылыгында обончулук да, төкмөчүлүк да, кайталангыс аткаруучулук чеберчилик да, комузчулук да күчтүү өнүгүптүр.

Автор «Тар заманында» кыргыз жерин, элин колониялаган падыша өкмөтүнүн зомбулугун, көрсөткөн кордуктарын ташка тамга баскандай алдын ала ачык айтат. Анын ырларынын эң негизги идеялык багыты элди улут эркиндик талабына багышталыптыр. Ошонусу менен Арстанбек, Арстанбек аталыптыр. Ал «Тар заманды» өмүрүнүн акырына чейин ырдап, замандын агымына жараша оңдоп, ашыкчаларын алып, кошумчаларын кошуп, жетилтип, көркөмдүүлүгүн арттырып, байытып келген. Бирок Арстанбектин көзү өткөндөн кийин ыр бурмаланып, сабактарына сабак, сөздөрүнө сөз кошулуп, жамаачыланат. Ошентип, бизге болсо «Тар замандын» алгачкы түп нускасы эмес, тек гана оңдол-

www.bizdin.kg



гон кыска үлгүсү келип жетти. Арстанбектин «Тар заманын» кандай гана багытта, кандай гана өңүттө карабайлык, өз доорунун реалдуу чындыгын жана келечекке сереп салып ырдаган тарыхый улуу чыгарма катары бааланат.

Адабиятчылардын аныктамаларына караганда, Арстанбек нускоочу акын. Ал байыркы айтыш жанрынын баштоочуларынан да болуптур. Акын айтыштарын өзүнө мүнөздүү обондо, ыкмада, көркөмдүүлүктө сабалата төгүп, сөздөрүнүн өткүрдүүлүгү, курчтугу, куйкумдуулугу менен атаандашын буйдамга келтирбей, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылчу экен. Алсак, Арстанбек казактын ак таңдай акыны Каңтарбайды сурак сала ырдай баштаганда эле Арстанбектин ырынын күчтүүлүгүнүн сүрүнөн сүрдөп, а деп ооз ача албай жыгылат. Ал эми жаактууга жаа бербеген, бир дагы казак акынын алдына салдырбаган Сүйүмбай менен ит жыгылыш болот.

Жеңижок Нурмолдону, Эсенаманды, Наркүлдү жеңип, элге таанылып калган кезинде Арстанбектин даңкын угуп, көрсөм деп көксөп жүрүп, атайын Каркырага издеп барып жолугушат. Жеңижок абалкы акындардын салтын улап, «Аманбы, абам Арстанбек, Ааламга айттың далай кеп, нукура ырчы Арстандын нуска сөзүн уксам деп» келгенин айта өзүнүн башынан өткөргөн турмуштун ачуу, таттуусун баяндай ырдап таанышат. Ал эми Арстанбек болсо: «Оо, балам, ырчы болсоң сынчы, зөөкүрдү чабар камчы, дүлөйлөргө кулак, чөлдүү жерге булак, жесирлерге жөлөк, жетимдерге көмөк, жардыларга кешик, жармачтарга эшик бол» деген шекилдүү ак тилектерин айтып, элдин зарын зардап, санат сөздү сабап өтүүгө, чечендердин сөзүн, көсөмдөрдүн көчүн, комузчунун күүсүн, добулбастын доошун, чоорчуну чордоп, темир комуз күүсүн термеле, манасчыны түндөп, кошокчуну кошуп угууга чакырат да, акырында: «Балам, нуска сөзүң кап, санат ырың сап, санжыра сөзүң сан болсун, калың кыргыз элине, кадырың артып, бак консун!» –деп ак батасын берет да: «Балам, кайрылып сени көрбөсөм, нуска сөзүм айта жүр, Арстанбекти көргөм деп, арткыларга айта жүр!» – дептир. Жеңижок Каркырада Арстанбек менен бир топ күн бирге болуп, Кегенге чейин барып, казактарды, көлдүктөрдү аралап, ырдап жүрүп кетиптир. Жеңижок кетеринде Арстанбектин алдына келип адамгерчилигине, ашынган акындыгына, ташкындаган комузчулугуна таазим кылып, узак ырдап коштошуптур. Арстанбек да муңканта күү чертип, муңдана ырдап узатыптыр.

Таластык айтылуу төкмө ырчы Чоңду да Арстанбекти атайын издеп барып, табышмакташып алым-сабакташат. Чоңду Арстанбекке ыр менен табышмактарды сабалатат. Арстанбек Чоңдунун жандырмагын ташка тамга баскандай так чечип: «Алдырып сага койбосмун, мен алышып жүрчү жолборсмун, жеңдирип сага койбосмун, мен жеңе жүрчү жолборсмун» – деп, жеңилбестигин айтып, Чоңду акынды таң калтырат.

Арстанбектин «Терме», «Санат», «Арман», «Керээз» аттуу ырлары элдик жана төкмө акындык салт ырларынын түрлөрүндө, үлгүсүндө, обонунда чыгарылса да, алардын ар бирине таандык ажардуулук, Арстанбекке мүнөздүү көркөм боёктордун көп түстүүлүгү, ойлорунда тереңдүүлүк, обондуулук туюлат. Автордун «Боромбайдын керээзи» аттуу керээз ыры көркөмдүүлүгү, кайталангыс жекечилдиги, тереңдүүлүгү, обондуулугу менен айырмаланат. Анда көлдүн атактуу журт башчысы Боромбай өлөр алдында калкын чогултуп: «Мал багып, бак тигип, жер казып, эгин айдагыла, дыйканчылыкка көңгүлө, башыма коргон курбагыла, ашыма ат чаптырып, калың кара сойбогула»– десе, байбичесине: «Кара кийип тытынып, бетиңе тамга салба, башыңды жоолук менен бууп ал» – деп керээзин айтып коштошуп жатканда, элдин баары бул эмнеси деп айран-таң калат. Ошондо Арстанбек колуна комузун алып, коштошуу мүнөзүндөгү муңдуу күүсүн чертип, бир нече жолу кайрып, анан Боромбайдын сарбагыш, солто, саяктын мыктыларынан кем эмес, көлдө сүзгөн кеме экенин, кул өлгөндөй көмүлбөй бүтүн кыргыз эли чакырылып, сыйсыпаты өткөрө чоң салтанат менен коюла турганын, калың бугу намыскөй эл экенин айта муңдана ырдайт. Ошондо кыраакы Боромбай ак таңдай акынга ыраазычылыгын билдирип, жылуу маанай менен жылмайып, өңүнөн нурун төгүп, бутун сунуп, уктагандай көшүлүп, дымы чыкпаптыр. Боромбай келбес жайга кетип баратканын түшүнгөн адамдар бутта-

www.bizdin.kg



рынын учу менен басышып, жанына келишип, тизе бүгүшүп, баштарын ийип, үн-сөз жок коштошуптур. Эл аягы суюлган кезде Арстанбек Боромбайдын чекесинен сылап, колунан өөп, көзүнө жаш алып: «Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун»,– деп кош айтышыптыр. Арстанбектин ыры болсо элдик чыгарма катары калк арасына тарaптыр. Ал эми акындын өзү жөнүндөгү «Керээзи» биз уккан жана окуган «керээздердин» туу чокусу десек жаңылышпайбыз. Бул уккандардын тула бойлорун дүркүрөтүп, жүрөктөрүн сыздаткан муңдуу обондун коштоосунда айтылган терең маңыздуу «Керээзинде» Арстанбек кыл мурутy жок, кылтылдаган шок кезинен акын атка конуп, булбул аталгандыгы, басып өткөн өмүр жолун, кимдер менен айтышка түшкөнүн, кимдер менен жолугушканын, кандай коогалаңдуу турмушка күбөдөр болгонун эскере акын өлсө айтылбаган ыр, чертилбеген күү каларын, шум жалгандан бир да адам калбасын айтып келип, керээзинин соңунда азапка салган оорудан набыт тапсам:

Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү, – деп,
Артында элим таанысын,
Айтылып калса калкымда,
Арстанбек неге карысын! —

деп, шакирти чыгаан акын Солтобайга табыштаптыр. Залкар шайырдын бизге жеткен айтыштарынын, терме-санат, арман, керээздеринин ж. б. ырларынын сөздөрүнө караганда ар бир чыгармасы маңызына маңыз кошкон шыбыргактаган обондордун коштоосунда чыгарылганын туябыз.

Адабиятчылардын маалыматтарына караганда ал «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Бердикожо жалгызым», «Беш казак», «Чоро» аттуу дастандарды, ал турсун «Манастан» «Көкөтөйдүн ашын» да айтыптыр. Ошентип, ал чыгармачылыгында айтуучулукту ар тараптан өнүктүрүп, өөрчүтүптүр.

«Өзүм өрүк болсом, капкагым карагай болсо, куткунум кайыш, тепкегим терек, кылым ичегиден болсо мен сүйлөбөгөндө ким сүйлөйт» – деп, айткан комузга Арстанбек жан киргизе кол ойнотуп коздоп черткен залкар устаттан да болуптур. Жогоруда белгилеп кеткендей, анын аспабы өз доорундагы шайырлардыкынан чабылышы, добушунун мукамдуулугу, чечендиги, тунуктугу, бийиктиги менен да айырмаланыптыр.

Арстанбек бир күн да, бир түн да ырсыз, күүсүз, комузсуз жашабаптыр.

Калк арасында калган маалымдоолорго, залкар шайырлардын айткандарына, адабиятчы Т. Саманчиндин жазганына караганда, Арстанбек беш жүзгө жакын күү чертчү экен. Алардын көпчүлүгүн элдик обон, айтым, залкар, дастан күүлөр түзүптүр. Ошону менен бирге өзү да ар кандай мазмундагы ондогон күүлөрдү чыгарыптыр. Арстанбек комуз музыкасында болгон жөнөкөй обон күүлөрдүн академиялык татаал кайрыктардагы залкар күүлөрдү чертүү, чыгаруу менен аткаруучулук чеберчилигин да ар тараптуу, көп жактуу өнүктүрүптүр. Ал кол ойнотуп кубулжутуп черткен айтым күүлөрдүн да улуу устаты болуптур. Карамолдо, Ыбырай, Чалагыздардын бул саптардын авторуна берген кабарларында Арстанбек комузчулар менен чертишкенде буту менен да чертип жиберип, атаандаштарын жеңип алуучу экен. Арстанбек черткен элдик күүлөрдөн биздин күнгө чейин «Айган», «Мендирман», «Камбаркан» аттуу эски күүлөр келип жетти. Булардын бардыгынын тарыхтары таржымалдана чечмеленип чертилиптир. Маселен, «Мендирман» аттуу күүнү чертердин алдында:

«Күндөрдүн биринде көзгө атар мерген, кептин жөнүн билген чечен жоонун мизин кайтарган эр жүрөк Мендирман баатыр жалгыз өзү кезектеги жортуулга баратса, Эгиз баатыр деген эки жигит Мендирманды көрүп: – Жалгыз немени жайлай койбойбузбу? – дешип Мендирманга келишип: – Сен кимсиң? – дешет.

– Мен Мендирманмын.

www.bizdin.kg


– Сен Мендирман болсоң аттан түш дегенде Мендирман:

Мен Мендирман, Мендирман,
Сен экөөң өңдүү эрдирмин,
Аламын деп турасың,
Мен козу кочкор Мендирман.
Колум сынбай жеңдирбейм.
Карагайга каршы чыккан бутакмын,
Балталасаң жоюлбайм.
Мен Мендирман, Мендирман
Атым чыккан эрдирмин.
Кылычтасаң өлбөсмүн,
Экөөңө атым бербесмин.
Алышаарга эр кайда,
Кармашаарга жоо кайда.
Мен да сендей эрдирмин.
Мен козу кочкор Мендирман
Козголбогон эрдирмин,
Каршылашкан душманга,
Кайрат кылган шерденмин.
Кармашып турган баатырга,
Кайра тартпас эрдирмин —

деп, өздөрү келип катылган эки баатырды жыга чаап, аттарын алып:

Жолугаарга жолукпай,
Жолуң мындай катаарбы!?
Кылыч чаппай экөөңү,
Жайлап кетсем кантесиң?
Жалдыратып көзүңдү,
Байлап кетсем кантесиң,
Баатыр болсоң сен экөөң,
Жалгыз жүргөн адамды,
Жалгыз атын сен алып,
Жабыр кылып таштаба.
Алыңа карай иш кылгын,
Болбос ишти баштаба.
Эгиз баатыр атанып,
Жер болгонуң канакей.
Мендирманга алдырып,
Эр болгонуң канакей.
Кайратың сынып артыңда,
Кайрылганың билдиңби?!
Кармашам – деп мен менен,
Минип жүргөн атыңан,
Айрылганың билдиңби?!
Мен Мендирман, Мендирман,
Мендирманды таанығын.
Үйүңө жөө кетээрсиң,
Мен Мендирман баатырды,
Айта жүрөөр бекенсиң.
Кылган иштин баарысын,
Кыябыңда жаттап ал.
Менин атым Мендирман,

www.bizdin.kg



Кагазың болсо каттап ал.
Алышкан менен ар болбойт,
Алдырган жигит эр болбойт, —

деп ырдап келип чертчү экен. Арстанбек баштап черткен «Мендирман» күүсү азыркы күнгө чейин комузчулардын арасында ырдын коштоосунда жана коштоосуз кара күү түрүндө чертилип келүүдө. Арийне, чебер комузчу Чалагыз Иманкуловдун аткаруусунда узун сабак ыр менен коштолуп аткарылат.

Ырдын маңызына, окуялардын өнүгүшүнө жараша күүнүн жүрүшү, мүнөзү өзгөрүп өөрчүп, угуучулардын көз алдына баатырдын жаркын элесин тартат.

Арстанбек элдик күүлөрдү чертүү, калк арасына жайылтуу менен бирге салттуу «Камбаркан», «Ботой», «Шыңгырама» аттуу күүлөрдүн нугунда, мүнөзүндө, үлгүсүндө өзүнүн «Ботоюн», «Камбарканын» да жана алардан башка да ар кандай темадагы ондогон күүлөрдү чыгарыптыр. Алардын айрымдары биздин күнгө да келип жетти. 1922-жылы Нарындын Он-Арчасында жашаган комузчу Садабай Бабакандан К. Мифтаков Арстанбек черткен «Кер толгоо», «Камбаркан», «Мендирман», «Дүңгүрөмөсү», «Айганы», «Какмасы», «Керөзөн», «Тили буруу», «Кой бөлөөрү», «Арман», «Калыс ботою» аттуу күүлөрдүн аттарын жазып алат. Улуу комузчу Муратаалы элдик, өзүнүн жана башка шайырлардын күүлөрүн черткен тизмеге Арстанбектин «Айдарым», «Арман», «Зар заман» аттуу чыгармаларын аткарарын жазып калтырган. Ал эми 1928-жылы москвалык атактуу музыка изилдөөчү А. Затаевич Муратаалынын аткаруусунан Арстанбектин «Зар заман», Асанаалы Ошур уулунан Арстанбектин «Арман» аттуу күүлөрүн нотага түшүрөт. Ушул эле жылы музыка изилдөөчү айтылуу Карамолдодон «Тар замандын» эркин баяндамалуу мүнөзүндөгү обонун төмөнкүдөй:

Карагайдын башында,
Чыны болот дечү эле.
Ал чынынын четинде
Зымы болот дечү эле.
Алты айчалык жолдордон,
Алты күндө сүйлөткөн
Бу капырдын сыры болот дечү эле,–

деген ыры менен жазып алган. Ал Карамолдонун аткаруусунда эркин, төкмөлүү-баяндамалуу мүнөздөгү обондо ырдалып да жана өксүгөн муңканган кайрыктардагы күү түрүндө да чертилиптир. Аталган чыгармалар А. Затаевичтин 1971-жылы Москвадан чыккан «Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору» деген жыйнагына басылып чыгат.

Арстанбектин ыр менен коштолуп чертилген сүрөттөмөлүү күүсүнүн бири «Эки ногойдун коштошкону» аттуу күүсү. Ал:

Керме, керме, Керме-Тоо,
Керме-Тоонун Сары Өзөн,
Туура суунун баары өзөн,
Оту, чөбү жок туруп,
Малы семиз Керме-Тоо,
Жылтырканы, шыбагы
Жылкы баккан бу дагы.
Шаркырап аккан булагы,
Саамалынын ынагы.
Кылдырап аккан булагы,
Кымызынын ынагы,
Үч-Каркыра, Көк-Дөбө
Эми бизге жок дөбө.
Арта салып кеткенге,
Ар кайсысын карачы,

www.bizdin.kg



Бетеге менен ыраңы,
Мал үчүн азык бу дагы,
Жамынчы болуп элиме,
Суктанат залим жериме,
Балдырканы билектей,
Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей.
Үч-Алматы жерим ай
Кайран менин элим ай.
Айтып энди нетейин,
Жаман көрбө, жерим ай,
Кош аман бол, кетейин –

деп өскөн, өнгөн Ата Журтунун сулуулугун сүрөттөп келип, эли, жерин, залимдер тартып алганын өкүнгөн кайрыктарда өксүй чертип келип, ырынын соңунда:

Ак суунун башы дарыя,
Ак ала сакал карыя,
Сени колдосун Жапар олуя.
Көк суунун башы дарыя,
Көк ала сакал карыя,
Жаман көрбө, жерим ай,
Сени колдосун Жапар олуя, –

деп ак, көк ала сакалчан карыяларды Жапар олуя колдосун деп коштошуптур. Ырдын сабактарына, саптарына, ыргактуулуктарына караганда күү баяндамалуу, эстөө, эңсөө, кусалануу мүнөзүндө чертилиптир. Ал эми Арстанбек «Арман» аттуу күүсүндө Балбай баатыр тарабынан сарбагыштын ханы Ормон өлтүрүлгөндө бугу уруусунун талоонго түшкөнү, запкы тартканы баяндалат. Анда уюткулуу элдин бири Анжыянга, экинчилери Текес, жылдызга кире качканы, Ормон хан өлгөндө, акылдан жаман шашканын, кырылганын, бакасы бала уктатпаган, баягы жылкы сугартпаган көлдөн айрылганы, башка чапса былк этпес, өлүк болгонун каңырыгын түтөтө күү кайрыганда шолоктотуптур.

«Тили буруу» аттуу күүсүндө орустар кыргыз жерине каптап киргенде заман куурулуп, бей-бечаралар, момундар баткактай жуурулганын, он кишиден бир адам он башы, жүз түтүнгө бир киши ыстарчын, жүздөн санап он кылып, болуш шайлап чоң кылганын муңкана сыпаттайт. Автор «Зар заман» аттуу тарыхый күүсүндө, «Тар заман» деген ырында айта албай калган оюн, калк башына түшкөн мүшкүлдүү турмушун дагы бир жолу зар ката баса баяндаптыр. «Сен дүйнөсүндө» болсо күн менен түндү камчылап, өтүп жаткан дүйнөдө нелер келип, нелер кетип, бири күйүп, бири өчүп турарын, шум жалганда эч бир жан калбасын күү кайрыгында толгогон.

Автор татаал кайрыктагы «Кер толгоосун» элдик салт күүлөрдүн үлгүсүндө чыгарыптыр. 60-жылдары кочкордук белгилүү комузчу Самсаалы Алике уулу Арстанбектин «Кой бөлөөрүн», «Ыр күүсүн», өз доорунун жарчысы аталган улуу комузчу Ыбырай Туман уулу Арстанбектин «Ботою», «Сен дүйнө» аттуу күүлөрүн кыргыз радиосунун музыкалык редакциясынын алтын коруна жаздырышкан эле. Анда мен ошол редакцияда редактор болуп иштөөчүмүн. Самсаалы да, Ыбырай да Арстанбектин күүлөрүнүн биринин да тарыхын айтып беришпеди. Бирок Арстанбектин күүлөрүн кимден үйрөнүшкөнү, ал кандай комузчу болгону жөнүндө тартынбай, билгендерин жаап-жашырбай баяндап беришкен эле.

«Мен, – деген эле Самсаалы карыя, – Арстанбектин күүлөрүн устатым Кудайбергенден үйрөнгөм. А киши: «Арстанбектей чыгаан комузчу чанда эле чыгат го деп ойлойм. Ал күүсүнүн күчү менен угуучуларды гана балкытпастан, күүсүнүн кайрыгы менен бактын башында отурган күкүктү да топ эттирип жерге түшүрчү экен. Өз доорунда Арстанбек комуздан да, ырдан да эч бир шайырды алдына чыгарбаптыр. Ушундай атагы таш жар-

www.bizdin.kg



ган шайырдын күүлөрүн мен да терең урматтоо, кадырлоо менен чертип жүрөм. Арстанбектин күүлөрүнөн абалкы доордун добушун угам». Ал эми Ыбыкем болсо: «Мен алгач Арстанбектин күүлөрүн чоң атамдан, кийинчерээк алар башка комузчулардын чертүүлөрүнөн да көп жолу уктум. Ал турсун төкмө ырчылардын ооздорунан ырларын да бир нече жолу эшиттим. Алар Арстанбектин күүлөрүн, ырларын аткарышканда мемиретип, тула бойлорун эритүүчү экен. Арстанбек ушундай уккандарды таң калтырган жез таңдай төкмө акындыгы, обончулугу, аткаруучу-ырчылыгы менен бирге абалтан калкыбыздын муундан-муунга өлбөс мурас катары айтылып келе жаткан «Кожожаш», «Бердибек», «Беш казак», «Чоро» деген элдик дастандарды айтып, жумурай журтка залкар айтуучу катары да таанылыптыр. Арстанбекти көргөн, билгендердин айтып кеткендерине караганда, ал дастандарды угуучулар уюп уккандай уккулуктуулукта, мукамдуулукта өткөрө кызыктуу айтуучу экен.

Арстанбек ар тараптуу, көп жактуу шык менен бирге санжырачылыкты да өөрчүтүптүр. Ал элибиздин тарыхына, жерибиздин аттарына, Манастын ата-тегине ж. б. байланыштуу санжыраларды ыр менен айтуучу экен. Маселен, Арстанбек кыргыздын чыгышына, оң менен солго бөлүнүшүнө карата:

Атабыз Шайык Манчурдан,
Айнал, Минал бир тууган.
Аларды шейит кылган, – дейт,
Абалкы өткөн бир заман.

Ошол кырк кыз экен энебиз,
Кайыптан болгон денебиз.
Өскөнбүз жапан тоолордо,
Ошондон тарап келебиз.

Долон бийден эгиз, – дейт,
Ак уул, Куу уул эки атам.
Ошол Ак уул, Куу уулдан,
Оң, сол болуп тараган –

деген шекилдүү санжыраларды айтуучу экен.

«Мен бала чагымда, – деп, айткан Карамолдо бул саптардын ээсине, – айыл аксакалдарынан Арстанбектей көзү ачык ырчы, комуздун кылына жан киргизе черткен чертмекчи сейрек кезигет» – дешип, тамшана айтышкандарын далай жолу уктум. Кийин комуз чертип калк аралай баштаганымда, Арстанбектин ырларын, күүлөрүн көп жолу угууга туура келди. Алардын айрымдарын көкүрөгүмө түйүп да алдым. «Тар заманын» комузумдун коштоосунда ырдап да, кийин аны кара күү түрүндө чертип да жүрдүм. Күүлөрүнөн «Арман күүсү» менен «Зар заман шыңгырамасын» аткара баштадым. «Калк айтса калп айтпайт» дегендей, чынында эле Арстанбек калк айткандай, кадырлагандай төкмө, обончу, комузчу, санжырачы экен. Арстанбек жөнүндө айта берсе сөз көп. Бирок анын ырларын, күүлөрүн бир беткей баалап келе атабыз. Аны өзүң жакшы түшүнөсүң. А дейбиз, бу дейбиз тубаса шыкты канчалык көмүскөдө кармасак да, кези келгенде ал журтчулуктан өзүнүн баасын алат». Мына, эми Молдокем айткандай Арстанбектин чыгармачылыгы жөнүндө ак дилден айтууга, туура баа берүүгө кезек келди. Мен Арстанбектин күүлөрүн Самсаалынын, Ыбырайдын, Карамолдонун аткарууларынан уктум. Алгачкы жолу алар мага анча деле терең таасирлерди калтырбагансыды. Ал эми кайра-кайра кайталап укканымда алардан жандүйнөмдү дүрбөткөн өзгөчө обондуулукту, бөтөнчө кайрыктарды, баарынан оомалуу-төкмөлүү дүйнөдөгү турмуштун бир кырдуу, миң сырдуу ар кандай көрүнүштөрүнө күбөдөр болдум. Арийне, Самсаалы черткен «Ыр-күүдөн» күнүмдүк жашоонун айынан жапа чеккен адамдын арманын, «Кой бөлөөрүнөн» болсо бетегеси белден буралган жайлоонун келбетин, кылкылдап жайылган койлорду, жамбаштап жат-

www.bizdin.kg



кан койчулардын жандуу турпатын туямын. Ал эми Ыбырайдын аткаруусундагы «Кой бөлөөрүнөн» жайлоонун, жайылган койдун көрүнүшү не бир ажардуу кайрыктарда, айрыкча мукамдуулукта сыпатталат. Ыбырай Арстанбектин «Сен дүйнөсүн» бөтөнчө шыктануучулукта, бүтүндөй жандүйнөсүн берип черткен. Күүдө автордун дүйнөгө, жашоого, өмүргө болгон көз карашы, сүйүүсү, ой жүгүртүүсү, кумарлануусу албан кайрыктардын айдыңында сыпатталат. Күүдө угуучуну терең ойго батырган обондуулук үстөмдүк кылат. Элдик салттуу «Ботойлордун» үлгүсүндө чыгарган Арстанбектин «Ботою» да Ыбырайдын аткаруусунда көркөмдүүлүктүн өзгөчө бийиктигине көтөрүлгөн.

Ыбырай Арстанбектин күүлөрүнүн кайталангыс кайрыктарына өзгөчө ыкмаларды, штрихтерди, каражаттарды таап, айрыкча кооздукту, мукамдуулукту берип черткен Карамолдо да, Ыбырай да, Самсаалы да Арстанбектин күүлөрүн угуучуларга ой туудура өткөрө тереңдикте, бөтөнчө кенендикте аткарышкан.

Арстанбек Буйлаш уулу 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн Чычкан деген жеринде дүйнөдөн кайтат. Сөөгү болсо Жуукудагы Таш-Кыя бейитине коюлат. Ал аз жашаса да артына калк арасында жашай турган баалуу мурастарды калтырат. Алар эми гана окурмандардын, угуучулардын калың катмарына тартууланып, алуучу бааларын алып, руханий жандүйнөбүздүн кенчине айланууда.

www.bizdin.kg



*Адабий талдоо*

Болотбек
АКМАТОВ



# АЗЫРКЫ МЕЗГИЛ ЖАНА КЫРГЫЗ ПОВЕСТТЕРИ

## 2-макала:
## Азыркы мезгилдеги кыргыз повесттеринин көркөм наркын аныктоодо стилдин орду

Азыркы мезгилдеги повесттердин жанрдык чегин ажыратып, алар биринен бири кантип айырмалана тургандыгын аныктап алуу үчүн ошол жерде өзөк боло турган проблемалардын башкыларына, негиздүүлөрүнө токтолбосок, жанрды айырмалоого кошумча критерий катары кирген майда-барат нерселер ар бир жанрда кездеше бере тургандыктан айтылуучу ой татаалдашып, анализге алына турган түшүнүктөр өзүнүн эстетикалык дөөлөттөрүн «жоготуп» жибериши мүмкүн болуп турат. Ырас, бир караганда баары маанилүү сыяктуу көрүнө бергендиктен, алардын арасынан эң башкысын табуу, же мына ушул эң маанилүүсү деп айырмалап бөлүп чыгуу мага кыйынга турду. Акыры келип кыргыз повесттеринин жанрдык чегин ажыратуу бул жазуучунун турмуш чындыгына карата мамилеси, өзгөчө ошол чындыкты берүү ыкмасы, же тереңдештирип айтканда, турмуш чындыгын көркөм кабылдоо менен аны берүүдөгү чеберчилигине жараша боло тургандыгы байкалды.

Демек, турмушту көркөм кабылдоо менен аны көркөм бере билүү чеберчилиги акыры келип жазуучунун жеке өзүнө таандык болгон башкы сапатка – СТИЛГЕ келип такала тургандыгы ачыкка чыкты. Анткени биз ар бирибиз ар түрдүү формада таанып билген бул турмуштун чындыгы баарыбызга бирдей. Бирок ар бир чыгармачыл адам мына ошол турмуш чындыгына карата мамиле кылганда, б. а., турмуш чындыгын көркөм аңдаштырууга келгенде бири экинчисинен айырмаланып турууга тийиш. Ал эми адабият искусствонун бир түрү катары турмушту «өз алдынча көрө билүү» чеберчилигин эске алуу менен ар бир чыгарманын бийиктигин же пастыгын, тереңдигин же тайыздыгын, жекелигин жана жал-

www.bizdin.kg



пылыгын, ал тургай кайсы агымга кирип, адабиятты кайсы багытта өнүктүрө ала тургандыктарын баарын жалпылаштырып келип, жазуучунун турмушту аңдаштыра билүү касиетине такап кароону азыркы адабий сындан талап кылып тургандыгын сездик.

Ошондой эле повесть жанрынын ички айырмачылыктары да турмушка карата мамиле менен аныкталууга тийиш экендиги көрүнөт. Эгерде ар бир повесттин ички жана көркөмдүк касиети мына ушундай турмушту көркөм кабылдоо менен айырмалана турган болсо, анда повесть жанрында эмгектенген жазуучулардын тигил же бул агымга кире тургандыгы, тигил же бул жанрда эмгектене тургандыгы, повесть жанрынын тигил же бул жанрына өз салымын кошкону да дал ушул «турмушту көркөм аңдаштыруу» жана аны сыртка алып чыгуучу жеке баам-туюмга – стилге көз каранды болуп эсептелет. Тактап айтканда, азыркы мезгилдеги повесттердин бири-биринен болгон айырмасын, алардын көркөмдүк наркын, жазуучунун чеберчилигин аныктоо барып-келип кандайдыр бир жалпы касиет, же бардыгына бирдей коюлуучу талаптар менен аныкталышы керек болсо, ал жазуучунун чыгарманы жаратууда маанилүү кызмат кылган жеке МЕНин алып чыгуучу стилдин өзүнө байланышкан айрым ойлорду тактап алуу зарыл болуп турат.

Себеп дегенде «жазуучунун стили» десе эле кыргыздын адабиятчыларынын көпчүлүгү окурмандын акылы жете бербеген, аны аңдаштыруу үчүн ашыкча филологиялык билим керек деген сыяктуу пикирди жаратып келе жатышат. Эмнегедир окурман журт да «жазуучунун стилин» адабиятчылар аныктап түшүнө турган, ал эми аны жиктеп айырмалап түшүнүүгө өзүнүн кудурети жетпей тургандай кабылдашууда. Стилге карата мамиленин мындай болуп калышы биринчи кезекте түшүнүктүн өзү кыргыз адабият таануу илиминде толук такталып, маанисине жеткирилип бериле электиги менен туюндурулат. Ага кошумча совет мезгилинде коммунисттик идеология адабияттагы ар бир чыгармачыл аракетине, же турмушту көркөм аңдаштыруусуна толук эркиндик бербегендиктен улам, ар бир чыгармада болуп жаткан ички жана тышкы жаңылануударга сөзсүз түрдө «саясий мазмун берүү» аракетинен жаралган өзүнчө ыкма болуп калгандыгы байкалат.

Чынын айтканда, муну кыргыз адабият таануу илиминдеги гана кемчилдик катары кароого болбойт. Анткени мындай мамиле, жазуучунун чыгармачыл көз карашын чектөө ошол мезгилде СССРдин курамында турган азыркы КМШ өлкөлөрүнүн бардыгына мүнөздүү көрүнүш. Эгерде окурманым бул түшүнүктү тактап алгысы келсе, стиль маселеси совет мезгилинде күн тартибине коюп, бул түшүнүктүн маанисин чечмелеп, аткарган «кызматын» тактоо маселесине көптөгөн окумуштуулардын[1] изилдөөлөрүнө көңүл буруп, анан натыйжасында өзү текшерип алуусун сунуш кылаар элек.

Марксизм-ленинизмдин идеологиялык түшүнүктөрү «методологиялык» жактан ошол учурда изилдөөлөрдү канчалык кысымга албасын, алардын арасынан кызыктуу жана маанилүү изилдөөлөр жаралгандыгын эскертпей коюуга болбойт. Албетте, ал мезгилде айтылган ойлор «эскирди» деген күндө да, бүгүн бизди өзүнө тартып, кайрылтып турган маанилүү ойлор бар. Айрымдары стилдин номинативдүү түшүнүгүн тактоого, маанисин конкреттештирүүгө басым коюша, окумуштуулардын кээ бирлери өз эмгектеринде стилге аныктама берүүгө аракеттенишкен. Негизинен алар стилге мүнөздүү сапаттарды толугу менен эске алып, стиль бул көркөм чыгармадагы көптөгөн компоненттердин биримдиги, жыйындысы экендигин мүнөздөп берүүгө, ал ойлорун аргументтештирүүгө умтулушкан[2] .

Окумуштуулардын аталган эмгектерде айтылган көз караштарын түп орду менен танып коюуга болбойт. Бирок ал көз караштарды да турушу менен туура катары кабылдоо да талапка ылайык келбейт. Анткени аларда толук жана жеткиликтүү ой пикир, же тактаасын берилген аныктамалар жокко эсе. Ошол себептен азыркы кыргыз повесттери жөнүндө анализ кылууда аларга басым коюу, ал жерден айныгыс чындыкты издөө, илимий баа берүүгө карата эталон кылып алуу учурдун талаптарына туура келбейт. Бирок ошол мезгилдеги адабият таануу багытындагы ошол эмгектер кетирген кемчилдиктерди жоюу менен ар бир чыгарманы анализдөө, б. а., учур талабында турган адабий-эстети-

www.bizdin.kg



калык критерийлер менен кароо гана азыркы мезгилде жарык көргөн же кайталанып чыккан повесттерге туура баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзөөрү анык.

Көркөм чыгарманын чыныгы наркын издөөдө XX кылымдын экинчи жарымындагы теориялык адабияттарга эмне үчүн басым коюлуп жатканын баамчыл окурман өзү деле сезип турса керек. Биз азыр «азыркы мезгил» деп өзүнчө бөлүп талдоого аракеттенип жаткан учурда адабий процессти кыймылга келтирип, адабияттын «барасын» айландырып турган «улуу муундун» өкүлдөрүнүн чыгармачылыгынын калыптанган, ал тургай «такшалган» мезгили ошол доорго барып такалгандыктан, алардын кийинки жылдарда жазылган повесттерине калыс баа берүү аракети ошол мезгилдеги адабият таануу илиминин фундаменталдуу изилдөөлөрү менен айкалыштыра кароону талап кылып турат.

Маселен, XX кылымдын 90-жылдары жарык көргөн, улуу муундун калеминен жаралган повесттерге токтолсок, Т.Сыдыкбековдун «Өмүр тамыры» (1990), Ч.Айтматовдун «Аскада калган аңчынын ыйы» (2001), Ө.Даникеевдин «Кыздын сыры» (1997), З.Сооронбаеванын «Астра гүлү» (2006), А.Стамовдун «Кышында чардаган бакалар же кызыл гүл баяны» (2001), К.Жусубалиевдин «Муздак дубалдар» (1991), «Жети сөз жана Конфуций» (2003), Ж.Мавляновдун «Кайрымсыз жылдар» (1994), Ж.Саатовдун «Ак дил», (1990), Б.Сексенбаевдин «Август кечтери» (1990), Ш.Эсенгуловдун «Көч» (1991), К.Бердикеевдин «Капсалаң» (1995), «Чоң атамдын жомогу» (1998), Х.Бапаевдин «Көңүл дабасы» (1992), М.Мамазаированын «Жаңгак гүлү» (2007), К.Сыдыгалиевдин «Өлүп тирилген адам» (1998) ж. б. ушул сыяктуу повесттерди мына бүгүнкү күндүн талабы менен кароого болбойт. Анткени алар өткөн доордун «үнүн» чыгарып, өткөн доордун талабын, ошол мезгилдеги окурмандардын табитин эске алуу менен жазылган. Бирок аталган чыгармалар советтик доор кулап, Кыргызстанга эгемендүүлүк келгенден кийин жарыкка чыгып (кээси кайра басылып чыгып), азыркы мезгилдеги адабий процесске коюлуп, жаңы повесттер менен бирге асылдыктын «мөрөйүн» талашып, окурмандын баасына коюлуп жатканы талашсыз.

Бул жерде келтирилген повесттердин бир тобу мурда жарык көрүп, окурмандарга кайрадан сунуш кылынган чыгармалар экендигин адабият күйөрмандары билип турушса керек. Бирок эмне үчүн же кандай себептен улам кайрадан басылып чыккандыгын аныктаган киши жок. Ырас, адабий салтта бар, мурда жарык көргөн чыгармалар ушунчалык окумдуу болсо, же алгачкы нуска окурмандардын колуна жетпей калып, алар кайрадан сураса, андай чыгармалар бир эмес, бир нече басылыш менен чыга бере тургандыгы белгилүү көрүнүш. Эми суроо коюлат, мына бул жерде кайталанып басылып жаткан повесттер чынында эле доор алмашса да өз кудуретин жоготпой сактап кала берүүчү классикалык повесттерби?..

Аталган повесттердин баарын классика, ошондой эле колго алгыс чыгармалар деп кескин пикир чыгаруу туура болбойт. Алардын канчалык классикалык экендигин аныктоо үчүн көптөгөн критерийлер керек болсо да, биз бул жерде ошол критерийлердин өтө маанилүүсү – стилге байланыштырып кароо менен ар биринин өзүнө баа берүүнү туура көрүп отурам. Себеп дегенде мурдатан калыптанган көз караш боюнча «коомдун тигил же бул проблемасын көтөрүп чыккам, эмнегедир адабиятчылар аны көргүсү келбей жатат» деген пикирлер сөзсүз айтылышы мүмкүн. Ошондуктан повесттерге анализ жүргүзүүдө чыгарманын көркөмдүгүн аныктаган критерийлерге артыкчылык бериле тургандыгын, ал эми көтөргөн проблемасы кандай идеологиянын кызыкчылыгын көздөп жатканы эсепке алынбай тургандыгын эскерте кетейин.

Ар бир чыгарманын, ошол эле мезгилде жазуучунун жеке чыгармачыл стили жөнүндө кеп боло баштаганда, Ө.Даникеевдин «Кыздын сыры» (1997), З.Сооронбаеванын «Астра гүлү» (2006), А.Стамовдун «Кышында чардаган бакалар же кызыл гүл баяны» (2001), Ж.Мавляновдун «Кайрымсыз жылдар» (1994), Ж.Саатовдун «Ак дил» (1990), Б.Сексенбаевдин «Август кечтери» (1990), Ш.Эсенгуловдун «Көч» (1991), К.Бердикеевдин «Капсалаң» (1995), «Чоң атамдын жомогу» (1998), Х.Бапаевдин «Көңүл дабасы» (1992), М.Ма-

www.bizdin.kg



мазаированын «Жаңгак гүлү» (2007), К.Сыдыгалиевдин «Өлүп тирилген адам» (1998) сыяктуу повесттерден эч кандай жаңылык кездештирүүгө болбойт. Себеп дегенде бул повесттер совет мезгилинде кадыр-баркка ээ болуп, бир топ мактоо уккандары менен алар ошол мезгилдеги окуялардын мазмунуна «саясатташып» кеткени ачык байкалат.

Бул повесттердин көркөм-эстетикалык мазмунун «ачуу» үчүн XX кылымдын 70–80-жылдардагы адабий процессине барыш керек. Ошол мезгилди анализдеген адабият таануудагы илимий изилдөөлөргө байкоо салып караганда, кыргыз повесттерине талдоо жүргүзүү сүрөткердин жеке чыгармачыл стилине эмес, адабий процесстеги «тенденцияларга», айрыкча стилди повесттердин поэтикасын байланыштырып кароо аракети маанилүү орунду ээлегендигин көрөбүз. Тактап айтканда, кыргыз адабиятында 70–80-жылдардагы повесть жанрынын өнүгүш багытын, чыгармачыл өсүп-өнүгүү табиятын, сүрөткердин чыгармачылыктагы индивидуалдуу чеберчилигин аныктоочу поэтикага мүнөздүү компоненттер болуп эсептелинген сюжет, композиция, каарман, баяндоо, ал тургай конфликт маселелери да кандайдыр бир деңгээлде «идеологиялык алкакта» жалпылаштырылып, анан дал «саясий мазмунду» берүүгө келгендеги «жазуучунун чеберчилиги» стиль катары аныкталып келген.

Эгерде жогоруда аталган жазуучулардын повесттерин мына «ушул өңүттөн» караганда алар коомдогу «өтө маанилүү» проблемаларга кайрылганы, ошол кадимки «карапайым калк турмушун» кадыресе маанилүү кылып көтөрүп чыкканы менен «баалуу» болуп саналат. Анткени алар ушундай тарбия алып калышкан, партия колдогон темаларды жазып, партия актуалдуу деп эсептеген «турмуш чындыгы» менен «ойлонууга» көнүп калышкан, же алардын чыгармачыл позициясы коомчулук талап кылган «заказды» аткарууга барып такалат.

Ошондуктан алардын ар бирин өз алдынча эмес, «дүңүнөн» кароо маанилүү болуп турат, б. а., жогоруда келтирилген чыгармаларда жазуучунун өзүнө таандык жеке стиль башкы орунга көтөрүлбөйт. Атүгүл ойлоонун, көркөм баяндоонун системалуу «манерасы» аталган чыгармаларда окшош. Ырас, алардын ар бири советтик турмуштун ар түрдүү жактарын сүрөттөөдө бири-бири менен айырмаланып турганы менен жалпылаштырып келгенде, «советтик жашоо образды чагылдыруу» катары жазылгандыгын авторлордун өздөрү деле жокко чыгара коюшпастыр. Ал эми азыр заман жаңыргандыгын, бүгүнкү окурман жаңы муундун өкүлү экендигин, сырттагы заман капитализм, анда бардык жерде конкуренция боло тургандыгын, ал адабий процесстеги конкуренцияны талап кылып жатканын, ошондуктан жазуучу бир мезгилде калыптанып калган, бирок өзү аны жаңылай албай жатканын эсепке албастан, «окурмандын табитин бузуп жатышат» деп, кимдир бирөөнү күнөөлөп, жарым кылым мурда эскирип калган чыгармалары менен кайрадан кадыр-баркын жогорулатууга карата кылган аракеттери суу кечпей кала тургандыгын сезбегендиги өкүндүрөт.

Бул сөздөр улуу муундагы жазуучуларга карата жөн эле коюлган доомат катары көрүнүшү мүмкүн. Эми чындыкты аныктоого аракеттенип көрөлү. XX кылымдын 70–80-жылдары, жогоруда аталган жазуучулардын бир тобу колуна калем алып адабий процесске жаңы келген мезгил. Мисалы, Ө.Даникеевдин «Кыздын сыры», А.Стамовдун «Чүй бояны», «Нөшөрдөн кийин» ж. б. кыргыз повесттери өз мезгилинде адабий процесске өзгөчө таланттуу жаш муундардын келишин, жаңы темалардын пайда болушун, маанилүү проблемалардын көтөрүлүшүн жана алардын туундусунан жаңы багыттардын жаралышын ынанымдуу көрсөтө алышкан. Ал эми анын себептерин изилдей келгенде адабий процесстеги мындай жаңылануунун жаралуусу биринчи кезекте ошол доор менен терең байланышкан мүнөздүү белгилерге, оригиналдуу өзгөчөлүктөргө ээ өз замандаштарынын кызыкчылыктарын канааттандыра алган повесттердин жарыкка чыгышы менен түшүндүрүлө тургандыгын авторлордун өзү да жокко чыгарбаса керек.

Чынын айтканда, азыркы мезгил менен өткөн кылымдын 70–80-жылдардагы адабий процессти бирдей критерий менен кароого болбойт. Анда кыргыз повесттери партиялык

www.bizdin.kg



талаптарды аткаруу менен «өз замандашынын» образын «түзүүгө» карата болгон «күчүн жумшап», натыйжада адабияттын алдыңкы сабына суурулуп «чыгып», өзүнчө бир көзгө толумдуу ийгиликтерди жаратып, чыгармачылык өнүгүштүн алдыңкы чегине бараткан, б. а., ал мезгилдеги кыргыз повесттери кадимки күндөлүк тиричиликтен, жөнөкөй күнүмдүк турмушту сүрөттөөдө жаңыча стилдик ыкмаларды таап, колдонуп, улам мезгилдин өтүшү менен эскирилип бараткан «оң жана терске» карата коюлган критерийлердин белгилүү чен-өлчөмдөрүн жаңылап «көчтүн башына» суурулуп чыга алышкан эле. Кыргыз повесттеринин мындай ийгиликтери сүрөткердин формалык жана мазмундук багытта изденүүлөрүнө байланыштуу түшүндүрүлүп келген. Тактап айтканда, жогоруда аталган жазуучулардын мууну өткөн кылымдын 70–80-жылдары повесть жазышкан кыргыз жазуучулары чыгарманын поэтикалык өркүндөшүнө өзгөчө көңүл буруп, анда сүрөткердин жеке чыгармачыл аракетине – автордун «мендик образынын» ачылышына тереңдеп басым коюп, баяндоонун жана образ жаратуунун өздүк чеберчилигин көрсөтүүгө умтулуп, ар кимиси өз алдынчалык сапатын көрсөтүүгө батыл киришкен. Анын натыйжасында повесть жанрында мурда традицияга айланган, аталган жанрдын поэтикасына түздөн-түз катышы бар, турмушту көркөм берүүнүн стилдик ыкмаларын жаңыланган, тиричиликтин күнүмдүк агымында турган маселелерди адамдын ички өнүгүүсүнө айкалыштырылган, жан дүйнөсүндөгү ошол кырдаалдарга басым коюлуп, нравалык, адеп-ахлактык ж. б. каармандын ички-тышкы аракеттерине көркөм-психологиялык анализ жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Бирок азыр адабий чыгармага карата окурмандын көз карашы башка. Ошол себептен бир мезгилде жетишилген улуу муундун бийиктиги азыркы окурмандын кызыкчылыгын канааттандыра албай жатат. Ал эми бир мезгилде жараткан чыгармаларынын көркөм-эстетикалык наркы менен азыркы окурмандын адабий-көркөм чыгармага карата керектөөсүнүн ортосунда кескин айырмачылык болгондуктан көпчүлүк окурмандар кайталап басылган чыгармаларды окубай коюп жатышканы мыйзамченемдүү көрүнүш. Анткени азыркы окурман бүгүнкү замандашынын көркөм образын көргүсү келип, бир мезгилде коомдук эмгек, анын кызыкчылыгы менен жашаган, кайдагы бир утопияга азгырылып, күндөлүк турмуштан алыс калган, жеке кызыкчылыктарын «жоготуп» койгон ишенимсиз каармандардан жийиркенип турганы талашсыз чындык. Демек, бүгүнкү окурмандын табитин сындап, бир мезгилде жазылган повесттерин кайталап чыгаруудан мурда, азыркы окурманга керек, бүгүнкү замандын каарманын жаратуу керек эле…

Бул эмнени көрсөтүп турат? Бул азыркы мезгилде кыргыз повесттеринде стиль багытындагы аракеттер жаңылануу керек экендигин купуя сездирип турат. Ал ар бир жазуучунун жеке аңдаштыруусу менен аныкталууга тийиш болсо да, повесть жанрынын чегинде көркөм иликтөө чеберчилигин арттырууга, ошону менен катар өнүгүүнүн традициясында турган мурдагы көркөм бийиктиктердин чегин өркүндөтүү аркылуу интеллектуализмди тереңдетүүгө, адам аң-сезиминин көп кырдуу катмарын пайдаланып, пендечилик психологиясын ар тараптуу ачууга, жашоо-тиричиликтин эмпирикалык материалдарынын негизинде жалпы адамзаттык проблеманы айтууга, дегинкиси, чакан жанр менен терең жана ар тараптуу маселедеги мазмунду берүүгө умтулуусу керек экендигин көрсөтүүдө.

Эгерде тереңирээк аңдаштырууга аракеттенсек, азыркы мезгилде көркөм-адабий дүйнө кабылдоо бир топ татаалдашканын, кыйла тереңдегендигин, повесть жанрында эмгектенүү стили да бир топ «эркиндикке» ээ болгондугун, ал көбүнесе бул жаңы муундун келиши, алар менен кошо көркөм чыгармага карата жаңыланган адабий-эстетикалык кызыкчылыктардын келиши менен түшүндүрүлүүгө тийиш. Коомчулуктун керектөөсү тарабынан коюлуп жаткан мындай талаптар адабиятка келген жаш талапкерлерди гана ичине албастан, азыр биз кеп кылып жаткан улуу муунга таандык экендигин танууга болбойт. Анткени замандын алмашуусу ага карата коомдук-социалдык талаптардын жаңылануусу, ага кыргыздардын улуттук «кайра жаралуусунун» кошулушу кандайдыр бир өлчөмдө азыркы кыргыз повесттерине жаңычыл дүйнө кабылдоо керек экендигин

www.bizdin.kg



көрсөтүүдө. «Жаңы каармандарды» жаратып, «жаңы адамдар» өз ара «жаңыча» мамилени түзүшүп, ал мамилелер белгилүү бир деңгээлде жаңы тематикалардын адабиятта көтөрүлүп чыгышы керек болуп турган маалда улуу муундагы жазуучулардын минтип, качандыр бир мезгилде жазылган чыгармаларын кайталап чыгарып, окурмандарга сунуш кылуусу адабий процессте жаңычыл стилге ээ чыгармачылыктын тез аралашуусуна тоскоол болушууда.

Ал эми мындай көрүнүш азыркы учурда эле боло калган жок. Жалпысынан алганда мындай «жаңы темалар» өз мезгилинде бардык сүрөткерлердин көркөм чыгармачылыкка карата жаңыча мамилесин талап кылган учур бардык мезгилде болуп келген. Өз мезгилинде ага туура мамиле кылуу, б. а., «эски формада» калыптанып калган адабий өнөргө жаңы ыкмаларды киргизүүгө аракет кылуу менен көркөм өнүгүшкө стилдик жаңыланууларды, жанрдын синтетикаланышын берүү аракети болмоюн ал жерде жаңычылдык жаралбай турганы мыйзамченемдүү көрүнүш экендигин улуу муундагылар эсепке албагандай. Мындай, ойлоонун «эски» калыптанган формаларына ыктоо көрүнүшү эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында басымдуу орунду ээлегендиктен, кыргыз повесттеринде турмушту «көркөм аңдаштыруу стили» ошол эски бойдон кала берген.

Чынында жогоруда келтирилген повесттердин ичинен Т.Сыдыкбековдун «Өмүр тамыры» чыгармалар жыйнагына кирген «Теңир менен сүйлөшүү», «Акмурут Үмөтөй багбанга кездешүү», «Өмүр тамыры», «Кудук», Ч.Айтматовдун (М.Шаханов менен бирге жазган) «Аскада калган аңчынын ыйы» повесттерди турмушту көркөм аңдаштыруу багытында стилдик жактан айрым жаңылануулар бар экендиги байкалат. Бул эки жазуучунун кандайдыр бир деңгээлде советтик көркөм ойлоодон сыртка чыга баштагандыгын туюндуруу менен адабий чыгармачылык саясаттан алыстай баштагандыгын билдирип турат.

Бирок аларда канчалык изденүү бар болсо да, аталган повесттерде ойду берүү, окурманга зарыл болгон адеп-ахлактык түшүнүктөрдү жеткирүү ыкмалары баары совет мезгилиндеги нугу менен кала бергендигин жокко чыгара албайбыз. Азыркы учурда повесттердин да башкы кемчилдиги мына ушул жерде ачык байкалат, б. а., советтик адабиятка мүнөздүү болгон көрүнүш жазуучунун чыныгы чеберчилигин реалдуу турмуштук окуяларды берүү «методологиялык» жактан чектелген көркөм ойлоонун канонунда кала бергендиги болчу. Ал эми дүйнөлүк адабий тажрыйбалар көрсөткөндөй, повесттер белгилүү бир улуттук адабиятка таандык болгондуктан, ошол улуттун көркөм ойлоосу менен көркөм кабылдоосундагы улуттук өзгөчөлүктөрдү алып жүрүүсү керек экендигин эми сезип отурабыз.

Бул жерде айтылган ойлордун повест жанрына, андагы жазуучунун дүйнөнү көркөм кабылдаган стилдик чеберчилигине кандай тиешеси бар деши мүмкүн болуп турат. Ага түшүнүк берүү үчүн мында айрым бир ойлорго токтоло кетүү зарыл болууда. Стилди көркөм чыгарманы уюштуруучу компоненттердин «биримдиги» катары карасак, анда ар бир чыгармада автордун «МЕНи» ачыкка чыга турган толук жеткиликтүү «жүзүн» көрсөтө ала турган компоненттер керек экендиги, өзгөчө ошол компоненттер бир гана ошол жазуучуга таандык «белгилерден» турушу маанилүү экендиги жөнүндө сөз кылуу зарылдыгы көрүнөт. Демек, жазуучунун белгилүү бир повесттеги стилин көркөм чыгарманын компоненттери менен элементтеринин жөн гана биримдиги катары кароо маселенин толук маңызын ачып бере албайт.

Эгерде жазуучунун конкреттүү повесттеги стилин анын «жаралышына» шарт түзгөн элементтер менен компоненттердин биримдиги деп карасак, анда ал өзгөчө мааниге ээ түшүнүктүн тереңдетилген бөтөнчө «идеялык» мазмунун камтыган касиетке ээ экендигин эсепке алышыбыз керек. Тактап айтканда, стиль көркөм чыгармачылыктагы өзүнчө «автономдуу» кубулуш катары адабий процессте өз алдынча жашабаса да, ал чыгарманын «ичинде» автордун жүзүн көрсөтүп турат. Мына ушул жерге келгенде кайталанып басылган, же жогоруда аты аталган повесттердин стили көркөм чыгарманын «ичинде» «саясий мазмунга ээ сюжетке көз каранды болуп келгендиги менен азыркы учурдагы повесттерден айырмаланып, көркөм ойлоонун көндүм ыктары менен чектелип калган-

www.bizdin.kg



дыгына басым койбой коюуга болбойт. Ырас, алардын кээ бирлеринде жаңылануунун издери сыяктуу айрым бир көрүнүштөр бар, бирок аларды бөлүктөргө бөлүп, анан бирөөнү жаңылык деп өз алдынча бөлүп кароого мүмкүн эмес.

Ырас, адабий талдоолордо буга чейин андай көрүнүштөр болгон, бирок жазуучунун конкреттүү повестинде аны стилдик чеберчилиги катары кароо бир беткейлик, көркөм чыгарманын бардык компоненттерине «тамырын жайган» көркөм аңдаштырыусун чектегендик экендиги байкалат. Ошондуктан аталган повесттердин ар биринде өз «изин» калтырып, экинчисинде жашабай турган «белгилерди» издөө эмес, көркөм чыгармадагы ар башка категориялар менен тыгыз байланышта туруп, өздөрүнүн «ордун» так-таасын көрсөтүп турган, жазуучунун көркөм ой жүгүртүү стилин конкреттүү орунга ээ кылып ала чыккан, мазмун менен форманын катышындагы компоненттеринин жалпы жыйындысынын туундуларынан сызылып чыгып, бир бүтүн касиетке ээ болуу менен «көзгө көрүнгөн» артыкчылыктарды издегенде жогоруда аталган повесттерден азыркы мезгилге туура келүүчү артыкчылык мазмундан да, формадан да көрүнө бербейт.

Ошол «көзгө көрүнбөгөн» бардык компоненттер жана элементтер аркылуу чагылган стилдин «кармалбаган» өзгөчөлүгүн ар бир повесттен аныктоого аракет кылганыбызда көпчүлүк повесттердин поэтикасы Гегелдин аныктамасы боюнча алганда көркөм чыгармачылыктагы, эстетикалык толук маанисинен алганда өз алдынчалык (своеобразия) катары көрүнүүчү[3] жазуучунун жүзүн ачып бере албай калган. Ал «өз алдынчалык» белгилүү бир сүрөткердин көркөм бийиктиктерин, ири жетишкендиктерин айкындоого мүмкүнчүлүк түзө тургандыгын эсепке алсак, аталган повесттердин поэтикасында көзгө толумдуу, азыркы окурманды суктандыра, же тамшандыра турган биздин маселеге тиешелүү тигил же бул жазуучунун чеберчилиги көрүнбөйт.

Эски доордон кайталанып басылып келген повесттер менен көркөм ойлоонун ошол «нугу» менен жазылган повесттер азыркы окурмандын жандүйнө же рухий керектөөсүн «караштырууда» маанилүү роль ойной алган эмес. Ойду тереңдетсек, жогоруда келтирилген, повесть деп аталган чыгармаларда ар бир конкреттүү «тематикада» жазылганы менен азыркы «жаңы» керектүү эмне маселени көркөм талдагандыгы ачыкка чыкпай отурат. Тактап айтканда, аталган повесттерде көркөм чыгарманын темасына, идеясына, образдарына, сюжетине байланышып тарамдашкан проблемаларды индивидуалдуулукка айкалыштыруу менен системалуу жалпылаштыруу «техникасы» жетиштүү болгону менен ал чыгармаларды окуп, азыркы окурман өзүнө таандык жеке «проблемаларын» чече ача албай тургандыгы даана көрүнөт.

Ошондой эле аталган повесттер жөнүндө кеп кылганда, жазуучунун турмушту көркөм кабылдоо стили азыркы мезгил менен канчалык шайкеш келе тургандыгын да эсепке алуу зарыл болуп турат, б. а., чыгармада көркөм чеберчиликти аныктоо компоненттери катары көрүнгөн жанрдык өзгөчөлүгүнөн тартып, жазуучунун тилдик каражаттарына чейинки чыгармачылыктын түркүн элементтерин кучагына алган кандайдыр бир форманын бөтөнчөлүгү жаңыланбагандыгына токтолбой кетүүгө болбойт. Ушул эле жерден ар бир жазуучунун стилдик чеберчилигин чыгарманын көркөмдүк наркын аныктоочу поэтикалык каражат катарында кең жана тар мааниси бар экендигин учкай белгилей кетели. Жазуучунун стилдик чеберчилиги тар маанисинде көркөм чыгарманын формасына гана тиешелүү түшүнүк катары мүнөздөлүп, өзгөчө формалык сапатты айкындоочу тилдик каражаттарды колдонуунун бөтөнчөлүгү сымал изилдеген, ушул багыттагы көз карашты да илимий жактан далилдөө аракеттери менен коштолуп келет. Сүрөткердин стилин мындай багытта караган окумуштуулар чыгарманын поэтикасын анализдөөдө бир тараптуулукка – кептин ордун жана ролун, касиетин анализдөө менен чектелип жүрүшөт[4].

Ал эми жазуучунун стилин кең маанисинде талдоо мындай формалык бир тараптуулукка жол бербей мазмун менен айкалыштыра кароого, көркөм чыгарманы анализдөөдө мазмун менен форманын ажырагыс биримдигинен түзүлгөн деген окумуштуулардын ой-пикирине барып такалат[5].

www.bizdin.kg



Кийинки мезгилдерде жазуучунун стилине байланышкан проблеманы чыгарманын формасына таандык кубулуштар менен тыгыз байланышта изилденип жүргөндөрүнө карабастан, аны мазмундан такыр бөлүп коюуга болбойт. Совет мезгилинде жазуучунун стилин көптөгөн окумуштуулар өз көз караштарында чыгарманын поэтикасына байланыштуу изилдеген. Себеби ал мезгилде кандай чыгарма болбосун мазмуну «советтик идеологиянын» чеги менен каралууга тийиш болгондуктан, анын белгилүү бир «тамырларын» мазмунга байлашканы менен аны чыгарманын формасынан издөөгө аракеттенишкен. Негизинен жазуучунун стилдик чеберчилиги көркөм чыгарманын жалпы мазмунуна айкалыштыра келгенде гана ачык көрүнө тургандыгы, ошондуктан стилди бир эле мезгилде поэтикага байланыштыруу менен аны адабий процесстин алкагында кароо, анан жазуучулук индивидуализмге келүү окурман менен жазуучунун чыгармачыл байланышын туура аныктоого мүмкүнчүлүк түзүп турат.

Өз мезгилинде В.Г.Белинский: «Повесть распавшийся на части, на тысяча частей; роман, глава вырванная из романа. Краткая и быстрая, легкая и глубокая вместе, она перелетает с предмета на предмет, дробит жизнь на мелочам и вырывает листки из великой книги этой жизни. Соедините это листки под один переплет – какая обширная книга, какой огромный роман, какая многосложная поэма составилась бы из них»[6] – деп повесть жанрынын универсалдуулугун көрсөткөн болсо, азыркы улуу муундун повесттерине мына ушул универсалдуулук жетишсиз болуп жатканы байкалат. Алар такшалган жазуучулар болгондуктан, колуна калем кармаган жаш талапкерлерден айырмаланып, кызыктуу, өз күчүн көрсөтө, ошондой эле жаңы заманга ылайык чыгармачылык почеркин табууга карата «эркин» иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүү аракеттери байкалбайт. Бул ойду далилдегендей, аталган мезгилде повесть жанрында активдүү эмгектенген А.Стамов, К.Акматов, К.Жусупов, К.Жусубалиев, М.Мураталиев, Ө.Даникеев, М.Абакиров ж.б. повесттеринде, негизинен, кыска мезгилди өздөрү жашаган доордогу кырк жылга чейинки убакытты сүрөттөөгө өзгөчө басым коюшкан да, айрым учурда гана «чектен» чыгып кетишпесе, көпчүлүк учурда ошол мезгилдеги көп кырдуулукту көрсөтүүгө ар кимиси андан өз калемине таандык индивидуалдуу касиетти табууга абдан маани беришкендиги менен чектелишкен.

Ар бир жазуучунун повесть жанрына таандык ар тараптуулукту өздөштүрүүсү дүйнөлүк адабияттагы аталган жанрдын салттарына кылдат анализ жасап, өз боюна сиңирүүсү, кыргыз адабиятында буга чейин жаралган повесть деги эле кыргыз прозасындагы көркөм туундуларды нарк-насилине карап мамиле кылуусу алардын ар кимисинин өз алдынча мамилесин жаратып, ал жанрдын «көп түстүүлүгүн» шарттоо менен ошол жазуучулардын стилинин калыптанышына өбөлгө берген, стилдик чеберчилигин арттырган десек, ал К.Жусубалиевдин повесттеринде ачык байкалат. Башкача айтканда, повесть жанрынын ички «эркиндиги ар бир сүрөткердин» өзү жашаган жашоо-тиричиликке, доорго мүнөздүү реалдуулукка, болмуштун өзүнө, жеке өзүнө таандык байкоо-туюм менен кароого негиз түзүп, ал чыгарма үчүн өтө зарыл орунда турган адам мүнөздөрүн, ошондой эле көркөм аңдаштыруу үчүн жогорку даражада турган ар кыл турмуштук кырдаалдарга айкалыштырып өз стилин берүүгө мүмкүнчүлүк арткан. Андай стилдик форманы ачууда К.Жусубалиев өзү терең билген тематикага кайрылып, аны эң бийик деңгээлине чейин жеткирүүгө аракеттенген. Ошондуктан анын повесттеринде көбүнесе сүрөткердин башынан өткөн, же ал көп нерсе айтууга мүмкүнчүлүгү бар турмуштук этаптарга басым койгон. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, жазуучу балалык күндөрү өткөн каардуу согуштун айрым оор күндөрүнө, анын көп кырдуу азап-тозокторуна, андан берки «жай турмуштун» көзгө даана көрүнүүчү окуялары чагылат.

Пендечилик турмуштун ийгиликтерине шыктанган, кайгысына таасирленген пенденин коомдук турмушка аралашуусу, активдүүлүгү, анан барып-келип социалисттик жашоо образды чагылдырууга умтулган эмгек адамынын «карапайым» келбетинин көркөм иштелиши ж.б. К.Жусубалиевдин чыгармаларында ар кандай тематиканын өзөгүн түзүп,

ал повесть жанрында активдүү автордук позицияга ээ болгон өз мезгилинин чыгармачыл чыңалууга ээ интеллектисин издөөгө өбөлгө болгон. Анткени бул мезгилде социалдык окуялардын борборунда адамдын коомдогу орду, ошондой эле адам менен коомдун өз ара мамилеси жаңыча көркөм иликтелишинин натыйжасында көрүнгөн моралдык-нравалык проблемалар, инсандык турмуш жолундагы татаалдык бул жазуучуда өзүнчө мамиле кылуу менен көрсөтүлгөн...

Жогоруда аталган жазуучулар XX кылымдын 70–80-жылдары повесть жазууга активдүү киришип, образ түзүүнүн, сюжет куруунун, баяндоонун ж.б. компоненттердин жеке өзүнө таандык чеберчиликтерин таап, стилдик багытта ар кимиси өзүнүн «микрочөйрөсүн» калыптандырып калган болсо, азыр деле алар ошол чөйрөдөн чыга албагандыгы ачык көрүнөт. Тактап айтканда, «микрочөйрөнүн» тереңдеши ар бир жазуучунун повесть жазууда индивидуалдуу аракеттери адам мүнөзүн, көп кырдуу адам психологиясын өздөштүрүүлөрү, реалдуу болмуштан көркөм чындык түзүүдө көркөм-эстетикалык багытта изденүүлөрү, ар кандай тематикада жазууга болгон дилгирлиги совет мезгилиндеги «критерийлерге» «байланган боюнча кала бергендиги өкүндүрөт.

Азыркы турмуштук «тематикаларга» сүңгүп кирүү, коомчулук үчүн өтө маанилүү проблемаларга өз алдынча чыгармачылык менен мамиле кылуусу улуу муундагы жазуучулардын ар кимисинде чектелген бойдон турат. Азыркы талаптарды эске алуу менен «турмушту көркөм аңдаштырууда» стилдик багытта жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө «умтулуу», өзүнүн керт башына таандык аталган «микрочөйрөдөн» туруп, турмушту, өз мезгилинин жашоо образын сүрөттөөнүн аналитикалык өзгөчөлүгүн турмуштук билимине айкалыштырып, ар чыгармада өз «почеркин» ачуу максаты эмнегедир азыр жоктой. Улуу муундагы жазуучулардын мына ушул стилдик «почерктин» бирин экинчисине салыштырганда повесть жанрынын поэтикасына карата ар бир жазуучунун мамилеси гана көрүнбөстөн, чыгармачылыктын өзөгү менен түздөн-түз байланышкан стилдин адабий процесстеги орду, адабияттын этаптык өнүгүшүнө мүнөздүү көп түрдүүлүгү ачылууга тийиш десек, анда алар мурда калыптанып калган эски, көркөм аңдаштыруулары менен кала бергендиги даана көрүнөт.

Адабий процессте улуу муундагы ар бир жазуучунун повесть жазуудагы стилдик чеберчилигин, ал аркылуу адабий өнүгүшкө кошкон салымын айкындоо үчүн ар кимиси өзүн «тоо катары» элестете алган чыгармачыл стилдерин повесть жанрынын табиятынан «көрүү», типологиялык планда кыргыз повесттеринин өзүнө «таандык мамилелер» аркылуу изилдөө, аларга туура баа берүү – азыркы көркөм ойлоонун талаптары менен салыштырып анализдөө зарылдыгы турат. Айтканга оңой болгону менен учурдагы кыргыз повесттериндеги ар бир жазуучунун жеке чеберчилигинен тартып, аларды «бириктирип» жанрдын поэтикасына таандык чыгармачыл стилдерди типологиялык планда изилдөө аркылуу илимий бийиктиктен ачып берүү аракети – адабий-теориялык принциптердин ынанымдуу жана бекем болушун талап кылууда. Көптөгөн окумуштуулар буга чейин эле айкындап чыккандай ал биринчи кезекте бул маселе чыгармачыл стилдин көп түрдүүлүгү менен ар тараптуулугуна байланыштуу түшүндүрүлсө,  экинчиден, чыгарманын поэтикасына тикелей катышы бар мындай көп тармактуулукка ээ болуу касиети ошол көп тараптуулуктун бардык тарап белгисин ичине алган, теориялык жактан негиздеген типологиялык принципти коюп алуу зарылдыгын көрсөтүүдө.

Андай так, таасын иштелип чыккан принциптерди алып чыгуу үчүн жазуучунун чеберчилигиндеги стиль түшүнүгүнүн өзгөчө орунда турган эстетикалык табиятынын татаалдыгы биринчи кезекте оорчулук түзбөй койбойт. Эгерде ушул чен-өлчөм менен караганда адабияттагы стиль өтө татаалдашып кетти. Анткени бүгүнкү күндө стилдин толук аракети философиялык көп тараптуулукка өтүп, ал эми өзү эстетикалык категория катары каралууга тийиш болгондуктан, анын мааниси дагы тереңдеди. Өзгөчө мында стилди ажыратуучу (стилеразличительный) факторлордун абстракттуулугу жана көп түстүүлүгү маанилүү роль ойноп келет. Ошондуктан, П.Палиевский: «… художественные чутье опыт

www.bizdin.kg



показывает нам, что стили находятся где-то на поверхности, во внешней оболочке и тут организуется в разные слои, с другой стороны логика готова их расклассификацировать и разобрать причины их взаимоотношения. Но здесь немедленно возникает трудность… Стиль когда его начинает изучать, нередко оказывается уже не стилем, а чем-то другим, отступает вглубь, становится какой ни будь частью внутренный структуры «анализ» хватается поминутно не за то, что ищет»[7] – деп «ички сырын» бөлүшүп тургандай.

Чынында, чыгармада жазуучулук стилдин көп грандуу табияты, анын көркөм чыгарманын «бардык жеринде кездешүүсү» ошол эле мезгилде «көзгө көрүнө бербестиги» айрым индивидуалдуу стилдердин жалпы өзгөчөлүгүн жана кайталангыстыгын аягына чейин айкындоого мүмкүнчүлүк бербей келе жатканы белгилүү. Ошондой эле бул адабий процессте жазуучулук стилдин «кыймылдуулугу» жана аны стилдик агымдар менен багыттардын «байланышта карап» жиберүү жеке жазуучуда калыптанган стилди аныктоо үчүн белгилүү бир деңгээлде оорчулук түзүүдө. Мындай көрүнүш кыргыздын улуу муундагы жазуучуларынын повесттеринде, алардын ар бирине «таандык» поэтикасында ачык сезилип турат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабиятынын улуу муундагы жазуучуларынын повесттеринин стилдик сапатына токтолуу, кыймылдуулугун айырмалап берүү, изденгич кандайдыр бир жазуучунун повесттеринин ички өнүгүүсүнөн сырткары чыгып, жалпы повесттердин өнүгүшүнүн кыймыл-аракетин жөндөп туруучу касиетке да айланып кеткендигин типологиялык планда изилдөө учурда оорчулук түзгөнү менен кийинки повесттерди талдоо ишинин аткарылышына зарыл болгон критерийлерди көрсөткөн мыйзамченемдүү кубулуш экендигин айкындайт. Ошондуктан, мында жазуучунун стилинин доминанттуулугун түзүүчү айрым индивидуалдык касиеттер менен жалпы тенденцияларды, повесть жанрынын чегинде жалпы каралып, стилдин өнүгүш багытын, өсүш чеберчиликтерин гана айкындоого мүмкүнчүлүк түзбөстөн, аталган жанрдык поэтикасын, ага таандык айрым компоненттик элементтердин жалпылыктарын тактоого, ал аркылуу көркөм өнүгүштүн чегин конкреттүү көрсөтүүгө да маанилүү роль ойнойт деп эсептейбиз.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


[1] Теория литературы. Основные проблемы в историческом освещении. Стиль произведение, литературные развитие. Т.3.– Москва, 1956; *Эльсберг Я.* Спорные вопросы изучения стиля. Вопросы литературы, 1966, №2, стр.111; *Эльсберг Я.* Изменение действительности и развитие стилей советской прозы. – В кн: Проблемы художественной формы социалистического реализма. – Москва, т.I, 1971, стр.171; *Эльяшевич А.* Единство метода. Многообразие стилей. //Звезда, 1967, №3, стр.203; *Буров.* Что такое стиль. //Вопросы литературы, 1962, №11, стр.84; *Новиченко Л.А.* О многообразии художественных форм и стилей в литературе соц.реализма. – Москва, 1959; *Тимофеев Л.И.* Советская литература: Художественный метод, стиль, поэтика. – Москва, 1964; *Чечерин А.В.* Идея и стиль. – Москва, 1965.

[2] *Зарев П.* Стиль и личность художника. //Вопросы литературы, 1960, №12, стр.88; *Днепров В.* Проблема реализма. – Ленинград, 1961, стр. 302.

[3] *Гегель Ф.* Эстетика. т.I. – Москва, 1968, стр.804.

[4] *Пустовой Н.* Слова. Стиль. Образ. – Москва, 1964; *Григороян А.* Проблемы художественного стиля. – Ереван, 1966.

[5] *Ковалев В.* Многообразие стилей в советской литературе. – Москва, – Ленинград, 1965; *Соколов А.* Теория стиля. – Москва, 1968, №9; *Новиченко Л.* Стиль-метод-жизнь. //Вопросы литературы, 1969, №9; *Дудучава М.* К вопросу в сущности художественного стиля. – Тбилиси, 1969; *Поспелов Г.* Проблемы литературного стиля. – Москва, 1970.

[6] *Белинский В.Г.* Собрание сочинений. В 3-х томах.т.1. – Москва, 1948, стр.112–113.

[7] *Палиевский П.* Постановка проблемы стиля. – Теория литературы. т.3 – Москва, 1965, стр.3.

www.bizdin.kg



*Публицистика*



Советбек
БАЙГАЗИЕВ

# УЛУТ КЕЛЕЧЕГИ КОРКУНУЧТА! ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

## I. Бүгүнкү адеп-ахлак кризиси же коомго таалим-тарбия стратегиясынын зарылдыгы

Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин, республиканын мектептеринин таалим-тарбия боюнча жүргүзүп жаткан иштеринде айтарлык жакшы жөрөлгөлөр аз эмес. Бирок коомдогу тарбия маселеси жалгыз эле министрлик менен мектептин ишиби? Биз бул жерде адегенде мамлекетибиздин ичиндеги тарбия маселесине байланышкан көйгөйлүү жагдайларга токтололу жана чечилүүгө тийиш болгон проблемалар боюнча өзүбүздүн ойлорубузду, сунуштарыбызды ортого салалы.

### «Кыргыз болгум келбейт, француз болгум келет» же биздин коомдун педагогикасы баланы кайда жетелейт?

Билим берүүнүн тарыхчылары педагогика деген аталыш гректин байыркы «пайдес» – *балдар* жана «аго» – *жетелөө* деген сөздөрүнөн келип чыккан деп чечмелешет. «Пайдагогос» – түп маанисин которгондо орусчасы – «детоводитель», кыргызчасы «Баланы жетелөөчү», «Баланы алып баруучу» болуп чыгат. Андай болсо логиканы улап айтсак, бүгүнкү биздин эгемендүү коомубуздун педагогикасы, таалим-тарбиясы баланы каякка жетелейт, кай тарапка, кай багыт менен алып бара жатат? Эске түшүрүп көрөлүчү. 2006-жылы апрель айындагы кыргыз телеберүүсүнөн тартууланган бир көрсөтүүдө 5–6 кыргыз улутундагы өспүрүмгө: «Эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болор элең?» деген суроо берилгендиги, берилген ушул суроолорго окуучулардын биринин артынан бири: «Француз болгум келет, орус болууну каалайм, немис болгум келет, англичан болгум келет» – деп жооп беришкендиги, бул жооптор бүткүл педагогикалык коомчулукту кабатыр кылгандыгы эсиңиздерде тургандыр. Бул жооптор коомубуздун тереңинде, түп жактан түйүлдүк алып, акырындап куралып келе жаткан бир социалдык жаман илдеттин жышанасы эмеспи.

Өзүнүн улуттук тарыхый тамырын тааныбаган, өзүнүн бир боор улутуна таандык болгондугу менен сыймыктана албаган бул өспүрүм балдарды бир жагынан күнөөлөп болбойт. Күнөө

www.bizdin.kg



бул жерде ошол балдарды кичинекейинен жетелеп «тарбиялап» келе жаткан чоңдордо, жеткинчектердин акыл-эсинде тарыхый эстутумду, өз учурунда жаратып түзө албаган, алардын жандүйнөсүнө патриоттук, атуулдук-граждандык, улуттук ар-намыс сезимин сиңире албаган биздин коомдук тарбия системабыздын алсыздыгында дээр элем. Бул балдар жалгыз эмес.

## 2. Мектептин чындыктарын төгүндөгөн турмуш «университеттери» же коомубуздун ичиндеги тарбия алогизми

Эгерде биз мектептен балдарга боорукер, мээримдүү, адамгерчиликтүү болгула деп сабак берсек, ал эми ошол эле учурда үй ичинде мамлекеттик телевидение катаалдыкты, уруш-мушташты, сексти, кан төгүүлөрдү даңазалаган боевик фильмдерди үгүттөп көрсөтүп жатса, үйдө, бала бакчада, мектепте элдик адептүүлүккө үйрөтүп жатсак, а эшикте болсо мектептин жанында киоскаларда эротикалык-порнографиялык түстүү журналдар жайнап турса, ата-эне баласына сабырдуу бол, токтоо, топуктуу бол, – деп насаат айтса, ал эми көчөлөрдөгү жайнаган компьютердик клубдар, жеке үйлөрдө жашыруун уюштурулган видеофильмдер кишидеги агрессивдүү инстинкттерди козгогон тасмаларды чүрпөлөргө тынымсыз көрсөтүп жатса, анда биздин коомдогу институттардын, уюмдардын тарбиялык максат үчүн кол кармашып, бириккени ушубу?

Балага: «Менин милициям мени коргойт» – деп үйрөтсөк, а турмушта болсо, милиция кээде мектеп рекетине тымызын калканч болуп, андан пайда таап атса, а түгүл өзү киши тоноого катышып, каракчылык кылып жатса, мектепте өзүңдүн таман акы, маңдай териң, ак мээнетиң менен оокат кылуу жөнүндө сүйлөсөк, а реалдуу жашоодо алдым-жуттумдар, «прихватизаторлор», коомдук мүлккө кол салгандар гүлдөп, «особняктарды» салып, ийгиликке жетишип, а түгүл мамлекеттик кызматтарга көтөрүлүп жатса, турмушта МАИ кызматына 2 000 – 5 000 доллар пара берип орношушса, класста тарбия саатында мыйзамды сактоо, укукту сыйлоо, калыстык, адилеттүүлүк жөнүндө тил безеп насыят айтсак, а жашоо-тирликте айланаңдагылар кыздарды зордоп алагачып кетип жатса, бул боюнча эч ким сот жообуна тартылбаса, кылмыш кылгандар, а түгүл киши өлтүргөндөр соттун тамагын майлап коюп, жазасыз беймарал көчөдө басып жүрүшсө, айлана-чөйрөнү коррупция басып турса, эне ыйык десек, а турмушта карылар үйүнө өткөрүлгөн ата-энелер көбөйүп жатса, эне тилиң сен үчүн биринчи планда турушу керек деп окутсак, а бирок окуучу мектепти бүтүп борборго келсе, рекламалар компьютерди жана англис тилин мыкты билгендерди гана жумушка чакырып турса, Мамлекеттик тилди билгениң үчүн ишке алынып, даражаң өсүп, аброюң көтөрүлбөсө, айлыгың жогорулабаса, иш жүзүндө элге үлгү көрсөтчү мекемелерде иш кагаздары орус тилинде жүрсө, балдарга өз улутун сактоо жөнүндө накыл сөздөрдү таалимдесек, а практикада болсо чет өлкөлүк жайнаган чоочун диндик секталарга лицензия берип, алар жаш муундарыбызды, жарандарыбызды арбап, ата-бабабыз тааныбаган бөлөк диндерге өткөрүп, үй-бүлөлөрдү бөлүп-жарып, улутубуздун биримдигине жарака кетирип жатса, балдарга экологиялык маданияттуулук, Ала-Тоонун жан-жаныбарларын коргоо жөнүндө сайрасак, ошол эле учурда тиешелүү министрлик чет өлкөлүк мергенчилерге жайнаган руксат кагаздарын берип, сейректеп бараткан аркар-кулжаларды, эчки-текелерди кырууга шарт түзүп берип отурса, кулунчактарыбызга арактын зыяндуулугу жөнүндө мораль окусак, кайра аларга өзүбүз арак сатсак («Окуучулар мындай турсун, тушоосу кесилгенден кийин эле там-туң баса баштаган наристеден тарта арак-шарап, сигареттерди колдоруна кармата баштадык. Себеби азыркы сатуучу «эмне болсо ошол болсун, соодам жүрсө, товарым өтсө болду» дегенден башканы ойлонбой калды». – «Апта» газетасы, 19.02.09.) анда ушундай жагдай-шарттар, ушундай атмосфера, биринин тарбиясын бири жокко чыгарган коомдук чөйрө, жаш балдардын гармониялуу тарбияланышына, өнүгүшүнө өбөлгө түзүшү мүмкүнбү? Ушундай чөйрө кантип жакшы таалим-тарбия үчүн өрнөк, үлгү боло алмак? Мындай кырдаалда улуу педагог А.С.Макаренконун «Тарбиячы кеп-кеңеш айтып жатса, непада ошол акыл-кеңештер, насааттар балдардын турмуш-тиричиликтин күндөлүк процессинен көрүп-билип турган нерселерине кайчы чыкса, анда алар андай акыл-кеңешке кулак какпай коюшу мүмкүн» деген оюу чынга чыгып калат. Маселен, биздин турмушта

www.bizdin.kg



ээлеген майлуу кызматынын аркасы менен кимдир биреөнүн тымызын жеп-ичип, алып-жулуп, коомдук мүлккө кол салып, чардап жатканын баары эле көрүп турат. Арам жол менен табылган акчага заматта заңгырата салган «особнягына» той берсе, туугандардын, тааныштардын баары, чоңдордун баары, а түгүл депутаттар белек-бечкегин көтөрүп келип, куттук айтып, бетинен өөп, дасторкон үстүндө анын дарегине не бир укмуш даңаза сөздөрдү жаадырышат. Оокат кылганды билген азамат дешет. Мынакей, реалдуу турмуштун кебете-кешпири. Мектептен бала чындык, акыйкат, адал мээнет, ак ниет эмгек жөнүндө насааттарды угат, а турмуш «университети» болсо момунтип башка өрнөктөрдү көрсөтөт. Мына ушундай курчап турган социалдык чөйрөдө жакшы менен жамандын чеги ажыратылбай, адамды баалоонун моралдык чен-өлчөмдөрү девальвацияланган шарттарда өспүрүм кантип оң жолго түшөт? Өйдөтө А.С. Макаренко айткандай, мектепте айтылган насааттарга кантип ынана алат? Мындай учурда жаш адам трибуна деген кызыл тилди сабап, калети жок, туура, бирок турмушка кереги жок сөздөрдү кыйкырып айтып коюш үчүн жаралган, ал эми турмуш болсо кооз сөздөрдү керектебеген өзүнүн жапайы нугу менен агат, ал жапайы нукта өзүмчүлдүктүн, мен сага – сен мага деген орой эреженин, бийлик, байлык, акча, доллар деген кара жемсөө кумарлардын арааны жүрөт деген чечимге да бекип алышы мүмкүн. Мындай ой менимче адамда коомдун, мамлекеттин бийик мүдөөлөрүнө көңүлкоштукту жаратат. Эгер мындай маанай бүтүндөй журтту, айрыкча жаштарды каптап алса, бул өтө коркунучтуу.

## 3. Биздин чөйрө «Орозкулдун кардонуна» айландыбы же тарбия тизгини бүгүн кимдин колунда?

Дагы бир жолу айталы, тарбияда чөйрөнүн ролу абдан чоң. Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестин эске түшүрөлүчү. Өзү ыйык санаган Бугу энеге каршы ок аткан эрксиз Момундун жана рухий жактан түркөй, өзүмчүл Орозкулдун үстөмчүл чөйрөсүндө таптаза, татынакай бала өлүмгө учурабадыбы. Биздин бүгүнкү чөйрөбүз да «Ак кеме» фильминдеги токойдогу кардонго окшоп турабы? Республикабызда муунуп өлгөн жаштардын саны арбууда. ИИМ алдындагы жаш өспүрүмдөр менен иштөө башкы башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2007-жылы 3292 жаш өспүрүмдөр ар кандай кылмыштары менен каттоого алынышкан. Анын 169у спирт ичимдиктерин ичүү менен, 469у административдик укук бузууларды жасаганы үчүн, 1219у коомдук тартипти бузгандыгы үчүн, 32си наркотикалык зат колдонгондугу үчүн кармалышкан. Алардын 367си шарттуу соттолгондор, тергөөдө жаткандары 235. Өлкөбүздө баңгилердин саны 100 миңден ашса, анын 15 пайызын өспүрүм жаштар түзөт («Эркин Тоо» газетасы, 3.02.08). Ал эми ошол эле ички иштер министрлигинин 2008-жылдын 9 айында чыгарылган жыйынтыгы боюнча жаш өспүрүмдөр жасаган 590 кылмыштын ичинен 8и – киши өлтүрүү, 16сы – зордуктоо, 63ү – тоноо («Кутбилим», 1-ноябрь, 2008). Ушуга удаа бүгүнкү өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумун атайын иликтөөгө алган Сымбат Максүтованын «Эркин Тоо» газетасына (6.03.08) тынчсызданып, моминтип жазганына да кулак түрүп өтөлү: «Дегеним, үйдөгү телевизордон кайсы гана каналга койбо, кинолордогу киши өлтүрүүнүн түрдүү-түркүн ыкмаларынан, уят-сыйытсыз кинолордон балдардын көзүн «таңып» коё албайсың. Мектепке кеткен балдардын көбү таң атпай компьютерге кирип, кечинде араң чыгышат. Ал жерден кинодон көргөн адам өлтүрүү ыкмаларын компьютерден миң кайталап машыгышып, ырахатка батышат: Чоңоюп калган балдар компьютерде түнкүсүн дагы калышып, порнографиянын түрүн көрүшөт». Кызыкдар адам суроо салганда бир окуучу өспүрүм: «Компьютердик клубдар эң сонун, себеби ал жакта киши өлтүрүп ойнойсуң» – деп жооп бергендигин «Кутбилим» газетасы жазып чыкты. Ал эми Бишкекте бир белгилүү бизнесменди жубайы менен кошо о дүйнөгө жөнөтүшкөн өспүрүмдөр мылтыктын үнүн чыгарбастан туруп, кишини атып өлтүрүү ыкмасын боевик фильмдерден үйрөнүшкөндүгүн тергөө учурунда моюнга алып отурушат («Дело №», №33, 2005). Сымбат Максүтова жазгандай «психиканы бузган үйдөгү «ужас» кинолор, сырттагы «ужас оюндар» болуп атып, көп балдардын тагдыры «ужас» менен аяктоодо». («Эркин Тоо», 3-март, 2008).

Чет өлкөлөрдө жүргүзүлгөн социологиялык-психологиялык изилдөөлөр зордук-зомбулукту үгүттөгөн теле-компьютердик программалардын ишенчээк жаш балдардын пси-

www.bizdin.kg



хикасына бүлүндүрүп-бузуучу таасирин тийгизерин аныктаган. Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин алдындагы Эл аралык стратегиялык изилдөө институту 2008-жылы «Мектептердеги зомбулук маселеси» аттуу социологиялык изилдөө жүргүзгөн. «Изилдөө учурунда өспүрүмдөрдүн агрессивдүү болушу жана зордук-зомбулукка барышы маалымат каражаттарынын, телекөрсөтүүнүн жана компьютердик оюндардын терс таасиринен улам болуп жаткандыгы айкын болгон» («Кутбилим», 18.05.08).

Маалымат каналдары аркылуу катаалдыкты, зордук-зомбулукту үгүттөөгө тыюу салуу жана телеберүүлөрдүн, компьютердик көрсөтүүлөрдүн, оюндардын программаларын гумандуулуктун, маданияттын, адептүүлүктүн негизинде оң багытка буруу маселесин Жогорку Кеңештин деңгээлинде карап, мыйзам кабыл алуунун зарылдыгы бүгүн бышып жетилди.

## 4. Балдарда ойгонуп жаткан өзүмчүлдүк жана турмушка «бухгалтериялык» мамиле же Алыкулдун «Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт» деген патриоттук философиясы эскирдиби?

Изилдөөлөр бүгүнкү окуучу өспүрүмдөрдүн баягы СССР доорундагыдай өз өлкөсү жөнүндө эмес, көбүнчө өз керт башынын маселелери жөнүндө ойлонуп, турмушка коммерциялык, прагматикалык мамиле тарабына, материалдык кызыкчылык жагына ооп баратышкандыгын да ачыкка чыгарууда. Маселен балдар бүгүн моминтип ойлонушат:

«Мен шаардын сыртында дем ала турган үйлүү болууну каалар элем.

Мен үч кабаттуу жеке үйлүү болууну каалар элем.

Мен миллион акчалуу болууну каалайм.

Мен машиналуу болууну каалайм.

Мен машиналуу болууну жана келечекте жумушка маршруткада барууну каалар элем.

Мен BMW машиналуу болууну каалайм.

Мен төрт кабаттуу үйлүү болууну жана дүйнөдөгү эң бай адам болууну каалайм.

Мен бай болуп кедей-кембагалдарга жардам берүүнү каалар элем.

Мен бизнесмен болууну каалайт элем, себеби мен жакшы жашоо, «крутой» болуу жана шаарда, өлкөдө «авторитет» болуу үчүн көп акча табууну каалайт элем.» (Караңыз: Кыргызстандын окуучуларынын үмүттөрү жана кооптонуулары. –«Кутбилим», 13.12.08). Чет өлкөлүк долбоордун негизинде уюштурулган бул изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, азыркы балдардын арасында руханий-адептик, атуулдук-патриоттук багытта ой жүгүрткөндөр негедир аз. Ырас, бирин-экин окуучу: «Мен эски кыргыздын ырларын кайрадан жаратууну каалайм», «Мен президент болуп, өлкөмдү бай өлкө кылгым келет» – дешип жооп беришкен. Өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен «акча», «пайда», «бийлик-байлык», «жеке атак-даңк» сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Бул албетте, базар мамилелеринин таасири деңизчи. Ошентсе да, балдардын дүйнөсүндөгү мындай тенденция адеп-ыйман тарбиясынын кызыкчылыгынан карагандa, коом саламатчылыгынын кооптуу көрсөткүчү эмей эмне?

Борбор шаардын мектептеринде жана алыскы айылдарда жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоолор бүгүнкү балдардын бир даарынын мектепти бүткөндөн кийин Россияга, Астанага жана батыштагы бай өлкөлөргө кетүүнү каалашкандыгын маалымдап отурат. Бир катар өспүрүмдөр чет өлкөлүк боевик фильмдердин сууга салса чөкпөгөн, отко салса күйбөгөн каармандарына же болбосо кримавторитет Батукаевдей болгулары келет. Ал эми чет өлкөдө окуп, иштеп жүрүшкөн жаштардын көбүнүн Кыргызстанга кайтып келүүнү каалашпагандыгы жөнүндө Нью-Йорктон окуп келген Асел Стамова минтип жазат: «Европада жана АКШда жашаган көптөгөн жаштардын өз мекенине кайтып келүүнү каалашпагандыгынын себеби – өлкөдөгү абалдын туруксуздугу, эртеңкиге болгон ишенбөөчүлүк, башкача айтканда, сен бүгүн Кыргызстанга келсең, эртең иштеген кызматың, жетишээрлик маянаң, өлкөдөгү абал тынч болору чоң бүдөмүктү пайда кылат» («Кутбилим» газетасы, 2-февраль, 2007-жыл).

Мына ушинтип, жаштарыбыздын өздөрүнүн тагдырын бир тууган мекени, бир боор Ата Журту менен байланыштырып карабагандыгы тынчсыздандырат. Айтыңыздарчы,

www.bizdin.kg



атактуу акыныбыз Алыкулдун «Азабыңды өз мойнума алайын, сен ооруба мен ооруюн Ата Журт» деген залкар идеясы эскирдиби? Ак калпак журтка өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк бололу, үзүлгөндү улайлы, чачылганды жыйнайлы, жоголгон жокту табалы деген Манастын, анын баатыр тукумдарынын улуу патриоттуулугу кайда калды? Караңыздарчы, жогорудагы жаштар өлкөнүн эртеңи ишеничсиз, абалы туруксуз, маяна аз дешет. Өз Ата Мекени кыйын-кезеңде кыйналып жатканда ага чоочун, жат адамдай кайдыгер карашып, бөлөк өлкөдө проблемасыз өмүр өткөрүп, Кыргызстан бутуна туруп, турмуш оңолгондо гана Ала-Тоого жыргаганы келгилери бар. А чынында, биздин ар бирибиз Ата Журтубуз каржалып турганда ага жардамга келип, мекенибиздин эртеңки күнүн ишенимдүү, абалын туруктуу кылыш үчүн атуул катары күн-түндөп күрөшүүгө тийиш эмеспизби. Мекен деген бизбиз – сен, мен, ал. Акын айткандай, «сен күйбөсөң, мен күйбөсөм, ал күйбөсө, анда караңгы түндү ким жарык кылат?»

Кыскасын айтканда, өспүрүмдөрдүн, жаштардын тарбиясына байланыштуу келтирилген жогорудагы негативдүү фактылар Кыргыз мамлекетинин таалим-тарбия стратегиясы, программасы иштелип, системалуу түрдө жолго коюлбагандыгынан улам өлкөдө келип чыккан вакуумду батыштык массалык маданияттын арзан стандарттары жана башкөзсүз стихиялуулук ээлеп, түркүн күчтөр тарбия «арабабызды» Крыловдун тамсилиндегидей бири туурага тартса, бири өйдөгө тартып, бири төмөнгө тартып, жаш муундарыбыздын социалдашуусунун ыраатсыз, башаламан өтүп жаткандыгын күбөлөйт. Бүгүн кыргыз жаштарынын бири Хизбут-Тахир болсо, экинчиси христианин, дагы бири буддист, дагы бири баптист. Тарбия ишинде мектеп жалгыз болуп, көп нерселерге алы жетпей жатат. Мындан улам кандай жыйынтыкка, корутундуга келүүгө болот?

Албетте, «Орозкулдун кардонунан» чечкиндүү түрдө суурулуп чыгышыбыз керек. Жогоруда баяндалгандардан байкалып тургандай, биз кириптер болуп отурган «Орозкулдун кардону» баланы гана эмес, бүтүндөй улутту туюкка алып барып кептей турган жол.

## 5. Коомго таалим-тарбия концепциясынын жана программасынын зарылдыгы же тарбия системасы деген эмне?

Кыргыз Республикасы биринчи иретте, мамлекеттик деңгээлде өзүнүн жаңы таалим-тарбия концепциясын түзүп, анын негизинде мамлекеттик тарбия программасын иштеп чыгып, кабыл алышы аба менен суудай зарыл.

Өлкөгө, терең ойлонулган тарбия системасы керек. Система дегенди көздөп отурган максаттын, андан улам алдыга коюлган милдеттердин, ал максат-милдеттерди жүзөгө ашырууга омок, база болуп бере турган тиешелүү мазмундун, ошол мазмунду баланын жандүйнөсүнө терең сиңирүүгө жөндөмдүү таалим-тарбия методдорунун жана формаларынын өз ара ич жактан логикалуу байланышкан бирдиктүү тутумун түшүнүү зарыл. Демек, тарбия процесси деген бул – негизинде коом тарабынан ар тарабынан ойлонулган, алдын-ала пландалган, атайын максат көздөп ырааттуу уюштурулган, башкарылып жөнгө салынып турган, өтүшү, жүрүшү жана берип жаткан натыйжалары көзөмөлгө алынып турууга тийиш болгон, өзүнө комплекстүү мамилени талап кылган олуттуу нерсе. Биздин коомдо ушундай ырааттуу уюштурулган тарбия иши барбы?

Таалим-тарбия иши жалгыз мектепти гана эмес, бүтүндөй коомду кучагына алууга тийиш. Тарбия – көп факторлуу процесс. Баланын, окуучунун калыптанышына көптөгөн күчтөр таасир кылары белгилүү эмеспи. Буга жогорудагы мисалдар да күбө.

Баса белгилей турган нерсе, өспүрүмдүн адам болуп өсүшүнө аны курчап турган кичине жана чоң чөйрө, башкача айтканда, коомдогу бардык институттар, үй-бүлө, бала бакча, мектеп, айыл, мекемелер, уюмдар, фондулар, мамлекеттик органдар, өкмөт, ургаалдуу ыңгай, жагымдуу өбөлгө түзүп, тарбиянын мүдөөлөрү үчүн өз ара кол кармашкан байланышта, аракетте тура турган болсо гана тарбиянын ташы өйдө куламак. «Азыркы заманда жоопкерчилик бир эле мектеп директорлорунун мойнунда эмес. Биз балдарды таалим-тарбияга чакыруу үчүн мектеп мугалиминен тартып, домкомдорго чейин бирдикте иш алып баруубуз керек. Коомчулук мектепке жардам бериши керек. Массалык маалымат каражаттары коом, ата-эне жана мектеп бирдикте иш алып баруубуз зарыл» – деп бекеринен тажрыйбалуу педагог жазып жаткан жок («Кутбилим», 18.05.08).

www.bizdin.kg



Тарбия деген жанындагы башка адамдардын тарбиялуулугуна багынычтуу деген ой бекеринен чыккан эмес. Бул жерде Исхак Раззаковдун «Сен таза болсоң, мен таза болсом, ал таза болсо, коом таза болот» деген сөзүн да эске түшүрүп өтөлү.

Жеткинчектин мыкты адам, атуул болушу үчүн ыңгайлуу, гумандуу коомдук чөйрө түзүлүшү зарыл. Мектепте насыятталып үйрөтүлүп-окутулуп, жайылтылып жаткан нравалык эрежелер, жол-жоболор, адеп-ахлак принциптери баланы курчап турган коомдук чөйрөнүн реалдуу практикасы менен ырасталып, чынга чыгып турушу шарт. Өспүрүм бала жүздөгөн, миңдеген кишилердин турмуш-тирлигинен, күн кечирүү образынан, турмуштун күндөлүк агымынан: көчөдөн, мекемеден, дүкөндөн, өзү окуган мектептен, кыштактан, шаардан, атка минерлердин, өкмөттүн, депутаттардын, шайлоо комиссияларынын ишмердигинен, кыскасы, турмуштун бардык чөйрөлөрүнөн мыйзамды, укукту, жашоо эрежелерин бекем сактаган нраваны, тартипти жана иреттүүлүктү, социалдык адилеттүүлүктү, калыстыкты, маданиятты, улуу максат үчүн биригип, уюшкандыкты көрүп турса, иш жүзүндө мээнеткеч, ак ниет, чынчыл, таза, түз жүргөн адамдар, элим-жерим деген патриот инсандар коомдо аброй күтүп, ийгиликке жетишип, кызмат карьерасы өсүп, сыйланып, урматталып жатканын сезип-туюп турса, анда мындай атмосферада жаш адамда адептүү, ыймандуу, ар-намыстуу, активдүү атуул болуп өсүүгө шыктандырган күчтүү стимул түзүлмөк. Мына ушундан улам таалим-тарбия иши деген – бул өтө чоң маселе экени жөнүндө дагы бир жолу терең ойлонушубуз керек. Тарбиянын мүдөөлөрү үчүн, муундардын позитивдүү нукта социалдашышы үчүн, өлкөнүн келечеги үчүн, Кыргыз мамлекети өзүнүн социалдык-маданий турмушун, ички саясат идеологиясын түп-тамырынан жаңыча курушу, жаңы деңгээлде уюштурушу, оң тарбияга сүрөө болгон педагогикалык чөйрөнү калыптандыруусу талап кылынат. Мындан оңойго турбас реформанын башында мамлекеттин өзү чечкиндүү турса натыйжага жетишүүгө болот.

## 6. Улуттун руханий түп тамырларын кимдер кырккысы келет же улут кызыкчылыгынын сакчылыгында бек туруунун керекчилиги

Эгемендүү мамлекет өзүнүн граждандарын, балдарын чет жактан келген чоочун, жат, терс таасирлерден калкалаганды, коргогонду билиш керек. Бул цивилизациядан обочолонуу деген сөз эмес, тескерисинче, муну келечек муундарды мамлекеттин өзү туу туткан улуттук идеалдардын духунда калыптандырууга болгон камкордугу катары түшүнүү кажет. Эгемендүү өлкөнүн жаштарынын үлүшү бөлөктөрдү ээрчүү, көздү жумуп тууроо, жетеленүү, чоочун таасирлердин «тактекеси» болуу эмес го. Маселен, АКШда балдардын психикасына жана тарбиясына терс таасирин тийгизе турган жанагы биздегидей кинотасмаларды жана компьютердик программаларды көрсөтүүгө мыйзамдык негизде тыюу салынган. Эл жазуучусу Бексултан Жакиев минтип жазып отурат: «Мен эки жолу Америкага бардым. Бир жолкусунда бир ай жүрдүм. Ал жерде алар өздөрүнүн идеологиясына ылайыктап бала-чакасына, үй-жайына, тарбия берүүгө абдан ылайыктап телепрограммаларды түзүшөт экен. Маселен, биздин теледе берилип жүргөн бири-бирин талкалап, мушташып, уят-сыйыт жок, төшөк-мөшөктөн берки, мууздоолор тартылган фильмдер америкалыктардын үйлөрүндө көрсөтүлбөйт. Ал сыяктуу фильмдерди биз сыяктуу байкуш өлкөлөргө мыкты фильмдерине кошуп сатат. Элдин кулк-мүнөзүн ирите турган программаларды биздеги телекөрсөтүүлөрдөн тазалабаса, жаштарыбыз тургай карыларыбыз деле тетири жакка оой берет». («ЭркинТоо», 18.01.08.)

Башка өлкөлөр мына ушинтип өз мамлекетинин ичинде өз идеологиясын чекиндүү жүргүзүп, өз территориясында өз укугун бекем орнотуп, балдарынын биздегидей «башы жок бака, көзү жок көгөн» болуп, ар кимдин таасирине «муруннуктатып», туш келди баспай, өз улутунун дөөлөттөрүнүн нугунда атуул болуп калыптанышына камкордук көрүп, өз мекенинин кызыкчылыгынын сакчылыгында бекем турушат.

Ушул жерден дагы бир кыстырма кошумча сөзгө жол берели. Улуттук өнүгүүнүн стратегиялык багыттарында ойлонгон идеологдорубуз, көч башыларыбыз, мамлекеттик корабльдин штурвалында отурган атка минерлерибиз дүйнөдө мурдагы «кансыз согуш»

www.bizdin.kg



акырындык менен «маалымат согушу» менен алмашкандыгын, дүйнөлүк супер державалардын кубатына таянган эл аралык күчтөр жаңы электрондук маалымат куралдарынын жардамы менен жер үстүндө монополярдуу дүйнөнү түзүүгө умтулуп жаткандыгын, Кыргызстан да мындай геосаясий, глобалисттик умтулуштардын объектисине айлангандыгын көңүл борборуна тутууга тийиш. Ошондой глобалисттик, супердержавалык кызыкчыларды жүзөгө ашырып жаткан бир эл аралык корпорациянын жашыруун идеологиялык документинен бир эле үзүндүнү эске сала кетели.

«С помощью информационного оружия нового поколения создание атмосферы бездуховности и безнравственности, негативного отношения к культурному наследию, провоцирование социальных, политических и религиозных столкновений, подрыв международного авторитета государства» («Педагогика» журналы. – Москва, 2006, №2, 16-бет).

Европада өткөн бир чоң форумда орус православиялык чиркөөсүнүн чоң башчысы эл аралык кызыкдар күчтөр тарабынан россиялык үй-бүлөлүк моралдын салттык негиздерине массалык түрдө тынымсыз чабуул жасалып жаткандыгы жөнүндө тынчсызданую менен билдирди. Ошондой эле Россиянын окумуштуулары жана коомчулугу электрондук массалык маалымат каражаттарынын улутту ич жактан ириткен деструктивдик ишмердиги мындан ары да ушундай активдүү улана бере турган болсо, акыры россиялык элдик менталитет бузулуп, талкаланышы мүмкүн экендиги тууралуу олуттуу түрдө кабатырланып жазып жатышат. Ойлоп көрөлүчү, дүйнөлүк чоң держава Россия глобалдашуунун чабуулу алдында ушинтип көйгөйлөнүп, убайым чегип жатса, анда алакандай Кыргызстандын абалы кантти?

Кыргызстандын элине эмес, биринчи кезекте географиясына, кен байлыктарына кызыккан, койнунда котур ташы бар эл аралык геосаясий күчтөр, демократияга жамынган ар кандай диндик миссионерлер СССР доорунда маңкуртчулук оорусуна чалдыккан «Общий домго» эч тоскоолдуксуз кирип, карызга баткан жакыр өлкөнүн алсыздыгынан пайдаланып, тоскоолдукка, каршылыкка учурабай, көзөмөлсүз ээн-эркин өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө. Маселен, Адилет министрлигинен руксат кагаз алып, өлкөбүздө өз ишин жүргүзүп жаткан «Иеговдук күбөлөр» сектасында Кыргызстандын туусун урматтоого, шайлоолорго катышууга, мамлекеттик майрамдарды майрамдоого тыюу салынган. Ал сектага кирген кыргыз уланы армияга барбайт, өзүн кыргызмын деп да эсептебейт. Анын Ата Мекени – Америка Кошмо Штаттарындагы Бруклин аймагы» («Кут-билим», 06.02.09) «Иеговдук күбөлөр» сектасына кирген бир кыргыз жигиттин жапжакын туруп өз маркум энесине топурак салууга келбей койгондугу жөнүндөгү маалымат газеталарга чыгып отурат. Мына ушинтип, чет өлкөлүк кээ бир секталар улуттун руханий түптамырларын келемишче кемирип, өздөрүнүн жогорудагы бейрухий, бейадептик, маңкурттук атмосфераны түзүү жөнүндөгү тымызын мүдөөлөрүн, деструктивдик ишмердигин көмүскө да, көрүнөө да жүзөгө ашырууда.

Ушундай шартта эмне кылуу керек?

Бери жактагы фасадыбызды кооздоп сүйлөгөнүбүз менен элибиздин руху, дили, тили, салты, моралы катуу коркунучта тургандыгын, ички турмушубуз бүлүнүп жаткандыгын, эгерде бизге окшогон жаңы эркиндик алган, жаш мамлекет алды-артын ойлоп, тизгинин жыя кармабаса, азыркыдай стихиялуулуктун жетегинде кете берсе, бара-бара глобализмдин маданияттарды бир көгөнгө тизип, унификациялоочу саясатынын баскынында калып, ассимиляцияланып, улуттугубузду жоготуп коюу опурталдуулугу алдыбызда реалдуу тургандыгын жон терибиз менен айкын-ачык сезип түшүнүү бүгүн бизге аба менен суудай керек болуп отурат. Ушул жагынан караганда, ата-бабаларыбыздын бизге калтырган акыл-насааттарын эске түшүрүү бүгүн өтө актуалдуу. Тарыхчы бабабыз Осмонаалы Сыдык уулу өз ата конушунда чет жактан келген келгиндердин кулу болуп калбастын айласын кылуу керек деп бизге катуу эскерткенин эстейли («Тарых кыргыз Шадмания»). Ал эми «Манастагы» Эр Кошойдун жаш Манаска айтып турган төмөнкү:

«Кенен ойло башынан,
кебелбес болсун казынаң,
калың бороон, катуу күн,
кулунум канчалык өтөөр башыңан,
кыр-кырда кыргыз элиңе,
кызыккан жандар дагы бар,
кылчайбай канды агызар,

www.bizdin.kg



кызыталактын баары бар,
элиңди түгөл башкарып,
өз алдыңча болгондо,
сени таштап койбос жепжеке,
суроодон угар дайныңды,
күтүнбөстөн сен жатсаң,
бир күнү чабар айлыңды,
ошого моюн бербеске,
ок өтпөгөн тон камда,
куусаң жетпей калбаска,
ок жетпеген ат камда» –

деген насааты кудум бүгүнкү бизге түздөн-түз багышталып тургандай. Бизге бабаларыбыздын ушул акылман насаатынын духунда терең ойлонуу кажет. Чынында эле, башыбыздан бүгүн «калың бороон, катуу күн» өтүп, жанагинтип «кыр-кырдагы кыргызга кызыккан кысталактар көбөйүп», жергебизди «куралсыз экспансия» басып турбайбы.

Эми бул айтылгандардан кандай жыйынтык чыгат? Бир гана жыйынтык чыгат. Ойгонуп көздү чоң ачып, Ата Журтту ата-бабалар сактап келгендей бекем сактоого, улуттун туусун ата-бабалардай бекем кармоого, тыштан келген ириткич жат таасирлерге каршы ич жактан таштай түйүлүп, чечкиндүү туруу кажет. Өз үйүңдө өзүң кожоюн болуп, улуттун ички жана тышкы коопсуздугунун камын көрүп, мамлекеттин рух негиздерин чыңдап, «Манаста» айтылгандай «үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап, жоголгон жокту таап, журт айласын кылып, кенен ойлоп», илим-билим менен «кебелбес казына, ок өтпөгөн тон, ок жетпеген ат камдап», өзүбүздүн илгертен татыктуу, ар-намыстуу кыргыз эл экенибизди дүйнө калктарынын алдында далилдешибиз керек. Мына ушундай даражага жетиш үчүн улуттун ички социо-маданий рухий ресурстарын кечиктирбей активдүү түрдө кыймылга келтирип, илгертен келаткан атуулдук-патриоттук менталитетибиздин духунда кайра жаралышыбыз зарыл. Мына ушул жерден биз алды жакта козголгон жанагы таалим-тарбия жөнүндөгү маселеге кайра кайтып келебиз. Анткени азыркы айтылган үлкөн тарыхый милдетти, менталитет жаратуу озуйпасын, таалим-тарбия аттуу күчтүү куралсыз, механизмсиз жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес.

## 7. Тарбия системасы үчүн жетектөөчү жогорку идеянын зарылдыгы

Мына ошондуктан, дагы бир жолу айталы, эл башында турган көсөмдөр улут даанышмандарынын, педагогикалык интеллигенциянын күчүнө таянып, ички бекемдикке жана туруктуулукка негиз болуп бере турган улуттук идеяны, тутуна турган, ыйык көрүп кармана турган жалпыга орток моралдык кенчтерди, адеп-ахлак философиясын таап, системага салып кабыл алып, калайык-калкка ориентир катары, идеология катары сунушташы керек. Улуу жазуучу Достоевский айткандай, жетектөөчү жогорку идеясыз жеке адам да, улут да, мамлекет да жашай албасын эсибизден чыгарбасак. Ошол улуттук кыртышка, традицияга негизделип, улуттук өнүгүүнүн муктаждыктарынан жана таламдарынан чыгып, конструктивдүү түрдө иштелген көз-караштык нарк-дөөлөттөрдүн, идеалдардын системасы реалдуу түзүлгөн чакта коомдун тарбия иши үчүн багыт-маяк пайда болот. Ошондо жарандардын, тарбиячылардын жетекке ала турган, ориентир тута турган, жогорку идеясы жана идеалы болот. Ошол жогорку норма-өрнөктөргө, идеалдарга умтулуу, аларды реалдуулукка айландыруу, практикада жүзөгө ашыруу таалим-тарбия ишмердигинин башкы мүдөөсү, негизги максаты болуп калат. Ушундай башкы мүдөө, кыймылдын негизги вектору аныкталса гана таалим-тарбия ишин максатка багытталган түрдө уюштурууга жана системалуу алып барууга мүмкүндүк түзүлөт.

Керек болсо, бир жагынан мамлекет деген бизбиз. Биздин ар бирибиз мамлекетибизге атуулдук-патриоттук кызматыбызды кылууга тийишпиз. «Мамлекет бул – менмин!» деген сөз бекеринен айтылбайт.

www.bizdin.kg



*Тарых*



**Токторбек ӨМҮРБЕКОВ,**
**тарых илимдеринин доктору**

# АЖОЛОР ЖАНА МЕЗГИЛ

## (Кыргыз элинин тарыхындагы улуу инсандардын ролу жана орду. VII – XVI к. )

### Алгы сөз

Акыркы жылдарда Ата Журт тарыхына, анын талылуу маселелерине мекендештерибиздин кызыгуусу барган сайын артып барат. Асыресе, бул элибиз эчендеген кылымдар бою эңсеген эгемендикке, мамлекеттик көз каранды эместикке ээ болгондон берки, береги 17 жыл ичинде өлкөбүздө болуп өткөн терең өзгөрүүлөр менен байланыштуу. Өлкөнүн коомдук-саясий, чарбалык-маданий турмушунда ошол өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндө, анык демократиялык жана жарандык коомдун калыптанышында борбордук орунду адам, же азыркы учурдагы терминология боюнча адам фактору ээлеп келди. Анткени кандай гана коом болбосун, анын ар тараптан өнүгүүсү түздөн-түз адамдардын аракетине, жаратмандык касиетине байланыштуу, атүгүл ага көз каранды эмеспи.

Өкүнүчтүүсү, өткөн кылымдын 90-жылдарына чейинки  совет мезгилинде илимпоздордун илимий изилдөөлөрүндө көптөгөн тарыхый инсандардын, атүгүл аты аталбай жабыкта калып келген, айрымдары тууралуу аргасыздан сөз кылганда, андайлар көбүнесе экинчи, же үчүнчү планга сүрүлчү. Атак-даңктуу ата-бабалардын арбагына акаарат айтканга тете мындай ар-намыссыз мамиле тарыхтын кунарын кетирип, аны бир кылка супсак социологиялык ой толгоолордон куралган жансыз, кан-сөлү качкан дене-тулкуга окшош тарыхый турмуштан, чындыктан алыс жасалма баянга жакындаткан.

---

*__ӨМҮРБЕКОВ Токторбек Наматбекович__ – 1955-жылы Ат-Башы районунун Кара-Суу айылында туулган. Тарых илимдеринин доктору. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору.*

*Улуу инсандардын өтөлгөлүү өмүр жолун ж. б. маселелерди иликтөөгө арналган 150гө жакын илимий эмгектердин, анын ичинде 7 монография, 3 окуу китебинин автору.*

*«Жаңы Ала-Тоо» журналына жарыяланып жаткан тарыхый очеркте байыркы замандан тартып, XVI кылымдын орто ченине чейинки  кыргыз элинин чыгаан инсандарынын коомдук-саясый жана мамлекеттик ишмердиги чагылдырылган.*

www.bizdin.kg



Арийне, кийинки учурда кыргыз тарых илиминде ушул өңүттө алгылыктуу иштер аткарылып, инсан таануу багыты калыптанууда. Алсак, Ата Журт тарыхынын ар кыл баскычтарындагы олуттуу окуялардын чордонунда жүргөн башкы каармандар, кейипкерлер катарында улуу инсандардын көп кырдуу коомдук-саясий ишмердигин иликтөө менен алектенген айрым аалым адис тарыхчылардын илимий эмгектери жарык көрдү. Айрыкча XIX–XX кылымдардагы кыргыздын чыгаан журт башчыларынын, мамлекеттик ишмерлеринин өтөлгөлүү өмүр жолуна арналган бир катар китеп, китепчелер окурмандардын колуна тийгени белгилүү. Ал эми андан аркы баатыр бабалардын эрдиктери көбүнесе санжыраларда гана айтылып, али бүдөмүк бойдон кала берүүдө. Демек, али маселенин чети оюла элек десек эч кандай аша чапкандыкка, же көтөрө чалып ооз көптүргөндүккө жатпайт. Алдыда далай улуу инсандар адилет бааны, акыйкат иликтөөлөрдү күтүп жатканы да анык. Дал ошол кенемтени жоюуга колдон келишинче кол кабыш кылуу баштаган иштин башкы максаттарынын бири.

Адегенде эле айта кете турган нерсе, кезинде дүйнөлүк баркы бар чоң окумуштуу В. В. Бартольд баса белгилегендей, кыргыздар Борбор Азиянын эң байыркы элдеринен экени небак айныксыз аксиомага айланганы кимге жалган. Урунттуу учурларда улуу инсандардан уучу куру калбаган уңгулуу, уюткулуу ушундай элден улам-улам улуттук баатырлар үзбөй чыгып тураары анык. Албетте, андай асылзаада адамдар, акылман, кеменгер жана көсөм жолбашчылар түбөлүк улут сыймыгына айланышаары мыйзамченемдүү көрүнүш. Ар кимиси ар башка заманда жашаса да атак-даңкы таш жарган даңазалуу бабалардын жасаган иши, күндүр-түндүр толгонуп ойлонгон ойлору элинин түпкү максатына, мүдөө-тилектерине төп келгендиктен, алардын эрдиктери эл арасында баатырдык баяндарга айланып, карт тарыхыбыздын өзөгүн түзгөнү да талашсыз.

Ал ыйык максат, мүдөө-тилек – Айкөл Манастан калган осуяттарды эстен чыгарбай эл биримдигин, ынтымагын чыңдоо, эгемендүү кыргыз мамлекети бытырап бүлүнгөндө аны кайра калыбына келтирүү, түбөлүктүүлүгүн камсыз кылуу, көз каранды эместигин көздүн карегиндей сактоо болгон. Мамлекет демекчи, адамзат тарыхындагы мындан алты миң жыл илгери калыптана баштаган адепки таптык жана античтик цивилизациялардын алкагында, б.з.ч. I миң жылдыктын экинчи жарымында эзелки мамлекетин түзүүгө байыркы кыргыздардын да дарамет-кудурети жеткен. Анан калса өз алдынча кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн канчалаган чыгаан инсандар күч-кайратын сарпташты, кан төгүп өмүрлөрүн кыйышты. Дегеле мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик жетекчилер, коомдук-саясий ишмерлер бири-бири менен ажырагыс эгиз түшүнүктөр эмеспи. Көпчүлүк учурда мамлекеттердин тагдыры, кыска же узак убакыт жашоого жарамдуулугу, алсыздыгы же күч-кубаттуулугу, эл аралык кадыр-баркы алысты көрө билген көсөм мамлекет башчыларын, лидерлердин терең ойлонулган иш-аракеттерине байланыштуу болооруна дүйнө тарыхы өзү күбө.

Андыктан, ар бир доордогу тарыхый окуялар менен улуу инсандардын ишмердигин айкалыштыра ырааттуу баяндаш үчүн адепки кыргыз мамлекети тууралуу маселеге кайрыла кетүүнү эп көрдүк.

Адамзат коомунун тарыхындагы алгачкы мамлекеттер адеп Чыгышта эрте таптык цивилизациянын чегинде б.з.ч. IV миңинчи жылдыктын аягы – II миңинчи жылдыктарда Египетте, Эки дарыя аралыгында (Ефрат, Тигр), Индияда, Кытайда калыптанганы белгилүү. Андан соң, Европада байыркы грек- античтик цивилизация маалында (б.з.ч.I миң жылдык – б.з. I миң жылдыгынын ортосу) грек, эллин, рим ж. б. байыркы мамлекеттердин ооматы жүрдү. Ошол эле доордо, т.а. б.з.ч. I миң жылдыкта Ое державалары, Урарту, Хорезм, Бактрия падышачылыктары, чакан Кытай, Индия мамлекеттери калыптанды. Ар кандай жүйөлүү себептерге байланыштуу алардан саал кечирээк б.з.ч. III кылымда Кытайдагы Цинь Хань империялары, Индиядагы Маурийлердин, Монголиядагы Хундардын державалары менен замандаш Кыргыз мамлекети түптөлөт. А балким, адепки мамлекетибиз андан кыйла кылым мурда түзүлгөндүр. Бирок анын чын-төгүнүн аныкта-

www.bizdin.kg



гыдай ишенимдүү тарыхый далил-даректер али колубузда болбогон соң, божомолдоп айтууга акыбыз жок. Эмнеси болсо да, 2003-жылы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын эл аралык деңгээлде дүңгүрөтө белгилеп, элибиздин эң эле бери болгондо эки миң жылдык тарыхы бар, тарыхый көрөңгөсү мол байыркы эл экендигине өзүбүздү да, өзгөлөрдү да ынандыра алдык. Айрым Ата Журт тарыхына ашынган күйөрман улутмандар аны алты миң жылга такоого азыркы тапта абдан катуу аракеттенип жатышат. Анын канчалык чындыгы бар экенине кезеги келгенде көзүбүз жетээр.

Байыркы кытай ордо тарыхчысы Сыма Цяндын «Шы-Цзи» («Тарыхый жазмалар») деген эмгегиндеги кабарга караганда, б.з.ч. 201-ж. хундардын падышасы Моденин жортуулу учурунда өз алдынча Кыргыз мамлекети жашап турган. Асыресе, бул Кыргыз элинин жана мамлекетинин эң биринчи эскерилиши эле. Дал ошол маалымат 2003-ж. кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын өткөрүүгө негиз болгон. Сыма Цяндын эмгегинде мындайча так айтылган кабар бар: «Хундардын падышасы кийинчерээк түндүктө Хуньюй Кеше, Динлин, Кыргыз (Гэгунь) жана Цайли падышачылыктарын каратты. Буга хун ак сөөктөрү ыраазы болушту жана Бодунга (Маодун-Моде) – Теңир-кутуна Бильге ысымын ыйгарышты».

Айтмакчы, б.з.ч III к. акыркы чейрегинде азыркы Монголиянын борборун жана батыш тарабын мекендеген, кыргыздарга тектеш түрк тилдүү калк – хундардын мамлекети калыптанган. Хундардын алгачкы падышасы Түмөн Теңир-куту (шанүй, болжолу 219–209-жж.) чыгыштагы коңшулары Дунхулар (монголдордун ата-теги), түштүк-батышта Юечжилер (перс тилдүү) менен теңтайлашып турган. Ал кезде хундардын түндүк, түндүк-батыш тарабындагы коңшулаш аймактарда эч кимге көз каранды эмес Динлин, Кыргыз, Кыпчак (Кюеше) же Сэнле ж.б. чакан мамлекеттер орун алган. Аларды хундардын экинчи падышасы Бодун Теңир-куту (Маодун, Моде шанүй) 203–201-жылдардагы жортуул маалында айыгышкан кармаштар аркылуу араңдан зорго караткан. Жеңилген өлкөлөрдүн небактан бери бийлик жүргүзүп келе жаткан өкүмдар хан, бектери эми Бодун Теңир-кутунун (Моде шанүй) башкы, улуу хандык (кытайча хянь) бийлигин таанышат. Кызыгы, кытайча хянь сөзү абыдан акылман, даанышман, жакшылык кылуудан аянбаган ак пейил, адамкерчиликтүү, көптү билген, өтө билимдүү билерман өкүмдар дегенди билдирчү.

XIX к. 70–80-жж. кыргыздардын тарыхы боюнча кыйла материал топтогон орус окумуштуусу Н.А. Аристов кыргыздар жана кыргыз өлкөсү тууралуу эзелки эскерүү б.з.ч. 209–201-жылдарга таандык деп жазат. Ал Моде шанүй б.з.ч. 201-ж. караткан кыргыз өлкөсү кытай тарыхый булагында байыркы Кыргыз (Гэгунь) мамлекети деп аталганын баса белгилеген. Андан эки жарым (250 жыл) кылым өткөн соң, б.з.ч. 49-жылы Чжичжы шанүй кайрадан каратканда, ошол эле өлкө Гянь-гунь деп аталчу, – деп жазат Н.А. Аристов.

Кыргыз мамлекети Сыма Цяндын жазганы боюнча Хамиден батышта, Карашаардан түндүктө, мөңгү баскан Ак карлуу тоонун (Чыгыш Теңир Тоо) этегинде жайгашыптыр. Кыргыз өлкөсү хундардын империясына убактылуу каратылгандан кийин, аны хун падышасы дайындаган өкүмдарлар (Чжуки-ван) башкара баштайт. Ошондон кийинки өкүмдар – вандардын бири теги кытай кол башчысы Ли Лин эле. Ал б.з.ч. 99-жылы кытай - хун согушунун учурунда болгону 5 миң тандалма аскер менен душмандын 30 миң атчан аскеринин курчоосуна кабылып, туткунга түшүп калган болчу. Кармаш маалындагы анын аскердик өнөрүнө жана жеке каармандыгына ыраазы болгон хан ага урмат-сый көрсөтүп, кызына үйлөндүргөн жана жогорудагы мансапка дайындаган. Ли Лин хун ханынын мындагы өкүлү сыпатында Кыргыз өлкөсүн дээрлик чейрек кылым, т.а. б.з.ч. 75-жылы көзү өткүчө тескеген.

Албетте, узак убакыт күч-кубаттуу Хун дөөлөтүнүн курамында болуу кыргыздар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Бирдиктүү чоң мамлекеттин чегинде бөлөк элдер менен карым-катнашы кеңейди, коомдук турмушу татаалдады, эң башкысы мамлекеттүүлүктүн татаал сырларын ого бетер өздөштүрүп, саясий тажрыйбасы байыды. Натыйжада, кыр-

www.bizdin.kg



гыздардын кайрадан эгемендикке, мамлекеттик көз каранды эместикке ээ болуу мүмкүнчүлүгү кеңейе берген. Акыры андай оңтойлуу кырдаал да бышып жетилет. Алсак, Ли Лин көз жумгандан көп өтпөй, б.з.ч. 59–57-жылдарда Хун империясында ханзаадалардын ортосунда так талашкан күрөш күчөйт да өлкө экиге: Түштүк, Түндүк Хун хандыктарына бөлүнүп кетет. Ушундай оңтойлуу учурда – б.з.ч. 56-ж. кыргыздар көз каранды эместигин жарыялашкан.

Буга байыркы кытай тарыхчысы Бан Гунун «Цянь Хань Шу» («Эрте Хань династиясынын тарыхы») аттуу чыгармасындагы маалыматтар күбө. Анда Усунь, Угйе, Динлин падышачылыктарына жанаша өз алдынча Кыргыз падышачылыгы жашап турганы ачык айтылган. Бул жөнүндө Бань Гу мындай деп жазат: «Чжичжы Шанүй (Теңир-куту)… усундарга сокку уруп, аларды талкалады; андан соң түндүккө кайрылып, Угйеге сокку урду. Угйе багынды жана Чжичжы анын аскеринин жардамы аркасында батышта Кыргызды кыйратты; түндүктө Динлинди багындырды. Ошол үч падышачылыкты багындырып, ал кайра-кайра Усунга аскер жөнөтүп турган жана ар дайым жеңишке жетишкен». Бул окуялар болжолу б. з. ч. 48–47-жылдарга туура келет.

Демек, буга чейин Усун Го (мамлекети) сыяктуу эле Угйе, Кыргыз, Динлин (Бан Гу жазгандай үч падышалык) хандыктары өз алдынчалыгын калыбына келтиргени, аларды Чжичжы кайрадан көп аскер менен араң убактылуу каратканы тарыхый даректен даана байкалып турат. Ошол кезде Кыргыз хандыгы Ордостогу Хун ордосунан 7 миң ли (3500 км) батышта, Чешыдан (Турфан) 5 миң ли (2500 км) түндүктө турган. Дал ушул жерге Чжичжы убактылуу ордо куруп туруп калат. Мындагы Хун ханынын ордосуна кийин батыштагы Кангүй ж.б. хандыктардан дембе-дем элчилер келип турганы белгилүү. Бирок анын Кыргыз өлкөсүндөгү үстөмдүгү узакка уланган эмес. Көп өтпөй ал Каңгүй хандыгына журт которгон. Андан соң, б.з.ч. 36-жылы Чжичжы шанүй Таласта кытай аскерлери менен айкашта колго түшүп, өлүм жазасына тартылган.

Байыркы кыргыз мамлекети тууралуу кийинки маалымат б.з. III кылымына таандык. «Кыргыз мамлекети Кангүйдүн түндүк-чыгыш тарабында жайгашкан. 30 миң жоокерден куралган тандалма аскери бар. Мал багып, жан сакташат. Анда суусарлар арбын, ашкан күлүк аргымак аттары бар. Динлин өлкөсү Кангүйдөн түндүгүрөөк жакта жайгашкан. Чок ортосунда – чордонунда Кыргыз мамлекети турган жогоруда аттары аталган үч мамлекет Аньсишуй суусунун боюндагы хундардын падышасынын ордосунан 7 миң ли (3,5 миң км.) аралыкта орун алган, алардын түштүк тарабында 5 миң ли (2,5 миң км.) аралыкта – Чеши (Турфан) жана алты (бөлөк) ээликтер бар, түштүк-батышта Каңгүйдүн чек арасына чейин – 3 миң ли (1,5 миң км.), батышта Кангүй өкүмдарынын ордосуна чейин – 8 миң ли (4 миң км.)» – деп жазылган бул тарыхый кабарда. Ушул эле кабардын аяк ченинде Кыргыз мамлекети хундардын түндүк-батыш тарабында жайгашканы айтылган. Кытай тарыхынын үч падышалык доорунда (220–265-жж.) Кыргыз хандыгы кытайлыктарга коңшу чет өлкө катары жакшы белгилүү болгону жөнүндө маалымат «Бянь-и-дянь» аттуу булакта да жолугат.

Айтмакчы, жогорудагыдай тарыхый маалыматтарга таянуу аркылуу Ю.С. Худяков, В.Я.Бутанаев, Л.А.Боровкова ж.б. аалымдар адепки кыргыз хандыгы Чыгыш Теңир-Тоодо калыптанган деген ойду айтып келишүүдө. Ошол тоо тилкесине кирүүчү Боро-Хоро тоо кыркасынын түндүк тарабындагы, Монгол Алтайынан анчейин алыс эмес Дзосотын-Элисун чөлүнүн батышындагы, Ала-Көлдүн түштүк-чыгышындагы аймакты кыргыздардын эзелки мекени экендиги тууралуу алардын пикирин азыркы учурда көпчүлүк окумуштуулар колдогону маалым. Дагы бир айта кете турган жагдай – ошол ойдуңдун орто жеринде Манас суусу агып өтөт, Манас району, Манас шаары бар. Манас топоними кытай тарыхый булактарында адеп айкөл Манас баштаган кыргыздын айыгышкан жоосу кара кытайларга (кидандар) тиешелүү 1164-жылкы окуяга байланыштуу эскерилгени да кызык.

Айтор, ата-бабаларыбыз абалтадан эле алыс-жакындагы мамлекеттер менен мезгилдин өктөм талабына жараша алака кылып, аларга катарлаш башкалардан кем эмес

www.bizdin.kg



өз бетинче кагандык, хандыктарын түзүп, кыйраса тез арада кайра калыбына келтирип турган. Өкүнүчтүүсү – эң эзелки кыргыз мамлекеттерин башкарган падыша хан, бектердин, эл-жерди жоодон коргогон баатыр кол башчы, эрен, эрлердин, акылман, кеменгер жетекчилердин ысымдары тарыхый булактардан азырынча учурабай, өтмүшүбүздү кемитип жатпайбы.

# Энесайдагы кыргыз мамлекеттери. Ышбара (Шибокүй) Ажаан. Барсбек каган. Кыргыз Ажосу Алп Сол. Иналдар (VI – XIII к. башы)

## Энесайдагы кыргыз кагандыгы. Ышбара (Шибокүй) Ажаан.

Б.з. IV–V кылымдарында Борбордук Азиянын саясий турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр болуп өттү. Хундардын империясы чачырап кыйрагандан кийин түзүлгөн майда ээликтердин көбү Теле (төөлөс) саясий бирикмесине баш кошушкан. Бирикмеге кирген калктын көпчүлүгү тектеш көөнө түрк тилинде сүйлөгөн уруулар эле. Теле өлкөсү IV–V кк. Чыгышта Монголиянын чордонундагы Хангай тоосуна батышта Чыгыш Түркстан, Жунгарияга чейинки кеңири мейкиндикти камтычу. Ал бирикмеге кирген элдер, уруулар менен кыргыздар эл аралык кырдаалга ылайык ынтымак түзүп, ымала кылып турушкан. Айрыкча эзелтеден бери эски коңшулары – динлиндер менен агайин-туугандык алака-байланыштары, эми эки элдин аралаша баштаганы Тан династиясынын (618–907-жж.) тарыхында баса белгиленет.

Ошол доордо (IV к. ортосу) Теленин түштүк-чыгыш тарабында Хангайдан ары Хинган тоосуна, Гоби чөлүнө чейинки аймакта Жужан кагандыгы калыптанып, канатташ калктарга каршы кайра-кайра баскынчыл жортуулдарды уюштурат. Чөлкөмдө абал кескин өзгөрө баштаганын алдын ала байкаган кыргыздар ошондо күч-кубаттуу жаңы жоодон алыс болуу максатында Энесай өрөөнүнө журт которгон болчу. Кыргыздардын Чыгыш Теңир-Тоодон жаңы конушка ооп келиши болжолу б. з. V кылымынын экинчи жарымына туура келет. Көп өтпөй Миң-Өзөн (азыркы Минусин аймагы) ойдуңунда Афу-Гян (Абакан-Енисей) сууларынын боюнда б. з.VI к. башында Энесай Кыргыз кагандыгы түзүлгөнү тарыхта жакшы маалым. Бул тууралуу кытай тарыхый булагында мындайча уламыш бар: «Түрктөрдүн башкаруучу тукумунун ата-теги хундардын түндүгүн жердеген Со уругунан чыккан. Аймактын ак сөөк аксакалынын ысымы Апанбу эле. Алар 70 бир тууган болчу. Биринчиси Ичжини - Нишыду деп аталган жана ал бөрүдөн төрөлгөн. Анын жайчылык касиети бар эле; шамалды чакырып, жаан жаадыра алган. Ал эки аял алат, алардын бири жайдын ээсинин кызы, экинчиси кыштын ээсинин кызы боло турган. Биринчиси төрт уул төрөгөн; алардын туну ак кууга айланат (азыркы алтайлыктардын куу кижи уруусу сыяктанат – авт.); Цигу ысымдуу кийинкиси (Кыргыз) Афу (Абакан) жана Гянь (Енисей) дарыяларынын аралыгында падышалык кылды». Кыргыз тарыхый инсандын ысымы экени, болгондо да элдин теги, Огуз хандын 24 небересинин бири экени XVII к. хивалык Абулгазы Бахадур хандын «Түрк санжырасында» да айтылганы кызык.

Кандай айткан күндө да Энесай Кыргыз кагандыгы байыркы бабаларыбыздын мамлекеттүүлүгүнүн жаңы этабы болгону шексиз. Өз мезгилинде күчтүү мамлекеттердин бири катары алыс-жакындагы коңшу элдерге жакшы таанылган Кыргыз кагандыгынын ээлиги чоң аймакты камтып, анын чек арасы чыгышта Байкал көлүнө, түштүктө Танн олага, түштүк-батышта Чыгыш Түркстанга чейин созулган. Ал кезде кыргыздардын саны бир нече жүз миңге (түтүнгө – авт.), аскери 80 миңге жеткен.

Акырындап өлкөдө адат-мыйзамдар жаңырып, мамлекеттик тартип чыңдалган, башкаруу иши жакшырып бийлик органдары татаалдаган, мансап-мартабалар такталган.

www.bizdin.kg



Алсак, кимдир бирөө жоого каршы «салгылашуунун алдында жалтактап артка качса, элчилик милдетти так аткарбаса, өкүмдарга акылга сыйбаган туура эмес кеңеш берсе, ошондой эле уурулук кылса өлүм жазасына тартылып, башы алынган. Эгерде колу туткак уурунун атасы бар болсо, анда анын башын атасынын мойнуна илип коюшчу, ал аны өлөөр өлгүчө алып жүрүүгө милдеттүү болгон». Кытайлык булактагы ушул маалыматты дагы бир жеринде баса көрсөтүлгөндөй, алардын мыйзамдары абдан катаал болгон. Кыргыздар мал чарбачылыгы, дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен кесиптенген. Коомдук мамилелери да патриархалдык-феодалдык нукта өнүккөн.

Бир кезде Кыргыз кагандыгы менен жанаша Алтай аймагында түптөлө баштаган Түрк кагандыгы 546-жылы теле урууларын багындырган соң, 552-ж. Жужан кагандыгын кыйратып, Борбор Азиядагы өтө кубаттуу өлкөгө айланат. 555-жылы Мукан каган көп аскер менен басып киргенде элин бөөдө кыргындан сактоо үчүн кыргыз каганы кыйла артыкчылык кылган Түрк кагандыгынын үстөмдүгүн тааныды. Бирок кыргыз каганы түрк каганынын убактылуу гана вассалы болуп калган. Кыргыздар келишимдин шарттарына ылайык, Түрк каганына салык катары курч болоттон согулган бышык албарс кылыч ж.б. курал-жарактарды, азык-түлүк, ат-көөлүк, унаа, алтын-күмүш жана аскер жөнөтүп турмак.

Албетте, башка байыркы көчмөндөрдүн мамлекеттериндей эле Улуу түрк кагандыгы да түбөлүктүү болгон жок. Ханзаадалардын таажы, такты талашкан кармаштарынын натыйжасында 581-жылдан тартып, Түрк кагандыгы экиге жиктелип алсырай баштады. Мындай жоболоңдуу окуялар 603-ж. кагандыктын Чыгыш жана Батыш кагандыктарга биротоло бөлүнүшү менен бүттү. Ушундай учурда кыргыз кагандыгы кайрадан өз алдынча жашоосун улантат.

Адис окумуштуу Ю.С. Худяковдун айтканына жана жазганына караганда, 583-ж. кыргыз каганы Борбор Азиядагы окуяларга активдүү түрдө кийлигишүүгө камына баштаптыр. Дал ошол кезде «түрктөрдүн түндүгүндө кожоюндук кылган, кыргыздар (цигу) тишин-тишине кайрап, түрктөрдүн арка тараптарынан аябай сокку берип турду».

Ушуга улай мурдатан кыргыздар менен дурус мамиле кылып келе жаткан теле уруулары да көз каранды эместик үчүн күрөшкө чыккан. Алардын андай аракети айрыкча 627–630-жылдарда күч алып, Сыр-Тардуш (сеяньто) кагандыгынын түзүлүшү менен аяктайт. Анан калса 629–630-жылдарда Тан империясы чыгыш түрктөргө чабуул коюп, эки тараптан урулган оор сокку жеңишти жеңилдеткен. Эми Чыгыш түрк кагандыгы ошол соккудан оңоло албай, жер бетинен жексен болду да, ээлиги Сыр-Тардуш кагандыгынын карамагына өттү. Согуш маалында кыргыздар чыгыш түрктөргө каршы күрөштүн алдыңкы сабында жүрүшкөнү анык. Сыр-Тардуштарга жан тарткандыктан, алар жеңишке жетишкенден кийин өзүнүн абалын чыңдаганча адегенде бир аз жыл кыргыз каганы вассалга айланат. Албетте, мындай абал көпкө созулган жок. Сыр-Тардуш каганы дайындаган сылифа (элтебер) Кыргыз өлкөсүнө үстүртөн гана көз салып, ички иштерине кийлигишпестен, бир нече жыл салык-тартуу алуу менен чектелген. Акыры аздан соң Сыр-Тардуш кагандыгы өзү алсырап кетип, Кыргыз кагандыгы кайрадан көз каранды эместигин тез арада калыбына келтирет.

Б.з.VI к. 40–50-жылдарында өз алдынча Кыргыз хандыгын Ышбара (Шибокүй) Ажаан башкарган. Анын заманында кыргыз мамлекетинде жогорку бийлик органдары небак кадимкидей калыптанып, кагандын кол алдында үч министр: Гйеси бей, Гюйшабо бей жана Ами бей мамлекеттик иштерди так аткарып, өлкөнүн калкын кылдаттык менен башкарып турган. Айта кете турган дагы бир жагымдуу жагдай Ышбара Ажаанды кийинчерээк кытай императору Уцзун (841–846) кыргыз ханы, өкүмдары (государь) атаган.

Менимче, кытайлык кыргыз окумуштуу тарыхчысы Анвар Байтур бекеринен Ышбара-Ажаанды Кыргыз каганатынын каганы деп атабаса керек. Аталган окумуштуунун өзү жакшы тааныш кытай булагына таянып жазганына караганда, 645-ж. Сыр-Тардуш кагандыгынын карамагындагы уйгур, баркут, тоңза ж.б. калктар хан бийлигине каршы козголоң уюштурушкан. Өлкө ичиндеги ушул сыяктуу баш аламандык күчөгөн кезде 646-ж. Тан империясы Сыр-Тардуш кагандыгына каршы баскынчыл жортуул баштап, анын айма-

www.bizdin.kg



гын басып алат. Ички, тышкы душмандардын удаа-удаа урган соккусунан алсыраган каганат оңоло албай тез арада ойрон болду. Ошондон тартып сыр-тардуштардын кыргыз кагандыгына таасири биротоло жана толук жоюлду.

«Тайпинхуаньюйизи» («Сун сулалесинин учурундагы Тайпин башкарган 976–983-жылдарда дүйнөнү сүрөттөп жазуу») аттуу кытай тарыхый булагында ал кездеги кыргыз кагандыгынын мамлекеттик башкаруу системасы тууралуу мындай деп жазылган: «Алардын (кыргыздардын – авт.) мамлекетинде улуу (эң жогорку, башкы – авт.) кол башчы Хэси бей деп аталат, андан кийинкиси (мансабы боюнча) Ацзюшэ би бей деп аталат, андан кийинкиси Ами бей деп аталат. (Бул) үч киши чогуу (мамлекетти – авт.) башкарышат.

Алардын мамлекетинде өкмөттүк кызматкерлердин цзай-сян, ду-ду деген мансаптары (кызмат) андан соң цзян-цзюн, дацян (зайсан, тутук, сангун, дагань болушу мүмкүн) деген мартабалары (даража) бар».

Дал ошол мезгилде, т.а. VII к. 30–50-жылдарында кыргыз өкүмдары өз өлкөсүнүн эл аралык абалын, коңшу өлкөлөр жана элдер менен элчилик байланыштарды, дипломатиялык мамилелерди чыңдоону көздөп, чет өлкөлөргө: Кытайга, түргөштөргө, карлуктарга, кийинчерээк арабдарга, Тибетке ж.б. калктарга өз өкүлдөрүн жөнөтүүгө чечкиндүү киришкен. Айрыкча бул мезгилде түздөн-түз кыргыз-кытай мамилелери туура нукка түшүп, туруктуу мүнөзгө ээ боло баштайт. Кыргыз кагандыгы менен эки тараптуу элчилердин карым-катнашын өнүктүрүүгө өз кезегинде кытай императору да кызыккан. Анткени чөлкөмдө көптөгөн кагылышууларга, чыр-чатактарга башынан башкы себепкер болгон чыгыш түрк кагандары, кийин сыр-тардуштар уйгурлар эки элдин бейпил тынч жашоосуна коркунуч туудурган жалпы жоолоруна айланышкан.

Кызыгы, бул өңүттө адегенде Тан императору Тайцзун (626–649) демилге көтөрүп, 632-жылы янь-ши-вэй Ван И-хунду элчи катары Кыргыз мамлекетине жөнөтүптүр. Өз кезегинде кыргыз кагандыгы 643-жылы Кытайга элчи жөнөтүп, ал элчи император Тайцзунга кагандын атынан «суусардын терисинен тигилген кымбат баалуу ичик (тон) жапкан жана суусар терилерин тартуулаган экен. Кытай тарыхый булактарында кыргыз элчилери ошондон тартып, Тяньбао башкарган мезгилге (742–755) чейин, б.а., уйгур кагандыгы эки ортодо жолтоо боло баштаганга дейре Тан империясынын ордо калаасына – Чаньанга үзбөй келип-кетип турганы тууралуу кабарлар арбын. Алсак, андай элчилер 648, 653, 675, 709, 711, 722, 723, 724, 747-жж. келиптир, натыйжада эки мамлекеттин ортосундагы саясий, соода-сатык жана чарбалык-маданий байланыштардын күндөн-күнгө күчөшү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн.

Арадан 5–6 жыл өтүп-өтпөй, 648-жылы Энесай Кыргыз кагандыгынын Ышбара Ажаан деген аксакалдуу карыя каганы өзү баш болгон жоон топ элчилер узак жолду басып өтүп, Тан империясынын борбору Чаь-Ань (Чаньан) шаарына көп тартуу менен келет. Кытай императору Тайцзун аларды ак сарайда атайын уюштурулган шаан-шөкөттүү салтанатта кабыл алып, өтө чоң сый-урмат көрсөткөн. Ушул элчиликтин келиши жөнүндө Кытай императору кийин (843-жылы) кыргыз ханына жөнөткөн катта мындайча кабар бар: «Чженьгуань башкарган 6-жылы (632) Тайцзун элчиси Ван-И-хунду силердин мамлекеттин ханына жөнөтүп, (эки өлкөнүн ортосунда – авт.) тынчтыкты орнотууну ( элчиге) буйруду.

Чженьгуань башкарган (Чженьгуань же Тайцзун жыл санагы – 626–649-жж.) 22-жылы (648) Сиздердин өлкөнүн ханы, өкүмдары (Ышбара Ажаан – авт.) жеке өзү (императордун – авт.) ак сарайына-ордосуна келген. Тайцзун ага цзотуньвэй цзянцзюн деген (сол канатты коргоочу башкы кол башчы) аскердик чинди ыйгарган жана Кыргыз (Цзянь-гунь) аймагынын жогорку эгеси, башкаруучусу (каганы) катары тааныган». Айрым кытай маалыматтары боюнча ага император Кыргыз Тутук Буйругу (Цянь-гунь-дуду - фу) жогорку даражалуу мансапты тартуу кылыптыр. Мында биз кытай императорлорунун бөлөк элдерге карата мамилесинде мурдатан калыптанган адатты текеберликти, өзгөчө көчмөн калктарга караганда, өздөрүнүн өлкөсүн көтөрө чалып дайыма жогору коюп келген салттуу дипломатиялык ыкманы эске алганыбыз оң.

Кыргыз өкүмдары Ышбара Ажаан Кытайдын Тайцзундан кийинки императорлору менен да элчилик байланыштарды, соода-сатыкты үзбөй, бир топ жыл ымала кылып турду. Айтмакчы ал эл аралык мамилелерди чыңдоо, соода-сатыкты өнүктүрүү, экономикалык байланыштарды өрчүтүү аракети менен гана чектелген эмес. Мындан тышкары кыргыз хандыгы ар кандай себептерге байланыштуу чет жерде, көбүнэсе байыраак бардар өлкө – Кытайда жүргөн мекендештерин кырсыктардан коргоого, алардын керт башына, аласа-бересесине, кылган кылмышына кепил болууга умтулган.

Ал заманда Кытайга байдын малын айдап келип, кээде кайра кайтып кете албай карызга баткан кедей-кембагалдар, олжого кеткендер, жылкы тийип уурулук кылып туткунга түшкөндөр, оңой оокат, байлык-бакыт издеп ооп баргандар аз эмес эле. Мамлекет башчысы алардын тагдырын ойлобой, доо-талаштан, капастан куткаруу үчүн кам көрбөй коё алмак эмес.

Маселен, Ышбара Ажаан каган 653–654-жылы Тан империясына элчилерин жиберип, жаңы император Гао-цзунга атайын кат менен кайрылган. Анда төмөндөгүдөй өтүнүч жазылыптыр: «Кытайдын өзүндө биздин далай адамдарыбыз бар. Азыркы тапта алардын өз мекенине бошотулуп коё берилишин каалаймын. Тез арада жөнөтүүңүздү өтүнөм». Маселени создуктурбастан тезирээк чечиш үчүн кыргыз элчилери атайын айдата келген сыны сонун сан жылкыны императорго тартуу кылган.

Император Гао-цзунь жооп иретинде Фань Цянь аттуу кишини Кыргыз өлкөсүнө элчиликке жөнөткөн. Ал ат-төөлөргө сылай жүктөлгөн кызыл кымкап, жибек кездемелерди – императордун Ажаан ханга арнаган мол белегин ала келет. Мурдагыдай эле кыргыз элчилери кийинки жылдары дагы Кытайга келип, адашкан же туткун кыргыздардын дайын-дареги билинген сайын акы төлөп кулчулуктан куткарып алышчу.

Алысты көрө билген көсөм Кыргыз ханы Ышбара Ажаандын мындай чечкиндүү аракеттери текке кеткен жок. Анын ички, тышкы саясаты үзүрлүү болгондуктан, акырындап Кыргыз хандыгынын күч-кубаты артты, өлкөнүн андан ары өсүп-өнүгүшү, келечегинин кеңейиши үчүн өбөлгөлөр бышып жетилди.

## Борбордук Азияда эл аралык абалдын курчушу. Кыргыз – кытай – түргөш ынтымагы. Барсбек кагандын мамлекеттик ишмердиги

Кыргыз мамлекети айрыкча Барсбек кагандын тушунда (675–711) күч алып, өтө активдүү тышкы саясат жүргүзөт. Буга белгилүү өлчөмдө Борбор Азияда гегемондук кылуу үчүн күч-кубаттуу мамлекеттердин ортосундагы теңтайлашуу түрткү берген. Андай атаандашуулар акырындап, Борбор Азия аталган тарыхый-географиялык кең аймакта эл аралык абалдын абыдан курчушуна алып келди. Мунун башкы күнөөкөрү да, себепкери да жаңыдан кайра калыбына келе баштаган Экинчи Чыгыш түрк каганДыгы болгону шексиз. Анткени чыгыш түрк кагандары алгачкы жылдардан тартып эле коңшу өлкөлөргө, элдерге карата душмандык аракеттерди, тескери мамилелерди күчөтүү, ыдык көрсөтүү аркылуу чөлкөмдө чоң чатак чыгарууга жана саясий үстөмдүгүн орнотууга жутунушкан.

Белгилүү болгондой, адепки Чыгыш түрк кагандыгы 629–630-жж. сыр-тардуштар жана Тан империясы тарабынан талкаланган эле. Ошондон соң чыгыш түрктөрү көпкө чейин оңоло албай жарым кылымга жакын Тан империясына көз каранды абалда калган. Акыры Тан империясындагы ак сарайда да мураскорлордун ортосунда так талашкан ордо күрөшү күчөп, абал начарлаган. Кытай ханзадалары ич ара чыр-чатактар менен алагды болгон ушундай оңтойлуу учурда – 679-жылы чыгыш түрктөрү кайрадан баш көтөрүп, Кытай үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышат. Көтөрүлүшкө эр жүрөк эрен Кутлуг зор жетекчилик кылып, ал Элтерис каган жарыяланган. Эки-үч жылга созулган бул кыймыл

www.bizdin.kg



682-жылы Экинчи Чыгыш түрк кагандыгынын түзүлүшү менен аяктаган. Жаңыдан жаралган кагандык адегенде эле Энесайдагы Кыргыз кагандыгы менен жоолаша баштаган. Анткени Элтерис каганга анын өчөгүшкөн элдешкис душманы – Тан империясы менен кыргыздардын алака-байланыштары жаккан эмес. Көп өтпөй чыгыш түрк кагандыгы канатташ жашаган калган көчмөн элдер менен да каршылаша баштап, айрымдарын багындырууга үлгүрөт. Бирок түрктөрдөн эч жеринен кем эмес көчмөн элдер Элтерис каганга биротоло моюн сунууну каалабай биргелешип, көз каранды эместик үчүн күрөшүүгө даярдык көрүп жатышты. Адегенде алардын мындай аракетине тогуз-огуздардын улугу Боз каган жетекчилик кылды. Ал Чыгыш Түрк кагандыгына бир учурда үч тараптан капысынан кол салуу үчүн Тан империясына жана кара-кытайларга (кидандарга) өз элчилерин жөнөткөн.

VIIк. 80–90-жылдарында Борбор Азиядагы эл аралык кырдаалдын курчушу Элтерис кагандын уулу-ханзаада Күлтегиндин бейитиндеги эстелик ташта мындайча сүрөттөлөт: «Оңдо (түштүктө) табгач (кытай) эли анын (Кутлуг чор Элтерис кагандын) душманы болгон, солдо (түндүктө) Боз каган башкарган тогуз-огуз эли (анын) жоосу болчу, кыргыздар, курыкандар, отуз-татарлар, кытайлар (кара кытай-кидандар) жана тата - билер бүт бардыгы (анын) жоосу болгон; менин каган атам (Элтерис) кырк жети жолу аскери менен жортуулга чыккан жана жыйырма ирет салгылашкан»…

Көз каранды эместик үчүн күрөшкө көтөрүлгөн элдерди бир-бирден четинен тынчытуу максатында Элтерис каган 689-ж. түндүктөгү коңшусу тогуз-огуздарга кол салып, Тала өрөөнүндөгү кармашта Боз кагандын аскери менен жеңишке жетишет.

Ушуга удаа түрк аскерлеринин жоон тобу кытай ээлигине кирип барып жоонун жолун торосо, Тонүкүк кол башчылык кылган түрк кошуундары чыгышта түргөштөргө чабуул койгон. Ошол оор окуялардан соң буга чейин тогуз-огуздар жердеген Хангайдагы Өтүкөн тоо-токоюна Ички Монголиядагы Күз Чугай менен Кара кумдан Элтерис кагандын ордосу көчүрүлдү. Бирок далай элдин канына сабын болгон каганга жаңы ордо буйруган жок. Элтерис каган коңшу калктардын тынчын алып, алардын каган, хан-бектерине сүр көрсөтүп, олжого келген байлык, бийлигине эсирип турган чагында, 691-ж. көз жумат. Такты, таажыны анын кытай булагында Мочжо деп (Бег-чор) аталган иниси мурастап, Капаган каган деген наамды алган. Ал дагы агасынын жолун улап, баскынчыл тышкы саясатты жүргүздү.

Ага тең ата каган катары башка хандыктарга караганда катуу каршылык көрсөтүп, карөзгөй максаттарын ишке ашыруусуна тоскоол болгон, жортуулга чыкса кылчактабай жолун торогон эң айбаттуу башкы жоосу – кыргыз өкүмдары Барсбек каган болду. Барсбек кагандын ысымы, ишмердиги жана эрдиктери Орхондогу жана Алтын-Көлдөгү ташка чегилген руна сымал жазуу эстеликтеринде эскерилет. Алтын-Көлдөгү анын бейитине орнотулган эстелик таштагы кошок сыяктуу баяндан байкалып тургандай, Барсбек байыртадан эл бийлеген ак сөөк тукумдан чыккан. Ата-тегинен бери алардын колдоочусу Умай-эне деген терең ишеним бар эле. Андыктан Барсбек кагандын ага-инилери Умай бектер деген мартабаны (даража-наам) алып жүрүшчү. Болжолу ал 670–675-жылдарда туулган, төрт бир тууганы бар эле. Атасынан өспүрүм бала чагында айрылып, кыйла кыйынчылыктарды баштан кечиргендиктен, курбу-курдаштарынан эрте жетилген.

Эртелеп эл аралап өнөр үйрөнгөн, элин-жерин тааныган, санжыра, уламыш-баяндарды угуп байыркы баатыр бабалардын, эчендеген эрендердин эрдиктерин улантууну самап-эңсеген. Жаш чагынан аттын кулагы менен тең ойногонду, ит агытып, куш салганды, шамдагайлык менен жоосун коргонууга үлгүртпөй, айбалта шилтегенди кылыч чаап, найза сайганды, жааны таамай атып, чалма салганды-ыргытканды мыкты билген. Далай жортуулдарга, кармаштарга катышып, согуш өнөрүн өздөштүрүп өтө машыккан. Акылмандыгынын, адилет, айкөлдүгүнүн, жоомарттыгынын, көптү билген көсөмдүгүнүн, эч нерседен кайра тартпаган кайраттуулугунун, кара кылды как жарган калыстыгынын, курч-өткүрлүгүнүн,

www.bizdin.kg



темирдей бекем эрктүүлүгүнүн аркасында тез эле элге таанылып, кадыр-баркка ээ болуп чыгаан жол башчы катары өзү теңдүү замандаштарынан суурулуп чыкты.

Азыркы Хакасиядагы Алтын-Көлдүн жанынан табылган жана Красноярск (илгери кыргызча Кызыл-Жар деп аталчу) крайынын Минусинск (Миң-Өзөн деген жер атынын орусча айтылышы) шаарындагы музейде сакталып турган эстелик ташта Барсбектин өтөлгөлүү өмүрүнүн урунттуу учурлары мындайча баяндалган:

Энем мени он ай көтөрдү!
Ал мени элиме тартуулады.
Мен эрдик менен жашадым, элиме түркүк болдум.
Мен калың жоого катуу тийип салгылашып,
Бирок элимин өзөгүн өрттөп андан бөлүндүм.
Аттиң!
Ингендерге артып, агаларыңызга, инилериңизге
Тартуу-таралгаларды жөнөтүп турдуңуз.
Мен, Барс жердеги эрдик иштериме жете канбай кеттим!
Сиз атасыз өсүп, алп болдуңуз!
Алгыр тайгандарыңыз илбээсиндерди кууганда,
Конушубуздун жанынан зуулдап өтчү элеңиз!

Азезил ажал, өз жакындарың менен кошо чири!
О Барс! Бизди таштап кетпе!
Аттиң!
Биз мартабалуу Умай бектерденбиз,
Биз уялаш алп эрендербиз. Аттиң!
Алты эрди калтырып кеттиң!
Аргымакты өзүңө кошо ала кетпедиң!
Асыл үч идишти өзүң менен кошо ала кетпедиң!
О, менин асылкечим! О менин кенчим!
Бизди таштап кетпе!.. Биз (мурда) кубанчубуз.
О, Алтын Сунга чер токоюнун кайберендери,
жер жайнап тукумдай бергиле!
Менин Барсым жылкыларын, букаларын таштап кебелбей кете берди,
жарык дүйнө менен кош айтышты! Аттиң!
Биз асылзат төрт бир тууган элек.
Бизди Эрклиг (жер алдынын каны, ажал) айрыды. Аттиң!
Менин эрдиктеримдин урматына
ага-инилеримдин атагы үчүн
мага (ушул) түбөлүктүү эстеликти тургузушту.

Эскерте кете турган нерсе, ушул кошокко окшош баяндагы жана Күлтегин менен Могилян кагандын эстеликтериндеги Сунга чер-токою деген жердин аты, ошондой эле Барс ысымы бири-бирине дал келет. Ошондуктан окумуштуулар жогорудагы таш эстеликтеги жазуу 711-ж. Чыгыш түрк аскерлеринин кыргыз кагандыгына каршы жортуулунун учурунда баатырларча курман болгон Барсбек каганга арналган деп эсептешет. Өзүнүн мазмуну боюнча эстелик кыргыздардын маркумду жоктоочу кошогуна окшош. Ал бир жагынан Барсбек кагандын керээзи, экинчи жагынан агайин-туугандарынын арманы сыяктанат.

Эстеликте баса көрсөтүлгөндөй, Барсбек каган энесинин, элинин ишеничин, үмүтүн актап, бүт өмүрүн, кайрат-демин элине эмгек өтөөгө, өлкөнүн эгемендигин, кыргыз кагандыгынын көз каранды эместигин, кыйыр бүтүндүгүн көздүн карегиндей сактоого арнаган.

Таанымал россиялык чыгыш таануучу С.Г. Кляшторныйдын бөлөк эстеликтерден кылдат тактаган маалыматтары боюнча Барсбек таажы кийип, такка олтурганда эрдигинен

www.bizdin.kg



Алп, акылмандыгынан Билге, толук айтканда Ынанчу Алп Билге атыккан. Эрен Улуг менен Ичерги Эзген деген көптү билген эр жүрөк чыгаан элчилери болуптур. Расмий түрдө Ынанчу Алп Билге наамын кабыл алып, өзүн каган жарыялаган соң, VII к. 90-ж. орто ченинен тартып, Барсбек каган чыгыш түрктөргө каршы ачыктан-ачык күрөшүн ого бетер күчөтөт. Ошондо озунуп жаалы күчтүү кыргыз каганын оздуктоо максатында Капаган каган болжолуу 697–698-жж. түндүккө карай чоң жортуул уюштурат. Бул жортуул Чыгыш түрк кагандыгын кыйла чыгымдарга учуратты. Барсбек каган баш болгон кыргыз жоокерлери душмандын чабуулдарынын мизин майтарып, чек арадан алыстатпай кайра сүрүп чыгып турушту. Чечүүчү салгылашуулардын жүрүшүндө, ири айкаштарда баралына келип турган кыргыз каганы оңой жоо эмес экендигин, ошол замандагы согуштук искусствону мыкты билген, кармаш маалында ар түркүн тез өзгөрмө ыкмаларды ыңгайын таап (маневр) колдоно алган, чыгаан уюштургуч кеменгер кол башчы экендигин көрсөтө алды.

Кыргыздарды күч колдонуп эч качан жеңе албасына көзү жеткен Капаган каган эми аларды ийге келтирүүнүн амалын ойлойт. Барсбекке элчилерин жиберип, эки тараптын ортосунда тынчтык келишимин түзүүнү сунуш кылууга мажбур болот. Күндөн күнгө күч-кубаты артып бара жаткан кыргыз мамлекетинин өкүмдары эки ортодо тынчтыктын шарттарын тактаган сүйлөшүүлөр жүрүп жатканда, өз өлкөсүнүн түпкү кызыкчылыктарына ылайык катуу талаптарды койду. Ал элинин эгемендигин эстен чыгарбоону, өзүн теңата каган катары таанууну чыгыш түрктөрдүн каганын талап кылат. Болжолу 698–699-жж. түзүлгөн кыргыз-чыгыш түрк келишиминин шарттарына ылайык, Капаган каган Барсбектин айтканына көнүп, ал талабын аткарууга аргасыз болду. Андан тышкары башкаларды башынан теңине албай, текебер мамиле кылып көнгөн түрк каганы кыргыздар менен куда-сөөк болуп туугандашуу, эң башкысы Барсбек каганды тынчытуу үчүн Экинчи Чыгыш түрк кагандыгын түптөгөн маркум агасы Кутлуг-чор Элтерес кагандын акылы зирек ай чырайлуу, нур жүздүү кызын аялдыкка тартуулайт. Канике кыздын ханзаада агалары Күлтегин менен Могилян тектүү жердин келини эмеспи деп кабелтең калың албаса да, атак-даңктуу күйөөнүн көңүлү үчүн жаш зайып - колуктунун себин, кымбат баалуу белектерди, мал жөнөткөн экен.

Күлтегиндин эстелигинде адатта башкаларга кыр көрсөтүүгө көнүп алган түрктөр ошол окуяларды, кыргыздар ж.б. элдер менен мамилесин мындайча сүрөттөшкөн: «Каган агам менен бирге биз алдыны (чыгышты) көздөй Жашыл-Өгүз (суу) жайылып акчу Шантунг жайыгына чейин, артка карай (батышка) биз Темир-Капкага чейин (согуштук), Көгмөн (Саян) токой-тоосун ашып өтүп, биз кыргыздардын өлкөсүнө чейин жортуулдадык.

Бардыгы болуп биз жыйырма беш сапар жортуулга чыгып, он үч жолу салгылаштык…

Барсбек деген бар эле; биз ошол мезгилде (учурда, кезде, ошондой кыйын кырдаалда) (ага) каган наамын тартууладык жана (ага аялдыкка) менин кичүү карындашымды – каникени бердик. Бирок ал биздин оюбуз менен болбоду, (көңүлүбүздү калтырды)»… Мында тарыхый чындык түрктөрдүн кызыкчылыгына ылайык бурмаланып, кыргыздардын катуу каршылыгына кабылышканы, каккы жешкени, Барсбек кагандын кыйраткыч соккулары жаап жашырылган. Кыргыздар менен кыл чайнашып кырчылдашкан кыргынга чейин кыйла элди тизе бүктүрүп, өздөрүн жеңилбестербиз деп эсептеп эрдемсиген түрк кагандары эч качан кашкайган чындыкты эстеликке чекмек эмес. Антсе алардын ар-намысына шек кетип, тарыхына кара так түшмөк, урпактар алдында түбөлүк уятка калмак. Анан калса кайсыл бир эгемендүү калктын каганына андай наамды бөлөк-бөтөн элдин өкүмдарү ыйгарат дегендин өзү кол жетпес нерсени эңсеп, куру кыялдануу гана болоору айдан ачык эмеспи.

Чыгыш түрк кагандары кыргыздарды тынчытуу үчүн канчалык жан үрөп аракеттенгени менен андай куру убарадан майнап чыккан жок. Тескерисинче, эки тараптын эрегишүүсү барган сайын күчөй берди. Кыргыздардын эр жүрөк баатыр жол башчысы Барсбек каган өзү каалагандай, мурдагыдай эле өз бетинче тышкы саясатын улантып, чыгыш түрктөр касташкан калктар менен мамилесин ого бетер жакшырткан. Ачыктан ачык

www.bizdin.kg



кайындарынын үмүтүн таш каптырып, ал Кыргыз кагандыгын бүткүл Борбордук Азияга, ал гана эмес Ыраакы Чыгышка чейин таанытууга умтулган. Албетте, Чыгыш түрк каганы дагы тынч туруп калган эмес. Кыргыздардын эгесин эптеп эпке келтирүү, башка өлкөлөр менен ынтымагын бузуу аракетин ал кийинки жылдары да уланта берди. Маселен, 706-жылы Капаган каган Энесай кыргыз каганын кыстап, Тан империясына бирге сокку берүүгө үндөгөн. Барсбек каган ынак өлкөсү Кытайга кыянаттык кылбай тургандыгын так кесе ачык айтканы талашсыз. Мындай жооп чыгыш түрктөрдүн өзөгүн өрттөгөндөй кыргыздарга кастарын тигип, өчөгүшүүсүнө ачыктан-ачык жаңы кагылышууларга камынышына шылтоо болду.

Уруш жакындап калган ушундай учурда Барсбек каган да ага кам көрүш үчүн туш-тараптагы жакшы мамиледеги тилектеш өлкөлөргө (Кытай, Тибет, түргөштөргө ж.б.) элчилерин шашылыш жөнөтөт. Алсак, 707-жылы кыргыз элчиси адегенде ал кезде түрктөр менен кырчылдашып согушуп жаткан Кытайга кеткени тарыхый булактардан жакшы маалым. Андан көп өтпөй дал ошол жылы Кыргыз, Түргөш кагандыктары жана Тан империясы Экинчи Чыгыш түрк кагандыгына каршы бир убакытта уруш жарыялап, ал өлкөлөрдүн кошуундары үч тараптан тең чабуул койгон. Айыгышкан айкашта айрыкча Барсбек каган башкарган кыргыз колу ар кошкон аскерлердин алдыңкы сабында жүрүп, жалпы жоого оор сокку урат, далай ирет эрдиктин үлгүсүн көрсөтөт. Алдын ала кеңешип жасалган согуштук аракеттер акыры ымалалаш өлкөлөрдү жеңишке жеткирди. Кийинки 708-жылы Кыргыз кагандыгынан Тан империясынын борбору Чаньан шаарына элчилер келип, ата-йын уюштурулган аземде эки тарап бирин бири орток жеңиштери менен куттукташкан. Жеңишке жетине албай абдан кубанган Кытай императору ак сарайдагы аземде кыргыз элчисине өзгөчө көңүл бөлүп мээримин төгүп, чоң сый-урмат көрсөткөн. Маңдай-тескей отуруп, бетме-бет сүйлөшкөндө ордодогу салтанатка катышып олтурган көпчүлүк чет жерлик меймандардын көзүнчө кыргыздарга ыраазы экендигин баса белгилеген.

Барсбек каган Кытай императоруна 709-жылы дагы элчилерин жөнөтүп, Чыгыш түрк кагандыгына каршы биргелешкен күрөштү улантуу тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт. Кыргыз кагандыгы Орто Азиянын чыгыш бөлүгүн жана Теңир-Тоо аймагын ээлеген Түргөш кагандыгы ( 704–766-жж.) менен да ынтымак-ымаланы чыңдоого умтулган. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы айыгышкан жоосуна айланган түргөштөр дагы тагдырлаш кыргыздар менен бекем ынтымак түзүүнү каалашчу.

Болжолу 709-жылга карата Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына каршы үчтүктөр согуштук ынтымагы түзүлөт. Ага түндүктө – Кыргыз кагандыгы, чыгышта – Тан империясы, батышта – Түргөш кагандыгы кирген. Ынтымакты түзүүдө Барсбек каган башкы ролду ойногону, атүгүл анын демилгечиси болгонуна түрктөрдүн өзүнө таандык тарыхый кабар күбө. Дегеле Чыгыш түрктөрү үчүн чөлкөмдөгү саясий абалдын татаалдашы Кыргыз кагандыгынын тышкы саясатына байланыштуу эле. Анткени кыргыздар Экинчи Чыгыш түрк кагандыгынын ордосу орун алган административдик-аймактык чордону – Орхон өрөөнүнө өтө жакын жашачу. Анан калса азыркы Тыва Республикасынын аймагындагы Аз, Чик сыяктуу элдер (уруулар) менен небактан бери ынтымакта жанаша жашап келе жатышкан.

Кыргыз өкүмдары Барсбек каган жана анын ынтымакташтары жакын арада алдын ала макулдашууларга ылайык, Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына каршы бир учурда күрөшкө чыгышмак. Бул тууралуу чыгыш түрктөрдүн жаш чагында Кытайда билим, тарбия-таалим алып, абдан такшалган атактуу кексе кол башчысы Тонйокукка (Тоньюкук) багышталган эстеликте мындайча баян бар: «Табгач (кытай) элинин каганы биздин душманыбыз эле. «Он ок элинин» (түргөштөр) каганы биздин душманыбыз эле. Бирок кыргыздардын каганы баарынан коркунучтуу жообуз болчу. Ошол үч каган акыл калчап кеңешип, биз Алтун чертокоюна... чыгышка түрк каганына каршы жортуулга чыгалы дешти. Эгерде биз ага каршы эртерээк жөнөбөсөк, ал кандай болсо да бизди (жеңип алат) «Биз үчөөбүз биригебиз, жортуулга чыгабыз жана аны түрк каганын жайлайбыз (жок кылабыз) дешти (алар)»…

www.bizdin.kg



Чындыгында эле чыгыш түрк кагандыгынын башкы жоосу да, ага каршы ынтымакты түзүүнүн демилгечиси да Барсбек каган болгону анык. Ошондуктан душмандарына озунуп бир бирден капилеттен сокку уруш үчүн Капаган каган адегенде өтө коркунучтуу жоосу – кыргыздарга каршы чоң казатка камынат. Анүчүн ал 709-ж. адеп эки ортодогу чектеш аймакта жашаган кыргыздарга ынтымакташ Чик жана Аз калктарын караткан. Ошондон соң, 710-ж. кеч күздө амалкөй аскер башы Тоньюкук, ханзаадалар Күлтегин менен Билге (кийинки Могилян каган) кол башчылык кылган чыгыш түрктөрдүн төмөндөгөн кошуундары кыргыз жерине басып кирди.

Жортуулдун башталышы Могилян кагандын эстелигинде «Мен жыйырма алты жашка толгондо, чик эли кыргыздар менен бирге бизге душман болду. Кемди (Енисейдин башаты) кечип өтүп, мен аскерлерим менен чиктерге каршы жылдым, Орпенде салгылаштым жана алардын аскерин талкаладым. Аз элин… мен басып алдым жана… өзүмө баш ийдирдим. Жыйырма жетиге караганда мен кыргыздарга каршы жылып жөнөдүм», – деп сүрөттөлөт. Андан аркы окуялар, кыргыз жериндеги айыгышкан айкаштардын жүрүшү Тоньюкуктун эстелигинде кеңирирээк мындайча баяндалган: «Анын (тыңчынын бул сөзүн угуп (кыргыз-кытай- түргөш ынтымагы тууралуу) түнкүсүн уйкум качты, (ал эми күндүзү) мен тынч ала албадым. Ошондо мен ойлондум… мен (кыргыздарга каршы) согушабыз деп айттым. Көгмэнгө (Саян тоосу) жалгыз гана жол бар жана аны (кар) басып калды деген кабарды укканда, мен ал жол менен жүрүүгө болбойт дедим… Мен ал аймакты коён-жатагына чейин жакшы билген кишини издедим жана аны талаалык аздардан таптым. «Менин мекеним (өз жерим) – Аз, (ал жакта) бир жолу өргүү (тыныгуу) керек, эгерде Аны (суусун) бойлоп жөнөсө, анда андагы түнкү түнөөгө чейин бир аттык жүрүш (калат)» – деди (ал)… Мен аскерге жолго чыгууга буйрук бердим… Ак-Тэрмел аркылуу өтүп, мен (оорук) туракка (лагерге) токтоого буйрук кылдым… мен кар кечип түз чыйыр жол салдым, мен (башкалар менен) атты жөө жетелеп, узун таяктарга таянып тоону көздөй жогорулап чыктым.

Алдыдагы кишилер (карды) тапташты жана биз ашууну… кыйынчылык менен ашып түштүк жана дагы он түнөп биз (тоонун) этегине (тоодогу) көчкүнү айланып өттүк. Жергиликтүү жол көрсөтүүчү жолдон адашып калып (балким, атайлап), тындым кылынды… Биз ошол суунун (Аны) агымы боюнча төмөн көздөй жүрдүк. (Өз аскерибиздин) эсебин алуу (кайра саноо) үчүн биз токтоого буйрук бердик… Түндө да, күндүзү да биз аттарыбызды чаап тез жүрдүк. Кыргыздарга биз (алар) уйкуда жаткан кезде кол салдык».

Демек, чыгыш түрктөр кыргыздарга кароолдор катуу кайтарган, татаал тосоттор турган маңдай тараптагы даңгыр жол менен басып кирбей, корголбогон, кароол-тосоттору жок сол капталдан капилет келип сокыку урган. Баскынчылар менен кыргыздардын ортосундагы кийинки (экинчи) чечүүчү салгылашуу Чернь Сунга чер-токоюнун чет жакасындагы ачык талаада өттү. Бул тууралуу Күлтегиндин эстелигинде «Күлтегин (жыйырма алтыга) чыкканда, биз кыргыздарга жортуул жасадык… кыргыз элин уктап жатканда кыйраттык; алардын каганы менен биз Чернь Сунгада кармаштык» – деп айтылган. Капилет жоо кол салгандан көп өтпөй кыргыздардын каганы түтүнмө-түтүн түрүлүп келген элден көп-көп кошуун жыйганга үлгүргөнү, негизги айкаш Чернь Сунгада өткөнү Тоньюкук кол башчы менен Могилян кагандын (Билге) эстелигинде да кайталанат. Кан күйгөн кармаш маалында кыргыз колу саны жагынан кыйла артыкчылык кылган жоо-жарагы, алдын ала даярдыгы шайма-шай душмандын арттан күргүштөп келген кошумча кошуундарына эч жалтактабай улам-улам ат коюп чабуул жасап турушту.

Кыргыз жоокерлерине Барсбек каган өзү кол башчылык кылып, айкаштардын жүрүшүндө ар түрдүү согуштук ыкмаларды колдонду, эчен ирет эрдиктин үлгүсүн көрсөттү. Ал эми чыгыш түрк аскерлерин чечүүчү Чернь Сунга салгылашуусунда ханзаада Күлтегин тейлеп-тескеген. Тилекке каршы, бир нече күнгө созулган салгылашуулардын соңунда орду толгус жоготууларга кабылган кыргыз колу жеңилип, Барсбек каган баатырларча курман болду. Арийне, айкаштар кайгылуу аяктаганына карабастан, түрктөр кыргыз өлкөсүндө өз

www.bizdin.kg



үстөмдүгүн орното алган жок. Душмандын аскерлери кыргыз кагандыгынын ээликтерине чек арадан ары ичкери жагына тереңдеп басып кирүүгө батына албады. Дале болсо алдан-күчтөн тая элек өз алдынча кыргыз мамлекетин кайрадан жаңы чапкын уюштурса дагы кыйратууга түрктөрдүн дарамети жеткен эмес. Тескерисинче, кыргыздар ого бетер чыйралып, Барсбек кагандын Элтерес кагандын кызынан көргөн мураскер уулу, Күлтегин менен Бильге кагандын жээни башкарган өз алдынча Кыргыз кагандыгы жашоосун улантты. Атүгүл, жаңы каган бир аз жыл тыныгып, эли тыңыган соң Чыгыш Түрк кагандарына каршы үзгүлтүксүз күрөш жүргүздү. Алсак, 718-жылы кыргыздардын каганы Кутлук Билге каган көп аскер топтоп, Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгына оор сокку берген. Ушуга байланыштуу Тан императору Таньшу Ань-Зуь (Сюань-цзун) кыргыздардын өжөрлүгүн өтө жогору баалап, өзүнүн бир жарлыгында «алардын куралдары курч-өткүр экен, алар тайманбай согуш кылды» – деп жаздырып, аларга абдан ыраазы экенин билдирген. Айтмакчы аталган императордун тушунда (713–715) кыргыз каганы Кытайга төрт жолу элчилерин жиберген экен. Кыргыздар мындан тышкары Тибет, Түргөш кагандыгы ж.б. элдер менен дипломатиялык байланыштарды чыңдоого умтулган. Атап айтсак, 711-ж. кыргыз кагандыгынын элчиси Тан империясынын борборуна, мурда төрт жолу чет өлкөлөргө элчиликке барып, каган Барсбек Ынанчу Алп Билгенин сыйлыгына арзыган, булар элинен чыккан 38 жаштагы Эрен Улуг Тибетке жөнөгөн. Ал эми 722-жылы Кытайдын борбор шаарына келген кыргыз элчилигине ханзаада Исибо Шэючже Биши тегин башчылык кылган. Кийинки 723-жылы кыргыз кагандыгынан элчиликти ханзаада Цзүйли Пиньхэчжун тегин жетектептир. Эки элчиге тең Кытай императору эмгеги өткөн ардактуу меймандар, каадалуу калктын, эл аралык кадыр-баркы бар кагандын өкүлү катары урмат-сый көрсөтүп, баалуу белектерди тартуулаган жана жогорку аскердик наамдарды (генералдан кем эмес) ыйгарган. 731-жылы ханзаада Күлтегин көз жумуп көмгөндө, анын аза күтүү жөрөлгөсүнө (ырасмысына) көңүл айтуу үчүн кыргыз каганынан Чур-Тардуш-Ынанчу келиптир.

Айтор, Барсбек каган баштаган баатырдык иштер үзгүлтүккө учурабай, аягы суюлбай урпактары улуу иштин учугун улай берди. Акырындап ал айкөл алптын ысымы улуттук сыймыкка айланып, элдин эсинде түбөлүккө сакталып калды.

**(Уландысы бар)**

*Тарых сүртүмдөрү*

Темирбек
ТОКТОГАЗИЕВ



# АПОСТОЛ ВАРНАВА

## же Иса пайгамбардын жакын окуучусунан калган мурас

Бүгүнкү күнгө чейин адамзат тарыхында эң бир жаркын элес калтырган инсандардын бири бул – Иса, башкача айтканда, Иисус Христос экендигинде шек жок. Иса төрөлөөрдөн кыйла мурда эле анын энеси Мариямга Алланын периштеси кабар берип, адамдарды жаңы жолго багыттай турган куткаруучу – жолбашчы төрөй тургандыгын кабарлагандыгы христиандардын ыйык китеби Инжилде жазылган. Биз, мусулмандар, Иса куткаруучунун Алланын пайгамбарларынын бири экенинен эч күмөн санабайбыз. Тескерисинче, аны пайгамбар катары таанып, акыр заман алдында Исанын кайрадан Жерге келип, Тажаал менен кармашып, аны жеңээри тууралуу үмүттүү легендага ишенебиз.

Мен кичинемде ыраматылык атам Шүкүрбек пайгамбарлар тууралуу көп кызыктуу окуяларды айтып берээр эле. Адам атадан баштап, жарык дүйнөдөн өткөн бардык пайгамбарларды мусулман болгон дээр эле. Атамды Талас өрөөнүндө жашаган адамдар кадырлашып, кайда барбасын төргө чыгарышып, талыкпай айтып берген кызыктуу аңгемелерин кунт коюшуп, маашырлана угушканына нечен ирет күбө болгом. 1969-жылы атам жарык дүйнө менен кош айтышты. Убакыт дегениң аткан октой болуп, кайрылгыс учуп кете берет турбайбы. Кийинчерээк, эс тартып мектептен, жогорку окуу жайдан билим алгандан кийин биздин динибиз ислам менен башка диндердин, диний секталардын ортосундагы тунгуюк ажырымдарды баамдап түшүнгөн соң, атамдын айткандарына кайрадан ой жүгүртүүгө туура келди. Эмне үчүн атакем башка диндерди негиздеген тарыхый инсандардын баарын тең мусулман болгон деп айтты экен деген ой ушул күнгө чейин түйшөлтүп келет. Ушул суроого жооп издеп, ар кандай диний китептерди окуп чыгууга туура келди.

www.bizdin.kg



Өлкөбүздө кайра куруу процесси Советтер Союзун тыптыйпыл кылып таратып, бир кездеги титандан бекем болгон саясий системаны тарыхтын саргайган барагына айлантып салгандан кийин гана мурда биз билбеген, билгибиз келсе да дареметибиз жетип таба албаган ондогон китептерди, маалыматтарды башка тилдерден орус тилине которуп, таанышууга мүмкүнчүлүк алдык.

Ошондой, биз мурда кол жетип табалбаган китептердин бири «Евангелие от Варнавы» деген китеп колума тийип калды. Бул китеп 2007-жылы Москва шаарында «Ансар» басма үйү тарабынан жарык көрүптүр.

Канондук (кабыл алынган) Инжилде (Библияда) Варнава тууралуу, анын Иса пайгамбардын он эки апостолунун (окуучусунун) бири болгондугу тууралуу эскерилбегендиктен, бул инсан тууралуу чынында мен эле эмес христиан дининдеги замандаштарымдын деле маалыматы жок деп ойлойм. «Варнаванын Евангелиясын» окуп чыккандан кийин бир кездеги ыраматылык атамдын пайгамбарларды, алардын ичинен Иса Машайыкты мусулман болгон дегенинде негиз бардыгына ынандым.

Алды менен Варнаванын ким болгондугу, эмне үчүн ал Иса пайгамбардын апостолдорунун бири болгон болсо, эки миң жыл бою дайын-дарексиз жатып, эми эле чыга калганына токтололу.

Биздин доордун I–II кылымдарынан бизге жеткен маалыматтарда Варнава, Фома, Мария Магдаленалардын жана дагы башка көптөгөн Иса пайгамбардын окуучуларынын Евангелиялары тууралуу эскерүүлөр көп эле кездешет экен. Бирок биздин доордун IV кылымында чиркөө бийлигинин тикелей структурасы аныкталгандан кийин ошол кездеги Константин аттуу Рим императорунун өз бийлигин чыңдоо үчүн, канчалык куугунтукка алышса дагы Иса пайгамбар негиз салган христиан дини өнүгө бергендиктен, аны өз кызыкчылыгына пайдалануу максатында 336-жылы атайын диний реформа жүргүзүп, бардык Ыйык Инжил (Евангелияларды) жыйып, изилдеп чыгып, өз талабына ылайык келгендерин гана калтырып, калгандарын өрттөтүп, жок кылдырган экен. Анын указы менен кимде-ким кабыл алынган Матвей, Марк, Лука жана Иоанндардын Евангелияларынан башка китеп сактаган болсо өлүм жазасына тартылышы керек эле. Ошондой болгон күндө деле Варнаванын Евангелиясынын бир көчүрмөсүн 1585–1590-жылдар аралыгында Фра аттуу монах Рим Папасы Сикст Vнин китепканасынан таап чыккан. Фра өзүнүн көптөгөн эскерүүлөрүндө, эл алдында чыгып сүйлөгөн учурларында ушул Варнаванын Евангелиясынан цитаталарды келтирчү экен. Кийинчерээк, бул латын тилиндеги Евангелияны, 1713-жылы Пруссия королунун кеңешчиси Дж. Е. Крамер деген адам китеп сүйүүчү Евгений Савойский деген ханзаадага белек катары өткөрүп берген экен. 1907-жылы бул китеп Оксфорд университетинин басмасы тарабынан «Истинное Евангелие об Иисусе, названном Христом, новом пророке, посланном Богом в мир, по описанию Варнавы, Его апостола» деген ат менен басылып чыккан. 1908-жылы анын арабча котормосу да китеп болуп чыккан экен. Андан кийин көп эле жолу ар кандай тилдерге которулуптур.

Варнава ким болгон? Бул тууралуу Инжилде деги кабар барбы? Ал чын эле Иса пайгамбардын апостолдорунун бири болгонбу? деген сыяктуу суроолорго Инжилдин (Библиянын) өзүндө учкай болсо да маалымат бар экен. Москвадан 2003-жылы чыккан «Библия свяшенного писания Ветхого и Нового завета» деген китептин «Деяния» (Аракеттер) деген бөлүмүндө «Иосия, апостолдор тарабынан

www.bizdin.kg



ага Варнава деген ат коюлган, ал – жooткотуунун уулу деген мааниге ээ, левит өзү кипрлик болот, өзүнүн менчигиндеги жерин сатып туруп, андан тапкан акчасын алып келип апостолдордун бут алдына койгон» (1166-бетте) деп айтылат.

Варнаванын Инжилинен мени кызыктырган көптөгөн суроолорго толук жооп ала алдым. Негизинен, бул китепте Иса пайгамбардын ким болгондугу жана кандай адам болгондугу, анын пайгамбарлык вазийпасынын аткарылышы тууралуу толук жана ишенимдүү маалыматтар бар экен. Баарынан кызыгы, Иса пайгамбардын ушул апостолунун китебин окуп олтуруп, көптөгөн маселелердин Куран менен хадистердегидей маанайда жазылганына таңдандым.

Бул Инжилде Иса пайгамбардын, ал пир туткан Авраам (Ибраим), Моисей (Мусса) жана башкалардын бир Кудайга ишенип, анын эч кандай Кудайдын уулу эместигине, кадимки эле катардагы адам экендигине, биз сыяктуу эле Кудайдын пендеси болгондугуна арбын далилдер бар.

Канондук Инжилде Исанын (Иисустун) төрөлүшүнөн кийин анын 30 жашка чейинки өмүрү (пайгамбарлык вазийпасы кабыл алынганга чейинки) бүдөмүк болсо, Варнавада бул маалыматтар толук бар. Бул китептин канондук Инжилдерге негизги карама-каршылыгы – жалпыга маалым болуп келгендей, Иса пайгамбардын Понтий Пилат тарабынан жазага тартылып, анын Крестке керилип өлтүрүлүшү таптакыр чындыкка коошпойт деп, Исанын ордуна анын кейпине айланган чыккынчы Иуда Искариоттун өлтүрүлүшү тууралуу айтылат.

Иса пайгамбардын көп касиеттеринин бири, анын көптөгөн табигый нерселерди өзгөртө ала тургандыгы баяндалат. Маселен, пес оорулуу болгондорду, азиз болгон адамдарды айыктыргандыгын билебиз. Ошондой эле, анын өзүн жана окуучуларын сатып койгон апостолу Иуда Искариот Иса пайгамбарды кармап кетүү максатында императордун аскерлерин ээрчитип келип, бөлмөдө Исанын окуучулары менен олтурганын билүү максатында киргенде, «Иса ага жылуу мамиле кылып, бир сындырым нанды виного малып туруп анын оозуна салып: «Бар эми, жасай турган ишиңди жасай гой» – деп чыгарып жиберет. Муну жанында отурган окуучулары катардагы эле окуядай көрүшөт. Себеби Иуда Искариот анын апостолдорунун ичинен казыначысы эле. Алар Иса пайгамбар аны тамак сатып келгени жумшады деп ойлошкон. Иуда Искариот эшикке чыгып, бугуп турган аскерлерге Исанын окуучулары менен түгөл ушул имаратта жашынып олтурушканын айткыча болбой, аскерлер өзүнүн колу-бутун кайрып, кишендеп, уруп-согуп алып жөнөшкөн. Себеби анын кебете-кешпири кудум эле Исанын өзү болуп калган», – деп жазат Варнава. Аскерлер уруп-согуп, аны Голгофага алпарышып, асып салышкан. Анын: «Мен Иудамын, силер жаңылышасыңар, Иса тигил жайда олтурат» – деп зар какшаганын аскерлер Исанын шаабайы сынып, аман калуу үчүн болгон жандалбасы катары кабыл алышкандары тууралуу айтылат. Ошондой эле, Варнава, Иуданын сөөгүн Исанын апостолдору түн киргенде уурдап алып бир жайга көөм салып, анан Иса тирилип асманга учуп кетти деген айың кеп чыгаргандыгы тууралуу баян этет.

Көрүнүп тургандай, Иса пайгамбардын Кудай Таала тарабынан берилген сыйкырчылык касиетинин жардамы менен Императордун куугунтугунан кутулгандыгы, ошондой эле китепте айтылган 12 апостолунун бирөө чыккынчы экендигин Варнава ачык жазган. Апостолдорунун ичинен Иуда Искариотту казыначы кылып койгон соң, ал казыналарындагы бардык мүлкүнүн он пайызын уурдап турган. Бүгүн биздин коомубуздагы закондуу эле адал табылга деп батыштан келген «ак-

www.bizdin.kg



санатайлар» аң-сезимибизге орноткон 10%дын башаты тээ 2000 жылдан ашуун убакытта пайда болгонуна ынанбай койбойсуң.

Иса Машайык (Христос – б.а. Куткаруучу) Назареттик деп билебиз. Назарет деген шаарбы же коомбу? Чыгыш элдеринде «назары түшүптүр» деп коюшат эмеспи, тагыраак айтсак, «көз тийиптир» дейбиз. Ушул жерде ойлонто турган дагы бир нерсе бар. Назар деген сөз индустарда да ушул күнгө чейин кездешет. Мунун мааниси – сыйкырчы дегенди билдирет экен. Назарлардын коому деп сыйкырчылардын коомун айтышат экен. Айрым бир маалымат булактарында Иса пайгамбардын окуучулары менен каардуу императордон качып Индияда жашап, жүз жаштан ашканда кайтыш болгондугу тууралуу да айтылып калып жүрөт. Былтыр Кыргызстандын бермети болгон Ысык-Көлүбүздүн жээгинде жайгашкан байыркы үңкүрлөрдөн Иса пайгамбардын апостолдорунун бири Матфейдин (мошшиси) сөөк калдыктары табылды деп дүйнө жүзүнө жар салбадыкпы. Мунун канчалык чындыгы бар экенинде күмөнүм бар. Академик Плоскихтин акыркы жылдарда саймедиреп, ыгы келе калган жерде ушул теориясын айта калганына күбө болуп жүрөбүз, бирок, балким, Иса пайгамбар Индияны көздөй качып бараткында, анын Матфей аттуу апостолу жолдон каза болгондур деген бүдөмүк ойдун да орду бардай сезилип кетет кээде. Андай болгону чын болсо, Иса пайгамбар да өз окуучулары менен келип, бир канча убакытка тыныгуу алып биздин жердин топурагын тебелеп, ыйык туткан көлүбүзгө жүз чайыгандыр деп ой жорууга неге болбосун.

Варнаванын Евангелиясын коомчулуктан жашырып келгендиктеринин дагы бир орчундуу жагы – анын көптөгөн жеринде кийинки жана акыркы пайгамбардын аты Мухаммад экендиги даана айтылат. Ошондой эле Исанын израил урпактарынын гана пайгамбары болуп жөнөтүлгөндүгү, ал эми кийинки жана акыркы пайгамбар Мухаммад жалпы адамзаттын пайгамбары катары келээри тууралуу Исанын өз оозунан уккандыгын жазат Варнава. Ал эми канондук (кабыл алынган) Инжилде кийинки пайгамбар Ахмад деген Адам болоору тууралуу учкай гана эскерилген. Анан дагы анын жалпы адамзатка таандык болоору тууралуу эч кандай маалымат кирген эмес. Мына ушундай негизги айырмачылыктары болгондуктан улам, Варнаванын жазган Евангелиясын коомчулуктан жашырып, аны алып жүргөндөргө өлүм жазасын колдонуп келгендери да бекеринен эмес тура. Кандай болсо да, биздин күнгө чейин Ватикандын китепканасында анын бир нускасы сакталып, купуя түрдө колдон-колго өтүп отуруп минтип жарык көрүп, колубузга тийип жатканы менен көптөгөн суроолорубузга акыры жооп табылганы кубандырбай койбойт.

Эмнеси болсо да Иса пайгамбардын тарыхын изилдөөдө Варнава апостолдун ушул китеби кандайдыр бир деңгээлде айрым бир орчундуу маселелерди ордуна коюуга, бизге – мусулмандар үчүн, өбөлгө түзүп отурат. Албетте, мындай чоң инсандын таржымалын бир-эки баракка баткан макала менен чектеп коюуга болбойт. Айтылчу сөздөр, изилденчү жагдайлар алдыда арбын.

www.bizdin.kg



*Сандан санга*

# МИҢ БИР ТҮН

## Учкай сөз

*Жомок дүйнөсүнө теңтайлашар ааламда зор да, кооз да эч нерсе жок болуу керек. Адам баласынын канча бир муундарын тарбиялап, руханий байлыгын, фантазиясын өстүрүүдө жомоктун ролу эбегейсиз. Дүйнө элдери сыяктуу эле кыргыздын да байыртан бери кылымдарды карыта айтылып келаткан калың жомогу бар. Ал жомоктордун жанры, көркөмдүгү, көлөмү да ар түркүн. Алар улуттун байлыгы болуп эсептелет. Бул руханий байлык кыргыз көчү менен атам замандан бери катарлаша байсалдуу жол басып келет. Дүйнө элдериндеги оозеки чыгармачылыгы өтө өнүккөн элдердин ичинде кыргыздын алдыңкы сапта турганы өтө сыймыктуу жана ардактуу. Күн, Ай, Жер, сансыз жылдыздар батып кеткен эбегейсиз кең «Манас» ааламы жеке эле биздин, кыргыздын сыймыгы гана болуп эсептелбестен, бүтүндөй адамзаттын насиби.*

*Мындай насиптен Күнчыгыш элдеринин өкүлдөрү болуп эсептелген арабдар, персилер, индустар да куру эместиги бул элдерге тийиштүү болгон «Миң бир түн» жомогунан белгилүү. «Миң бир түн» жомогу көптөгөн кылымдар бою оозеки айтылып, айтылган сайын ажарына чыгып, сөздөрү кудум жубар берметтей тизилип, айткандардын, уккандардын да моокумун кандырган адамзаттын көөнөрбөс дөөлөтү болуп эсептелет. Адетте, жомоктордун көбү «илгери-илгери» деп башталат, анткени анын түбү тээ, илгерки, байыркы. Жомоксуз бул кең дүйнөнүн бир татымы кем болуп, адамзат өмүрүнүн бөксөлүгү эч качан толбос беле деген ой кетет.*

www.bizdin.kg



*«Миң бир түн» жомогунан үзүндү өткөн кылымдын 50-жылдарынын аягында кыргыз тилинде чакан китеп болуп жарык көргөн. Анын котормосу жөнүндө өз мезгилинде коомчулукта түрдүү пикирлер айтылган. Котормонун сапаты жана котормочулар туурасындагы талаш-тартыштар маал-маалы менен адабий чөйрөдө кызуу талкууларды жаратып турган. Деген менен ал котормо улуу жомокту кыргыз окурмандарына тааныштырган алгачкы саамалык болуп кала бермек.*

*Жомоктун бул котормосун 1988-жылы Москвадагы «Художественная литература» басмасы тарабынан жарык көргөн «Миң бир түндүн» үч томдугу түздү. Жомоктогу икаялардын жайгашышы да ошол басылманын ирети менен берилди.*

**Котормочудан**

## Шахрияр хан жана анын иниси жөнүндө сөз

**Аалам ээси Аллага даңк!**

**Кудайдын элчилерине, Кудайдын элчиси жана пайгамбарыбыз Мухаммедге урмат көрсөтүп, салам жолдойбуз! Алла Таалам бизди акыры кыямат сурагына чейин колдосун!**

Илгери-илгери өткөн бир доордо Индия менен Кытай аралдарында аскерлери менен кароолдору, кулдары менен күңдөрү көп Сасан деген уруудан чыккан падышалардын падышасы болгон экен. Падышанын эки баласы болот: бири эр жеткен, бири али жаш, экөө тең жолборстой баатыр болот. Улуусу кичүүсүнөн кыйын чыгат. Ал элин адилет башкарып, өлкөсүндө атагы дүңгүрөп, улуу-кичүүнүн оозуна илинип калат. Анын ысмы – Шахрияр, кичүүсү – Шахзамен. Шахзамен перстердин Самарканында падышалык кылат. Эки бир тууган өз-өз жеринде адилет падыша аталып, жыйырма жыл бактылуу турмушта жашашат. Жыйырма жылдан кийин Шахрияр инисин сагынып, көргүсү келип, увазирин чакырып, инимди жыйырма жыл көрбөй сагындым, барып бияккa алып келгин, – дейт. Увазири айтканын эки кылбай, Самаркан көздөй жол тартат. Акыры бир күн Самарканга жетип, Шахзамендин астына барып, иним келип, сагынычымды жазып кетсин деген агасынын салам дубасын айтат. Шахзамен да агасынын айтканын туура көрүп, учурашып келейин деп жолго камынат. Көчмө чатырын тиктирип, өгүз-төөлөргө жол азык, белек артып, кулдары менен жоокерлерин ээрчитип, бийликти өзүнүн увазирине берип, жолго чыгат. Жол жүрүп баратып, түн ортосу чене унут калган буюмун эстеп, кан сарайга кайрылып келсе, көрөркөз аялы аппак төшөгүндө капкара кулдарынын бири менен жатып алыптыр.

Муну көргөн Шахзамендин көзү караңгылап, жер көчүп кеткендей болот. «Шаардан чыгалегимде минтип аткан неме алыс жердеги агама кетсем, бир балээден чыгат турбайбы», – деп ойлоп, кылычын кындан суу-

www.bizdin.kg



руп алып, экөөнү тең жаткан жеринен бөлө-бөлө чаап салып, кайра жолго аттанат да, өргүү билбей агасынын шаарына жетип келет. Шаарга жакындаганда агасына кабар айттырып, жөкөрлөрүн чаптырат. Аябай сүйүнгөн агасы алдынан тосуп чыгат, экөө айкалыша көрүшүп, кан сарайга ээрчишип барат. Инисинин урматына деп, шаарды кооздотуп жасап салыптыр; кызыл-тазыл желектер желбиреп, жер-жерлерде оюн-зоок өтүп, эл шатыра-шатман. Нечен жылдан бери көрүшпөй, сагынышып калган эки бир тууган чер жазып отурушту. Бирок Шахзамен аялы менен болгон окуяны эстеген сайын кайгыга алдырып, өңү керсары тартып, денеси шалдырап чыкты. Агасы инисинин бул кейпин көрүп, эли-жерин сагынып атса керек деп ойлоп, эч нерсе сурабай, жайына койду. Бирок бир боор деген кыйын да, акыры түтө албай агасы сурады: «Өңүң жездей саргарып, өзүң арыктап кеттиң, себебин айтчы». Шахзамен: «Менин көкүрөгүмдү билгизбей кемирип жаткан курт бар, агатайым», – деп аялы менен болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди. «Анда экөөбүз аң уулап келели, балким, алаксып каларсың», – деди Шахрияр. Шахзамен баргысы келбегенин айтты эле, агасы аңга өзү кетти.

Падышанын сарайында гүлбакты караган терезеси бар экен, Шахзамен ошол терезеден карап турса, сарайдын каалгасы ачылып, оң жагынан жыйырма күң, сол жагынан жыйырма кул коштогон, ай десе айың тең келбес, күн десе күнүң жетпес сулуулугу ашынган агасынын аялы чыга келди. Алар суунун жанына келишип, эркек-ургаачысы дебей дыпдырдай чечиништи да, фонтандын кырына кыркалекей тартып отурушту. Падышанын аялы: «Масуд!» – деп кыйкырды эле, бир чулу кара кул жүгүрүп келип, аял экөө кучакташып калышты. Анан экөө катарлаша жатышты. Калган эркек-ургаачылар да жуп-жубу менен катарлаша жатышты. Ошентип, өбүшүп, эркелешип, кучакташып ойношуп, күндү кечкиртишти. Бул окуяны өз көзү менен көргөн Шахзаменге: «Буга караганда менин кайгым шоона эшпей калат турбайбы, кокуй» деген ой келет да, ошол замат кызганычы менен кайгысы тарап кетет. Анан тамак-ашка аралаша баштайт. Аң уулоодон келген агасы инисинин жүзүнө кызыл жүгүрүп калганын көрүп, аябай сүйүнөт. Тамакты да тартынбай жеп калыптыр. «Иним, кечээ эле кан-сөлүң качып, акыбалың жаман эле. Эми өңүңө кирип калыпсың, мунун себеби эмнеде?»– деп сурайт Шахрияр падыша. «Мен бүгүн эмне үчүн өзгөрүп калганымды айтып берейин, бирок эмне себептен өңүмө кирип калганымды сурай көрбөгүн, агатай»,– дейт Шахзамен падыша. «Мейлиң, эмне үчүн арыктап, кыйналганыңды айтып бер, угайын»,– дейт агасы.

«Анда кулак түрүп угуп ал,– дейт Шахзамен.– Сен мени чакырып увазириңди жибергенде аттанып чыгып, шаардан жаңы эле узай беремимде сага бере турган маржан-берметтерди унутуп салганымды эстедим. Кан сарайга кайра барсам, аялымдын койнунда ынды кара кул жатыптыр, экөөнү тең кылычтап өлтүрүп, анан сага келгем. Ошол окуяны таптакыр

www.bizdin.kg



унуталбай койгом. Менин жүдөп жүргөнүм ушу болучу, ал эми минтип азыр кайра өңүмө киргенимдин себебин сурабагын».

Инисинин бул кебин уккан Шахрияр: «Алла Таалам өзү күбө, эмне үчүн бүгүн өңүңө киргениңди жашырбай айтып берчи?» – деп инисинин жанын койбоду. Иниси көргөндөрүн көргөндөй айтты. Окуяны угуп болгондон кийин агасы: «Эми муну өз көзүм менен кантип көрсөм болот?» – деди эле, иниси: «Аңчылыкка кеттим деп коюп, мен жаткан бөлмөгө жашынып турсаң, бардыгын өз көзүң менен көрөсүң», – деп акыл салды.

Падыша ошол замат аң уулоого кетебиз деп жар салды эле, жоокер-нөкөрлөрү көчмө чатыр тигишип, шаардан тыш чыгып кетишти. Падыша: «Чатырдын ичине эч бир жан кирбесин», – деп буйрук берип, өзү бөлөкчө кийинип алып, кан сарайына жашырынып келди да, иниси айткан бөлмөгө кирип, терезеден гүлбакчаны карап турду. Бешим намазынын азаны чакырыла электе аялы кул-күңдөрү менен көлмөгө ээрчишип келди да, кудум Шахзамендин айтканындай иштер жасалды. Аялынын арамдыгын өз көзү менен көргөн падыша эмне кыларын билбей, эсин жоготуп салды. Анан иниси Шахзаменге минтип айтты: «Тур, кеттик! Тагдыры бизге окшогон бирөөгө жолукмайын жер кезип кете беребиз. Бийликтин кереги жок. Мындай кордуктан көрө өлүп калганыбыз артык».

Экөө жашырын эшик менен сыртка чыгып, туздуу деңиздин жанындагы көлмөнүн дал ортосунда өскөн даракка жеткиче нечен күн, нечен түн жол жүрүштү. Көлмөгө куйган өзөндүн тунук суусунан кана ичишип, эс алып отурушту. Түш оой деңиз үстү кыймылдай түшүп, бир кезде капкара толкун асман шилей көтөрүлүп, ага-инилүү экөө отурган көлмөгө бет алды. Экөө тең чочуп кетип, бийик бактын башына чыга качышты да, бул шумдуктун аягы эмне менен бүтөөр экен деп карап турушту. Карап турушса, толкун тарап кетип, анын ордуна асман тиреген килейген дөө пайда болду. Дөөнүн башы өзүнөн чоң, башында андан чоң кара сандык. Дөө кургак жерге чыгып, бактын түбүнө келип, сандыкты ачып, андан кичинекей үкөкчө алып чыкты. Үкөкчөнү ачса, сулуулугу күндөн артык суйкайган бир келин чыга келди. Келиндин сулуулугу Атыйа акын айткандай бар экен:

Караңгыда көзүн ачып күн нуру,
Жарк эткендей жамалы бар бул сулуу.

Келаткандай чыгыш тарап шаңкайып,
Асмандан ай таң калгансыйт кайкайып.

Айдай жүзү көрүнгөндө жарк этип,
Жарык дүйнө көзү уялат жалт этип.

www.bizdin.kg



Сулуулугу чагылгандай чагылат,
Сүйүү жашы көздөрүнөн агылат.

Дөө келинди бир карап алып: «Оо, Жараткан ай, үйлөнүү үлпөттөн эмнени уурдап чыккам кокуй, чырм этип уктап алсам болбойт беле», –деди наалып, келиндин тизесин жазданып жатаар менен дөө «кор-р» дей түштү. Келин башын көтөрүп, бак үстүндөгү агалуу-инилүү экөөнү көрдү. Көрүп, дөөнүн башынан тизесин алып, жерге коюп, өзү өйдө туруп, эки падышага жаңсап муну айтты: «Түшкүлө, бул дөөдөн коркпогула». Тиги экөө: «Кудай үчүн, бизди бул балээнден куткара көр» – дешти. Анда аял: «Силер жерге түшпөсөңөр, анда мен муну ойготуп, силерди дөөгө жайлатып салам» – деди. Экөө бул сөздү уккан соң, корккондорунан жерге түшүп келишти. Аял экөөнүн алдына чалкасынан жатып: «Болгула, аспабыңарды тез киргизгиле, болбосо дөөнү ойготом» – дейт. Шахрияр падыша коркконунан инисине айтат: «Иним, сага айтыбатат, аялдын моокумун кандырчы» – дейт. Анда Шахзамен: «Жок, адегенде сен кир, улуусуң», –дейт. Экөө бирин бири көндүралбай жатканда, келин ачуулана: «Эмне, бириңерге бириңер көз кысып жатасыңар? Мен айтканды аткарбасаңар дөөнү ойготом!» – дейт кыйкырып. Дөөдөн коркушкан беркилер аялдын оюндагысын аткарышкандан кийин аял: «Көзүңөрдү ачкыла,– дейт койнундагы капчыктан беш жүз жетимиш шакектүү шуру алып чыгып,– мынабу эмне шакек экенин билесиңерби?» «Билбейбиз!» – дешет экөө жарыша. «Анда билип алгыла, ушунча шакектин ээлери дөө көтөрүп жүргөндө, мени менен катнашта болушкан. Силер да бирден шакегиңерди бергиле, буларга кошуп коёюн» – деди аял. Экөө бир бирден шакектерин беришти. Ошондон кийин келин шакектердин сырын дагы ачат: «Бул дөө менин үйлөнүү тоюм болуп атканда уурдап кетип, мени кичинекей үкөккө салып, үкөктү сандыкка салып, алай-дүлөй түшкөн деңизге ыргытып жиберген. Ыргытканы го ыргыткан, бирок аял бирдемени чындап каалап калса, ага эч нерсе тоскоолдук кыла албастыгын билген эмес. Ал жөнүндө мындай ыр бар эмеспи:

«Ишенбегин убадага аялдын,
Аял мытаам ар убакта эске алгын.

Аял каары, ыракаты экөө тең,
Суктануудан жаратылган сен билсең.

Сүйөм деген сөзүн бүтө электе,
Ала жипти аттап жасайт келеке.

Аял менен шайтан ойной бериштен,
Адам ата айрылган да бейиштен».

www.bizdin.kg



Аялдын оозунан бул сөздү угушкан экөө аябай таңгалышып, бирине бири: «Бул дөөнүн абалы экөөбүздүкүнөн да жаман экен го. Мындай окуя мурда дегеле болуп көрбөсө керек» – дешти.

Экөө ошол замат артка тартышып, Шахрияр падышанын шаарына келишти да, падыша кан сарайына кирер менен аялынын, күңдөрү менен кулдарынын баштарын алдырып салды.

Ошондон кийин Шахрияр падыша ар түн сайын бирден жаш кыз менен жатып, кыз белгисин алгандан кийин өлтүрүп салчу болду. Ошентип, үч жыл өтөт.

Элдин баары качып, кыздарын жашырышып, кийин шаарда бойго жеткен бир да кыз калбай калат.

Бир күнү падыша адатынча эле увазирине кыз апкел, – деп буйрук айтат. Увазири шаарды түтүнмө-түтүн кыдырып, камчыга сап болор кыз таппай, анан падышанын каарынан коркуп, шылкыя басып үйүнө келет. Увазирдин улуусунун аты – Шахразада, кичүүсүнүкү – Дүниязада деген эки кызы боло турган. Улуусу байыркы падышалар, эли жөнүндө көп китептерди окуп, байыркы элдер, өткөн падышалар, ырчы-акындар жөнүндө жазылган миң баян чогулткан дешет. Ошол улуу кызы атасынын кабатыр кебетесин көрүп туруп: «Атаке, эмнеге кебетең суз, кабагың бүркөө мынча? Муну бир акын мындай айтыптыр» – дейт:

«Кайгыны катып жүргөнгө айт,
Акыры мунуң болот кайт.

Кубаныч менен убайым,
Алмашып турат ар дайым».

Кызынан мындай сөз уккан увазир ичине сыр жашырбай, падышанын башынан өткөн окуясын толук айтып берет. Ошондо кызы Шахразада айткан экен дейт: «Алла Таалам өзү күбө болсун, атаке, мени ошол падышага алып барып бер, мен тирүү калам же бардык мусулман кыздарынын кунун төлөп берип, падышанын каарынан куткарамын!» «Жараткан өзү сактасын,– деп увазир чочуп кетти,– андай балакеттен оолак бол!» Бирок кызы да: «Мени падышага алпар», – деп туруп алды.

Аргасы түгөнгөн увазир кызынын жасалгасын кошуп, Шахрияр падышага алып барат. Шахразада кетеринде сиңдиси Дүниязадага минтип үйрөтөт. «Мен падышанын алдына барганымда, сага киши жиберем. Анан сен келгенден кийин мага: « Эжеке, уйкусуз узун түндү кыскартып, бизге аңгеме куруп берчи» – дейсиң. Мен келме келтирип, Алла Тааланын амири менен падышанын кордугунан кутулуунун амалын издейм – дейт.

Ошентип, увазир өзүнүн кызы Шахразаданы падышага алып келет. Падыша увазирди көрүп, сүйүнүп кетет: «Мага керектүүнү апкелдиңби?» – дейт. Увазири: «Ооба, апкелдим» – дейт.

www.bizdin.kg



Шахрияр падыша Шахразаданы билектен кармап, өзүнө жакындатайын дегенде кыз ыйлап жиберет. «Сага эмне болду?» – дейт падыша. Анда Шахразада: «О, кубаттуу падышам, менин кичинекей сиңдим бар, ошону менен коштошоюн дедим эле», – дейт.

Падыша чабарман жиберип, Дүниязаданы апкелдирди. Дүниязада эжеси менен кучакташып көрүшүп, сөрүнүн жанына көчүк басты. Шахрияр падыша Шахразаданы кучактап, аймалап, өз максатына жеткен соң, экөө жай сөзгө өтүштү. Ушу маалда Дүниязада эжесине айтты: «Эжеке, сага кудай кубат берсин, уйкусуз узун түндү кыскартып, жомок айтып берчи».

«Кадырман падыша уруксат этсе, ал икаяны жыргап айтаар элем»,– деди эжеси.

Бул сөздү укканда түн уйкусу качкан падыша өзү да сүйүнүп, Шахразаданын аңгемесин укканга макул болду.

## СООДАГЕР ЖАНА АРБАК ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

«О, бактылуу падышам,– деп баштады Шахразада сөзүн,– илгери көп соодагерлердин арасында бир соодагер болуптур. Ал да башкалардай бай болуп, ар кай жерлерде түркүн иш жүргүзүп келиптир. Ошол бай соодагер карыздарын өндүрүш үчүн кайсы бир мамлекетке жөнөп кетет. Жол жүрүп баратканда аптап мээден өтүп, соодагер бир бактын көлөкөсүнө отура калып, куржундан бир үзүм нан, курма алып жей баштайт. Бир курманы жеп бүтүп, сөөгүн ыргытып жиберсе бет алдына кош миздүү кылыч кармаган эби-сыны жок килейген дөө пайда болот. Дөө соодагерге жакындап келип: «Сен ыргыткан курманын сөөгү баламдын көкүрөгүнө тийип, мүрт кетти», – дейт. «Биз баарыбыз тең Алла Таалага тийиштүүбүз, андыктан, эртеби-кечпи кайра Алла Тааланын өзүнө барабыз,– деди соодагер толкундана сүйлөп.– Алла Таалам баарынан кубаттуу, баарынан күчтүү, баарынан бийик. Алла Таалам өзү көрүп турат, эгерде мен сенин балаңды өлтүрүп алсам, анда ал кокустуктан болгон иш. Андай болсо кечирип кой». «Мен өч алып, сени өлтүрүшүм керек»,– деп дөө соодагерди түртүп койду эле, соодагер жерге кулап түштү. Дөө кылычын өйдө көтөрө бергенде соодагер: «Жаным Алла Тааладан садага!» – деп ыйлап жиберди. Анда дөө: «Сөзүңдү токтот келжиребей! Кудай өзү күбө, мен сени өлтүрбөй тынбайм!» – деди кыйкырып. «О, дөөм, менин мойнумда көп карыздар бар, көп акчам бар, аялым, балдарым бар. Сен мени үйүмө коё берсең барып, карыздарыман кутулайын да, жыл башында кайра өзүңө келейин. Алла Таала өзү күбө болсун, мойнумдагы доолордон кутулгандан кийин, эмне кылсаң өзүң бил. Айткан убададан тансам, анда мени Кудайдын кусуру уруп кетсин»,– деди соодагер.

Дөө антын алган соң, соодагерди коё берди дейт. Соодагер үйүнө барып, аласа-бересelеринен кутулат. Анан болгон иштин баарын аялына, балдарына айтып, керээзин калтырып, бала-бакырасы менен жыл акы-

www.bizdin.kg



рына чейин жашап туруп, анан үй-бүлөсү, тууган-туушкандары менен коштошуп, даарат алып, кепинин колтуктап ый-чуу менен шерт боюнча жолго чыгат. Ошентип, соодагер дөө менен кезиккен баягы шалбаага жетип, жаңы жылдын (биринчи күндөрүндө) башында өз тагдырына наа-разы болуп ыйлап отурса, чынжырга байланган элик жетелеп бир карыган абышка келет. Абышка соодагерге салам жолдоп, узак өмүр тилеп, анан минтип сурады: «Буердеги жиндердин уюгунда эмнеге жалгыз олтурасың» – деп. Соодагер дөө менен болгон алиги окуяны айтып берди эле, абышка таңгала сүйлөдү: «О, тууганым, сенин ак жүрөктүүлүгүң улуу чындык, эки көзүңдүн кычыктарына ийне сайылып жазылган икаяң да уккандарга акыл экен».

Анан абышка: «Кудайым өзү кубат берсин, иним. Дөө менен болгон окуяны өз көзүм менен көрмөйүн эч жакка кетпейм»,– деп соодагердин жанына отуруп алды. Соодагер да абышка жакка жылып, жакындап отурду. Экөө узун сөзгө түшүп кетишти, бирок соодагер коркуп, денесин калтырак басты, ал чоң кайгыга чөмүлүп, ою он талаалады, а эликтин ээсинин эч нерсе менен иши жок бейгам. Анан алардын жанына эки ит ээрчиткен дагы бир карыя келди (иттери капкара тайгандар экен) да, учурашкандан кийин айтты: «Буердеги жиндердин уюгунда эмне кылып отурасыңар?» Экөө тигиге болгонун төкпөй-чачпай айтып беришти. Тиги орун алып отургуча болбой, ала-була качыр минген үчүнчү абышка келди. Абышка тигилер менен учурашып, буерде эмнеге отурушканын сурады эле беркилер болгон окуяны толук айтып беришти. Кийинки чал да тигилердин катарына кошулду. Анан эле капыстан уйгу-туйгу куюн болуп келип, бир кезде колуна кылыч кармап, көзүнөн чок чачыраган баягы жин пайда болду, жин тиги отургандарга жакын келип, соодагерди колунан алып, өзүнө тартып: «Тур, өз жаныман артык көргөн баламды кантип өлтүрсөң, сени да ошентип өлтүрөм!» – деди. Соодагер буркурап ыйлады эле, жанындагы үч абышка кошо буркурашып, көздөрүнөн жаш куюлду.

Элик жетелеген биринчи абышка жиндин жанына барып, колунан өөп: «О, жиндердин падышаларынын падышасы! Мен сага мобул эликтин окуясын айтып, өзүңдү таңгалдырсам, мынабу бечара соодагердин канынын үчтөн бирин берээр белең?» – деди. «Эгерде ал окуяң кызык болуп, мени таңгалдырса, анда канынын үчтөн бирин сен үчүн кечейин»,– дептир ал.

## БИРИНЧИ АБЫШКАНЫН ИКАЯСЫ

«О, дөөм, билсең мынабу элик,– деп абышка сөзүн баштады,– менин таякемдин кызы, өз каным, өз жаным. Кызга жаш үйлөнүп, отуз жылга жакын бирге жашадык, бирок балалуу болгонубуз жок. Анан мен үстүнө токол алдым. Аным көздөрү бакырайган, каштары капкара болгон толуп турган ай түспөл уул төрөп берди! Уулум чоңоюп, он бешке толгондо

www.bizdin.kg



көп жүк менен алыскы бир шаарга жөнөп калдым. Кичинесинен сыйкыр менен көз боёмочулукка үйрөнгөн таякемдин кызы – мынабу элик баланы музоого, энесин менин ойнош күңүмү уйга айландырып туруп, бадачыга бериптир. Мен көп убакыттан соң үйгө кайтып келип, балам менен анын энесин сурасам, таякемдин кызы айтты: «Аялың өлүп калган, уулуң кайда качып кеткенин билбейм»,– деп. Ошентип, мен кайгыга чөмүлүп, көзүмөн жаш кургабай, бир жыл үйдөн чыккан жокмун. Анан курман айтка карата бадага киши жиберип, бир семиз уй алдырдым. Бадачы ылайдай семиз уй жетелеп келди (көрсө, ал мынабу элик сыйкырлап салган өзүмдүн көрөр көзүм экен). Төрт бутунан бууп, жерге жыгып, соёюн деп бычагымды алганда уй мөөрөп, онтоп, көзүнөн жашын көлдөтүп, ыйлай баштаганда, боорум ачып кетти. Уйду сойбостон бадачыга айттым: «Бөлөгүн алып келгин» – деп. Бирок таякемдин кызы: «Ушул уйду сойгун! Мындан семизи жок!» – деп чырылдай берди. Таякемдин кызынын айтканын макул көрүп, уйду сойгону кайра жакындаганда бечара уй мөөрөп-мөөрөп жиберди. Бадачыны чакырып: «Ушул уйду сойгун да, терисин сыйрыгын»,– дедим. Бадачы уйду союп, терисин сыйрып салды. Бирок сөөгү менен терисинен бөлөк чымчым эт чыккан жок. Мен бул уйду сойдуруп салганга ичим ачыша түштү, бирок эми кайгырганым менен кайра тирилтип алмак белем, аны бадачыга бердим да: «Бир семиз торпок таап кел»,– дедим. Бадачы музоо болуп калган өз баламды жетелеп келиптир.Музоо мени көрөр менен жибин үзүп жүгүрүп келип, эркелеп, сөйкөнүп, онтоп ыйлап жиберди. Музоого боорум ачып, бадачыга айттым: «Муну бадага кошуп койгун да, бөлөгүн апкел»,– деп. Бирок таекемдин кызы, мынабу элик: «Бул музоону бүгүндөн калтырбай союш керек, бүгүн кудайдын улуу күнү эмеспи, бададан мындан семизин таппайсың», – деп дагы айтты.

«Сен айткан уйду сойдум эле, кебетеси тиги. Соёрун союп алып, ичим ачышып калды. Эми сенин тилиңди албаймын», – дедим. «Оо, ырайымдуу садагасы Алла Тааламдын өзү күбө болуп турат го, кудайдын улуу күнүндө кежирленбей бул музоону сойгунуң, жок, сойбосоң анда сен мага эр, мен сага катын эмесмин!» – деди тайманбай. Таякемдин кызынан мындай сөздү уккан соң, анын оюнда эмне бар экенин ким билсин, музоону мууздаганы бычакты көтөрүп калдым...»

Падыша: «Алла Таалама ант берем, бул аңгеменин аягын укмайын кызды өлтүрбөйм»,– деп ичинен ойлонду.

Анан падыша менен кыз таң аткыча айкалыша жатышып, эркелешип, кумардан чыгышты. Эртеси падыша эрте менен сот ишине катышууга кетти, увазири кепин көтөрүп артында жүрдү. Падыша күнөөлүүлөрдү соттоп, айыпсыздарды тактады. Ошо бойдон увазирин эч жакка жумшабады, увазири буга аябай таңгалды. Анан бардык иштерин бүтүргөндөн кийин, Шахрияр падыша эс алганы кетти.

www.bizdin.kg



Дүниязада эжеси Шахразадага айткан экен: «Эжекебай, соодагер менен дөө жөнүндөгү кебиңди улантчы», – деп.

Шахразада айтты: «Падыша уруксат этсе, жаным менен улантаар элем».

«Айта бер!» – деди падыша үн катып.

Шахразада икаясын улантты.

«О, бактылуу падышам, адилет көсөм, ошентип, абышка музоону мууздамакчы болгондо жүрөгү дүпүлдөп, колу барбай коюптур да: «Муну алпарып, малга кошуп койгун»,– дептир бадачыга. (Абышка бул окуясын айтыбатканда жин аябай таңгалып угуп отурат.)

«Жин падышаларынын падышасы, анан окуя мындай болуптур,– деп эликтин ээси сөзүн улантты.– Таекемдин кызы, мынабу элик, муну көргөн соң: «Музоону сойгун, семиз!» – дейт мага. Музоону сойгонго колум барбай, боорум ачып, бадага кошуп келгин деп жетелетип жибердим.

Эртеси күнү үйдө олтурсам бадачы келиптир. Келип: «Мырзам, мен сага жакшы кабар айтайын деп келдим. Сүйүнчүсүн бересиң го»,– деди. Мен айткын дедим. Анда бадачы: «Биздикинде жашаган бир кемпирден сыйкырлыкты кичинесинен үйрөнгөн кызым бар эле. Кечээ сен мага музоону жетелетип жибергенде, кызым аны көрүп алып, адегенде бетин басып ыйлап, анан кайра күлүп: «Ой, атаке, сен эмне үчүн мага чоочун эркекти ээрчитип келдиң?» – дейт. «Чоочун эркек кайда жүрүптүр? Эмнеге адегенде ыйлап, кайра күлдүң, кызым?» – дедим. «Сен жетелеп келген музоо эмес эле, биздин кожоюндун баласы турбайбы,– деди кызым таңгалдырып.– Аны апасын кошуп туруп атасынын улуу аялы, байбичеси сыйкырлап салыптыр. Менин ушуга күлкүм келди, ал эми ыйлаган себебим, уй кылып сыйкырлап салган мунун апасын атасы өз колу менен союп салганы». Ошону таң атар менен сага кабарлап турган кезим».

Бул сөздү уккандан кийин шарап ичпей мас болуп, бадачынын үйүнө келсем, кызы мени менен учурашып, колуман өөп тосуп алды. Музоо мага эркелеп, кашынып, сүйөнүп, жаны жыргап турду. «Бул музоо жөнүндө айткандарың чынбы?» – деп сурадым кыздан. «Ооба, мырзам, ал сенин уулуң, жүрөгүңдүн бир бөлүгү»,– деди кыз тайманбай. «Кызым, – дедим үнүм буулуп,– эгер сен уулумду ушул балээден куткарсаң мал-жанымды, бүт дүйнөмдү түгөл берейин, ага кошулуп, атаңдын үстүндө, колунда эмне болсо, бардыгы силердики». Кыз кашкая күлүп туруп минтип айтты: «О, менин кожоюнум, акча, дүнүйөгө менин күнүм түшүп калган эмес. Бирок эки шарт менен гана каалооңду аткара алам. Биринчиси, мени уулуңа алып бересиң, экинчиси, буларды сыйкырлаган аялдын өзүн сыйкырлап салууга уруксат эт, болбосо, ал мени майып кылып коёт».

Кыздын бул сөзүн угуп туруп минтип айттым: «Ушулардын үстүнө азыр атаңдын колунда эмне болсо, баарын бердим. Таякемдин кызын эмне кылсаң, өз эркиң».

www.bizdin.kg



Менин бул айткандарымы угуп болгондон кийин бадачынын кызы бир чыны сууну дубалап туруп: «Эгер сен Алла Тааладан музоо болуп жаралсаң, анда музоо боюнча калгын, жок, сен сыйкырланган болсоң, анда улук Алла Тааланын амири менен өз калыбыңа өт!» – деп музоого чачып жиберди. Музоо силкинип-силкинип туруп, адам калыбына келип калды. Мен кубанганыман жүгүрүп барып, уулумду кучактап жыгылдым. «Кудай алдында айтчы, балам, апаң экөөңөрдү таежең эмне кылып салды эле?» – дедим. Балам болгон окуяны айтып берген соң, айттым: «О, уулум, Алла Таалам сени сыйкырдан бошотуп, укугуңду алып берген кишини өзү жиберген экен», – деп.

Мындан соң, урматтуу жин, уулума бадачынын кызын алып бердим. Ал таякемдин кызын мынабу эликке сыйкырлап, мындай деди: «Мунун кебете-кешпири көргөн кишинин жүрөгү түшкөндөй эмес, жапжакшынакай болуп турат».

Ошентип, Алла Таала өзү алып кеткиче бадачынын кызы күнү-күн, түнү-түн биз менен жашады. Аялы кайтыш болгондон кийин менин уулум бул соодагердин мекенине, Индия жергесине кеткен болучу. Мен таякемдин кызын, бул эликти жетелеп алып, уулумду издеп чыгып, жер кезип жүрүп ушуерге келип, буркурап ыйлап отурган мынабу соодагерге кезиктим. Менин аңгемем ушул».

«Мунуң аябагандай кызык окуя экен, – деди жин.– Мен сен үчүн соодагердин үчтөн бир канын кечтим».

Андан соң эки тайган ээрчитип келген абышка сөзгө өттү да, жинге мындай шарт койду. «Эгерде мынабу тайганга айланган менин эки бир тууганым туурасында икаям мындан да кызык, таңгалыштуу болсо, соодагердин үчтөн бир канын дагы кечесиңби?» «Сенин икаяң мунукунан да кызыктуу, укмуштуу болсо, анда үчтөн бирин кечемин»,– деди дөө.

## ЭКИНЧИ АБЫШКАНЫН ИКАЯСЫ

«О, жин падышаларынын падышасы, – деди экинчи абышка, билсең, бул турган эки ит менин бир туугандарым, мен үчүнчүсү болом. Атабыз өлгөндө бизге үч миң динар мурасы тийген. Мен соода жүргүзүүгө дүкөн ачтым, менин бир туугандарым да дүкөн ачышты. Көп убакыт өтпөй эле агам, бу иттердин бири, болгон-бүткөн дүйнөсүн миң динарга сатып, анысына көр-жер алып, саякатка кеткен. Бир жыл кабарсыз болду. Анан күндөрдүн бир күнүндө жаныма бир кайырчы келди. Мен: «Сени кудай колдосун»–дедим. Бирок кайырчы менин сөзүмдү укпастан: «Тааныбай турасыңбы?»– деди. Ошондо барып абайлап карасам, өзүмдүн карачечекей агам экен! Ордуман туруп учурашып, дүкөнүмө ээрчитип кирип, эмне болгонун сурадым. Ал: «Аны сурай көрбө! Акчам агып, бакыт оолактады», – деди. Анан агамды мончого салып жуундуруп, кийим кийгизип, үстү-башын оңдоп, өзүмдүн дүкөнүмдүн кирешесин санасам, эки миң

www.bizdin.kg



динар болуп, туптуура миң динар киреше түшүптүр. Пайданы агам менен тең бөлүшүп: «Эми мындан кийин бөлөк жактарга каңгып кетпеймин деген убадаңды бергин»,– дедим.Ошентип, агам кайра өзүнчө дүкөн ачып алды.

Бул окуядан бир нече күн, бир нече түн өткөндөн кийин дагы бир агам, берки ит, болгон-бүткөн дүйнөсүн калтырбай сатып, ал дагы кайсы бир жактарга кетмей болду. Биз аны эч жакка жибербей кармап турдук, бирок ал бизге баш бербей, көр-жер сатып алып, саякатчыларга кошулуп кетип калды. Ал дагы бир жыл бою тентип жүрүп, куду берки агамдын таз кейпин кийип, бир күнү кирип келди. «Эч жакка чыкпагын дебедим беле, агатайым ай!» – дедим кебетесин көргөндө боорум ооруп. Агам көзүнүн жашын көл кылып ыйлап: «Кудайымдын салганына кубарым барбы, иничегим, азыр менин калтамда бир тыйын тургай, жонумду жабаар көйнөгүм жок жылаңач калдым», – деди. Аны да мончого салып тазалап, үстүнө жаңы кийим берип, дүкөнүмө ээрчитип барып, тамак ичип отурганда айттым: «Жыл жаңырганда дүкөнүмдүн кирешесин эсептейм, канча пайда түшсө экөөбүзгө тең бөлүнөт», – деп. Анан жаңы жылда кирешемди эсептеп көрсөм, туптуура эки миң экен! Буга кудайдын кулагы сүйүнсүн деп, жаратканга жалынып, таазим эттим. Кирешеге түшкөн алиги миң динарды агама бердим. Ал дүкөн ачып алды. Ошентип, күн өтө берди.

Күндөрдүн бир күнүндө эки агам экөө тең алыскы бир мамлекетке соода кылып келебиз деп мени азгыра башташты. «Аякка барып, силердин байып келгениңерди көргөм, мени да өзүңөрдөй «байыталы» десеңер керек», – деп көнбөй койдум. Мен таптакыр жылбай койгондон кийин, алар да өз-өз дүкөндөрүндө соода кылышкандары менен жыл маалы какшай беришип, арадан алты жыл өтүп кетти. Жетинчи жыл дегенде тигилер менен кошо барууга макул болдум. «Акелер, саякатка кошо барайын, бирок алды менен силерде канча акчаңар бар экенин эсептейли», – дедим. Экөө ичип-жеп, шапар тээп ойноп жүрүшүп, бир тыйындары жок экен. Анан алар менен акыйлашып отурбай, карыздарымды чогултуп, аласаларымды жыйып, дүйнө-мүлктөрүмдү сатып, эсептеп көрсөм туптуура ашык-кеми жок алты миң динар болду. Мен буга аябай сүйүнүп, акчаны тепетең үчкө бөлүп: «Мынабу үч миң динарга үчөөбүзгө буюм алып соодалайбыз», – дедим. Калган үч миңин жерге көмүп, катып салдым, эртеңки күнү не бар, не жок деп. Кокус куржалак калсак, саякаттан келгенден кийин бирөөнүн көзүн карабай, оокатыбызды жасаганга шарт болот. Агаларым да макул болушуп, аларга миң дилдеден бөлүп берип, өзүмкү менен үч миң болуп, далай дүр-дүйнө сатып алдык да, кеме жалдап жүгүбүздү салдык.

Бир күн жүрдүк, эки күн жүрдүк, ошентип, кеме менен сүзүп отуруп, отуз күн дегенде бир шаарга жеттик. Аерден соодабызды жүргүзүп, бир динарды онго айландырып, кудай ушуну кут кылсын, эми кетели деп тур-

www.bizdin.kg



сак, деңиз жээгинен кийимдери албаа-шалбаа чыккан бир кыз менин колумду өпкүлөп: «Мырзам, сенин ыраазычылыгыңы алсам, мендей шордуууга бир жарыгыңды тийгизээр белең?» – деди. «Ооба, – дедим,– сен мени ыраазы кылбаган күндө деле сенден жакшылыгымды аябайм». Анда кыз: «Андай болсо мага үйлөнүп, жериңе ала кеткин. Жакшылыгың ушу болсун, мен өмүрүмдү өзүңө арнап, кадырыңа жетем. Сени алдап кетейин деген оюм болсо, ылайым жакшылык көрбөй калайын», – деди. Кыздын айткандарын уккан соң сөзүн эки кыла албай калдым. Кудайдын буйругу экен деп, ага кийим-кече алып берип, үстү-башын тыңдап, кемеден жайлуу жай тандап, түйшүк тарттырбай, үйлөнүп алдым. Биз узак жол жүрүп, улам барган сайын кызга болгон махабатым күчөп, ашыглыктын жалынына оролдум. Жанынан күнү-түнү карыш чыккым жок. Кыздын азабынан агаларым менен тиреше түштүм, алар мени кызгана баштаашты. Менин байлыгыма, дүнүйөмө, акчама көз артышып, кирпиктүү көзүн ирмеп, укташкан жок. Экөөлөп мени өлтүрүшүп, менин байлыгымды тартып алыштын амалын ойлошуп: «Өлтүрүп салсак, акчасы бизге калат», – деп сүйлөшөт. Мындай акылды аларга шайтан үйрөткөн болот. Аялым экөөбүз уктап атканда, эки агам келишет да, экөөбүздү тең деңизге ыргытып жиберет. Аялым ойгонуп кетип, силкинип-силкинип алып дөөгө айланып, мени жонуна кондуруп алып, жээкке алып чыгат. Анан кайдадыр бир жакка жоголуп кетип, эртеси саар менен келип: «Мен сенин аялыңмын, Алланын амири менен сени өлүмдөн алып чыктым. Билсең, мен деген жинмин, кудайдын буйругу экен, сени көрөр менен сүйүп калдым. Мен Алла Таалага, анын элчисине да ишенемин, Алла Таалам өзү кубат берсин. Сен менин эрим болгон соң, суудан тирүү алып чыктым, эми минтип мени алгачкы көргөн калыбымда алдыңа келдим. Сенин агаларыңа ачууланып калдым, экөөнүн тең ажалы менден», – деди. Анын айткандарын угуп, таңгалдым да мага жасаган жакшылыгын алкап: «Бирок агаларымдын өлүмү жөнүндөгү оюндан кайт», – дедим. Анан ага эки агам жөнүндөгү окуяларды айтып берсем: «Бүгүн түнү мен аларга учуп барып, кемелерин сууга чөктүрүп салам»,– деди. «Кудай үчүн антпечи, кандай болгон күндө да экөө бир туугандарым. «Жамандын көркү казанбакта болбочу». «Жок, аларды өлтүрүп тынбасам болбойт»,– деп жин көшөрүп туруп алды.

Мен ага жалынып-жалбарып кирдим эле, ал мени үйдүн чатырына алып чыгып кетти. Үйдүн кулпуларын ачып, жерге көмүп катып койгон акчаларыма ар нерселерди сатып алып, быссымылда деп дүкөнүмдү иштете баштадым. Кеч киргенде дүкөндөн үйгө келсем, эшиктин алдында эки ит байланып туруптур. Мени көрөр менен жүгүрүп келишип жыттагылап, каңшылап, көздөрүнөн мончоктоп жаш тамчылайт.

Мен бул иттерге көз таштарымда: «Сенин агаларың»,– деди аялым табалаган кыяста. «Буларды ким минтип салды?»– дедим. «Экөөнү сиңдимдикине жиберсем ушинтип дубалап салыптыр,– деди.– Эми булар он

www.bizdin.kg



жылсыз кайра калыбына келбейт». Ошентип, он жыл өтүп, экөөнүн дубасын жандырайын деп ээрчитип келатсам, мынабу соодагердин окуясына туш болуп, эми эмне болор экен деп турган чагым. Менин аңгемем ушу».

«Сенин аңгемең аябай кызык экен, соодагердин үчтөн бир канын кечтим сен үчүн»,– деди жин.

Качырчан үчүнчү абышка сөзүн мындайча баштады: «Менин аңгемем бул экөөнүкүнөн да кызык, уккулуктуу, андыктан, соодагердин калган канын мага бер». «Куп болот, угайынчы»,– деди жин кепке кызыгып.

## ҮЧҮНЧҮ АБЫШКАНЫН ИКАЯСЫ

«Бардык жиндердин султаны, көсөмү,– деп икаясын баштады чал,– билгиң келсе, мынабу качыр өзүмдүн аялым. Туура бир жыл саякаттап жүрүп, акыры сапарым карып, түндөсү үйүмө жеттим. Келсем, аялым апакай төшөктө капкара, өңү суук бир кул менен өбүшүп, эриндеринен сорушуп, ойношуп, эркелешип жатып алыптыр. Аялым мени көрөр менен карападагы сууну дубалап туруп, бетиме чачып жиберип: «Ит болуп кал!»– деди эле, ит болуп калдым. Аялым мени үйдөн кууп жиберди. Мен башым оогон жакка кете берип, акыры бир касапчынын дүкөнүнө кез келдим. Дүкөндүн тегерегиндеги сөөктөрдү кемирип жеп жүрсөм, касапчы үйүнө ээрчитип барды. Үйүнөн кызы чыга калып, мени көрөр замат алаканы менен бетин басып, атасына: «Ата, эмне үчүн үйгө чоочун эркекти ээрчитип келдиң?»– деди. «Каяктагы эркекти айтыбатасың?» – деди атасы чочуп. «Мынабу ит эмес эле киши, аялы дубалап салыптыр, аны мен жандыра алам»,– деди кызы. Кызынын мындай сөзүн уккан атасы: «Кудайым өзү кубат берсин, анда бул байкушту ит кордугунан кутулт, кызым»,– дейт. Кыз карападагы сууну дубалап туруп мага чачты да: «Кайра киши калыбына кел!»– деди. Мен заматта киши болуп калдым. Кыздын колунан өөп, алкышымды айтып: «Мени дубалаган аялымды сыйкырлап салчы»,– дедим. Кыз мага суу берип туруп: «Аялың уктап атканда ушул сууну сепкин да, эмне айбан кылгың келсе, ошону айткын»,– деди. Сууну алып, аялым уктап атканда тулкусуна сууну чачтым да: «Качыр болуп кал!»– дедим. Аялым ошо замат мына мындай качыр болуп чыга келди. Жиндердин султандарынын султаны, ал качыр азыр өзүңдүн алдында турат».

Жин кылчайып качырдан: «Чынбы?»– деп сурады. Качыр башын ийкеп: «Алла Таалам өзү күбө, азыркы мен жөнүндө айтылган икаянын жалганы жок» дегендей ишарат жасады.

Үчүнчү абышканын аңгемесине аябай таңгалган жин соодагердин канынын үчтөн бирин дагы кечтим деди.

Окуянын ушерине келгенде таң атып, жерге жарык кирип кетип, Шахразада кебин токтотту.

Сиңдиси Дүниязада: «Ой, эжекебай, аңгемең ушунчалык кызык, уккулуктуу экен»,– деди.

www.bizdin.kg



Анда Шахразада: «Эгерде падыша өмүр берсе, эмки түнү айта турганым мындан да кызык, мындан да укмуш»,– деп жооп узатты.

«Кудайым өзү күбө,– деди падыша үнүн катуу чыгарып,– мындай кызык аңгеменин артын укмайын өлтүртпөйм!»

Анан алтүндө падыша менен Шахразада экөө кучакташып, кумардан чыгышты да, эртеси падыша Шахрияр сот өткөрүүгө кетти. Падыша соттоорун соттоп, бошотоорун актап, буйругун бекитип кечке жүрдү.

Кечинде баары кетип, падыша эс алуучу бөлмөсүнө кирди. Түн каракчысы түшкүчө увазирдин кызы менен кумар жазды.

Анан Дүниязада: «Эжекебай, аңгемеңдин аягын айтчы»,– деди.

Шахразада айтты: «Жаным менен даярмын. О, бактылуу падышам, үчүнчү абышканын икаясына таңгалган жин: «Соодагердин канын кечтим, башы бош», – деген экен. Өмүрүн сактап калган үчүн соодагер үч абышкага жалынып-жалбарып алкышын айтып, ар бири өз жерлерине кайтышат. Бирок мунун баары чогулуп келип, балыкчынын баянына жетпейт».

«Ал кандай экен?»– деп сурайт падыша.

## БАЛЫКЧЫНЫН БАЯНЫ

«Бактылуу падышам, менин угушума караганда ,– деп баштады Шахразада, – илгери бир балыкчы чал болуптур. Чалдын аялы, үч баласы болот. Турмушу начар экен. Абышка күн сайын деңизге ашык-кеми жок төрт жолу тор таштайт. Бир күнү чоң шашкеде деңиздин жээгине келип, себетин жерге коюп, торун алып чыгып сууга ыргытат. Торду ыргытып коюп чөккүчө карап турат да, анан боолорун чогултуп кармап турса тор оор тартып, кыймылдагансыйт, чал торду тартса, каруусу жетпейт. Анан жээкке казык кагып туруп, боолорун бекем байлайт да, өзү сууга түшүп, тордун түбүнөн көтөрүп, кургакка эптеп алып чыгат. Жээкке чыккан соң чал кубанып, тордогу балыкты чыгарып алайын деп кийинип келсе, балык эмей эле өлгөн эшек түшүп калыптыр. Эшекти көрүп алып, чал аябай капаланып: «Бул да Алла Тааламдын амири менен болгон иш! Мындай шумдукту ким көрүптүр!» – деп:

Буюрбаган нерседен үмүтүң үз,
Аламын деп алдастап коротпо күч,

деген эки сап ырды эске түшүргөн соң: «Кудай деген куру калбайт дейт, ал, кулум, деп койсо ажеп эмес да» – деп өзүн өзү жубатты.

Абышка эшекти алып салып, торун сыгып, кайрадан тууралап чатышын чыгарды да сууга кирди. Сууга түшүп баратып: «Кудайым өзү кубат берсин»,– деп келме келтирип, торун экинчи ирет салды. Тор сууга чөгүп, бир кезде оордоп калды, чал балык түшкөн экен деп тартты эле, күчү жетпеди. Анан жээкке казык кагып, боосун бекем байлап, торду түбүнөн сүйрөп атып, өлгөн-талганда араң сыртка чыгарды. Сыртка алып

чыкса, ичине кум менен чопо толгон бир килейген кумура экен. Муну көргөндө абышканын ичи күйүп деген экен:

«Тагдыр, мени неге мынча ойноттуң,
Болду, жетет, боорум менен сойлоттуң.

Бир жакшылык мага ыроо көрбөдүң,
Маңдай терим төксөм көңүл бөлбөдүң.

Келдим эле өз үлүшүм алганы,
Алмак тургай, башка салдың арманды.

Адепсиздик ээлеп алса ыйманың,
Акылмандык жөнүндө сөз кылбадың».

Анан кумураны ыргытып жиберип, торун сыгып, тазалап, келме келтирип, кудайга жалынып, кайра дагы үчүнчү ирет сууга салды. Торду чөккүчө кармап туруп, бир кезде тартып алса, сынган айнек-пайнектер, сөөк-саактар, кишинин кууураган баш сөөктөрү чыкты. Муну көрүп, чалдын көңүлү ого бетер чөгүп, буркурап ыйлап жиберди:

«Маңдайына не жазылса, бир да адам,
Тагдырынан кутулбаган эч качан», –

деди өксүп. Анан башын өйдө көтөрүп, көктү карап туруп: «О, кудуреттүү Кудай, мен торумду күнүгө төрт жолу гана сууга салам. Эми төртүнчүсүндө ал, кулум деп боор ачысаң куру кол койбоссуң», – деди.

Анан абышка келме келтирип, торун деңизге ыргытты да чөккүчө күтүп туруп, бир кезде сыртка тарта баштады. Тартып-тартып, каруусу жетпеди, көрсө, тор түбүнөн чалынышып калыптыр. «Кудайым өзүң кубат берегөр», – деди абышка күрсүнүп.

Үстүндөгү кийимдерин чечип, сууга кирип, торду жээкке араң сүйрөп чыгарды. Жээкке чыгарса, жезден жасалган оор кумура экен, оозуна коргошун куюп, мырза байыбыз Сулайман ибн Дөөттүн мөөрү басылып турган экен. Сулайман менен атасын кудайым ар качан жалгай берсин! Кумураны көргөн абышка аябай сүйүнүп: «Муну жез базарга алпарып жезчилерге сатсам, кеминде он динар пул болот», – деп ойлоду. Кумураны ары-бери оодарса, эң эле оор экен, оозу да бекем чапталыптыр. «Адегенде муну ачып, ичиндегисин көрүп, анан сатайын», – деди бир оюнда. Анан бычагын алып чыгып, кумуранын оозун бекиткен коргошунду кесип алып таштады да, кумураны жантайтып жыгып көрдү эле ичинен эч нерсе чыккан жок, анан оозун жерди каратып силкти эле, мында да эч нерсе түшпөдү. Балыкчы буга аябай таң калды. Бир кезде кумурадан буркурап түтүн булап, шоңшоюп асманга жетип, анан жерди каптай баштады да, бир кезде айлана алай-дүлөй түшүп, тарсылдап-түрсүлдөп келип төбөсү көктө, буту жерде эби-сыны жок дөө пайда болду. Дөөнүн кебетеси ушундай дейсиз, көргөндүн жүрөгү түшчүдөй;

www.bizdin.kg



башы сүйрү, колдору айры сындуу тарбагай, буттары кеменин мачтасындай эпсиз-сынсыз, оозу үңкүрдөй, тиштери асканын ташындай, таноолору мунарадай, эки көзү эки көр чырактай, кебетеси үңкүйүп, кечки көлөкөдөй.

Балыкчы дөөнүн кебетесин көрүп, денеси калчылдап, тиштери кырчылдап, оозу кургап, жашоодон түңүлүп калды. Дөө балыкчыны көрүп, сүйүнгөнүнөн кыйкырып жиберди: «Алла Тааладан бөлөк теңир жок, Сулайман болсо кудайдын жиберген пайгамбары!»– деп.

Анан дөө жалынып кирди: «О, Алла Тааланын пайгамбары, мени өлтүрө көрбө! Мындан кийин айтканыңды эки дебейин, ар дайым аткарып жүрөйүн». Анда балыкчы чал: «О, дөө, сен: «Сулайман—Алла тааланын пайгамбары дейсиң, Сулаймандын өлгөнүнө бир миң сегиз жүз миң жыл болот, биз кыямат алдында жашап турабыз. Сен бул кумурага эмне болуп кирдиң эле, таржымалын айтчы», – деди.

Балыкчынын сөзүн угуп, дөө сүйүнүп кетти: «Алла Тааладан бөлөк Теңир жок! Сен да сүйүн!» – деди. «Эмнеге сүйүнөм?» – деди чал. «Азыр сени өлтүрөм, ошого сүйүн», – деди дөө. «Мындай кесирдүү сөзүң үчүн Алла Таала сага жар болбойт,– деди балыкчы чал.– Наалат болгур, мен сени суунун түбүнөн жээкке алып чыгып, кумуранын оозун ачып, бoштондук берсем, эми мени өлтүрөм дегениң кандай?» «Кантип, кандай жол менен өлтүрөйүн, өзүң айт!» – деди дөө демитип. «Менин жакшылыгыма мындай кылганыңдын себеби эмнеде?» – деди балыкчы чал. «Менин таржымалымды уксаң анан билесиң»,– деди дөө. «Анда тез айт, жаным оозума келип калды», – деп балыкчы шаштырды.

Кулак салып, анда жакшылап уккун, балыкчым,– деп сөзүн баштады дөө.– Мен Сахр деген жин болом. Биз Дөөтү уулу Сулаймандын айтканына кирбей, динди жеригенбиз. Сулайман мага Асафа ибн Барахая деген увазирин жиберип, барбайм десем, тепкилетип туруп, чакыртып алган. Сулаймандын алдына барганда, ал мага каршы Алла Тааладан кубат сурап, мени өзүнүн динине киргин деп кыйнаганда, мен андан баш тарткан болчумун. Ошондо ал мобул кумураны алдырып, мени дубалап, ичине салып тыгып туруп, оозун Алла Тааланын аты жазылган коргошун менен чаптап, дөөлөрүн чакырып, деңизге ыргытып жиберген. Ошентип, менин сууда жатканыма жүз жыл болду, ошондо мени бул кордуктан ким куткарса, түбөлүккө жете тургандай мал-мүлккө туйтундурам деп өзүмө өзүм ант бердим эле, бирок жүз жылда мени куткарган эч ким болгон жок. Анан дагы бир жүз жыл өттү: анда ким куткарса, аны алтынзерге бөлөйм дедим. Анда да эч ким куткарбады. Дагы төрт жүз жыл өттү. Кимде ким эми куткарса үч каалоосун аткарып берейин дедим. Мында да эч ким куткарбай койду. Ошентип, жолум болбогон соң ачуум келип, кимде ким мени куткарса, кандай ажалды кааласа ошону менен өлтүрөм деп өзүмө ант берип койдум эле. Минтип сен мени куткарып отурасың, эми өзүң айт, кандай ажал менен өлтүрөйүн».

www.bizdin.kg



Дөөнүн бул сөзүн уккан балыкчы минтип жалынды: «Жараткан өзүң жалгай гөр! Мен сени кечигип келип куткарган турбаймынбы! Сен мени ажалдан куткарсаң, сени Алла Таалам өзү куткарат! Сага жамандык каалагандарды Кудайым өзү жазалайт». «Сенин ажалың жетти, эми андан кутула албайсың, кандай ажал менен өлтүрөйүн, өзүң айт!» – деди дөө кайра демитип.

Абышканын айласы кетип, дөөгө кайрадан жалынып-жалбарды: «Сени куткарганым үчүн мунапыс бергин». «Ошол, мени куткарганың үчүн сени өлтүргөн жатпаймынбы»,– деди дөө. Балыкчы: «О, дөөлөрдүн падышасы, мен сага жакшылык кылсам, сенин жамандык кылганың кандай? Андыктан:

Болбойт окшойт мындан өткөн наадандык,
Жакшылыкка кылса кайра жамандык.

Жакшылыктан бөлөк келбейт колуман,
Кутулмакмын кантип тагдыр жолунан,–

деген ыр саптарынын жалганы жок экен да».

Балыкчынын бул сөзүн уккан дөө: «Бүттү, ажалың жетип, сууң түгөндү!» – деди. Ошондо мындай ажымужукка түшүндүрө албасына көзү жеткен балыкчы ичинен муну ойлоду: «Бул го болгону жин, мен болсом адаммын, Алла Таалам мага акыл-эс берген. Бул мени кантип өлтүрөм деп турганда, кутулуп кетиштин айласын табайын» – деп.

Анан ал дөөдөн сурады: «Чын эле өлөмбү?» – деп. «Ооба, өлөсүң»,– деди дөө. Ошондо балыкчы мындай деди: «Шакекке касиеттүү ысмы оюлуп жазылгандардын экөөнө тең салават, Сулайман ибн Дөөттүн улуу ыйык ысмы менен бирдеме сурайын, чыныңды айтасыңбы»? «Айтам»,– деди дөө. Сулаймандын атын укканда дөөнүн бүткөн бою калчылдап кетти. «Сен бул кумурадан чыктым дейсиң, мунун ичине сенин бир бутуң да батпайт, кумурага кантип баттың эле», – деди балыкчы. «Эмне, кумурадан чыкканыма ишенбей турасыңбы?» – деди дөө. «Өз көзүм менен көрмөйүн айтканыңа ким ишенет?»– деп балыкчы башын чайкады. Дөө туруп эле бир кезде силкинип жибергенде, деңиз үстүнө түтүн жайылып кетип, анан аз-аздан сызылып, кумурага кире баштады. Бир кезде түтүн кумурага толук кирип бүттү. Балыкчы кумураны коргошун тыгыны менен жаап бекитип, дөөгө кыйкырат: «Эми сен кандай ажал менен өлгүң келет? Алла Тааланын ысмы менен ант берем, азыр сени сууга ыргытып жиберем да, мобу жээкке үй салып, буерге келген балыкчыларга буерде дөө бар, кимде ким аны карападан алып чыкса, дөө жакшылык кылгандын ордуна кайра «кай ажал менен өлгөндү каалайсың» деп сени тирүү калтырбайт» – деп жар салам».

Балыкчынын бул сөзүн угуп, өзүнүн камалганын сезип, дөө кумурадан чыгууга аракет жасады, бирок Сулайман пайгамбардын мөөрү ба-

www.bizdin.kg



сылган тыгындан бошоно албай койду. Балыкчынын алдап кеткенин сезген дөө: «Мен жөн эле тамашалагам», – деди. Анда абышка жинденип кыйкырды: «Сен деген дөөлөрдүн жек көрүмчү, бузуку, макоосусуң!»– деп туруп кумураны сүйрөп, деңиз жээгине апкелди. «Ыргыта көрбө!»– деп кыйкырды дөө кумуранын ичинен. «Ыргытам!» – деп кыйкырды абышка сырттан. Дөө эми мурдагыдай кыйкырып-өкүрбөй, жай сурады: «Мени эми эмне кыласың?» – деп. «Эмне кылмак элем,– деп жооп берди балыкчы абышка,– алпарып деңизге ыргытып жиберем, буга чейин сен суу алдында бир миң сегиз жүз жыл жаткан болсоң, эми кыяматтын сурагына чейин тынч жата бересиң. Мен сага айтпадым беле: «Мага кечирим кылсаң, сени Алла Таалам кечирет, мени өлтүрүп салсаң сени Алла Таалам өлтүрөт», – деп. Сен менин тилимди албай койбодуңбу, мени алдайм деп ойлодуң эле, Алла Таалам минтип өзүңдү колума салып берип, алданып калдың».

«Ачып койчу, мен сага жакшылык кылайын», – деди дөө. Анда балыкчы абышка кыйкырат дейт: «Жаныңды жебе, желмогуз! Сен экөөбүз Юнан падышанын увазири Дубан догдурдай болуп турабыз». «Юнан падышанын увазири менен Дубан дегендер ким, алардын тарыхы кандай?» – деп сурады дөө.

## ЮНАН ПАДЫШАНЫН УВАЗИРИ ЖӨНҮНДӨ БАЯН

«О, дөөм, алардын икаясы мындай,– деп сөзүн баштады балыкчы абышка,– байыркы мезгилдеги өткөн кылымдын жүзүнчү жылдарында Перс шаары менен Руман жеринде Юнан деген падыша өтүптүр. Ал ашкан бай, атактуу да экен, көп аскерлери жана кароол-нөкөрлөрү болот. Бирок ала оорусу бар экен, аны айыктыруу эч бир дарыгердин, табыптардын колунан келбейт. Падыша кеселине дабаа болоор – деп далай дарыларды ичти, майларды сүйкөдү, мен деген дарыгерлердин бири да айыктыра албады. Бир күнү Юнан падышанын шаарына Дубан аттуу кадырлуу карыя, атактуу табып келет. Ал грек, перс, византий, араб, сирий тилдеринде окуган, жылдыздар жөнүндө илимдеги дарыгерликти билген жана алардын пайдасы менен зыянын айра тааныган, ошондой эле чөптөрдүн, өсүмдүктөрдүн пайда-зыяндуу философиясын изилдеген, илимдин бардык тармагын өздөштүргөн көзү ачык адам болучу.

Дубан шаарга келип, эки-үч күндөн кийин падышанын денесин ала басып кеткенин, аны эч бир илимпоз да, табып айыктыра албай койгонун укту. Аны менен кабардар болгон табып таң аткыча аланы айыктыруунун жолун издеди, анан жерге үрүл-бүрүл жарык киргенде жакшы кийимдерин кийип, Юнан падышага келди. Падышанын тактысына жакындаганда ийилип, жерге чекесин тийгизип, падышага түбөлүк даңк менен кут каалап, өзүнүн дайнын айтып өттү: «О, падышах, сенин денеңдеги дарт жөнүндө кабардар болуп, ага эч ким дабаа таба

www.bizdin.kg



албай койгонун уктум. Ал дарттан дары ичирбей, сүйкөбөй туруп, мен айыктырам».

Бул сөздү угуп, Юнан падыша таңгала айтты: «Сен аны кантип айыктырасың? Кудай алдында айтып коёюн, эгерде сен мени айыктырсаң, сенин укум-тукумуңа чейин жеткидей бай кылам, сага жакшылыгымды жаадырып, каалаганыңды берем. Ар убак мени менен мыкты мамиледе болосуң» – дейт. Анан падыша табыпка кымбат чепкен жаап, көп пул берип сурады: «Сен дарыны ичирбей да, сүйкөбөй да айыктырам дедиңби»? Табып: «Ооба, так ошентип айыктырам»– дейт. Табыптын бул айтканына падыша таңгалып кайра сурады: «Касиеттүү табып, азыркы мага айткандарыңды качан баштайсың? Айыктыра турган болсоң ылдамдат, уулум». «Аны эртең эле жасайбыз, урматтуум», – деди табып. Анан ал шаарга түшүп, бир үйдү жалдап алып, аерге дарыларын, уусун, китептерин тизип коюп, анан уу менен дары-дарымегин алып, аны ичи көңдөйлөнгөн жыгач таяктын ичине салат. Таякка кармагыч жасайт да, баарын даярдагандан кийин падышага келип, ийилип таазим этип, чекесин жерге тийгизип, падыша эми ат чабылчу аянтка барып, таяк менен топ чаап ойноосун өтүнөт. Падыша менен кошо эмирлери, нөкөрлөрү, увазирлери, төрөлөрү ээрчип барышат. Болжошкон жерге падыша келер менен Дубан табып жетип келет да, падышага таякты берип, муну айтат: «Мынабу таякты алып, аянтты тегерене топту чаап ойной бергин. Алкашалка түшүп тердейсиң. Дары сенин колуң аркылуу боюңа тарайт. Дары бойго сиңгенден кийин random мончого барып жуунасың да, жылуу жатып аласың. Уктап тургандан кийин ооруңан мен көр, сен көр айыгасың».

Юнан падыша таякты алып, атка минип, топту улам чаап, кайра кууп жетип, кайра чаап, табыптын айтканын жасады. Анан падыша тулку боюна дары тарагыча жаны тынган жок. Артынан көз салып турган табып эми жетиштүү болду го дегенде айтты: «Тез барып, мончого таза жуунуп, жылуу жатып алгын», – деп. Падышанын жөкөрлөрү биринен бири өтүп, бири мончо жакса, бири шейшебин көтөрүп, дагы бири кийимдерин апкелип, ыз-пыз түшүп калышты. Падыша мончого кирип, таза жуунуп, жаңы кийимдерин кийип, бөлмөсүнө жатып алды.

Ошентип, падыша уктап жата турсун, табып болсо өз үйүнө келип, түнү менен катуу уктап, саардан туруп, ак сарайга келип, падышанын үстүнө кирүүгө өтүндү. Падыша кирсин – деди. Табып падышанын тактысына жеткенде таазим этип ийилип:

«Бир өзүңдү карманабыз ата – деп,
Сен турганда башка бирөө болбойт кеп.

Жарык жүзүң бир укмуштуу нур чалып,
Кайгы-муңдан турат жүрөк арылып.

www.bizdin.kg



Мейли өтсүн канча мезгил арадан,
Ак жүзүңөн алтын нурлар тараган.

Жаз күнүндө жаралгандай кайра жер,
Сен турганда мен өзүмдү сезем эр.

Айкөлдүктүн сенде болбос ченеми,
Ач көздүктү алыс кууду мендеги», –
деп ырдап жиберди.

Ал ырдап бүткөн соң падыша ордунан туруп, табып менен кучакташып көрүшүп, өзүнүн катарына отургузуп, кымбат баалуу кийим-кече тартуулады. (Падыша мончодо жуунуп болуп, денесине көз жүгүртсө, баягы аланын бир да изи калбай жок болуп, денеси күмүш сындуу аппак, таптаза. Падыша буга аябай сүйүнүп, көкүрөгүн кере дем алып, көңүлү кушубак болду). Ал эми таң атып, падыша тактысына эртелеп келип отурганда сарай кызматчылары, төрөлөрү – баары тикесинен тик турушту. Дубан табып кирип келгенде, падыша ордунан тура калып, аны жанына отургузуп алды. Анан дүйүм тамакка толгон дасторкон жайылып, баары ичип-жешип, ал күнү падыша керели кечке табып менен маектешип отурду. Кеч киргенде падыша Дубан табыпка эки миң динар, кымбат баалуу кийим-кече, белектеринен бөлөк өзү минип жүргөн атты тартуулап, табыпты узатып койду. Дубандын кыйын табыпчылыгына падыша таң берип: «Бул табып эч бир дары сүйкөбөй эле мени айыктырып салды. Алла Таалам өзү күбө, бул киши анык акылман экен, мындай акылманга урмат менен сый көргөзүш менин парзым. Ал табып мындан ары мага табакташ, ырысташ болсун»! Юнан падыша ала оорусунан айыгып, түнүндө тынч уктады. Эрте менен туруп, тактына барып отурганда нөкөр-жөкөрлөрү курчап, увазирлери менен эмирлери оңду-солду орун алышты. Анан падыша табыпты чакыртты эле, Дубан табып кирип келип, чекесин жерге тийгизе ийилип, падышага таазим эткенде, падыша ордунан ыргып тура калып саламдашып, катарынан орун берди. Экөө бирге отуруп тамактанышты, табыпка белек-бечкек менен кымбат кийимдерди энчилеп, кеч киргиче маектешип отурушту. Кеч киргенде падыша табыпка дагы беш кымбат кийимдин үстүнө бир миң динар берди, табып ыраазычылыгын билдирип, үйүнө кайтты. Эртеси эрте менен падышаны жөкөрлөрү, эмирлери, увазирлери тегеректеп, падыша өз тактысына келди.

Падышанын бир ичи тар, чатак, түрү суук, тулку бою жалаң жамандыктан жаралган увазири боло турган. Падышанын табыпка жасаган мамилесин көргөн ошол увазирдин ичи күйүп, жамандык жасоонун амалын издеп жүрдү. Көрө албастык ар пендеде бар дечи; адилетсиздик ичте катылуу болот, аны кайраттуу адам гана ачык айтып чыгат, мажирөө болсо ичине сактап, көр казат деген накыл сөз бекер айтылбайт да. Ошол

www.bizdin.kg



увазири падышанын алдына келип, таман алдындагы жерди өөп: «Биздин кылымдын жана жаңы мезгилдин падышасы! Мен сенин жакшылыгыңды көрүп өстүм, андыктан, өзүңө айтаар бир кеңеш бар. Аны айтпай койсом, анда сага бузукулук кылган болом, айт десең айтып берейин», – дейт. Увазиринин мындай табышмагына таңгалган падыша: «Ал эмне болгон кеңеш экен?» – дейт. Анда увазир айтат: «О, Асылзат падышам, Алла Таалам: алды-артыңды абайлап иш кылгын дейт турбайбы. Анын сыңарындай, падышанын бийлигин көрө албаган табыпты өзүңө өтө эле үйүр кылып жибердиң. Падышанын боорукерлигинен, адилеттигинен пайдаланып, арты бир жамандыкка барып такалбаса экен деп чочуйм»,– деп.

Падыша увазиринин бул сөзүнө түшүнө бербей: «Кимди айтып атасың?» – деди кабагын бүркөп. Увазири: «Андай болсо, азирет падышам, көзүңдү ачып көргүн, Дубан табыпты айтып атам», – деди. «Кой, антпе,– деди падыша увазирине, – ал менин анык досум, мен аны баарыңардан жакшы көрөмүн. Эч кимдин алы жетпей койгон оорумдан бир заматта айыктырып салды. Мындай адамды эч жактан таппайсың, Батыш менен Чыгышты түгөл кыдырсаң да жок, а сен кайдагы бир жарыбаган сөздү айтасың. Бүгүндөн баштап мен ага ай сайын миң динардан маяна бөлдүрөм. Мындай адамга падышачылыктын жарымын берсең да аздык кылат. Сен ал табыпка ичиң күйгөн үчүн эле жармашып жатасың. Анын өлүмүн тилесең, мен да бүркүтүн өлтүрүп салып ага ичи күйгөн Ас-Синбаддай болом». «Кечир мени, биздин кылымдын падышасы, анын окуясы кандай болуптур?» – дейт увазир.

## АС-СИНБАД ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕ

«Аны Алла Таала өзү тааныйт, – деп аңгемесин баштады падыша.– Илгери бир заманда ойноп-күлгөндү, куш салып, аңчылыкты аябай жакшы көргөн перс падышаларынын падышасы болуптур. Ал бир бүркүт таптап, күнү-түнү жанынан чыгарчу эмес, атүгүл алтүндө да колуна кондуруп жатчу экен. Аңчылыкка чыкканда кушун сөзсүз ала жүрөт. Алтын чөйчөк жасатып, аны бүркүтүнүн мойнуна илип, ошондон суу берчү экен. Падыша бир күнү өзүнчө жалгыз отурса, бүркүттү таптаган саятчысы келип: «Кылымдын урматтуу падышасы, аңчылык кылууга мезгил жетип калды го», – дейт. Падыша бүркүтүн колуна кондуруп, аңчылары менен жүрүп кетет. Жүрүп отурушуп, бир өрөөнгө туш болушуп, ошерге торун жайышат. Торго бир элик түшүп калат. «Элик кимдин жанынан секирип качып кетсе, ошонун башы алынат!»– дейт падыша.

Аңчылар торду абайлашып жыя башташат: элик бир секирип, падышанын бет маңдайына келип, алдыңкы колдорун бооруна таяп, арткы буттары менен жер такандап, таазим кылгандай туруп калат. Падыша эликке баш ийкеп коёт, элик болсо күүлөнүп, падышанын башынан алыс секирип качып кетет. Жөкөрлөрүнүн баары көз ымдашып жатканын падыша көрөт да: «Булар эмне дебатышат?»– деп увазирден сурайт. Увазир: «Элик кимден секи-

www.bizdin.kg



рип өтсө, анын башы алынат дебатышат»,– дейт. Ошондо падыша намысына келип: «Эликти кармап келбесем силерге башым тартуу»,– дейт да, атына камчы салып жөнөп кетет. Падыша эликтин артынан түшүп, талаа аралап такымдап кете берет. Элик бадалга кире качты эле, падыша бүркүтүн коё берди. Бүркүт кайкып жетип барып, эликтин эки көзүн чокуп, алсыратып салат. Артынан жетип барган падыша эликти союл менен торойто чаап, союп терисин сыйрып, эти тоборсусун деп ээрге жая салып коёт. Күн какчыйган ысыкта түшкө маал болуп, падыша суусап чыгат, аты да суусайт. Тегерек-четтин баары какшып, суу табылбайт. Падыша ары-бери басып караса, бир дарактан май сымал суу тамчылап туруптур. Падыша бүркүт кондурган оң колуна териден мээлей кийип жүргөн. Анан ал сол колу менен бүркүттүн мойнундагы алтын чөйчөктү алып, алиги дарактан тыпылдап тамып турган суудан толтуруп, мына ичейин дегенде бүркүт канаты менен кагып салат. Падыша чөйчөктү жана тосуп, кайра толтурат да суусап жатса керек деп бүркүткө сунса, дагы канаты менен кагып төгүп салат. Падыша үчүнчү жолу толтуруп, атын сугарайын дейт, бүркүт анда да үчүнчү ирет канаты менен кагып салат. Ошондо падыша ачууланып кыйкырат: «Кудай жүрөгүнө кол салгыр ыймансыз десе! Мени да, атты да суу ичирбей, өзүң да ичкениң жок!– деп кылычы менен бүркүттүн кош канатын кыя чапты.

Бүркүт башын жогору көтөрүп: «Дарактын башын карачы» дегендей белги берди. Падыша өйдө караса, даракта жылан оролуп жатыптыр, алиги тамчылап аткан уусу экен. Падыша бүркүтүнүн канатын кыя чапканына катуу капа болуп, атына минип, эликтин этин терисине ороп, өзүнүн кошунуна келет. Келээри менен эликтин этин ашпозчуга берип, куурдак жасагын дейт да, кушун колуна кондуруп алып, тактысына отурат. Кушу бир-эки үн чыгарып барып өлүп калат. Падыша өлүмдөн алып калган бүркүтүн өз колу менен жайлап салганына катуу капаланып, улупуңшуп ыйлайт. Ас-Синбад окуясы мына ушундай экен».

Юнан падышанын бул икаясын уккан увазири: «О, улуу даражалуу падышам, табып мага эмне жамандык кылыптыр дейм да? Андан эч жамандык көргөн жокмун, мен табыптан өзүңдү кызганып, алиги сөздү айтканым ырас, менин тилимди албасаң, падышанын уулуна арамдык жасоону издеп жүрүп өлгөн увазирге окшоп, акыры табыптын колунан ажал табасың»,– дейт. «Ал окуя кандай болуптур?»– дейт падыша Юнан.

## КАРӨЗГӨЙ УВАЗИР ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

«Анда угуп тур, падышам,– дейт увазири,– илгери бир падышанын увазири болуптур. Падышанын мергендикти, аңчылыкты жакшы көргөн уулу бар экен. Баланын атасы бир күнү увазирине айтат, сен ханзаданын жанынан чыкпай, көз салып жүр, – деп. Бир жолу ханзада аңчылыкка чыкса, аны менен кошо атасынын увазири да чыгат. Аңчылыкта жүрүп увазир бир килейген жырткычты көрүп: «Мына илбээсин деген, эми ар-

www.bizdin.kg


тынан түш», – дейт. Бала жырткычтын артынан кууп кете берет, жырткыч болсо улуу чөлдөн дайынын таптырбай көздөн кайым болот. Ханзада кайда барарын билбей, башы маң болуп отурса, жолдун четинде бир кыз ыйлап турат дейт. «Сен кимсиң?»– дейт бала. Анда кыз: «Мен деген Индиянын падышаларынын падышасынын кызымын, чөлдө келатып, үргүлөп кетип, аттан ооп түшүп калыптырмын, эми минтип талаада жалгыз калдым», – дейт. Ханзада кызга боор ооруп эңкейип, жерден кызды эңип алып, артына учкаштырып жөнөп кетет. Кетип отуруп, эски чалдыбардын арасына келгенде кыз: «Мырзам, мен далдоого барып даарат ушатып келейин», – дейт. Кыз ураган дубалдын далдоосуна кеткен бойдон кайра чыкпайт, ханзада күтүп-күтүп туруп, бир кезде кыз кеткен жакка жөнөйт. Дубалды айлана берип караса, алиги кыз эмей эле жез кемпир экен. «Балдарым, бүгүнкү тамагыңарга силерге семиз жаш жигитти апкелдим,» – дебатыптыр. Анда балдары: «Энекебай, биякка тез апкелчи, кардыбыз ачып кетти!» – дешип чурулдашат. Булардын сөздөрүн угуп, коркконунан ханзаданын денеси калтырап, жанынан үмүт үзүп коёт. Ханзада кайра артка кетенчиктеп туруп калды эле, жез кемпир далдоодон чыгып, жигиттин корккон түрүн көрүп: «Эмнеден коркуп атасың?»– деди. «Менин душманым бар. Ошондон коркубатам»– деди ханзада. «Падышанын баласымын дебедиң беле?»– деди жез кемпир. Ханзада: «Ооба, падышанын баласымын»,– деди. Анда жезкемпир: «Анча-мынча пул берип, душманыңды басып койбойсуңбу», – дейт. «Ал акчага алымсынбайт, ага менин гана өмүрүм керек. Менин ушундай арманым бар». «Эгерде сенин арманың болсо, анда Алла Тааладан жардам сура, Алла Таала сенин душманыңдын жамандыгынан жана коркунучтан сактайт»,– деди жез кемпир.

Ханзада башын көтөрүп, үнүн катуу чыгарып дейт: «О, Алла Таала, мен сенин кулунуңмун, мени коколоп турган душманыман куткарагөр! Сенин бул ааламда бийлигиңди каалагандай жүргүзүүгө акың бар! Менден жардамыңы аяй көрбө!» Ханзада келме келтирип, Алла Таалага жалына баштады эле, жез кемпир кетенчиктеп отуруп, көздөн кайым болду. Анан ханзада үйүнө барып, увазирдин жоругун атасына айтып берди эле, падыша увазирди чакырып келип, башын алып салды.

«Падышам, сен бул табыпка чындап ишене берсең, бир күнү сени өлтүрүп салуудан кайра тартчу неме эмес. Аны үйүңө үйүр кылып жыргатканың түбү келип эле сенин өлүмүңү тилейт. Сенин колуңа бирдеме карматып коюп айыктырып салды, эми дагы бир балээ кармата коюп, өлтүрүп салса ким кой дебатыптыр», – деди.

«Ушу сен туура сөз айтып атасың, увазирим,– деди падыша бир кезде,– сен кандай десең, дал ошондой болот. Бул табып жөндөн-жөн эле келе койгон жок, бир билгени бар окшойт. Чын эле, мага бирдемесин кармата коюп өлтүрүп салышы деле мүмкүн».

www.bizdin.kg



Падыша бир аз ойлонуп туруп, анан айтты: «Кана, акылыңды кошчу, увазирим, кандай айла кылсак болчудай». Увазири деди: «Азыр деле чакыртып алып, кирип келер менен башын алып салгын». «Туура айтасың, увазирим!»– деп табыпты чакырып келүүгө буйрук берди. Табып падышанын эмнеге чакыртканын билбестен эле бир акын айткандай кубанычтуу келди. Ал акындын ыры мындай экен:

«Таалай, бактым тар экен деп корунба,
Татаал тагдыр бир кудайдын колунда.

«Мага бер!»– деп жулунгандан пайда жок,
Маңдайыңа жазылбаса арга жок.»

Табып падышанын алдына келип:

«Билбей туруп баа бере албай койдум мен,
Ырларыңды арнагансың кимге сен?

Мени аябай көкөлөтө мактадың,
Ар убакта бир өзүмдү жактадың.

Сен көргөзгөн жакшылыктын бүчүрүн,
Өзүң дагы көрсүн деймин үзүрүн».

«Сени эмнеге чакырганымды билесиңби?»– деди падыша. Анда табып: «Алла Тааладан бөлөк ал сырды эч ким билбейт»– деп жооп берди. «Сени өлтүртөйүн деп чакырттым»,– деди падыша.

Падышанын бул сөзүнө табып Дубан аябай таңгалып сурады: «Падышам, эмне күнөөм үчүн өлтүрөсүң?» «Сени атайын мага жиберилген тыңчы дебатышат. Мени өлтүргөнү келипсиң, андыктан, озунуп өзүңдү жок кылып салышым керек»,– дейт падыша.

Анан падыша баш алгычын чакырып: «Мынабу бузукунун башын алып салып, биздин жаныбызды жай алдыр»,– деген экен. «Мени сактасаң, сени кудай сактайт, өлтүрсөң Кудай түбүңө жетет»,– дейт табып мен сага жалынгандай. Бирок сен, дөө, менин сөзүмө көнбөй, өлтүрөм деп туруп албадыңбы.

Анан падыша айтат: «Сени өлтүрүп тынбасам, анда мага тынчтык жок; колума бирдеме кармата салып айыктырып койдуң, эми бир балээни жыттатыппы, ким билсин, бир балакет кылып өлтүрүп коюшуң мүмкүн». «О, падышам,– деди табып,– мага тийген сый ушул экен да! Боор ооруганда боорго тебет деген ушул турбайбы!» Падышанын жибий турган түрү жок. «Сени ылдамыраак өлтүрүп салып кутулуш керек»– дейт. Падышанын айтканынан кайтпасын сезген соң табып жасаган жакшылыгы талаага кеткенине катуу кейиди:

«Акыл калчап, алды-артын байкаган,
Бак-таалайга жолдош болот ал адам.

www.bizdin.kg



Анан дагы тайгак жолго чыкпаган,
Ар убакта акыл угуп ыктаган».

Анан баш алгыч жакын келип, табыптын көзүн байлап, кылычын кынынан сууруп, падышага карап: «Уруксат эт, падышам!» – деди. Табып буркурап ыйлап, падышага кайрылды: «Мени коё берсең сени Алла Таалам алкайт, мени өлтүрсөң, сени Кудай өлтүрөт»,– деп бир түрмөк ыр айтат:

«Ак дилимен акыл айтсам, аным кайра ок болду,
Бул дүйнөдө менден өткөн бактысыздар жок болду.

Тебелендим, а тигилер жыргап-куунап даң салат,
Өлбөй жүрсөм, дудук болсом, ушул мага чоң сабак.

Өлүп калсам угушкандар көздөрүнө жаш алар,
Менин жолум тороп жүргөн мага жакын адамдар».

Айтып бүтүп, кайра падышага кайрылат: «Сенин мага көрсөткөн сыйың ушу турбайбы! Сенин бул кылыгың крокодилдин окуясындай болубатат». «Крокодилдин кылыгы кандай экен?»– дейт падыша. «Ушул абалда туруп аны кантип айтып бермек элем? Алла Таалам өзү күбө, мага ырайым кылсаң, Алла Таалам өзү ырайым кылат»,– дейт табып. Ошентип туруп табып буркурап ыйлап жиберди, падышанын нөкөрлөрүнүн бири келип: «Улуу урматтуу падышам, бул табыптын өмүрүн кыйбагының, анын сага жамандык жасаганын көргөн жокпуз, канча бир менменсиген табыптар, дарыгерлердин акылы жетпей койгон оорудан сени айыктырды», – деди ортого түшүп.

«Муну эмнеге өлтүрөм дебатканымды билбейсиңби? – деди падыша тигиге. – Эгер азыр өлтүрүп салбасам, анда эле өзүмдүн ажалымдын жеткени. Мени оорумдан дары бербестен айыктырып койгон неме, мага дагы бирдеме жыттата коюп өлтүрүп салышы деле мүмкүн. Бул тыңчы болгон соң аябагандай чоң, баалуу сыйлык алуу үчүн мени өлтүргөнү келген да. Муну жайлап салмайын эч качан көңүлүм тынбайт».

«Мени куткарсаң сени Кудай куткарат, мени өлтүрсөң сени Кудай өлтүрөт»,– деп падышадан ырайым болбосуна көзү жеткен табып айтыптыр: «О, падышам, мага ырайым кылбасаң анда үйгө барып, туугандарыма керез-мурасымды айтып, Кудай жолун жасап, күнөөдөн арылайын, көп китептерим бар эле, элге таратып берейин. Менде мыктынын мыкты китеби бар, аны өзүңө белекке беремин, аны казынага салып, катып жүр». «Ал китепте эмне жазылган?»– деди падыша. Табып: «Аны санап түгөтө албайсың, бир эле киченекей сырын айтып берейин, сен менин башымды алгандан кийин китептин үч барагын ачып, сол жак бетиндеги үч сапты окусаң менин башым сөзгө келип, каалаган суроонo жооп берет»,– дейт табып.

www.bizdin.kg



Падыша табыптын бул айтканына аябай таңгалып, кайра тактап сурады: «О, акылман, башың алынгандан кийин да мени менен сүйлөшөбү?»– деп. «Ооба, падышам»,– дейт табып. «Мунуң таңгалычтуу экен»,– деп падыша башын чайкап койду.

Падыша табыптын жанына кароол кошуп үйүнө жиберди. Табып жумуштарын ошол эле күнү бүтүрүп, эртеси падышага келди. Падышанын алдына эмирлери, увазирлери, сарай кызматкерлери, жөкөрлөрү, баары чогулушту. Табыпты падышанын алдына эки жагынан эки кароол коштоп келди, колунда бир эски китеп менен ун сымал нерсе салынган чөйчөгү бар. «Мага бир табак алып келгилечи»,– деди табып. Табакка алиги ун сыяктуу нерсени салып, үстүн тегиздеп, падышага сунду: «Падышам, мынабу китепти алгын да, менин башымды кесмейин китепти ачпа, башымды кескенден кийин бул табакка салып, кан токтомоюн ичиндегиси менен жыша бер, кан токтогондон кийин китепти ачкын»,– деди. Падыша табыптын башын алгыла деп буйруп, китепти колуна алды. Башкесери кылычты катуу шилтеп калганда, табыптын башы табакка томолонуп түштү. Падыша баштын каны токтогуча алиги ун сыяктуу нерсе менен жыша берди, кан токтогондо баш көзүн ачып: «Эми китепти ачкының»,– деди. Падыша китепти ачып, барактары жабышып калганын көрүп, сөөмөйүн шилекейлеп тилине тийгизип биринчи, экинчи, үчүнчү барактарын араң ачты. Падыша китептин алты барагын ачып, эч бирөөнүн жазуусу болбогон соң табыптын башына айтты: «Табып, китептин жазуусу жок го»,– деп. «Дагы ача бер»,– деди табыптын башы. Падыша дагы үч барагын ачты. Анан аз убакыт өтпөй, барактары ууга чыланган китептен падышанын боюна уу тарап кетти. Ошондо падыша калтырап-титиреп: «Менин колума уу төгүлүп кетти!»– деп кыйкырды. Дубан табыптын башы бир түрмөк мындай ыр айтты:

«Калыс жүргөн азыр дагы баркы чоң,
Калыс эмес – тагдырынын жолу тоң.

Күнөөлөбө тагдырыңды анткеним –
Күздө оросуң жазда эмне эккениң».

Табыптын башы сүйлөп бүтөөрдө падыша да өлүп, жерге кулап түштү.

Билдиңби, дөө, эгерде падыша табыпты өлтүрбөсө, Алла Таалам да падышаны аямак, бирок ал табыпты өлтүргөн себептен өзүн да Алла Таала тирүү калтырган жок. Эгерде сен мага тийбесең, Алла Таалам да сага тиймек эмес, бирок сен мени өлтүрөм дегениңден кайткан жоксуң, эми мен сени кумурага тыгып туруп, деңизге ыргытып жиберем»,– деди. Дөө жалынып-жалбара баштады: «Кудайым өзүңө кубат берсин, мени ыргыта көрбө. Мен каңкор болсом да сен боорукер болчу. «Таш менен урганды аш менен ур» деген бар эмеспи. Сен да Умаманын Атикага кылганын кыла көрбө». «Атикага Умама эмне кылыптыр?»– деп сурады ба-

www.bizdin.kg



лыкчы. «Тар кумуранын ичинде тыгылып жатып, алардын окуясын кантип айтмак элем, сыртка чыгарсаң шашпай айтып берейин»,– деди дөө.

«Айтпасаң андан нары кой,– деди балыкчы,– сени баары бир деңиздин түбүнө ыргытып жиберем. Аяктан сени эч ким, эч качан алып чыкпайт. Сага канча жолу жалынып-жалбарсам да укпай, өлтүрөм дегениңден кайтпай, көнбөй койбодуңбу, мен сага бир жамандык кылсамчы, мен сага жакшылык жасап, камоодон чыгарсам, сен кайра жамандык ойлодуң. Мен сени деңиздин түбүнө таштап, кимдир бирөөлөр сени чыгара турган болсо, мени менен болгон окуяны айтып, кайра сууга ыргытып жибергиле – деп жарыя этем. Ошентип, өлгөнүңчө суу түбүнөн чыкпайсың».

«Мени бошоткунуң,– деди жин.– Бир айкөлдүк жасап кой, мындан кийин дайыма тилиңди алып жүрөм, өмүр бою жете тургандай байлык берем».

Ошентип, балыкчы абышка эгерде дөөнү боштондукка чыгара турган болсо, анда ал ага жанагинтип жамандык жасабай, жакшылык кылар убадасын тактап, Алла Тааланын атын атап, кумуранын оозун ачты. Анан кумурадан түтүн булап чыгып, бир топтон кийин алиги дөө пайда болду. Дөө кумураны бир тээп деңизге ыргытат. Кумураны деңизге ыргытып жибергенин көргөн балыкчы мунун түбүн жамандыкка жоруйт да: «Алла Таалам: «Убадаңды бузба»,– деген экен, дөөм,– дейт коркуп.– Сен да убадаңда тургун. Убадада турсаң Алла Таала да сени колдойт. Мен да Дубан табыпка Юнан падышага: «Мени коргосоң, сени Алла Таала коргойт»,– деген сөзүн айттым». Балыкчы муну айтканда дөө карс-карс күлдү да: «Жүрү, балыкчым, артыман ээрчи»,– деп өзү алдыга түшүп, ээрчитип алды.

Балыкчы аман калышына ишенбей, дөөнүн артынан жөнөдү. Дөө жүрүп отуруп, шаардын сыртына чыгып, тоодон өтүп, кайра түзгө түштү. Анан бир көлмөгө келип токтошту. Дөө көлмөнү кечип, ортосуна жеткенде, балыкчыга кайрылып: «Бери кел!»– деди. Балыкчы да сууну кечип, көлмөнүн орто ченине жеткенде, торду сууга салгын,– деди дөө. Балыкчы сууда ар түркүн: ак, кызыл, көк, сары балыктарды өз көзү менен көрүп таңгалды. Анан абышка торун сууга ыргытып, бир кезде жыйып алса, торго төрт түркүн балык илиниптир. Буларды көрүп, балыкчы сүйүнүп кеткенде дөө айтты: «Буларды султанга алпарсаң, ал сага көп байлык берет, Алла Тааланы оозума алып, сенден кечирим сурайм. Мен бир миң сегиз жүз жыл деңиз түбүндө жатып, азыркынын эчтемесин билбей калдым, ошончо мезгилден бери  сыртка чыкканым азыр. Буерден балыкты күнүнө бир жолудан ашык кармабагын».

Анан дөө балыкчы менен коштошуп: «Алла Таалам сени сагындырбаса болду эми»,– деди. Деди да жерди бир тепти. Жер жарылып, дөө жаракага кирип кетти. Балыкчы абышка болсо бул окуяга ишенип-ишенбей, кайра шаарга жол тартты.

Үйүнө келип, чарага суу куюп, ага балыктарды коё берди эле алар ары-бери сүзүшүп, оюн салышты. Анан чараны башына көтөрүп алып,

www.bizdin.kg



дөөнүн айтканындай падышанын сарайына жөнөдү. Падышага келип, балыктарды тартуу кылса, падыша мурда мындай балыктарды көрбөгөнүн айтып, аябай таңгалды.

«Бул балыктарды ашпозчуга жеткиргиле»,– деди падыша. (Бул ашпозчу кызды үч күн мурун румдардын падышасы күң кылып бериптир, келгенден бери ал кыз тамак жасай элек экен.) Увазир балыктарды ашпоз кызга берип жатып: «Падышага бирөөлөр белекке алып келиптир. Эми буларды кууруп, мыкты экениңди көрсөткүн»,– деди.

Увазир кайтып келген соң, падыша балыкчынын акысына төрт жүз динар бергин деди. Увазирден төрт жүз динарды алган абышка өңүбү, же түшү экенине ишенбей, чепкенинин чөнтөгүнө катып, жыгылып-туруп үйүнө жөнөдү. Жолдон үйгө керектүү ар нерселерди сатып алып, кубанган бойдон аялына келди.

Балыкчынын көргөнү бул болду, эми ашпоз кыздан кабар алалы. Кыз балыктарды тазалап, чоюн казанды отко ысытып, куура баштады. Балыктардын бир жагы кызара баштаганда, кыз экинчи капталына оодарды эле, ушул тапта ашкананын дубалы жарылып, жаракадан көздөрүнө сурма койгон, денеси буралган бир сулуу келин чыга келди. Башында көк чачыктуу шайы жоолук, эки кулагында тең сөйкөсү бар, билегинде катар-катар билериктер, манжаларында кымбат баалуу шакектер, анан колуна кармаган бамбук таягы бар. Аял чыбыгы менен чоюн казанды нукуп: «Силер убаданы унуткан жоксуңарбы?» – деп койду. Муну көргөн ашпозчу нес болуп калды. Тиги аял алиги сөзүн дагы кайталады. Үчүнчү ирет айтканда балыктар баштарын көтөрүшүп: «Унуткан жокпуз!» – дешти да:

«Сен кайрылсаң, мен да кошо кайрылам,
Сен айрылсаң, мен да сенден айрылам.

Кетем десең мен да кетем кылбай тооп,
Бир өзүңдүн мамилеңдей болот жооп» –

деген ырды жарыша айтышты.

Аял чоюн казанды каңтарып салып, дубалдын жаракасына кайра кирип кетти. Ашкананын дубалы эчтеме болбогондой, жиги билинбей биригип калды.

Ушундан соң эсине келген ашпозчу кыз капкара көмүр болуп күйүп калган төрт балыкты көрүп: «Сайышпай жатып найза сынат» деген ушул турбайбы! – деп жерге жыгылып түшүп, эси оор жатып калды.

Кыз эси ооп жатканда увазир кирип келип, кыз эмес эле бир карыган кемпирдин түрүн көрөт. Увазир аны буту менен бир тепкенде кыз эсине келип тура калып, буркурап ыйлап, болгонун болгондой айтып берет. Увазир угуп туруп: «Чын эле таңгалычтуу окуя экен»,– дейт. Анан увазир чабарман жиберип, балыкчы абышканы чакыртат. Балыкчы келгенде: «Дагы төрт балык алып келгин», – дейт увазир. Балыкчы көлмөгө барып, торун ыргытып,

www.bizdin.kg



тартып алса, кудум мурдагыдан айрып тааный алгыс төрт балык түшөт. Анан ал балыктарды увазирге алып келип берет, увазир ашпозчуга берет да: «Кана, буларды менин көзүмчө кууручу», – дейт. Кыз балыктарды тазалап, чоюн казанга салып, чала куурула түшкөндө ашкананын дубалы жарылып, колуна бамбук чыбык кармаган алиги аял жаркылдап чыга келет. Таягы менен чоюн казанды түртүп: «Кана, балыктар, илгерки убаданы унуткан жоксуңарбы?» – дейт. Балыктардын баардыгы баштарын көтөрүп:

«Сен кайрылсаң, мен да кошо кайрылам,
Сен айрылсаң, мен да сенден айрылам.

Кетем десең, мен да кетем кылбай тооп,
Бир өзүңдүн мамилеңден болот жооп», –

деп баягы ырды дагы жарыша айтышты.

Балыктар ошенткенде аял колундагы бамбук менен чоюн казанды көмкөрүп салат да, дубалдын жаракасына кирип кетет, дубал кайра биригип, жиги билинбей калат. Бул шумдукту өз көзү менен көргөн увазир ордунан тура калып: «Мындай окуяны жашырып койбой падышага айтуу керек!» – дейт да эмне болуп, эмне койгонун төкпөй-чачпай падышага жеткирет. Падыша угуп бүтүп: «Андай болсо аны өз көзүм менен көрүүм керек», – дейт. Ошондон кийин падыша балыкчы абышкага үч сакчысын жиберип, балык карматтырып келгиле – дейт. Абышка көлгө барып, торун салып, кудум мурдагысындай төрт балык кармап алат. Падыша балыктардын акысына төрт жүз динар берет да, анан увазирин чакырып: «Кана, буларды менин көзүмчө кууручу», – дейт. Увазир: «Куп болот, таксыр!»– дейт да чоюн казанды ысытып, балыктарды тазалап, ичине салат. Ушул кезде дубал жарылып, капкара болгон кул чыгат. Колуна кармаган көк таяк. Кулдун үнү күлдүрөп: «Силер, балыктар, илгерки убадаңарды унуткан жоксуңарбы?»– дейт. Балыктар жапырт баштарын көтөрүшүп: «Убададан танбайбыз!»– дешип, баягы ырды кайталашат.

**(Уландысы бар)**

Которгон **Ж. ЖАПИЕВ**



*__ЖЫЛКЫЧЫ ЖАПИЕВ__ 1943-жылы Кара-Балтанын Сары-Булак айылында туулган. Кесиби боюнча филолог. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. Бир нече китептердин автору. Жакында «Киотого кеткен жол» аттуу аңгемелер жана повесттен түзүлгөн көлөмдүү жыйнагы жарык көргөн. Бишкек шаарында жашайт.*

www.bizdin.kg



# ТААНЫТЫМ

## Редакциялык кеңештин мүчөлөрү:



**ОРОЗАЛИН Нурлан Мурсадыкович** – 1947-жылы Алматы областынын Уйгур районунда туулган.

КазГУнун филология факультетин бүтүргөн. Алгачкы «Тынчы жок жүрөк» аттуу китеби 1977-жылы жарык көрүп, чыгармачылыгын байсалдуу улантып келет.

Н.Орозалин көп кырдуу талант – акын, жазуучу, драматург. Анын көптөгөн ырлар жана пьесаларды камтыган китептеринен сырткары, далай чыгармалары өлкөнүн көптөгөн алдыңкы театрларында ийгиликтүү коюлуп келет.

Казакстан Жазуучулар союзунун Башкармалыгынын төрагасы, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.



**АБДУЛЛАЕВ Чингиз** – 1959-жылы 7-апрелде Баку шаарында туулган. 3 жогорку окуу жайын бүтүргөн. Юридикалык илимдердин доктору, Улуттук Академиянын укук боюнча ардактуу доктору, Азербайжан Жазуучулар союзунун катчысы, Азербайжан ПЕН-клубунун вице-президенти.

Ч.Абдуллаевдин китептеринин жалпы нускасы 15 миллиондон ашык, алар 18 өлкөдө 11 тилге которулган. Ал «тырмактай кезинен» жаза баштаса да, чындап кийин гана киришкен. Алгачкы «Көгүш периштелер» китеби КГБда үч жыл кармалып жаткан. Жазгандары суперсекреттүү деп эсептелип, басууга тыюу салынган. 1988-жылдан тартып гана китептери басыла баштап, бир канча ирет кайрадан басылган. Жазуучунун эмгекчилдиги тууралуу таң каларлык уламыштар айтылып келет: анын төрт жыл аралыгында ар бир жарым ай сайын бирден китеп жазганы кантип айран таң калтырбасын!

Детектив жазуучунун өмүрү өзү жазган 300дөн ашык китептери сыңары курч окуяларга бай, чыгыш жомокторуна да окшоп кетет. Ал орус тилинен сырткары англис, итальян, түрк жана фарсы тилдерин билет. Убагында бокс менен машыгып, түрдүү куралдарды колдонууну мыкты өздөштүргөн, мылтык атуу боюнча спорттун мастери. «Эстеликти да сүйлөтө алган» чечен, мүнөзү ачык. СССР ке-

www.bizdin.kg



зинде Бельгияда, Германияда, Польшада, Румынияда, Анголада, Афганистанда өзгөчө багыттагы атайын бөлүмдү башкарууга чейин жетишип, бир топ атайын тапшырмаларды аткарган, эки жолу жарадар болуп, бир нече сыйлыктарды алган. Отставкадагы майор. 1986-жылы Румыниянын мамлекет башчысы Чаушескуну атууга катышы бар деген айып менен ал өлкөдөн чыгарылган. Ал окуянын ийнежибине чейин билген менен тике тиешеси жок болгон. Намибияда туткунга түшүп калган анголалык командирлерди куткаруу боюнча оор операцияга катышып, андан аман калган 4 адамдын бири.

Учурда Ч.Абдуллаев Азербайжан калемгерлеринин эң түшүмдүү да, чет тилдерге көп которулган жана эң көп нускалуу да жазуучусу деп саналат.

**КОВСКИЙ Вадим** – 1935-жылы Москвада төрөлгөн. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согуш башталганда энеси менен Кыргызстанга жөнөтүлгөн. Москванын «Медицинский работник» гезитинин кабарчысы болуп иштеген атасы фронттон келген соң, биротоло Кыргызстанда калышкан. Мектептен кийин 1958-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.

Эмгек жолун «Мугалимдер газетасында» баштап, бир жылдан соң Кыргыз ИАсынын басмаканасында (кийин «Илим») редактор, башкы редактор болуп иштеген.

1958-жылдан тартып кыргыз басылмаларында, анын ичинде «Ала-Тоо» журналында чыгармалары жарыялана баштаган.

1964-жылы Москвага барып, СССР ИАнын Дүйнөлүк адабият институтунун аспирантурасына өтүп, ошол эле институтта чейрек кылым, А.М.Горький атындагы Адабий институтта 20 жыл иштеген. Филологиялык илимдердин доктору, профессор. 35 жылдан бери Жазуучулар союзунун мүчөсү. СССР Жазуучулар союзунун Кеңешинде кыргыз адабияты боюнча иш алып барган. 8 китептин автору. Кыргызстанда 2 китеби жарык көргөн.

В.Ковский Молдо Кылыч, К.Тыныстанов боюнча, Т.Касымбековдун, М.Борбиевдин, И.Озмителдин, М.Байжиевдин ж.б. китептерине баш сөз жазган.